ЗУУРА СООРОНБАЕВА

ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН
ЖЕТИ ТОМДУК ЖЫЙНАГЫ

VI

Чоочун киши

Экинчи китеп



ЗУУРА СООРОНБАЕВА

ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ЖЕТИ ТОМДУК ЖЫЙНАГЫ

VI ТОМ

«Улуу тоолор»
Бишкек – 2014

2018

ЗУУРА СООРОНБАЕВА

ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ЖЕТИ ТОМДУК ЖЫЙНАГЫ

Чоочун киши

Экинчи китеп

Роман

32524

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК КИТЕПКАНАСЫ ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № 1675

«Улуу тоолор»
Бишкек – 2014

Кара-Көл Детская библиотека

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
С 63

Сооронбаева Зуура.
С 63 Чыгармаларынын жети томдук жыйнагы. 6-том.
– Б.: Улуу тоолор, 2014. 676 б.

ISBN 978-9967-13-977-0

Жазуучунун бешинчи китебиндеги окуялар бул томдо кыйла чиеленип, каармандардын өзгөчө бири-бирин терең түшүнүү сезимдери аркылуу турмуштук татаал жагдайлар чечмеленип отурат.

С 4702300100-14

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-13-977-0

© Сооронбаева З., 2014



БИРИНЧИ БӨЛҮМ

Кызынын сексейип уйпаланган чачын машинанын жанында кайра-кайра тарап, үстү-башын түзөп, жүрөгү түрсүл согуп, апкаруудан дене-бою өзүнөн өзү бийлеп турган Толкунбек балдарынын: «Мама, чоочун киши келди» – деп, жарыша сүйлөп, жарылдаган үнүн угуп бурула караганча болбой, жанынан Жанаттын кандай узап кеткенин байкабай калды. Анын: «Папа келди!» – деп бөбөктөрүн көздөй көпөлөктөй учуп баратканын көрүп, эмне кылаарын билбей сүрдөөдөн көздөрү ала чакмак болуп туруп калды.

Толкунбектин жүзүн эми гана бүшүркөй карап, эжесинин сөзүн угуп, ата экенин түшүнгөн балдар ошол замат Жанатка кошулуп, үн алыша кыйкырып: «Папа келди!» – деп, өлөөр-тирилээрин билбей, атасын көздөй куштай учуп баратышты. Толкунбек уулдарын көргөндө, кучагын жайып жиберип, жүйүртө басып олтура калып экөөнү бирдей бооруна кыса кучактап, алмак-салмак өпкүлөп, алмай-термей жыттап, эки ийнине көтөргөн бойдон ордунан туруп, аягын шилтей берип, эшиктин алдында муздай катып турган Жайнагүлдүн сөлөкөтү карегине кадала түштү. Ошол замат Асан менен Үсөндү кайра жерге түшүрүп, кош аягы чалыштап, кулагы өзүнөн өзү чуулдап, каректери караңгылап, күнү түн болуп Жайнагүлдүн алдында ат көтөргүс айыпка жыгылып, эми андан ырайым сурап, кечирим күтүп келген күнөөкөр менен күнөөсүздүн ортосундагы он метр-

челик аралык, Толкунбек үчүн он чакырымдай болуп кетти. Үйүнө кантип келип, аялы менен кантип беттешип, кантип кечирим сураарын билбей эси эндиреп турган Толкунбек, Жайнагүлдүн алдына келгенде, акыл-эсин жоготкон макулуктан бетер ойдо жок жерден эле бүгүлө түшүп, келиндин кош аягын кучактай жыгылса болобу. Жайнагүл селт этти. Ушул саамда кечээ жакында эле Толкунбекке окшоп бирөө аягына жыгылганын эстеп көңүлү иренжий түштү. Жайнагүл, ал жигит адам эмес эле бир жерин чагып алуучу уулуу жыландан бетер бүткөн бою жыйрылып, каны кайнап, аны кандай тээп жибергенин өзү да билбей калды. Ошондо ошол жигиттин айткан сөзү азыр да кулагына угулуп кетти. «Ушундайыңдан эриң үйүңдөн чыгып, кайрылгыс болуп кеткен экен да. Сен сулуу аялдын кебин кийген коркунучтуу айбан турбайсыңбы. Акыры мендей азаматтын кусуру уруп, эркектин зарын тартаарсың. Башымды тартуу кылып аягыңа жыгылсам, башка тептиң», – деп ордунан шарт туруп, кылчайбай басып кеткен. Азыр да Жайнагүл Толкунбекти буту менен итерип жибергиси келип барып, «астапырылда» кылды. Анан Зыйнаттын жазган катындагы «Толкунбек сизди гана сүйөт» деген сөзүн эстеп кетти.

– Аз айып, көп күнөөм болсо кечир, Жайна. «Алдыңа келсе атаңдын кунун кеч» деген сөз бар эмеспи. Чынымды айтсам мен сенсиз жашай албайт экемин. Махабаттуу бактылуу күндөрүм сени менен өтүп, бардык бакты-таалайым сени менен калыптыр. Мен үчүн болбосо да балдарым үчүн, Жанат менен Асан-Үсөн үчүн, атам менен энем үчүн кечирип койчу күнөөмдү.

Жайнагүл Үсөндүн атын укканда жүрөгү түйүлө түштү. «Ах, уятсыз, Үсөндү кошуп коёсуң да, Жайнагүл эч нерсе билбейт» – деп жатсаң керек. Ал Зыйнаттын перзенти. Мени эле эмес, аны да шордотуп тозокко салган сенсиң да» – деп, ачуусу менен кыйкырып жибере жаздап барып токтоду. А Толкунбек болсо, аялынын кош аягын кучактап,

бүк түшкөн калыбында кайра-кайра кечирим сурап, мөгөдөй салбырап жатты.

Ошол маалда Тумарды чукул коштоп: «Ыя таэне, Жайна жеңем абам менен урушпайбы?» – деп текилдей басып келаткан кызынын сөзүн укпаган Толкунбек өзү менен өзү болуп, чөккөн нарга окшоп, аялынын аягын кучактаган калыбында, жагымдуу жалгыз ооз сөз укпай өзүнүн бул дүйнөдө бар экенин же жок экенин билбей, жигиттик өз касиетин өзү тебелеп жаткан кези болучу.

–Э, катыгүн, бул кандай көрүнүш болуп кетти. Ой, балам, тур айланайын. Бирөө көрсө эмне дейт кокуй. Ушундай да күн болот экен ээ, шумдук. Кечээ эле бириң шекер, бириң бал эмес белең. Болду, өткөн иш өттү, болоор иш болду. «Адашкандын айыбы жок, кайрылып үйүрүн тапкан соң» – дейт. Жаш кезде жаңылып жаздым баспаган ким бар дейсиң, балам.

Тумарды көрүп, анын сөзүн угуп, көздөрү аласала тумандай түштү. «Жүзүм бар уялам, жүрөгүм бар корком» дегендей, ал кишинин кеменгер, кечиримдүү, акылга дыйкан аял экенин билсе дагы эненин сүрү оңойбу. Андан дагы баягы өздөрү жаңы үйгө келгенде Сады Казиевич болуп өрүлүктөп келген бойдон көрүшө элек эле да. Өзү эле кайненеси менен кайнагасынын бетин кантип карап, кантип беттешээрин билбей, сарсанаа болуп жүргөн жаны, Кудай айдагансып кайненесинин бул жерде болуп калганын көрүп бир чети сүйүнүп турду. Толкунбек ордунан жер таяна очорула туруп, Тумардын көзүнө тик карай албаган калыбында жалтаңдай түшүп, калтаарыган үн менен: «Энеке!» – деп, бир апкаарый сүйлөп алып, өз боюн аялга таштап, кучактай калып ыйлап жиберди.

– Кечириңиз мени. Иттик кылдым. Өз бактыма өзүм чыккынчы болдум. «Киши арыгын сактаса төбө каңдайт, мал арыгын сактаса ооз майлайт», – деген ушул да.

«Сүйгөн жарга адамдын өзү таарынса да, жүрөгү таарынбайт» дегендей, Зыйнаттын катын окугандан бери,

Жайнагүл өз көңүлүндө Толкунбектин ал жакта Зыйнат менен кандай күндө, кандай абалда жашагандыгына түшүнүп, аны мурдагысындай күнөөлөгүсү келбей калган. Болбосо, бул күнгө чейин, көңүлүндө Толкунбек Зыйнат менен бактылуу болгондой, Жайнагүл деген ысымды, көңүлүнөн эбак биротоло сызып салгандай ойлоочу. Анын үстүнө мурдакысындай, бакчага балдарын көрүүгө келбей калбадыбы. Зыйнаттын каты, анын биротоло сууп баратканжүрөгүнө от коюп, көңүлүнө кайра баштан дүрбөлөң сала баштаган. Толкунбектин келээрине бул кезде көзү жетип калган мезгили болучу. Бирок, ошондой болсо да, аны кайра кантип кабыл алаарын билбей санаага батып турду. Балким такыр кабыл албай койсочу?! Бирок канчалык кararган бойдон карарып, «ту» деген түкүрүктү оозуна салгысы келбей, мурдагы чечиминен кайтпай коюуну ойлогондо, жүрөгү сызыла түшүп, көңүлүндө көксөп, көөдөнүн тиреп турган кусалык баарынан күчтүүлүк кылып кетти. «Жок, мен энеме айтып, энем менен кеңешишим керек бул иште» – деп ойлоду. Жайнагүл энесинин Толкунбекти коргоп, Толкунбек жактык болооруна көзү жетип, билип туруп эле атайын телефон чалган. Зыйнаттын кат жазганын айткан. «Сыягы, Толкунбек жакын арада биротоло келип калат окшойт. Кокустан келип калса эмне кылайын?!» – деген кызынын сөзүн угуп, Тумар сынамакка минтип сураган: «Өзүң эмне кылсам деп турасың?» – дегенде: «Өзүм эмне кылмак элем. Калган кадыр менен чыккан жан табылбайт окшойт, эне. Толкунбек келгенче отпуска алып көз көргүс, кулак уккус бир жакка безип кетким келип турат»... Тумар кызынын ойлобой туруп айткан сөзүн угуп, күлө багып минткен: «Ой, айласы кеткен кууракан, балам ай!» Антпе, «Эр менен эттен көңүл калчу беле. Балдарың бар эмеспи», – деген болучу. Ооба, чындыгында Тумардын бул сапар келишине каттын кабары себеп болду. «Куру намыс баш жарат» дегендей, намыстанымыш болуп, сыр көрсөтөм деп туруп, кайрылып келип ко-

луна конгон кушту, кокустан чочутуп учуруп жибербесин» деген ойдо, Тумар атайын Толкунбек үчүн келип күтүп жаткандагы кербези эле.

Баятадан бери үн катпай, мисирейип ийсинген бээдей болуп кучунаштап сыр көрсөтүп турган Жайнагүл энесин бир карап алып минтти:

– Толкунбекке дагы эле тартат экенсиң да. Эмне, бул күйөө баладан дагы эле көңүлүң калалек беле ыя, эне?

– Ооба, калалек көңүлүм.

– М-м. Калалек дечи. Бул сыяктуу уяты жок адам менен сен тил табышып келишсең да, мен келише албайм, эне. «Жакшы ит өлүгүн көрсөтпөйт» – дейт. Мунун ордунда мен болсом, сенин алдыңа келип жүзүмдү көрсөтмөк турсун, караанымды көрсөтмөк эмесмин. Бул кишиде ыйман да жок, уят да жок.

– Жайна! – Толкунбектин эрди дирт дей түштү.

– Сүйлөбө! Мени тууганга күлкү, душманга таба кылып, бирөөнүн элинде, бирөөнүн жеринде, кызыл чиедей балдарым менен талаага таштап кеткениң да жетишет. Алты-жети жылдан бери башка дүйнө, башка үй, башка аял менен жашап жатасың. Түштөн кийин эми эмне келдиң, жашай бербей Зыйнат менен. Же андан да сонунуң таркадыбы! Сен бир эле мени эмес, бала-чакаңды, ата-энеңди Зыйнат деген шуркуяга садага чаап, баарыбыздан кечип кетпединг беле?

Жанат Жайнагүлдү тизесинен орой кучактап ыйлап жиберди.

– Болду, болду, абам менен урушпачы жеңекебай!

Тумар башын чайкап Жанатка карады.

– Ой, жүрөгү үшүгөн куураган балам ай, ыйлаба. Жеңең урушпай эле, сүйлөшүп жатпайбы абаң менен.

Өпкө кагып, солуктаган кыз жер тепкилеп боздоп жиберди.

– Ооба, урушуп жатат, мен билем. Жайна жеңем абамды кет деп жатпайбы.

Жайнагүл кызын булка кармап, өзүнөн оолактата түртүп жиберди.

– Турчу нары, бутка илээшкен чөптөй болгон жашабагыр. Тим эле атасаагын айтайын мунун. Мени урушат десең, абаңды алып көзүмө көрүнбөй жоголгула, экөөң тең.

Жанат жерге бир олтуруп, бир туруп чыңырып жиберди.

– Абамды урушпа, Жайна жеңе, кет дебе.

Эжесинин жанында коркок көздөрү менен өздөрүнөн өздөрү бакырып жиберчүдөй, ээктери эмшеңдеп турган Асан менен Үсөн мыйтыйган кичинекей колдору менен Жанаттын көз жашын аарчыган болуп, ага боор тартып аяп турушту. Ошол малда Жанат бөбөктөрүнө минтти:

– Экөөң түшүнүп жатасыңарбы, мама папаны кет деп жатат. Биз азыр кетебиз кайра Чолпон-Атага. – Эжесинин кетебиз деген жагымсыз сөзүн угуп, экөө бирдей үн алышып чыңырып жиберди.

– Кетпе, эже! Папа, кетпе!

Тумар Жайнагүлгө күчөнө бурк этти.

– Болду, токтот сөзүңдү. Эмнеге мынчалык азан-казан түшүрүп жатасың балдарды боздотуп. Ой, чиркин ай, мынчалык өзгөрүп кеткениңди билген эмес турбайымбы. Мен сени баякы майболпоч, кыялы кыз бойдон болсо керек деп ойлогон болучумун. Качантан бери тажаал болгонсуң? Же эри жок катындын баары эле сага окшош ооздугу жок аттай болуп, баш бербей калучу неме беле, э, кокуй. «Чыгашага ээси баш» дегендей, ачык айтайын, сенин өзүңдөн да кеткен күнөө. «Алдыңа келсе атаңдын кунунан кеч» дегендей, ошол кезде кенедей бир болбогон иш үчүн уугуп, оор жаныңды жеңил кылып, арадай жерге чарадай жыйын куруп, канча жылдан бери күнөөлөп келатасың. Атууга кеткен кишиге деле кечирим болот турбайбы. «Бала, бала дейбиз». Чын-чынына келгенде, бала деген жөн эле бир шылтоо. Менин билишимче, Толкунбек балдар үчүн эмес, так сен үчүн келип олтурат болуш керек. Адам өлсө: «Бул

балалуунун мүрзөсү, бул баласыздын мүрзөсү» – дебейт экен. Көрөөрмүн балдарыңды да. «Он уулум болгуча, оосурак чалым болсочу» – деп бир байбиче арман кылган имиш. Анчалык аңыраңдап аша чаппа, балам. Келгени бир чай кайнам болду. Толкунбекти үйгө кир деген да киши жок. Бул байкушту өлтүрсөң да үйгө алып кирип, бир чыны чай берип туруп анан өлтүрбөйсүңбү? Сабасаң да далдаа жерге алып кирип сабап, тилдесең да далдаа жерге алып кирип тилдебейсиңби. «Чакырганга келбеген, ымдаганга зар болот» – дейт. Коркуткандын да коркуткандай жүйөсү бар. Таарынычтын да таарынычтай ыгы бар.

– Мен эч кимге да таарынбайм, эч кимди да коркутпайм.

Кызын Тумар эликтеди.

– Бы-ы-ш, коркутпаган киши. Коркутпасаң үйгө киргизбейсиңби, эшик ачып.

«Кир дебейм, кирбесе келген жагына кете берсин. Мен муну чакырган эмесмин» деген сөз тилинин учуна илинип туруп кайра тартты. Зыйнаттын катында жазылган жагымдуу сөздөр көңүлүнө түшкөндө, эмелеки энесинин: «Сенден да күнөө кеткен» – деп, бетине баса айткан сөзүн угуп, айтса-айтпаса төгүнбү деген ойго жетеленип кетти.

– Жүрү, балам, короонун чок ортосунда туруп чарылдашпай, үйгө кирип сүйлөшөлү. «Ачуу шайтан, акыл дос» – дейт балам, «ойносоң да ойлоп сүйлө» дегендей, кеткени келип, кемтиги толот деген ушул.

Мынчалык кагуу жеп, катуу сөз угуп көрбөгөн Толкунбектин көңүлү бир бузулуп, бир астапырылда келтирип, өлгөнүнөн зорго чыдап турду. Эгерде Жайнагүл кайра-кайра какшанып, кагып-силке берсе, көтөрө албасын билип, каны кайнап турган Толкунбек, кайненесинин сөзүн угуп, жүрөгү бөксөрө түштү. «Ой, акылыңдан айланайын алтын энем, өзүм эле эмес, сөөгүм ыраазы сизге. Сиз болбосоңуз, менин сөзүмдү ким сүйлөп, ким таламымды талашат эле. Кудай айдап менин багыма келген турбайсызбы. Өмүрүм

өткөнчө милдеттүүмүн сизге, эне. Ылайым бар болсоңуз экен» – деп, көңүлү көлдөй чалкып кетти.

Ушул маалда эки бөбөгүнүн ортосунда ыйлап турган Жанат кош кареги бирде Жайнагүлдүн, бирде Толкунбектин көзүн алмай-термей жалжылдай карап, өпкө кагып титиреп турган болучу. Бир кезде Үсөн Толкунбекти шынаарлай карап туруп, бирөө үйрөткөнсүп минтип сурады:

– Папа, кетпейсиңби, эми?

– Кетпейм, балам!

– Ура-а-а! Папам кетпейт.

Үсөндү туурап Асан да секирди.

– Кудай, Кудай папам кетпейт экен.

– Папа, сен биздин атабызсың ээ! – деди Үсөн.

– Ооба, атаңармын. Ошол үчүн балдарым бар деп, силер үчүн келбедимби.

Ушул жерде Үсөндүн көзү-көзүнө урунгандаТолкунбектин жүрөгү удургуй түштү. Ал болсо баланын көзүндөгү магниттүү сулуулуктун Зыйнатка окшоштугу болучу. Дароо эле Толкунбектин оюна Зыйнаттын ар дайым «Асан менен Үсөндүн бирөө менин балам» деген дооматы түшүп кетти.

Балдарынын сөзүн угуп, Жайнагүл башын чайкады.

– Оо, атадан көзү каткан шордууларым!

– Кой, антип шордуу деп айтпачы, балам, – деди Тумар.

– Ай жазыгы жок каралдыларым ай, окшошкон. Азыр эле: «Чоочун киши келди» – деп үркүп жаттыңар эле. Кандайча бат эле папалап калдыңар кетиргиңер келбей, – деди Жайнагүл.

Тумар кызын эркелетип бетинен өптү.

– Алдыңа кетейин, билет да атасын. Болду балам, Толкунбек үчүн бир ачууңду мага бер.

Жайнагүл ушуну эле күтүп тургансып, энесинин мойнуна кош билегин арта салып, кучактап ыйлап жиберди.

– Ой, энекебайым ай, сен мен үчүн эмес, Толкунбек үчүн келген киши турбайсыңбы. Качан болсо Толкунбекти жак-

тайсың да турасың. «Уурусу күч болсо, ээси доого жыгылат» дегендей, Толкунбекти күнөөлөбөй мени күнөөлөгөнүң акыйкаттык эмес. Сенин калыстыгың ушул экен да.

– Айттым го, өзүңдөн да кеткен кемчилик.

– Менден эмне кемчилик, кандай күнөө кетти эле? Өгөй болсоң, өгөйлүгүнөн ушинтип күнөөсүз кызын какшатып жатат дейт элем. Бирок сен өзсүң да. – Энесин коё берип, жерге олтура калып, кош алаканы менен бетин басып, булкулдап ыйлап кирди.

Толкунбек көңүлүндө аялдардын бул сыяктуу капсаландуу талаш-тартыштарда ыйлаганы, анын ачуусу тарап, каргашалуу кайраты күчүнөн тайый баштагандыгынын белгиси, – деп ойлоп, ичинен тынып турду.

– Таэне, Жайна жеңем эмнеге ыйлап жатат? – деп Жанат эки жагын элейе карады.

– Сүйүнгөнүнөн ыйлап жатат, – деди Тумар.

– Абамды келди деппи?

– Ооба, келди деп.

– Эми урушпайбы?

– Урушпайт, балам.

Жанаттын сөзүн Үсөн бузду.

– Таэне, мен папамды бат эле таанып алдым, ээ?

– Мен да папамды тааныдым, таэне, – дейт Асан өзүнчө мактанып.

– Ооба, ооба, тааныдыңар, жакшы балдар турбайсыңарбы.

– Жайна, тур балам үйгө кирели.

Жайнагүл ордунан салмактуу козголуп ыкшоо турду. Энесинин артынан басып баратып, Жанаттын окуусун эстей коюп: «Ой, катыгүн ай, Толкунбекке алаксып жатып, кызымдын класстан класска кандай көчкөнүн да сурап, бетинен өпкөн эмес турбайымбы» – деген ойдо, өзүнүн катарында илмиңдей басып бараткан кызды колдон алды.

– Э, Жанат, секет кетейин каралдым, экинчи сыныпты (Тумар классты дайыма сынып деп сүйлөөчү, Жайнагүл да энесин туурап сүйлөдү) кандай аяктадың?

– Отличник болуп, үчүнчүгө көчпөдүмбү.

– Ой, секетиң болоюн каралдым, жакшы болгон тура. Кут болсун.

– Аа, атаңдын көрүнүн эси, баса Жанат экинчини бүттү ээ? Мына чоң кыз болгонуң ошол. Эне-атаңды жакшы бак эми.

– Багып жатам, таэне.

– Бакканыңдан секет кетейин сексегим, – бетинен өптү. – Дениңер сак, өмүрлүү болсоңор экен.

А Толкунбек болсо эки уулун эки мүрүсүнө кондуруп алып, кайненеси менен аялынын артынан келатты.

Тумар атасынын мойнуна асылып, экөө эки жагынан кучактап кубанып келаткан Асан менен Үсөнгө карады.

– Окшошкон күчүктөр, уят эмеспи, чоң эле балдар атасына көтөрткөнү.

– Бул атам эмес да таэне, – деди, Толкунбектин мойнун кыса кучактап, бетин бетине тийгизип, чечекейи чеч болгон Үсөн.

Тумар чочуп кетти.

– Ок, антип айтпа. Атам эмес деген да сөз болобу?

– Бул папам да, атам Чолпон-Атада турат, таэне.

– Аа, баса, атаң Чолпон-Атада эмес беле. Туура айтасың, балам.

– Сен билбей калдыңбы ыя, таэне?

– Ооба, билбей калган турбайымбы, – Тумар күлдү.

Өзүнчө эле кубанычы койнуна батпай кудуңдап келаткан Жанат токтой калып, Толкунбекке кыйкырып жиберди.

– Ава, Асан менен Үсөндүн велосипедин качан бересиң?

Жигит токтой калды.

– Аа, ал таза эсимден чыгып кеткен турбайбы, – деп балдарды көтөргөн бойдон машинаны көздөй кайра басты.

– Биз машина алып келдик экөөңө. Тебаласыңарбы? – деди Толкунбек балдарды жерге түшүрүп, машинанын артын ачып, окшош эки велосипедди алып чыгып жерге коёр-

койбостон эле, экөө экөөнү баса жыгылышты. Балдарга кылчаңдап турган Тумар минтти:

– Ой-ий, балдарым, аргымагыңар кут болсун. Папаңар силерге сонун белек алып келген турбайбы. Ырахмат дедиңерби?

Үсөн Толкунбекти жаадырай карап: «Ырахмат» – деди.

– А сен, ырахмат айтпайсыңбы, ыя Асан, – Тумар небересинин чачынан сылады. – Каралдым, как жүрөгүм.

Асан таэнесинин сөзүн укkан да жок. Укса да этибар албай, велосипедге алаксып, өзүнчө эле кудуңдап жатты.

– Мунсуз эле үйгө киришчү эмес эле. Кудай бербедиби эми экөөңө. Көчөгө чыкпай короого ойногула, уктуңарбы? – деди Жайнагүл.

– Макул, чыкпайбыз, мама, – Үсөн илгиртпей жооп берди.

Адатынча Жайнагүл, Үсөндүн өзүнө тиешелүү сөздү дароо кабыл алып, жоопсуз калтырбаганын ойлоп, Зыйнат да ушул Үсөнгө окшоп жашынан сезимтал, илбериңки болсо керек. Жатынын тартса бул адам болот. А Асан болсо маңыроо байкушум... Ушундай ойлорду ойлоп балдарды алмай-термей тиктеп турган Жайнагүлдүн кыялын Тумардын үнү бузду.

– Жакин, үйгө кирели, балам.

Толкунбектин келиши менен үй ичинин көркүнө көрк кошулуп, өзүнчө эле бир ажайып дүйнөгө толуп, береке кирип, көңүлдүүлүк каптап кетти. Толкунбекке мындай көрүнүш байкалбаганы менен Тумар менен Жайнагүлдүн көзүнө дароо урунду. Алар «Баш мээси менен, мал ээси менен» деген ушул экен да дегендей, экөө тең көңүлүндө бир жагдай ойду тымызын ойлоп олтурушту.

Жайнагүлдү Толкунбекке кайрадан байлап, жакындатып турган күч Зыйнаттын асылзаадалык менен болгонду болгондой, чындыкты жашырбай ачык жазган каты болду. Баягыда, энем айткандай, Зыйнат ырас эле менден акылдуу экен деген ойго батат. Эгерде, көп аялдын бири

болсо, Толкунбекти мага табыштап жазбайт эле да катты. Сүйүү деп мына ушул Зыйнаттын махабатын айтыш керек экен. Кокустан, Жайнагүл кабыл албай коюп, орто жолдо кор болуп калбасын деп Толкунбекти аяган экен да, байкуш. «Оо, түбүң түшкөн опосуз турмуш ай. Бирөөгө кор дүйнө, бирөөгө зар дүйнө» деген ушул. «Сүйүшкөндөр бактысыз болбосун» деген экен акылдуу аял.

Айткан менен болобу, Жайнагүл Толкунбектин кайрылып келгенине өкүнгөн жок. Тескерисинче, сыр билгизбегени менен жүрөгү толуп, көңүлүндө кубанып турду.

Бирок эр көөдөк Толкунбек Жайнагүлдүн аялдарга мүнөздүү сегиз кырдуу, тогуз сырдуу амалкөйлүк менен сыр бербей, сыртын салып мант берип турганын билбей, жүрөгү тилинип анын баякы өзүнө тааныш жүрөгүнө жакын кусалуу махабатын, сагынууга сабырсыз мүнөзүн издеп таппай жатты. Жигиттин көңүлүн чочутуп, жүрөгүн өйүп турган бир коркунучтуу иш бул болду. Кечээ жакында эле жадырап-жайнап туруучу бала кыял, баёо жүрөк жазыксыз жарынын мүнөзү өзгөрүп, тили чыгып, бети ачылып калганын көрүп чийки май жегендей болуп абыгер тартат. Өзү бузуп, өзү талкалап алган бул шорду, кайра калыбына келтире алабы, жокпу, жандырмагы жок татаал табышмак болду. «Менден көңүлү калган бойдон агарбай койсо кантем? Андай ынтымаксыз табышып, бирге жашагандан көрө, баягы табышпаган бойдон бөлөк жашаган жакшы болоор. Эмелеки: «Абаңды алып, көзүмө көрүнбөй, жоголгула экөөң тең» – деп Жанатка айткан жагымсыз сөзү көңүлүнөн кетпей, кекиртегине кептелип турду. Азыркысы эчтеке эмес, кийин деле айтат го мындай жан кейитээр жагымсыз сөздөрдү», – деп ойлоду. Анан бир казак досунун турмушу эсине түшүп кетти. Алар дагы өзүнө окшоп ажырашып, кайра табышкан немелер болучу. Мага окшоп ал дагы бир уядан жалгыз жигит эле. Аялынын бир жаман жери кайнене, кайнатасын киши ордуна көрбөгөн бир Кудай ургандай тажаал неме экен. Ата менен

энеге эч нерсе берүүчү да, эч нерсе жылдыруучу да эмес. Жигит аке-шешесине барса жалгыз баруучу, жардам берсе аялына айтпай, өзүнчө жашырып берүүчү. Төрт баланын бирин эрмек кылалы деп сурап алалбай коюшкан. Ушундай ыйкы-тыйкы күндөрдүн биринде энеси ашказанынан ооруп догдурга көрүнгөнү шаарга, уулунукуна келет. Бул мезгил аялдын оорусу кескин күчөп, ичкен-жегени сиңбей калган учур болучу. Кайненесинин абалын көргөн келин, териси тескери айланып, көргүсү келбей кагып-силке баштайт. Байбиченин келгенинин экинчи күнү болсо керек. Уулу догдур алып келип, энеси жаткан бөлмөгө кирип бараты, короодогу эски үйдөн аялынын кимдир бирөө менен урушуп жаткан ачуу үнүн угуп токтой калат.

– Сен өлбөйсүң, мастен! Өлсөң да баарыбызды астыңа салып, кара башың калганда ыйман укпай өлөсүң. Тамагыңды тартпай, көзүңө көрүнгөндүн баарын ылгабай ичип-жеп жатып бузулгансың да. Кусуп-чычып жатып үйдүн абасын бузуп, жаткан төшөгүңдү булгап салган турбайсыңбы. Эми муну ким жууп, ким тазалайт. Сен муну мага өчөшүп атайын жасап жатасың.

– Кой, антип катуу кетпе, чырагым. Кантип эле таза жанымды оору кылып догумду артайын. Напсимди тыйбай эмнеңди ичип-жеп эңшерип жибердим. Саган өчөшүп атайын ушунтсем жаткан ордумдан турбай калайын. Тамак эмес суу ичсем да, сууну суу бойдон кусуп жатканымды көрүп туруп да ушунтип айтасыңбы. Батамды берейин карагым, жаман айтып жанымды кейитпечи. Балдарым бар, келиним бар деп келбедимби. Чыдап койчу, балам, андан көрө догдур адам болбойт десе, багалбасаң өз колуң менен уу берип, эч кимге айтпай, жан кишиге билгизбей, тындым кылып сал. Жан деген кыйын тура, жылуураак жапчы, үшүп жатам, – дейт байбиче.

– Жаппадымбы. Күн жылуу, жылыйсың.

Жигит аялынын жагымсыз сөзүн угуп эмне кылаарын билбей кетенчиктей түшөт. Окуяны жашыра албай догдурду аялынын үнү чыккан жакка баштап кирет...

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК КИТЕПКАНАСЫ ОКУУ ЗАЛЫ Инв. № 1675

Ошол күнү, ошол эле замат, багуучу келиндин кыялын, оору адамдын абалын көргөн догдур, өзү түшүп келген «Тез жардам» менен ооруканага алып кетет. Байбиче суук тийүүдөн кабылдап кеткен ашказаны толук айыкканча дарыланып жатып толук айыгып, соо-саламат үйүнө чыгып кетет. А келини болсо, кайненеси жаткан жуурканды эшикке чыгарып салган бойдон ачык асман алдында жаткан төшөнчүнү, апасынын тили менен чердакка алып чыкканы жатып уулу минтет:

– Апа, муну эмнеге чердакка чыгарып жатасың? – деп сурайт.

Анда энеси ачуулуу бурк этип:

– Эй, макоо, кокустан тигил кемпир келип калса жатпайбы.

– Анда, чердакка чыгарбай эле үйгө жыйып койбойсуңбу?

– Сасытыпты? – дейт аял. – Кемпирдин ичи өткөн буга.

Бала апасын таңдана тиктеп туруп башын чайкайт.

– Сиз ушундай адамгерчилиги пас адам экенсиз ээ, апа. Атам көрсө капа болбойбу. Аке-шешесинен башка эмнеси бар ал кишинин. – Жаңыдан алып чыгып бараткан жуурканды ыргытып жиберип, тепкичтен секирип түшөт бала.

Аял уулун алая карайт.

– Эмне, сен айтканды аткарбай кошо айтышасың мени менен. Алып чык азыр.

– Алып чыкпайм.

– Өлүп каласың байкуш.

– Өлтүрсөң өлтүрүп сал.

– Эй, башы жок, балам, сен чыгарбасаң эле чыкпай калат деп турасыңбы? Сен чыгарбасаң өзүм чыгарам.

Бала каткырып күлөт.

– Чыгар, чыгар. Шаты көтөрсө эле болду.

Ачуусу менен жерде жаткан жуурканды көтөрүп алып шатыга көтөрүлө берип, төртүнчү тепкичке жеткенде, жыгач кычырай түшүп, аялды көтөрө албай, оң буту ба-

сып турган жеринен чорт сынып, аял ошол замат бакырып барып, дөңгөчтөй болуп жерге талп дей түшөт.

Ошол саамда энесин ооруканага жеткирип жаңы эле короого кирген үй ээси, аялынын жерде кокуйлап жаткынын көрүп чочуп кетет. Жигит ар жакта эки колун чөнтөгүнө салып, кумсарып турган уулун карап:

– Эй, бала, бул кандай көрүнүш, апаң эмне болду?

– Апамды чоң апамдын кусуру урду. Тим коюңуз, эс алат азыр, жата турсун...

Өспүрүм болгон окуяны төкпөй-чачпай атасына толугу менен айтып берет. Мына ушул окуядан кийин, жигит бир сыйра кийимин алып үйүнөн чыгып кетет. Бирок окуя жигиттин өзү ойлогондой болбой калат. Ал көңүлүндө ата-энеси уулунун аялы менен ажырашканына кубанат экен десе, тескерисинче, экөө бирдей капа болуп уулуна ачууланып минтишет:

– Э, карагым ай, битке өчөшүп да көйнөктү отко салабы? Аялыңдын кыз кезиндеги кыялы, катын болгондогу каадасы да. Аныңа адам эмес Кудайдын алы жетпей калганын билбейсиңби? «Катынды башынан, баланы жашынан кармаш керек» болучу. Өтө эркелетип, ою менен ойнотуп, айтканын айткандай кылып аткарып, көзүн карап жүрүп көптүрүп жиберген биринчи күнөө өзүңдө. Эми төрөдей болгон уулдарың, төрайымдай болгон кыздарың турса, аларды кантип кыйып таштайт экенсиң.

– Менин күнүм өтөт дегилечи. Бирок силерге жакшылык кылбаган аял менен ушунча жыл чыдап жашаганым да жетишет. Ал, өздөн көрө бейтааныш, чоочун, алыскы адамдарды сыйлаганды жакшы көрөт. Бала, бала дейсиңер, баладан ким жакшылык көрүп жатыптыр. Бала менминби? Оорусаңар карабасак, карысаңар карабасак, ушул да бала, ушул да келинби?

– Карабасаңдар карабай эле койгула. Өзүң сыртыбыздан адатыңча көз салып тураарсың. Аялың келбесе өзүң келип, аялың бербесе өзүң берип жатпайсыңбы. Багат де-

ген ошол, балам. Биз үчүн шаарыңды бузба. Алдыңда ага, артыңда ини жок. Балдарыңдан башка кимиң бар ишене турган. Уулдарың да, кыздарың да эстүү. Биринен толбогон кемтик биринен толоор. Ажырашууну мурда, бала-чакалуу, акар-чакар бололегиңде ойлонушуң керек эле да. Бул келиндин кербездиги мурда эле белгилүү болучу. Бизден бөлүнүп, өзүнчө жашап билинбей калбадыбы. Ошондо да жөн жүрбөй, «жеткенге сийдигин чачып, жетпегенге көбүгүн чачып» жүрдү. Эми ошонун акыркы жыйынтыгы бул болду. Биз бул келинге үйлөнөм дегениңде эле каршы чыксак болгон эмессиң. «Силер жашабайсыңар, аны менен мен жашайм» дегенсиң. Жашай бер эми. Мурда да анчамынча үмүтүм бар эле, «катын карыган сайын акылдуу болот» дегендей, жаман-жакшыны көрүп кагылаар, арзан менен кымбатты билээр дедим эле, болбоду. Ушул сапар ооруп барышымда түшүнүктүү болду баары. Айла жок. Өзүңдүн деле жашың жетип калды. Катын кетирип, катын алуучу мезгилиң эмес азыр. Анын үстүнө турмуш да, жашоо да катаалдашып баратат. Биз да карыдык. Төрүбүздөн көрүбүз жакын калган кезде, сени аялыңдан ажыратып не мураска жетебиз. Ырас эле биз үчүн ажырашканың чын болсо, чечиминди бузуп кайра бар. Эл барында, журт барында бизден кам санаба, балам, дешип кулагына кумдай куюп жатып уулун кайра жолуна салышат.

Эрди-катын кайра табышып, кайра эле баягыдай бирге жашап калышат. Бирок балдарым бар деп кайра айланып учканы менен арты жакшы деле болгон жок. Ажырашып да кеталышпайт. Көргөн күнү көр болду да, укканы уудай сөз болду. Кенедей кылт этсе эле, жок жерден кыйкым таап: «Дагы кеткиң келип калдыбы? Көнүп калбадыңбы, качкы катындай болуп. Сени мен качырып келген эмесмин. Мына эшик ачык, келген жолуң менен кете бер. Сөөк аңдыган дөбөттөй болбой, чыгып кет. Итти кет десе деле кетет. Эмне, сен итчелик жоксуңбу? – дейт да турат.

Толкунбек өзү күбө болуп, өз көзү менен көргөн ушул турмушту ойлоп кетти. Бирок Жайнагүл ата-энеге мээримсиз, ниети кара, таш боор аял эмес да. «Оо, кудурети күчтүү Жараткан Алла, өзүң жар болуп, ишимди оң жолго сала көр» – деп ичинде ойлогонун сыртында айтып жибергенин байкай коюп, ысык толкун бир дүр этип алып, эки бети чоктой албырып кетти. Баятадан бери алдыртан Толкунбекти байкап олтурган Жайнагүл, күйөөсүнүн сөзүн угуп, сыр билгизбей мыйыгынан күлүп койду. Бирок ал бул сөздү атайын эле өзүнө уксун деп айтып, өзүнөн кечирим сурап жаткан сыяктуу сезди. Мейли, зарлана берсин, – деп ойлоду ичинен. Өз колу менен кылган күнөөсүн, өз мойну менен тартсын. Мени жерге урган балапандай кылды эле, тим эле экинчи кайрылбачудай болуп. Өз ордуна Зыйнатты кечирим суратып, далдалчы кылбай эле, ошондо изин суутпай өзү келгенде, мынчалыкка барат белем, барбайт белем, ким билсин. «Ачуулуунун алдынан чыкпа» дегендей, ачынып турган жаным, кечирүүгө алым жетет беле, жетпейт беле, деги айтуу кыйын. Эми экөөбүз кайра жарашканда мурункудай бактылуу болалабызбы, жокпу?! Уккан эл эмне дээр экен? Эртең эле шаарга дүңк дей түшөөр. Толкунбектин кетишин бардыгы менден көрүшөт. «Катуу-кутуу жебеген, кара-кура көрбөгөн кишиче» күйөөсүнүн бир күнөөсүн кечире албады. Кайран жигит, аялынын алсыздыгынан эл караган жүзү жер карап калганда башка эл, башка жерге ооп кетти деген сыяктуу сөздөрдү эчен-эчен ууккан Жайнагүлдү ой басып турду.

Баятадан кыз-күйөөсүн алдыртан сынай тиктеп олтурган Тумар Жайнагүл менен Толкунбекти сүйлөшүп алсын, балким, менден жазганып олтурушабы деп ойлоп, ордунан туруп, баштык алып чыгып бараткан энесин көрүп:

– Кайда барасың? – деди Жайнагүл.

– Бул жаныбыздагы наабайдан нан алып келейинчи чайга.

– Нан бар да, эне.

– Ысык нан менен чай ичеличи, балам.

Бирок Тумар ойлогондой болбоду. Эки жаш бири-бирине даай албай, үнсүз-сөзсүз дымып олтургандан кийин Жайнагүл ашканага чыгып кеткен бойдон, энеси келгенде кирди. А Толкунбек болсо, Асан менен Үсөндүн тамашасына батып, өзүнчө эле жыргап, дүнүйөсү түгөл болуп алаксып олтурду.

– Бул менин папам! – дейт Үсөн атасынын мойнуна асылып.

– Сеники эмес, менин папам, – дейт, Асан Үсөндү түртүп. – Сен менин папамсың ээ?

– Мен экөөңөрдүн тең папаңармын.

– Сен эртең кечке-е-е эле жумушта жүрдүң, ээ папа. Биз сенин сүрөтүңдү тартканбыз.

– Кайда ал сүрөтүңөр?

– Көрөсүңбү?

– Көрөм, алып келгилечи.

Асан менен Үсөн Толкунбектин үстүнөн томолонуп түшүштү. Анан текчеде турган сүрөттүү журналдарды биринин артынан бирин алып, чийилген кагаздарды аралаштырып издей башташты. Жайнагүл киргенде экөө жарыша сурады:

– Мама, папамдын сүрөтү кана?

– Эмне? Кандай сүрөт?

– Үсөн экөөбүз тартпадык беле.

– Ой, кыйын сүрөтчүлөр ай, кайда койдуңар эле аны?

– Сага бергенбиз, мама.

– Тантыбагылачы, мен көргөн эмесмин.

Жайнагүл балдарынын сөзүн угуп, эмне үчүндүр Үсөндү ойлоп ичи тарый түштү. А Толкунбек болсо, баягы кара кийген түндөгү окуяны эстеп жүрөгү удургуп, кабагы чытыла түштү.

– Мама кагаз берчи? – деди Үсөн.

– Эмне кыласың кагазды? – Жайнагүл бурк этти.

– Папамдын сүрөтүн тартам.

– Ушул экөөнүн сүрөтчү болгону өтүп кетти мага. – Экөөнө эки барак кагаз берди. – Экинчи кагаз сурачу болбогула.

Толкунбек Үсөндү тиктей берип оңдонуп олтурду.

– Кана, кимиңер кыйын сүрөтчү экениңерди көрөйүнчү?

– Үсөн, сен папамды тарткын ээ.

– Сен тартпайсыңбы, мени, – деди Толкунбек.

– Анан тартам, – деди Асан.

Үсөн кагаздын бетин ары-бери чиймелеп койсо эле кадим эле адам сымал болуп калды.

– Мына тарттым, папа...

Толкунбек Үсөндүн тартып жаткан сүрөтүн көрүп олтуруп, Зыйнаттын балалык кезин, анын тарткан сүрөттөрүн биринин артынан бирин ойлоп, кыялы кымкуут болуп жатты. Андан да, Үсөндүн улам бир жери Зыйнатка окшоп, санаасын самандай сапырып турду.

Толкунбек, кайненесинин сүйлөгөн сөзүнүн кулагына бири кирсе, бири кирбей, өзү менен өзү болуп, бардык дити Үсөндө болуп жатып, чай келгенде гана бир серпилди.

– Кудая тобо, мына бул отуз тыйындык нан бир сом болуп кетиптир. Товар кымбаттайт, акча алмашат экен дешип жан бүдөөгө түшүп жатышат кошуналарың. Наабайчынын үйү үй эмес эле дүкөн болуп кетиптир. Кездемелерди рулон-рулону менен алып келип жатышат. Эчтеке ойлобогон эле сенсиң Жакин.

– Ойлогондо эмне кылат элем. Кымбаттаса кымбаттай берсин. Кымбаттаганда канча кымбаттамак эле. Ашып кетсе он-он беш тыйынга кымбаттаар. Акча алмашса, акчанын ордуна акча берет да.

– Ой, билбейм, азыркы орус акчасынын жүз сому эки сом, миң сому беш сом болот имиш деп үрөйдү учуруп жатышат бул эл.

– Койчу энеке, кантип эле адамдардын таман акы, мандай теринен, айлап, жылдап таап, жыйнап-терген акчатыйынын желге учуруп жиберсин өкмөт. Эл башында да

эл багуучу адамдар бар да. Камсанаба, эне. Турмушубуз мурдакыдан да сонун болот. Көрөсүң го. Кыргыз эли эркиндикке жетип, өз алдынча эркин мамлекет болду. Бул жыргал да.

– Ай, ошондой эле болсо экен. Өлүмтүгүбүзгө деп ичпей-жебей чогултканы тыйын-тыпырыбыздан ажырап калбасак эле болду.

– Канча акчаңар бар кассада?

– Он миңден ашык го.

– Оо, бай турбайсыңарбы, ыя эне!

– Атаң экөөбүз беш баланы өстүрүп, эрезеге жеткирип, ушул жашка келдик. Байкуш атаң силердин ырахатыңарды көрүп, чайыңарды иче турган кезинде өтүп кетти. Ал кишинин өз малы өзүнө жетти. Эч кимиңерди кейиткен жок. Эми мен дагы тигил дүйнөнүн камын көрүшүм керек.

– Койчу энеке, сенин кызматыңды кылуучу уулдарың, кыз- күйөөлөрүң турбайбы.

– Туура, балам. Бирок ар кимдин өз сарамжалы, өз маңдай тери таттуу да.

– Ал кассадагы акчаңды чогултканыңа канча жыл болду?

– Көп эле болду, балам. Согуштан кийин сала баштадык, аманат кассага. Ашык акчаң болсо салып, керек болгондо алып турат экенсиң. Атаң каза болгондо жыйырма миңден ашык болучу. Ошондон калган көрөңгөсү бул. Абышка өлөөрдө айтты. «Байбиче, мындан ары дүнүйө жыям, акча салам дебе. Менден калганы өлүмтүгүңө кеңири жетет. Кийген кийимиң, жаткан ордуң тың болсо болду. Калган кемтиги болсо, балдарың өздөрү толуктайт» деген эле. Ошол атаң экөөбүздүн маңдай терибизден жыйналган он миң сомдун элүү сом болуп калганы кантип жакшы болсун.

– Акча алмашса алмашаар. Бирок миң сом беш сом болбос. Мейли алмашса. Ансыз деле союз таркап, ар бир улут өзүнчө эгемендүү республика болгондон баштап, орус ак-

часынын куну учун, тамак-аштын баасы асмандап кетти. Балким өз акчабыз чыкса токтолоор баа.

– Мал да, жер да менчиктештирилет. Акчалуулар мал эмес зоот-фабриктерди сатып алат деп жатышканы кандай? Бул жерде бирөөнүн элинде, бирөөнүн жеринде жүрүп, эл алган жерден, эл алган малдан куру кол калбасаңар экен, – деди Тумар.

– Атам менен энем бар да, алышат да бөлүштүрсө, – деди Жайнагүл. – Баятадан унчукпай кайненеси менен Жайнагүлдүн сөзүн бөлбөй угуп олтурган Толкунбек сөзгө аралашты.

– Ооба, менчикке өтө баштадык. Бирок малды багыш керек, жерди иштетиш керек. Азыр мурдагы союз бардагыдай, алабыз дегенди алып, жулабыз дегенди жулалбайбыз. Базар экономикасына өткөндөн кийин кымбатчылыктын болгону болгон. Бара-бара мамлекеттик чек коюлган баа болбойт.

– Ар ким өз билгенин жасап, өз билгенинче жашап калабы?

– Ооба, эне, анда ар ким өз күчүнө жараша жашап калат. Мисалы, сиз огородуңузга өндүргөн продукцияңызды өзүңүз билип сатып, өзүңүз билип ичип-жебегенде, мамлекет билип, мамлекет бийлик кылмак беле.

Тумар Толкунбектин ишин ойлоп минтип сурады:

– Жаңкы өкмөт салдыруучу үйлөр кандай болот анда? Мурдакыдай эле салына береби, же ал да токтойбу?

– Өкмөт салып, элге берилген үйлөрдүн баары менчикке берилип, сатыла баштады. Мындан ары эл үчүн өкмөт тарабынан үйлөр салынаарын салынат. Бирок алар мурункудай жол менен берилбей сатыкка коюлат.

Жайнагүл күлдү.

– Мага караганда ой жүгүртүүң да, түшүнүгүң да күчтүү экен ыя, эне. Эгемендүү республика болгонубузга кубанып жүрүп, базар экономикасы, менчиктештирүү жөнүндө эчтеке ойлобоптурмун.

– Курсагың ача элек да, балам. Ошон үчүн ойлобой жатасың. Эмитеден эле кээ бирөөнүн дасторкону бөксөрүп калды, балам.

– Ким билет, менимче, анчалыкка баралек го эч ким. Сүйлөп олтуруп чайың да муздап калды. Келе чыныңды, жаңыртып куюп берейин.

– Мени коюп Толкунбекке берчи. Бул чай дегениң эр жигитке мүнөздүү тамак эмес. Тамагың быша элекпи.

– Быша элек.

Дасторкондогу таттуу-паттуу, мөмө-чөмөнү улам Толкунбекти көздөй жылдырып коёт Тумар.

– Алсаң, балам.

– Алып жатам, апа!

– Балдарың кайда кетти?

– Велосипедге алаксып, үйдү унутуп калышты окшойт. Ойноп беришсин. Алардын курсагы ток.

Жайнагүл менен Толкунбек чечилип сүйлөшпөгөн бойдон кеч киргизишти. Жайнагүл суз, Толкунбек бөтөн үй, бөтөн бирөөнүкүнө келгенсип басмырт. Кечки тамактан кийин чогуу олтуруп телевизор көрүштү. Асан менен Үсөн мультфильм көрүп олтуруп эле, олтурган жерлерине томурайып уктап калышты. Бул үйдө уйкусу качкан жалгыз Жанат. Ата-энесинин айткан сөздөрү эсине түшкөн сайын: «Абам менен качан урушаар экен?» – деп санаасы тынбай аңдыганы да, сактанганы да Жайнагүл. Анын эсинен кетпей жүрөкзаада болуп коргогону жалгыз Толкунбек.

Телевизордон акыркы кабарды берип бүткөндөн кийин, Толкунбек ордунан туруп, тышка чыгып кетти. Тумар күйөө баласынын жогунан пайдаланып минтти:

– Мага төшөктү балдар менен ушул жерге эле салып бер. Жанат, сен мени менен жатасыңбы?

– Жок, таэне, мен абам менен жатам.

– Кой, абаң менен жатпай эле мени менен жат, караддым. Экөөбүз сагынышып калбадыкпы.

– Ал кызды эмне кыласың, жата берсин Толкунбек менен, – деди Жайнагүл.

– Мен бул жакка сени менен жатсам, Жайна жеңем абам менен урушат да, үйүнө кет деп.

– Урушпайт. Түн ичинде кайда кетмек эле.

– Уру-ша-а-а-т!

– Урушам, абаңды кайтарып жат. Желмогуз эле кызсың да.

– Ой, кокуй ай, бала менен бала болбочу. Акылың менен болсоң боло. Толкунбек талаада калчу бала эмес. Сен деп, балдарым деп келип олтурат. Тигил Зыйнат деле жазган тура ачыгын. Байкуш балам, «куру намыс баш жарат» дегендей, калп эле мант берип, намыстанымыш болгондун эмне кереги бар. «Көнөктөн үрккөн бээ жаман, төшөктөн үрккөн эр жаман» дегендей, көңүлүн суутуп алба. Экинчи колуңдан чыкса кайрылбайт. Минтип заман өзгөрүп, заң өзгөрүп турат. Кандай күн, кандай турмуш болоорун ким билсин. «Мал ээси менен, баш мээси менен» дегендей, уул балдарды ата тарбиялагандай болобу. Жаман айтпа Толкунбекке. Үзүр-мазыр таарынычыңды жүйөсү менен айт, уяткарып. Сенден да коркуп калдым, кызым. Кой оозунан чөп албаган токтоо, момун бала элең, өзгөрүп кетиптирсиң, тилиң чыгып.

– Ой, энекебайым ай, өзүм кечирейин десем да, жүрөгүм болбой жатса эмне кыл дейсиң. Мен деле балдар менен сенин жаныңа эле жатып алайынчы.

Тумар, эчен-эчен күйөөңдүн шагын сындырбай, чогуу эле жатып алсаңчы, деп айтайын деп айталбай минтти:

– Кой, балам, антпей төшөгүңө бар. Толкунбекке өзүнчө салып бер аркы үйгө.

– Жайна жеңе, мен абам менен жатам, – деди Жанат.

– Сени ким жатпа деп жатат, жата бер.

– Мени менен эле жатчы, – деди Тумар кайталап.

– Жатпайм...

... Тышта басып жүрүп, Толкунбек тээ бир окумда үйгө кирди. Атасынын киришин күтүп, сак жаткан Жанат залдан атып чыкты.

– Аба, жатасыңбы, жүрү, мен сени менен уктайм, – деп колунан жетеледи.

Жигит өзүнүн орду залда экенин дароо түшүндү.

– Экөөбүз ушунда жатабызбы? – Жанат менен кошо кирди. – Асан менен Үсөн жаттыбы?

– Ооба, алар эчак эле уктаган. Экөө тең таэнем менен жатышты. Сен кайда бардың ыя, абаке?

– Тим эле аба жутуп тышта басып жүрдүм. Сен жеңең менен жаткан жоксуңбу? (Кызынан эмне сөз чыгаар экен деп сурады) Баары уктаган го, ээ?

– Жаткан жокмун Жайна жеңем менен, ал бирдеме жазып жатат.

– Уйкуң келдиби? – Жанаттын кайра-кайра эстеп турганын көрүп сурады.

– Жок, – деди, – менин уйкум келбейт.

– Кой, антпе, жаталы.

Жаңы жуурканга жаңы шейшеп капталганын Толкунбек дароо билди. Жаңы кездеменин жагымдуу жыты мурунду өрдөйт. Ушул саамда Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде майданда жүрүп жубайына жазган Темиркулдун бир ырынын эки сабы эсине кылт этти.

«...Биринчи түнү биз жаткан,
Шейшептей аппак бойдонмун...»

Бул жаңы шейшеп, жаңы жууркан Толкунбекке чыны менен эле Жайнагүлдүн актыгын, анын жүрүм-турумунун тазалыгын айгиленеп айтып турган күбө сыяктуу болуп туюлду. Санаасы сандап, жүрөгү түрсүлдөп согот. «Бүгүнкү түн Жайнагүл экөөбүздүн тагдырыбыздын чечилүүчү түнү» – деп ойлоду. Өткөндөгү каргашалуу опосуз окуялар биринин артынан бири көз алдынан тартылып өтүп жатты. Тол-

кунбек ойлой берип, Жайнагүлдөн оозго алып, бетке кармай турган кылдай кыйкым табалбады. Мен өз бактыма, өз махабатыма өзүм чыккынчы болдум. Жайнагүлдүн мен деп соккон жазыксыз жүрөгүнө, ак пейилине, адал эмгегине каракчылык кылдым. Ошон үчүн «Адам арыгын сактаса төбө каңдайт» дешет турбайбы. Толкунбек Зыйнатты эстегенде онтоп жиберди. «Ай Кудайым ай, бул да бир махабаттын кулу болгон байкуш экен. Мен деп жүрүп чачы агарып кетти. Анын да убалына калдым. Зыйнат эмне, жаман аялбы? Жок, ал деген төгөрөгү төп келген акылдуу түлкү. Анын бардык байлыгы да, ырахаты да мен болчумун. Бирок мен анын оюндагысындай жар болууга татыктуу болалбадым. Төрөбөй да калды. Талантынан башка бардык ырахатын мен үчүн курмандыкка чалды. Ушул жерге келгенде Үсөндүн кээ бир жерлеринин окшоштугун ойлоп, жүрөгү сызыла түштү. Бир кезде кандайдыр бир шоокумдан селт этип ою чачылып кетти. Жигит өзүнүн кайда жатканын эстей коюп, жаздыктан башын жулуп алды. Саатын карады. Убакыт он экиден өтүп кеткенин көрүп ордунан козголо берип, жанында жаткан Жанаттын демин тыңшап токтоду. Анан ордунан туруп кроватынын четине көчүк басып, катарындагы Жайнагүл жаткан бөлмөнү дем тартпай элейе тыңшап турду.

Ал эми Жайнагүл үчүн бул түн, башкача бир тынчын алып, уйку бербеген түн болду. Ойлогон оюнун баары Толкунбек. Энеси менен балдары жаткандан кийин үй ичин иретке салып, идиш-аягын жууган болуп кайпактап жүрүп, эмнегедир ваннага кирип тишин тазалап, бети-колун жуун, трюмонун алдына келип токтоду. Калп айткан менен болобу, Толкунбекти канчалык кагажытып, кагып-силккени менен, жигиттин башкага баш ийбеген кусалуу жүрөгүнүн ысык илеби Жайнагүлдүн тымызын тынчын алып жатты. Ал минтип ойлойт: «Балдарым деп, мен деп келгени чын болсо кайда кетмек эле. Бир-эки күн жаныма жакын жолотпой жалдыратайын» – деп өзү менен өзү кеңешип, өзүн

өзү бекиткени менен баары бир эси-дартынын баары Толкунбекте болуп, андан алыстай албай турду. Үстүндөгү көгүлтүр жибектен аземдеп, жарашыктуу тигилген түнкү ич көйнөгүн кийген бойдон күзгү алдында таранып эмнеге турганын өзү да билген жок. Жайнагүл Толкунбектин жөтөлүн угуп жүрөгү болк этти. Ал азыр бөлмөсүнөн чыгып, өзүн ушул жерден камынтпай кучактай калуучудай сезилип кетти. Андан дагы: «Мени күтүп турган тура жатпай» – деп ойлойт экен деген аялдык намыстан эмне кылаарын билбей шашып калды. Ал бир колу менен ич көйнөгүн бүктөй кармап көтөргөн бойдон шашыла жарыкты өчүрө салып, өз бөлмөсүнө кирип төшөгүнө кулады.

Толкунбек эшикти аяр ачып чыгайын дегенче болбой, Жайнагүлдүн светти жалп өчүрүп, өз бөлмөсүнө кирип кеткенин көрүп, бир демге туруп калды. Анан аста басып мышык дабыш менен босогонун түбүнө келип токтоду. Жүрөгүн басып бир демге тургандан кийин, кокус илип алган жок бекен деген ойдо, эшиктин туткасын аяр кармап аста тартты. Жок, бекитпептир, ачык экен. Күнөөлүү адам кыяматтын кыл көпүрөсүнөн өтүп бараткан немедей босогону аттады. Чыгыш тарапты караган чоң терезенин пардаларын тешип өткөнсүп, көчөдөгү прожектордон түшкөн жарыкка аралашып чакыя тийген Ай нуру бөлмөнүн ичин бүдөмүк нурга бөлөйт. Жигиттин көзүнө урунганы өзүнө тааныш эки кишилик кровать болду. Толкунбек бөтөн бирөөнүн гүл багына ууруга кирген шектүү адамдан бетер, көөдөнүн жарып чыгуучудай болгон жүрөгүнүн албуут согушун басып, энтигип турду. Бул кезде Жайнагүл Толкунбектин жанына жакын келип токтогонун билип турса да билмексен болуп, эч нерсе сезбеген терең уйкуда жаткан адамдан бетер дым тартпай калды. Ал күйөөсүнүн ысык демин сезген сайын дене-бою чыңалып, жүрөгү көөдөнүнө батпай думугуп баратты. Көңүлүндө Толкунбекти жектөөнү да билбей калды.

А Толкунбек болсо Жайнагүлдүн төшөгүнө дароо кирип баруудан батына албай, алда кандай жагымсыз сөз угам деген ниетте, кроваттын жанына чөгөлөп олтура калып, оң колу менен маңдайын аста сылап, сактана сүйлөп минтти:

– Жайна, алтыным, мен сенсиз жашай албайт экенмин. Сенин алдыңда күнөөм тоодой. Тоодой болсо да кечирим сурайм. – Бетин бетине тийгизди. – Менин жүрөгүм сен үчүн мурда кандай болсо, азыр да ошондой эле Жайнагүл деп ырдап да, ыйлап да турат. «Чыгашага ээси баш» дегендей, байкоостон чалдырып койдум. Сенден ажырап, балдарымдан кеткени, жыргап жүрдү дейсиңби. Канткен менен адам экенбиз да. «Карышкыр жүнүн үрпөйтөт, итке сырын билгизбей» дегендей эле кеп. Сен мага кечирим кылбай койгондон кийин намыс күчүмдөн, Зыйнат менен жашоого аргасыз болдум. Уктасам түшүмдө, ойгонсом өңүмдө ичтен жеген курттай болуп, өзүмдү өзүм соттоп, куурап жүргөнүмдү кайдан билмек элең. Зыйнат экөөбүздүн «бирге жашадык» атыбыз болгону менен ал менден бактылуу болалбады...

Толкунбектин сөзүнө муюп, ишенип турса да, аялдык ар-намыс деген күч күчтүүлүк кылып, оозунан кенедей жылуу сөз чыкпай турду. Күйөөсүнө сыр көрсөтүп, көкүрөккө түртүп, «экөөбүздүн жумушубуз эчак бүткөн, тарт колуңду темселебей. Сен мен үчүн тирүү болсоң да өлгөн кишинин бирисиң» деген сөз тилинин учуна эчен келип, эчен кетти. Чындыгында эле бул кезде Жайнагүл элдин сөзүнүн, ал эмес өз энеси Тумардын Толкунбекке күнөө койбой, өзүнө койгон дооматынын тууралыгына көзү жетип калган. Жайнагүл Толкунбек менен ажырашып жалгыз жашаган мезгилдин ичинде көптү көрүп, көп нерсеге көзү жетти. Ал ажырашып кайра табышкан башка адамдардын турмушунан эле эмес, аялы менен майдай-сүттөй акар-чакар болуп жашап жаткан эркектердин да, ал эмес аялдардын да ууру жолдо жүргөн фактыларын өз көзү ме-

нен көрүп, өз кулагы менен угуп, көңүлүндө өзүнө өзү бушайман болуп, Толкунбектин бир күнөөсүн элге жарыя кылбай эле кечирип койбой, колунан чыгарып жибергенине өкүнүп жүргөн кезинде күтүүсүз жерден Зыйнаттан кат алды. Катты окуп ыйлады. Толкунбектин жакшы мамилесин, жайдары мүнөзүн, жагымдуу сөздөрүн кайра баштан эңсеп, кайра баштан сагына баштады. Канчалык күйөөсүнүн ысык кучагы тартып, эркектин зери учуруп, жүрөгү толуп турса да Жайнагүл мелтейип койду. Оо, тагдыр деген татаал нерсе белем. Кечээ жакында эле, эми экөөбүз түбөлүккө бирикпей калдык го деп түңүлүп жүргөн Жайнагүлдүн алдында Толкунбек кечирим сурап жалдырап турду. Эчен-эчен сөз келип турса да сөз айткысы келбеди. Айтуучу сөздү а дедирбей, айтты да кечте. Кокустан, жаман сөз угуп жанына батса: «Сен тексең, мен да тектим» – деп кетип калуучудай болуп туюлуп турду Жайнагүлгө. Толкунбек катуу айтылган жагымсыз сөздү анчалык кабыл алуучу эмес. Ага мактоо жарашчу. Анткени балдары токтобой жүрүп, өлүмдөн жүрөгү үшүп бүткөн ата-эне Толкунбекке «Ө» деген сөз эмес, өөдө карабай, айтканын айткандай, дегенин дегендей аткарып жүрүп, жедеп көндүргөн да. «Кечтеги менин сөзүмдү кантип чыдап укту экен? Толкунбекке бирөө жагынып жалынбаса, ал өзү оңойлук менен бирөөгө көз каранды болуп көргөн эмес да, – деп ойлоду Жайнагүл. – Кантсе да бул: «Кел эми Толкунбек, кечирдим күнөөңдү» – деп, койнумду ачып, кучагымды жайышымды күтүп жатса керек.

Толкунбектин кулундай туйлаган жүрөгү көөдөнүн жарып чыгуучудан бетер алап-желеп болуп түрсүл согушу кроваттын четинен өтүп, Жайнагүлдүн кулагында дүпүлдөп жатты. Анын илебинен чыккан ысык аптап аялдын демин кысып, айланасы үп болгонсуп баратты.

– Мындан ары эч качан мындай болбойт, кечирип койчу эми!

А Жайнагүл болсо жигиттин сөзүнө ойлонбой туруп эле минтти:

– А балким, болуп калсачы?

– Болбойт. Уктуң го сен үчүн кандай абалда жүргөнүмдү. – Колдорунан өпкүлөп жиберди. – Сагындым сени, сагындым жытыңды. Толкунбек аялынын ысык койнуна кандай кирип кеткенин өзү да билбей калды.

Жайнагүл эмне деп айтаарын билбей күрмөлө түштү. Толкунбектин эриндери тийген жерлери оттой ысып барып, анан ток тийгендей болгон бир жылуу толкун бүтүндөй денесин каптап өттү. Экөөнүн жүрөгү бири менен бири үн алышып жаткансыган бир күч аралашты да кетти. Сөз токтоду. Сагынышкан эки жар камырдай жуурулушуп, отко салган темирдей чыңалышып, биринен бири бөлүнө албай махабаттын кучагында кандай термелишип, рахатка батып кеткенин өздөрү да элес албай калды. Качан жатып, кандай уктагандарын да билишкен жок.

«Эси-дартым эримде, эки көзүм балтамда» дегендей, бул түнү тигилерден жаман тынчы кеткен Тумар болду. Ой-максатынын баары кыз-күйөөсүндө болуп, санаасы самандай сапырылып жатып начар уктады. Оюна дегеле жамандыктан башка жакшылык кирбей, эси эки болду. Деги адамдан жүкчүл, адамдан санаачыл эч нерсе болбосо керек. Бир заматта бүтпөгөндү бүтүрүп, болбогонду болтурган ал ою заматта жыгылган теректей омурулуп, Жайнагүлдөн ыйман кетип, Толкунбекти томсортуп, дили карарып, айтканынан кайтпай, чалпоо байталдай чунаңдап, жанына жакын жолотпой койгондой каны дүргүп, санаага батып жатып таңды атырды. «Оо, Жараткан, эки балама ынтымак, ырашкер берип, дилдерин агарта көр. Замананын ооматы оор турган кезде чачылганы жыйналып, үзүлгөнү уланаар бекен? Кагылайын жараткан Алла, сенден башка пенделериңдин ишенээри да, жардам берип, жакшы жолго салаары да жок» – деп Кудайга мунажат кылып

өзү менен өзү болуп жаткан эне Жанаттын чыңырган үнүн угуп жүрөгү атып кетти.

– Таэн-е-е! Таэ-не-е! – Озондоп ыйлап бөлмөгө жүгүрүп кирди.

Тумар төшөгүнөн томолонуп турду.

– Ой, каралдым, эмне болуп кетти катыгун? – Кучактай калды.

– Абам кетип калыптыр, таэне! – Өзүн токтото албай, үйдү үч көтөрүп ботодой боздоп өпкө кагып жатты.

Окуянын арты мындай өкүнүчтүү бүтөөрүн ойлобогон, үмүттүү Тумардын өңү бузулуп, кулагы чуулдап кетти.

– Оңбогон бейбак, оңбой калган экен ээ. «Колго тийген коёнду, коё берген оңорбу» дегендей, чолпондой болгон күйөөсүнөн эми биротоло ажыраган тура, – деп ичинен кан өтүп кетти.

Муун-муунуна тийбей калчылдай баскан карт эне, акыл токтото албай, кымкап кемселинин бир жеңин кийип, бир жеңин кийбеген калыбында далиске чыкты. «Ачуулуунун алдынан чыкпа» дегендей, ушул тапта Жайнагүлдү таап, желкесинен тиштеп жыгылчудай мүнөздө, өңү өчүп, көздөрүнөн ачуу бүркүп, эшик алдында турган галошун чала-була кийип, коридорго чыга берип, Толкунбектин машинасын көрүп эсине келе түштү. Таэнесин бучкактап илмиңдей басып артынан өңгүрөп ыйлап келаткан небересин токтой калып алая карады.

– Ой, каралдым, абаң кетпей эле мында го. Тигине машинасы короодо турбайбы, э катыгун. Эмнеге ыйладың кетип калды деп. Же түш көрдүңбү?

– Ойгонсом төшөгүмдө абам жок экен. Жайна жеңем урушуп кетирип жиберген экен деп ойлодум. Ыя, таэне, анан абам кайда кетип калды мени таштап?

Бетин чымчып, Тумар күлдү. Анан небересинин кулагына шыбырап минтти:

– Абаң сени уктатып коюп, Жайнага кетип калган тура. Сенден өткөн мен макоо турбайымбы, балам. Жүрү кори-

дордо кажылдашып турбай үйгө кирели. Азыр таң жаңы эле атты. Экөөбүздөн башка элдин баары кызуу уйкуда жатат. Кокустан тигилерди ойготуп албайлы.

– Абам менен жеңем чогуу жаттыбы ыя, таэне?

– Чогуу жатса керек. Болду эми сүйлөбө, балам. –Таэнесин туурап Жанат да шыбырады минтип:

– Жайна жеңем эми абам менен урушпайбы?

– Урушпаган үчүн бир төшөктө уктап жатса керек.

– Мен барып карап көрөйүнбү ыя, таэне?

– Кой, кокуй караба, уят болот.

Тумар небересин жетелеп кирип, Асан менен Үсөндүн катарына жанаша салынган өз ордуна жаткырып атып минтти:

– Мен даарат алып намаз окуюн, балам. Кудай берет деген ушул. Абаң менен жеңеңе Кудай дес берген экен. Эми мындан ары чогуу жашайсыңар.

– Атам менен энем сүйүнөт ээ, таэне.

– Сүйүнбөй анан. Санаа тынды, балам, түбөлүгү түз болсо экен эми. Укта эми жыргап.

Тумар аста басып тышка чыгып кетти. Намаз окуп бүтүп, аш үйгө кирди. Аялдын оюнда, айтканын аткарып, Кудайды алдабай «тогуз токоч баабедин» өткөрүү болуп турду. Анткени кечээ Толкунбек келгенде кызынын кыртыштап, күйөөсүнө оң сөз айтпай, сөөгүнө жеткире сөз айтып силкилдеп, муздай тоңуп турганынан алда кандай болот деп чочулап «Тогуз токоч баабедин» деген сөз оозунан чыгып кеткен. Эми аны аткарбасаТумардын жаны жай алып, санаасы тынчудай эмес. Ал ушундай кең пейил, айтканынан кайтпаган аял да. Ваннанын тушунан өтүп бара-тып, чала жабылган эшиктен Жайнагүл менен Толкунбектин үнүн угуп кетенчиктей түштү. Аялдын дитине башка эч нерсе кирбей эле, кыз-күйөөсү бет алдынан чыга калчудай болуп, анан аларды Тумар саксактап атайын эле аңдып жүргөндөй болгон бир осол ой көөдөнүн каптап өттү. Анткен менен кубанычтан маңдайынан тер чыга түшкөнүн

да билбей калды. Өзү менен өзү сүйлөшүп, «Жараткан жалгап, эки баламдын жылдызын кошкон экен, ыраазымын Жараткан сага» – деп кудуңдаган Тумар эч бир максатсыз эле короого чыгып кетти. Анын бет алдында балбылдап жаңы эле көтөрүлүп келаткан Күндү эми эле көрүп жаткансып токтой калды. Ал эми күн сайын эртең менен эрте туруп Күндүн нуру жер бетине жаңы чачырай баштаганда Жайнагүл менен Толкунбектин тилегин тилеп, тоботопук кылып, ээги жерге тийгенче эңкейип мунажат кылып, аткан таң менен чыккан Күндөн ырайым күтүп, тилек тилөөчү жаны, бүгүн деле күндөгүсүндөй кызгун заардан эрте турса да, ыкласынан тайып, кубанычтан кайпактап жүрүп, демейдеги убактысынан кечигип калганына өзүн күнөөлүү сезип, эки колу менен жакасын муунта кармап турду. «Тилегим орундалды айланайын, Күн. Бүгүн сен да мага окшош жадырап муңсуз экенсиң. Мөлмүлдөп асманың ачык, үлп эткен желиң жок, кирпигиңе кир жукпай он сегиз миң ааламды алтын нуруңа бөлөп, өзгөчө бир толукшуп турупсуң. Ылайым түбөлүккө асманың ачык болсун... Тумардын ою обого сермелип турду.

Толкунбектин Зыйнатка уурдалган жүрөгү эми мага мурдагыдай болбой калды го деген ой көңүлүнөн кетпеген Жайнагүлгө, Толкунбек өзүнүн жаштык жалыны али өчпөгөн сүттөй таза махабатын, кусалуу жүрөгүн көрсөтүп койду. А Жайнагүл болсо Толкунбектин ысык илебинен келген күчкө туруштук бералбаган аялзаадалык кумар тутуусу жандүйнөсүн бүлүндүрүп, туңгуюк кусалыктын жүрөктөн кандай жарылып кеткенин өзү да билбей калды. Бул түнү Зыйнаттын жазган катындагы айтылган ар бир сөзү Жайнагүлдүн көөдөнүндө удургуп турду. Бечара келин, чындыкты жазган экен деп ойлоду.

Ал эми Толкунбек болсо Зыйнатты, Жайнагүлдү сүйгөнчөлүк бир жолу да ал каалагандай бактылуу кылалбагандыгы көңүлүнө кайра-кайра кылт эте түшүп жатты. «Байкуш Зыйнат, – дейт ичинен, – чыдады маган жакшы

эле. Үмүтү үзүлүп, тилеги орундалбай калганына көзү жеткенде гана «Толкунбек өзү сунуш киргизип ажырашууну баштайлекте, өзүм уруксат берейин» деген экен акылдуу байкуш. Анан калса бир үйдө жашап, бир төшөктө жатып эрди-катын болуп жашоого мени, анын адамкерчилиги мажбурлады кыйгыс кылып. Ооба, чындыгында эле Толкунбекти Зыйнатка аркан-жипсиз байлап турган дагы бир күч баякы баёо жүрөк секелек кыз кезиндеги күнөөсүз жароокер, адамкерчиликтүү мүнөздөрүн эстеген сайын ичи жылып, аяп кеткени, анан дагы Аккыз эженин өлүм алдындагы айткан керээз сөзү болду го. Кокустан Зыйнат ушул бирге жашаган мезгилдин аралыгында эгиздеп, сегиздеп шатыратып туун жибергенде, балким, баш булгай албай калат беле ким билсин. Ай таң, ушундай кусалуу жүрөк менен балага карап жашоосу кыйын болот эле го. Бирок Толкунбек, ошентип ойлогону менен Зыйнатты унуткан да, эсинен чыгарган да жок. Бирок экөө тең бири-бирининин, эки башка ойду ойлоп жатып уктап, эки башка санааны санап ойгонушаарын жакшы билишчү. Зыйнат Толкунбектен канчалык көңүлү кала турган катуу сөздөрдү укса да, кечиримсиз кемчилигин көрсө да бардыгын кабагым-кашым дебей эчен ирет көтөрүп, эчен ирет кечирген. Ал эми күндүз эле эмес, түнкүсүн да Зыйнаттын жүрөгүн оорутуп, уйкусун умачтай ачкан мезгилден жүрөгү үшүгөн аял кеч кирген сайын өзүнөн өзү коркуп турчу болгон. «Бул, бүгүн кандай уктап, дагы кандай жөөлүп, уйкусурап тынчымды алаар экен» – деп, Жайнагүлдүн ысмын уга берип, жедеп бышыкулак болуп бүтсө да чочулап туруучу. Ушундай жагымсыз көрүнүштөрдөн улам акыры бири-бири менен жакшылык менен ажырашуу ыкмасын тапкан Зыйнат өзү алыска кетип жаткан мезгилде чечкен.

Эми минтип «Адашкандын айыбы жок болуп» Жайнагүл менен Толкунбек жаңы үйлөнгөн кыз-күйөөдөн бетер, Тумарды ваннанын чала жабылган эшигинен көрүп,

бирин бири карап тилдерин чыгарып, сөздөрү ооздорунан түшүп, үндөрү өчө түштү.

– Түү-ү-ү, эми кантем, уят ээ! Байкуш кызым, «Тузсураган койго окшоп» бир түнгө өзүн кармай алган эмес экен деди го!

– Койчу, апам эч качан антип ойлобойт. Кайра экөөбүздүн тил табышып, ынтымакка келгенибизге сүйүнүп жаткандыр.

– Сүйүнөөрүн сүйүнөт дечи. Ошентсе да, баары бир бетке чиркөө болот тура.

– Алтыным, эки дүйнөдө ыраазымын сага, сөз бүттү. Өткөндү козгошмой жок. «Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт» турбайбы. – Толкунбек Жайнагүлдү кайрадан кучактап, кайрадан алкымынан жыттагылайт. – Менин жүрөгүм жалгыз гана сени сүйөт экен, ишенесиңби, ушуга?

– Жок, ишенбейм. Зыйнат сүйүүгө татыксыз, анча-мынча аялдардан эмес го. Аны билгендер анын талантын да, акылын да жогору баалашат экен. Анан ушундай асылзаада аялды сүйбөгөн эркектин жүрөгү жүрөкпү? Сүйгөн жокмун десем эле Жайнагүл ишенип калат деп турасыңбы?

– Эмне, ишенбейсиңби?

– Ишенбейм. Түндө айттың го Зыйнатка кетүүгө өзүң себепкер болдуң деп. Бул тим эле акчылануу да.

– Жок, акчылануу эмес, чындык. Бир күнөөмдү кечирип койгонуңда, бирибизден бирибиз адашып, мынчалык оюндан от чыгып татаалдашып кетпейт элек го.

– Сенин оюңча бардык күнөө сенде эмес, менде турбайбы. Ушундайбы?

Толкунбек Жайнагүлдүн сөзүнө эмне деп жооп берээрин билбей чочулап сүйлөдү. «Чырдын башы бок жебеден» башталат дегендей, өлгөн-талганда тил табышып, жаңы эле ымалага келип олтурган аялынын талуу жерине тийип алдымбы деген ойдон жүрөгү зырп этти. Жайнагүлдүн оозунан «Сени чакырган эмесмин. Келген жолуң ана, кете бер» деген сөз чыгып кетүүчүдөй болуп туюлду.

– Жок, Жакин, ошентип кантип ойлоюн. Чындыгында сен мени минтип: «Төшөгүмдү аттайт» – деп ойлогон эмессиң да. Сени тамаша кылып чычалатам деп, туура эмес сүйлөп алдым окшойт. Бардыгына мен өзүм күнөөлүүмүн. Сүйлөштүк го. Деги ушул өткөндөгү каран калган кайгылуу күндөр жөнүндө унутуп коёлучу. Кереги эмне кайталап.

– Унутулбайт го ыя, Толкунбек. Оозубузду алаканыбыз менен басып, өзүбүздү өзүбүз зордоп тыйганыбыз менен жүрөк менен көздү кантебиз, көңүлдү кантебиз? Өңгө эстен чыкса да Зыйнат эстен чыкпас дейм. Аны экөөбүз эстебей, экөөбүз унуталы деп аракет кылганыбыз менен башкалар унутпайт да. Анын эмгеги элге таандык тура. Ал аялдын өзү өлүп, о дүйнө кеткен күндө да эмгеги жашап, эмгеги аны ар дайым тирилтип турарын сен кантип билбей калдың? Билесиң. Аны сен өзүң деле оңойлук менен унута койбоссуң!

Толкунбек Жайнагүлдүн далысынан имере кучактады:

– Сен эмне эле Зыйнатты мактап, анын сөзүн сүйлөп калгансың?

– Менин Толкунбегимди сүйгөн Зыйнатка окшогон кыргыздын таланттуу кызын ардактайм да. Ошондой аялдын сүйүүсүнө татыктуу болгон жигит менен сыймыктанып жатпайымбы.

Толкунбек ичинен тына дем алып башын чайкады:

– Болду эми. Какшыкты ыраса жакшы өздөштүрүп алыптырсың.

– Жок. Билсең бул какшык эмес. – Колуна кармап турган сүлгүнү күйөөсүнөн алып, илгичке илди. – Сен чыга бер эми. Мен азыр.

Толкунбек халатын чечейин деп жаткан аялын кучактай калды.

– Алтыным, жакшы эле аялсың. Кудай Таалам сага бардык турпатты берген. Өтүнөм, сен үчүн жүрөгүмдүн тазалыгына, сүйүүмдүн актыгына ишеним берип, дилиңди

агартчы. Мурда көңүлүм кандай таза, кандай ак болсо, азыр да ошондой ыйык, ошондой кирсиз. Адам бири-бирининн арзан-кымбатын да, баасын да алыс жүргөндө билет окшобойбу. Азыр мурдагыдан да сенин асылзаадалыгыңды көбүрөөк билип, сага көбүрөөк түшүнгөндөй болгон бир күч менин акыл-эсимди бүтүндөй ээлеп алды.

– Болду эми, кечке эле актана бересиңби, коё бер жуунайын. Адамдын ички дүйнөсүн деги түшүнүш кыйын. Билбейм, балким, ошондойдур. Мен өзүм бир жүрөк менен, ошол бир жүрөгүмө бир эле адамды батырып, бир эле махабат менен жашаган аялмын. Эгерде эки адамдын тагдыры менен тагдырлаш болуп, эки адам менен өмүр сүрүп, ысыгына күйүп, суугуна тоңуп көргөн болсом, балким, экөөнүн мен үчүн айырмасы кандай болорун, алардын кимисин кандай көрүп, кандай сүйөрүмдү билет элем. Мен сенден башка эркекке этегимди ачтырып көргөн да, эч кимге көңүлүмдү бөлгөн да жокмун, Толкунбек. Ошол үчүн Зыйнат канчалык акылдуу, канчалык кеменгер аял болсо да жүрөгүмдө ага болгон күнүлүк ич тардыгым күчтүү болгону менен «Жиндиге сот жок» болгон сыяктуу, сүйүүгө да, сүйүшкөндөрдү да соттоо эч бир мыйзамда жок да. Ал сени сүйгөндүгү үчүн, сен үчүн өзүнүн бактысын курмандыкка чалган аял да. (Ушул жерде Жайнагүлдүн оозуна «баласын да» деген сөз кирип келип, кекечтене түшүп, сөзүн оңдоп кетти.)

«Жакшы сөз жан эритет» дегендей Толкунбектин жүрөгү жылуу сөз угуп, жандүйнөсү эрип, эмне деп айтарын билбей толкундап кетти. Ал Жайнагүлдүн жамынып турган халатын жулуп алып ыргытып, эки кабат болуп жыгылып, үрптөрү чыккан эки эмчегинин ортосунан жыттап, Жанат менен Асан жатып тар курсагы кеңип, бошой түшкөн эттеринен жан алакетке түшүп, ачыккан суктук менен кандай өпкүлөп жатканын өзү да билбей калды.

Бүткөн бою жыйрыла түшкөн Жайнагүл курсагынан аймалап өөп жаткан эринен бошонууга аракет кылып, боюн тартып кетенчиктеп:

– Ой, кантесиң Толкунбек, бала болуп турасыңбы. Коё бер эми.

– Сагындым, алтыным. Түртпөчү. Баякы эле өөп-жыттап жүргөн эмчек, ошол эле курсак да.

– Анда жаш болчубуз.

– Азыр деле жашпыз.

Ушул жерде оюна дагы бир сөз келип турду. Ал болсо «Бээ туубаса байтал аты өчпөйт, катын туубаса келин аты өчпөйт» дегендей, Зыйнат жаштык кылып, бири-бириңди ушунтип сүйүп, ушунтип эркелетип жүрүп көнгөн немелер окшобойсуңарбы» – деген сөз болучу. Бирок «Ойносоң да ойлоп сүйлө» дегендей, ар бир кыймыл, ар бир сөздү ката кетирбей тескери чалып, тил кайрып турса бирин бири күталбасын түшүнгөн Жайнагүл өзүн өзү тыйып койду.

– Өпчү мени! – дейт Толкунбек.

– Макул өбөйүн.

Жигит аялын бооруна кыса кучактайт.

Ушул маалда тыштан: «Таэне-е-е!» – деп кыйкырган кызынын үнүн угуп, экөө кучакташкан калыбында дымый түшүштү.

– Таэ-н-е-е! Абам кеткен жок бекен?

– Жок, кеткен жок, балам.

– Жайна жеңемдин төшөгүндө жок турбайбы!

Күйөөсүнөн оолактай берген Жайнагүл минтти:

– Ой, иттин кызы, шерменде кылат экен го. Сени издеп жүрөт, чыкчы. Аңылдап уктап жаткан балдарды ойготмок болду.

Ачык турган айнектен тышта сүйлөп жаткан Тумардын үнү угулду:

– Келегой, куймак же.

– Таэне, май токочпу?

– Ооба, май токоч.

– Мен абамды таппай жатпайымбы. Жайна жеңем урушкан жокпу, ыя таэне?

– Эмнеге урушмак эле?

– Уруша-а-т! Мен билем.

– Кой антип ашепке сүйлөбө, балам. Кел бери.

– Энем айткан, абаң менен жеңең урушпасын, карап тур деген болучу.

– Карабай эле кой.

Тумар кыз-күйөөсү тургуча очокко от жагып, түндө жууруп койгон камырын эчак бышырып, чоймосун чоюп, куймагын куюп, тогуз токочун жасап, дасдорконун жайнатып, ак самоорун кайнатып, балдарынын турушун күтүп олтурган убакта, ары жактан эки карысына эки уулун кондуруп алып көңүлдүү келаткан Толкунбекти көргөн Жанат үнүнүн бардыгынча кыйкырып, өзүн дароо атасын көздөй атты.

– Аба-к-е-е! Сен мени түндө таштап коюп кайда кетип калдың?

– Эч жакка кеткен жокмун.

– Жайна жеңеме кеттиң беле ыя, абаке!

Ар жактан Тумар үн катты:

– Келгиле чайга, балдар!

– Саламатсызбы, апа! – Толкунбек ийиле түшүп салам айтты.

– Жакшы алдыңа кетейин, жогору өткүлө. Ой, зоңкойгон күчүктөр түшкүлө. Папаңар чай ичсин. Жайнагүл кана, чакыргыла.

– Келатат, таэне! Мен абамды кетип калган экен деп ойлогон болчумун.

Толкунбек кызынын сөзүн дароо башка жакка бурду.

– Сен Асанды жакшы көрөсүңбү же Үсөндү жакшы көрөсүңбү?

– Үсөндү да жакшы көрөм, Асанды да жакшы көрөм, – Бөбөктөрүнө калп эле тийише сүйлөдү. – Эй, сен Асансыңбы?

– Мен Үсөнмүн! – деди Толкунбекти жарк эте караган Үсөн күлүп.

– Аа, анда сен Асан турбайсыңбы, ээ! – Атасынын экинчи ыптасындагы бөбөгүнүн колун кармап силкилдетти.

Ушул жерде Толкунбектин жүрөгүн солк эттирген бир иш Үсөндүн карагаттай жайнаган жоодур кара көздөрү болду. Ал эмес ушул саамда анын күлкүсү да, үнү да Зыйнатка окшоп кетти.

«Бул кандай жандырмагы жок табышмак болуп турат!» деген ой көңүлүн буй кылып, ички дүйнөсүн чагылгандай чарт этип аралап өттү. Анан анын оюна Зыйнаттын ар качандан бир качан: «Асан менен Үсөндүн бири менин балам. Алып бер өз баламды өзүмө» деген сөзү түшүп турду. «Мал ээси машаяк» дегендей, эне жүрөгү баласынын өлбөй-житпей эле аман-эсен Жайнагүлдүн эгизинин түгөйү болуп жүргөнүн сезеби!? Болду-болбоду бул ишти Жайнагүл өзү жалгыз жасаган жок. Муну атам да билет, энем да билет. Кудая тобо, «Көп ооз бир болсо, бир ооз тек турат» деген ушундай болобу? Ал баланын тирүү экени чын болсо, ушул бойдон билинбей калабы же, балким, «Кыңыр иш кырк жылдан кийин да билинет» дегендей, эртедир-кечтир баары бир турмуш чындыгы туюкта калбайт болуш керек деген сыяктуу түркүн ойдун түрмөгүн чубап олтуруп, Жайнагүлдүн жанына келип олтурганын да сезбей калды.

– Толкунбектин чайы муздап калды, жаңыртып куй, – деген кайненесинин сөзүн угуп, түйшөлө түштү. – Капырай, – дейт Тумар ичинен тынып, бул бала эмнеге мынчалык ойго батып санааркап олтурат болду экен? Же тигил колуктусун ойлойбу?

Толкунбектин ичине ит өлүп жаткан санаалуу оюн Жайнагүл да, Тумар да туура түшүнгөн жок. Эки дүйнөнү бирдей билген эстүү аял, кызы экөө өздөрүнчө болгондо минтти энеси:

– Толкунбектин келгени жакшы болду. Эми акылың болсо өткөн ишти козгоп, өөдө-ылдый сүйлөп аялдык кылба, балам. Тигил колуктусуна деле мээримин төгүп жырга-

тып жибербептир го. Бул байкуш баланын бардык арманы сенден ажыраган шору болгон турбайбы.

– Толкунбек экөөбүз да сиз айтканды сүйлөштүк. Өткөндү эскербейли дештик. Болоору болгондон кийин өткөндү козгодуң эмне, козгободуң эмне, эчтеке чыкпайт да андан. Ошого түшүнбөгөн келесоо белем. Ал жагынан кадырыңыз жан болсун, эне.

Толкунбек менен Жайнагүлдүн ичин тымызын тырмап, ийдилеп жаткан бир иш Үсөн болду. Толкунбек Үсөндү көргөн сайын, улам бир жеринен Зыйнатка окшоштукту таап, ичинен дем алып, баягы мурдагы ойлогон оюнан алыс кеталбай Зыйнаттын: «Балам! Балам!» – деп ботодой боздогон мезгилдерин эстей берет. Көрсө, ал байкуш бекер жеринен күйүп-бышып жүрбөгөн окшобойбу дейт, ичинен сызып. Эмне үчүн булар менден: «Эшигибиздин алдына бала таштап кетиптир. Аны биз багып алдык» – деп чындыкты айтпай жашырышты эле? Эмне үчүн? Же балким, мен жөнүндө ушак угуп, арты алда кандай болот деп ойлоштубу? Бирок ал кезде менден арам санагандай, бузулуунун эч кандай шек-шыбаасы билине элек эле да. Кокустан билинген күндө да менден никесиз, арамдан туулган баланы алмак турсун үчөө чогулуп туруп көчөгө ыргытмак. Анда го башканыкы болду дешсин. Ал эми бала торолгондо Үсөндүн мага окшоп калышын кандай деп ойлоп, кандай деп түшүнүштү болду экен? Кызык. Же балким, Жайнагүлдүн эгиз уул төрөгөнү чындыр деп ишенейин десе, күн өткөн сайын Үсөндүн Зыйнатка окшош жактары даана көрүнүп баратканы өзүнчө бир жандырмагы жок табышмак болду да калды.

Бул жерде Толкунбектен мурда, Жайнагүлдүн жүрөгүн тымызын тытып жаткан сары санаа да Үсөн болуп турду. Зыйнаттын катынан кийин Үсөндү ким тууганы Жайнагүлгө айдан ачык болуп чыга келди. Баласын көргөн сайын Зыйнатты эстей берип эшиги жок, төрү жок караң-

гы туңгуюкка капталып, аба жетпей алкымы буулуп, өзүнөн өзү кыйналып кетүүчү дартка жолукту.

Ансыз деле алдыда ар бир адам баласынын башына эртедир-кечтир өлүм деген өксүктүн келе турганын көп ойлоп, көп эстөөчү. Бирок ошондой болсо да жалган дүйнөдөн чын дүйнөгө кетээр алдында, жандүйнөсүн тазартып, аласа-бересесинен кутулуп, пендечилик менен кетирген кемчилигинен, кылган зынаа-күнөөсүнөн арылып, акка моюн сунуп, Кудай алдына таза баруу парыз экенин анчалык этибарга албаган жаш жүрөк, күтүлбөгөн жерден бир курдашынын катуу ооруп, орто жолдо жаткан энесин көргөнү барып эси чыгып келди. Алар киргенде оору аял алдастап «Айланайын Абакан, ушул белден ашсам жакшы болот эле. Кечирип койчу мени, сен ыраазы болбой, мен бул ашуусу бийик дабандан өтө албай кыйналып жатам. Айланайын Абакан, оң карап «Ыраазымын» деп койчу!» – деген сөздү миң кайталап, Абакан деген атты оозунан түшүрбөй: «Айланайын Абакан, ушул белден ашсам!» – деп, жанын коёрго жер таппай жатканын көрүп: «Ыя апа, бул Абакан деген ким эле? Ыраазычылык берип койсо болмок экен!» – деди оору адамдын жанында олтурган байбичеге шыбырай сүйлөп.

– Аа, кокуй, Абакан деген жок, балам. Тээ согуштан кийин, эчак көзү өтүп, сөөгү сөпөт, устуканы упат болгон кайын сиңдиси ал. «Арбак бар» деген чын окшойт. Ушул убакка чейин нааразы болуп ар дайым түшүнө кирет имиш. Адам акмак турбайбызбы. Тирүүлүктө өлбөчүдөй болуп, алдыда өлүм деген өкүмү күчтүү өксүк бар экенин этибарга албайт экенбиз. Бул окуя согуш мезгилинде болгон. Абакан деген кайын сиңдиси өндүү-түстүү, чырактай болгон кыз эле. Согуштан майып болуп келген бир жигитти сүйүп калып, ошого чыкмак болуп аралашып калып, боюна болуп калат. Ал кезде бул ооруп жаткан байбиченин жаш кези да, тигил Абаканды алуучу баланын майыптыгын, колунда жок жакырдыгын айтып, зордуктап ушул айыл-

дык, кой ферма болуп иштеген Абдыгапар деген чалга токолдукка бермек болот. Ошол тушта Абаканды алуучу жигит Бишкекке барып госпиталга жатып калат. Тигилердин кысымына туруштук бералбаган Абакан боюнда барын жеңесине айтат. Муну уккан аял, дагы бир аял экөө биригип, колхоздун бир жылкысын балдарга чаптырып терин алып, Абаканга чайга кошуп апийим берип мас кылып коюп, ичмегин ысуулай тери менен ичине басып боюнан түшүрүшөт. Ошол бойдон Абакандын төрөтү токтоп, кыҥ деген баланын үнүнө зар болуп, энеси жок жетим кыз жеңесине нааразы болуп ыйлап жүрүп дүйнөдөн көчөт. Бул бечарага жашты Кудай бергени менен тигил дүйнөгө кетиши кыйын болуп бир айдан бери өлалбай Абакан деп эле арбак менен сүйлөшүп калды. «Арбак ыраазы болбой, Кудай ыраазы болбойт» деген ушундай шумдук болот тура...

Ушул окуядан кийин Жайнагүлдө кандайдыр бир ой толгогон санаркоо пайда болду да калды. Санаадан күлүк эмне бар дейсиҥ. Үсөндү бир ойлосо, Зыйнатты миҥ ойлойт. Бул таштанды бала жөнүндөгү жашыруун сыр минтип өзөккө ныккан туюк жарадай болуп, ойдон кеткис окуя болоорун ал кезде ким ойлоп, ким билиптир. «Жаш улук эмес, ажал улук» дегендей, кокустан жаздым тайып өлүп кетсем, Зыйнаттын көз жаш, көкүрөк дарты менин мойнумда кетеби же Толкунбектин мойнунда кетеби? Анда энебаланын убал-сообу бизди көрүбүзгө тынч жаткырбайт го. Биз билгенди, биз жасаган ишти аяздуу караҥгы түн, жыбыраган жылдыздар эле эмес, асмандан Алла Таалам карап турбады беле дейт, Жайнагүлдүн жандүйнөсүнө бүлүк түшүп...

...Толкунбектин келгенин кошуналардан биринчи угуп, биринчи көргөн Кермекаш болду. Жигит келгендин эртеси эртең менен Асан менен Үсөндүн көчөдө велосипед тээп ойноп жүргөнүн терезеден карап туруп, Кермекаш ойго батты. «Дүр-дүҥүйөнүн баары кымбаттайт» – деп угуп, эки уулуна экини алып берип марттык кылган экен. Башка-

ларга окшоп «Аманат» кассасына салган акчаларын өлтүрбөй калсын бул. Бизчилеп акчага басым кылбай, алтын жыйнаган аял да Жайнагүл. – Ушунтип өөдө-ылдый ойду ойлоп туруп «Шайтан арабаны» канчадан алганын билбей тынчы кеткен аял, кабагын түйүп тышка чыкты. Анан Жайнагүлгө күйүмдүү жакын адамдан бетер, камкор сүйлөп шаңк этти өзүнчө.

–Э ботом, байманасы ташып жаткансып, эки баласына экини албай, бир эле «шайтан араба» алса жетпейт беле. Адамдын жүрөгүн түшүрүп, көчөгө экөөнү бирдей коё берген эмнеси. Чымын-куюн болуп өтүп жаткан машиналардын алдына кырсык болуп кирип кетсе эмне болот ыя кокуй, – деп сүйлөгөн болуп, минтип сурады балдардын жанына токтоп:

–Ким алып берди силерге бул машиналарды?

–Папам, – деди экөө жарыша жооп берип.

Кермекаш уккан кулагына ишенбей, «папам» дедиби же «апам» дедиби деп ойлоп кайталап сурады.

–Түшүнбөй калдым, ким алып берди дединер?

–Па-па-м! – деди Үсөн муунга бөлүп, таптап сүйлөп.

–Кайсы папаң?

Ошол саамда ачык турган дарбазанын калиткасынан чыгып келаткан Толкунбекти көргөн аялдын оозу аңырдай ачылып, көздөрү чекчейе түштү.

–Саламатсызбы, Кермекеш эже?

–Оо-о, Толкунбексиңби, садага? Мен дагы шайтан арабаны балдар «папам алып берди» дешсе, каңырыш уктумбу деп кайталап сурап жаттым эле. Качан келдиң? – Толкунбекти бетинен өптү.

–Кечинде келдим. Кандай жакшы турасыңарбы?

–Жакшы алдыңа кетейин. Өзүңөр кандайсыңар? – Зыйнатты сурайын деп, эмне үчүндүр күймөлө түштү.

–Агай кандай, иштеп жатабы?

–Кызматы кыскарып бош калган агайың. Азыр үйдө.

–Кириңиз үйгө.

– Өзүң эле келдиңби?

– И, өзүм эле, эже. Жанат экөөбүз келдик.

– Биздин кыз кандай жүрөт?

– Зыйнатты сурап жатасызбы? Жакшы, эже. Ал Москвада.

Кермекаш, Толкунбектин ажырашкан аялынын үйүнө кандайча баса келгенине ачык түшүнө албай, же ачык сурай албай, бир демге буулуп туруп минтти:

– Экөөң эки тарапка кеткен экенсиңер да.

– Ооба, ошондой болду, эже. Үйгө кирбейсизби?

– Жайнагүл үйдөбү?

– И, үйдө.

Булар эртең мененки чайын али ичише элек болучу. Тумар Кермекаштын тышта Толкунбек менен сүйлөшүп турганын көрүп, анын көзүнчө «баабедин» деп бабырап олтурбайын деп ойлоп, алар киргенде жаңы эле өзүнчө айтуучусун айтып, Кудайга жалынып бата кылып жаткан.

– Келиңиз, эже! – деди кабагы ачык, көздөрүнөн от бүркүп жадыраган Жайнагүл. – Жогору өтүңүз.

– Жок, сен өт Толкунбек, – деди Кермекаш токтой калып.

– Жарыктык, мен өтчү белем, өтө бериңиз.

– Чайыңарды эми араң ичип жатасыңарбы?

– Ооба, эже, азыр ичип жатабыз.

Кермекаш Жайнагүл менен Толкунбектен көз албай, экөөнү алмай-термей тиктеп, ичинен тынып олтурду. «Омее-й, бул экөөнүн ажарына Ай тууп, көңүлүнө Күн тууган-дай жайнап эле калышыптыр, табышкан немелерби, же кандай?!» – деп ойлоп, эмнеден сөз баштап, кандай кылып тамырларын тартаардын ыгын билбей ыкылдап олтурган аял бир оокумда минтти:

– Айланып кетейин, Толкунбек келип, тим эле үйүңөргө береке кирип калган тура. Олда касиетиңден айланайын эркектер ай, булардын үйдөн чыгып турганы эле дөөлөт да. «Алтын баштуу аялдан, бака баштуу эр ийги» деген ушул. Башы булутка жетсе да аялдын иши аял да. Мен

балдар Толкунбекти билбей калды го десем, билишет тура. «Шайтан арабаны» мамаң алып бердиби» – десем: «Папам алып келди Чолпон-Атадан» – дейт экөө жарыша сүйлөп. Толкунбектин келгенин ошол Асан менен Үсөндөн уктум.

Кермекаш булардын эч эчтеке болбогонсуп, унчукпай жайылып олтургандарына таң калып олтуруп, чайдын кандай ичилип бүткөнүн да билбей калды. Дасторконго бата кылынып, жаштар чыгып кеткенден кийин, Кермекаш Тумарга жакындай олтуруп шыбырай сүйлөдү:

– Ыя, байбиче, мен түшүнбөй олтурам, бул кеткен күйөө балаңыз эмнеге келиптир?

– Эмнеге дегениң кандай, ботом? Аялы менен балдары болсо келбейби.

– Баягы кеткен бойдон бул үйдөн көргөн жок элем, кайрылганын. Ошон үчүн сурадым. Туура эмес болсо кечирип коюңуз. «Кудайды көзүң менен көрбөсөң, акылың менен тааныбайсыңбы» дегендей, мен өзүм эле ойлоп жүрчүмүн, акыры бир күн: «Жайнагүл кайдасың?» – деп, кайрылып учат го деп. Жакшы эле чыдап күттү бул бала, бирок көтүнө келип Зыйнат туубай койбодубу.

– Туура айтасың, Кермекаш, акылы бар, түшүнүктүү аял эмессиңби, – деди Тумар, анын даражасын какшык аралаш көтөрө чалып, – өзүң айткандай балдарым деп келиптир. Көрүп турбайсыңбы, үчөө үч жактан колдон-буттан алып, Жайнагүлсүз эле басып жыгылышты, – байбиче Кермекашты анчалык жактыра бербесе да, анын Кудайы кошуналыгын сыйлап чынын айтып койду.

– Ооба, апа, ырас болуптур, сиз айтпасаңыз деле мен дароо билдим көргөндө эле.

– Билсең ошондой, балам.

– Деги тигил аялы менен бир жаңсыл болуп, башын ачып келиптирби? Охо-о-о, ал келин оңой келин эме-е-с. Айтты-койду дебегиле, Толкунбекте дуба бар. Зыйнат эле болсо, бул баланы тим койбой калсын. Дубанын күчү ме-

нен кармап жүрөт деп укмакмын. Бул дубаны жандырбаса, түбөлүгү жакшы болбой калат го, апа.

Тумардын көзү бузула түштү.

– Койчу кагылайын, кайдагы ойго келбеген шумдукту айтып жатасың дуба деп. Ишенбейм сөзүңө Кермекаш, андай күчтүү дубалар болсо илгери-илгери болгон чыгаар.

– О-о-й кокуй күн, илгерки-милгеркиси жок эле, азыр ушул тапта үй баш сайын көзү ачык, үй баш сайын дубакөйлөр бар. Андан көрө Жайнагүлгө айтып, Толкунбекти көрсөтүп, окуткула.

– Жок, Кермекаш, мындай сөздү менин кулагыма угузбачы. Ошончолук эле дубасы күчтүү болуп баратса, кайра кетер көп болсо. Бул сөзүң мага жакпады. Ашык сөздүн кереги эмне.

Кермекаш өзүнүн дуба жөнүндө айткан сөзүн бул кемпирдин минтип четке кагарын ойлогон эмес болучу. Шагы сынып, жылдызы өчө түштү. «Ой, өлүгүндү көрөйүн мастан, бул сөзүң мага жакпады деп коёт. «Жапма челек борсума» болбосо, акылдуу деп Айперидей мактаган кызың салбар болот беле. Балдары үчүн кайрылып келген да бул жигит. Ай, Зыйнат, Зыйнат, сен дагы бир шордуу неме экенсиң. Атың ааламга угулуп, даңкың далайга кетип, төгөрөктүн төрт бурчун дүңгүрөткөнүң менен, Толкунбекти тосо албай, томогосун шыпырып коё берген кантип болсун. Балдарын ойлоп баш ийбесе, башын айландырып, артыңдан ит кылып ээрчитип ала турган кудуретиң бар эле го» деген сыяктуу ойлорду ойлоп, өзүнөн өзү итатайы тутулуп олтурду.

Кермекаш ушундан кийин баягы Толкунбек жокто үймөүй каалаган убагында качырып кирип туруучу адаты өзүнөн өзү кан буугандай басылды. Бирок анын ишке жараган бир чоң «эрдиги» болду. Ал болсо, Толкунбектин келгендиги жөнүндөгү кабарды шаардын аяк-башына бир эле күндүн ичинде желдей таратты да койду. Мындай аял жашаган шаарга телефон менен телеграфтын деле анчалык кереги жок окшобойбу.

Күтүүсүз жерден Толкунбек жөнүндөгү кабарды угуп, кабыргасы кайышып, санаага баткан Токтогул менен Ырыс болду. Бирок алар Кермекаштын сөзүнө бир ишенип, бир ишенбей да турушту. Анткени Москвага учаар алдында Зыйнат телефон чалып, Толкунбек экөө тең сүйлөшкөн болучу. Дегеле экөөнүн үнүндө да, сөзүндө да эч бир кидирет жок, ойноп-күлүп ал-жайды сурап, кем-карчы болсо кийин келгенде толуктап берерин айтышкан. «Балким, Зыйнаттын жогунан пайдаланып, балдарына учурашууга келгендир» деген ойду ойлошуп, өздөрүн өздөрү сооротуп да коюшту. Эгерде бул жерге келгени чын болсо бизди унута койбос, келип учурашар деген ойдо күйөө баласын күтүп калышты.

А Толкунбек болсо, үй-бүлөсүнө жаңы аралашып, Жайнагүлдүн жүрөгүндөгү музду эрите албай жатып, Зыйнаттын таяке-тажеңеси эсине келген да жок. Азыр анын кусасы аялынан да, балдарынан да тарай элек кези. Толкунбектин оюн онго бөлгөн кошумча санаа Үсөн болуп турду. Анын оюнда ушул кичинекей наристенин тагдыры жөнүндөгү сыр түйүнү ушул бойдон түбөлүккө билинбей жиксиз калучудай болгон жашыруун күч баарынан күчтүүлүк кылып турду. Ушунча жыл, ушунча убактан бери шек-шыбасы билинбеген бул баланын айыбына айгак болуп эч ким чындыктын бетин ачпай кала береби, деп Толкунбек ичинен жеген курттай боло баштады. Үсөндү көргөн сайын Зыйнаттын көз жашы, көкүрөк дарты жигитти жипсиз муунтуп, айласын алты кетирчү болуп баратты.

Толкунбек канчалык көчөгө чыгып, өзүн өзү алаксытып, шаар аралап баскысы келип, жолдош-жоролорун, бирге иштеген кесиптештерин көргүсү келип турса да эч жакка чыга да албады, эч кимди да көрө албады. Жайнагүл менен ажырашып, Эсенова менен башка республикага кетиши, киши өлтүрүп кунга калган күнөөлүүдөн да алда канча оор иш болуп, баш көтөрө албай турду. Эч жер-

де иштебей, эч ким менен аралашпай, минтип ачык түрмөгө түшкөн аргасыз адамча көпкө жашоого чыдай албасын Толкунбек билди. Азыр жигиттин түн уйкусун үч бөлүп, күндүз тынчын алып турган санаа Үсөн. Дегеле бул бала жөнүндө канчалык ойлобоюн, өткөндү эмнеси болсо да эстебейин десе да өз оюна өзү ээ болбой, Зыйнат экөө биригип санаасын самандай сапырып тура турган өзүнчө бир айыккыс оору пайда болду да калды.

Ошко узаар алдында Чолпон-Атага жакын жердеги көл жээгинде Казак Республикасынын «Ырахат» пансионатында курулуучу миң орундуу пансионаттын долбоору үчүн конкурс жарыяланганын газетадан окуп, делебеси козголуп калган. Азыр Толкунбектин оюнда конкурска катышпаса да, ушул курулушта иштөө болуп турду. Бул жөнүндө эртеби-кечпи Жайнагүл менен кеңешип, кирип турган үйдү Чолпон-Атага алмашып көчүп кетүү.

Бул кезде Толкунбек баягы жогорку окуу жайын артыкчылык диплому менен бүтүп келип, өзүнүн эмгек босогосун биринчи аттап, агарып-көгөргөн ПМКнын күжүрмөн жамааты дээрлик кыскарып, курулуш материалдарынын жетишсиздигинен мурдагы жарым-жартылай көтөрүлүп калган объектилер биринин артынан бири токтоп жаткынын биле элек болучу. Ал көңүлүндө жолдошторун эстеп, анан Акбар Сатарович менен Эргешбаевди ойлоп жатып, уйкусу качып, тынчы кеткен Толкунбек, Жайнагүлдү ойготуп албайын деп, аяк серппей бөгүп жатып кайсы убакта уктаганын билбей калды. Толкунбек балдарынын үнүнөн ойгонуп кетти. Көзүн ачып караса таң эчак атып, күн көтөрүлүп калыптыр. Жайнагүлдүн орду эчак сууп калганын көрүп, анын бош калган жаздыгын өзүнө имере тартып оодарылып жатты. Балдарынын үнү кайра чыкты.

– Мама, бакчага велосипед менен барам, – деди Асан.

– Жок, балдарым, велосипед-мелосипеди жок эле барасыңар.

– Мен анда бакчага барбайм.

Толкунбек башын көтөрүп тигилердин сөзүн тыңшап туруп «Бакчага барбайм деп жаткан кимиси болду экен деп ойлогончо болбой:

– Бакчага да велосипед менен бармак беле ээ, мама, – деди бирөө.

Толкунбектин жүрөгү удургуй түштү. Ал дароо тааныды. Үсөн экен деп ойлоду. – Кудая тобо, байкаган кишиге кадим эле Зыйнаттын үнү. Мен бул баланы кичинесинде кандайча байкаган жок болдум экен. Балким, кызыл эт балапан кезинде баланын ата менен эненин кимисине окшоштугу даана билинбейби, кандай? Ай байкуш Зыйнат, бекер жеринен ыйлап жүрбөгөн экен да. Ушул маалда Зыйнаттын элеси маңдайына шамдай болуп тура калды. «Экөөнүн бирөө менин балам, алып бер өзүмө!» деген анын ый аралаш өктөм үнүн укkан Толкунбек көзүн жуумп жиберди... Үсөндүн үнүнөн улам ушундай ойлорго жеңдирип, эси эндиреп турган маалда бөлмөнүн эшиги ачылып, ары жактан кубанычтары койнуна батпай толкундап алган Асан менен Үсөн жетелеше басып бөлмөгө кирип келатышты.

– Папа, бизди карачы! – дешти экөө жарыша сүйлөп. Балдарын көрүп, көздөрү жайнай түштү. «Кудая тобо, адамдын ичин элжиреткен ушундай да сүйкүмдүү, сулуу балдар болот экен ээ» – деп ойлоду. Экөөнүн тең баштарында кийгени төбөсүнө чок тагылып, талаалары саймаланып, кызыл баркыт менен кыюуланган ак калпак, үстүлөрүнө кийгендери багалек, жеңдери саймаланган баркыт шым, баркыт бешмант.

– Ой бу-у-й, сонун го кийимиңер. Ок эле майрамга баруучудай жасаныптырсыңар го. Жаныңар бек болсун, кийимиңер морт болсун, балдарым. Буларды ким тикти?

– Таэнем тикти, – деди жымыңдаган Үсөн.

– Бүгүн бакчада майрам болот, папа!

– Майрам? Эмне майрам?

– «Манас» ойнойбуз.

– «Манас» ойногону кандай?

– Биз мектепке барабыз.

– Качан? – деди Толкунбек. Ал балдарынын быйыл окуу-га бараарын ойлогон эмес болучу. Уулдарынын сөзүнөн улам төрөлгөн жылын эстеп: «Түү, ырас эле быйыл окуйт турбайбы булар», – деп ойлоду.

Ошондо гана балдарды мектепке узатуу аземи болоорун түшүндү. Тыштан Жайнагүлдүн үнү чыкты.

– Жүргүлө кеттик.

Толкунбек эмелеки балдарынын «Манас» ойнойбуз деген сөзүн эстеп минтти:

– Эмне оюн коёсуңар?

– «Манас» ойнойбуз. Асан Чубак, мен Манасмын, – деди Үсөн боюн түзөп.

Толкунбек Үсөндү тиктеп туруп, боору ооруп кетти. «Эшик жабуу эсте жок, түндүк жабуу түштө жок» – деген ушул ээ, деди көздөрүнө жаш айлана түшүп.

Ата балдары менен бир короо кишиден бетер божурашып тышка чыгып баратып, эшик алдынан Жайнагүлдү көрүп токтоду.

– Бакчага сен да барасыңбы?

– Эмне болду?

– Балдарды чакырып жатканыңдан айтам да.

– Кечигет деп чакырдым. Азыр өздөрү эле барат. Ата-энелерди саат онго чакырган.

– Кудая тобо, Жакин, мен Асан менен Үсөндүн мектеп жашына келип калганын ойлогон эмесмин. Булар мага кечээ жакында эле төрөлгөндөй сезилет. «Күн өттү, өмүр өттү» деген ушул экен да», – деди оюнда арамдыгы жок Толкунбек өзүнө сөз тиерин билбей аялын карысынан кыса кучактай кармап.

Келин күйөөсүнөн колун аста бошотуп минтти:

– Балдардын качан, кантип төрөлгөнүн унутсаң да, атын унутпаганыңа шүгүр дейбиз да. «Атан төөнү сел алса, эчкини асмандан көр» дегендей, махабаттуу эркек, махабаттуу аял менен жашаса унутпаска эмне.

– Койчу эми. «Ойлобой сүйлөгөн онтобой ооруга жолугат» деген ушул. Туура эмес сүйлөсөм кечирип кой.

– Ооба, сен башынан эле ойлобой жашап, ойлобой сүйлөгөн кишисиң да.

– Ушунтесиң эми, – Толкунбек ушул саамда баякы Сансызбай деген казак жигиттин аялын эстеп, жүрөгү зырп дей түштү. Кокустан: «Чыгып кет, мен сени чакырган эмесмин» – десечи. Анда кандай болот? Жайнагүл менен отум күйүшпөй койду деп Зыйнатка кайра барамбы!? Жок, жок, андай болбойт. Жайнагүл деп жаным жай албай, балдарым деп самандай саргайып жүрүп жеткендеги жеңишим ушул болобу!? Оңолоор, акылдуу да.

Ушундай ой баскан Толкунбек Асан менен Үсөндү короодон чыгарып бараткан Жайнагүлдүн артынан карап туруп, ар жакта буркан-шаркан түшүп, көк буусун көккө бүркүп кайнап жаткан ак самоорду көтөрүп келаткан кайненесин көрүп, учуп жетти.

– Ой, апа, биз эле алып кирбейт белек. Бериңиз мага.

– Кой кокуй, мен өзүм эле алып кирем, убара болбо, балам.

– Коюңузчу жарыктык, ошол кантип болсун.

Жайнагүл Толкунбектин самоор көтөрүп, сөөрүгө кирип баратканын көрүп, мыйыгынан күлүп койду.

Жасакерленген байкуш, самоор көтөрмөк турсун, ичкен чынысын түртүп койчу эмес эле. Мурункудай батынып аралашып кеталбай, пендечилик башына түшүп турган кези мунун.

Дасторконду Тумар байбиче мурда эле жайып койгон. Бетине пияз себилип, аромат жыты буруксуп, дандырдан жаңы үзүлгөн ысык нандын илеби адамдын ичтейин ачып, таноону жарат. «Байкуш апам, биз уктап жатканда эртелеп нан жасаганга кантип үлгүрдү экен», – деп ойлоду Толкунбек.

– Илгери биз бала кезде энебиз айтчу эле: «Өзөгүңөргө кан жүгүрдү го. Аталуу алты тойгончо, энелүү эки той-

гончо уктадыңар» – деп. Анын сыңарындай, азыр жалган түш болду. Таң атканы качан, – деди Тумар Жайнагүл киргенде.

– Ыя, апа, Толкунбек келгенден бери тынчың кетти сенин. Убара болуп нан жасабай эле койсоң болмок. Наабайдан деле алат элек го. А каймакты кайдан алдың?

– Каймак аласыңарбы деп бир келин көтөрүп келиптир Кудай жалгап. – Чыныдагы каймакты Толкунбекти көздөй жылдырды Тумар. – Алдыңа кетейин, ысык нан менен алсаң.

– Ырахмат апа, жеп жатам. Өзүңүз неге албайсыз? Менин чоң атам айтчу эле балдарына тамаша аралаш: «Жашты Кудай сактайт, карыны тамак сактайт. Жакшы, даамдуу тамагыңар болсо мага бергиле» – деп. Ойлоп келсем туура айтылган сөз экен. Бизди коюп өзүңүз ичип, өзүңүз алыңыз...

Толкунбек ата-энеси менен сүйлөшкөнү жаңы эле Чолпон-Атанын кодун бурап жатып, тыштан кимдир бирөөнүн тааныш үнүн угуп токтоп калды.

– Саламатсызбы, байбиче!

– Саламатчылык, келиңиз.

– Толкунбек келдиби?

– И, келди, келди.

– «Ат айланып мамысын табат» деген ошол. Жакшы болгон тура. Үйдөбү?

– Үйдө, кириңиз.

Толкунбек трубканы кайра илип, ордунан учуп турду. Түү, атаа-а, Акбар Сатарович келген тура. Жигит жаңы эле мейманынын алдын тосо басып, жуп эшик алдына жеткенде, үйгө кирип келаткан Акбар менен оро-пара болуп беттеше түштү. Экөө тең канаттарын жайып кучакташып калышты.

– Оо, Кудай, мен кимди көрүп турам?

– Арба шумкарым!

– Бар болуңуз, Акбар Сатарович!

Экөө кайра-кайра көрүшүп, кайра-кайра өбүшүп, моюн алышкан тейден залга киришти.

– Сенин келгениңди мен түндө уктум. Качан келип калдың?

– Эки-үч күн болду.

– Анан эки-үч күндөн бери агайын-тууганды, тели-теңтуштарды көрүп учурашайын дебей үйдө жаттыңбы?

– Анан эмне кылам, Акбар Сатарович! Күнөөлүү киши күнкор өндөнүп, эл-журттан тартынып калат тура.

– Койчу, сенчелик киши күнөө кылбаптырбы. Жаш кезде жаздым баспаган ким бар экен. Тур, кийин.

– Кайда?

– Биздикине барабыз. Мен азыр жолдо келатып Жайнагүлдү көрдүм. «Тез жардам» менен бир жакка кетти окшойт. Сени сурасам үйдө деди. Бечара, эстүү келин тура.

Толкунбек кийинип, Акбар Сатарович экөө үйдөн чыгып келатса, ашканадан Тумар чыгып, шаша сурады:

– Ой, балам, кайда баратасыңар? Э Кудай, мен казан асып жатпадым беле. Чай деле кайнап калды.

– Ырахмат байбиче, сизге казан астырып, чай кайнаттырып ичпей куруп калайын. Мен уулуңузду алып баратам. Үйдө камалып олтурбай аба жутуп, кичине басып келсин.

– Мейли, барсын алдыңа кетейин. Капырай, жок дегенде чай ичсеңер болбойт беле.

– Чайга кейибеңиз жарыктык, ичип-жеп жүргөн эле үй эмес беле, жакшы калыңыз.

Акбар Сатаровичтикине келгенде Каныш апа баш болгон үй-бүлө мүчөлөрү, Толкунбекти бир жакын тууганын көргөн немеден бетер кубанычтуу тосуп алышты. Дасторкон үстүндө Акбар Сатарович Толкунбек менен чечекейи чеч болуп дегендей чечилип сүйлөшүп олтурду.

– Сени көпкө жоктоп жүрдүк. Бирдеме болсо эле Мансуров мындай эле, Мансуров тигиндей эле. Керек убакта жумушчу менен жумушчу болуп аралашып кетүүчү. Баа-

рыбызга кайрымдуу да, боорукер да болучу. Өзүнүн кызыкчылыгынан башкалардын кызыкчылыгын жогору коюучу. Ал болсо минтет эле, тигинтет эле дешип эмдигиче ооздорунан түшүрүшпөй жомок кылып айтып жүрүшөт сени. Мындай кадыр-баркка жетиш ар бир адамдын колунан келе бербейт, укам. Бул үчүн сыймыктаныш керек. Билесиңби, чынымды айтсам, сен жөнүндө жакшы сөз укканда сайын, мен өзүмдөн өзүм сыймыктанып, өзүмдөн өзүм кубанып калам.

– Ырахмат Акбар Сатарович. Маган сиздин пейилиңиздин түз экенин башынан билем. Иштеп жүрөт экен десем, пенсияда турбайсызбы.

– Үч жыл болбодубу пенсияга чыкканым. Иштесем иштей берет элем го. Ден соолугума карап эс алайынчы дедим. Туура эле кылган экенмин, эми ойлосом. СМУнун иши деп чапкылап жүрүп жан багууну унутуп койгон экемин. Ментимден тайып калыптырмын. Жаман кишиге айла жок тура, мен кетсем эле бүтүндөй курулуш уюму астымүстүм түшүп токтоп калуучудай ойлогон турбайымбы. Көрсө, андай эмес экен. Мен эс алууга чыккандан кийин деле иш сопсонун эле жүрүп жатты, токтобой эле.

– Азыр бул жерде курулуштун абалы кадай?

– Начар. Өзүбүзчө эгемендүү республика болгонубуз жакшы эле кубанарлык иш болду дечи. Азыр кээ бирөөлөр эркиндикке эми жеттик деп көкүрөгүн койгулап жүрүшөт. Сөздүн чын-чынына келгенде биз кыргыз эли эркиндикке 1923-жылы жеткенбиз. Улуу Ленин башында турган Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында калкыбыз сабатсыздыктан, туташ сабаттуулукка, илим-билим алууга жетишти. Мурда ким элек, ким болдук? «Кудайды көзүң менен көрбөсөң, акылың менен тааны» дегендей, ойлонуш керек да. Азыркы эгемендүү өлкөбүздүн өкмөт башчыларынан тартып, райондук, шаардык жетекчилерден, айыл жериндеги майда атка минерлерге чейин, баякы эле союздун барында жоопкерчиликтин бир жагын чойгондордон

эмес беле. Коммунисттик партиянын саясатын бурмалап «бөрк ал десе, баш алган» да ошолор болду. Болбосо Ленин менен Сталиндин чапкан жолу, туткан саясаты туура эле болучу. Кийин Горбачев бийликке келгенде «кайра куруу» деген саясатты көтөрүп чыкты. Ал кайра куруу эмес эле, кайра бузуу болду. Кайра куруу деп Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки мезгилди айтса болот. Согуштан талкаланып, чалдыбары чыккан Сталинград баш болгон ондогон баатыр шаарларды үч жыл менен беш жылдын аралыгында мурдагыдан да кооз, мурдагыдан да көрктүү кылып тургузулгандыгын тарых жакшы билет. «Өлүп-өлүп аз калды, алакандай таз калды» дегендей, ошондой оор мезгилде союз боюнча жумушчу күчү болобу, башкасы болобу жетишпей, «Керегеси кердеп, ыңырчагы ырдап» турган учур эмес беле. Ошого карабай согуш аяктары менен мекенибизде азык-түлүккө ар жыл сайын март-апрель айларында арзандатуу болуп турду. Эми азыр болсо согушу жок эле өзүбүздөн өзүбүз жакырланып, үстүбүздө үйүбүз, астыбызда казаныбыз, кампабызда даныбыз, өрүш толгон түмөнү түрүлгөн төрт түлүк малыбыз туруп эле, эчтекеден эчтеке болбой туруп эле «итке мине» баштадык. Көрсө, биз «Эне менен атанын камкордугунда эч нерседен кемкарчысыз жашап туруп эле, капысынан ата-энесинен ажырап кароосуз жетим калган балага окшоп» калдык окшобойбузбу. Кайсы элдин, кайсы жомогу болбосун: «Илгери, илгери бир заманда...» – деп башталган сыяктуу союз мезгилиндеги өнүгүп-өсүү, улут менен улуттун ортосундагы бир туугандык достук: «Баарыбыз бирибиз үчүн, бирибиз баарыбыз үчүн», «Адам адамга дос жана бир тууган» деп эмгектенген күндөр, жомоктогудай эле илгери-илгери бир кезде ушундай турмуш, ушундай мамлекет болгон экен» деген сыяктуу имиш иш болуп калды окшойт. Кайсы эле тармакта болбосун, эмнелер керек болуп, эмнелер жетишпесин, сеники-меники жок эле, жогу барынан суудай сузуп алып туруучу мезгилдер союз тарары менен кан буугандай

токтоду. Ал эми ошол бүтүндөй он беш республика көзүн караган Россиянын өзүндө да адамдардын жашоосу бизден ашып кеткен жери жок. Көрсө, дайранын башы булак болгон сыяктуу, ошол он беш союздук республика бүтүндөй өлкөнүн экономикасын туш-туштан толуктап турган экен да. «Бөлүнгөндү бөрү жейт» дегендей, күтүлбөгөн жерден союздун тарашы элдин эсин тез эле оодарып салды.

Калмактардын бир жакшы макалын билем. «Көргөн жер кууралдуу, көрбөгөн жер жыргалдуу» деген. Анын сыңарындай биздеги жумушсуздуктун башталышы, эмитеден эле адамдардын жер которушуна алып келе баштады. Ошентип бул жердеги курулуп жаткан курулуштардын айрымдары бүткөрүлүп пайдаланууга берилип жатат. Ал да болсо жаңы башталып жаткан курулуштардын жумушун токтотуп, каражатын топтоп баякы фундамент түптөлүп, бүтүүгө чукулдап калган объектилерге жумшоо иши практикаланып жаткан сыяктуу. Мына ошондо эле канча жумушчу өзүнөн өзү ишсиз калаары белгилүү болуп жатпайбы. Мындай көрүнүштөр бул жерде эле эмес, бардык жерде, бардык эгемендүүлүккө жетишип, өз алдынча мамлекет болгон өлкөлөрдүн бардыгында болуп жатса керек.

– Мамлекетибиз өз жанын өзү багып, өз элин өзү тейлеп, бакыбат турмушка жеткенче бир топ эле кыйынчылыктар болот го, сыягы.

– Казак туугандардын жашоо турмушу, ал-абалдары кандай? Курулуш жааты биздей эле болсо керек.

– Ооба, ушундай эле. Мен өзүм прораб, өзүм инженер, өзүм бригадир болуп иштеген тогуз кабат үйдүн жумушу менен алпурушуп жүрүп, убакыттын кандай өтүп, турмуштун кандай өзгөрүп кеткенин да билбей калдым. Курулуш ойдокудай бүтүп, пайдаланууга берилери менен эле, бошонуп кете бердим. Жумушчулардын турмушу азырынча жаман эмес. Акчаны алар көп алышчу. Бардыгынын үй-жайы, чарбагы, мал-жаны бар. Иштебей үйлөрүндө олтуруп өздөрүн тейлесе деле бир топко муңбай оокат кылып

кетүүго кудуреттери жетет. Ал эми жалпы элдин турмуш, ал-жайын чындыгында жакшы билбейт экенмин. Кээ бирөөлөрдүн айтууна караганда, алиги көп бүлөлүү, балачакалуу, мурда эле жетишсиз турмушта өп-чап жашаган адамдардын турмушу дароо эле төмөндөп кетти деген сөздөрдү кулагым чалып калды. Бирок ага бирөө ишенсе, бирөө ишенбейт тура. Кантип эле эч нерсе бололекте эле «жокчулук жонго минип, жардылык жакадан алсын» дегендей эле сөз. Мындайга ишенбей «Бир ит көрүп үрсө, бир ит көрбөй үрөт» болуп жатат дешкен жетекчилер да бар. Мен мындай ишенбөөчүлүктүн жүйөсү бар деп так айталамын, Акбар Сатарович. Өз үйүндө бардыгы шаймашай болуп турса, башкалардын турмушу деле ушундай жетиштүү болсо керек деп ойлошот болуш керек. Мына мен өзүм эле бала кезимде бардык адамдар бирдей бизге окшоп жашап жаткандай сезүүчүмүн. Көрсө, андай болбойт турбайбы. Менимче, дароо эле жакырланып калуунун бирден бир себеби, маянага караган адамдар иштебей жумушсуз олтуруп калса эле көргөн күнү ошол болот да.

– Ооба, туура айтасың, уулум. «Ач бала ток бала менен ойнобойт, ток бала ач болом деп ойлобойт» деген ошол. Жокчулук башыңдан өтпөсө эмнени билмек элең.

– Калетсиз сөз айттыңыз, Акбар Сатарович. Бирок сиз мени али толук билбейсиз. Ачарчылык менен жокчулуктун эмне экенин, ал кандай болгондо пайда болорун жакшы билемин. Бул жерге мени жыргап жүрүп келди деп турасызбы? Кокустан кимдир бирөө мен жөнүндө чыгарма жазса өлө сонун болмок. Мен орто мектепти бүтүп, жогорку окуу жайына өтпөй, экзаменден кулап калгандан кийинки шорум али күнгө чейин эсимде. «Чыгашага ээси баш» дегендей, жаман жолго өзүм барып урунуп, бардык балекетти өзүм таап алдым, Акбар Сатарович. Мен Эсенова менен ошондой опурталдуу жолдо жүргөндө ошолордун үйүндө бирге жашап калдым. Жакшы кыз эле, энеси да жакшы аял болучу. Зыйнаттын атасы менен атам дос, эне-

си менен энем дос эле. Эми ойлосом, бул да тагдыр болсо керек. Атасы өлгөндөн кийин энеси шал оору менен ооруп жатып калды. Баш тоголотуп, балдарды жолго салуучу адамдын жоктугунан болгон окшобойбу эми ойлосом. Эмил Кудайдан жөө качкан калпычы, колу туткак бала болуптур. Сыягы, турмуш ошого түртсө керек. Мен окууга өтпөй ошолордукунда жашап, Эмилди ээрчип жүрүп ууру кылганга, киши тоногонго, карта чаап, кумар ойногонго чейин барган болучумун, Акбар Сатарович. Ошол сормо саздан сууруп чыккан Жайнагүл менен Сады Казиевич болду го...

– Чунак бала, ушундай де. «Жакшылыкка жамандык» деп ушун үчүн айтышат да. Бул аялың эстүү келин тура, бечара.

Ушунча жылдан бери ал бечаранын жакшылыгынан башка жаманаттысын эч укпадым. Серпилбеген токтоо экен. Билем, көргөн-өскөнү жакшы, тарбиялуу жердин кызы турбайбы. Сады Казиевич эмне деген жигит! Эл Эсеновану да макташат. Деги жаздыгың жакшы, камчың мыкты экен. «Бириң кайың, бириң тал, бириңди айтсам бириң бар» дегендей эле ургаачыларга туш болгон экенсиң. Көнбөйт да азыркы жаштар, «болбосо» деп Акбар Сатарович оор улутуна дем алып, сөзүнүн аягын жутуп алгансып, көздөрү жашылдана түшүп башын кейиштүү ийкеп койду. Ал болсо «Аттиң, бири кем дүйнө. Экөөнү тең колдон чыгара турган келиндер эмес экен» деген ой сыртка ачык чыгалбай, көөдөнүндө ойноп турду. Анын үстүнө «бакырдын жайын жакыр билет» дегендей, ал кишинин жандүйнөсүн жарым кылымга жакын убакыттан бери жай алдырбай келаткан туюк жараны эч бир адам билүүчү эмес.

Толкунбек бул кара кылды как жарган калыстык менен, эмгек менен бактылуу тынч өмүр сүрүп келаткан Акбар Сатаровичтей өрнөктүү адамдын кош кареги армандуу муңайып, көздөрүнүн кычыгына толо түшкөн жашты көрүп таңдана түштү. «Мен бул кишини кайраты кара таш жарган күчтүү адам деп жүрсөм, жашык киши беле жарык-

тык? Же болбосо адам улгайганда ушунтип бошоп кетүүчү немеби? А балким, ичмекейи ичинде жүргөн күйүттү күч армандуу адамбы? Тобо, эчтекеден эчтеке жок эле, эмнеге мынчалык жашып кетти?» – деп ойлоп кетти.

Тээ бир оокумда ортодогу тынчтыкты Акбар Сатарович өзү бузду.

– Сен бактылуу жигитсиң, Толкунбек. Сөзүңдү угуп, мен сенин аялдарыңа да, өзүңө да, ал эмес тагдырыңа да суктанып олтурам. Түшүнүктүү, эстүү адамга кандай акарат келтире аласың. Сенин сөздөрүң менин эски жаратымды козгоп, жүрөгүмдү тилип кеткендей болду. Адам баласы бири-биринин кадырын тирүүсүндө сезбейт турбайбы.

Толкунбек томсоро түштү. Ал оюнда, бул киши бир күйүмдүү жакын адамынан ажырагандай болгонсуп, аны Толкунбек укпай дүлөй болуп олтурган күнөөлүү адам сыяктуу сезип кетти өзүн. Анан жигит Акбар Сатаровичти айбыга карап минтти:

– Кечиресиз, «Билбеген адам уу ичет» дегендей, мен эч нерсе уккан эмесмин. Кыязы, жакындарыңыздан кимдир бирөө кайтыш болгонбу кандай, түшүнбөй калдым.

Карыянын кабагы серпиле түшүп, мыйыгынан жасалма күлүп, бир демге жигитти ойлуу тиктей берип минтти:

– Жок, жок андай жамандык жок бизде, чочубай эле кой. «Житкен окту аткан ок табат» дегендей, сенин турмушуңду көрүп, кабарыңды угуп олтуруп өз башымдан кечирген, эбакы бир өзөктү жарган бир өкүнүчтүү трагедия эсиме түшүп кеткен тура. Мен да сендей болгомун, көпкөлөң атка конгонмун. Кыз тандап, кыз сүйүп, кызыгын көрбөй дүйнөнүн, жалынсыз отко күйгөмүн, балам. Бир жолу кыз ойнунда Гүлгаакы аттуу кызды бир көрүшүмдө эле ашык болуп жактырып калсам болобу. Ал да сүйдү, мен да сүйдүм. Сүрөттөй кыз болучу. Алты дубан эл деп аша чаап кетпейин, бир дубандын ичинде аты алыска, даңкы далайга кеткен мыкты деген чыгаан кыздын бири болучу. Узун сөздүн кыскасы экөөбүз таанышкандан арадан ай өтүп,

өтпөй тобокелге салып, Аксыдагы таякемдикине ала качып кеттим. Мен өзүмдүн жаман оюмда, Оштон алыс алып кетсем эле, ал жерге эч ким жетпей калучудай ойлоптурмун. Из сууганча бөтөн жерге барып башпааналап турсак, анан бул ишке таякем аралашып, кайнатамдын алдына барып койсо эле баары чыр-чатаксыз жайында болуп калат экен деген ишенимде болгон турбайымбы. Биз келгенде эле окуяны угуп, таякемдин муруту сербейе түшүп: «Кыргызда кыздар кырылып калгансып, жаман ишти баштап алыптырсың» – деди. Окуя таякем айткандан да ашып түштү. Үчүнчү күн дегенде, минген атын кара терге түшүрүп куугунга кайнатам өзү келип калса болобу. Келгенде да жөн келбей, өкүрүп-бакырып, айылды асманга, үйдү үстүнө көтөрүп жер сабап келди. Эл-эли менен, журт-журту менен «ачуулуунун алдынан чыкпа» дегендей, ал кишинин ачуусун сурап, мөгөдөй салбырап турушту. Кайнатам келээри менен Кызыл-Жарда каза болгон аяшына топурак салууга кеткен таякеме киши чаптырып алып келип калышты. Таякем Аксы өрөөнү боюнча улуу-кичүүгө таанымал, кадыр-баркы бар эстүү киши болучу. Аттан түшөөрү менен эки колун бооруна алып:

– Кулдугум бар куда, аз айып, көп күнөө болсо кечирип коюңуз. Балдар балалык кылып коюптур, малыбыз эмес башыбыз тартуу. Жаңы замандын шарапаты менен азыркы жаштар өз сүйгөнүн өзү тандап, өз теңин өзү таап жатпайбы. Анүчүн сизде да, бизде да күнөө жок, куда. Өкмөт менен партия жаштардын сөзүн сүйлөп, жаштардын камчысын чаап, жаштарга камкордук көрүп жатса, бизде эмне кеп. «Улугуң сокур болсо көзүңдү кыс» дегендей, мыйзамдан алыс кеталбай калбадыкпы.

Кайнатам таякемдин жанында турган айылдык кеңештин төрагасы менен мурда эле тааныш экен. Аны көрүп, андан бетер эки көзүн кан тээп чычаладай кызарып, кош уурту өзүнөн өзү кыймылдап, каны ичине тартып муунда-

ры титиреп өзүн кармай албай турду. Анан өңү өчкөн калыбынан өзгөрбөй сельсоветке карап каардана минтти:

– Ой, Сардар укам, сиздин бул жерде экениңизди билбептирмин. Билгенде түз эле сизге барбайт белем, темтеңдеп убара болбой. Кызымды алып кетейин, жардам бериңиз. Өкмөттүн заң-закүнүндө кыз уурдап, кыз ала качкандар, жазага тартылбайбы? Баламды колума салып бербесеңер, силер менен өлбөгөн жерде калам.

– Коюңузчу, Усуке, ошондой да сөз болчу беле. Кызыңызды эч ким ала качпай эле өз эрки менен келиптир. Андан көрө балдар бактылуу болсун деңиз да. «Кымызды ичкенге бер, кызды сураганга бер» дегендей, азыркы заман баягы кыз менен уулду ата-эне билген заман эмес. Деген менен Гүлгаакы акылдуу кыз экен, туурун туура тандаптыр. Баарынан өкүнүчтүүсү куугунга өзүңүз келгениңиз осол болуп калды. Качкан кыздын артынан атасы кубалап барат деген кайсы кыргыздын салтында бар эле. «Атың чыкпаса жер өрттө» дегендей эле иш болуп калды сиздики.

– Эл-журтка шерменде болуп бетим карарып жатса, куугунга өзүм келбегенде, кимди жиберет элем. Сен бала, кыз уурдап, кыз ала качкан буларды күнөөлөбөй, мени күнөөлөгөнү турасыңбы. Жок, жолдош, андай болбойт. Өкүмөт-сөкүмөт, закун-макун деп мени дайыны жок коркута бербей жардам бергин. «Айтпай турган сөз эле, айтылып кетти өзү эле» дегендей, жалган айтсам «Төшү·түктүү жер урсун, төбөсү ачык көк урсун». Менин сөөгүмдү сыздатпагын, Сардар. Баякы жылы атыңды көчкү алып, карайлап жөө калганыңда «Тааныбасты сыйлабас» кылбай, атымды токуп, алдыңа тартканымда айттың эле го, мен дагы: «Бир керегиңизге жараармын» – деп. Ошол өзүң айткан керекке жарачу мезгил эми келди. (Усуп эскертпесе деле Сардар оюнда ойлоп турган болучу. Пулуна сатып алса да ат минген. «Кыргыздыкы кырк жылда» деген ушул экен деп ойлоду. Эчен-эчен: «Ат минсем акчасын алгансыз» –

деп айтып жибере жаздап барып токтоду). Өлтүрсөң, койсоң өзүң бил, кызымдын кайындап койгон кайыны бар. Ошон үчүн «Жабылуу аяк жабылуу бойдон калсын. Эч адамга билгизбей, эч бир жанга туйгузбай: «Эжеси никине кетти эле» –деп түн катып алып кетип калайын.

– Айланайын аксакал, колдон келбес ишке түртүп жатасыз мени. Өздөрү бирин бири сүйүп, бирин бири жактырып баш кошкон жаштарды ажыратуу колумдан келбейт да, Усуп аке.

– Андай болсо кызымды алып чыгып, экөөбүздү беттештиргиле. Көзмө-көз сүйлөшүп армансыз болоюн. Эгерде бул өтүнүчүмдү орундатпай турган болсоңор, силер менен өлбөгөн жерде калам. Бул жерден мени тирүү кетет экен деп ойлобой эле койгула. Анда мен кызымды да өлтүрөм, өзүм да өлөм. Бирок андай жамандыкка баргым келбей турат. Мен адамкерчилик кылгандан кийин, силер да адамкерчилик кылып койгула. Менин угаарым, Гүлгаакы өз каалоосу менен келдиби, же балким, зордук-зомбулук менен келдиби, эки ооз сөз. Эгерде, чыны менен: «Өзүм сүйүп, өз каалоом менен келдим» – десе, бүлө силердики. Анда арадай жерге чарадай жыйын курбай, эки балага бактаалай тилеп, ак батамды берип акырын келген жолум менен кете бермей.

Кайнатамдын өтүнүчүн бардыгы колдоп кетишти. Кубанычы койнуна батпаган таякем аялын чакырып, болгон ишти айтып, Гүлгаакыны атасы менен беттештирүүгө алып келүүнү тапшырды. Бирок Гүлгаакы атасы менен беттешип жооп берерин укканда көздөрү алайып куту уча түшүп:

– Жок, жок, атам менен беттешпейм. Андан көрө кат жазып берейин.

– Антпе, айтарың бир эле ооз сөз. «Өзүм сүйүп, өзүм келдим ата, кечирип кой мени» – десең эле болду.

Кыз мойнунан байлаган иттей болуп, тажеңемдин коштоосунда титирей басып тышка чыкты. А кайнатам болсо ушуну эле күтүп тургансып, жалган күлгөн болуп, Гүлгаа-

кыны көрөөр замат, чап билектен алды да, жетелей берип минтти.

– Жүрү, өзүбүзчө тигиндейрээк барып сүйлөшөлү, кызым. Силер кудалар, – деди тургандарга, – бүлө силердики, алда кандай болот деп чочулабай эле койгула.

Күүгүм кирип, каш карарып калган мезгил болучу. Усуптун сөзүн угуп биздикилер жарданган бойдон, тигилерди ээрчий тиктеп туруп калышты. Арадан он мүнөт өттүбү, өткөн жокпу, бир кезде: «Айланайын атаке-е-е, кечирип кой, жан соо-га» деген ачуу үн айлананы жарып кеткендей болду. Тургандардын бардыгы үн чыккан жакты көздөй өздөрүн атты. Көзүң жамандыкты көрбөсүн, биз барганда Гүлгаакы атасынын таман алдында ит талаган тооктун жөжөсүндөй болуп жер кучактап томолонуп жатыптыр.

Көпчүлүктү көргөндө кайнатам өзү эле кызын таштап четтей берди. А мен болсом кулагым тунуп, көзүмө эч нерсе көрүнбөй Гүлгаакыны кучактай жыгылдым. Ошол саамда кайнатам минтти:

– Мына, бүлөңөр бүлө. Кыз силердики. Мен айтканын айткандай аткарган убадага бек кишимин. Өзү сүйүп, өз каалоосу менен келгени чын экен. Мен кеттим, кайыр, кошкула, – деп төмөндөй басып терс бурулуп кетти.

– Анан ал киши кетип калдыбы ошол бойдон?

– Кетти да. Тургандар ал кишинин сөзүн угуп, кеткенин билмек турсун, Гүлгаакы менен алек болуп калышты. Ооруган жерин айталбай, бирде эсине келип, бирде эсин жоготуп, койчо онтогон алсыз кызды эки киши көтөрүп үйгө алып кирип шам жагышты. Орун салып, башын бийик жаздап жаткыралы деп өөдө көтөрө бергенде оозу-мурдунан кан атып кетти.

Таякемдер үй-бүлөсү менен, кошуна-колоңдору болуп Гүлгаакы менен алек болуп жатканда Сардар аке районго барып милицияга кабарлап, андан да догдур алып келүүгө үлгүрүптүр. Ал кезде биздин район боюнча бардык ооруну

көрүп дарылоочу жалгыз эле көзгө басаар бир киши бар болучу. Ошол келген догдурдун айтуусу боюнча атасы кызынын кабыргаларын талкалап, өпкө-боорун эзе тээп, жан жерин талкалап салганын билдик. Гүлгаакы тилге келбей жатып, жумган көзүн ачпаган бойдон ошол эле түнү келбес сапарга кете берди. Мына ушундай шор болгон, Толкунбек.

– Андан кийин бул байбичеңизге үйлөнгөн экенсиз да.

– Үйлөнбөй-үйлөнбөй жүрүп, кыркка чукулдап барып баш коштум бул кишиге. Гүлгаакынын күйүтү маган оңойго турганы жок. Ошол кезде каным бузулуп, артынан өлгүм келип да жүрдү. Бирок жан таттуу тура, өлалбадым. Мен үчүн жашоонун кызыгы кетип, Гүлгаакыга окшогон акылы артык Айперидей сулуулар эч жерде жоктой болуп, демим сууп, баягы сүйүүгө дилгир болуп жалындап турган жүрөгүмдү кимдир бирөө сууруп алып муздак сууга ыргытып жибергендей келечеги жок, максатсыз күн өткөрүп жүргөн бир макулук сыяктуу болдум да калдым. Деги сүйүүдөн бактысыз экемин.

– Ниетиңизге жараша, балпайган, мандайы жарык жакшы байбичеңиз бар. Антип армандабаңыз, дагы эле бактылуусуз, Акбар Сатарович.

– Ооба, ооба, жаман киши эмес. Агартып уул, кызартып кыз төрөп берген аялды жаман болсо да жакшы дейбиз да. Эгерде Гүлгаакыдан ушунтип шагым шактап, көгүм көктөп мөмөлөгөн болсом, Акбар акандын зоболосу мындан да бийик, мындан да ооматтуу адам болбойт беле. Армансыз дүнүйө болбойт тура, Толкунбек. Адам баласы мандайга жазганды көрөт экен да.

– Бул байбичеңизди деле өзүңүз таап, өзүңүз сүйүп, өзүңүз тандасаңыз керек. Канча кылса кыз алган жарыңыз да.

Акбар Сатарович башын силкип алды.

– Мен сени менен асылкеч теңтушумдан бетер, эч кимге айтпаган карындагы сырымды айтып, жүрөктө жүргөн

эбаккы жаралуу дартымды ортого салып жатам. Чал баш буурадай болгон бул чал тантып, оозуна келгенди оттоп жатат деп күнөөлөй көрбө мени. «Тишим кетик болгону менен көңүлүм тетик» дегендей, өзүм картайганым менен көңүлүм баягы жапжаш бойдон Гүлгаакыны эстегенде гүлдөп турат, Толкунбек, – Акбар Сатарович каткырып күлдү. – Адамдын өзү картайып, сырт кебетеси өзгөргөнү менен ички дүйнөсү, ички сулуулугу ошол бойдон кала берүүчү неме турбайбы. Ошон үчүн мени кечирип кой, үкам.

– Жок, жок, Акбар Сатарович, кадырыңыз жан болсун. «Сөздү угаар жерге айтып, сууну сиңээр жерге төгөт» эмеспи. Мунун баары менин көйгөйүмдөн улам келип чыкты. Чындыгында эле сизде ушундай махабаттуу трагедия бар экенин ким ойлоптур. Өкүнүчтүү экен, Акбар Сатарович.

– Ооба, бул апанды өзүм таптым. Эрден чыккан тастарлуу жубан экен. «Көп баскан аяк бок басат» болуп, бойдоктуктун залдарынан кайып-каскагынан аралашып калып, бул каманга капысынан чалдырып койдум. Кош бойлуу болуп калыптыр. Догдурлар менен сүйлөшүп алдырып салалы десем: «Акбардын баласын өлтүрүп, канын аркалай албайм», – деп турса болобу. Анын үстүнө ошол кезде жаңы эле партиянын мүчөлүгүнө өткөн кезим болучу. Бул да оңой аял эмес экен. Ылайыгы келип турган бактысынан ажырагысы келген жок. Эгерде албасаң арызданам дегенге чейин барып, талуу жерден кармап туруп алды. Айлам кетти.

Эч адамга сырымды айтпаган жаным, өзүм менен өзүм кеңешип олтуруп, акыры апама бир ооз айтып макулдашып көрүүнү чечтим. Ошол кезде ал киши алтымыштан ашып калган кези болучу. Акылдашар атамдын көзү эбак өткөн. Менден кийинки иним мага карап, улуу агам үйлөнбөй турса мен үйлөнмөк белем деп, мойноп жүрүп, менин өзүмдөн уруксат болуп, ыраазычылык менен аял алып, бала-чакалуу болуп калган кези болучу. Жалгыз карындашым бар эле, ал да күйөөгө кеткен.

Апам маркум: «Качан үйлөнөсүң? Сени менен тең балдардын баары шаар болуп, бала-чакалуу, акар-чакар болуп өсүп баратышат. Көзүмдүн тирүүсүндө санаамды тындырып, бирдеме алсаң боло. Сенин келечегинди ойлой берип жинди болуп кетмек болдум» – деп кан-какшап жүрүп, акыры «аял ал» деген сөздү айтпай да калды. Бирок апам өзү айткандай, мен деп, менин тагдырым деп жүрүп санаадан саргайып, кайгыдан эрте картайып кетти. Бирок мендеги куру намыс, энеге уялбай эрден чыккан жубанга үйлөнүүнү айтуу өтө оор болуп турду. Анан өзүмчө ойго батам. Кайсы эрте бактылуу киши элем. Ошончо жылдан бери Гүлгаакыга болгондой сүйүү, Гүлгаакыга болгондой эңсөө кайрадан жанып, өткөндөгү өксүгүм толуп, Гүлгаакынын ордун алмаштыруучу бирөө болоор бекен деп канчалык күтүп, канчалык издесем да андай бакыт кушу башыма конбой койду. Эрден чыккан айыбы болбосо, бул аялдын жаман ургаачы эмес экенин билип турсам да, эмне үчүндүр аны баалагым да, аягым да келбейт. Билбейм эмне үчүн? Көзүмдүн агы менен тең айланып, айтканымды айткандай, дегенимди дегендей аткарып, мышыктай жалдырап алдыма төшөлүп, ичи-көйнума кирип турат. Турмуш болсо болор, болбосо ажырашып кетермин. Эмнеси болсо да апама айтып көрөйүн, эмне дээр экен, деген ойдо, дем алышта үйгө келип калдым. Ал кезде мен Кара-Суу районунун бир курулуш уюмунда прораб болуп иштеп жаткан кезим болучу.

Кечки тамактан кийин апам экөөбүз, аркы-беркини сүйлөшүп сөөрүдө олтурдук. Сөздү эмнеден баштаарымды билбей, башымды апамдын тизесине коюп, чалкамдан жаткан болучумун. Чачымдан кайра-кайра сылап эркелетип үнсүз олтурган апам, оор улутунуп алып минтти:

– Э, каралдым, сенин чачың эмитеден агара баштаган го, ыя Акбар?

– Ал ак чач, мурда эле бар болучу, апа!

– Кой, балам, антип калп айтпа. Ак-магы жок эле, кундуздай болгон кара чачың бар эле го. – Ушул саамда бетиме бир тамчы ысык жаш тып дей түшкөнүн байкап, апамды жалт карай салганча болбой, кош карегинен аккан ысык жаш маңдайыма үстөккө-босток таамп кетти. Ошол замат башымды тизесинен жулуп алып чочулай сурадым.

– Эмне болуп кетти ыя, апа? Ыйлап жатасыңбы?

– Ооба, ыйлап жатам, – деди көз жашын салаа агызып.

– Сени бирөө капа кылдыбы? Айтчы, эмне болду?

– Мени эч ким капа кылган жок, балам. Мен сен үчүн, сенин тагдырың, сенин келечегиң үчүн, азыр эле эмес, ар дайым ыйлап жүргөнүмдү кайдан билмек элең.

– Мен үчүнбү ыя, апа? – Күлдүм.

– Ооба, сен үчүн. Сен деп жүрүп кол башындай жүрөгүм, кой башындай болду. Кууратты го кулунум. Сен кандайча мындай намысы жок, ары жок адам болуп калганыңды билбейм. Бир кезде бир кызды сүйүп, ал өлүп калды эле деп, дүйнөдөн так өтөйүн дединби? Дагы уялбай күлөт. – Энем мени карап туруп эликтеп койду.

– Анан күлбөгөндө сага кошулуп мен дагы ыйлайынбы? – Кучактап көз жашын сүртүп, беттеринен өөп, ээгинен эркелетип минттим. – Сага ошончолук эле үйлөнүшүм зарыл болуп турса, эртең эле бирөөнү сүйрөп келе коём. Жубан болсо деле мейлиби, ыя апа?

– Жубан дейсиңби? Эмне, көз салган келин-кесегиң барбы?

– Толуп жатпайбы. Эмне көп, аял көп азыр. Оюмда жүргөн бирөө бар. Сага жагабы, жакпайбы билбейм.

– Мени эмне кыласың, балам, сага жаккан мага да жагат, башкага да жагат. Өзүңдүн деле такыялуу кыз алуудан жашың өтүп баратат. «Атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан бар» каралдым. Мейли, жубан болмоктон жубан болсун, иши кылып «Кызтеке» болбосо болду. Жердиги кайдан экен? Төркүн-төстүү немеби теги?

– Ооба, ата-энелүү, бир туугандары бар. Кара-Сууда мен иштеген кварталда жашайт. Жердиги токтогулдук.

– Оозуңа май, жакшы сөзүң бар экен. Мени кубандырып койдуң, балам. Деги түбөлүгү түз болсо болду. «Бука болсун, чорт болсун, балаларга сүт болсун» дегендей, мынча болду кадырыңа жете турган, акыл-эстүү неме болсо экен.

– Олда айланайын апакем ай, Акбарым, Акбарым деп тилегимди тилемчидей тилеп жүрүп өтүп кетти.

– Анткени менен үйлөнгөнүңүздү көрдү да.

– Көрдү, көрдү!

– Апаңыз, Каныш эжени жактырдыбы анан?

– Жактырды. Бул байбичемдин бир жакшы жери, келген күндөн баштап, апамдын айтканын айткандай, дегенин дегендей аткарып, оту менен кирип, күлү менен чыккандай эле болду. «Жакшы жүрмөк бар, жакшы өлмөк жок» дегендей, кийин апам оорукчал болуп, бир жак ыптасы кыймылдабай, шал болуп төшөккө жатып калды. Карылык каршы келип, ден соолугу кеткенде, энеге кайсы уул-келини күйүмдүү болсо, ошол жакка качып калат экен. Байбичем апамды, өлөөр-өлгөнчө кабагым-кашым дебей, бир жерин кетирбей, бир көңүлүн калтырбай күкүктүн балапанындай бапестеп бакты. Оорукчал киши капачыл да, кылдан кыйкым тапкан таарынчаак да, ачуулуу да болуп калат экен. Кокус шартка жараша айтканы айткандай убагында аткарылбай калса, кээде балача ыйлап беймазаны алса, кээде кербезденип көңүл калар, көңүл саларды билбей тикендей тили тийип: «Мени Кудай албай жамандарга кор кылды. Жоголгула көзүмө көрүнбөй» – деп колуна эмне тийсе, ошону менен уруп, буркан-шаркан түшүп кетер эле. Бул байкуш Каныш ошондо да солк этип койбой: «Апакебай, кечирип коюңузчу мени!» – деп алдында айланып туручу. Анан апам ачуусу тарап эсине келгенде: «Мен сага ыраазымын Каныш, сен да мени кечирип кой. Катуу айтсам капа болбо. Мени сыйласаң, сени Кудай сыйласын, алганың менен тең карып, башыңдан бакыт, Акбарыңдан дөөлөт кетпесин. Мага көрсөткөн сыйыңды сен балдарың-

дан көр. Укум-тукумуң өсүп, өрүшүң өрдөп, олтурган ордуң төрдө болсун балам» – деп кайра-кайра батасын берүүчү. Мына ошол Каныш ушул. Апамдын батасы менен көшөгөсү көгөрүп, ооматтуу күнгө жетти. Он эки баланын энеси болду. Үчөө жерде. Тогузун болсо билесиң, тогузу тогуз жерде шаар.

– Оо, Каныш апа «Баатыр эне» турбайбы, азамат экен.

– Ооба, азаматтыгын айтпа. Ойдо жок жерден жүгөн салбай минип, капканга түшүрдү го бул ит. Мени бир кармаса бала менен кармап, кызматы менен жагарын билген турбайбы. Төккөндө да кызды кыздай, уулду уулдай удаасы менен төгүп-төгүп салып олтуруп калды.

Толкунбек Акбар Сатаровичти сынай сурап минтти:

– Сиздин Гүлгаакы кызга болгон махабатыңыздын жалынын Каныш эженин ажары акыры баскан экен да.

Карыя Толкунбекти жалт карап, томсоргон калыбында минтти:

– Жок, өзүмдү басканы менен жүрөгүмдүн отун баса алган жок. Кудуреттин күчүнө даба жок окшобойбу. Сүйгөн жардан мындай кайгы менен ажыроону адам баласынын башына салбасын. Бул күйүт, жүрөк менен көңүлдүн орду толбой түбөлүккө сакталып калчу кемтик болду мен үчүн. Гүлгаакы деген перизаттын аты да, анын элеси да менин өмүрүм менен бирге жашап, сөөгүм менен бирге жата турган арылбас арман.

Андан бери арадан жылдар жылып, айлар агып, ата сакалы ээгиме бүтүп, акар-чакар болуп, шагым шактап, гүлүм гүлдөп, жетимишти желкелеп турсам дагы Гүлгаакы менен бирге болгон ошол бактылуу күндөрдөгү, жүрөккө батпаган ажайып кубанычтын да, ырахаттын да даамынчалык даамды эч тата албадым. Мен азыр да кээде кандайдыр бир нерсем жетпегенсип өзүмдөн өзүм жалгызсырап, туталанып турган мезгилдерде Гүлгаакынын наристе жытын эңсеп, аны ойлоо менен өзүмдү өзүм алаксыткан мезгилдерим али көп. Адам баласынын жашоосундагы

өмүрдүн эң бир урунттуу бактысы да, таттуусу да сүйгөн жар менен түбөлүккө кол кармашып жашоо тура. Ал эми бала-чаканын ажары, тууп тукумун берген аял, байлык менен мансабыңдын бардыгы чогулуп келип тыйынга татыбай турган неме экен, ов. Башкалардын көзүнө бактылуу көрүнгөнүм менен өз керт башым үчүн, бир күн тийбеген туңгуюкта эптеп-септеп күнүмдүк жашоону башынан кечирип жүргөн арманы арылбаган байкуш экенимди өзүмдөн башка эч ким билбейт, Толкунбек үкам. Көптөн бери көөдөндөн эч жакка чыкпай жаткан сырды азыр сага чечилип айтып олтурам. Кайран гана көзү ачык кеткен чолпонум, мен үчүн, менин махабатымдын курмандыгы болбодубу ал. «Алы жетпеген акыретчил» дегендей, «Убалыбыз жетсин, тигил дүйнөдө Гүлгаакынын кара эшеги болоор» – деп сүйгөн жардан ажырап боздоп олтуруп калдым. Гүлгаакынын артынан өлөйүн деп тирүүлүктөн кечип, мойнума сыйыртмак салып жаткан жеримден алып калышты. «Өлөм» деген кишиге өлүм бат эле экен. Апамдын көз жашын төгүп ботосу өлгөн ингендей боздоп туруп айткан сөзүн угуп, кара ниеттиктен кайттым. Энемди гана кыйбадым да. Болбосо бир иш болот эле. Азыр деле кээде жашоодон тоюп кетем. Эмдигиче түшүмдөн да, өңүмдөн да кетпейт. Ал жакта Гүлгаакы менин келишимди күтүп жаткандай сезилет мага.

Баятадан бери Акбар Сатаровичтин сөзүн кунт коюп угуп шылкыйып олтурган жигит, оор дем алып башын көтөрө тигил кишинин көз жашын көрүп жүрөгү болк дей түштү.

– Жарыктык, ыйлап жатасызбы?

– Айттым го, көптөн бери минтип эч кимге сырымды айталек элем. Эски дартым эсиме түшүп, сага эркеп кеттимби же чыным менен эле бугумду чыгаралбай жүргөмүнбү, өзүмө өзүм ээ болалбай кеттим окшойт, – Акбар Сатарович салаа-салаа болуп бети ылдый куюлган жашын сүртө берип, күлгөн болду. – Мына ушул мага ок-

шогон адамдардын жашоо турмушун аргасыз турмуш, Каныш экөөбүздүн никебизди аргасыз ника деп айтса болот го дейм.

– Тообо, мен сизди бул чөлкөмдө армансыз жашаган адамдардын бири болсо керек деп ойлоочу элем. Көрсө, «Ачыла элек сандыкта, бычыла элек кундуз бар» деген ушул экен да. Каныш эже жакшы аял. Бирок сиз сүйбөгөнүңүз менен ал киши сизди сүйөт болуш керек.

– Ал Каныштын өз бактысы үчүн. Бирок бул мен үчүн чоң трагедия, Толкунбек.

– Эгерде, Акбар Сатаровичтин башынан орду толбогон чоң сүйүү өткөн десе, ким ишенет.

– Ишенбесе койсун. Бул сүйүү дегениңиздин өзү өмүргө өмүр, көңүлгө көңүл улоочу шаттык менен жаштыктын мүрөгү тура.

– Деги сүйбөсөңүз дагы жүрөгүңүз жылып, эженин көңүлүн көтөргөн мезгилдериңиз болобу? Канткен менен балдарыңыздын энеси, үйүңүздүн куту да.

Акбар Сатарович күлдү.

– Бир үйдө жашап, жанаша төшөктө жаткан эрди-катын болгондон кийин, албетте, жүрөктү жарган махабат оту болбосо да, Обо эне менен Адам атадан калган эрди-катындын ортосундагы төшөк үстүндөгү дүрт эткен лаззат болот да. Бул катын деген капыр, адам эмес шайтандын тилин билип, эркектин эсебин да, эбин да тапкан эл болот тура. Деги Каныш жароокер да, амалкөй да ургаачы экен. Ошон үчүн торго түшүрдү да мени. Оо, мунун алдооч баштыгы кыйын. Анан өзүң ойлобойсуңбу, ортодо эрди-катындык байланыш болбосо балдар кайдан болот эле. Бул да болсо бешенеге жазылган тагдыр го. Менин аягыма тушоо салган ошолор болбодубу. Бир кезде ойлоочумун: «Көп эле кишинин аялы өлөт экен, эмне үчүн менин аялым өлбөйт» – деп.

– Азыр да ошентип ойлойсузбу?

– Ойлобой калайын. Кыргызда бир жаман каргыш бар. «Карыганда катының өлсүн, алыскы жолго чыкканда, ара

жолдо атың өлсүн» деген. Анын сыңарындай азыр Каныштын артында калбасам экен деп, мурда жаш кезде ойлобогон ойду азыр ойлоп, байбичемдин өмүрүн тилеп калдым.

– Каныш апа, сиздин Гүлгаакы жөнүндөгү арманыңызды билеби?

– Билгенде кылаары не. Өлгөн киши менен өчөшсө өзүнө жаман. Өтөөр иш өттү, болоор иш болду. Үйү үстүндө, казаны астында, балдары жанында. Бул «бок дүйнө» дегениң да адамдын экинчи бактысы окшобойбу. Байбичемдин мага жакпаган бир чоң кемчилиги дүнүйөкордугу. Жаш кезде жүрөгүмдүн мээримин төгүп кубандыра албаганым менен, балдарым үчүн күчүмдү аяган жокмун. Ашык дүнүйө жыя албасам да кием дегенин кийгизип, ичем дегенин ичирип, эч нерседен кем кылбадым. Каныш ошого, анан менин койнумда жатканына ыраазы. Ал ошону менен сыймыктанып, ошол экөөнөн ырахат алат. Сыртыбыздан көргөндөр бизди бактылуу үй-бүлө дешет. Бул бечараны карап олтуруп кээде боорум ооруп, аяп кетем.

– Анда байбичеңиз, сиздин тапкан дүнүйөңүздү сүйүү деп билет экен да. Дүнүйөкор десеңиз иренжий түштүм. Ал киши сиздин сүйбөгөнүңүзгө карабай, өзүнүн сүйүүсү менен байлыкты бакыт деп түшүнгөн аял экен да.

– Анысы да бар, мунусу да бар. Апаңдын мага болгон махабаты күчтүү. Эгерде экөөбүз бирдей бири-бирибизди сүйүшпөй, жек көрүшүп турсак, мындай турмуш болбойт эле да. Мени да сүйөт, дүнүйөнү да сүйөт. Орус элинин «Өзүң сүйгөнгө үйлөнбөй, өзүңдү сүйгөнгө үйлөн» деген сөзүнүн чындыгын ушул апаңдан улам даана билдим. Мен тараптан кеткен кемчиликтердин баарын көтөрдү, кечирди. Болоор-болбос бир нерседен кыйкым таап колум да, тилим да тийген мезгилдер көп эле болду. Башын жара чапсам да, буркулдап ыйлап-ыйлап алып жоолугун ылдый салынып, эч нерсе болбогонсуп, жан адамга билгизбей ооматын кылып: «Акаш, менден кеткен кемчилик болсо кечи-

рип койчу!» – деп жадырап тураар эле. Деген менен акылдуу аял экен. «Шашпа, акыры колума түшөрсүң» деген тура оңбогон түлкү. Минтип карылык каршы келип, үйдөн чыкпай маңдайына өзүм эле олтуруп бердим.

Баятадан бери Толкунбек Акбар Сатаровичтин сөзүн угуп олтуруп, Зыйнаттын өзүнө болгон мамилесин канчалык баалаганы менен Жайнагүлчөлүк сүйө албай, ага боору ооруган мезгилдерди эстеп кетип жатты. Тобо, мындай мүнөз, мындай жүрөк менде эле бар экен десем, башкаларда да болот турбайбы. Бул кишинин арманы да күч экен деген кыялдуу оюн Акбар Сатаровичтин суроосу бузуп кетти.

– Сенден бир суроо суроого болобу?

– Эмне үчүн болбосун, сурай бериңиз, – деди жигит.

– Эки аялыңдын кимисин көбүрөөк жакшы көрөсүң?

Ойдо жок жерден берилген бул суроого мукактана түшүп, тээ бир оокумда күлө сүйлөп минтти:

– Жайнагүлдү. Анын үстүнө сиз айткандай балдар бар да.

– Туура айтасың, энеси да кымбат, балдары да кымбат. Экөө тең кыйбас. Сүйгөн жардан асыл нерсе болобу?! Гүлгаакы болгондо мынчалык картайбайт элем деп ойлоп кетем.

– Азыр да жаман эмессиз, тобо деш керек.

– Ооба, тобо дейм. Мен сенин келгениңди угуп аябай кубандым. Түшүнөм. Бардык күнөө сенин бул жакта жалгыз бой көпкө жүрүп калганың себеп болду сыяктанат. Атаңдын көрү бири кем дүйнө деген ошол. Бечара Эсенова да ченде жок, экинин бири ургаачы эмеспи. Кантесиң, айла жок, тагдыр деген татаал нерсе турбайбы. Ага боор толгогон жоксуңбу?

– Жайнагүл менен балдарды ойлоп жүрүп, анын жакшы жактарын билип-көрүп турсам да анчалык баалабаган окшойм, Акбар Сатарович. Бул жакка келгенден кийин кайта аны эстеп, жүрөгүм ооруп кетчү болду. Ал мага өзү уруксат берди. Москвага кетерде кат жазып калтырыптыр.

– Анан Жайнагүл Казиевна кандай кабыл алды? Катуу кеткен жокпу?

– Айтат да айтчуну. Билбейм, азырынча бирибизден бирибиз сактангансып, анчалык батыныша албай турабыз. Анда күнөө жок да. Күнөөлүү мен өзүм болуп жатпайымбы. Көөдөн толгон кусаңды канчалык жүрөгүң жарылып айткың келип турсаң да мурункудай даай албай калат экенсиң. Бир жакшы жери кайненемдин мында болгону болду. Ал киши болбосо билбейм, кандай болот эле!

– Ооба, мен да ошону ойлодум. Кайненең мыкты киши. Ошол үчүн адамды салабатынан тааны дешет турбайбы. Сен да бактылуу жигит экенсиң. Жайнагүл эртеси жок, кечи жок эзилип мыжыңдай бере турган түшүнүгү жок акылсыз аялдардан эмес болсо керек деп ойлойм. Эми сунунган жүрөк кайра калыбына келип, кадыр-көңүл табышып, толук тынышканча, анын өктөөсүн көтөрөсүң да.

– Айтпасаңыз деле жасакерленип, жагынуунун аракетин кылып, көзүн карап турам.

– Ооба, антпесең болбойт. Адамдын көөнү кызыл гүл. «Жылуу-жылуу сүйлөсө жылан ийинден чыгат, катуу-катуу сүйлөсө капыр динден чыгат» деген эмеспи. Менимче, келгениң туура эле болду. Деги жакшы аялдардан жолдуу экенсиң. Бактылуу болгула.

Ушул жерде Толкунбек эчен-эчен Зыйнат экөөнүн ортосундагы бала жөнүндөгү трагедияны, анан дагы Үсөн жөнүндөгү шектенүүсүн Акбар Сатаровичке айтып жибере жаздап барып токтоду. Экөө тең бир оокумга чейин чечиле сүйлөшүп олтурушуп, алдыларындагы ашты кандай жеп, канча чайнек чай ичкендерин да билбей калышты...

Толкунбек Ташкент көчөсүнө бурула берип, жүрөгү болк дей түштү. «Оо, биздин үй» – деп жиберип, кайра өз оюнан өзү чочуп кетти. Тим эле: «Биздин үй» – дейм да. – Жигит өзүнө тааныш үйдү алыстан тиктеп, тушала түшүп ойго батып кетти. – Ушул көчө менен Зыйнат экөөбүз канча жолу жанаша басып, канча жолу эки башка ойго батып, эки башка санаага чөгүп, ишенимсиз бирге жашаган күндөр аяк-башы жок чала көргөн түштөй болуп, бир дем тарт-

канча көрүнбөй көздөн кайым болуп артта кала берди. Бечара Зыйнат, мени менен баш кошсо эле бактылуу болчудай болду эле. Бирок бактылуу болалбады. Мен деп жүрүп бир башы эки болбой жалгыз калды. Мына анын сүйүүдөн тапкан пайдасы деп жүрөгү тилинип, Зыйнатты ойлоп, аны аяп турду. «Жакпы адам бир жеринен кем болот» деген шор ушундай болсо керек. Минтип өз махабаты өзүнө душман болду. Зыйнаттын сүйүүсү анын өзүнө эле эмес, мени да кошо, чала өлгөн жыландай кылып мертинтип кетти. – Ушул саамда ары жактан кол арабага кандайдыр бир нерсе салып алып сүйрөп келаткан Токтогул таякенин карааны карегине оттой кадала түштү. Чалына жетер-жетпес болуп эки колун артына алып бөжөндөй басып келаткан аялды көрүп шыпшынып алды. «Колдорунан ак нанын жеп, кызыл чайын ичтим эле. Бир барып ал-абалдарын сурап, учурашып коюшум керек экен», – деп ойлоду. Анан өз атасы Мансурдун:

«Бул дагы болсо пенделик,
Өлбөсө жүрөт сенделип,
Карып болуп калганда,
Кадырың сурайт ким келип», –

деген сөзү эсине түштү. Кайран кишилер, картайып калышкан экен. Кайгы-капасы жок, санаалары тынч болсо мынчалык карылыкка алдырып коё турган мезгилдери эмес эле. Эр адамдын 60 жашы да жашпы. Бул кишиге караганда согуштан алган жаратынан жабыркап, жетимишти желкелеп турса да атам тың, шайдоот киши. Өңү да жаш, көңүлү да жаш. Булардын туу тутканы жалгыз Зыйнат. Күйүтү күчтүү болсо да салабаты менен карыган, нускалуу кишилер. Менин Жайнагүл менен ажырашып, Зыйнаттын үстүнө кирип бергеним чал-кемпирге ошондо эле жаккан эмес. Жээнин күнөөлөшүп, бирөөнүн үйүн бузуу шаар бузган менен барабар. Каргышка калып оңбой калдың.

Экөөңдүн жашооң күнүмдүк жашоо дешкен. Эми минтип Зыйнат менен ажырашып, кайра үй-бүлөмө келгенимди угушса, «Ат айланып казыгын табат». Акыры ушундай болоорун билгенбиз» – дешээр эми. Толкунбек жолдун ортосунда тигилерди умсуна тиктеп турду. Алар качан гана короосуна кирип кеткенден кийин эки жагын көз токтото бир карап алып бурула берип, бет алдынан өзүнөн карегин албай кадала тиктеп турган адамды көрүп, бүшүркөй карады.

– Саламалейкум, сизсизби, Толкунбек ака!

– Алекима салам, ооба менмин.

Жигит жадырай басып келип кош колун сунду.

– Сизди көрүп сүйүнүп кеттим. «Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт» деген ушул. Качан келдиңиз? Казакстанда иштейт экен деп уктук эле. Жаңылыктарыңыз көптүр. Баякы эле биздегидей курулуштасызбы?

– Ооба, анан кайда барам. Жаңылыктарыңыз көптүр дейсиң да, укам. Жаңылыгы жок да адам болучу беле. Өзүңдө кандай жаңылыктар бар? Мен билген, мени менен чогуу иштеген кесиптештердин бардыгы аман-эсен жүрүшөбү?

– Аман-эсен, жакшы эле турушат. Бир жаман жери иш баягы сиз бардагыдай болбой калган. Курулушта иштеген жумушчулардын көпчүлүгү кыскарууга дуушар болуп, солоктоп бош калышты. Кыскартуу да, кымбаттоо да ажыдаар сыяктуу оозун араандай ачып турмушубузга ушунчалык тез кирип келди го. Ал эми казак туустарда кандай?

– Жалгыз эле силер эмес, бардык жер, бардык элде ушул да.

– Эми эмне болот? Минтип олтурса жашоо кыйын болуп калат го?! Коммунизмде жашап жүргөнүбүздү билбей эле коммунизм курабыз деп кутуруп жүргөн турбайбызбы.

– Кой, антип көп эле армандай бербе. Минтип өз киндигибизди өзүбүз кесип, өз тагдырыбызды өзүбүз чечип, эгемендүү республика болууга жетишип олтурабыз. Бул биз

үчүн оңой бакыт эмес. Ар нерсенин башталышында, өңгөчө бул сыяктуу чоң өткөөл мезгилдерде кыйынчылык болбой коймок беле. Билсең биз үчүн жакшы күндөр, жакшы жашоолор али алдыда. Аман болуп ошол күндү, ошол турмушту көрсөк экен десең. Экөөбүзгө саясат-маясаттын кереги жок. «Жатып ичер бар болсо, жардылык жанга тынч экен» деген мезгил өтүп кетти. Эми андай жашоо да, андай иштөө да болбойт. Жакшы күндө, жакшы турмушта жашоо үчүн жанды жанга уруп, күчү менен күрөшүп иштегендер гана бактылуу боло алышат, Сейит. Сенин үйүң ушул тарапта беле?

– Жок, бул жакта тагам бар. Ошондо келгемин. Сиздин үй тигил кызыл тунуке менен жабылган Эсенованын чарбагы да. Отпускага келгенсиздер го?

Толкунбек жигиттин суроосуна эмне деп жооп берерин билбей, аптыга түштү. Баарынан да «Эсенованын үйү, сиздин үй да» деген сөзү жигитти басынткансып, катуу тийди. «Атаңдын көрү, иттин баласынын айтып турган сөзүн кара» – деп ойлоду. Бул жигиттин аялы Камалдын балдызы экенин Толкунбек жакшы билүүчү. Өзү жөнүндө аки-чүкүнү айткысы келбей, сөздү башка жакка бурду Толкунбек.

– «Башканы коюп Манасты айт» дегендей, мен го мен, а тигил сенин ак жүрөк, иштерман, кылдан кыя баспаган Камал бажаңды кайсы кара теке капталга сүздү. Мен Алматада иштеп жүргөндө угуп ишенген эмес элем. Көрсө, чын турбайбы.

– Аа, Казакстанда жүрүп укkан турбайсызбы! Тобо, жамандык жерге жатпайт деген ушул ээ. «Төркүнүңдөн өзүң ит, төркүлөп келген кызың ит» дегендей эле иш болду. Кайнежем кара жерге кирсин, көз көрүнө сиздин жана сиздин үй-бүлөңүздүн каргышына калып, ит кемирген чүкөдөй болуп талаада калды. Кудай сизди да, сиздин ажырашкан «доктур» аялыңызды да бекер жараткан эмес экен. «Бирөөгө ор казсаң кең каз, ага өзүң түшөсүң» дегендей эле болду. Камалдын он жылга соттолгонун билесиз. «Пулуң

болсо, кулуңмун» дегендей, пулдун күчү менен бат эле бошоп келди. Аялы менен мурда эле салкын туруучу эле дешет. Бирок мен анысын Кудай акы жакшы билбейт экенмин. Түрмөдөн келгенден кийин ай айланбай үй-бүлөсү менен ажырашты да, соодада иштеген Мукарам деген кызды алып, дароо Өзбекстанга кирип кетти. Мен кийин уксам, кайра-кайра кат жазып, кайра-кайра телефон берип жүрүп, сиздин аялыңызды жолдон чыгарган ошол менин карабет кайнежем болуптур. «Темир токмок күчтүү болсо, кийиз казык жерге кирет» дегендей Камал өзүнүн арам оюн ишке ашырууга аялы Саадатты аргасыз кылган тура желмогуз. Азыр ушул тапта Камалдын баякы жаш аялы кетип калып келбей жаткан имиш деп жатышат. Мына, Кудай жеткирет деген мындан артык болобу, Толкунбек Мансурович. Ал эми өзүңүздүн турмуш абалыңыз кандай, Эсенова менен эле туруп жатасызбы?

– Мен да ажырашкам Эсенова менен.

– Коюң а?

– Койбой эле.

– Анан бул «доктур» аялыңызга келдиңизби?

– Анан эмне кылам келбегенде.

– Аа, ошондой деңиз. Мен сизди Эсенованын үйүнө бараткан экен деп ойлоптурмун.

Экөө сүйлөшүп олтуруп аялдамага кандай жеткендерин да билбей калышты. Сейит Толкунбекке карады:

– Мен автобуска олтурбасам, үй алыс. Бул жерде болсоңуз көрүшөбүз.

– Албетте, көрүшөбүз. Жакшы бар эми.

Толкунбек келгенде үйү толо киши экен. Ал тыштан эле меймандардын кайдан келгенин, кимдер экенин көрбөй туруп эле дароо үнүнөн тааныды. Бири Екатерина Ивановна экен, бири күнчүлүк жерден таанымал Сергей Сергеевичтин күлкүсү. Кайран каркыбарлар, менин келгенимди угуп, учурашалы деп келишкен экен чогулуп. Түү-ү-ү, иттин баласы Тажымамат да келген тура. Тамагын кыра

сүйлөп дегеле болбойт. Кадыр-көңүл калышпаган кесиптеш досторум, силерди мен эле сагындым го десем, силер да мени унуткан эмес окшобойсуңарбы!» Ачык турган эшиктен аста басып астанадан аттаган жигитти көрүп, орундарынан дүр турушуп, кыйкырып жиберишти.

– О-о-о, дос салам! – дешти бир үндөн.

А Толкунбек болсо аласала кубанычтан оозуна сөз кирбей көздөрү жайнап, жүзү албырып кучагын жая каткырды.

– Салам! Салам!

– Биз сизди сагындык, Толкунбек Мансурович!

– Мен дагы сагындым силерди.

– Биздин келгенибиз качан. Кетип, анан келели десек Жайнагүл Казиевна бир жактан, апаңыз бир жактан чыгып жибербей коюшту. Эриккенден карта ойноп да жибердик.

– Туура эле болуптур. Мен билген жокмун да. Телефон шыңгыратып койсоңуздар болмок.

– Сиздин келгениңизди угуп токтоно албай койдук. Телефон чалуу да оюбузга келбептир...

Бир нече жылы бирге иштеп, бир үй-бүлөдөй болуп, бири-биринин ачына айланып, тогуна толгонушуп, жедеп ата-баладай болуп калган кесиптештер тээ бир оокумга чейин дасторкон үстүндө ичтейлери ачыла сүйлөшүп олтурушуп тышка чыгышты. Ашканада жүргөн Жайнагүл мейманларын көрүп чочуп кетти.

– Силер кайда?

– Кетип жатабыз, Жайнагүл Казиевна, жакшы калыңыздар!

– Эч жакка кетпейсиздер. Ооруканага барып келгенимче эле ушул болду. Казанда бышып жаткан тамакты ташташ кетүү кыргыздын салтында жок. Сен эмнеге туруп калдың, Толкунбек, алып кирбейсиңби буларды.

Толкунбек өз үй, өлөң төшөгүм, аялым, балдарым деп кара жанын камчылап, кош канатын сабап келгени менен, Жайнагүлдүн минтип чын ыкыластан өзүнө буйра тике

сүйлөгөн сөзүң угалек болучу. «Жакшы сөз жан эритет» дегендей, ушул бир ооз сөздөн тула бою ысыган жигит албыра түшүп аялына минтти:

– Мен тамак барын билген жокмун да, Жакин.

– Ооба, билген жоксуң. Киргиле эми.

Ушул маалда, Толкунбек меймандарын кайра залга баштап баратып, ары жакта карала-торала болуп ылай менен ойноп жаткан Асан менен Үсөндү бир карап алып өтүп баратып: «Па- па-а! Бизди карачы, сени жасап жатабыз!» – деген уулдарынын жарыша чыккан үнүн угуп жүрөгү серпиле түштү. Үйгө жаңы эле босогону аттайын деп аяк таштап бараткан крановщик Тажымамат бутун тартып алды.

– Оо, сиздин уулдар го, ыя, Толкунбек Мансурович.

– Ооба, менин балдарым.

Жигит Асан менен Үсөндү суктана карап минтти:

– Атасын ылайдан жасап жаткан жакшы балдар экенсиңер да.

– Жо, бул атам эмес да.

– Антип айтпагыла да, жакшы балдар да ошентип сүйлөйт бекен? – Тажымамат жаман оюнда, Толкунбекти ата дебей, түңүлүп калышкан экен балдары деп ойлогончо болбой, Үсөн минтти:

– Атам Чолпон-Атада, бул папам да, – деди колуна кичинекей тактайдын үстүнө чоподон тургузулган адам сөлөкөтүн кош колу менен көкөлөтө кармап, кубанычтан маңдайы жаркып, көздөрү жайнаган Үсөн.

– Муну киминер жасадыңар?

– Үсөн жасады, – деди Асан.

Толкунбектин оозуна сөз кирбей какап калды. Ушул маалда анын көзүнө Үсөндүн көзү эмес эле, Зыйнаттын көзү көрүнүп, жүрөгү оозуна каптала согуп, дене бою ысык аптап уруп, маңдайынан тер чыгып, турган жеринде селейди.

– Папа! Сага окшош бекен? – деди күлүңдөген Үсөн.

– Ооба, окшойт экен, – деп койду баланын көңүлүн улаган жигит.

Ушул маалда ар жакта колуна шорпо куюучу кеселерди жаңы эле ашканага алып кирип бараткан Жайнагүл тигилердин сүйлөшкөн сөздөрүн угуп өзүнөн өзү калчылдап, эки аягынан жан кетип дел боло түштү. Ал колуна кармап турган падностогу үстү-үстүнө кабаттап коюлган кеселери кыйшайып барып жерге шарак дей түшкөндө гана уйкудан ойгонгон адамдан бетер селт этти.

Сөөрүдө олтурган Тумар Жанатка карады:

– Эмне болду, карачы балам, шарак-шурак эле деп калды. Жеңең чыны-чайнектерин талкалап алды го деп турам.

Аңгыча ар жактан кимдир бирөөнүн үнү кулагына шак дей түштү.

– Ка-а-а-п, биз жардам берели десек унабай койбодуңузбу. Мүдүрүлүп кеткенсиз го. Түү, далай идишиңиз талкаланган тура деген жигиттин сөзүн угуп, Тумар ордунан турайын дегенче болбой Жанат чуркап кирип энтиге сүйлөдү:

– Таэне, Жайна жеңем чыныларды колунан түшүрүп жиберип сындырып алыптыр.

– Ырас болуптур сынса. Идиш сынган жакшы болот, балам.

Тумар, асфальтка түшүп таруудайдан талкаланган кеселердин сыныктарын шыпыргы менен чогултуп жаткан мейман жигитке минтти:

– Алдыңа кетейин, муну мага бер. Чогултуп Жайна менен балдарынын башынан тегеретип, таштачу жерге мен өзүм алып барып таштайын. «Жакшы мал жанга аралжы» – дейт. Идиштин сынганы жакшы болот. Жайнагүл кейип калгандыр ээ!

– Кейиген жок.

– Кейибесин.

– Энем кызык, идиш сынды деп да кейүүчү беле, – деди энесинин жанынан өтүп бараткан Жайнагүл, – чыны-чайнек эмес, киши деле өлөт турбайбы.

– Бери болчу, балам, башыңдан тегеретейин, – Тумар кеселердин сыныктарын колуна чогултуп кармаган калыбында кызын көздөй басты.

– Мени коюп, балдардын башынан тегеретиңизчи.

– Балдарыңа да жетет каралдым. Мен өз балам деп сага боор тартсам, сен өз балдарыңды айтып кылчактайсың да. Ой, куураган эне ай. Эненин жүрөгүн балага чаап, баланын жүрөгүн ташка чаап койгон тура.

Жайнагүл ансыз деле, мунсуз деле жакындан бери саанаачыл болуп кеткен. Өңгөчө Зыйнаттын каты, анын тынч жүрөгүн дүрбөлөңгө салуучу өзүнчө бир айыкпас оору болду. Жайнагүл ал катты бир эле жолу окуган бойдон тим болгон жок. Үсөндү көргөн сайын Зыйнатты эстеп, Зыйнатты ойлой бере турган болуп кетти. Калп айткан менен болобу, ак дилден чындыкты чындай айтып, болгонду болгондой, жашырып-жаппай ачык айткан ар бир сөзү Жайнагүлдүн ага болгон кара дилин агартып, ички дүйнөсүн уламдан-улам тазартып баратты. Күнүлөшүнүн ушул жазган катын Жайнагүл канча жолу кайталап окуганын өзү да билбей калды. Ал катты окуган сайын Толкунбектин Жайнагүл үчүн жарты тыйынчалык жазыгы жоктугу, махабатынын хрусталдай тазалыгы улам кеңип, улам тереңдеп баратты. Ал эми бул каттын дагы бир жакшы жагы сүрөткер аялдын талантынын бийиктиги канчалык көркөм, канчалык жогору болсо, анын адамкерчилигин, акылдуулугун, ички дүйнөсүнүн кенендигин, ошончолук айгинелеп турган ажайып дүйнө болду. «Сырдашып түйүн чечишпей, сырдана болбойт жашка жаш» дегендей, ушул каттан кийин Жайнагүлдүн өзөгүн өрттөгөн дагы бир иш Зыйнаттын тагдыры менен Үсөн болуп турду. Ал болсо «Эми бул аял, баладан да жок, эрден да жок талаада калабы?» – деген санаа болучу. «Капка шибеге катылбайт» дегендей, баарынан да энесин тартып бешиктен бери чыкпай жатып, сүрөткө шыктуулугу, кандан канга өтүп, кандайдыр бир таланттуу адамдын махабатынан сызылып, жатынын жа-

рып чыккандыгын далилдеп, Жайнагүлдүн заманасын куруп турган от болду. Бир кезде Үсөн жөнүндөгү жашыруун сырды эч кимге айткысы да, аны эч кимге билгизгиси да келбеген Жайнагүл азыр эки дүйнөнү тең ойлоп турган кези. Ал эмес эмелеки Үсөндүн ылайдан жасаган адам сөлөкөтүн көрүп Толкунбектин оозу ачылып турган көрүнүшү Жайнагүлдүн көз алдынан кетпей койду. Андан дагы Толкунбек келген күнү Үсөндүн: «Папа, Асан экөөбүз сени Ленин атадай кылып чоподон жасап, жумушунду бүтүп келгениңде көрсөтөлү деп, сарайдын артына катып койсок жаандан ээзилип калыптыр», – деген сөзүн угуп, эмне дээрин билбей, санаага ошондо бир алдырган болучу.

– Кудая тобо, булар менден мурда эле атасын күтүп, камынып жүргөн балдар турбайбы, – деп эрдин кесе тиштеп, башын чайкап алган. Толкунбек келгенден бери Жайнагүлдүн тынчы кетип, жаны жай албаган бир түрлүү санаадан алыстай албаган ушундай убайымга туш болду да калды. Бири-бирине чындыкты ачык айтышпагандары менен Толкунбек экөө бир төшөктө жатып, бир казандан аш ичип, бир үйдө турганы менен экөө эки бишка ойдун, эки башка санаанын жибин чубай беришет.

«Эркектин ары караса соорусу суук, бери караса маңдайы ысык» дегендей, жигит бечара, аялына болгон кусалыктан куурап, сагынычтан сары оору болуп, өзөктү жарган тунук махабатын аздектеп баякы бойдон көңүлүндө кыяртпай таптаза сактап келген сезимин Жайнагүлдүн жүрөгүнө жеткирип, ишенимине ээ болуп, санаасы тынгансып турганы менен, али да болсо жүрөктүн тереңинде көмүскө жаткан туюк жаранын оозу ачылып, тымызын тынчы кетип жүргөн кези. Кандай уйку басып карайлап, көзү илинүүгө даяр турса да, төшөккө жатып, жаздыкка башы тийди дегенче, уйкусу умачтай ачылып, Үсөнгө болгон шектенүүсү уламдан-улам күчөп, уламдан-улам анын бир жери, улам бир кыялы Зыйнатка окшоп, ушул үйдүн босогосун аттап кирген мүнөттөн баштап көңүлүнө бүлүк

түштү да калды. «Өлдү» деген баласы тирилип, жоготкон жогу табылып, кубанычтын үстүнө кубаныч кошулабы же кайрадан кайгы каптап, каран түн башка түшөбү?» деген ой Толкунбекти толкутуп турган ушундай бир, эч кимге ачык айталбаган аты жок санаа болду. Кокустан Үсөн Зыйнаттын баласы экени чындык болгон күндө да эне менен бала бирин бири билбеген, бири- бирине жетпеген бойдон кала береби? – дейт Толкунбек өз ичинен. Ушул кезде Жайнагүл уктап жатып оор улутунуп алып, бир демден кийин, кайра өзөгү өрттөнө үшкүрүп алды. Толкунбектин сезимтал жүрөгү селт этти. «Тобо, уктап жатып да адам үшкүрөт экен ээ!» – деп ойлоп, өзүнчө кабатырлана жаздыктан башын аста көтөрүп, аялынын жүзүнө кареги кадалып турду. Терезе парданын жабылбай ачык калган кичинекей тилкесинен Жайнагүлдү уурдана шыкаалай караган Айдын сүттөй аппак шооласынан, жүзү муңайыңкы, кабагы кабатыр сыяктуу көрүнүп кетти көзүнө. Жакшы көргөн жарынын мындай көңүлсүз көрүнүшүнөн улам минтип ойлоду: «Мен эле санаадан тынчым кетип уктай албай жатам го десем, бул байкушта да, уйку бербеген убайым бар окшобойбу. Чын чынына келгенде мында эмне күнөө?! Зыйнатты да, муну да куураткан мен болдум... Ошентип Толкунбек Жайнагүлдүн жадыраган жүзүнө суктана карап: «Байкушум, өзүн жакшы сактаган экен. Баякы кыз кезиндегисиндей эле чырайына чыгып, супсулуу, туптунук... Ушул маалда жигит Зыйнатты кандай ойлоп, кандай эстеп кеткенин билбей калды. Көз алдында өз махабатынын кулу болуп, көз жашын көл кылып: «Экөөнүн бири менин балам, Асан менен Үсөндүн бирин алып бер!» – деп ботодой боздоп турган аял турду. Толкунбек онтоп жиберди. Зыйнаттын бала жөнүндөгү арылбас арманы Толкунбекти тирүүсүндө эле эмес, өлгөндө да көргө тынч жаткырбоочудай болгон бир осол ойлор жүрөгүн эзет.

Адам тагдыры жөнүндө биринин ички дүйнөсүн бири билбеген, бирине бири сыр сандыгын ачпаган ушундай

тынчы жок мүнөт, тынчы жок сааттар жипке тизген мончоктой болуп көзгө илээшпей өтүп жатты.Толкунбектин келгени айдан ашса да, алты саат үйүндө байралып олтуралек. Көргөн күнү сый, көргөн күнү той-тамаша! Азыр баягыдай эле, өзүн эл алдында күнөөлүү сезип ыңгайсыз абалда турса да, биринчи күнкүдөй өзүн катпай, ээрчише эркин басып калышкан. Анан калса, дегеле көргөн-билгендердин бир да бирөө «туура эмес табыштыңар» дешпеди. Тескерисинче, «Ырас болгон тура Толкунбектин келгени. Экөөндү угуп кубанып жатабыз» деген эле киши. Толкунбек келгенден бери келим-кетим көбөйдү. Баякы кошуна-колоң, кээ бир курбу-курдаштардын бирин-серин кирип чыкканы болбосо, шамшаркыт адам каттабай, дарбазасын кара кулпу кайтарып калган бул үйдө, бүгүн күндө майрам, күндө той сыяктуу, өзүнчө эле бир береке-ырыс коштогон шаңдуу көрүнүштөн жүрөк кубанат.

Эркектерге караганда аялдар жаратылышынан сырга бек, ичимден тап келишет эмеспи. Канчалык эт жүрөгү эзилип, ички дүйнөсү тазарып, мартабасы артып, зоболосу көтөрүлүп турса да «тоок тойдум» дебейт дегендей, аялдар жеринен жүрөгү жарылып ачыла бербеген калк турбайбы. Сүйсө жүрөктөн тымызын сүйүп, күйсө жүрөктөн тымызын күйүп коймою бар эмеспи. Ал эми эркектер болсо аялзатына караганда алакөөдөн келет окшобойбу. «Жүрөктөн күйсө көк жалын, оозуңдан чыгаар түтүнү» дегендей, алар аялдарга окшоп арамзалыкты да билбей, кытмырлыкты да билбей, жакшы көргөн жарга жүрөгүн жарып, ички дүйнөсүн ачып, «Ичте балээ болгончо, тышта талаа болсун» дегендей актыгын ашкерелеп жайып салмайлары бар, ушул эки түрлүү сапат Жайнагүл менен Толкунбектин экөөндө тең бар болучу.

Толкунбек өз ниетинде Жайнагүлгө чын жеттимби, жалган жеттимби дегендей, сагынычы оңойлук менен тарай турган эмес. Баягыдай эле, балким, андан да күчтүү, андан да таттуу сүйүүсү менен алдап-салдап, өпкө-жүрөгүн

үзө чаап, кокус дагы бир жеримден жаздым басып алып, көңүлүн иренжитип албасам экен деп аяр сүйлөп, абайлап мамиле кылып сактанып турган кези. Анан калса канчалык ойлобоюн, эстебейин деген сайын Жайнагүлдүн атын атар алдында кайдан-жайдан Зыйнаттын ысымы тилинин учуна кандай келе калганын өзү да билбей калат. Анан жүрөгү опкоолжуй түшүп, бирдемге буйдалып барып, аялынын атын атаган болот. Толкунбек үчүн бул да өзүнчө саная, өзүнчө кайгы болду. Эми баягы Зыйнаттын койнунда жатып, Жайнагүлдүн атын атап уйкусурагандай, дагы бир балекет болбосо экен деп саксына баштады.

Ошентип экөө бирдей орошон ойдун орогун оруп, машагын терип, сансыз санаанын түндүгүн түралбай, өткөнкеткен күндөрдүн ой-чуңкурун кезип жатып, кимиси кандай уктап кеткенин өздөрү да баамдай албай калышчу болду.

Толкунбек балдарына келип, Жайнагүл менен тил табышып, бир чамгарактын алдында жашап жатканы менен, «жетим кекчил» дегендей, башка жакка ыргытылган таш деле, бөтөн бирөөгө айтылган сөз деле өзүнө тийип, өзүнөн өзү шектенип туруучу болуп кетти.

Толкунбек Зыйнат менен ажырашып, Жайнагүл менен табышып, балдарына барса эле бардык жашоосу шаймашай болуп, бакыбат турмушта тынч жашап, тынч өмүр сүрүүчүдөй ойлоочу. Зыйнатты эстээрин да билген эмес. Көрсө, адам өзү ойлогондой болбойт тура. «Колдо бар алтындын баркы жок» дегендей, бирге жашап, бирге турган кезде бааланбаган Зыйнатты эми баалап, анын жакшы аял эле болбостон, таланты ташкын, адамкерчилиги артык, жогорку маданияттуулугун ойлогондо жүрөгүнүн бир кылы үзүлүп кеткендей болуп зырп дей түшөт. Жайнагүлгө салыштырганда анын жароокерлиги башкача сезилет. Мен деп жүрүп акыры жалгыз калды. «Бөрү баласы ит болбойт» дегендей эле кеп болду. Азыр чыгармачылык иштери менен жүгүрүп жүрүп мени эстегенге убактысы болбой,

кесиптештеринин чөйрөсүндө алаксып жүргөндүр. Азыр Делиде болсо керек. Кайрылып үйгө келгенде, алдынан тосуп чыгары жок, кантээр экен байкуш Зыйнат деген ой эсинен кетпей койду. «Жоголгон бычактын сабы алтын» дегендей, анын бардык жакшы сапаты, жакшы сөздөрү, жайдары мүнөзү, жалаң жүз жароокерлиги көз алдына тартыла берет. Канчалык сактанса да болбой, бир жолу «Жайнагүл» деп айтам деп дасторкон үстүндө «Зыйнат!» – деп айтып жиберип, чочуп кетти. Кайненесинен уялганынан чекесинен тер чыга түштү. Алдына келген аш тамагынан өтпөй, оозуна ысык сүт ууртап алган немедей, кекиртегине сөөк туруп калгансып бүтөлүп калса болобу. Тумар күйөө баласынын абалын түшүндүбү эстүү аял, эч нерсе укпагансып, эч нерсе билбегенсип, балдар менен өзүнчө бирдемелерди сүйлөшкөн болуп олтуруп калды. А Жайнагүл болсо, күйөөсүн алдыртан бир карап алып тек гана күлүмсүрөп койду.

Күйөөсүнүн күнөөсүн канчалык кечирип, канчалык агартып, ниети тазарганы менен баякы махабаттуу күндөрдү кимдир бирөө уурдап кеткенсип, көңүлүн көмүскө думуктурган бир өксүк Жайнагүлдүн кежигесин кертарттырып, жүрөгүн дүпөйүл кылат да турат.

Толкунбек келгенден бери көзүнүн чарасы толуп, уктап уйкусу канбаган Жайнагүл бүгүн дагы баягы адатынча, тээ түндүн бир оокумунда көзү илинип кетти. «Адамзат уктаса, ар бир түркүн түш көрөт» дегендей, Жайнагүл бир бейтааныш аялдан кутула албай, эси ооп, кара терге түшүп, качып баратып эле эки буту баспай өзүнөн өзү туруп калды. Аял, Жайнагүлдүн алдына келип тура калып сөөмөйү менен ортоңку манжасын жебедей сайылтып: «Көзүңдү чукуп алайынбы, ыя? Менин атым Аккыз, билесиңби Зыйнаттын апасы экенимди. Үсөндү эмне үчүн өзүнө бербей алып жүрөсүң? Кудайдын алдына барганда эмне деп айтасың? Же сен өлбөйсүңбү? Мен барган жерге бир күнү сен да барасың. Кана, мага кандай жооп бересиң, бол тез?

Болбосо кош карегиңди мына бул манжаларым менен чукуп салам. – Манжаларын көзүнө улам жакындатып, жаалданып турду. Үсөндү бересиңби же көзүңдү бересиңби? Үсөндү ойлогон сайын Жайнагүлдүн жүрөгү оттой жанып, көңүлүндө: «Кудай ай, түшүм болуп калсачы» – деп турду. Акыры аялдан кутулбасын билген Жайнагүл, көзүнүн ооруганына чыдабай бир убакта кыйкырып жиберди. Ал үнүнүн бардыгынча: «Макул апа, Зыйнаттын өзүнө берейин Үсөндү, колуңузду тартыңыз, ой, ой көзүм ооруп кетти!» – деп жапайы үн менен кыйкырган бойдон чочуп ойгонду. Жүрөгү түшкөн Жайнагүл, «көзүм ордундабы, жокпу!» деген чочулоодон дароо көздөрүн сыйпалап жиберди. Бардыгы жайында аман-эсен экенин билип, аласала түшүм экен деп ойлоп сүйүнүп кетти. Кудая тобо, ушундай да түш болот экен ээ. Жүрөгү оозуна тыгылып, деми кысылып калыптыр. Анын кулагына эмелеки «Үсөндү бересиңби, же көзүңдү бересиңби?» деген бейтааныш аялдын жагымсыз сүрдүү үнү кулагынан кетпей турду. Жайнагүл оо, бир оокумга чейин төшөгүнүн үстүндө көргөн түшүн ойлоп корко баштады. «Тобо, кудурет арбак билет деген чын экен го. Зыйнатты аяп, Үсөндү берсе дейт экен да. Баарынан да «Көзүңдү бересиңби же Үсөндү бересиңби?» дегени кызык болду. Коркконунан Аккыздын арбагына багыштап, көргөн түшүн энесине айтып куран окутууну ойлоду. Тынчы кетип, уйкусу умачтай ачылды, Көргөн түшүн Толкунбекке айтсамбы, айтпасамбы дегенсип, эч нерседен бейкапар жыргап уктап жаткан күйөөсүн үрүл-бүрүл караңгылыкта ары карап жаткан тулкун жалдырай тиктеп төшөгүнүн үстүндө олтуруп минтип ойлоду: «Бардыгына сен күнөөлүүсүң, Толкунбек. Эмне үчүн сага чындыкты айтпай Үсөндү жашырдык экенбиз. Түбү мындай болуп кетээрин ким ойлоптур. Азырынча бул түштүн сага эч кандай тиешеси жок. Өз баландын таржымалын укпаган бойдон укпай туруп тур. Кандай, эмне болушту, келечек көрсөткөндө чогуу көрөрбүз, – деген ойдо, эрдин кесе тиштеп, жүрөгү түшкөн

калыбында ордунан турду. «Ай, Кудайым ай, ушундай да түш, ушундай да аян болот экен ээ. Үсөндү бербесем, көзүмдөн ажырап каламбы? Мунун өзү бир шумдук түш болду го. Айланайын Жараткан Алла. Мен Үсөндү бирөөдөн уурдап алган жокмун го! Эми кандай айла, кандай арга табышым керек? – Али да болсо жүрөгү оозуна тыгылып, өзүн колго алалбай, ар кайсыны бир кармап жүрүп столдун үстүндөгү чараны алып ун салам деп ойлоп, жаздым кармап алып колунан түшүп кетти. Тумар аш үйдөгү калдыр-шалдырдан чочуп ойгонуп, башын көтөрүп элейе тыңшап калды. Эмнегедир кызынын «кудайлаган» үнү эненин кулагын сылап өттү. Тумардын оюна баягы эле кызкүйөөсүнүн азабынан арыла албай, санаасын санга бөлгөн эки жаштын көйгөйү болду. Чапанын желбегей жамынып, маасысын коңултак кийип Жайнагүлдүн жанына чыкты.

– Ой, айланайын каралдым, тынччылыкпы, таң атпай калдыратып, аш үйдө эмне кылып эле Кудайлап жүрөсүң?

– Энекебайым ай, эмнеси курусун жаман түш көрүп жүрөгүм түшүп калды. Бүгүн бейшемби эмеспи күнгө. Жыт чыгарып эртең менен арбактарга куран окутайын деп эле эрте турдум. Уктайын десем уйку келе турган эмес.

– Эмне дейт катыгүн! Мен дагы Толкунбек экөөң кыжылдашып жатабы деп коркуп кетиптирмин. Сен оңойлук менен арбакты эстөөчү эмес элең, эмне түш көрдүң? – деди кызынын үрөйү учуп турган кебетесин көргөн аял.

Энесине айтса эле, Тумар кырсыктын жолун таап, бар балаадан, жок жалаадан калкалап калуучудай болуп кетти.

– Билбейм, аябай жаман түш көрдүм, – деп жаңы эле сөз баштап келатканда, кире бериштеги бөлмөдөгү телефон чыр дей түштү. – Алыстан экен, – деди трубканы көтөрүп, энесинин жанына аш үйгө чыккан Жайнагүл. – Алло, и мен угуп жатам, эне сизсизби? Ооба, жакшыбыз. Дендери сак. Иштеп жатам. Атам кандай күүлүбү? Өзүңүзчү! Тынчылыкпы, эмне мынчалык эрте чалып кал-

дыңыз? Эмне дейсиз? Түш? Бүгүнбү? Кызык го. Менин түшүмө да кирди ал аял. Эмне дейт? Качан келесиң? Атам бар деп жатабы? Кетелек кудагыйыңыз. Күүлү эле. Мына менин жанымда турат. Сиздерди биз да сагындык. Келиңиз. Кызыңызды алып, кудагыйыңыз болуп чогуу кетесиңер да. Тособуз. Сизди тоспогондо кимди тосмок элек. Макул, макул, жарайт. – Жайнагүл трубканы коюп, Тумарга карады:

– Сизге салам айтып жатат, энем.

– И, саламат болсун, келем дейби?

– Ооба, келем дейт. Кызык, ал киши да мен көргөн түштү көрүптүр. Түшкө чейин эле келип калат. Биринчи рейс менен чыгам деди. Эми куранды энем келгенде эле чогуу окуталы.

– Деги кандай түш көрдүң өзүң, ошону айтчы мага. Түш үчүн кудагый ошончо жерден самолёт менен учса, ал жакшы түш эмес го, балам.

– Ооба, жакшы түш эмес. Деги мен соо болбой калдым го, эне?

– Эмне дейт карангүн, соо болбой калганы кандай? Ошончолук эле коркунучтуу жаман түшпү?

– Ооба, жаман түш.

– Андай түштү: «Аккан суу, караңгы түн менен кет» – деп түнүчүндө туруп айтат.

– Андай ырым-жырымды билбейм да мен.

– Коркпочу, балам, балким эч нерсе болбостур. «Душман не дебейт, түшкө не кирбейт».

– Мен Үсөндөн ажырап калам го, эне?

– Үсөндөн ажырап калам го?! Ал эмне деген сөз?

– Аккыз деген аялды уктуң беле?

– Ким ал?

– Зыйнаттын энеси.

– Ал киши өлгөн да эчак эле!?

– Ооба, өлгөн. Ошол аял түшүмдө мени кубалап жатпайбы, өз баласын өзүнө бер деп. Эгерде Үсөндү Зыйнатка

кайрып бербесең көзүңдү чукуп салам деп эки манжасын эки көзүмө такап жатканда чочуп ойгонуп кеттим, ойгонсом жүрөгүм оозума тыгылып, тилим оозума батпай кургап калыптыр. Уктуң го өзүң Зыйнаттын мага эмне деп жазганын.

– Балким, Үсөн жөнүндө, Зыйнат жөнүндө ойлоп жаткандырсың. Түш да санаа ээрчийт. Мен ушул убакка чейин өңүмдө эмне ойлоп, эмне көрсөм, ошонун көбүн бир кезде кайра түшүмдө көрөм.

– Бирок мен Зыйнаттын энеси жөнүндө дегеле ойлоочу эмесмин. Үсөндүн кимден туулганы Зыйнаттын жазган катынан кийин билинди го. Анан дагы байкайсыңбы, улам өсүп чоңойгон сайын Зыйнатка түспөлдөшүп баратат бул бала. Туубасам да тутунуп, элик сүтүн бербей, эне сүтүн бердим эле го. Кокустан, бул баладан ажырап калсам, ошол эле күнү ажалдан мурда өлүп кетемин го ыя, эне!

– Сен ушуларды ойлоп, Зыйнаттын катын эстеп, Үсөн жөнүндө санааркап жүрүп түшүңө кирип жатпайбы.

– Бирок мен Зыйнаттын энеси жөнүндө эч ойлоочу эмесмин. Бир билгеним, Эмил деген баласынын саатынан Аккыздын күтүлбөгөн жерден өлгөнүн Толкунбек айткан.

– И, анда ошол себептүү кирген түшүңө. Арбак да билет, балам. Чындыгында бала Зыйнаттыкы экени белгилүү болбодубу. Зыйнат сага жазган тура, чындыкты жашырып-жаппай ачык эле.

Тигил-бул деген менен Тумар кызы менен кудагыйынын көргөн түшүнөн чындап эле сарсанаа болуп, коркуп турду. «Кудай сактай гөр эй, жакшылык болсо экен. Ошончо жерден түш үчүн да киши келеби! Бул жөн түш болбой калды, – деп санаасы сан, ою он бөлүнүп олтурган Тумардын көңүлүн тыштан тапырап чуркап кирген Асан менен Үсөн бөлдү.

– Таэне, мамам кайда кетти? – деди Үсөн.

– Үйдө эле болсо керек, кара ары жактан.

– Карадык, таппай койдук. Папам да жок, мамам да жок. Жанат да жок, – деди Асан.

– Мамаң менен папаңдын кайда кеткенин көрбөй кайда жүрдүңөр эле?

– Биз уктап азыр турдук, таэне.

– Аа, азыр турдук дегиле. Окууга барганда кантип окуур экенсиңер? Жүргүлө эми силерге чай берейин.

– Мамам кайда кетти, ыя таэне? – Үсөн кайталап сурады.

– Чоң энеңерди тосуп келгени кетти болуш керек.

– Чоң энем келеби? – Экөө жарыша сурады.

– Ооба, чоң энеңер келет азыр.

Асан турган ордунан секирди.

– Кудай, Кудай, чоң энем келет. Мен кетем чоң энем менен көлгө. Сен да кетесиңби ыя, Үсөн?

– Жок, мен барбайм Чолпон-Атага, мамамдын жанында калам. Экөөбүз тең кетип калсак мамам кантет анан?

– Кантмек эле, папам бар, таэнем бар.

– Чоң энең келсе мен да кетем, папаң да кетет энеси менен. Көлгө барып жумуш издейм деп жатпады беле, – деди Тумар.

– Папам көлгө барып бий-и-и-к, бий-и-к үй салат ээ, таэне.

– Ооба, үй салат. Көп сүйлөбөй оокатыңарды ичкилечи эми муздап калмак болду.

– Таэне, мен чоңойгондо папама окшоп үй салгандын окуусун окуйм. Анан сага да үй салып берем.

– Үсөн, сен дагы папаңа окшоп үй саласыңбы? – деди Тумар.

– Жок, мен үй салбайм, таэне.

– Анан эмне кыласың?

– Сүрөтчүнүн окуусун окуп, сүрөтчү болом. Анан мамамдын, папамдын, чоң атам менен чоң энемдин, Жанаттын, Асандын сүрөтүн тартам.

– Аа, катыгүн, «Жээн эл болбойт, желке тон болбойт» дегендей, өз ата-энелериңдин сүрөтүн тартып, бизди тартпайт турбайсыңбы, ээ? Мен сага таарындым, Үсөн.

Үсөндүн кабагы жарк дей түштү. Ал ордунан тура калып Тумарды кучактап, бетинен өөп минтти:

– Сени да тартам, таэне. Чо-о-о-ң кылып бутуң менен тартып, анан дубалга жөлөп коём. Музейде папам менен мамамдын бизди жетелеп түшкөн сүрөтү бар го. Так ошондой болот.

– Аны ким тартыптыр?

– Эсенова деген сүрөтчү эже тарткан го!

– Аны сага ким айтты эле?

– Мамам айткан.

– Анан ал сүрөттү өзүңөр көрдүңөр беле?

– Ооба, көргөнбүз. Султан аба болуп баарыбыз барганбыз. Билесиңби, таэне, биз Асан экөөбүз тең кичинекей мытыгый экенбиз. Папам Асанчикти, мамам мени жетелеп турушат. Эң сонун сүрөт.

Булар ушунтип божурашып олтурганда тыштан жеңил машинанын келип токтогону угулду. Тумар мойнун созо берип, Жайнагүл Кынаны машинадан түшүрүп жатканын көрүп неберелерине карады.

– Эй, окшошкон макоолор, чоң энеңер келди, тоспойсуңарбы, чуркагыла.

– Кайсы энем, Кына чоң энемби, ыя таэне?

– Канча чоң энең бар эле Кынадан башка?

Үсөн ордунан туруп, айнекке барып бир тийип кайра тартты.

– Кудай, Кудай, чын эле чоң энем келди. – Дароо өзүн эшикти көздөй атты.

А Асан болсо камаарабай, чыныдагы калган сүтүн шашпай шыпкап жутуп, ордунан шашпай туруп, Үсөндүн артынан жөнөдү.

Кына, Жайнагүл менен Толкунбектин бирге жашап жатканын угуп-билгени менен өз көзү менен көрөлек болучу. Уул-келинининин ынтымакка келгенине кубанычы кучагына батпай турган аялдын ысыган боюн суутуп, Алласын оозунан түшүрүп турган коркунучтуу иш Аккыздын түшкө

кириши болду. Кайненеси менен өз энесинин үйгө кирбей, баягы көнгөн адаттарынча тышта эле өздөрүнчө кучакташып көрүшүп, өбүшүп-жытташып жаткандарын көрүп турган Жайнагүл минтти:

– Капырай, кечке көрүшөсүңөрбү? Өбүшүүнүн калганын үйгө кирип уланткыла эми.

Жайнагүлдүн сөзүн угуп, эки байбиче күлдү.

– Капырай, заматтын ортосунда чарчап кеттиңби, балам. Кудагый экөөбүз канчадан бери көрүшө элекпиз. Шаштырбачы кагылайын, киребиз да, – деди Тумар, Асан менен Үсөндүн чоң энесин кучактап алып, «Энекелеп» эркелеп жаткан жээн неберелерин көрүп күлүп. – Э, шумдугуң кургур, алдагы уулдарыңыздын сиз менен көрүшкөнүн көрүп ичимден таарынып турам, кудагый. Мен келгенде: «Өптүрүп койгулачы» – деп, жалынып жатып араң өптүм эле бул экөөнү. Сизди көрүп экөө эки жактан баса калып буту-колуңузга чейин өпкүлөп, жалап-жуктап жибериштиго энекелешип.

– Кой, антпегиле, таэнеңер жакшы да, балдарым.

– Жок, биринчи мамам, анан сен, анан таэнем жакшы.

– Болуптур, болуптур, ошентип мамаң менен энең эле жакшы болсун, таарыныч жок.

Кына эки уулунун эки тизесине конгон салмагынан чөккөн нардай болуп очорулуп жатып, экөөнү тургузуп, уйча оонап кудагыйынын жардамы менен колунан тарттырып жатып ордунан зорго козголду.

Ынтымак, сый деген кандай жакшы, кандай сонун. Эки байбиче бирине бири тойбой, сүйлөшөөргө сөз таппай, үйгө кирип алып да кайра баштан көрүшүп, кайра баштан өбүшүп чыгышты.

– Келе турган оюмда жок эле, кудагый. Түш эмне, аны «тилипондон» айтсам деле, айтпасам деле болот болучу. Ошол түш деген шылтоого жамынып, сизди бар деп угуп, сиз үчүн келдим. Жанакы Толкунбек деген өтү жарылган тозоку келгенде сиздин бул жерде болгонуңуз ажеп болбодубу.

Тумар оңдонуп олтуруп кудагыйынын тизесине алаканын койду.

– Зыйнат Жайнагүлгө кат жазган тура кечирим сурап. Толкунбек барат: «Аз айып, көп күнөөсүн кечирип тосуп ал» – деп, бир топ жакшы сөздөрдү жазыптыр.

– Тобо, ошентип жазыптырбы? Чын бекен деги кат жазганы?

– Чын кудагый. Жайнагүл менен сүйлөшкөнүмдө: «Толкунбек келет окшойт эне, аялынан кат келди» – десе, сүйүнгөнүмдөн кыйкырып жибериптирмин го. Кызымдын сөзүнүн түрүн байкап, тамырын тартып көрсөм, оңойлук менен ийип, кечирим кылып ынтымакка келе турган түрү жок. Сөзүн угуп, кой дедим. Ушул эки арамдын арасы биригип, тил табышып калса экен деген тилек менен Толкунбектен мурда келип күтүп жатпадымбы. Келгеним жакшы болуптур. Кызымды көз көрүнөө эле телдебедимби сөзүм менен.

– Түшүнөм, кудагый, ырахмат сизге. Эми Жакин кирсе, Толкунбек жокто өзүбүзчө сүйлөшүп алсак кандай болот? – Тумарга эңкейип шыбырай сүйлөдү. – Түшүмө ушуну менен экинчи жолу кирди Аккыз. Мурункусунда анчалык этибар албай эле, куран окутуп тим болгом. Бул сапаркы түшүмдө жүрөгүм түшүп калды. Тирүү кезиндегидей эле, дапдаана шамдай болуп үйгө кирип келет. «Кел, жогору өт, – деп ордумдан тура калсам: «Ушул жерден эле кетем, Кына. Тышта Эсен күтүп турат. Балага келдик алып кетели деп. Үсөндөн ажырагандан кийин Зыйнат куруп калбадыбы. Силер үчүн да, Толкунбек үчүн да ал кызымдын пейили ак болучу. Билбей койбодуңарбы. Кудайдан корк, Кына. Үсөндү Зыйнаттын өзүнө бергиле», – дейт. Аккыздын сөзүн угуп мен безеленем: «Үсөндөн ажыраган күнү Жайнагүл ажалдан мурда өлбөйбү. Жок, жок, Үсөндү алып кетем деп айтпа, – дейм. Ошол жерден эле Аккыз жаалданып, менин өзүмө асылат. – Баарына күнөөлүү сенсиң, Кына. Акыры Кудай, арбактан коркоор, баласын бе-

рер деп күтүп ушул убакка келдим. Билээр десем билбедиң, өз убалың өзүңө. Аккыз ушунтип жатканда Эсен кирип келип аялына минтти: «Айтаар сөздү айттың, дээр сөздү дединг. Күткөн жаныбыз дагы күтөлү, Зыйнат командировкасынан келсин. Эмки сөз ошондон кийин болсун, байбиче», – деди. Аккыз ыйлап жиберди: «Сабыр кылалбай калдым. Зыйнатты эстесем кош эмчегим сыздайт. Мени тыйба, Эсен. Азыр Жайнагүлдүн өзүнө барып ары-бери болом, – деп, ошол жерден жаалданган бойдон чыгып кетти. Аңгыча Мансур жаныма келип калат. Аны көрүп ага ачууланам. Бол тигилердин артынан барып, токтот аяштарыңды, Жайнагүлгө барбасын дейм. Карасам, Мансур Аккыз менен Эсенди токтотом деп коюп, алардын артынан ээрчиген бойдон кетип барат. Мен үнүмдүн бардыгынча: «О-о-й, Мансур, сен ал жакка барба! Токтоо! – дейм. Артын кылчандай караган Мансур аяштары менен узап кетти. А мен болсом: «Ман-с-у-у-р!» – деп кыйкыра бердим. Бир кезде: «Ай, ай, байбиче!» – деген Мансурдун үнүнөн ойгонуп кеттим. Ал эмес абышкадан да коркуп калдым. Бул балакеттүү баланы эмне кылыш керек? Төрүбүздөн көрүбүз жакын болуп, жашообуз арып баратат. Ажал жетип, күн бүтүп өлүп кетсек Үсөн менен Зыйнаттын убалы бизди көргө тынч жаткырбайт го, кудагый. Ушунча күнөө, ушунча азап-тозокту акыретке кантип көтөрө кетебиз. Мурда неге өлүмдү ойлогон жок экенбиз. Аккыз түшкө кирелекте эле абышка Үсөн жөнүндөгү жашыруун сырдан коркуп жүргөн. Өлсөк мойнубузга карыз кылбай, Алланын алдына таза кетсек болот эле деп, тигил дүйнөнүн камын көп ойлоп калган. Эсен менен Аккызды Мансурдун ээрчип кеткени да жаман аян болду мен үчүн. Арбак билет тура. Билбесе Үсөн менен Зыйнат үчүн эчак көзү өтүп кеткен Аккыз менен Эсендин тынчы минтип кетпейт эле го. Таң калычтуу окуя болду деги. Бир мезгилде эки кишинин түшүнө бирдей кирет дегенди ким угуптур. Эми дагы кирет. Эскертип кетишпедиби ачык эле.

Кулагынан үркүп, үрпөйүп олтурган Жайнагүл минтти:

– Эми эмне кылыш керек? Түшкө кирди деп эле: «Сени мен тууган эмесмин, Зыйнат деген аял тууган. Сен ошонун баласысың» – деймби. Ал эми Зыйнаткачы? Ага эмне деп айтам? Баякы «тоңуп өлдү» деген сөз жалган. Ал балаң тирүү, сени түңүлсүн деп эле атайын жашырып койгонбуз. Эгиздин түгөйү болуп жүргөн Үсөн деген бала сеники» дейминби? – Жайнагүл кош колдоп башын мыкчый кармады. – Жок, жок, мындай жагымсыз сөздү айтуу менин колумдан келбейт. Мейли ата-энесинин арбагы чогулуп келип менин көзүмдү алабы, өзүмдү алабы, ала берсин. Бирок мен Үсөндөн тирүүлөй ажырап тозокко түшалбайм. Эки баламды эки жерде Күкүк менен Зейнептей кылып какшатууну каалабайм. Ал экөө бирин бири бир саат көрбөй калса издешип, сагынышып турушарын билесиз го. Айткылачы, эми эмне кылып кандай арга табам?

Кына шалдырап, кайратынан тайып олтурган калыбында минтти:

– Менде акыл калбай калды, балам. «Асыл таштан, акыл жаштан чыгат» – дейт. Айласын да, амалын да өзүң тап. Үсөндөн акыры кутулуучу баштанып калдык окшойт. Арбак каршыкса жаман.

Жайнагүл көз жашын көлдөтүп, энесине жалдырай карады:

– Сен ошондой ойлойсуңбу, ыя, эне?

Кына кайраттана сүйлөдү.

– Эмне дайыны жок ый?! Үсөнүң кетсе, Асаның бар. Уучуң куру эмес, балам. Жанатың жаркырап Айдай болуп аның турат. Ушуну менен эле бүттү деп турасыңбы? Кудай берсе эртең эле Үсөндүн ордун төлөп аласың. «Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт» тура. Зыйнат да экинин биримин деген кыргыздын көзгө басаар кыздарынын бири экен. «Ээси келсе, бээсин бер» – дейт, бер өзүнө. Арбак козголуп калган иштин арты жакшы эмес каралдым.

– Олда энекебайым ай, өз жүрөгүм өзүмө баш ийбей жатса эмне кылайын. Үсөнүмдөн кантип ажырап, аны кантип бирөөгө берем, ыя? Ал баладан кантип ажырарымды элестете албайм. Макул десеңер, азырынча «Жабылуу казан жабылуу» бойдон туруп турсун. Мен обол мурун Зыйнаттын командировкасы качан бүтүп, качан келерин билейин. Бул сырды эч кимге айтпай туруп, анын өзү менен сүйлөшүшүм керек болуп калды.

– Үсөндү айтасыңбы?

– Жарыктык, сөз ошол жөнүндө болуп жатпайбы. Айтам да. Азырынча Толкунбек деле билбесин.

Баятадан бери энелеринин сөзүн тыңшап, Кынанын тизесин баса олтуруп, кош карегин балбылдатып, Жайнагүлдүн көз жашын көрүп жалдырай тиктеп олтурган Жанат бир кезде букулдап ыйлап жиберди. Кызынын минтип ыйлаарын ойлобой ээн-эркин сүйлөшүп олтурган Кына чочуп кетти.

– Кокуй, сага эмне болду, каралдым?

– Мен билдим.

– Эмнени билдиң? – деди Жайнагүл элейип.

– Үсөндү бергени жатасыңар.

– Кимге бермек элек, бербейм эч кимге.

– Айтпадыңбы.

– Болдучу айланайын дайыны жок солуктабай. Мага ушул сенин ыйың эле жетишпей тургансып.

Кына менен Тумар бирин бири карашып, баштарын чайкашты.

– Эмитеден, эчтеке боло электе эле, мунусу минтип боздоп жатат. Иш машагына жеткенде кандай күн болот, катыгүн, – деди Тумар, кызын эркелетип, – кой каралдым, антип жөнү жок жаман жоро баштап ыйлаба. Үсөндү эч кимге бербейт жеңең.

А Кына болсо өткөнгө өкүнүп, өз бармагын өзү тиштеп, ичинен кан жутуп турду. «Үсөндүн өгөйлүгүн да, таштандылыгын да билгизбей эгиздин түгөйү кылып, ишенбе-

генди ишендирип, бирөөнү ыйлатып, бирөөнү сүйүнтүп, эбепке себеп болуп олтурган ушул эле Кына, ушул эле Мансурдун өзү эмес беле. А Жайнагүл болсо Үсөндүн минтип жашыруун сыры ачылып, өзөгүнө өрт түшөөрүн качан ойлоду эле. Мына, бул да болсо тагдыр. Эми кол менен кылган ишти моюн менен көтөрбөскө айласы барбы булардын. Кына минтип ойлоду «Зыйнаттын да Кудайы бар экен. Балам, балам деп боздоп жүрөт дешчү эле. Акыры Кудай арбакка үнү жеткен экен. Жетпесе бир түндө, бир мезгилде Аккыздын арбагы Жайнагүл экөөбүздүн түшүбүзгө кирет беле. Бул бир укмуш түш болбодубу. Байкуш Мансур «Зыйнат менен Үсөндүн убалынан корком. Ажал жетип, күн бүтүп өлүп кетсем Алланын алдына кантип барам» – деп кийинки күндөрдө көп айта турган болуп кетти эле. Абышканы угуп олтуруп жалгыз эле Мансур эмес менин деле тигил дүйнөнүн камын ойлоп, жандүйнөмдү тазартып, пейилимди оңдоп, өлүмдү эстей турган мезгилим келип калган турбайбы деп ойлоочу болуп кеттим эле. Деги акыркы күндөрдө абышканын мүнөзү да, сөзү да өзгөрүп кеткен. Акыретке кайсы күнү, кайсы саатта кетээримди билсем, Зыйнатты чакырып алып, баласы экөөнү беттештирип, энебаланы бири-бири менен тааныштырып, кечирим сурап, алдынан өтүп туруп өлүп кетсем армансыз, тынч өлөт элем ээ, байбиче. Аккыз менен Эсендин арбагын ойлосом жүрөгүм титирейт. Ойлогон ойго жетпей каламбы деп корком. Анда мени кара эшек кылып минет го Эсен менен Аккыз. Ой тобоо, ошондо азыткы азгырып, шайтан шаштырган экен экөөбүздү. Асманда Алла карап турат деп эч кимибиз ойлогон эмес экенбиз. Андан дагы көрүстөнгө барып, көр казып, сөөк койгон киши болуп Жанаттын жаман куурчагын көмгөнүмдү кантейин. Мунун кысасын Мансурга тарттырат эмеспи Алла. Зыйнат менен Толкунбектин баласы экенин билбесек дагы, ачык айтсак болмок тура, деп армандап олтурган чалынын сөздөрүн Кына көңүлүндө миң кайталап ойлоп, улам бирин эсине түшүрүп жатты.

Үсөн үчүн ал азыр жалгыз эле Мансур күнөөлүү болуп тозокко түшпөстөн, ири алды өзү биринчи болуп жазасын алаарын ойлоп үрөйү учат. Эки ийини түшүп, иреңи бузулуп, оозун ачып дел болуп турган Кынанын бир жагына кыйшайып ооп кеткен жоолугун оңдоп байлаган Жайнагүл минтти:

– Ыя, эне, мынчалык эмнеге томсоруп кеттиңиз ойго батып?

– Ой, балакетиңди алайын, томсорбой турган, ойго батпай турган жорук болуп жатабы! Жанакы Аккыздын экөөбүздүн түшүбүзгө бирдей кириши шумдук болуп жатпайбы. Мындай жорукту ким угуптур. Ал эле эмес атаңдан да коркуп калдым. Абышка соо болбой калды го деп чочуп турам. Бул аян, эчак эске келбей унутулуп калган ишти эске салып, каткан жаранын картын сыйрып алгандай эле иш болду. Тирүү кишинин каршыкканы эч нерсе эмес. Ал эми өлгөн адам түшкө кирип, арбактын каршыкканы өтө коркунучтуу жаман иш. Ошон үчүн: «Кудай урган оңолот, арбак урган оңолбойт» – дешет да. Корком арбактан. Тынчым да кетти, уйкум да качты. Силердин жамандыгыңарды көрбөй абышка экөөбүз өлүп кетсек жакшы болот эле. Баягы балдарыма биринин артынан бири келген ажал бизге келбей койбодубу. Бирок абышка кетип калат го.

– Койчу эне, антип санааркап аша чаппачы. Ойлоп келсем, Аккыздын арбагы тирүү турбайбы ыя, эне. Мен ушунтип ойлоп калдым. Анын максаты Үсөндү Зыйнатка алып берүүдөн башка зыяны жок. «Ээси келсе бээсин бер» дегендей, өз баласын өзүнө берип арбакты да, Зыйнатты да тынчыталы. Андан башка арга жок бизде.

– Олда, аргасы кеткен куураган балам ай, баланы эми Зыйнатка эмне деп айтып, кандай кылып бересиң? Эгерде чындыкты Толкунбекке айтсак кандай болоор эле? Ачыгын айтпасак болбойт го, балам.

– Азырынча, бул ишти ага угузбайлы. Эмне кылышты, кантип айтышты, айттым го жана сизге, акыл калчап, өзүм

Ойлонуп, өзүм чечейин. Мен мурда Зыйнатты аягынан бузулган, уяты жок шуркуя катары ойлоп жүргөн болучумун. Көрсө, андай эмес экен. Зыйнаттын катын окуп боорум ооруп ыйлагым келди. Жакшыны жакшы деш керек. «Бекер киши таз болбойт» дегендей, акылдуу аял тура. Жомокто деле бар го бири үчүн бири өлүп, бири үчүн бири тентиген ажайып сүйүүлөр. Ошондой сүйүү, ошондой махабаттын кулу болгон экен ал келиниңиз. Ак тилек, аруу сезим үчүн күйөөнү да, баланы да Толкунбек үчүн тобокелге салып, махабат үчүн күрөшкөн неме турбайбы. Анын шору, өзү Толкунбекти сүйгөндөй, Толкунбек аны сүйгөн эмес экен да. Тек гана анын адамкерчилигинин кулу болуп жүргөн неме турбайбы уулуңуз. Ошон үчүн Толкунбектин, анын балдарынын убал-сообунан коркуп, аны аяп: «Эгерде үй-бүлөсүнө барса, күйөөсүнүн жүрөгүнө түшүнбөй кабыл албай койсо, кор болуп калабы» – деп аяган экен ал. Эгерде андай болбогондо «Өзүм менен жашабагандан кийин, эмне болсо ошол болсун, мага десе тентип-тербип жүрүп талаада өлсүн» демек.

Баятадан бери эки байбиче Жайнагүлдү угуп олтурушуп, ооздору ачылды да калды. Оо, бир оокумда Тумар улутуна дем тартып минтти: .

– Ал келинге эми түшүнгөн экенсиң да, балам. Мен ошондо эле: «Бул келин жаман келин эмес экен. Сенден акылдуу тура» – дегеним эсиңдеби?

– Ооба, айткансың, эсимде. Адам баласы ошентип, бирине бири кээде түшүнсө, кээде түшүнбөй жүрүп өтөт турбайбы.

Сөз ушул жерге келгенде Жанатты жетелеген Толкунбек энелеринин үстүнө кирди. Бир демге үнсүз тургандан кийин Жайнагүлгө карап минтти:

– Эмне, Үсөндү лагерге, же башка бир жакка жибергени жатасыңбы?

– Кайда жибермек элем. Эмне болду?

– Билбейм, Жанат айтат Жайна жеңем Үсөндү бир жакка жибергени жатат деп.

Жайнагүл кызына алая карады.

– Эй, качан айттым эле. Бирдемени түшүнбөй сүйлөй берет экен.

– Түшүнөм мен. Ооба, жибересиң. Үсөндү берем дебедиң беле! – деди Жанат.

Жайнагүл аласала томсоро түшүп, анан кайра күлгөн болду. Сөздү дароо бурду.

– Энем Үсөндү мага бергиле, мен бала кылып алайын деп тамаша кылганынан «Мейлиңиз, алсаңыз алып кетиңиз» – деп койгомун, ошону айтып жатса керек. Оо, чыккынчы.

– Ооба, калп айтып жатасың. Энем эмес эле, башка кишиге берем деп өзүң айтып ыйлабадыңбы.

– Жашабагыр, качан айтып, качан ыйладым эле? – деди кызын алая карап.

– Үсөндү айтып ыйлабадың беле?

– Ой, өлүп кеткир, качан?

– Жана таэнем менен энеме айттың го.

– Жашабагыр, чык эшикке.

– Капырай балам, эки сөзүңдүн бири эле жашабагыр, өлүп кеткир.

– Жашабагыр десе жашабай, өлүп кеткир десе өлүп кетмек беле. Ал тим эле сөздүн күүсү да, – Жайнагүл күлдү.

– Мен өлүмдөн жүрөгү үшүгөн катынмын, балам. Өлүп кетпесе да «өлүп кет, житип кет, өлүк-тиригиңди көрөйүн, жашабай кал» деген сыяктуу сөздөрдү укkум келбейт. Айттым эле го сага сырымды. Мени капа кылып камыктырбайын десең көзүмдүн тирүүсүндө андай суук сөздөрдү кулагыма угузбагын, каралдым.

– Макул эне, айтпоого аракет кылайын. Бирок тирүү жан болгондон кийин бирде болбосо бирде жаның кашайганда чыгып кетет тура сөздөр. Кантип эле өз балдарымды өзүм жамандыкка кыйып, сизди капа кылайын деп ойло-

юн. Кокустан, кээде бир тилимден жаңылып, ошондой жагымсыз сөздөр чыгып кетсе, көңүлүңүзгө албай жүрсөңүз, энекебай, – Жайнагүл Кынанын мойнунан орой кучактап, бетинен өптү.

Энеси менен өз аялынын сөзүн угуп туруп көңүлүндө Толкунбек минтип ойлоп турду. «Вай, вай, вай, энемдин талабынын күчтүүлүгү ай. Кокустан, тилдүү-ооздуу, кыялы жаман, сөз көтөрүмү жок, адамдын арзан-кымбатын билбеген келинге жолукса кантмек бул киши. «Жыгачтын жумшагын курт жейт, адамдын жумшагын адам жейт» дегендей, Жайнагүлдүн оозунан жедеп жаман сөз чыкпасына ишенип алып, болоор-болбос эле бир сөздү көтөрө албай жатат ээ! Кудай таалам Жайнагүлдү менин багыма эмес, энем менен атамдын багына берген экен да, – деди аялынын көтөрүмдүүлүгүнө ичи жылып. Болбосо: «Тилдесем, урсам өз балам кагылайын кайнене, көп какшабай жаагыңды басып жөн отур» – десе, олтурат эле да көчүгү менен дем алып.

Кына менен Жайнагүлдүн түшүнө Аккыз кирген күндөн баштап, кайнене менен келиндин ичин ит тырмап, «Кайгы жокто кайнене өлгөн кайгы экен» дегендей, жок жерден санаа табылды да калды. Толкунбек Тумар менен энесин алып, Жанат төртөө көлгө чогуу кетүүгө камынып калышты. Жигиттин ою алиги Казак Республикасынын «Ырахат» пансионатында курулуучу курулушка катышуу, ал болбосо Күм-Төр алтын кенинде курулуучу курулуштарда иштөө эле. Толкунбек өзү ала кетүүчү кийим-кечесин чемоданга салып жатып, бир-эки китеп алууну ойлоп, ирети менен дубалдын бир жак бетин бүт алган китеп текчесин карап көзү күйүп турду. «Түү, китептерди жыйган экен, Жакин. – Жигиттин колуна алган ар бир китеп бул дүйнөдө куну жок, баа жеткис, биздин доорго чейинки байыркы философтор Сократ, Платон, Аристотель баш болгон адабият алптары Гомер, Эскил, Софокл, Еврипид, Аристофан, Эпикур, Гораций, Вергилий, Овидий, Катулл, Марциолдан

тартып орто кылымдагы кайра жаратуучулары Коперник, Данте, Боккачо, Рабле, Сервантес, Шекспир, алтын кылым аталган доордун даанышмандары Гегель, Кант, Ницше, Вольтер, Руссо, Бомарше, Мольер, Гёте, Шиллер, Гейне, Байрон, Бальзак, Стендаль, Гюго, Беранже, Дюма, Мериме, Цвейг, Лонгфеллодон, Кытай адабиятынан Сыма Дянь, Цао Чжи, Ли Цинь Чжаодон тартып чыгыш адабиятынын алпы Рудаки, Авиценна, Фараби, Беруни, Фирдоуси, Саади, Хаям, Хафиз, Жами, Руми, Навои, Закани, Бедил, Жусуп Баласагундун китептерин окубай эле кызыгып, ар бирин аяр кармалап баратап ачып-жаап жатып убактынын канча болгонун да билбей калды. «Мына, – деп ойлоду Толкунбек, – жер шарын дүңгүрөтүп өз ысымдарын өлбөс-өчпөс кылып урпактан урпакка калтырып кеткен акылмандардын байлыктары. Жаратылыштагы жандуу менен жансыздардын бардыгы эскирип, чирип, өлүп жоголсо да бул ысымдар, бул китептердеги ар бир чыгарма, адам адам болуп жашап турган мезгилде миң миллион кылым өтсө да кыябай жашай бере турганын ойлоп толкундап турду. Бул улуу адамдардын атын угуп, бирок алардын эмгектери жөнүндө бул үйдөн көрүп окуйт экенмин деп оюна келбеген бул баасы жок мурастардын Жайнагүлдүн китеп текчесинен кандайча орун алып калганына таң калып бирин алып, бирин кайра коюп жатып алган Гомердин китебинин ичин ача берип, өзүнө да, көзүнө да тааныш кол менен жазылган конвертти көрүп жүрөгү болк дей түштү. Дем тартпай бир демге колундагы катты тиктеп туруп калды. «Жайнагүлдүн наамына жазылган кат экен. Балким, окшош колдур, – деп ойлоду. Адрестин аягына «Москва» дегенден башка эч нерсе жазылбаптыр. Жигит конверттин ичиндеги каттан, кат эмес эле Зыйнаттын өзү чыга калчудай болуп жүрөксүп кетти. Бирок ачпай да, окубай да коё албады. Бул шайтан Жайнагүлгө эмне деген сөздөрдү жазды болду экен, – деп, ошол замат катты кандай окуп чыкканын да билбей калды. Зыйнаттын ар бир

сөзү жүрөгүн удургутуп, ага болгон аёо сезими канын дүргүтүп жиберди. Анын өзүнө болгон махабатын мурда анчалык этибарга албаган Толкунбектин ичи эмне үчүндүр сыйрыла түштү. «Ай, байкушум ай, күнөөнүн баарын өз мойнуна алып, болгон чындыкты жашырбай ачык жазган экен. Экөөбүз келип дарбазанын түбүнө таштаган баланы, анан анын тоңуп өлгөндүгүн угуп жүрөгүндө оту өчпөй калган трагедияны Жайнагүл кандай кабыл алды экен? Сенин жүрөгүңө түшүнбөгөн ит экенмин го мен!» – деп жиберди. Ушул саамда балдары менен бир айыптуу кишидей бажылдашып үйгө кирип келаткан аялынын үнүн угуп колуна жансыз кармап турган катты шаша бүктөп конвертке салып, Гомердин китебин текчеге коё койду.

Ачык турган эшиктен Толкунбекти көргөн Үсөн чаңк этти:

– Мамочка, папам үйдө экен.

Үсөндүн үнү ошол саамда Зыйнаттын үнүнө окшоп кетти. «Кудая тобо, кадим эле Зыйнаттын үнү» – деп ойлоп жүрөгү туйлай түштү. Уулунун сөзүн укkан Жайнагүл кайра бурулду.

– Омей, сени көчөгө чыгып кеткен экен десем, үйдө белең?

Каткан катты окуп, Зыйнатты ойлоп, анын өзүнө болгон жакшы сөз жагымдуу мамилелерин, анан дагы «тоңуп өлгөн баласы» жөнүндөгү, ар качандан бир качан: «Асан менен Үсөндүн бири меники» – деп ботодой боздоп ыйлаган беймазалуу мезгилдерин көз алдынан өткөрүп турган Толкунбек, Жайнагүлдү кандайдыр бөтөн, бейтааныш бирөөгө жолугуп: «Бул адамды кайдан көрдүм эле?» – деп бүшүркөп турган сыяктуу кирпиктери ирмелбей калды. Жигит ушул саамда өзүнүн эмне ойлоп турганын да билген жок. Анын көз алдында Жайнагүл эмес эле Зыйнат тургансыган бир элес тартыла түшүп жок болду.

– Папа, биздин китеп көп бекен? – деди ээсин көргөн иттей шыйпактаган Үсөн колунда кармап турган альбо-

мун ары-бери ойнотуп китеп текчелерди көрсөтүп. – Бул меники, бул Асандыкы.

– Жок, бул сүрөт китептер меники, – деди Асан.

– Алар китеп эмес альбом. Чокморов, Айтиев, Осташев, Чуйков, Жумабаев, Эсенова качан сеники эле. Бул текчени мамам мага берген.

– Бардыгы эле сеники боло береби?

Толкунбек Үсөндүн мектеп босогосун аттай элек жатып авторлордун аттарын токтолбой жатка айтып тургануна ичинен таң кала карап оозу ачылып калды. «Бул бала өлбөй тирүү жүрсө адам болот экен. Тобо, Зыйнаттын да альбому бар турбайбы, – деп жүрөгү зырп дей түштү.

Жайнагүл уулдарына күлө сүйлөп минтти:

– Экөөң качантан бери дүнүйөңөрдү бөлүшө баштагансыңар? Бардыгы экөөңдүкү. Кийин чоң жигит болуп, колукту алып, өзүңөрчө болгондо өзүм бөлүп берем.

– Мен бөлүнбөйм, мама, Асан бөлүнөт.

– Жок, сен бөлүнөсүң! Мен мамам менен калам, – деди Асан.

Жайнагүл эки уулун эки ыптасына кучактап бооруна кысып өөп-өөп алды. А Толкунбек болсо «бул дүйнөлүк адабиятчылардын байлыктарын кайдан таап, кимден алды болду экен?» деген ойдо китеп текчесинен бөлүнө албай, сурай да албай оозу ачылып суктана карайт.

– Ооба, экөөң тең мени менен болосуңар. Эч качан бөлбөйм силерди.

– А папам ким менен калат, ыя мама? – деди Асан, Жайнагүлгө карап.

– Өзүнөн сурагыла, ким менен каласың? – деп.

– Папа, – деди эки уулу эки жагынан тарткылап. – Сен ким менен каласың, ыя?

– Ким менен каласың деген да сөз болобу, мамаң менен калам да.

Үсөн башын чайкады.

– Жо-о-к, папа, сен мамам менен калбайсың, биз Жанат эжем, Асан болуп биз калабыз мамам менен.

– Анан кайда барам мен?

– Алматага жумушуңа кетесиң да.

– Жок, кетпейм. Мен силерди сагынып, мамаңды сагынып келбедимби.

– Үйүңдө ким бар?

– Үйүм ушул да. Эми мен эч жакка кетпейм.

– Кетесиң. Бул сенин үйүң эмес, биздин үй, ээ мама.

Толкунбек манаттай кызарып чыкты.

– Ит го ыя, балдарың. Булар мени жат киши катары сезишет турбайбы.

– «Бөлүнгөндү бөрү жейт» деген ошол. Балдарды унутуп, жат болуп эле калбадың беле? Ошон үчүн сенин ата экениңди билишпей: «Чоочун киши келди» – деп, мокочо көргөнсүп качты го келгениңде. Дагы ушунчалык папалап тургандарына ыраазы бол.

Толкунбек аялынын сөзүн угуп шылкыя түштү. Батынып жооп да айталбады. Эринин эр өлтүрүп, кунга калгансып өчүп турганын карап туруп, махабаттуу күндөрү калыбына келбей, көңүлү салкын тартып турса да, Зыйнаттын: «Толкунбек жалгыз гана сизди сүйөт» – деп жазган сөздөрүн эстеп боору ооругансып кетти.

Ошол саамда Үсөн колундагы альбомду кайра-кайра шарактата баратап, кайра-кайра бир көргөнүн миң көрүп, улам бир сүрөттү ойлуу тиктеп туруп Жайнагүлгө минтти:

– Мама, кулундун энесин ат дейби?

– Ат дечү беле, бээ – дейт.

Үсөн бир тууганына минтти, кыйкыра сүйлөп:

– Ай, Асанчик, карачы мына бул бээни, кулунун бир атчан киши көчөдө жетелеп баратат. А байкуш кулун артын карап булкунуп жетекке баспай, энесин чакырып кишинеп баратат го ыя, карасаң. Түү, эне бээни дубалдары бийик короого камап коюптур. Байкуш энеси кулунунун үнүн угуп, дубалдан секирип баратканын сонун тартып-

тыр ээ. Сен кандай ойлойсуң, бээ дубалдан секирип кетала-бы же арка мойну астында калып, бели үзүлүп өлөбү?

– Билбейм, – деди Асан. – Балким, секирип кетет.

– Секирээрин секирет дечи. Бирок мынчалык бийиктик-тен соо калаарына ишенбей турам. Кандай аянычтуу картина.

Бармактай туруп Үсөндүн чоң кишилер ойлобогонду ойлогон ой жүгүртүүсүнүн күчтүүлүгүн укkан ата-эненин эмелеки сүйлөшүп жаткан сөздөрү бычырап кетти.

– Алдагы альбом өзүңдүкүбү? – деп сурады Толкунбек.

– Мамамдан акча алып жана сатып келдим.

– Канча сом экен?

– Кымбат.

– Кымбат болгондо канча? Берчи көрөйүн, ким деген художниктин чыгармасы экен?

– Алиги алам деп айткан альбомуң ушулбу? – деди Жайнагүл.

– Ооба, ушул, мама. Дүкөнчү эжей Асан экөөбүздү таанып калыптыр. Силерге катып койгомун деп берди.

Үсөн мамасынан акча сураганда эле, Эсенованын чыгармасын алаарын айткан. Азыр оюнда бул альбом Толкунбекке кандай таасир этерин ойлоп, күйөөсүн сынай тиктеп турду. Ким эле болбосун, китептин бетин ачпай туруп, биринчи эле чыгарманын авторун карайт эмеспи. Толкунбек Зыйнаттын фамилиясын көрүп, денесине ток тийгендей, башынан-аягына чейин бир ысык толкун дүр дей түшүп, мээсине барып бир тийди. Көздөрү алачакмак болуп, эки бети албырып кетти. Зыйнаттын жаңы эмгектери терүүгө даярдалып кол коюлганын билүүчү. Жигиттин көңүлүндө: «Бечара Зыйнат, мени сүйүп, менден бактылуу болуп ырахат көралган жок эле. Эми өз таланты-нан, өз эмгегинен баар таап, үзүрүн көрсө экен» – деген ой ойноп турду.

Ушул маалда Жайнагүл, өңү дароо өзгөрө түшкөн эрин карап туруп анткор сурады:

– Эмнеге мынчалык ой басып тунуп кеттиң? Берчи, мен деле көрөйүн. Автору ким экен?

Жигит аялын алагар көзү менен жалт карап алып, альбомду суна берип минтти:

– Зыйнаттыкы экен.

– Папа, кулун менен энесин көрдүңбү? Мен кулунду тарталам.

– Тарт, тарт.

– Ыя, папа, кыздар сүрөттү жакшы тартат экен, ээ?

– Ооба, жакшы тартат.

Толкунбек аялын, Зыйнат жөнүндө какшыктап бирдеме деп сөз тийгизээр бекен деп ойлогон. Бирок андай болгон жок, анын өзү эмес, сүрөтүн да кеп кылбады. Тек гана жанакы «Автору ким экен?» деген сөздөн башка ооз ачпай, сабыры суз тартып турду. Жайнагүлдү карап туруп, анын ичин ийдилеп жаткан мүшкүл эмнеде экенин Толкунбек ачык билалбай туңгуюкка капталып, ар кайсыны ойлоно берет. А Жайнагүл болсо, Толкунбектин Үсөндөн шектенип, баягы өз эшигинин алдына өз колу менен алып барып таштап «тоңуп өлдү» деген баласынын тирүүлүгүнө көзү жетип, ичинен тымызын тынып жүргөнүн эчак эле билген.

Жайнагүл колундагы альбомду ачып, өзүнчө эле бир ажайып кооздукка, башка бир адамдын ички дүйнөсүн ырахатка бөлөгөн сонундар дүйнөсүнө берилип, толкундап баратты. Ал Зыйнаттын күнүлөштүгүн да унутуп, улам бир картинага сугула карайт. Жайнагүл алиги Үсөн айтып жаткан кулун менен бээге келгенде буулуп, кареги чачырай түштү. Чындыгында эле адам кызыккандай, мазмуну терең картина экен деп ойлоду Жайнагүл. «Кудая тобо, айбан аркылуу бир күчтүү трагедияны чыгармачылык менен сонун берген экен. Эмне деген ой, эмне деген талант. Бул турмуш, бул жашоо да. Айбан айбан башы менен баласынын артынан өлөр-тирилерин билбей дубалдан учуп баратканын кантип ойлоп тапты экен? Бул да болсо эне-

нин балага болгон сүйүүсүнүн күчү да. Жайнагүлгө бул картина, башкача ой, башкача таасир калтырды. Картинадагы бул окуя башка эмес эле, айбан аркылуу берилген Зыйнаттын керт башынан өткөн арылбас арманы сыяктуу жүрөгүн тилип туду. Ушундай ой, ушундай санаага батып, Зыйнаттын картиналарынан баш көтөрө албай калган Жайнагүл Толкунбек менен Үсөндү укпай калды. Аял чыгарманы аягына чыга толук көрүп бүтүп, оор улутунуп алып, альбомду Үсөнгө кайра берди.

– Сүрөтүңөрдү таштагыла, тамак ичели. Калганын кайра келип көргүлө, – деди чыгып баратып.

– Дагы башка кыргыз художниктеринин альбомдору жокпу?

– Бар.

– Кана, көрсөтчү.

Үсөн текчеде ирээти менен коюлган «Советтик Кыргызстан», дагы башка авторлордун үч-төрт альбомун бирден алып атасына көрсөтүп, кайра ордуна коюп жатты.

Толкунбек өзүнө тааныш альбомдорду көргөндө жүрөгү удургуй түштү. Кечээ жакында эле өзүнүн жубайы болгон бул сүрөткер күнүлөшү жөнүндө балдарына эч нерсе айтпаган Жайнагүлдүн ички сырына түшүнө албай айран-таң болуп турду. Анын оюна эмелеки өзү окуган Зыйнаттын каты түштү. Анда Толкунбекке акаарат келтирген бир ооз да жаман сөз жок болучу. Тескерисинче, бардык күнөөнү Зыйнат өзүнө алып, Толкунбектин Жайнагүл жөнүндө жүрөгү тазалыгын жазган. Катты толук окуп чыккандан кийин Толкунбек: «Зыйнат, кеменгер, акылдуу аял турбайбы. Жаш болсо да башынан жамандык менен жакшылыкты көп өткөрдү. «Билими күчтүү миңди жыгат, билеги күчтүү бирди жыгат» дегендей, канча кылса билимдүү адам билимдүүлүк кылат экен да. Ал калп айтып, карөзгөй сүйлөгөндү билбейт. Эгерде, бул бечара аял мени менен түбөлүк жашап, Жайнагүл төрөгөн баланы ал төрөп, санаасы тынч, көңүлү куунак болсо бир Зыйнат эмес, мындай

эки Зыйнат болуп, даражасы даркан, таланты ташкын болмок – деп ойлоду.

– Папа, сен художникти тааныйсыңбы?

– Кайсы художникти?

– Мына бул альбомду жазган кишини?

– Ал ким экен?

– Айтиев.

– Тааныйм.

– А мунучу?

– Ким ал? – Үсөндүн кармап турган альбомун колуна алды. Көргөн көзүнө ишенбегендей көздөрү алая түштү. – Айвазовскийби? Оо, муну кайдан алдың?

– Биз эң көп китеп сатып алганбыз.

– Кайдан сатып алдыңар эле?

– Бир карган киши саткан. Мамам ага көп акча берген болучу. Мына мунун баарын (колу менен текчелерди көрсөттү), мен билем булар кимдердики экенин.

– Өзүң окуй аласыңбы?

– Ооба, окуй алам.

– Кана, окуп көрчү.

Үсөн китептерди улам бирден алып окуй баштады.

– Мольер, Байрон, Хафиз, Жами, Жусуп Баласагун...

– Оо, анык азамат бала турбайсыңбы, ыя?

– Ыя, папа, сен Эсенова деген сүрөтчү менен доссуңбу?

– Эмне болду?

– Мамам айткан Эсенова атаңдын досу деп. Сенин дагы башка сүрөтчү досторуң барбы?

– Ооба, бар! – Кантээр экен деп минтти. – Суриков, Репин, Кончаловский деген сүрөтчүлөрдү уктуң беле?

– Ооба, билем алардын баарын.

– Оо, азамат, жакшы бала турбайсыңбы. Репиндин чыгармасы барбы?

– Ооба, бар.

Толкунбек өзү мурда угуп-көрбөгөн атактуу адамдар менен Зыйнат аркылуу алардын баа жаткис мурастары ме-

нен таанышкан эмес беле. Ошол орошон таланттардын көбү жүрөгүнүн тереңинде өчпөс болуп жазылып калган ысымдарды тим эле сыймыктануу менен Үсөндүн алдында билимдүү, көптү көрүп, көптү билген, көп окуган зирек адамдарча оозун толтура сүйлөп минтти:

– Сальводор, Пикассо, Куприн, Рерих, Микеланжело, Тансыкбаевди уктуң беле?

– Жок, аларды уккан эмесмин. Оруспу же кыргызбы?

– Сальводор Куба, Пикассо менен Микеланжело итальянец, Куприн орус, Рерих индеец, Тансыкбаев өзбек... .

Үсөн тим эле жер шарындагы бардык улутту таанып билүүчүдөн бетер үн катпай муюп укту.

Толкунбек Үсөндүн ою менен, бала менен бала болуп оозуна келгенди оттоп олтурган жок. Ал уулу менен кадыресе чоң адам менен сүйлөшүп жаткансып, дүнүйөсү түгөл, чечекейи чеч болуп, жүрөгү жарыла сүйлөшүп жатып, тамакты да унутуп калды. Ал үчүн бул нары ардактуу, нары түйшүктүү кесиптин туу чокусу болгон сүрөтчүлүк искусствосу менен танапташ болгон ажайып күндөрү, Зыйнат менен ажырашкан мүнөттөн тартып экинчи кайрылгыс болуп, ошол үйдө, ошол жерде калды деп ойлоп, экинчи андай бактылуу, дөөтү колдогон адамдар менен табакташ да, талапташ да болом деп эч ойлогон эмес болучу. «Аттиң ай, бири кем дүнүйө!» деген ойдо ичи эңшерилип Зыйнат экөө жашаган үйдүн эшигин акыркы жолу жаап кетээр алдында: «Ушул жанга жагымдуу май боёктун жытын сагынар бекенмин» – деп көздөрүнө жаш айлана түшкөн болучу. Аздыр-көптүр Зыйнат менен жашаган күндөрүмдүн күбөсү болгон алтын уям, кош бол. Өз койнуңда экөөбүздүн кандай жашап, кандай турганыбызды сен гана билесиң. Эми минтип, акыры Зыйнатты да, сени да таштап өз үй, өлөң төшөгүмө, көзүн ачып көргөн, оозун ачып өпкөн балдарыма кетип жатам, кечиргиле мени. Зыйнат мени сүйүп, мени кастарлаганчалык, мен аны кастарлап, кубанычына кубаныч кошуп, жүрөгүмдү жарып кубандыра албадым.

Бул да болсо ар адамдын жандүйнөсүнүн каалоосунун ар башкалыгы окшобойбу. Сен эми мени менен бактылуу болалбасаң да Зыйнат менен бактылуу, ал үчүн «акжолтой жай бол» дегендей түркүн түрдүү ойго батып, оо бир оокумга чейин үй ичин тегерете карап, Зыйнаттын баякы баёо жүрөк балалык кездерин эстеп олтурду. – Ойноп оюнга, күлүп күлкүгө, иштеп ишке тойбой, эми-эми жетпегенге жетип, болуп-толуп турган кезинде түгөйүнөн ажырап, заңгыраган үч көмүт тамда жалгыз калган жарына жаны кейип, каңырыгы түтөп, деми ичине батпай, ордунан оор козголуп, бир өзөгү өрттөнө үшкүрүп алган эмес беле. Эми минтип ойдо жок жерден, өчтү деген оту жанып, өлдү деген баласы тирилип, Үсөндүн сүрөт искусствосуна болгон тубаса таланты Толкунбекти көптөн үмүттөнтүп, кайра баштан мурдуна май боёктун жыты келип, кайра баштан көркөм сүрөт өнөрканасына кылчайып турду. Ушул саамда баякы «тоңуп өлдү» деген баланын жарык дүйнөгө келген кезин эстеп кетти. Зыйнаттын аман-эсен көз жарып, эки колун бооруна алып, кол башындай болгон кызыл эт ымыркайды жүрөгүнүн тушуна кыса кучактаган аялын машинага салып кетип бараткандагы окуя Толкунбектин көз алдынан биринин артынан бири кинонун тасмасындай болуп өтүп жатты. Бооруна басып, өпкө-өпкөсүнө батпай букулдап ыйлап жаткан жаш эне, Толкунбектин айылына жакындаган кезде минтти:

– Толкунбек, ушул жерге машинаңды четке буруп бир аз токтотчу.

– Эмне болду?

– Балага тигил байбиче оозанткан бойдон эмчек берген жокмун. Бир аз эмизейин. Азыр коштошом да балам менен. Ушундай күндө балалуу болуп, аны менен минтип ажырашам деп ким ойлоптур. Чолпон-Атага жакындаган сайын өзөгүм өрттөнүп, жүрөгүм күйүп, ичек боорум эзилип баратат. Башым да ооруп чыкты. Мээме кан куюлуп, жүрөгүм кайгыдан жарылып өлөмбү деп турам.

Машинанын добушу менен Зыйнаттын ыйлап жаткынын Толкунбек укқан эмес. Ый аралаш дирилдеген үндү угуп, артына кылчая карады.

– Ой, сен ыйлап келатасыңбы?

– Ырдап келатат деп ойлодуң беле? Ыйлап келатам. – Өпкө-өпкөсүнө батпай, озондоп коё берди.

– Жинди болбо, «Кеңешип кескен бармак оорубайт» дегендей, кеңешип, макулдашып ушул ишке барбадык беле. Баланы тим эле талаага таштап жаткансып сүйлөйсүң да. Болду эми боздобо. Жайнагүл менен энем экөө көрөсүң го, сен экөөбүздөн артык бакпаса, кем бакпайт. Макул эми, эмизем десең эмизип ал.

Машина буйткалуу жерге бурулду. Зыйнат, калың ороочулгоонун ичинде жаткан баланын бетин аяр ачып, эмчегин чыгарды. Бирок караңгы аяздуу түндө баланын оозу кайда, көзү кайда экенин да билалбады. Иши кылып оозумурдун болжолдоп үрпүн саап жалмалаткан болду.

– Зыйнат, сен бекер эле баланы да, өзүңдү да кыйнап жатасың. Эмизем деп жатып бекер балага суук тийгизип алба, абайла...

Толкунбек өз көчөсүнө келгенде, машинаны үйүнөн жүз кадамча алыс токтотту. Эшикти ачып баланы алайын десе, Зыйнаттын колу кучактаган бойдон балага карышып калыптыр. Аны көрүп жүрөгү атып кетти. Анын оюна, уйкусу жок сак кулак атасы, булардын дабышын угуп дарбазадан чыга калуучудан бетер, Толкунбектин жүрөгү алыпучуп, муун-муунуна тийбей калчылдап кетти. Ал Зыйнаттын боорундагы баланы күч менен жулуп алгандай болду. Эси оогон Зыйнаттан, өпкө кагып солуктагандан башка үн да, сөз да чыкпады. Толкунбек баланы таштап кайра келгенде Зыйнат олтурган ордунда тилсиз жаткан болучу. Жигит анын абалына да көңүл бурган жок. Анын бардык ою эч кимге көрүнбөй, эч адамга туйгузбай, бул жерден тезирээк узап кетүү болучу. Тим эле булардын артынан жоо куып келаткансып, жолдун карына да, тайгагына да

карабай 100–120 менен өлөөр-тирилээрин билбей урдуруп келатты. Качан Чолпон-Атадан алыстап, тээ кыйла жерге келгенде гана бир «ох» деп алып, машинаны токтотту. Толкунбек Зыйнатты көрүп көргөн көзүнө ишенбей жүрөгү атып кетти.

– Зыйнат! Ай, Зыйнат! – жулкулдатты. – Караса колубуту тырышып эле тим болбостон, жаагы да кошо карышып калыптыр. Толкунбек машинаны жылытып коюп, арак менен массаж жасап, буту колун тынымсыз ушалап жатып, келинди оо бир оокумда араң эс алдырды. Анан термостон ысык чай берди. Зыйнат чаранадагы баласы эмес, чарк токтолгон уулунан ажыраган немече жолдугатар Толкунбектин айласын алты кетирип, Бишкектеги үйүнө жеткенче үнүн баспай боздоп келди. Эртеси Толкунбек Чолпон-Атага кайра келип, бала жөнүндө жаман кабар алып келди. Уулунун тоңуп өлгөнүн укkан Зыйнаттын ичинен кан жүрүп кетти. Ал ооруканада көпкө жатып чыкты. Бирок Зыйнат Жайнагүлдүн эгиз төрөгөнүн укkандан кийин баласынын тоңуп өлгөнүнө ишенбеген бойдон кала берди. Ал ар качандан бир качан: «Асан менен Үсөндүн бири менин балам. Өз баламды өзүмө алып бер» деген сөздөрүнүн чындыгы барына Толкунбектин көзү эми жетип, эми ишеними күндөн-күнгө артып баратты. Азыр басса-турса ойлогону Үсөн болуп калды. Байкуш Зыйнат баласынын тирүү экенин, Асан менен Үсөндүн өзү айткандай бири өзүнүкү экенин билбеген бойдон арманда кала береби!? Кантип ачылат бул сыр? – Өзү менен өзү сүйлөшөт.

Ушул маалда Асан үйгө атып кирди.

– Папа, чакырып жатат, тамак ичпейсиңерби? – Үсөндүн жанына келип тура калды. – Сүрөт тартып жатасыңбы? Берчи көрөйүн?

Колу менен калкалай калды.

– Тартып бүткөндө көрсөтөм.

– Көрсөтсөң эми?

– Билем, кимди тартып жатканыңды, – Асан талаша баштады.

– Айрасың, тарт колуңду. Мамама айтам.

– Айта бер, – Үсөндүн колундагы көкөлөтө кармаган баракты бир секирүү менен жулуп алды. Кагаз айрылып кетти. Балдар кармаша баштады. Толкунбек эки бөлүнүп жаткан кагазды колуна алып караса, бири-биринен жашыра турган деле эч нерсе жок экен. Бар болгону ботала болгон бир баланын сөлөкөтү түшүрүлө баштаптыр.

– Ой бо-о-ой, мен силерди жакшы балдар экен десем, ынтымагы жок урушчаак балдар турбайсыңарбы. Бир туугандар да силердей болобу? Үсөн сен дагы бир кызык экенсиң. Бул сүрөттүн эмнеси секрет, көрсөтүп эле койбойсуңбу? Экөөңдү кагыштырган бул балекеттүү сүрөттөгү эмне болгон бала эле?

– Билем. Үсөн мени тартып жатат. Жана айткан ошентип.

– Койчу, сен эмес эле турат.

– Ооба, ал менмин, – Асан ыйлап жиберди.

Толкунбек бөлүнгөн баракты бири-бирине бириктирип, абайлап кайра караса, чын эле Асанга окшогонсуп кетти. Анан уулдарына минтти:

– Сен эмес эле, башка бала го!

– Ооба, менмин, тигине карабайсыңбы?

– Сени мамам кечээ мокочо деди беле, мокочо деген, – деди Үсөн.

Анан эки колун бөйрөгүнө алып тура калды Асан.

– Сен өзүң мокочо эмессиңби? Кыйынсынып калган тура, мактанчаак.

– Качан мактандым эле. Өзүң мактанчааксың.

– Калп айтпа, сен өзүң мактаанчаксың. Мен Асандан окууну жакшы окуйм деп таэнеме айткан жок белең.

– Айтса эмне экен? Сен окуганды да, жазганды да билбейсиң.

Толкунбек экөөнүн ортосуна тура калды.

– Болду, токтоткула сөзүңөрдү. Сүрөт калып эми окуу-га өтүп кеттиңерби. Силерди үлгүлүү жакшы балдар десем андай эмес тура. Азыр көрөм экөөңөрдүн кимиңер кыйын окууруңарды.

Ушул убакта кайра-кайра чакыртып, тамакка келбеген күйөөсүнө ачуусу келген Жайнагүл өзү келип, балдарынын талашын угуп, эшик алдына токтоп калды.

Толкунбек катарында турган китеп текчесинен колуна тийген бир китепти алды да балдарына сунду.

– Кана, бул эмне деген китеп, кимиңер окуйсуңар?

Үсөн кол көтөрүп тура калды.

– Мен! – китепти колуна алды. «Кара шумкар!»

– Туура. Автору ким экен.

– Сардарбек Рыскулов!

– Ой, азамат, туура шар окудуң.

Толкунбек китепти ордуна коюп, колуна урунган дагы бир китепти алды.

– Кана Асан, эмки кезек сеники. Эмне деген китеп экен, окуп көрчү.

Асан китепти колуна ачып, тамгаларды бирден терип эжелеп окуй баштады.

Аны карап туруп Толкунбек минтти:

– Сен Үсөндөй шар окуй албайт турбайсыңбы. Бирок тамгаларды жакшы тааныйт экенсиң. Санаганды билесиңерби?

– Билебиз. Асан деле, мен деле билем санаганды, – деди Үсөн.

Толкунбек Жайнагүлдү карады.

– Уулдарыңдын мектепке даярдыгы жакшы экен.

– Жакшы окугандыгы үчүн Үсөн даярдоо группасынан «Мактоо грамота» менен сыйланды. Бул балам англис тилинен да, орус тилинен да мыкты. «Алыбек алына жараша» дегендей. Асаным Үсөнгө караганда сабак өздөштүрүү жагынан анчалык болбой жатат.

– Билет экен тамгаларды, мектепке барганда жакшы окуп кетиши ыктымал.

– Деги ошондой эле болсо экен.

Ушул маалда Үсөн Жайнагүлгө даттана кетти:

– Мама, сен Асанды айтпадың беле, жуунбаган немени мокочодой кылып тартып сүрөтүн илип кой деп. Тартсам айрып салды, карачы?

Жайнагүл күлдү.

– Кана, берчи көрөйүн. Өзүн көрүп ичи күйгөн го. – Кагазды бири-бирине эптештирип көрүп каткырып жиберди. – Так эле Асандын өзү ботала болуп. Кайра тарт эми.

– Ыя мама, тартпай эле коёюнчу? Асан жуунган жана.

– Анда жуунса тартпай эле кой.

Үсөндүн жаркылдаган жайдары мүнөзүн, күлгөндө жүзүнө өзүнчө бир жарашык берген кош ууртундагы чыпалак басым чуңкурду көрүп, Толкунбектин жүрөгү түрсүлдөй түштү. «Зыйнаттын өзү» – деп ойлоду. Жалпы жонунан жаратылышы маган окшош болгону менен, байкаган кишиге Зыйнатка түспөлдөш жагы менин көзүмө күндөн-күнгө көбүрөөк урунуп баратат. Ой тобо Кудай, ушундай болот экен деген ой үч уктасам түшүмө кирген жок эле. Үсөндү жалдырай тиктеп, эси ооп турган Толкунбекти сынай тиктеп: «Кантээр экен» – деп ичи уйгу-туйгу болуп турган Жайнагүлдүн абалына өзүнөн башка эч ким түшүнгөн жок...

Бир үйдө жашап, бир төшөктө жаткандары менен бири-бирине айтылбай, көөдөндү өйүп, жүрөктү тилген бу туюк жара Толкунбек менен Жайнагүлдүн тынчын алып эле тим болбостон, уйкусун да кошо алды. Экөө мурункудай эзилишип таттуу да болалышпады, көңүл калтырар катуу сөз айтышып ачуу да болалышпады.

Жайнагүл канчалык күйөөсүнүн ниетине түшүнүп, мурункудай жароокер, жаны менен жаны бир жар болоюн, мынча болду өткөн-кеткенди унутайын дегени менен өз жүрөгү өзүнө баш ийбей, кандайдыр бир көмүскөдө жанын

жай алдырбаган өксүк көөдөнүн өйүп, кежигеси кер тартат да турат. Сыягы миң кечирсе да «Калган кадыр менен чыккан жан табылбайт» деген ушундай неме болот окшобойбу. Азыр Жайнагүл мурункудай Зыйнатты да, Толкунбекти да күнөлөбөсө да анын орду толгус чоң жоготуусу бар болучу. Ал жоготуу баягы «Толкунбек!» деп жүрөктүн тереңинен от чачып туруучу кумары таркабаган махабаттуу кусалыктарды кимдир бирөө уурдап кеткенсип, Жайнагүлдүн жаштык жалыны өчүп, анын орду аңгырап бош калгандай сезилет өзүнө.

Ал эми Толкунбек болсо, Жайнагүлдүн алдында жалдырап кайра-кайра кайталап ар күн сайын кечирим сурай берет. Кына менен Тумар болуп Толкунбек үчөө эртең Көлгө кетебиз деп жаткан күндөрдүн бири эле. Тумар өз бөлмөсүнөн тышка чыгып баратып кыз-күйөөсүнүн сүйлөшүп жаткан сөзүн угуп, кылчайып тура калды.

– Кете бер, энемдер менен чогуу эле. Сенсиз эле жашап келгемин.

– Сен ушунтип турсаң кантип кетем, кетпейм. Ачылбай койдуң го деги.

– Кандай ачылайын? Сүйбөйсүң дейсиң. Качан сени сүйбөй койдум эле. Мен сени сүйгөндөгү көрсөткөн сыйыңды билесиң го.

– Туура, сен да сүйгөнсүң, мен да сүйгөмүн сени. Бирок айтып коёюн, мен сени сүйгөнчөлүк эч кимди сүйгөн эмесмин, сүйө да албайт экенмин, Жайнагүл. Сени сагынып, сага болгон кусалыктын күчүн сенден алыс жүргөндө билдим. Алың жетсе мендей акмактын бир күнөөсүн кечирип койчу, өтүнөм сенден. Атууга кеткен киши деле акталат турбайбы, алтыным, – деген сыяктуу сөздөрдү айтып, мөгөдөй салбырап жалынып жаткан күйөө баласынын сөзүн укkан Тумардын ачуусу келип турду кызына.

– Атаңдын көрү ай, кайран бала. Бул канчыкка кор болот экен го. Мынчалык эмнеге жалдыратат бул көк бет. Эркектин кусуру урган акмак экен го. Толкунбектин акы-

лы болсо бул бейбак ийиккенче эч жакка кетпей эле койсо жакшы болгону турат. Иш, иш эле дейт. Тимеле иш менен илгерки партиянын убагындагы коммунизмди куруучудан бетер эмнеге шашат болду экен, – деди бир демге тыңшап туруп: – Ай Толкунбек, Толкунбек сен дагы бир байкуш экенсиң. «Өзүң кылган иш, өз башыңа муш» деген ушул. Тумар өзүнчө кобуранып чайпала басып тышка чыгып, эшик алдындагы скамейкага өзүн салмактуу таштады.

Кудагыйынын эмелеки жадырап турган мүнөзү үйгө кирип чыккандын ортосунда өзгөрүп, кабагы саландап, бир нерсеге кейиш тартып, өзүнөн өзү туталанып турганын байкаган Кына тынчсызданган үн менен минтти:

– Э кудагый, бир заматта түктөйө түштүңүз да. Бир жериңиз ооруп турган жокпу?

– Ой, баякы эле тигил экөөнүн азабы, оорубай эле соомун, кудагый. Менин кызым күйөөсүнө бой салбай кергиштеп, текебер сүйлөп чыртылдап турганын угуп капа болуп чыктым. Толкунбектин келгени бир айга чамалап калды. Ошондон бери экөөнүн камыр-жумур болуп быгышалбаганы жакшы болбой турат. Санаам тынат го дедим эле, тынбайт окшойт.

– Сиз ошондой ойлойсузбу, кудагый. Менимче, арты кайырлуу эле го. Жайнанын сөзгө келип, күйөөсүнүн күнөөсүн кечирип, ушунчалык болгонун көрүп көңүлүм көккө сермелип, санаам тынып жыргап эле калдым мен. Анча-мынча болбой эмне болуптур. Аа, айланайын кудагыйым, Жайнанын чыртылдашынын деле, коркутканынын деле жөнү болуп жатпайбы. Тим кой, ошентип өчүн алсын. Ортобузда жашыра турган эмне бар. «Кыздын сыры төркүнгө маалым» дегендей, Толкунбек деген тозокунун эмне кылганын билебиз го. Мен өз оюмда, бул иттин күнөөсүн эч качан кечирбейт го дечүмүн, Жайнаны. Акылдуу эмеспи, балдар үчүн кечирди го акыры.

– А-а-а, байкуш кудагыйым, анысы бар деңизчи. Иши кылып сиз ойлогондой болуп эле түбөлүгү түз болсо болду.

Сиздин көңүлүңүздүн тынганы, менин көңүлүмдүн тынганы, сиздин кубанганыңыз, менин кубанганым эмеспи. Азыр ушул маалда менин экинчи кайгым Үсөн болуп турат, кудагый. Бул баланын тагдырын кандай кылабыз? Сиздин да, менин да, Мансур куданын да мойнунда бир чоң оор жумуш турганын менден мурда өзүңүз жакшы билесиз. Сиз бул жерге да жөн келген жоксуз, туурабы кудагый?

– Туура айланайын кудагый, туура. Аккыз түшүмө киргенден бери санаам санга, оюм онго бөлүнүп, өз канымды өзүм ичип, тирүүлөй күйүткө түшүп куурадым. Санаадан ичим ичиме катып, этим этиме катып, куураган эле куу сөөгүм калып баратат. Төрүбүздөн көрүбүз жакын болуп, абышка экөөбүздүн тең көргө бутубуз салаңдап, үйлөп койсо учуп кетүүчүдөй болуп үлпүлдөп эле араң турабыз. Өлсөк да ыймандыбызды жеп, бирөөнүн убал-сообун аркалап жүзүкара болбой Кудайдын алдына жүзүбүз жарык барсак болот эле. Өмүргө кеч кирген сайын ушуну ойлоп, акыретке ниетибиз агарып, күнөөдөн арылып, ыймандыбыз менен барсак экен деп калат экен. Азыр Үсөн жөнүндө Толкунбек эч нерсе билбейт. Ошондо ит болгондо, тирүү баланы өлдү деп, бекер жашырган экенбиз.

Тумар Кынанын сөзүн бөлдү:

– Сиз билесизби кудагый, биз «Толкунбек Үсөндү билбейт» дегенибиз менен шекшип турат. Баланы элейе тиктеп туруп, тунжурап ойго батып кеткенин байкайсызбы? Үсөндү ары басса артынан, бери басса бет алдынан ээрчий карап эси ооп турганына караганда, Зыйнатка окшоштурабы деп калдым. А Асанды болсо андай көз караш менен карамак турсун, көңүл буруп да койбойт. Үсөндүн тарткан сүрөттөрүн көргөндө эки бети албырып, толкундап кеткенин көрүп таң калдым. Кечээ кечте Үсөн башым деп жатып албады беле. Баланы көрөйүн деп кирсем Толкунбек жанында экен. Мени байкаган жок. Жалынып, уулун өпкүлөп жатыптыр. Кокуй, – деп шырп алдырбай кайра чыгып кеттим. Азыркы менин кайгым ошентип Үсөн бо-

луп калды. Келиниңиз экөөңүз көргөн түш, жөн түш болбой калды, кудагый. Бул түштөн жыйынтык чыгарбаса болбойт.

– Жакин эмне дейт экен, сүйлөшүп көрдүңүзбү?

– Эмне демек эле. «Куу алган кушта эмне сын» дегендей, ал байкушта эмне кеп. Ушул балекеттүү түштү көргөнү өң-алаттан кетип, бат эле арыктап, чүнчүп кетти. Толкунбектен ажыраганда да мынчалык болгон эмес эле. Ал эми Үсөндөн ажыраган күнү ажалдан мурда, баласынын күйүтүн көтөралбай өлүп кетчүдөй болуп жүрөт. Канткен менен туубаса да тутунган баласы да. Ага элик сүтүн бербей, эмчек сүтүн берип, бөтөн энеден туулгандыгын унутуп калган. «Баккан бала боор эт менен тең болот» деген калетсиз айтылган сөз экен го. Жайна Үсөн дегенде энеден башкача үзүлүп түшүп, көзүн карап өстүрбөдү беле.

– А Үсөндүн өзүчү!? Оо, ал Жайнагүлгө башкача жакын бала. Бул эне менен баланын ажырашуусу кыйын болот го, ыя кудагый, – деди Тумар.

– Анан эмне, кыйын болоорун кыйын болот деңизчи. Кантип ажырашаар экен экөө.

– Баса сиз угалексиз, кудагый, – деди Тумар, – ал келинден кат келиптир Жайнагүлгө. Мен ошол каттын кабарын Жакинден угуп «Толкунбек келип калат окшойт» дегенинен келип, ошол бойдон күйөө баламды күтүп калбадымбы. Эрден көңүлү калган шордуу кыздын акылына акыл кошуучу киши болбой, күйөөсүн ачуусу менен күтүп албай, колдон чыгарып жибереби деп, Жайнагүлдүн айынан, Толкунбек үчүн келбедимби. Кары кишинин жол жүрүшү да оңой эмес экен, кудагый.

– Аны бир айтасызбы, эки айтасызбы. Ырахмат сизге, келгениңиз ажеп эле болуптур. Билген кишиге алтын данакер болдуңуз го биз үчүн. Ылайым уучуңуз узарып, балдарыңыздын ырахатын көрүңүз. Ал бейбак эмне деп жазыптыр катты. Атаңдын көрү, тайбас экен го.

– Калп айткан менен болобу, ал дагы бир багы жок шордуу арам тура. «Толкунбек мени сүйбөйт, сизди гана сүйөт. Күйөөңүздө күнөө жок, күнөөнүн баары менде. Алыңыз жетсе аз айып, көп күнөөсүн кечирип күтүп алыңыз», – дептир.

– Акыл кирип калган го Кудай жалгап. Акыры түбөлүк бүлө болбосуна көзү жетсе керек.

– Тиги дейбиз, бу дейбиз, жаш кезде суу ылдый агып, суу өйдө чыгат тура адам. Бул сүйүү деген да бир өзүнчө оору болуучу неме го. Азыр илгерки ашыглыктын айынан бири үчүн бири өлүп, бири үчүн тентүүчү сүйүүлөр жок болгон тура. Болбосо Жусуп менен Зулайканын, Кыз Жибек менен Төлөгөндүн, Мырза уул менен Аксаткындын, Олжобай менен Кишимжандын сүйүүсүндөй сүйүү кайсы жашта бар. Мына сүйүү деп ушулардыкын айтыш керек. Ойлоп олтурсаң бул сүйүүлөр да заманына жараша болуучу неме окшобойбу. Кудая тобо, бири сүйүп, бири сүйбөсө, бул да тозок болуучу неме тура. Жанакы Зыйнат деген сүрөтчү келиндин жазган катын окуп олтуруп жүрөгүм ооруду. Эрге тийип эрден жок, бала төрөп баладан жок, орто жолдо кан жутуп жалгыз калуу оңой деп турасызбы. Кызынын сыздаганы көрдө жаткан арбакты түйшөлткөнүн карабайсызбы. Бул ишти Жайнагүлгө айтып ары-бери кылыш керек, болбосо эбак көзү өтүп кеткен аял жөндөнжөн эле сиздин түшүңүзгө кирген түнү Жайнагүлдүн түшүнө кирбейт эле да. Арбак козголуп, арбак каршыккан жаман, кудагый. Бул көз көрүнөө сыр берген аянды эстеген сайын коркконумдан жүрөгүм оозума тыгылат.

– Мени коркпойт деп турасызбы. Ошол түшүмдөн жүрөгүм түшүп, чочуганымдан оорумду оору дебей, алысты алыс дебей, жанымды оозума тиштеп алып учтум го асман менен. Болбосо бул жакка келүү оюмда жок иш болучу, кудагый айланайын. Бул жумушту көп создуктурбай, сиз экөөбүз ушул жерде чогуу турганда Жайнагүл менен сүйлөшүп ары-бери кылалы. Менин Мансурдан да са-

наам тынбай турат. Ошол бирдеме болуп кетеби деп корком. Ай, ай, ал оңбой калды, көрөсүз го. Атаңдын көрү ай, балдарынын чайын иче турса жакшы болбойт беле.

«Атакем билсе каран иш, энекем билсе өз башынан өткөн иш» дегендей, Жайнагүл го, Жайнагүл. Ал баарын билип «Тоодой ишти төшүнө катып, аттай ишти алдына басып», Үсөндүн таштанды экенин эч кимге билгизбей, эгиздин түгөйү кылып асырап олтурат. Муну Толкунбек билбейт да. Ага кандай айтабыз?

– Өтүң жарылган Толкунбек ай, кууратың го баарыбызды. Бул жашыруун сырды ага ачык айтпай туруп, Үсөн жөнүндө сөз баштаганыбыз болбойт го, ыя кудагый. Жайна жумуштан келсе сүйлөшөлү, эмне дейт экен?

Толкунбек өз энесинин жөндөн-жөн эле тукуясыз келип калганына бир таң калса, экинчи таң калганы кайненеси экөөнүн сүйлөшүп сөздөрү, сырдашып сырлары бүтпөй, баштары баштарына тийип, кандайдыр бир орчундуу маселени чечалбай жаткандай болгон күңкүл сөздөрү, Толкунбектин дабышы кандай чыкты дегенче, экөө тең жаактары жап болуп, мостоюп калгандарын байкап: «Кагылайын ырыска шерик алтын энелерим, менден мынчалык сактанып жашыргандай, кандай татаал жашыруун сырыңар бар болду экен?» – деп ойлоп тынчы кете баштады. Өз энем менен кайненемдики аз келгенсип Жакиндин да кабагына кар жаап, ачылбай калды. «Эмне үчүн? Мен билбеген кандай капа-кайгылары бар болду экен үчөөнүн?» деген ойду ойлогон бойдон тышка чыгып кетти.

Чын-чынына келгенде Толкунбектин санаасы да булардыкынан кем эмес болучу. Айырмасы эле өлдү деген баланын, Үсөн деген ат менен өз баласы болуп калгандагы божомол шектүү туюлду. Жигиттин Зыйнаттан биротоло кетип жаткандагы ойлогон ою такыр башка болучу. Ал болсо, балдарыма барып, кайра баштан Жайнагүл менен жашасам Зыйнатты эстебей, көңүлүмдөн биротоло өчүрүп саламын го деп ойлогон Толкунбек, үйүнө келип Үсөндү көз

токтотуп көргөн күндөн баштап, Зыйнатты көңүлүнөн өчүрмөк турсун, тескерисинче, мүнөт сайын эски дарты жаңырып, мүнөт сайын ою обого учуп Зыйнатты эстей баштады. Анын бир корккону баягы эле күндүз оюнда ойлогонун, уктап жатып сүйлөгөнү болду. Ал ушундай баш-аягы жок санаага батып, тээ бир оокумга чейин дарбазанын алдында турду. Ал бул жерге келгенден бери, көрсөм деп көмүскө көксөп, көңүлүнөн чыкпай жүргөн адамдарды эстеп кетти. «Бир күнү туз таткан жериңе миң күнү салам бер» деген акылмандардын сөзүн ойлоп, Токтогул менен Ырысты эстеп: «Булардын эчен ак май, кызыл чайын ичтим эле. Ачуу демделген чайы болсо да Толкунбек ичсин деп оозума кармап туруучу эмес беле. Зыйнат экөөбүздү укту бекен? Эгер укса, Толкунбекке жакшы болду, Зыйнатка жаман болду, – дешип, жээнине кайгырып жатышкандыр.

Ошентип ар кайсыны ойлоп олтуруп, акыры аткарылбай жүргөн оюн аткарууга Толкунбек бүгүн чыгымдуулук кылды. Ал машинасын да айдабай, автобуска да түшпөй эки жагын карабаган калыбында эл аз жүргөн чет көчөлөрдүн бири менен шыпылдай басып олтуруп көк сыр менен сырдалган тунукелүү үйдүн, өзүнө тааныш темир капкасынын алдына кандай жетип токтогонун өзү да билбей калды. Ал жолдо катар кандайдыр артынан кимдир бирөө куун келаткансып жүрөгү лакылдап, өзүнчө эле бир кызык болуп келатканын байкап, өзүнө өзү «Эмне үчүн?» деген суроо берип, демиккенин басып токтоду. Ушул маалда миң кубулжуп, биринен бири өтүп үн алыша сайраган торгой менен булбул үнү Толкунбектин эмелеки көмкөрүлүп турган көңүлү муштумдай болгон кош чымчыктын үнүнө эрип, бардык ою да, дили да, жүрөгү да бүтүндөй ошол ажайып сулуулукка сүңгүп кетти. Жигит көңүлүндө ушул минут өзгөрбөй дагы созула түшсө экен деп ойлогончо болбой, айланадагы тынчтыкты астын-үстүн кылгансып кандайдыр кара темирди темир балка менен уруп жаткандай

болгон калдыр-шалдыр түшкөн жагымсыз үн, эмелеки жандүйнөнү жашартып, ырахатка бөлөп турган ошол ажайып дүйнөнү жутуп алгансып торгой менен булбул үнү жок болду.

Толкунбектин короого кандай киргенин үй ээлеринин эч кимиси байкабай калышты. Токтогул карыянын, эчак жашын жашап бүткөн эски кол арабаны оңдоп, ичин каңылтыр кара темир менен каптайм деп өзүнчө түйшүктөнүп жатканын көрүп, жигит үнсүз токтоп калды. Ал эми Ырыс апа болсо, очокко от жагып казан асып, пияз каттама жасап жатканын жытынан дароо билди. «Баягы адатынча, дагы эле абышкасы жакшы көргөн каттамасын жасап жаткан экен, – деп ойлоп койду. Бул карылардын бир жакшы жери өздөрүн өздөрү жакшы сыйлап, жакшы ичип-жеше турган адаттары бар болучу. Күн өттү, өмүр өттү деген ушул. Карылыкка моюн сунуп, эңкейип калышкан экен, кайран кишилер деди ичинен. Оо, бир оокумга чейин эки жагын карабай иштеп жаткан карылардын кыймыл-аракетин карап тургандан кийин салам айтты:

– Саламалейкум ата! Иш илгери болсун, – Толкунбек мурда эле Токтогулду ата, Ырысты апа дечү.

Карыя Толкунбекти карабаган калыбында алик алды.

– Алекима салам. Ырахмат. Сен кайсы баласың?

– Мен Толкунбекмин, ата.

– Эмне дейт? – карыянын колундагы балка ыргып кетти.

– Толкунбек дейби!? – Ырыс апа очок оозунан учуп турду. – Ой секет кетейин, Толкунбек болгонуңдан.

Токтогул карыя олтурган ордунда кулачын жая берип барк этти.

– Эңкей бери. Жаманатакөйү, кандай сак-саламат турасыңарбы? (Толкунбекти обдула берип, чекесинен өптү) Зыйнат да келдиби?

– Жок, мен элемин ата. Зыйнат Маскөөдө.

– Бизди унуттуңар го?

Түз жерден жыгылуучудай болуп, чалынып-чулунуп келаткан Ырыс кубанычтан алыстан эле өзүнчө кобурап жалынып келатты.

– Ой, секет кетейин каралдыларым, жол каратып көз майды түгөттүңөр го сагынтып, – Толкунбектин мойнунан кучактап бети-башынан туш келди өпкүлөп жатты. – Зыйнат Маскөөдө дейсиңби? Ал кыздын «кемендирөпкөсү» бүтпөйт экен го.

Токтогул карыя сөзгө аралашты.

– Толкунбек түшүмдө жылаңбаш, өзү жалгыз келип жатыптыр, дедиң эле байбиче. Ырас эле жалгыз келген тура. Үйгө кирели. Сен бизге карабай чай-пайыңды даярдай бер, байбиче.

Толкунбек бул кишилердин сөзүн угуп жүрөксүй түштү. Зыйнат экөөбүздүн ажырашканыбызды угалек турбайбы. «Кап, менден укпай, башкадан укса болот эле. Зыйнат өзү деле кат жазып койсо болмок экен. Кат жазса да келбей калды бекен» – деп ойлоду.

– Машинаң көчөдөбү? – деди карыя.

– Жок, жөөмүн ата.

– Жөөмүн!? Жөө келдиңби?

– Ооба, машина тигил үйдө калды, – деди мукактана сүйлөп. – Жөн-жайды шашпай айтайын деп ойлоп, сөздү башка жакка бурду. – Кандай, деги ден соолукта, күүлүүдемдүү турасыздарбы?

– Жогору өт, – чарпаянын төрүн көрсөттү. – Ден соолук деле жашка жараша болуучу неме тура, балам. Турабыз кылдырап. Током Алымканды ырдагандай, «бир күн оору, бир күн соо» болуп өмүр өтүп жатыр. Кудай Таалам пендем деп жаратса, кемпир экөөбүз бир күндө өлсөк деп сүйлөшүп калабыз.

– Жарыктык, ошондой кантип болсун, ойго келбеген ишти айтасыз.

– Силерди кайра-кайра убара кылбай, экөөбүздүкү чогуу болсо жакшы эле болоор эле. Э-э-э балам, кандан чык-

кан карачечекей күйөөр-бышаарың болбосо ойлойт экенсиң. Жанакы Кудай өзү сүйүп берип, кайра өзү сүйүп алган топ баланын бири эле болсо эмне. – Токтогул ашкана жакта жүргөн аялын карап барк этти. – Э-э байбиче, сени бирөө очоктун оозуна байлап койдубу. Чай бермегиң тозок болду го!

– Мына азыр, – деди аял, – менин карыганымды билбей, сен дагы эле келин бойдон шайдоот дейсиң го, ыя бай?

– Мага келиндей эле көрүнөсүң, байбиче, –Токтогул борс- борс күлдү.

Аял самоор көтөрүп чарпаянын алдына келгенде Толкунбек ордунан тура калды.

– Жарыктык, мага эле айтып койбойсузбу, самоор бар деп, – Ырыстын колунан алып, табактын үстүнө койду. – Самоорсуз чай ичпейсиздер ээ?

– «Бай жардыланса, байлыгын койбойт, кембагал байыса, кедейлигин койбойт» дегендей эле кеп. Самоорго көнгөн жаныбыз электр, газ дегенге кайнаткан чайга көналбай койдук, балам, – деди Ырыс байбиче падноско салган каттамаларын дасторкон үстүнө коюп жатып, – Толкунбектин келерин билгендей жасаган экенмин каттаманы. Ырас болбодубу.

– Зыйнат силерге кат жазды бекен деп ойлодум эле. Сыягы, эч нерсе жазган эмес го?

– Жок, жазбады, балам. Бир жолу Маскөөдөн тилипон чалган. Андан ары Индостанга барамын деди эле. Делиде Бүткүл Дүйнөлүк сүрөткерлердин сүрөт көргөзмөсү ачылат экен го. Ага Зыйнаттын да чыгармалары катышат турбайбы. Качан келерин айткан жок. Сени менен сүйлөшүп турса керек?

– Жок, мени менен сүйлөшпөдү. Сыягы, биз жөнүндө эч нерсе билбейт турбайсыздарбы. Мен сиздерди укту го дедим эле.

– Укпадык, балам. Эмне болду эле? Деги жакшылыкпы? – деди Ырыс Толкунбекти аңкая тиктеп.

– Зыйнат экөөбүздүн ажырашканыбызга бир топ болуп калды.

Токтогул ата Толкунбекти карады.

– Ажыраштык дейсиңби? Баса машинам тигил үйдө дегениңден шектенген элем.

– Ооба, ата, ажыраштык. Бул ишти Зыйнат өзү баштап, өзү чечти.

– Өзү чечти?! – Ырыс апа ишенбегендей аңкая түштү. Анан бир демге ойлоно түшүп минтип кошумчалады. – Аа, куураган байкуш, тууп тукумумду бербегенден кийин, балдарын тирүүлөй жетим калтырып убал-сообун аркалабайын деп тобокелге салган экен анда. Акылдуу эмеспи, аяган тура.

Токтогул карыя адегенде томсоро түшүп, оо бир оокумга чейин кирпик какпай дасторкондон көз албай ойлуу тиктеп тургандан кийин чалкалай берип, башын Толкунбекти көздөй буруп минтти:

– Жакшы кеп болуптур, балам. Зыйнат бул жагынан азаматтык кылган экен. «Куш айланып учуп уясын табат» деген ошол. Эми ким-киминер болбосун бактылуу болсоңор эле болду. Эртеби-кечпи, зилинде бир ажырашуу бар го дечү элем. Оюм туура чыкты. Бул жакта балдарың кандай турушуптур? Сени көрүп баселе жыгылышса керек.

– Жок, ата, басып жыгылышпай калсын. Мени көрүп: «Чоочун киши келди» – деп үркүшпөйт бекен. Чындыгында эле мен аларга чоочун болуп калыптырмын. Эми, эми кичине үйүр алышып келатабыз. Оюмда, кокустан Жайнагүл кабыл албаса кайра эле: «Зыйнат кайдасың» – деп кетем го дедим эле. Бирок андай болгон жок.

– Угушубузга караганда ал келинди эстүү киши дешет го. Балдар үчүн кечирет да, – деди сакалын сылай берип.

– Баса, Толкунбек, балдар демекчи, ошол эгиз уулдарың жөнүндө чоң сөз бар, балам. Баякүнү эле, мына бул мандайыбыздагы Самат деген кошунабыз кыз чыгарып, той берди. Саматтын кулачы кенен жайылган жигит экен.

Тойго Көлдөн да, Чүйдөн да, Таластан да, ал эмес Казакстан менен Өзбекстандан кишилер көп келди. Кошунанын тоюнда Саматтын аялы Дилдештин бөлөсү менен тааныштым. «Сураша келсе карын бөлө чыгат» дегендей, силерди жакшы билет экен.

– Аты ким экен?

– Айганыш. Мурда силер жакта иштеген тура.

– Айганыш! Оо, билем ал кишини. Мурда Чолпон-Атада болучу. Азыр билбейм кайда иштээрин.

– Кайда иштээрин мен да сураган жокмун. Сыягы, Бишкекте го.

– И, анан эмне дейт бизди?

– Толкунбектин эгиз уулун мен төрөткөнмүн дейт. Бирок чындыгы ал балдарды өз колум менен кабыл алган эмесмин. Мага кабарды Мансур ата барып берди. Келсем Кына байбиче эки баланын киндигин эбак кесип, экөөнү эки башка ороп коюптур. Мен Жайнагүлдүн аман-эсен көз жарып, эки колун бооруна алганына кубанып, балдардын тонун кароо да оюма келбептир. Менин бар болгон кызматым, машинага салып төрөт үйүнө жеткирүү болду. «Бир күнү жаңылык укпаса, адамдын кулагы дүлөй болот» дегендей, эртеси уксам, «ошол түнү Мансурдун эшигинин алдына кимдир бирөө жаңы төрөлгөн бир эркек баланы таштап кетип, үй ээлери көрбөй тоңуп өлүптүр» деген сөз чагылгандай чарт этти. Оюмда, балким, ошондой болсо керек, деп койдум ишенип. Бирок «жамандык жерге жатпайт» дегендей, кийин баягы таштанды бала, Эсенова төрөгөн Толкунбектин уулу имиш деген сөздү угуп: «Баса, бир кермек даамы бар эле» – деп, ошондо араң шекшип жүрөм.

Кудая тобо, анан калса, ошол кезде Жайнагүл төрөп, «Кан бастыга жин басты болуп» дегендей, бирөө атайын заказ бергенсип, Жайнагүл эгиз төрөдү болуп калганын карабайсызбы. Капырай, деги адамдан амал качып кутулбайт экен го. Мансур менен Кына «Кой оозунан чөп алба-

ган», Кудайы момун кишилер өңдөнгөнү менен айлакер адамдар турбайбы. Айлакер болбосо тигил баланы: «Тоңуп өлдү» дешпейт эле да. Анысы аз келгенсип мүрзөгө барып: «Баланын сөөгүн жашырып жатам» – деп топуракты томпойтуп үйүп олтурганын көп киши көрүптүр. Анан ишенет да эл. Зыйнат бечаранын ошол баладан кийин төрөтү токтоп калганын угуп боорум ооруду. Мынчалыкка баргандан кийин таштабай-этпей эле, ачык төрөп алса болмок. Эчен-эчен сурайын-сурайын деп жүрүп эле убакыт өтүп кетти. Анын үстүнө көрүшпөй калдык. Ушул сапар Ошко келишимден пайдаланып, Жайнагүлгө учурашууну үйдөн эле максат кылып койгон болучумун. Антпесе экөөбүз бир жылга жакын бирге иштедик, туздаш-даамдаш болдук дегендей, жакшы санаалаштык жайыбыз бар болучу, – деп сүйлөп отурду тойдо. Айганыш кетерде үйгө чакырып чай берип, Жайнагүлгө кезиккен, кезикпегенин сурадым. Кезигиптир. Үйүндө болуптур. – Эгиз балдарын көрдүңбү, кандай экен? – деп сурасам айтты:

– Ой, апа, анын эмнесин сурайсыз, тим эле таптатынакай, супсулуу балдар болуптур. Көздөрү бажырайып экөө тең Толкунбектин оозу-мурдунан түшкөнсүп, өзү.

– Анда тигил келин өзү эле төрөгөн го десем, минтти:

– Жок, апа, коё туруңуз. Мен Үсөн деген уулунан шектенип калдым. Толкунбектин көзүнө көзү окшош болгону менен, адамды кыя карагандагы көз карашы, каш-кирпиги кадим эле Зыйнаттын өзү. Анан дагы күлгөн күлкүсүчү. Анын атасы Эсен, Эсен болуп райондун бир жагын чоюп турганда, менин атам да ошол райондун өзүндөгү «Достук» совхозунда парторг болуп иштөөчү. Андан дагы эки кабат үйдүн биринчи кабатында биз, экинчи кабатында алар турушчу. Ошол кезде Зыйнат так ушул Үсөндүн курагындагы татынакай эрке кыз боло турган.

– Зыйнат экөөң теңсиңерби?

– Жок, ал менден көп кичүү болуш керек. Үсөндүн кээ бир кыялын, баскан-турганын көрүп отуруп Зыйнаттын

балалык кези көз алдыма кайра-кайра тартылып жатты. Атасы Эсен да, энеси Аккыз да эл оозуна кирген, жакшы адамдар эле. Зыйнат ошол кымындай кезинде эле сүрөткө, оюу-чийүүгө ышкыбоз, такылдаган чыйрак кыз боло турган. Бул тагдыр деген татаал нерсе тура. Зыйнатты ушундай эл-журтка белгилүү, кыргыздын атак-даңктуу кызы болуп, бирок үй-бүлө күтүүдө таалайы тайкы болоорун ким ойлоптур, – дейт Айганыш.

– Ушул сөздү уккандан бери санаам санга бөлүнүп, Зыйнатка аябай боорум ооруп калды, балам. Ал уулуна өзүндүн көз карашың кандай? Тигил келин айткандай чын эле Зыйнатка Үсөндүн окшоштук жактарын байкай алдыңбы, же байкай алган жоксуңбу?

Толкунбек байбичинин мындай суроо берерин ойлогон эмес болучу. Эмне деп айтаарын билбей деми буула түштү. Ошол саамда анын жүрөгүнө бир нерсе тык деди. «Билем деген миң сөз, билбейм деген бир сөз» дегендей, аты жакшы «байкаган жокмун» дегенден башка кызыгы жок деп ойлоду. Кокустан: «Ооба, Зыйнатка окшоштугу бар экен» деген сөз оозунан чыкты дегенче, ал дароо Зыйнатка жетээрине көзү жетип турду. Андан кийин эмне болот? Ал сөз «Толкунбек айтыптыр» болуп, Жайнагүлгө барып бир тиет. Жок, жок, оозду басыш керек. «Төө көрдүңбү, мыёо, бээ көрдүңбү мыёо». Толкунбек оо бир оокумдан кийин күлгөн болуп минтти:

– Билбейм, мен Үсөндөн деле, Асандан деле эч нерсе байкаган жокмун. Атам менен энем тирүү баланы кантип эле өлдү деп жалган айтсын. Анткени Зыйнат экөөбүз жөнүндө ал кезде эч кандай кеп-сөз жок эле да. Мен өзүм үстүнөн чыгып, өз көзүм менен көрдүм го баланы жайына койгонун. Билбейм, Айганыш эмне үчүн антип айтты экен. Бекер сөз го, апа!

– Жок бекер эмес. Көрөбүз го акыр түбү.

– Ишенбейм, – деди Толкунбек оозу бош.

– Ишенбесең ишенбе. Бирок эртеби-кечпи чындыгы чыгат дечи.

Мен ал баланы өз көзүм менен көрүүгө аракеттенип көрөм. Эгерде чыны менен Айганыш айткандай болсо кантип эле энесине бир жери окшобой калсын. Болуптур, балам, бүгүнкү сөз ушуну менен бүтсүн.

Токтогул карыя чайдан бошогон чынысын кемпирине жылдыра берип, аялына кабатырлана минтти:

– Жок сөздүн кереги эмне, байбиче. Чын болсо да, калп болсо да мындай ушак-айыңга башкалар аралашса да, сен аралашпа. Ушул жашыбызда бирөөнүн аки-чүкүсүнө кийлигишип не азап. Уккан уккан жерде, көргөн көргөн жерде калганы жакшы. Мейли, ал бала кокустан Айганыштын айтканы туура болуп, Зыйнаттыкы экени чын болгон күндө да, эч ким аны далилдей албайт. Далилдеген күндө да, баланы Жайнагүлдөн алып, Зыйнатка кайтарып берүүгө эч кимдин акысы жок. Бала туугандыкы эмес, тутунуп баккандыкы.

Ырыс чалына таарынгандай мостоё түшүп, башын чайкап, бирдеме айтайын деп оозун эптеп келатты эле, Токтогул колун шилтеп минтти:

– Байбиче, болду токтот сөзүңдү.

Ушул жерде Толкунбекти ойго салган бир сөз Ырыс апанын «Эгерде Зыйнаттын төрөгөнү чын болсо, кантип эле энесине бир жери окшобой калсын» деген сөзү болду.

Ырыс абышкасына карап минтти:

– И ботом, абышка, аралашпай сөзүңдү токтот дейсиң да. Аралаша турган иш болсо аралашып, сүйлөй турган сөз болсо сүйлөйм да. Сен экөөбүз эми, өз бир тууганыбызга каршы өзүбүз ок атабызбы? Мени антип тыйба. Эгерде эле бала Зыйнаттыкы экенине көзүм жетсе, түз эле ачыкка чыгам. Барам Жайнагүлгө. «Ээси келсе, бээсин бер» дегендей, берсин баласын өзүнө. Убал-сооптон корк дейм. Зыйнатты да Кудай жараткан. Калыстык кыл. Мен Зыйнат жөнүндө да, сен жөнүндө да жакшы билем, деп ай-

там... Атаңдын көрү иттин кызы, Күнболот менен түбөлүктүү үй-бүлө болуп жашай албасын билгенден кийин, ачык эле төрөп алса болмок. Олда байкуш Зыйнат ай, «Баланы таштап кайра тартканыбызда, жүрөгүм үзүлүп, өпкө-боорум эзилип, ошол кызыл эт ымыркай менен Мансурдун эшигинин алдында калгандай, карегим караңгылап, өзүмдү өзүм жоготуп, акылым айнып келатып Бишкекке кандай абалда, эмне болуп жеткенимди билбейм, тажеңе. Өз канынан чыккан наристесин, бирөөнүн эшик алдына таштап, өз баласын өзү өлтүргөн мен сыяктуу кара боор, таш жүрөк шумшукке Кудай Таалам экинчи кантип бала берсин. Тагдыр мени туура жазалап, тукум көргүс кылып туурамды түгөтүп койгонун кантип түшүнбөйүн, сооп болот мага», – деп канча жолу айтса, ошончо жолу ботосу өлгөн иңгендей буркурап-боздоп жиберчү эле. Бирок Зыйнаттын бир жерине таң калчумун. Анткени баласынын өлүмү жөнүндө Толкунбек күнөөлүү деген сөз эгерим оозунан чыкчу эмес. Андан башка тажаал аял болсо сенин жакандан колу кетпейт болучу, балам. Ой шумдугуң кургур, баласын аяздуу кычыраган кыштын түнүндө талаага таштап өлтүргөн адамдан көңүлү калбаган мындай энени ким көрүп, ким угуптур. Көрсө, бул көңүл менен сүйүү деген капыр баланын ажарынан күчтүү болучу неме окшобойбу.

Толкунбек үчүн Зыйнаттын бала жөнүндөгү күйүтү жаңылык эмес болучу. Башкаларга күйөөсүн күнөөлүү деп ачык айтпаганы менен, анын тарткан азабын, күйгөн күйүтүн канча ай, канча жылдан бери көзү менен көрүп, кулагы менен угуп, жедеп бышы кулак болуп бүткөн жигиттин абалын Ырыс менен Токтогул кайдан билсин. Толкунбек Ырыс апанын айткан сөздөрүн айласыздан угуп, жети өмүрү жерге кирип, бул үйдөн кантип чыгып кетерин билбей, чай эмес эле уу ичкенсип кара терге түшүп олтурду.

Ушул саамда, жамандык менен жакшылыкты башынан көп өткөргөн кыраакы чал: «Эр жигиттин уялганы

өлгөнү» – деп ойлоп Толкунбектин сурун көрүп, байбичесинин сүйлөгөн сөзүн жактырбай, чыдамы кетип алая карап минтти:

– Болбодубу эми, алжыган акмак.

– И, эмне болуп кетти?

– Атаңдын башы болуп кетти. Түштөн кийин жаштардын ишине кийлигишип, өткөн ишке эмнеге мынчалык башты оорутуп олтурасың?

– Түштөн кийин эмес бай, билсең эң сонун убагы. Бала өлбөй-житпей эле тирүү деп жатпайбы.

– Тирүү болсо сонун болуптур. Бирок сага айттым го, тирүүлүгүн да, эки баланын эгиз эместигин да ким далилдеп, ким күбөлүккө өтүп берет? Ой тобо, баланы Зыйнат туубай эле сен өзүң туугансып өрттөнөсүң да. Эмне кылса өздөрү чечип, өзүлөрү билсин. Бажылдап олтуруп, Толкунбекке чай да ичирбедиң.

– Жок, ичтим ата, ырахмат. Анда мен бата кылып кете берейин. Атайын эле сиздер менен учурашып, ал-абалыңыздарды билейин деп келгемин. Билдим, учураштым, жакшы экенсиңер.

– Ырахмат эстеп келгениңе. Ырыс апаңдын сөзүнө капа болбо, балам. Бул байкуш да Зыйнатка күйгөнүнөн айтып жатат. «Уккан кулакта жазык жок» дегендей, кулак укса курсак кайнайт деген ошол. Зыйнат Маскөөдөн качан келээрин билбейсиңби?

– Билбейм, ата. Мен билгенден ал өзүнүн чыгармалары коюлуучу Индостандын көз карандысыз республика болгондугунун 50 жылдык юбилейинин урматына ачыла турган Делидеги Бүткүлдүйнөлүк көркөм сүрөт искусствосу боюнча уюштурулган көргөзмөгө катышат.

– Мен сүрөтчүлүктүн мынчалык чоң даражалуу өнөр экенин билбептирмин. Көрсө, сүрөттүн да үлкөн кадыр-баркы, сүрөттүн да көп кырдуу атак-даңкы болучу неме экен го.

Толкунбек күлдү.

– Анан кандай деп ойлодуңуз эле? Сүрөттү да тарткан киши тартат.

– Сүрөт тартуунун да окуусу болобу?

– Болбогондо, болот ата. Эмне болду?

– Баса, Зыйнат окуйм деп калуучу эле го.

– Ооба, окуйм дечү. Азыр ал жөнүндө эчтеке айталек.

– Ой, кокуй ай, азыркысы деле оңой «аптыракат» эмес го. Дагы кандай окуу бар экен? Адам баласы мансап менен байлыкка, атак менен даңкка тойбойт экен го. Карыганча эле окуй береби? Азыркы дөөлөтүн, жетишкен ийгиликтерин Кудай кут кылсын десе болмок. Колу билгенден кийин жатып алып тартчу сүрөтүн тарта бербейби.

Чалынын сөзүн угуп олтурган Ырыс минтти:

– Зыйнат сен экөөбүздөн акыл үйрөнбөйт, бай. Окугусу келсе окуй берсин. Толкунбек менен деги ажырашып алыптыр. Жетет өзүнүкү өзүнө. Бала-чакам кароосуз калат дегендей, багылбай жаткан отуз уул, кырк кызы болбосо, эмнесине кылчактайт эле.

– Мен үчүн Зыйнаттын жаныма жакын жүргөнү жакшы. «Жан бар жерде каза бар» дегендей, кокустан экөөбүздүн бирибиз жүрүп кетсек, ак кепиндеп, аруу жууп кызмат кылуучу Зыйнаттан башка кимибиз бар эле. Ырысыбыз болсо, ошол жаман кыз аман болуп, ат жете турган жерде жүрсө дейм. Мурда Толкунбек бар деп топук кылуучу элем. Айла жок, «Бөрү баласы ит болбойт» деген ушул. Акыры ушундай болоорун билгемин мен. Башканын кемчилиги эч нерсе эмес, баштын кемчилиги кыйын тура, балам.

– Ой, катыгүн ай, карыганда адам көп сүйлөп калат окшобойбу. И, дагы эмне дейсиң? Дагы барбы сөзүң? Зыйнат, Зыйнат эле дейсиң. Зыйнаттан башка деле жээндериң турбайбы керилген. Алар эмне бөтөнбү? Туш-тарабың кыбыла, бай, тобо де.

– Жаман атакөйү, карыганда чал-кемпир ушинтип биринин сөзүн бири жактырбай калат экен го. Дагы сөзүң

барбы деп коёт. Бар сөзүм. Эмирим менен Темиримдин алыс жүргөнүнөн айтпай жатам. Алар сен экөөбүз өлсөк, бизди баласыздай кылбайт дечи, байбиче. Бала, бала дейбиз балалууларды да көрүп жатам.

– Туура айтасыз, Кудай бала берсе да ыймаңы менен берсин. Ыймансыз, кайрымы жок баладан көрө жогу жакшы, – деди Толкунбек.

– Калп айткан менен болобу, деги эркек балага караганда ата-энеге күйүмдүүлүгү жагынан кыз бала жакшы экен. То-боо, – карыя жакасын кармады, – Зыйнат кенедей наристе кезинде эле ата менен энеге жакын, элпек, боорукер, өтө сезимтал болучу. Мектептин босогосун аттай элек жатып сүрөт тартам деп эле өзүнчө убараланып жатуучу. Ак кагазга шырдак деп, түркүн-түрдүү оюучийүүлөрдү түшүрүп, көргөн адамдын көзүн күйгүзүүчү. Карга сүрөт тартып, ылайдан киши жасап ойноп турган. Ошондо эле маркум Эсен менен Аккыз: «Зыйнатым тирүү жүрсө чоң сүрөтчү болот» – деше турган. Ата менен эне балага сынчы, – деп бекер айтылбаган экен. Көрсө, адам болуп жаралганда эле талант деген касиет даарыган кыз турбайбы. Деги бул кыздын колдогону бар. Атаңдын көрү шум өлүм, атасы болбосо да энеси тирүү болуп кызынын ушул күн, ушул даражасын көрсө эмне. Жазууга айла жок экен го, чиркин. Минтип ата-энеси көрүүчү сыйын биз көрүп олтурабыз. Кудай бизди да бекер жаратпаган экен. Зыйнатым бир жакка барып калса, өңгөнү унутса да кемпир экөөбүздү эсинен эгерим чыгарбайт го. Өзүң билесиң, эмнебиз бар, эмнебиз жогун өзүбүздөн мурда билип, дароо толуктап турат. Бөтөн эл, бөтөн шаарга барган сайын «Белек» деп олтуруп, кийим деген неме кабат-кабат болуп толуп кетти. Үйдө олтурган киши кийип кийим деле жыртпайт экен, балам. Бекер эле чыгым болот экенсиң, бизге эми эч нерсе албагын десем:

– Алып келген кезде алып, болгонду кийип-ичип тургула. Силердин өлүмдөн бөксөргөн жүрөгүңөрдүн арманын

арылтып, кемтигиңерди толтура албасам да, оозуңарды кубантып тамак ичирсем, ийниңерди кубантып кийим кийгизсем дейм, таяке. Жаш болуп ата менен энеге кызмат кыла албай калбадымбы. Эми атам менен энем көрбөгөн ырахатты силерди көрсө экен дейм, – деп айткан сөздөрүн эчен уктуң го балам өзүң.

– Эми анын эмнесин айтып олтурасың, Зыйнаттын сен экөөбүздү кандай көрүп, кандай сыйлаарын билет да Толкунбек, – деди Ырыс.

– Билсе да айтам, – деди Токтогул. – Бирдеме болсо эле, билерман кишиден бетер, тыйымыш болуп кыпчыласың да турасың. «Жакшы жүрмөк бар, жакшы карымак жок» дегендей, сен экөөбүз жакшы карыбай калдык окшойбуз го ыя, байбиче. Эгерде Аккыз болгондо Зыйнат, балким, мындан да башкача болот беле, ким билсин. Адам баласына аба менен суу кандай керек болсо, бул кыз балага эненин мээрими, эненин тарбиясы ошончолук керек болучу неме турбайбы.

– Кайран киши, жакшы адам эле. Сиз айткандай Зыйнат тыңдыгынан жеңди жетишсиз турмуш менен жетимдикти. Жаш болсо да Аккыз эжени кирпигине кир жугузбай, жакшы сөз, жайдары кыялы менен баккан да, агага арка, иниге жөлөк, сиңдиге эне болгон да ушул кызы болбодубу, – деди башын салмактуу көтөргөн жигит.

Токтогул Толкунбекти жүлжүйө карап минтти:

– Ачык айтсам мага капа болбо, айланайын. Чындыгында Зыйнат сени менен бактылуу болом деди эле, болалбады. Сен деп жүрүп бир башы эки болбой, эки ортодо коколой башы жалгыз калды. Кантебиз, айла жок. Эми ким-киминер болбосун жалган дүйнөдөн жамандык көрбөй аман болгула.

Толкунбек тердеп кетти. «Бир бармагымды тиштесем, бир бармагым ооруйт» дегендей, андай айтса да, мындай айтса да туура болуп жатпайбы. Эки тарап тең кыйбас,

эки тарап тең аялуу. Эмине деп айтып карыяны жооткоторун билбей тили буулду...

Булар менен кандай коштошуп, кандай чыкканын да билбей калды. Жолдо катар тигилерден укkан сөздөрүн эстеп ичи уйгу-туйгу болуп келатты. Өзүн өзү жемелеп ачууга буулат. «Акмактыгымдан жазыгы жок үй-бүлөмдү таштап сыздатканым аз келгенсип, эми Зыйнатты сыздатып баса бердим. Ай-күнүнө жетип турган немени көз көрүнөө азгырып алысты алыс дебей, чилдени чилде дебей жолдо бирөөнүкүнө төрөтүп, андан дагы кыйратып салгансып өз үйүмө алып барып таштаганымды карачы. Зыйнаттын түбөлүк туубас болуп калышына мен себепкер болбогондо ким себепкер болду эле? Эми минтип «тоңуп өлдү» деп, эбак түңүлгөн баланын тирүүлүгү мага айдан ачык болуп олтурат. Билбейм, бул окуянын түбөлүгү кандай болуп аяктаарына көзүм жетпей калды. Ырыс апанын айтымына караганда, мурунтан эле күмөндөр болуп жүргөн экен да Айганыш. Ошон үчүн эгиздин түгөйү болуп жүргөн Үсөндү дароо тааныган тура. «Кудайды көзүң менен көрбөсөң, акылың менен тааныбайсыңбы» дегендей, анан калса үнү менен кулкүсү, адамга жугумдуу жароокер мүнөзү, Айганыш айткандай, Зыйнаттын эле өзү болуп турбайбы. Бул жүрөктүн тереңинде катуу сакталган сыр ачылбаган бойдон, эки-үч кишинин ортосунда эле кала бereби? Айтор, Зыйнаттын убалы мени уктатпас. Калыстык менен айтканда Зыйнат төгөрөгү төп келген эле мыкты аял. Бирок «Колдо бар алтындын баркы жок» дегендей калайык-калк, калың журт сыйлап алаканына салып турган бул бечараны мен качан баалап, качан сыйлай алдым?! Француз элинин көрүнүктүү ойчулу Вовенарг: «Улуу адамдардын көпчүлүгү өмүрүнүн мыкты кездерин өздөрүн түшүнбөгөн, сүйбөгөн жана анча баалай билбеген адамдардын арасында өткөрүшөт», – деп билгичтик менен таамай айтып кеткен турбайбы...

Толкунбек ушундай түркүн түрдүү ойдун түрмөгүн түрүп бүталбай, санаасы самандай сапырылып келатып, өзүнүн үйүнөн кандай өтүп кеткенин да билбей калды. Ал качан гана Асан менен Үсөндүн «Папалап!» артынан жарыша чуркап келатканын көрүп токтоду. Эки-жагын карап элейди.

– Түү-үү атаа, үйдөн өтүп кеткен турбайымбы. Кайда келгемин деги?

Артынан жете келген балдары энтиге сурады:

– Папа, кайда барасың?

– Кайда бармак элем, үйгө баратам.

– Үй ушул жакта беле, артта калбадыбы.

– Аа, артта калдыбы, мен байкабай эле кете берген турбайымбы. Көп узап кеткенмин го? «Башы иштебегендин эки аягына күч келет» деген ушул. Экөөң болбогондо кете бермек экенмин да.

– Анан кете берип, кайда барат элең ыя, папа? – Үсөн күлүп, Зыйнаттыкына окшогон сурмалуу сулуу көздөрүн жоодуратып Толкунбекти күлмүңдөй тиктеп турду.

– Менин үйдөн өтүп кеткенимди ким айтты силерге, же өзүңөр көрдүңөрбү?

– Өзүбүз көргөн жокпуз, – деди Асан, – энем айтты, папаңар эки жагын карабай түз эле жогору кетип баратат. Артынан чуркап жетип билгилечи, кайда барат экен? Бир жакка барса, келип тамак ичип алып анан барсын, – деди.

Булар Толкунбекти күтүп түшкү оокатын ичише элек болучу. Жигит саатын карады. Ал минтип бат эле саат эки болуп калганын ойлогон эмес болучу. «Кудая тобо, ушунчалык көпкө кармалган экенмин да» – деди көңүлүндө. Эки уулун эки колуна жетелеген Толкунбек дарбазадан кирер-кирбестен эле, Үсөн энесин көрүп минтти:

– Эне, папам эч жакка барбай эле, үйдү билбей калыптыр.

– Эмне дейт катыгүн? Үйдү билбей калганы кандай?

– Папам үйдү көрбөптүр, – Үсөндүн өзүнөн мурда көздөрү күлүп ойноктоп турду.

– Эмне деп тамтаңдап жатат, балдарың? – деди Кына, Толкунбекти карап. – Кайда бараттың эле?

– Эч кайда баратпай эле, үйдү байкабай өтүп кетиптирмин.

Кына өзүнчө башын чайкап: «Аа, курган балам ай, бирдеме ойлоп кетсе керек. Санаасы бөлүндү адам ошондой болот» – деп ойлоп, улутуна дем алып койду.

Ушул маалда ачык айталбагандары менен Тумар да, Жайнагүл да Кына ойлогон ойдун тегерегинде Толкунбекти карап коюшту.

– Кайда бардың, көпкө жүрдүң го, балам? – деди Кына.

– Жүрдүм, балдар кезигип калып. Эмне болду?

– Эчтеке болгон жок. Кечигип келгениңден айтып жатам да. Сени күтүп тамак ичелекпиз.

– Күтпөй эле иче бербейсиңерби?

– Иче берели десем апам менен энем болбой койду, Толкунбек келсин деп, – деди дасторкон жайып жаткан Жайнагүл.

Тамак үстүндө Толкунбек Жайнагүлдүн көзүн көрүп жүрөгү болк дей түштү. Ошол замат өз энеси менен кайненесин алмай-термей карап алып, жаңы эле оозуна салган нанын ирмебеген калыбында, тээ бир оокумдан кийин жутар-жутпастан, колундагы шорпо сузган кашыгын кайра кесесине салып, кайненеси менен өз энесин карап минтти:

– Эмне болду? Деги тынччылыкпы?

Толкунбектин кебетесин көрүп, эки байбиче жарыша сүйлөдү:

– Эчтеке болгон жок, балам!

– Тынччылык эле, каралдым.

– Деги ошондой эле болсун. Жайнагүлдү көрүп, эмнеге мынчалык кабагы шишип, ыйлаган көздөнүп калганынан эсим чыгып кетти.

Кына ортодо турган табактагы самсыны көрсөтө берип минтти:

– Ушул ысыкта дандырга мына бул самсы деген оокатты жабамын деп, чаалыгып калды го. Болбосо эмнеге ыйламак эле.

Толкунбек энелеринин сөзүнө анчалык ишене койгон жок. Булар менден кандайдыр бир чындыкты жашырып айтпай жатышат, деп гана ойлоду. Ырасында эле ошондой болучу.

Толкунбектин эртелеп көчөгө чыгып кеткенин укkан Кына жүрөгүн өйүп турган сөздү баштап минткен:

– Мен кетсем болбойт беле, кудагый. Мал-сал менен абышка куурады го, оорукчал неме. Тигил балакеттүү баланын айласын кандай кылабыз? Же Кудай тобокел деп, «Жабылуу аяк жабылуу бойдон» кала береби?

– Ой, билбейм, менден акыл чыгат деп турасызбы, айланайын мусулманым. Баарынан да эбак көзү өтүп кеткен энеси Аккыздын түшүнөргө киргенин угуп жүрөгүм түшүп турат. Арбакты таарынткан болбойт. Жок, бул ишти создуктурбай ары-бери кылыш керек. Төрүбүздөн көрүбүз жакын калган кезде, бирөөнүн убал-сообун аркалабай, ыймандыбызды жебей, ак өлөлү. Сен өзүң кандай дейсиң Жакин, айтчы, эмне кылалы? Толкунбекке айтпаса болбойт го, ыя?

– Эмне деп айтасыңар? Баякы Зыйнат экөөң эшиктин алдына алып келип таштап кеткен бала, тоңуп өлбөй эле тирүү. «Ээси келсе бээсин бер» дегендей Үсөндү Зыйнатка алып барып бер!» дейбизби? Ой, кайран балам ай, кантейин сенин айланды. Акыры ажырай турган болуп турам го сенден. – Жайнагүл өзүнөн өзү буулугуп, өзүнө өзү ээ болалбай жүрөгү өрттөй жанып, өксүп ыйлап жатты.

Тумар силкинип алды.

– Болду, токтот ыйыңды. Анык Кудай урган неме экенсиң го. Сен ойлогондой эле Үсөндү, бар десе барып, кет десе кетип, Зыйнат энең десе эле, энемсиң деп басып жыгылаарын бир Кудайдын өзү билет. Минтип ойду-тоону ойлоп куурап олтурбай, тобокел деп бул туюк жаранын оозун

ачып, бир жаңсыл болгон жакшы. Кудагый да минтип опулдап кетем деп турат. Толкунбек келсе, сен өзүң айталбасаң, кудагый айтпаса, анда мен айтайын.

– Ой, энекебайым ай, мен өзүмө өзүм жакшы түшүналбай турам. Кокустан Үсөндөн ажырасам, күйүткө чыдабай өлүп кетемби же болбосо мээме кан куюлуп кетип шал болуп жатып каламбы деп коркуп жатам. Бул балакеттүү баланы менин шорума ташташкан турбайбы. – Жайнагүл кой-айды билбей ыйлап жатты. – Мындай болоорун ким билиптир, кандай арга кылаарымды билбей калдым.

– Сенин дениң соо эмеспи деп турам. Үсөндү ким тууганын, ким кууганын билип туруп эмнеге эле мынчалык өлөрүңдү санап өрттөнүп жатасың? – Тумар ачуу бүрктү.

– Үсөндүн бөтөндүгүн билбей да, сезбей да өз баламдай болуп калганын кандай түшүнбөйсүң, эне. Мейли, акыры ачыкка чыга турган болгондон кийин ачыкка чыксын. Өзүңөр айткандай «Өлүмдөн башканын баарынын эрте болгону жакшы». Айтсаң айт Толкунбекке. Көп болсо Үсөндү алып, өзү кошо кетер.

– Анда айтпай эле коёлу.

– Жок, жок, айта бер, эне. Мен арбактан да корком, Кудайдан да корком. Зыйнаттын апасы менин түшүмө жөн кирип жаткан жери жок. Баарынан да менин түшүмө киргең түнү, энемдин түшүнө киргенинен деле ойлобойсуңбу.

– Мейли анда, Жакин макул болсо айтсаңыз айтыңыз, кудагый. Айтканда эмне деп айтаар экенсиз? – деди Кына.

– Эмне деп айтмак эле, айтат да чындыкты. Ансыз деле Толкунбек Үсөндү көргөндөн бери шектенип жүрөт. Баланын энесине окшоштук жактары жок дейсизби. Бизге билинбегени менен бар да. Үсөндүн сүрөткө шыктуулугу деле айтып турбайбы, кимден туулуп, кимди тартканын. – Жайнагүл көз жашын сүрттү.

– Болуптур, сөз бүттү анда. Макулдаштык. Толкунбек кандай кабыл алса, ошондой кабыл алсын. Эмне болгонун көрөбүз. – Болду, ыйлаба. Тирүү балага да киши ыйлай-

бы? Мынчалык ыйлаактыгыңды билбептирмин эмгиче. Кайраттуу го дечү элем. – Тумар оңдонуп олтурду.

Аялдар ушундай бир түрлүү бүтүмгө келип, эмне болгонун көрө жатаарбыз дешкени менен үчөө үч башка ойдун санаасын сапырып, ичтеринен тымызын сызып олтурушту.

– Толкунбекти күтүп олтура беребизби. Кудагыйдын курсагы ачты го. Жанакы самсы деген тамагың да муздаса керек эмдигиче, – деди ордунан туруп баратып Кына.

Канткен менен бала деген бала да. Кынанын санаасы санга бөлүнөт. Уулунун Үсөндөн шекшип жүргөнүн өзүмдөн башка эч ким байкай элек деп ойлогону менен, эмелеки Жайнагүлдүн сөзү ал оюн жокко чыгарып койгону да өзүнчө кайгы болду. «Деги Үсөндүн кайгысы жүрөктү алып бүттү го» – деп ойлоп, Толкунбекти көрүнөбү дегенчелик кылып көчөгө чыгып, эки жагын карап туруп, кандайдыр Толкунбек кебетеленген кимдир-бирөөнү көрүп жакшы тааный албай неберелерин чакырып:

– Ай, Асан! Үсөн! Бери келгилечи, – деди.

– И, эне, эмне болду? – Экөө жанаша келип тура калды.

– Мына бул куураган көз жакшы көрбөй, тааный албай жатам. Тээтигил, көчөнүн башында кетип бараткан папаңар эмеспи? Көзүңөр курч эмеспи, карагылачы.

– Ооба, папам экен, эне, – деди балдар.

– Ал жакта кимиси бар эле? Бол, артынан чуркагыла. Жумушу болсо, келип тамак ичип алып андан кийин барсын деп жатат дегиле.

Эки бала чымын-куюн болуп учуп жетип, атасын ээрчитип келгендеги кербези ушул болучу.

Кыраакы Толкунбек булардын ортосунда кандайдыр өзүнө айтылбай жаткан жашыруун сыр бар экенин энелери менен аялынын көрүнүшүнөн дароо түшүндү. Бирок ал кандай сыр, кандай сөз экенин билген жок.

Мурдакыдай: «Алагой балам, жесең кагылайын!» – деп кайненесинин кайра-кайра өнтөлөп айтчу сөзү кандайдыр

унутулуп калгандай сезилди Толкунбекке. Тескерисинче, «жесең же, жебесең кой» деп жаткан сыяктуу айланада тынчтык өкүм сүрүп турду. Толкунбек канчалык шорпо ичип, самсы жегиси келип турса да, жүрөгүнө эч нерсе барбай койду.

Чымын учса угулгандай болгон бул дүлөй тынчтыктан кооптонгон Толкунбек башын көтөрө берип, кайненеси менен өз энесинин бири-бирине кабак-кашын серпип, көздөрү менен жаңдашып сүйлөшүп жатканын көрүп, эч нерсеге түшүнбөгөн калыбында, тоңгон муздай болуп томсоруп олтурган аялын бир карап алды. Анан чыдабай минтти:

– Эмнеге эле баарыңар унчукпай калгансыңар?

– Унчукпаса да күнөөлүү болобу? – деди Жайнагүл.

– Күнөөлөп жаткан эч ким жок. Бирок баарыңар тең эле сүйлөшүп алгансып үн жок, сөз жок томсоруп олтурасыңар, кызык болот экен. Жүрөгүмө да тамак барбай калды, – Толкунбек шорпо куюлган кесесин ары жылдырып койду.

– Биз сенден мурда ичип олтурбадыкпы, бизге карабай иче бер, алдыңа кетейин, – деди Кына.

– Аа, атакөйү, бизди унчукпайт деп да капа болобу. Антпей тамагың муздай электе ичсең. Самсы аябай даамдуу болуптур. Шорпо менен күчтүүлүк кылабы деп, иче албай тартынып олтурам мен.

– Силер ичпесеңер менин да ичким келбей калды.

– Эмне, тоюп келдиң беле?

– Ооба, тоюп келдим, – деди кыйтыя түшкөн Толкунбек.

Жигит өзүнүн арам оюнда: «Кимдир бирөөлөр, менин Токтогул атаныкына барганымды көрүп буларга дароо жеткирген экен» – деп гана ойлоду. Бирок ал өзү жокто Жайнагүл баш болуп, өз энеси менен кайненеси төш болуп, Толкунбек келсе Үсөн жөнүндө айтабыз деп сүйлөшүп алып, кайра оозу батып айталбай, көздөрү менен арбашып, сен айт, мен айт болуп туттугуп олтургандарын Толкунбек түшүнгөн жок.

– Эмне, балдар тамак ичпейби? – деди жигит.

– Алар самсыга жана эле дандырдын үстүндө тоюп алышкан. Өзүң жесең боло?

– Жедим, эне.

Ушул маалда балдардын үнү чыкты.

– Телефон, мама.

– Ким экен?

– Билбейм, Чолпон-Ата го!

– Аа, байкуш Мансур го, – деди Кына ордунан обдулуп.

Жайнагүл телефонго кирип буйдала түшүп, кайра шашып чыкты.

– Сени чакырып жатат, Толкунбек.

– Ким экен?

– Турат.

Кына сестейди.

– Тынччылык бекен ыя, Жакин?

– Атам сасык тумоолоп калган го.

– Эмне дейт кокуй, – Толкунбек чыкканда алдын тосо басып Кына минтти сурап: – Атаң ооруп калыптырбы? Катыгүн ай, бекер келген экенмин да. Өзү барып кел деп калбадыбы. Эмнеси ооруп жатыптыр? Эски оорусу бекен, же?

– Тураттын айтымына караганда, малга карап, тышка, короо четине жаткан го. Уктаганда тебетейи түшүп калып, башына суук тийген имиш. Догдур ооруканага жат десе болбой коюптур.

– Анан үйдөн дарылап жатышыптырбы? – деди өңү өчкөн Кына.

– Дарылап жатыптыр. Ар бир үч саатта пенициллин куюп жатат имиш.

– Кудай сактасын, коркпоңуз, кудагый. Жакшы болуп калаар, – деди Тумар. – Суук тийгенге пенициллин аттанып эле түшөт.

– Ай билбейм, ансыз эле онтолоп араң жүрдү эле. Мен кетейин, жеткиргиле мени. – Кына ыйламсырады.

Жайнагүл кайненесине жалооруй карап минтти:

– Түз эле мени жеткиргиле дейсиз да. Жакшы болуп калаар, ыйлабаңызчы. Барабыз баарыбыз. Атамдын оорусун угуп туруп санаа кантип тынат. Ансыз эле окуу башталганча балдарды көлгө алып барып келейин деп отпускага арыз жазгамын. Азыр башкы врачка телефон чалып сүйлөшүп көрөйүн. Айтам да, шартка жараша макул болоор.

– Ошент кагылайын, – деди Тумар. – «Урушта туруш жок» дейт. Анда камына бергиле. Үйүңөрдү эмне кыласыңар? «Кудайга аманат» – деп, бекитип эле коёсуңар го? Не бар, не жок кошунаңа айтып кой.

– И, бекитип эле коёбуз. Кошунага деле айтам. Кудай сактасын, сигнализация бар эмеспи, биз кеттик деп айтып коём.

– Деги ушуну ырас кылган экенсиңер, балам. Абышка кандай-андай болот ким билсин. Деги быйыл жылдагыдай эмес, шайы бош ал кишинин. Өзүнө өзү ишенбей «Быйыл кантээр экемин, катарым келип калды окшойт» деген сөздү көп айтып калды эле.

Толкунбек күлүп башын чайкады.

– Атам ооруга көтөрүмү жок, жука киши жалакай. Ооруса эле: «Өлүп калам го» – деп керээз-мурасын айта берет. Коркпой эле кой, эч нерсе болбойт абышкаңыз.

– Эчтеке болбосо экен, алдыңа кетейин. Атаң бар үчүн, алыста жүрөсүңөр да санааңар тынч. Малыңар багылуу, короо-жайыңар сакталуу, барсаңар базар, келсеңер кербен. Ал киши бул дүйнөдөн көчүп кетсе, силерге да, мага да кыйын.

– Кудагый туура айтат. «Бакырчаак төөнүн бары ийги» дегендей, атанын аркасы менен булут минип, муз бүркөт деген эле ушул. Ошон үчүн, Ата Мекен дейт турбайбы. Ал кишинин аман турганы бизге да туу эмеспи. Аман болсо экен. «Жолоочунун жолдогусу жакшы, жолдо болбосо үйдөгүсү жакшы» дегендей, бара турган болгондон кийин эрте күндү кеч кылбай, камынгыла, – деди Тумар кызкүйөөсүнө.

– Энемдер кийинип, камынганча базарга барып жержемиш алып келе коёлу. Антпесек, биз барарыбыз менен басат да эл...

Ошентип, Толкунбектер бала-бакырасы менен ыгылыптыгылып көлгө жөнөп кетишти. Жолдо катар жүргүнчүлөрдүн ар бири түмөн ойдун түндүгүн түрүп, санаалары самандай сапырылып, бирде Мансур жөнүндө, бирде Үсөн жөнүндө кыялдары кымкуут болуп келатышты. Бала жөнүндө Толкунбекке айтууга шайы келбей калышты.

Түн катып жүрүп олтурушуп, Бишкекке таңга маал жетишти. Ушул жерде бир чоң кыжаалат жумуш Толкунбектин Сады менен беттешиши өзүнчө бир ашуу болду. Жолдо келатып кайненесине ачык эле минтти:

– Апа, мени кечирип коюңуз, Сады байкемдикине башка убакта барайынчы.

Аркы-беркини билген түшүнүктүү байбиче, Толкунбекти мурда эле өзү ойлонуп: «Садыныкына барбайт го» – деп келаткан. Күйөө баласынын сөзүн угуп дароо муюша түштү. Анын үстүнө таңга маал калдыратып, бет алыша элек баланы зордоп алып баргысы келген жок. Бирок бир аз эс алып, кирпик суутуп албаса, жолдо үргүлөп кетип, балакет болбосун деп ойлоп, минтти Тумар:

– Анда Байрагүлдүкүнө баралы, Садыныкына баргың келбесе. Бир тук этип албасаң болбойт го, балам.

– Түз эле кете берсек жакшы болот эле.

Толкунбекти туш-туштан жаалап кетишти.

– Түз эле кеталбайт экенбиз жолдош Мансуров, – деди Жайнагүл, – сени ансыз деле уктап кетеби деп кайтарып олтуруп өзүм да чарчадым, көзүм да чарчады. Эмне балдызыңдан уялып жатасыңбы? «Ыштанына чычкан колун аябайт» дегендей, (энелерин карап көзүн кысып койду) «Кечирип кой балдыз, жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт экен» – деп, алдына барып эки колуңду бооруңа алып кулдук уруп койсоң болду, бардыгы жайында болот

да калат. Сенин күнөөңдү энем кечирип, мен кечирип жаткандан кийин, Байрагүлгө сөз кайрууну ким коюптур.

Толкунбек Жайнагүлдүн сөзүн лам дебей кабыл алды. Ансыз да дене-бою талыкшып, уйкуга мас болуп, эс алууну эңсеп турган Толкунбек сүйүнүп кетти. Ал уктап уйкусун кандыруудан мурда, балдызы менен ысык-сууктун ортосунда жүздөшүп, бети ачылганына кубанды.

Жайнагүл менен ажырашкандан ушул күнгө чейин, бир жолу да көрүшпөгөн балдызы менен көрүшүү Толкунбек үчүн ачылбаган каттай болуп, кабатыр ойго салып турду. Анткени Байрагүл Жайнагүлгө караганда каарман десе каарман, сөзмөр десе сөзмөр, ачык да болучу. Керек болсо какшыкты катыра сүйлөп, кергиштеп бой көтөрмө жайы да бар болучу. Толкунбек анын ушундай мүнөзүнөн чочулап келди. Бирок Байрагүл жездеси ойлогондой болгон жок. Тек гана эч нерсе болбогондой сый учурашып, сыпаа кабыл алды. Айткандан эле: «Оо, теңири жезде, келишиңиз менен! Кандайсыз? Узакка созулган командировкаңыз акыры тамам болгон экен да. Жакшы, жакшы, ошол эле бойдон экенсиз. Тү, тү, тү көз тийбесин» деген болду...

Эртеси жолго чыгышты. Тасмадай созулган асфальт жолдо, күлүктүн оозун коё берген сымал ак Волга 140–160, кээде машина көрүнбөгөн ээн жолдо 180–200гө чейинки ылдамдыкта учуп келатты. Үсөн Толкунбектин шилисинде, таэнесинин астында олтуруп минтти:

– Папа, чоң атама качан жетебиз? Мен сагынып жатам. Жанат эжем да, Асан да сагынды. Сен да сагындың-бы ыя, папа? Эртең Асан экөөбүз көл боюна кумдан чоң атамдын эстелигин тургузабыз.

Толкунбектин жүрөгү удургуй түшүп, уулун алагар көзү менен жалт карады.

– Эстеликти өлгөн кишиге тургузат. А силердин атаңар тирүү да.

– Атам карыды. Өлөт да.

Толкунбек уулун экинчи ирет карады. Ушул саамда баланын күлкү ойногон ууртунан чыпалак басым чуңкуру менен сурмалуу кой көздөрү Зыйнатка окшоп кетти. Толкунбек ансыз деле Оштон чыкканы Зыйнатты эстеп, анын бет алдында, асфальт жолдун үстүндө улам жарк этип, кашка тиши кашкайып көрүнө калып келаткан болучу. Бул машинага буга чейин жалгыз гана Зыйнат түшүп, жедеп экөө жүрүп көнгөндүкүбү, Жайнагүл деп айтам деп, улам эле оозуна Зыйнат кирип келе калып жатты. Кокустан энелеринин көзүнчө бая күнкүдөй дагы шерменде болуп, Зыйнатты айтып жибербесем экен деп Толкунбек өтө сак.

Булар жол боюндагы бир айылга кире бериштеги аялдамада, колуна таяк кармап, көлпүтүп ак тубар көйнөк, ак кыжымы кемсел кийип, ак жоолук салынган ак байбиче, эки кадам алдыга басып, машина жакындаганда колун көтөрдү.

– Токтотчу машинаңды, – деди Жайнагүл күйөөсүнө, – мына бул байбичени ала кетеличи.

– Орун жок да, кайда олтургузабыз?

– Батышабыз сыйлыгышсак. Кары киши экен, бечара. Нускасы көрүнүп турат турпатынан.

– Чоң эне, кайда барасыз?

– Кара-Ойго.

– Олтурунуз! – Толкунбек машинадан түшүп, эшик ачып байбичени киргизди.

Кына менен Тумар эки баланы экөө тизелерине олтургузуп, үргүлөп уктап келаткан Жанатка карады.

– Бери, мен жакка жылчы, балам.

– Ырахмат айланайындар, силер карыны сыйласаңар, Кудай силерди сыйласын, кем болбогула.

– Балдар сиз өңдөнгөн, биз өңдөнгөн энелерин сыйлабаса, бизди ким сыйлайт.

– Оо, аны жаштардын бакиси эле түшүнө бербейт.

Толкунбек байбичени күзгүдөн көз токтотуп карап туруп жүрөгү удургуй түштү. «Болду, болбоду бул киши бая-

кы Зыйнатты төрөткөн байбичеби», – деп бүшүркөп турду. Бир жак таноосундагы буурчактай болгон меңди көрүп, тула-бою ток тийгендей бир дүрт деп алып, денесин майда калтырак басып, мандайынан муздак тер чыга түштү. «Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт» деген ушундай болот экен да.

– Алыскы жолдон келаткансыздар го?

– Ооба, Оштон келатабыз, байбиче, туура баамдадыңыз.

– Мен жол жүрүп алыстан келаткан жолоочу жаштарды көрсөм эле, бир окуя эсиме түшүп, эстей берем. «Бир кайрылабыз, апа!» дешти эле, кайрылышкан жок.

– Ал сизге убада берип коюп, унутуп калган эмне болгон жаштар эле?

– Кайдан келаткандарын да сурабаптырмын. Суракандай да убакыт болбой калбадыбы ошондо. «Алыстан келаттык эле, колуктум толготуп чыдай албай кыйналып жатат. Үйгө жеталбайт окшойт. Догдур да алыс. Жардам бераласызбы, апа? – деп жалдырап келиптир бир жигит.

– Э кокуй, кантип жардам бербей коёюн деп, келинди карасам, толгоосу бышып калыптыр. Үйгө алып кирип өз колум менен төрөттүм. Туну экен, эркек уул тапты. Бир жаман жери төрөрү менен мүнөт өткөрбөй жолго кайра чыкканы мени аябай капа кылды. Кычыраган кышта бели бекий элек жаш төрөгөн немени канын чубуртуп жол жүрөт деп ким угуптур. Канчалык айтып какшасам болбой койду күйөөсү. Жылуулап, машинаны акырын жылжытып айдап кете беребиз, үйгө барбасак болбойт. Ал жакта ата-энебиз күтүп жатат деп.

– Жакындабы? – деп сурады Жайнагүл.

– Көп болду. Ал бала тирүү болсо, жетиге чыкты быйыл. Бирок ошол күндөн ушул күнгө мени кабатырлантып, ойлосом оюмдан кетпеген ошол бечара келин менен баланын келечеги кандай болду экен деген суроо ар дайым жүрөгүмдүн башында ойнойт да турат. «Катын туутунан,

ат суутунан бузулат» дегендей, аялдын ажалы да төрөт, азабы да төрөт» болоорун эркектер түшүнүшпөйт тура.

– Жакшы адам экенсиз, апа! Элдик киши турбайсызбы, – деди Жайнагүл, – анчалык болгондон кийин бекер шашып кетишиптир. Жок дегенде бир күн, жарым күн абайласа болмок экен.

Ушул кезде машинада олтурган Кына менен Тумар, Жайнагүл болуп бардыгынын ою Зыйнат менен Толкунбектин баякы балакеттүү ууру жолдо жүргөн мезгилдеринде болуп кетти. Бул кишинин сөзүнө караганда, «болду болбоду Үсөндүн киндик энеси ушул ак байбиченин өзү сыяктанып калды» деген пикир ар кимисинин көөдөнүндө ойноп турду. А Жайнагүл болсо минтип ойлоду. Бул апа: «Аял туутунан бузулат» – деп туура айтат. Ошон үчүн Зыйнаттын шору катып тууту токтоп, төрөбөй калган да. Жайнагүл Зыйнаттын жазган катын эстеп кетти. Бул армандуу аялдын чындыкты жашырбай, ак пейилден болгонду болгондой жазган сөздөрүн биринин артынан бирин ойлоп келатып, Үсөндү жалт карап алып ичи эңшерилип, балага боору ооруп, аяп кетти.

Машинанын ичи тымтырс. Бардыгы унчукпайт. Бардыгы ойдо. А Толкунбек болсо өз ою менен өзү алек. Ал өткөн окуяны башынан азыр өткөрүп жаткансып, жарык дүйнөгө эми эле жаңы келген кызыл эт ымыркайды боорына басып боздоп ыйлап келаткан Зыйнаттын армандуу үнүн уга берип тажаган адамдан бетер жүрөгү түрсүл согуп, колдору рулду карыша кармап, эрдик кесе тиштейт. Өз оюна өзү чөгүп, өзүн өзү жоготуп келаткан кырдаалда жигитти ойдон ойготуп, селт эттирген алиги бейтааныш байбичинин үнү болду.

– Балам, дүкөндүн алдына токтотуп койчу, – аял Толкунбекти бүшүркөй карап, мостоё тиктеп.

– А сиз түшөсүзбү? – деди Толкунбек аялды тик багып карай албай күңк этип, – сиздин Кара-Ойдон түшөөрүңүздү унутуп калган турбайымбы.

Байбиче машинадан түшүп баратып колундагы он сомдук кагазды суна берип, Толкунбекти дагы бир жолу: «Сени кайдан көрдүм эле» дегенсип, көз токтотуп жалган тааныk болгонсуп карап алды. Ал эми Толкунбек болсо байбичени баамчыл кыраакы көзүнөн жалтана түшүп, карегин дароо тартып кетти. Анан тайсалдай түшүп минтти:

– Жок, коюңуз апа, акча алгандай такси эмес да. Сиздин ырахматыңыз эле жетет.

– Ырахмат анда. Аман болгула, бар болгула, ак жолуңар ачылсын. Мендей энелериң бар экен. Ошон үчүн карынын кадырын билген бала турбайсыңбы.

– Жакшы калыңыз, – деди олтургандар бир ооздон, – байбичени узата тиктеп туруп Жайнагүл минтти:

– Жанын баккан, өзүн өзү ардактап жакшы алып жүргөн байбиче экен. Карагылачы, тим эле үкүнүн балапанындай үлпүлдөйт. Акылы тунук, сөзгө чебер нускалуу адам экен. Бул кишини көрүп, эки энем экөөңдү ойлоп олтурдум. Силер деле ушул кишиге окшоп сөөлөт менен жүрсөңөр жарашпайбы? Сонун эле жарашат.

– Тектүү жердин тукуму экени көрүнүп турат. «Күң созулуп байбиче болбойт» дегендей, мен минтип үлпүлдөй албайм, балам. Үлпүлдөйт деген эле ушул, балам. Бизди коюп өзүң үлпүлдө. Билсең, сенин дөөлөтүң биздин дөөлөт, сенин багың биздин бак, – деди Кына. Бирок олтургандардын эч кимиси, байбиченин жанакы айткан сөзү жөнүндө ооз ачышпай ичтеринен, бул кишинин колунан көз жарган ким экенин билип турушту.

Ушунтип олтурушуп Чолпон-Атага жеткендерин да билбей калышты. Шаарга кирип-кирбестен эле эмелеки аягы жок, башы жок сүйлөнүп келаткан сөздөр да, ойлор да токтоп, бардыгынын санаасын Мансур ээлеп алды. Машина, дарбазаны сүздүрө келип токтоду. Дароо эле короо-жайдын тазалыгы көзгө биринчи урунду. Ар жакта боз үйдүн жыгач-ташы, үзүк-туурдугунун жыйылып турганын көрүшүп, ооздору ачылып калды. Ошол замат Кынанын

денесинен жан кетип, бети менен жыгылчудай аягы шилтөөгө келбей, дабдырай түштү. Үйдөн дүрбөп чыккан кошуна-колоң, ага-туугандарын көрүп ыйлап жиберди.

– Ой, кагылайындар, Мансур тирүүбү деги?

– Тирүү, тирүү, ыйлабаңыз! – деди тургандардын бири. – Эмнеси болсо да келгениңер жакшы болду. Силерди аябай күтүп жатат.

А Жанат болсо өзүнөн өзү ыйлап эки-жагын алаңдай карайт:

– Атам кана, ыя?

– Атаң үйдө айланайын. – Кошуна аял бетинен өптү. – А, ырас Асан менен Үсөн да келген тура.

Бардыгы үйгө киришип, Мансурдун абалын көрүп селейип калышты. Карыянын өңү кара көк тартып чыңалып, күрөө тамырлары бармактай болуп көөп, тынымсыз балкылдап, дем алышы бузулуп калганын көргөндө селее түшүштү. Бардыгы тегеректеп калышты.

– Бирдеме ичип жатабы?

– Анда-санда суу сурап калат. Аны деле жарытып ичпейт. Оозуна суу тийди дегенче чакай баштайт. Жыгылгандан бери уйку бетин көрөлек. Медсестра ушул жерде болучу. Чыдай албай жатканын көрүп, врач бир дары жазып берген экен. Ошону куйгандан кийин, Кудай жалгап дароо көзү илинип кетти. Уктасын, ойготуп албагыла.

Чоң кишилердин сөзүн угуп турган сезимтал балдар энеатасын кучакташып, суроонун үстүнө суроо беришет.

– Чоң атам эмне болуп жатат, ыя? – дешип коркок көздөрү менен алакташып, улам бирин тарткылашат.

– Эчтеке болгон жок, уктап жаткан тура. Ойгонгончо топурабай тышка чыгып ойноп тургула.

– Эс алсын, анда ойготпой эле коёлу, – деди Толкунбек. – Деги диагнозун эмне деп чыгарышыптыр догдурлар.

Тургандардын ар кимиси ар кандай сүйлөп минтишти:

– Башына суук тийген го, – деп бири сөзүнүн аягына чыкканча, экинчиси минтип кошумчалады:

– Башы эле эмес, мээсине да суук тийген имиш.

– Эмне үчүн ооруканага алып кетишкен жок? Үй деген үй, оорукана деген оорукана да. Жанында киши жогун билип турушуп, бекер кылышыптыр, – Толкунбектин жылдызы жерге түшүп турду.

– Ооруканага алып кетели дешсе, бул киши өзү болбой койду. Анын үстүнө оорукана ремонтто экен. Врачтарга ырахмат айтыш керек. Ошол догдурдакыдай эле күнү-түнү жанында болуп, жакшы карап жатышат.

Мансурдун оорусу айылдын аяк-башына чагылгандай тез тарады. Анын үстүнө Жайнагүлдүн Толкунбек менен кайра жарашып, энеси Тумар баш болуп, Кына менен небере-чөбүрөлөрү болуп чогуу келишкенин биринен бири угуп, ооздон оозго өтүп, өзүнчө эле кубаныч тартуулаган дүң болду. Мансурду көргөнү келген элди көрүп, анан дагы Жайнагүлгө жетине албай: «Ой алдыңа кетейин ырас болгон тура. Сенин келгениңди угуп, сүйүнүп жатабыз» деген сөздөрдү угуп олтуруп, Тумар ойго батат:

«Атаңдын көрү, Мансур куда маанайы пас, жупуну жүргөнү менен эл алган, журт алган жакшы киши турбайбы. Минтип эл эли менен казганактап, такалуудан тай калбай келип, ал-абалын сураш бардык эле адамдын маңдайына жазыла бербейт да. Адамдын адамдыгы, адамдын жакшы-жаманы мына ушунтип өмүрү кылтылдап бычактын мизинде турган кезде билинүүчү неме турбайбы. Ошон үчүн эл-эл деп, элдин тилегин тилейт экенбиз да. Андан дагы Кына менен бала-чакасынын жогун жоктотпой, Мансурду багып, күнү-түнү жанында болуп жатышкандарын эмне деп айтууга болот? Ал эми Жайнагүлдү көрүп, жандары калбай жалынып жалбарып, тим эле өздөрүнүн тун кызын көргөндөн бетер өөп-жытташып...»

– Ой, айланайын куда-сөөгүм ай, сиздерге Жакинимдин өткөргөн кайсы кызматы бар эле. Бардык болгону кайнене-кайнатасын сыйлагандыгы үчүн, бардыгыңарга бирдей саламыңын түздүгүнөн ушунтип урматтап жатасыңар го,

ырахмат сиздерге. Сиздер менин баламды сыйласаңар, силерди Кудай сыйласын. – Тумар кубанычтан ушунтип толкундап олтурду. Ал эми Тумардын өзү жөнүндөгү айтылган жакшы сөздөр, жакшы саламдар, өзүнчө эле баа жетпеген сыймык болучу.

Мансур бала-чакасын көрүп, кубанганынан чыйрала түштүбү, же кийинки куйган укол жардам бердиби, эртеси мурункусунан сергилең тартып жакшы болуп калды. Өзүн көргөнү, ал-абалын сурап келип олтурган адамдарга карап минтти:

– Ырахмат силерге, бул дүйнөдө да, тигил дүйнөдө да ыраазымын баарыңа. Силер да мага ыраазы болгула. Көңүлүңөрдү калтырып, капа кылып ката кетирген жерим болсо кечирип койгула.

Олтургандар чур дей түшүштү.

– Бизди сиз өзүңүз кечириңиз. Биздин эч кимибизге катуу айтып, кылапат сүйлөгөн жан эмессиз. Биз да сизге ыраазыбыз, – дешти.

Анан Мансур минтти:

– Эми уруксат берсеңиздер, мен балдарыма айта турган сөзүм, кеңеше турган кебим бар эле. Ушунча кымбат убактыңарды бөлүп келгениңерге ырахмат. Аман болгула.

Мансур менен коштошуп кетип жатып, жашыктары ыйлап, кайраттууларынын каңырыгы түтөп чыгып жатышты.

Эл аягы суюлуп бардыгы чыгып кеткенден кийин, жанында санаасы санга бөлүнүп жалдырап олтурган Кынага карап минтти чалы:

– Байбиче, балдарыңдын баарын чакырчы. Кудагыйдан башка бөлөк-бөтөн киши болбосун, – эки жагын караган болду. – Баары кетиштиби?

– Ооба, кетишти. Өзүбүз эле калдык, – деди Кына.

– «Жети күндүн бири өлүм» деген ушул экен. – Мансурдун үнү каргылданды. – Ырас убагында келдиңер. Силер жокто өлүп калат экенмин деп коркуп кетпедимби.

– Жакшы дарыларды алып келдим, ата. Кудай буюрса, жакшы болуп каласыз, – деди кайнатасынын билегин кармап олтурган Жайнагүл, жүрөгүңүз жакшы экен ата, каныңыздын басымы төмөн болгону менен нормага жакын.

Мансур мыйыгынан күлгөн болуп минтти:

– Мейли, ошондой эле болсун, жашоону ким эле жаман көрсүн. Ырахмат сага, балам, эки дүйнөдө ыраазымын. Кемчиликти кечирип, кемтигимди толтурдуң. Кудайым сага өмүр берсин, учуң узарып, өркүнүң өссүн. Сенин жүрөгүңө түшүнөм мен. Укум-тукумуң өссүн, жамандык көрбөгүн, балам, – деп бата берди.

Карыя оюнда келинининин калп эле: «Жүрөгүңүз жакшы экен» – деп оорулуунун көңүлүн жубатуу үчүн айтып жатканын дароо билди. Анткени Мансур жеринен тамырды жакшы билген киши болучу. Сыягы, ал киши өз тамырын өзү кармап, ичээр суусу түгөнүп, көрөр күнү бүтүп, өмүр оту өчөөрүнө саналуу гана күндөр калганын билген болуш керек.

Анан тээ бир оокумга чейин жумган көзүн ачпай, үнсүз жаткан калыбында оор улутунуп алып байбичесинен минтип сурады:

– Ыя, байбиче, барган жумушуң эмне болду, бүттүбү?

Кына эмне деп айтаарын билбей, буула түшүп, жер тиктеген калыбында алдында салынып жаткан шырдактын оюусун алаканы менен сылай берип күңк этти:

– Жок, бай, бүтүрө албадым. Сыягы, мындай татаал тагдырды чечип, ажат ачуу менин колумдан келбөөчү татаал неме турбайбы. Эгерде, «жабылуу казан, жабылуусу менен кала берсе» эмне болот?

– Ошондой болоорун билгем. Өтүмү жок, жалтаксың да. Колуңдан келбей турганын билгенден кийин бекер эле барыптырсың убара болуп. Эми келип алып Кудай арбакты унутуп «Жабылуу казан жабылуусу менен кала берсин» дейсиң.

Бай менен байбиченин сөзүнө башкасы түшүнгөнү менен Толкунбек түшүнгөн жок. Ал атасы менен энесин алмай-термей карай берип минтип сурады:

– Мен сиздин сөзүңүзгө түшүнбөй турам, ата, энем эмнеге барды эле бизге?

Мансур жаздыктан башын көтөрөм деп көтөралбай, оту өчкөн көздөрү менен уул-келинине бирдеме айтуучудай болуп чымырканып баратып эриндери көгөрүп, тамагына бирдеме туруп калгансып кардыга түшүп башы жаздыкка шылк дей түштү.

– Кокуй катыгүн, бул эмнеси? – Кына алактай түштү.

– Ата-а-а! – Толкунбек Мансурду баса жыгылды. – Ата-кебай!

Жайнагүл күйөөсүн тартты.

– Сен эмне болуп жатасың? Күн мурун адамдын жүрөгүн түшүрбөй, мага жол берчи, көрөйүн.

Жайнагүлдүн сөзүн угуп, Толкунбек менен Кына кетенчиктей бериште. Келин кайнатасынын кош билегин алмай-термей кармап, оо бир оокумга чейин үнсүз тургандан кийин, Мансурдун көздөрүн ачып карап, каректери жайыла түшкөнүн көрүп, жүрөгү болк дей түшүп, минтти:

– Азыр жакшы болуп каласыз. Кичине чыдап сабыр кылыңыз ата, – ордунан учуп туруп жанында турган өздүк аптечкасынан дары-дармектер менен кошо шприцти алып чыгып уколго камына баштады...

Оорулуунун өтүнүчү боюнча Мансурду боз үйгө алып чыгышкан. Кына балдарына карап минтти:

– Касымбекти көрүп келсек болбойт беле. Турат оорулуу атасын таштап, Мансурда жүргөнүнө таң калам да. «Жакшыда жалуу жок» деген ошол.

– Атам жакшы болуп калды дебедиби жана Турат.

– Жакшы болсун.

Ушул маалда аттын дүбүртү чыгып, кимдир бирөө тыштан үн салды.

– Үйдө киши барбы?

– Бар, – Толкунбек атып чыкты. – Келиңиз аба, – атасын көргөнү келген адам экен деп ойлоп, түшүрүүгө камынып, атын жылоодон алды. – Түшүңүз.

– Жок түшпөйм. Мансур абам кандай жакшы болуп калдыбы?

– Жакшы.

– Тиги Тургазынын атасы каза болду. Ошону айтып жүрөм.

– Качан? Жакшы болуп калды деп жатышпады беле?

– Азыр эле.

– Кап, жаман болгон тура. Ыйманы жолдош болсун. – Толкунбек Касымбекти угуп, ал кишинин өлгөнүнө кайгырбай эле, дароо Зыйнатты эстеди. Ал кудасына сөзсүз келет. Кантип көрүшөр экенбиз! Ою ушул жерге келгенде, үйдөн Мансурдун үнү чыкты.

– Эмне, Касымбек дүйнө салыптырбы?

– Ооба, ата.

– Мм. Кайраным каза болуптур дечи. – Оорулуу тунжурай түштү. Касымбек менен Мансур жаш кездеринен жакшылык менен жамандыкты бирге көрүп, бир жүргөн, кадыр-көңүлдөрү калышпаган жакшы теңтуштар эле. Курдашынын өлүмү Мансур атага катуу таасир берди. Ошол кишинин жамандыгын укkан минутадан баштап, Мансур карыя тез эле ылдыйлоонун ичинде болуп калды.

Түн бою оозу менен дем алып, тилден калган немедей жумган көзүн ачпай, сунган бутун тартпай сулк жаткан Мансур бой түзөдүбү, же куйган дары таасир эттиби, сөзү да, өзү да оңоло түштү. Ал жанында олтурган келинине карап минтти:

– Секет кетейин каралдым, элде жок дарыларды ала келген турбайсыңбы. Толкунбек кайда?

– Мен мындамын, ата, жанында олтурбайымбы.

Мансур кайрадан көзүн жумду.

– Ата, көзүңүздү ачыңызчы.

– Кичине эс алайынчы. Силерге айтайын деген жумушумду жакшы эстей албай жатам.

– Эмне айтайын дединиз эле? Анчалык зарыл болбосо, катуу ойлонуп кыйналбаңызчы. Бүгүн болбосо эртең деле айтаарсыз, ата, – деди Толкунбек.

– Атаң секет кетсин, – Мансур кайра унчукпай калып, оо бир оокумдан кийин көзүн ачып, эки жагын айланта дыкаттык менен карап алып, колун аста көтөрүп сакалын сылаган болуп минтти: – Айтайын деген аманатым орчундуу иш, балам. Орундатабыз деп убада берсеңер айтам.

Ошол саамда Толкунбек өз оюнда Жайнагүл экөөнүн келечекки ынтымагы жөнүндө айтат экен деген ойдо, атасына минтти:

– Кагылайын атакебай, сиздин бизге айткан аманатыңызды, сиздин өтүнүчүңүздү кантип аткарбай коёлу, аткарабыз. Мына, бардыгыбыз төрт көзүбүз түгөл жаныңызда олтурабыз. Айта бериңиз.

– Касымбекти качан коёт экен?

– Бүрсүгүнү, ата.

– «Дүнүйө жыйнап нетесиң, бир күнү таштап кетесиң» деген дүнүйө ушул. Өмүр ушунчалык аз экен го, чиркин. Менин сапарымдын акырына да аз эле убакыт калды. Жалган дүйнөдөн чын дүйнөгө кетер алдындагы аманатым бириңе оор, бириңе жеңил болоор. Ошондой болсо да айтпай коюуга акым жок. Зыйнат Касымбекке келер бекен? Кудачасы эмеспи, кабар берсе керек. Билген жоксуңарбы?

– Зыйнаттын келген-келбегенинин сизге эмне кереги бар эле ыя, ата? – Толкунбектин жүрөгү тыз дей түштү. Анан Жайнагүлгө карап минтти: – Атам акылынан адашып жөөлүй баштады, угуп жатасыңарбы?

Мансурдун Зыйнатты эмне үчүн сурап жатканын түшүнгөн Жайнагүл күйөөсүн томсоро карап, өңү өчкөн калыбында эч нерсе түшүнбөгөн кейипте ийнин куушуруп койду. Ал эми Кына менен Тумар бирин бири жалдырай карап өчтү да калды...

Буларды мындай коё туруп, бир аз артка чегинели.

«Жети өлчөп бир кес» дегендей, Толкунбек менен ажырашуу жөнүндө Зыйнат канча күн, канча айдан бери өз кабыргасы менен өзү кеңешип, акыл калчап жүрүп акыры ойлогон оюн Москвага учаар алдында ишке ашырды. Анткени бул иш Толкунбек экөөнүн турмушу түбөлүктүү болбосун түшүнгөн акылдуу Зыйнаттын өз сүйүүсүн өзү курмандыкка чалгандагы тобокели болучу.

Самолётко түшөөр алдында мурункудай жанга жагымдуу жароокер мүнөзүн, жайдары күлкүсүн бирөө уурдап кеткенсип, кандайдыр кош карегин убайым чалып, жашка толгон көздөрүн көрүп, Толкунбек аялын имере кучактап күлүп жиберди.

– Эмне, ыйлагың келип турабы?

– Ичим көөп, бук болуп турам. Мени унутпайсыңбы?

– Кызык сүйлөйсүң, эмнеге унутмак элем.

– Ишенбейм.

– Эмне үчүн ишенбейсиң? Азырынча ишеничиңден чыгалекмин го.

– Мен өзүм, өзүмө ишенбей турам. Сагынып куса болом го.

– Кой, андай ашык сөздүн кереги эмне. Пасадка аяктап калды.

– Толкунбек Зыйнатты кучактап турган калыбында чекесинен өптү.

– Аман барып, аман кел. Ак жолуң ачылып, ишиң ийгиликтүү болсун. Менден эч кабатыр болбо.

Эки жаштын кучагы кучагынан бөлүнүп, Зыйнаттын көз жашы төгүлдү.

– Кош, Толкунбек, аман бол.

– Жетээриң менен званда, күтөм. Кош.

Зыйнат Толкунбекке алаксып жатып, Москвага өзү менен кимдер учуп жатканын да байкабаптыр.

– Саламатсызбы, Зыйнат Эсеновна! – деди кимдир бирөө. Келин үн чыккан жакка жалт карады.

– Оо, саламатсызбы, Шерхан Мүсүрепович! Ырас, сиз экөөбүз сапарлаш турбайбызбы.

– Ордуңуз кайсы экен?

– Оо, менин ордум сиз менен катарлаш тура.

Мүсүрепов ордунан тура калды.

– Өтүңүз. Кандай сонун кубаныч, тим эле атайын сиз экөөбүз сүйлөшүп алгандай катарлаш алган турбайбызбы билетти. «Балыкчы балыкчыны алыстан көрөт» дегендей, таланттуу талант өзү табат деген ушул. Сиз менен сапарлаш болгонума кубанычтуумун. Түндө оң жамбашым менен жаткан экенмин.

Зыйнат өз ою менен өзү алек болуп жатып Мүсүреповду да, узатуучунун сөзүн да жакшы укпай калды. Анын кулагы чалганы бирөө гана болду. Ал болсо экипаждын өзүнө тааныш командиринин фамилиясы эле. «Бул сапар да Кубат Садыкович менен учкан экенмин» – деп ойлоду. Кубат, Зыйнаттын иниси Эмирдин группалаш досу. Азыр ушул минутта Зыйнаттын эки көзү да, көңүлү да тышта болучу. Ал айнекке жабыша калып, трассанын тээ ары жагында өзүн узатып келген адамдардын ортосунда колун булгалап турган, бой десе бойлуу, өң десе өңдүү, өзүнүн сүйүктүү жарын көрүп жүрөгү мыжылып жатты. «Ай байкушум, үйгө барып менин катымды окуганда сүйүнөөр бекенсиң, же күйүнөөр бекенсиң» деген ойду ойлогон Зыйнат самолеттун жерден кандай көтөрүлгөнүн да билбей калды. Качан гана кат-кат болгон ак булуттун үстүндө баратканын көргөндө гана өзөгү өрттөнө бир үшкүрүп алып ордуна оңдонуп олтурду.

Мүсүрепов Зыйнатты жалт карады.

– Ии, үшкүрүгүңүз таш жарып, эмне болуп кетти? Эсенова кайда барса, Мансуровду колтугуна кыса жүрөт деп уктум эле. Бул сапар, кантип жалгыз таштап учуп бараттыңыз экен? Түшүнгөн адамга абал кыйын го.

Зыйнат күлгөн болду.

– Ким айтат ошону? Кээде эле отпуска убагында чогуу болуп калбасак, дайым эле жалгыз кетем командировкага. Шарт болуп, ал жетсе эрди-катын ээрчишип жүрүп эл аралап, бир жүргөнгө не жетсин.

– Дегинкиси, «Эркек кушу менен, катын иши менен» болгону дурус го дейм. Сизди угуп сүйүүгө кароо, кызганчаак аял болсо керек деп ойлоп койдум эле.

– Тобо, чыгармачыл адамдар да ушинтип сүйлөйт экен ээ. Башкалар түшүнбөсө да, жазуучулар түшүнүш керек эле го. Сиз кандай, чыгармачылык командировкага барганыңызда аялыңызды өзүңүз менен чогуу алып чыкпайсызбы?

– Айттым го сизге: «Эркек кушу менен, катын иши менен» – деп. Ал мени менен салпактап кошо жүрсө, үйдөкү балдарды ким карап, ким тарбиялайт?

Зыйнат балдарды укканда оозуна сөз кирбей мукактана түштү. Бул киши менин баламдын жогун билип алып, атайы айтып жатат деп гана ойлоду. Анан келиндин эсине баякыда Жакандын атасынын «Туубаган аялдан, улактуу эчки өөдө» деген сөзү эсине кылт дей түштү.

«Тобо, баласыз аялдын канчалык даражасы даркан, атагы аалам аралап, төбөсү көккө жетсе да сөзгө сөлтүк, кепке кемтик болуучу неме турбайбы. Кудай башка аялдарга берген баланы мага да берди. Бирок ошол Кудай өзү каалап, өзү сүйүп берген баланы, мен өзүм өлтүрүп албадымды. Мендей малгунга экинчи баланы кантип берсин. Тигил дүйнөнүн бар экени чын болсо, балам мени кара эшек кылып минет. Ага мен татыктуумун, – деп бир заматта кыялы менен далай санааны сапырып, далай ойдун ой-чуңкурун аңтарып чыкты. Арманына арман, муңуна муң кошулуп, көздөрүнүн чарасына кандай жаш айлана түшкөнүн да билбей калды. Ошол саамда Мүсүреповдун кыз баланыкындай болгон шадылуу шок манжалары Зыйнаттын оң колун кармаганда аялдын кареги жалт дей түштү.

Ошол саамда келиндин көз жашын көрүп, эч нерсеге түшүнбөгөн Мүсүреповдун кирпиктери ирмелбей, Зыйнаттын көзү менен көзү тиктеше түшүп тайыды.

– Сиз! – деди жигиттин оозуна башка сөз кирбей. – Менин сөзүмө капа болуп калган жоксузбу?

– Жо, жок, сиз мага капа боло турган сөз айтпасаңыз, эмнеге капа болот элем.

– Ошондой эле болсун. Тамашалайм деп таарынтып алдымбы деп коркуп кетпедимби. «Ойноп сүйлөмүш болуп, оюндагысын айтат» дегендей, мага караганда, жылма сөз менен кан чыгарбай мени сиз сойдуңуз. Чын сырымды айтсам аялым жок.

Зыйнат таң кала карады.

– Аялым жок! Ал киши эмне болду эле?

– Кайтыш болгон.

– Оо, кечересиз, мен укkан эмес экенмин. Көп болдубу?

– Эки жылдан ашты.

– Үйлөнгөн эмес экенсиз да.

– Үйлөнө элекмин.

– Аялыңызды жакшы көрсөңүз керек.

– Жаман көрчү эмесмин. Бирок жакшы көрүүнүн баары эле сүйүү эмес деп жүрүшбөйбү. Дегеле оту өчпөгөн түбөлүктүү сүйүү болбосо керек.

– Кечиресиз, бар да андай сүйүү!

– Күлкүнү келтирбеңизчи, кайдан көрдүңүз экен андай сүйүүнү! Романданбы, же Шекспирдин трагедиясынанбы?

– Чыгармалардан эмес, чыныгы адам, чыныгы турмуштан билем.

– Балким! – Шерхан ишенимсиз бир ийнин куушуруп койду... Булар ушунтип сүйүү жөнүндө сүйлөшүп олтурушуп Москвага кандай жеткендерин да билбей калышты.

– Сиз кайда токтойсуз, Зыйнат Эсеновна? – деп сурады Шерхан.

– «Россияга» бронум бар. А Сизчи?

Шерхан Зыйнаттын «Россияга» түшөөрүн угуп Казакстан элчилигинин мейманканасына баруучу багытын дароо өзгөрттү.

– Ырас, дагы ондой берди болду. Мен дагы «Россия» мейманканасына барам...

Экөө тең «Россиянын» жетинчи кабатынан катарлаш номерден орун алышты. Өз бөлмөсүнө бурулган келинге Мүсүрепов минтти:

– Зыйнат Эсеновна, мындан аркы планыңыз кандай?

– План эле эс алыш. Эртең болсо жекшемби. Жумуш күнү эмес. А дегенде жаткан жайыбызды көрүп, анан бир аз дем алалы. Андан кийинкисин көрө жатабыз да.

– Ооба, дем алалы. Кийин сизге звандайм.

Мурда Толкунбек менен кайда барбасын, кандай шаарда болбосун ар дайым түшкөн мейманканасында люкстан башкага баш бакпаган Зыйнаттын ичи сыйрыла түштү. «Мурдагы таз кебетеме түшмөк болдум» – деп ойлоду. Жанында Зыйнатты коштой келген санитарка эшикти ачып жатып минтти:

– Бул люкстан айырмасы жок, чыгармачыл адамга ылайык жакшы номер. Ошон үчүн сунуш кылды сизге. Толкунбек Мансурович бул сапар келген эмес экен да.

– Ооба, келбей калды, – деди оор улутунуп. – Сиздерге, баарыңыздарга салам айтты.

– Ырахмат, саламат болсун. – Аял жарк этти.

Москвага жубайы менен көп келип жүрүп, бул жай өз үй, өлөң төшөгүндөй болуп калгандыкданбы, айтор, бул жерде Зыйнаттан мурда Толкунбекти көргөндө «Россиянын» администрация башчысынан баштап, катардагы санитаркаларына чейин Толкунбекти көргөндө жайнап, жүздөрүнөн нур төгүлүп, айтаарга сөз таппай толкундап кетишчү. «Маданияты жогору, келбети келишкен, көргөн адамдын көз жоосун алган күйөөңүз бар» – дешип, Эсеновнанын махабаттуу көңүлүн ого бетер толкутуп коюшчу.

Чындыгында эле төгөрөгү төп келген жакшы жар аялдын сыймыгы жана мактанычы эмеспи.

Зыйнаттын аялзаадалык жароокер мүнөзү, жаркылдаган шайыр күлкүсү бар экенин билген бул жердеги тааныштары өздөрүнчө кыялга батып: «Бул аял өмүрүндө кабак бүркөп, капалануу дегенди билбесе керек» – деп ойлошчу. Чындыгында эле Зыйнат, энеси Аккыз өлүп, кан жутуп, кара кийип турган кезинде да мынчалык кайгы тартып салаңдаган эмес. «Өлүүнүн жүзү ары, тирүүнүн жүзү бери» дегендей, топурак кимди суутпайт дейсиз. Анын үстүнө акыл-эси толук токтололек баёо жүрөк балапан кезде адамдын өз жүрөгү өзүнө баш ийбеген күчкө ээ болгон учур окшобойбу. Анын үстүнө бардык жокчулук менен өлүмдүн мизин кайтарып, көңүлүн көккө сермеп турган бир чоң күч Толкунбекке болгон оту өчпөгөн махабаты болучу. Келечекте аны менен бактылуу өмүр сүрөрүнө ишеними күчтүү боло турган. Бирок тагдыр деген татаал нерсе тура. Акыры минтип өз акылы, өз чечими менен Толкунбекти тордон бошотуп, томогосун шыпырып «өз уяңды тап» деп коё берди. Калп айткан менен болобу, бирге жашаган ушунча күн, ушунча жылдын ичинде ажырашуу жөнүндө Толкунбек өзү бир жолу да сөз козгоп маселе көтөргөн жан эмес. Бирок Зыйнаттын жүрөгүн сыздатып, көңүлүн көк таштай өйүп, ар күн сайын кан чыгарбай тымызын мууздап, ажырашууга аргасыз кылган мүшкүл, анын баякы бирде балдарын, бирде аялын чакырып уктап жатып уйкусурап сүйлөгөн сөздөрү болду.

Зыйнат самолёт эмес эле, машина менен күнү-түнү жол жүрүп алыска барган мезгилдеринде да, чарчап-чаалыгуу дегенди билип көргөн жан эмес. Ал азыр өзүн өзү алаксытуу максатында, эмелеки алдына түшүп сатып келген газета-журналдарды баракта коюп тек гана Толкунбекти эстеп эмне кылаарын билбей ой басып олтурду. Мурда болсо кайсы шаарга барып, кандай орун алса ошол замат эки жагын карабай туруп күйөөсүнө телефон чалып, аман-эсен

жеткенин, кайсыл мейманканадан кандай орун алганын айтып, телефонун берүүчү. Азыр келиндин кулагына: «Жетээриң менен званда» – деп кучактап оозунан өпкөн күйөөсүнүн үнү кулагына угулганда жүрөгү удургуй түшүп, минтип ойлоду. «Телефон чалсам күнөө болмок беле» Зыйнат трубканы рычагдан көтөрөйүн дегенче болбой, телефон чыр дей түштү. Зыйнат селт этти.

– Алоо!

– Зыйнат Эсеновна, кандайсыз?

– А Шерхан Мүсүрепович, сизсизби? Түзүк. Ырахмат. Мейли, чыгалы десеңиз чыгабыз да. Жарайт.

Зыйнат самолетто келатып Толкунбек жөнүндө Шерханга айтуучудай болуп, бугу ичине батпай турганда, анын аялынын каза болгондугун угуп «кокуй» деп эрдин кесе тиштеп тим болгон. Азыр Мүсүреповдун: «Көчөгө чыгып келели» деген сунушун Зыйнаттын илгиртпей кабыл алышынын себеби, Толкунбекти ойлоп эзилип олтурганча алаксып, Москванын кечинде Шерхан менен бирге басып аба жутуу болду.

Зыйнат биринчи кабатка түшкөндө Шерхан фойеде күтүп турган. Аялды көрүп жарк этти.

– Кандай эс алдыңыз? – Ал Зыйнатты кыраакы, баамчыл көздөрү менен тиктеди.

– Ырахмат, түзүк эле эс алдым. – Келин жигиттин өткүр, бажырайган сулуу көздөрүнөн жалтана түштү.

– Дем алганыңыз байкалбейт го. – Жанаша басып тышка чыгышты. – Билесизби, мен өлгөндөй уктап калыптырмын. Ойгоноорум менен дароо туруп муздак душ алдым. Анан сизге звандадым. Эртең кайда болосуз? – Шерхан Зыйнатты колтуктады.

– Художниктер союзуна барам. Өзүңүзчү?

– Мен дагы чыгармачылык иштерим боюнча келгем. А дегенде Жазуучулар союзуна барып, калемдештер менен жолугушуум керек. Жумушум көбүнчө басма менен байланыштуу.

– Китебиңиз бар го чыгуучу.

– Ооба, роман болучу. Союз тарайлекте терүүгө кеткен. Толук терилип бүтүп, даяр болуп басылышы калганда токтоп калды. Редакторум менен сүйлөшсөм өзүңүз келбесеңиз болбойт дегенинен келгемин.

– Чоң жумуш экен.

– Ооба, чоң жумуш. Мындан ары китеп чыгыш кыйын болуп калды. Сиздин чыгармаларыңыз катышкан көргөзмөнү көрсөм жакшы болот эле, ал жакка качан барасыз? Чогуу барсак эмне болот?

– Барыңыз, – деди Зыйнат оор улутунуп.

Шерхан аялды жалт карады.

– Чарчадыңызбы?

– Жок, чарчаган деле жокмун. Кичине басалы. – Зыйнат Шерханды кыя карап күлүмсүрөп минтти. – Азыр сиз берген суроону, кичине басып-баспай эле Толкунбек да: «Чарчадыңбы?» – деп сурай берүүчү, – дагы улутунду. – Эмне кылып жатат болду экен?

– Аа, эми түшүнүктүү болду Зыйнатжан, сиз күйөөңүздү ойлоп келаткан турбайсызбы. Ооба, укkамын чала-була Мансуровду сүйөөрүңүздү. «Өзүң сүйгөнгө үйлөнбөй, өзүңдү сүйгөнгө үйлөн» – деп акылмандар бекер айтпаган экен. Сиздей аялдын махабатына татыган ал бактылуу жигит экен да.

– Толкунбек экөөбүз Москванын көчөлөрүн далай таптаганбыз. Адамдын изи калбайт тура. Эгерде калган болсо, Толкунбектин изин дароо тааныйт элем го көрөрүм менен. Билесизби, бир кезде, анда көркөм сүрөт окуу жайында окуп жүргөн кезим. Биздикинде жашачу Толкунбек. Кар түшкөндө анын изин, миң кишинин баскан изинин ичинен жаздым дедирбей бөлүп тааныр элем. Анан ошол Толкунбектин аягы тийген из менен басчумун.

– Оо, сиз Мансуровду наристе кезиңизде сүйгөн экенсиз да. Мына, накта таза сүйүү, таза махабат деп ушуну айтыш керек. Сиз жөнүндө роман, же поэма жазса болуучудай тура.

– Жазыңыз. Толкунбек экөөбүздүн басып өткөн жолубуз да, сүйүүбүз да романтикалуу, Шерхан Мүсүрепович.

– Ооба, ошондой экен...

Казак менен кыргыздын жигиттери жакшы, сулуу аялдарды көргөндө көздөрү күйүп, жүрөктөрү дүкүлдөп кетет эмеспи. Мүсүрепов Зыйнатка көзү түшүп, көңүлү бузулуп, канчалык кол салгысы келгени менен, тобокелге баралбады. Ага даап, өз махабаты жөнүндө ачык айтууга да кудурети жетпеди. Зыйнаттын сүрүнөн даай албай өз ичинен өзү түтөп, өз кудуретин өзү өлчөдү. «Тобо, – деди ичинен, аял эмес такыялуу кыздар үндөй элегимде чыргага өздөрү келип түшүп берүүчү касиетимди Эсенова басып салды го!» деген ойдо Зыйнатка тымызын сыр билгизбей, ичинен сызып турду. Бирок Мүсүрепов, Зыйнаттын ичин ийдилеп жаткан бир орду толбос кайгы-капасы бар экенин айтпаса да билип койду.

Экөө сүйлөшүп олтуруп, сөздөн сөз чыгып минтти Шерхан.

– Зыйнат Эсеновна, менин туюмумда сизде кандайдыр бир жүрөгүңүздү өйүп турган иш болуп турат. Эмне арман, эмне капаңыз бар? Мен укпай эле коёюн, сиз айтпай эле коюңуз. Бирок ушул дөөлөт, ушул бактыңыз менен армандай турган акыңыз жок.

Зыйнат оо бир оокумга чейин унчукпай калды. «Тобо, жазуучу – адам жанынын инженери» – деп бекеринен айтылбайт экен да. «Адамды сөзүнөн, малды көзүнөн тааны» дегендей, мени билип койду. Кыраакы кыйын киши экен, – деп ойлоп Мүсүреповду көңүл бура бир карап алды.

– Катуу ойлонуп кеттиңиз! – Шерхан тийише сүйлөдү. – Мансуровдон санааңыз тынбай жаткан кебетеңиз бар. Жолдошуңуздун ал жакта жалгыз калганына катуу тынчсызданат окшобойсузбу. «Кой деген кожо, ай деген ажо жок» сиз барганча ээн-эркин чардап алсын, бечара.

Эгерде Зыйнат Мүсүреповдун аялынын жогун билбегенде, карындагы капасын, жүрөктөгү дартын бул жакшы

адамдан жашырбай ачык айтып, көмүскөдөгү көксөөсүн бир суутуп, ичин ачып алууга мажбур болуп турган учуру болучу. Бирок «Бардырбасың бардырбас» дегендей, бул кишинин аялы жок жесирлиги сыр айтууга бөгөт болду. Зыйнат жигитке сыр билгизбей минтти:

– Ошентип ойлойсузбу? Жок, Мүсүрепович, биз андай бири-бирибиздин көзүбүзгө чөп салган ишенимсиз адамдардан эмеспиз.

– Ала жипти атташпайбыз деңизчи?!

– «Кудай уктап жатканда, шайтан эмнелерди кылбайт» деген сөздү уктуңуз беле?

– Мына бул сөзүңүз мага жагат. Туура сөздү туура деш керек.

Зыйнат саатына карады:

– Далай убак болгон тура.

Шерхан Зыйнатты угуп, билегиндеги саатты тиктей берип минтти:

– Ой, коюңузчу, мен дагы далай убак десеңиз, чочуп кеткенимчи. Саат араң эле жети экен. Жүрүңүз, обол мурун тамактаналы. Калган сөз ошондон кийин болсун. Кана, сиз айтыңыз, кайдан барып оокаттаналы?

– Кайда бармак элек, бул эле өзүбүз жаткан мейманканадан ичебиз оокатты. Бул жердин буфеттери, мурда биз көрүп жүргөндөгүдөй болсо, башка жактан ашкана издеп убара болуштун кереги жок.

– Ошол кантип болсун, давай буфети жок эле ресторанга киребиз.

– Жок, жок ырахмат, ресторанга барсаңыз өзүңүз барыңыз, мен барбайм.

– Эмне үчүн? Жок, андай болбойт, жолдош Эсеновна. «Баатырдын атын алыстан ук, жанына барсаң бир киши» дегендей, сиз экөөбүз сыртыбыздан билишкенибиз менен жакындан таанышкан жок элек. «Кудайдын бир күнү бар, миң жылга бергис» дегендей, мен үчүн бүгүнкү күн эң жакшы күн болуп турат. Тамак ичебиз, музыка угабыз, бий-

лейбиз. Курсакты тойгузуп, эрте жатып алгандай картайып кетелекпиз.

Сыртынан сыр билгизмемиш болгону менен, кантип алаксуунун айласын ойлоп турган Зыйнат Шерхандын сунушуна макул болду. Экөө ээрчише басып ресторанга кириштн. Залда киши көп болучу. Кай жерде орун бар экен дешип кире бериште эки жакты айланта карап токтоп калышты. Ошол саамда залды тейлеген аял булардын жанына келип минтти:

– Тигил оң канатта орун бар, ошол жакка өтүңүздөр.

– Ырахмат.

– Эчтеке эмес, өтүңүздөр.

Экөө столго келип олтурар-олтурбастан эле Шерхан менюну карап туруп Зыйнатка карады.

– Сиз тандаңызчы. Эмне ичебиз?

– Эмнеси бар экен?

Экөө кеңешип олтуруп салаттан баштап, жакшы, даамдуу оокаттардан биринчисинен да, экинчисинен да тандап келип, ичимдикке келгенде буйдала түшүштү.

– Мынча болду ачык сүйлөшөлү, Зыйнат Эсеновна, эмне ичесиз?

– Эч нерсе ичпейм.

– Кантип эле?

– Ошентип эле. Эмне шегиңиз барбы?

Жигит Зыйнатты ичет деп укkан. Бирок ал жөнүндө уктум деп айтуу жигит үчүн мүнөздүү эмес болучу.

– Шегим деле жок. Мен ичпейм. Бирок шартка жараша бир аз шайтан мойнун сындырып, бири-бирибизге болгон жакшы санаалаштык каалообузду айтып койсок деген эле тилек. Биз эмне мас болгончо ичмек белек.

Зыйнат Толкунбекке кат жазып, ага руксат берип ажырашуу жөнүндө тобокелге салган мезгилинде, өзү жөнүндө ойлоп олтуруп өзүнө өзү ичкилик ичпөө жөнүндө убада берген болучу. Эми минтип, ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет болуп, Шерхан Мүсүрепов окшогон даанышман

жазуучунун өтүнүчүн аткарбай коюу Зыйнат үчүн күнөө сыяктуу сезилип турду. Ансыз деле кийинки учурда Зыйнат ичкиликке өтө этият мамиле кылып калган. Бир демге ойлонуп туруп минтти:

– Болуптур, Шерхан Мүсүрепович, сиз өзүңүз эмне ичсеңиз, мен да ошондон ооз тиейин.

– Мына мунуңуз мага жагат...

...Зыйнат, Толкунбек жанында болуп кыялына туура келген олтуруштарда болгондо ичпесе да ичкендей болуп жарпы жазылып, ыр баштап олтуруштун көркүн ачып жиберүүчү. Ал эми азыр болсо, ал кыялдын бири жок, улам ууртап-таткан сайын Толкунбекти ойлоп, санаасы сандап, өзүнөн өзү ыйлагысы келип, эзелки дарты эсине түшүп, «Иттен жок, же ит байлаган жиптен жок» дегендей, ушинтип эле «эрден жок, же баладан жок жалгыз каламбы?» деген ой мээсине кирип алып, айласын алты кетирип, жанын жай алдырбай тытып жатты. А Шерхан болсо Зыйнаттын көңүлү бузулуп олтурганын байкап, өзүнчө бушайман. «Тобо, тубаса таланттын Умай энеси колдогон бул аялдын көрүнүшү кантет, ыя катыгүн. «Адам аласы ичинде, мал аласы сыртында» деген ушундай болот экен да. Эми бул чүрөктүн кыялын таап, көңүлүн ачалбасам, менин Мүсүрепов болгонум кайсы?!» – деп ойлоп, алдындагы рюмканы колуна алды.

– Зыйнат Эсеновна, өтүнөм сизден, ушуну алып коёлучу. Сиз эмне үчүндүр мени капа кылып жатасыз.

Зыйнат Шерханды угуп, жаш толгон армандуу көздөрү ачыла түштү.

– Кечиресиз, мен сизди капа кылган жокмун го, Шерхан Мүсүрепович.

– Капа кылдыңыз.

– Коюңузчу.

– Койбой эле.

– Качан?

– Качан дейсиз да. Экөөбүз самолетто жанаша олтуруп Москвага келгенге чейинкини айтпаганда да, сиз мени азыр да кан чыгарбай мууздап жатасыз.

– Жок, жаңылышасыз, сизди капа кылайын деген кенедей ниетим жок. Бир аз табым болбой турат.

– Суук тийип калган жокпу?

– Билбейм.

– Дары болуп калгысы бардыр. Сиз мага ишенесизби, бул ичкилик деген «ашты» ден соолугума байланыштуу ичбей калгамын. Бирок ушул рюмканы, биринчиден, сиз менен жакындан таанышкандыгым үчүн, экинчи жагынан Сиздин ден соолугуңуз үчүн алгым келип турат.

– Болуптур, Сиз менин ден соолугум үчүн алсаңыз, анда мен дагы Сиздин ден соолугуңуз үчүн алайын.

– «Сокурдун тилегени эки көз» дегендей, андай сөздү угалбай турбайымбы. Ылайым ошондой тилекте болсок экен. – Анан экөө бирдей рюмкаларын аста көтөрүп, колдорунун сырты менен бири-бирине тийиштирип койду.

Зыйнат башка аялдарга окшоп ичкиликти шар жутуп жибербей кылкылдата ээмп иче турган адаты бар болучу. Азыр да өзүнүн көндүмү боюнча, соруп ичип жатып рюмканын үстүнөн Шерханды карады. Деги Зыйнаттын ушунтип ичкени кандайдыр өзүнө жарашып жагымдуу да, наздуу да көрүнүүчү. Ушул саамда жигиттин жайнаган өткүр көздөрү өзүнө суктана тигилип, күлүмсүрөп турганын көрүп, Зыйнат көзүн тартып кетти.

Шашпай тамактанып, жарым саат, бир саат музыка угуп олтуруп чыгабыз деген экөө, улам бир аздан жутуп коюп, сүйлөшүп олтуруп ресторандан оо түндүн бир оокумунда араң чыгышты. Лифтиде көтөрүлүп баратышып, Шерхан Зыйнатты каруудан кыса кармап, кучактай калып минтти:

– Эмитеден эле жатабызбы?

– Анан эмне кылабыз. Эс алалы.

– Менин комнатама кирип бир аз олтурбайбызбы сүйлөшүп.

– Жок, Шерхан Мүсүрепович, мен кызып калдым. Иччү эмес элем, «Бербей турган сараң жок, сурагандан бузасың» дегендей, сиздин сөзүңүздү кыйбай олтуруп көбүрөөк ичип койдум окшойт. Башым айланып, мас болуп калдым, – деди анткор сүйлөп.

Лифтиден Шерхан Зыйнатты кучактаган бойдон чыкты.

– Жүрүңүз эми. «Орозодо көчкөн эрмек» дегендей, бир аз сүйлөшүп олтурбайбызбы. Сиз экөөбүздүн ушул жаш, ушул курагыбызда саат тогузда, токсондогу чал-кемпирден бетер жатып алганыбыз күнөө болоор дейм.

Зыйнат кыйылып туруп Шерхандын бөлмөсүнө кирди. Жигит шеригин колтуктап барып диванга олтургузду.

– Сиз менен минтип туздаш-даамдаш кылган тагдырыма ыраазымын. Кокустан түшүм болуп ойгонуп кетпесем эле болду. Мени кечирип бир демге олтуруп туруңуз.

Жигит элпек кыймылдап, дароо дасторкон жайып стол даярдай баштады. Муздаткычты ачып бышкан эт, анан чучук, төөнүн сүрөтү тартылган кооз шишелүү коньякты сууруп чыгып столго койду.

– Сиз бекер эле убара болуп жатасыз, буларды ким жеп, ким ичет?

– Сиз экөөбүз жеп, сиз экөөбүз ичебиз.

– Мындай болгондо ресторанга бекер эле барыптырбыз.

– Бекер эмес. Ал да туура, бул да туура. «Күндүк өмүрүң болсо түштүгүнө жорго мин» деген экен. Сиз экөөбүз Москвага күндө келип жаттык беле. Бир аз көңүл ачып олтуралы да.

Шерхан чыгып, чай алып келди. «Ичпейм, ичпейм деп жатып, ичмекей катын түгөтөт» дегендей, ичпейм, оозума албайм деп жатып Зыйнат чындап эле кызып калды. А жигит болсо, көңүлү көпөлөктөй көккө учуп, өпкөсү көөп, ажары ачылып, делөөрүй сүйлөйт:

– Эгерде экөөбүз мурда тааныш болгондо мен эч кимге үйлөнбөй, сизди да эч кимге бербей мен өзүм алмакмын. Арманым сиз болуп турасыз азыр.

– Толкунбек «алагой» деп сизге бере коёт беле мени, – деди Зыйнат, тамашага тамаша менен жооп берип.

– Анда мен Мансуровду эрөөлгө чакырат болучумун.

Зыйнат тамашалай сүйлөдү:

– Сиз экөөбүз мурда тааныпшай, Кудай бир сактаган экен. Болбосо, эрегиштен эр өлөт болуп, экөөңдүн бириң о дүйнөгө кетип жок болмок экенсиздер да.

Экөө тең күлүштү.

– Зыйнат Эсеновна, сизге, маанайыңыз жаркып, күлүп турганыңыз өлө жарашат экен.

– Билем, бардыгы ошентип айтышат.

– Ошон үчүн көңүлдүү жүрүшүңүз керек.

– Көңүлдүү элемин го.

– Жок, кечиресиз, көңүлдүү эмес экенсиз. Мен сиз жөнүндө такыр башкача уккамын.

– Кандай башкача? – деди мукактана. Бир заматта ою алып учуп, өз башынан өткөргөн күндөрү сабалап өттү.

– Жайдары, жароокер аял. Эсенова кабак бүркөп, капалануу дегенди билбейт, – деп бир жерде сиз жөнүндө чоң сөз болгон.

– Мен деле адаммын да, – деди Зыйнат. – Бул жашоодо зымга тарткандай жашоо болбойт экен да. Бул өзү, бир күнү бетин көргөзсө, бир күнү артын көрсөткөн дүйнө турбайбы.

– Коюңузчу болбогон сөздү, сизде эмне арман. Жеттиңиз го бардыгына.

– Койбой эле, чын айтам Шерхан Мүсүрепович, жандүйнөң жанчылып жакырланып турса атак-даңк да кеппи. Мени алаксытып көңүлүмдү көтөрүп, өмүрүмдү узартып турган жалганда жалгыз досум бар. Кудай ошондон ажыратпаса экен.

– Билем, Мансуровду сүйөсүз.

Бир кезде Зыйнаттын көз жашы мөлт деп төгүлүп кетти. Шерхан Зыйнаттын жанына жакындай олтуруп колун ийнине коюп чочулай сурады:

– Мансуровду сагына баштадыңыз го дейм.

– Тапкан жоксуз. Менде болгон дос сизде да бар.

– Түшүнбөдүм.

– Сиз экөөбүз кең Алматыдан таанышпай, ошол достордун аркасы менен Маскөөдөн таанышып олтурабыз. Табыңызчы ал кандай, эмне деген дос?

Шерхан дароо жооп берди.

– Чыгарма.

– Туура таптыңыз. Билесизби, менде бала жок. Бирди төрөп анан ал чарчап калган. Ошол бойдон бала төрөбөдүм. Менин жүрөгүмдү жарып чыгып, артымда кала турган перзентим да, жандүйнөмдү жашартып, өмүрүмдү узартып турган досум да кыл калемимдин касиеттүү күчүнөн жаралган чыгармаларым болуп калды. Ошон үчүн мендеги максат, ой чабытымды кеңитип, чыгармачылык дараметимди дагы өркүндөтүү. Анүчүн талыкпай изденип иштеш гана керек.

– Жакшы тилегиңиз бар экен. Мансуров балам жок деп армандабайбы?

– Ичинен тымызын армандабаса, мага ачык айтпайт.

– Көңүлү ооруйт деп сизди аяса керек. Кап, бирди төрөп алсаңыз жакшы болмок экен.

– Аны бир айтасызбы, эки айтасызбы! Мени сыртымдан көргөндер «Зыйнатта арман болбосо керек. Бактылуу аял» дешип суктана карашат. Бирок Зыйнаттын толбогон дүйнөсү баласыздыгы экенин алар кайдан билсин. Армансыз адам болбойт турбайбы, Шерхан Мүсүрепович. Мына ушундай тагдыр. Деги адамдын башы булутка жетсе да, артында тукум калыш керек экен. Мисалы, Суриковду дүйнөгө тааныткан өз чыгармасынан кийинки эмгек, белгилүү акын Наталья Петровна Кончаловскаяныкы.

– Кызыбы?

– Жээн небереси.

– Таятасы жөнүндө жазган экен да. Орустар уул балага караганда кыз баланы жакын көрөт эмеспи. Анда Суриков кызы менен чогуу жашаса керек. Ошон үчүн небереси билет да, ал кишинин кандай адам болгондугун, кандай иштегендигин.

– Жок, чогуу жашаган эмес. Натальянын атасы Петр Кончаловский да художник болгон. Таятасы Суриков каза болгондо Наталья бар болгону төрт жашар кыз экен. Василий Ивановичти акыркы сапарга узатууда көп киши чогулганы, анан анын сөөгүн музыка менен көрүстөнгө алып баратканы гана эсинде калган. Суриков жөнүндөгү материалдын көпчүлүгүн энеси Олядан, Василий Ивановичтин өзүнө келген каттардан жана башка булактардан пайдаланган. Жакшы жазылган чыгарма.

– Көлөмдүүбү?

– Роман.

– Аты эмне ал китептин?

– «Дар бесценный». Магазиндерде жок ал китеп, Суриков атындагы институтта чоң китепкана бар. Ошол жерден окусаңыз болот.

– Окуй турган экен.

– Мен Наталья Кончаловскаянын ушул чыгармасынан кийин бала жөнүндө, өзүм жөнүндө көп ойлонуучу болдум. Окуңуз, окусаңыз өкүнбөйсүз. Романды окуп, акыркы бетин жапкандан кийин, сиз дагы өзүңүз жөнүндө сөзсүз ойлоносуз. Анан балдарыңызды сын көз менен карап, ойго батасыз.

– Ленинградда да ушундай көркөм сүрөт институту бар да.

– Ал институт эмес, академия.

– Көркөм сүрөт искусствосу боюнча институттарда сырттан окуу болобу?

Зыйнат күлдү.

– Сырттан окуу деген болбойт бизде.

Булар кызуу сөзгө кирип кетип, алдыларындагы куюлган шараптарды ичүүнү унутуп да калышты.

Зыйнат Шерханды карап жарк этти.

– Ырахмат Сизге Шерхан Мүсүрепович, «Кел демек бар, кет демек жок» дегендей эми улуксат бериңиз, жакшы эле олтурдук. Сүйлөшүүгө сөз да калбай калган сыяктанып калды окшойт.

– А дегенде ыйлап жиберип, мени бир чочутуп алдыңыз. Бул бечараларды жалдыратып күттүрүп койгонубуз болбой калды. Аттанар аяк болсун, рюмкаларды алып туруп, дасторконго бата кылмайынча кетүүгө болбойт.

– Жок, ырахмат, суранам мени кыстабаңыз.

– Болуптур, алышыңызча.

Зыйнат эрдин тийгизип, рюмканы кайра койду. А Шерхан болсо өзүнүкүн алып жиберип Зыйнаттын рюмкасын колуна алды. Эч нерсеге түшүнбөгөн келин, Мүсүреповду бир карап алып, колун көтөрдү.

– Бата кылалыбы?

Шерхан башын чайкады.

– Бата үй ээсинен келет, карындаш, шашпаңыз. Мен мына бул сиздин эрдиңиз тийген рюмканы жутуп жибергим келип турат. Өзүңүзгө айттым го жана мен көптөн бул «тамакка» орозо болучумун деп. Сизди сыйлайм деп жатып орозомду ачып алдым.

– Анда бекер кылыптырсыз.

– Бекер эмес «миң күнкү караңгычылыктан, бир күнкү жарыкчылык артык» дегендей азыр мага он жылы орозо кармап өткөргөн өмүрүмдөн, сиз менен сүйлөшүп, шарап ичип олтурган бир сааттык рахатым артык болуп турат.

Акыркы рюмкадан кийин Мүсүрепов дароо өзгөрдү. Зыйнат ордунан туруп, сумкасын ийнине илип минтти:

– Ырахмат, Шерхан Мүсүрепович, жакшы калыңыз.

Мүсүрепов Зыйнаттын алдын торой басты:

Коктудагы коёнду,
Атып алса не болот,

Кокус барып койнуна
Жатып алса не болот? –

дегендей, мында эле мени менен жатып алсаңыз не болот?

Зыйнат селт этти:

– Коюңузчу, ошол кантип болсун.

– Эмне болмок эле? Баары бир кетирбейм сизди.

– Коё бериңиз эми. Минтсеңиз мен таарынып калам.

Мүсүрепов Зыйнатты коё берип, каткырып күлдү.

– Ой, антип коркутпаңыз. Ортодо таарыныч болбосун Зыйнатжан. Мен сизди чыным менен эле сүйүп калдым. Экөөбүз туруп эки башка жатабызбы?

– Мындай тамаша болбойт. Эшикти тоспоңуз...

...Зыйнат бөлмөсүнө киргенде саат он эки болоюн деп калган. Төшөгүндө жатып алып Мүсүреповдун айткан сөздөрүн эстеп ойго батат. Кызык, бул казактын тамашасыбы, же болбосо ойносо да оюндагысын айтып, мени кантээр экен деп сынаганыбы? «Сакалдуу киши жоого түшөөрбү» дегендей, акылдуу адам да бир көргөн сый адамга ушунтип сүйлөйт экен ээ, – деп бушайман болуп жатып Толкунбекти эстегенде, Шерхан эсинен ыргып кетти. «Тогуз катар торконун ичинде жатып мен үшүп жатам, баякы пияз байкуш кантти экен» – деп сарымсак кейишке түшкөндөй, мен го мен, баякы байкуш Толкунбек катты окуса эмне болду экен деп күйөөсүн эстегенде ичи сыйрыла түштү. Эчен-эчен телефон чалып көрсөмбү деп ойлоп ордунан туруп трубканы эки-үч жолу көтөрүп, эки-үч жолу кайра илди.

Ошентип кайра баштан санаасы сандап, өзүнөн өзү тынчы кетип, оо бир оокумга чейин, ооналактап жатып уктап кетти. Ал баякы баёо жүрөк балапан кезинде эне-атадан ажырап, бечара болуп, жетимдин кийимин кийип, жетимдин ашын ичип, бир туугандары менен өп-чап турмушта жашап күн өткөргөн ата конушунда жүрдү. Баякы эле үй, баякы эле оокат, баякы эле тиричилик. Бир туугандары-

нын өздөрү көрүнбөй, үндөрү угулат. Зыйнаттын оюнда алар үйдүн кеткен жерлерин оңдоп, шыбагы түшкөн дубалдарды бир жагынан кум шыбактап, бир жагынан актап жаткандай болот. А Зыйнат өзү болсо баякы энеси бардагыдай эле узун чачын бир өрүп, бир жандырып, күзгүнүн алдында, бир жагынан Күн нуру, бир жагынан Ай нуру жүзүнө төгүлүп, бирине бири чагылышып турган сулуулуктан дене-бою балкып, өзүнө өзү тойбой эки бети нурданып турду. Ошол саамда колуна бүркүттүн томоголуу темир канат балапанын кондурган Эсен үйгө кирип келип минтет:

– Балам, мына бул балапанды атайын сага берейин деп алып келдим. Томогосун алып, өзүң үндөккө келтирип, жакшылап таптап ал.

Эсен балапан бүркүттүн бутундагы кайыш боосун кызына карматат. – Абайла балам, «Көк чекир кара» деген ушул. Кадимки Карабарчындын тукуму, алгыр куштун кырааны. Колуңа кондуруп алып үйүңө кет. Ал жакта сени күтүп жатышат.

«Окубай каламбы?» – дейт Зыйнат.

«Ооба, окубай эле кой», – дейт атасы.

«Биз кетели эми. Өткөнгө өкүнбөй, кеткенге кейибей жакшы жүр, – дейт энеси Эсендин артынан баш багып. Ошол замат буйдалбай ээрчише басып чыгып кеткен эне-атасынын артынан: «Ата-а-а, эне-е-е!» – деп экөөнү алмак-салмак үнүнүн бардыгынча кыйкырып жатып өз үнүнөн өзү чочуп ойгонду. Көзүн ачса, таң аппак атып, үйгө жарык түшүп калыптыр. Оозу кургап, жүрөгү алып учат. Төшөктөн туруп, эки бутун саландатып, кроватында көргөн түшүн ойлонуп олтурду. «Кудая тобо, атам менен энем бирдей келип, колума туйгун кондуруп кетти. Сени күтүп жатат, кайра кет дегени эмнеси? Балким, Толкунбек кетпей эле, мени күтүп жатты болду бекен? Чачымды тарап, бир жандырып бир өрүп жатыптырмын. Бир жагымдан Күн нуру, бир жагымдан Ай нуру төгүлүп турду. Эмнеси болсо

да жакшы түш көрдүм. Кимге жорутам? Түштү жакшы жоруган адамга айтыш керек дешчу эмес беле. Мүсүреповго айтсам жоруп берер бекен! Атам менен энем колдоп жүргөн экен да мени. Куран окутсам жакшы болот эле, кандай арга кылам эми!

Зыйнат көргөн түшүнө толкундап жатып, ошол ойгонгон бойдон уктаган жок. Дем алыш күн болгондукдан, уйкуну кандыра уктап эс алам деген ою түшүнөн кийин башынан учуп кетти. Азыр эле Шерханды ойготуп, түшүн айткысы келип турду. Бирок жакшы түштү дасторкон жайып, мал союп, тамак жасап жорутат деп укkан. Ошон үчүн магазин ачылса, тамак-аш алып келип, Шерханга айтмак болуп шашып турду. Мурда эле Толкунбекти ойлоп, ичи оттой жанып бирде томсоруп, бирде кантейин деп тобокелге салып турган Зыйнаттын санаасына санаа кошкон бул түш өзүнчө эле бир кереметтүү аян болду. Бул ажайып түштү Толкунбектен башкага жоругусу да келбеди, ыраа да көрбөдү. Канаты болсо кайрадан Толкунбегине учуп жеткиси келип турду. Ушул кезде асыл жары өзүн чыдамсыздык менен күтүп жаткан сыяктуу кайра баштан акыл-эсинин баары баякы эле Толкунбек болду да калды.

Шерхан туралекте эле, Зыйнат камбылдык кылып дасторкон жайып, дүйүм тамак-ашка стол үстүн толтуруп, буфет кармаган кыздар менен сүйлөшүп, ысык тамак буйруп койду.

Мүсүрепов турары менен эле, оюнда эч нерсе жок Зыйнатка телефон чалды.

– Зыйнат Эсеновна, кутмандуу таңыңыз менен! Кандай, жакшы жатып жай турдуңузбу? Түшүңүзгө кирдимби?

Зыйнат көңүлдүү күлдү.

– Мени жакшы ойлобосоңуз керек. Эгер ойлоп жатып уктасаңыз кирет элеңиз го. Мен кубанычтуу башка түш көрдүм. Келиңиз чай ичели.

Шерхан Зыйнаттын бөлмөсүнө кирип, эшик алдына токтоду.

– Оо, эрте камынган экенсиз.

– Ооба, ошондой болду. Шерхан Зыйнатка кол сунду.

– Кол алышып коёлу, мен сизди сагынып калдым, – келиндин колун кармап, өзүн көздөй тартты. – Бетиңиздеп өөп коёюн.

Оозун Зыйнатка жакындатты. Ошол замат илебинен арактын жагымсыз жыты бур дей түштү. Келин жигитти көкүрөккө түртүп, башын чулгуп алды.

– Коюңуз.

– Койбойм. Шагымды сындырбаңыз эми. Түртпөңүз.

– Түндөкү ичкениңиз тарайлек го дейм, кызуу экенсиз.

– Аа, мейли өптүрбөсөңүз, өптүрбөй эле коюңуз. Таарын- дым. Эртең менен башым ооруганынан пахмель жасагам, кечирип коюңуз.

– Эчтеке эмес, ошол да кеппи. Кечирим суроо оозуңуздан айлансын. Иччү эмес элем дегениңизден ойлодум эле, чын эле ичпейт экен деп.

– Сизди сыйлайм деп орозомду ачып албадымбы.

– Бекер убалыңызга калган экенмин анда, – келин күлдү. Зыйнаттын көңүлдүү экенин көрүп: «Баса Эсенова ушундай эле жароокер, кабагы ачык аял деп уктум эле да» – деп ойлоп, ары караса артынан, бери караса бет алдынан ээрчий карап эрип олтурду.

– Шерхан Мүсүрепович, түш жоруганды билесизби?

– Түш!? Мен жөнүндө эмеспи? – Тийише сүйлөдү.

– Тамаша-тамаша, чын айтып жатам.

– Түш жоруганды ар бир казак, ар бир кыргыз билет го, боорум. Эмне түш көрдүңүз, айтып көрүңүзчү?

– Атам менен энем түшүмө кирип жатыптыр.

– Алар барбы?

– Жок, кайтыш болгон эчак.

– Анда куран окуш керек турбайбы.

– Куран билесизби?

– Билем. Бирок, ичип албадымбы.

– Аныk мусулман турбайсызбы!

– Алхамдулла мусулманмын. Анда куранды башка күнү окуйлу. Түштү мындай жоруса деле болот. Айтып көрүңүзчү угайын?

– Бир жагымдан Ай нуру, бир жагымдан Күн нуру төгүлүп, мен ортосунда турупмун. Ошол мезгилде атам бүркүттүн балапанын кондуруп, энем экөө келет. Анан атам өз тууруна кондуруп ал деп куштун боосун мага карматып, өзүн колума кондуруп кетти.

– Аябай жакшы түш көрүптүрсүз, Зыйнат Эсеновна. Мындай түш чанда бирөөнүн түшүнө кирбесе, оңой менен кирбейт. Казак менен кыргыз мындай түштү мал союп, түлөө өткөрүп, эң жакын жакшы санаалаштарын чакырып ошолорго айтып, ошолорго жорутат. «Түш оңолбой, иш оңолбойт» деген сөздү уктуңуз беле?

– Уккамын. Түлөөсүз түш жорууга болбойбу?

– Эзелтен түш жоруунун шарты ошондой. Жакшы түштү узартпай убагында жоруган жакшы дешет. Мен түш жоруп деле көргөн эмесмин. Ошентсе да, үйдөн алыс жүргөндүккө байланыштуу сиздин түштү жоруш керек. Тууруңузга туйгун консо, туйгундай уулдуу болосуз. «Кудай урган оңолот, арбак урган оңолбойт» деген сөз бекеринен айтылган эмес да. Арбактын алганы жаман, бергени жакшы экенин билсеңиз керек. Ата-энеңиз колдоп жүрүптүр. Бир жагыңыздан Ай нуру, бир жагыңыздан Күн нуру тийип ортосунда турсаңыз бир жакшылык жылоологон ооматка ээ болот экенсиз. Бул түшүңүзгө караганда даражаңыз мындан да көтөрүлүп, өкмөттүк бир чоң сыйлыкка ээ болуп калдыңыз...

– Айтканыңыз келсин, Шерхан Мүсүрепович. Уулдуу болосуз дейсиз, бирок мен төрөбөйм да. Кокустан эле бала багып албасам.

– Төрөп алсаңыз да, төрөбөй багып алсаңыз да ал балаңыз өзүңүзгө күйүмдүү, сыймыктуу адам болот экен. Көрөсүз го.

Мүсүреповдун сөзүн угуп, Зыйнат каткырып күлдү.

– Түз эле ал балаңыз дейсиз да. Өзүм деле бала багып алсам деп көп ойлоном. Бирок ал жөнүндө айталекмин эч кимге.

– Багып алыңыз. Ал баккан балаңыз да, өзүңүз да бактылуу болосуз.

– Айтканыңыз келсин.

Зыйнаттын оюнда бала эмес эле Толкунбек турду. «Менин катымды алып окуду бекен, же окуй элек болду бекен?» деген ой көңүлүндө кайталана берет.

– Зыйнат Эсеновна, ойго батып кеттиңиз да. Ойчул окшойсуз.

– Ооба, мен ошондой ар дайым ойго батып, кыялданып турам.

– Ошон үчүн талант, ошол үчүн чыгарма болсо керек. Арман көп.

– Коюңузчу, сизде да арман барбы?

– Армансыз адамды кайдан көрдүңүз эле? Мен сизди көрүп, азыр да армандап турам.

– Мени көрүппү? – Зыйнат күлдү. – Күлкүнү келтирбеңизчи. Ал кандай арман болуп кетти экен?

– Кечээ да айткамын, азыр да айтам. Сиз күйөөгө чыга электе жолукканыбызда эмне!?

– Анда эмне болот эле?

– Эмне болмок эле, үйлөнөт болучумун сизге.

– Түз эле үйлөнөт болучумун дейсиз да. Эсенова макул болбосо делеби?

Шерхан күлдү.

– Макул болбосо деле ала качып кетмекмин.

Зыйнат оюнда: «Бул казактын дымагы күчтүү экен го» – деп ойлоп койду.

– Шерхан Мүсүрепович, армандап коюп олтура бербей, тышка чыгып эл көрүп, ары-бери басып аба жутуп келбейбизби. Бүгүнкү дем алышты пайдаланып калбасак, эртең бири-бирибизди таппай калабыз го дейм.

– Ошончолук эле иштериңиз көппү?

– Эртең Суриковдо чоң көргөзмө ачылмак.

– Сиздин чыгармаңыз да коюлабы?

– Ооба, коюлуш керек. Сураганын жибергенмин. Ал көргөзмөгө мурдагы союздун курамында турган республикалардагы художниктердин эмгектери коюлмак. Алматыдан Сайфидиндин чыгармалары бар. Ал да келиш керек, мен кабарлашалбай калдым. Анткени мен Делиге баруучу художниктердин курамында болгондуктан эрте келдим.

Шерхан тамашалай сүйлөдү.

– Мени ала кетсеңиз?

– Барасызбы?

– Сиз менен андай өлкөгө чогуу баруу сыймык да. Бирок андай бакыт кушу оңойлук менен коно бербес дейм мага.

Экөө тең күлүштү.

Шерхан Москвага канча келгени менен бир жолу да Суриковдун музейине кирмек турсун, баш багып көргөн жан эмес. Зыйнаттан бул таланттуу адам жөнүндө уккандан кийин гана ага болгон кызыгуусу арта баштады. Эсенова менен институтка келип, көргөзмө залына коюлган чыгармаларды көрүп, жеке эле Василий Иванович Суриковдун эле эмес, көптөгөн өлбөс-өчпөс чыгармалары менен өздөрүнүн жаркын элесин түбөлүккө калтырган дүйнөлүк классик художниктер менен бирге Наталья Петровнанын өз атасы Петр Петрович Кончаловскийдин чыгармалары менен да беттешти. Ушул жерден Суриковдун кудасы, жээн небереси Наталья Кончаловскаянын чоң атасынын да, өз атасынын да, ал эмес алардан мурда эбак көздөрү өтүп кеткен баба, бубаларынын бардыгынын аттары да, фамилиялары да Петр Петровичтер болгонун билди.

– Тобо, – деди Мүсүрепов, тигилердин портретинин алдында суктана тиктеп туруп, – адам эмгеги менен өз өмүрүн өлбөс кылып түбөлүккө калтырып кетет экен да.

– Булар жөнүндө Татьяна Петровнанын китебин окусаңыз, ички дүйнөңүздү бир байытып, рахат аласыз, Шер-

хан Мүсүрепович. Кыл калемдин касиеттүү күчүнөн жандүйнөңүз жашарып, алар жөнүндө чыгарма жазууну ойлоп кыялданып да кетээрсиз.

– Ооба, анда сиз жөнүндө жазууну биринчи ойлоном го.

– Бирок мен жөнүндө билбейсиз да. Жазыш үчүн ал адамдын ким экендигин толук билиш керек.

– Менимче, сиз менен бирге учуп, Москвада бирге жүргөн күндөрүбүздүн өзү эле бир чыгарма болуп калды окшобойбу. Сиздин ким экениңизди чындыгында ушул жерден билип, ушул жерден тааныдым деп турам. «Колдо бар алтындын баркы жок» дегендей, сиздин даража, барк-бааңызды өз эл, өз жериңизде анчалык баалабагандары менен бул жакта кадырыңыз чоң экен. Аз эле убакыттын ичинде канча көрөрманга кол тамгаңызды калтыргандыгыңызды эсептей албай калдым. Китеп, альбом, сүрөттөрдү эске албаганда да, канча блокнотко кол койдуңуз. Ырахмат сизге, азамат экенсиз.

Шерхан Зыйнатты канчалык көбүрөөк билип, ага түшүнгөн сайын ошончолук жандүйнөсүнө бүлүк түшүп, суктануусу артып, тынчы кете баштады. Бирок эрлүү аялга даап, көөдөндөгү көйгөйүн айтууга Шерхандын адамдык аброю жол бербей турду. Көздөп келген өз жумушу ийгиликтүү бүтүп, эми бул жерде кылчаңдай турган кылдай жумушу болбосо да, Зыйнатты кыйбай жүргөнүн өзүнөн башка жан киши билбеди. Келгенден бери, Зыйнаттын Толкунбекти эстеп, ал жөнүндө эскерип, бир ооз сөз айтпаганы, бир жолу да Толкунбек менен сүйлөштүм дебегени сезимтал кыраакы Мүсүреповду тымызын ойго салып жүрдү.

Экөө мейманканада, биринчи жолку чайда, баласынын чарчап калганын, ошондон кийин төрөтү токтоп калганын айтып ыйлаганын Шерхан эстеген сайын Зыйнатка боору ооруй берет. Балким, баласы жоктугунан экөөнүн ортосунда салкындык, келишпестик бардыр. Мансуров балачакасын таштап, Эсеновага үйлөнгөнүн Мүсүрепов мурда эле укkан. Ушуларды көңүлүнөн өткөрүп бөлмөсүндө Зый-

натты күтүп, Наталья Кончаловскаянын романын суктана кармалайт.

Балам жок деп Зыйнаттын муңканары эп экен. Бирок баланын баары эле Наталья Петровна боло бербейт да. Бизде ата мурасын актап, ата-эненин атын ааламга чыгарып, бул сыяктуу чыгарма жазгандар казак менен кыргызда али чыгалек. Мүсүрепов ушунтип ойго келбеген ойлорду ойлоп, Зыйнатты күтө берип убакыттын кандай өтүп, кандай кеч киргенин да билбей калды. Ал эми Эсенова бул мезгилде өзүнүн кесиптеш курбу-курдаштары менен шатыра-шатман болуп сый үстүндө олтурду. Ал Мүсүреповдун өзүн күтүп, эч жакка да чыкпай, тамак да ичпей кезерип олтурганын билген да жок. Зыйнат мейманканага келип, лифтиден түшүп, Мүсүреповдун эшигин бир карап коюп өз бөлмөсүнө өтүп кетти.

Эртеси эрте туруп художниктер союзуна кетип жатып, кабаттын дежурный администрациясынан Мүсүреповдун түн бою уктабай кайра-кайра чыгып тынчы кеткенин угуп, ийнин куушуруп коюп чыгып кетти. Анан ошол кеткен бойдон кечинде бир келди. Зыйнат келгенде өз бөлмөсүнүн ачкычына илинген катты көрүп, Шерхан Мүсүрепович кеткен экен деп окубай туруп ойлоду эле, бирок андай болбой чыкты. Бөлмөгө керер-кирбестен эле сумкасын коюп, колундагы кагазды ачты. Ыр саптарын көрүп, өзүнөн өзү дем тарталбай калды.

Жүрөктү эзип, жанды алган,
Чыкпастыр сендей адамдан,
Күтүүдөн күйүп күл болду,
Өзүңдү сүйгөн бир адам,
Боз тайлак кылып боздотпой,
Боор ооруп койчу садагаң...

«Ооруну жашырса өлүм ашкере кылат» дегендей, сизди күтө берип, таң атканча ыр жазып чыктым. Кара сөзгө талантым оогондон бери ыр жазбай калган элем. «Чындап

ыйласа сокур көздөн жаш чыгат» дегендей эле болду окшойт. Окуп чыгып, менин акындык дараметимди байкаарсыз.

Сизди аша урматым менен ШЕРХАН.

Зыйнат катты окуп чыгып томсоро түштү. Эркектердин ушунусу жаман. Күйөөсү бар аялга көз арткандан уялышпайт экен да булар. Тобо, Мүсүреповго окшогон эстүү-баштуу, токтолуп калган эр-азаматты, жаш баладан бетер аялдарга уялбай ыр менен кат жазат деп ким айтат деп ойлоп, колундагы кагазды бир оокумга чейин тиктеп туруп:

«Эчкинин майын жебегин,
Тандайыңа жабышат,
Эркек менен ойнобо,
Чурайыңа жабышат» –

деген сөз ушундайдан улам айтылган экен го, деп катты мыжый кармап келип пепельницага таштады да, сумкасын столго ыргытып, өзү диванга жата кетти. Эмне үчүндүр көңүлү өзүнөн өзү бузулуп, өзүнөн өзү ыйлагысы келип, Толкунбекти ойлоп көңүлү буй болуп турду. Делиге баруудан баш тартып, үйүнө эртең эле кайра учуп кетүүнү самап, санаасы санга бөлүнүп, өзүн өзү колго алалбай көзүнүн жашы төгүлүп жатты. Ал эшиктин тыкылдаганынан улам аккан жашын сүртүп, ордунан салмактуу турду.

Эшикти ачып, Шерханды көрүп жүрөгү болк дей түштү. Жигит бөлмөгө кирип-кирбестен эле жарк этти.

– Кутмандуу кечиңиз менен.

– Ырахмат, келиңиз...

Мүсүрепов стулга олтуруп жатып, пепельницада жаткан кагаздан көрүнгөн жазуу көзүнө чоктой урунду. Зыйнаттын ички бөлмөгө кирип кеткенинен пайдаланган жигит өзүнүн жазган каты экенин көрүп бүткөн бою жыйрыла түштү. Анан Зыйнатка сыр билгизбей минтти:

– Кечээ келбей калдыңыз го?

– Эмне үчүн, келгем. Сизге звандайын деп ойлоп, жатып алса тынчын албайын деп кайра чалган жокмун.

– Кайдан жатам. Сизди келип калабы деп көпкө күттүм.

– Ооба, мен өтө кеч келдим. Иштериңиз эмне болду? Бүттүбү?

– Бүткөн жок, эртең билинет го. – Жигит бүткөн ишин Зыйнат үчүн «бүткөн жок» деп мурда калп айткан сөзүн азыр да кайталады. – А өзүңүздүн ишиңиз эмне болду? – деди Мүсүрепов.

– Кудай буюрса бүрсүгүнү Делиге учмак болуп жатабыз. Баргым келбей айнып да турам.

– Мындай бакыт ар кимдин эле мандайына жазыла бербейт да. Айныбаңыз. Мынча болгондон кийин барып келиңиз.

– Билбейм, ойлонуп көрөм го. Эмне үчүндүр көңүлүм чөгүп, үйдү сагына баштадым.

– Дайым ушундайсызбы, сагынып?

Шерхан Зыйнатка сыр билгизбей сүйлөшүп отурганы менен, ага болгон умуттуу жаркын ойлору кирдеп, ысыган бою суун, көңүлү калып, умуту үзүлүп турду. Бул кесири башынан ашкан, көпкөн аял Мүсүреповдун дархан даражасын кордоп, атак-даңкын кемсинтип, теңсинбей тургандай болуп сезилди жигитке. «Көргөнүңдөн көрөлегиң көп» деген ушул экен го деп ойлоду ал. Атайы арнап ыр жазуу эмес, кол тамгамды алалбай артымдан ээрчип жетпей жүргөн кыз-келиндер өздөрү келип бутума чалынчу эмес беле?! Бул канчыктын дымагын билбей, ички дүйнөсүнө түшүнбөй сыр алдырып койдум. Акылдуу, таланттуу адам деп жүрөгүмдү дарсо жарып жибергеним чеки болду. Болбосо, ыр арнагандан эч жерим деле кемип калган жок го, – деп түркүн-түрдүү ойго батып олтурду.

А Эсенова болсо, катыпоз эркектердин олуясы болсо да, аялзатынын алдында алсыз, сугалак келерин жакшы билүүчү. Ушундай жагдайдан улам, кээ бирде мурдунун учунан алысты көрбөгөн жигиттерге иши түшүп калганда, аял болуп жаралып калганына өкүнүп кетүүчү. «Ал кы-

зыңдан бул кызың шороку» дегендей, Зыйнат көргүлүктү аял жетекчилерден да, кээде жетекчи эмес эле катардагы катындардан да көрдү. Аял туруп аялды аял түшүнбөй, бирин бири көралбай, ич тарлыктан ичине ит өлгөн, өз милдетин өзү билбеген, өз кызыкчылыгын өзгөлөрдүкүнөн жогору койгон, байлык менен мансаптын кулу болуп, көзүн май баскан аял замандаштарынын түркөйлүгүнө жаны кейип, боору ооруп кетүүчү. Алардын түшүнүгү боюнча: «Эсеновдун колунан сүрөт тарткандан башка эмне келет экен» – деп кемсинтишчү. Алардын түшүнүгү боюнча, Эсенова өзүн жасап-түзөп, мансаптуу эркектер менен көңүл ачып жан жыргатуу, «фигурам бузулат» деп бала төрөбөй жүргөн жеңил ойлуу аялдардын бири болучу.

«Бир ит көрүп үрөт, бир ит көрбөй үрөт» дегендей Эсеновага берилген бул сыяктуу баалар ага мүнөздүү эмес эле. Чын-чынына келгенде анын колунан иш десе иш, аш десе аш келген аял болучу. Зыйнаттын моралдык абийири таза, адамкерчилиги бийик, сүйүүгө туруктуулугу менен башкалардан айырмаланып турган өзгөчөлүгү күчтүү, таланттуу сүрөткер болучу.

Тигил көз алдында күл түшүргүчтө ушаланып жаткан ыр менен жазган каты жөнүндө Мүсүрепов ооз ачпады. Ушул жагымсыз көрүнүштөн улам Зыйнатка мурункудай батынып бажактап сөз айталбай тартынып да, кичирип да олтурду. Кат жөнүндө сөздү Зыйнат өзү баштады.

– Шерхан Мүсүрепович, мени кечирип коюңуз, мага арнаган ырыңызды окуп капа болуп калдым. Мен эрлүү аялмын да. Никелүү аялга сизди минтип кат жазып кадырын салат экен деп ойлогон эмесмин. Сиз жөнүндө мен башкача пикирде болчумун. Жакшы санаалаш, замандаш катарында, чыгармачалык жактан кептеш-кеңештеш болуучу таланттуу жакшы адам менен тааныштым деп ичимден сүйүнүп калган элем. Сыягы, «Эки кочкордун башы бир казанга кайнабаган» сыяктуу аял менен эр адам чынығы дос болуша албайт окшобойбу. Өкүнүп калдым.

Зыйнаттын жүйөлүү сөзүн угуп жигит тердеп кетти. Оо, бир оокумга чейин кызарып-татарып шылкыйып олтургандан кийин башын салмактуу көтөрүп, жайнаган алагар көзү менен Зыйнатка жалтана бир карап алып ордунан салмактуу көтөрүлүп, оң колун келиндин далысына аста коюп минтти:

– Мен сизди капа кылайын, же болбосо кантээр экен деп сынайын деген оюм болсо, ушул мазардай болуп, дөөтү колдоп, миң-сандаган адам түнөк кылып, бири келип, бири кетип жаткан мейманкананын кусуру уруп, экинчи бул кутман жайга аяк баспай калайын. Чынымды айтсам, сизди көргөндөн баштап, акыл-эсимди аласалдырып, көңүлүмдү эңги-деңи кылган бир күч жанымды жай алдырбаган аты жок ооруга жолуктум да калдым. Калп эле эмнеге актанайын, «ооруну жашырса өлүм ашкере кылат» дегендей, мынча болду ичте балаа болгончо, тышта талаа болсун. Эмне десеңиз ошол деңиз, кандай ойлосоңуз ошондой ойлоңуз. Мен сизди сүйүп калдым. Башка ар кандай өрттү өчүрсө болчудай, ал эми өзөктөгү өрттү өчүрүү мүмкүн эмес окшойт. Мен ойдо жок жерден ушундай жаман оору менен ооруп калдым. Мен сиздин сүйбөсүңүздү билем. Бирок сизден сурап өтүнөөр өтүнүчүм бирөө гана. Ал болсо, маган жаман айтып жанымды кейитпеңиз. Өзүңүз айткандай сиз менен дос катарында жакшы саналааш болуп жүрүүгө аракет кылып көрөйүн. Ушуга макул деп коюңузчу.

Зыйнат Мүсүреповдун сөзүн угуп дем тарталбай тээ бир оокумга чейин үнсүз, жигитти мостоё тиктеп турду. Ал Шерхандын, ашыктыгы артып «Мажнун» болуп кеткенине ишенген да жок. «Баягы, баягы Байгазынын таягы» дегендей, эркектердин аялдарды көргөндө делебеси козуп кетмей сүйүүлөрүнүн» бири катарында баалап, ичинен тымызын күлүп койду.

– Эмнеге жаман айтмак элем. Сөзүңүз эми оңолду. Сүйүү деген оюнчук эмес экенин деле жазып жүрбөйсүзбү, Шер-

хан Мүсүрепович. «Дос катарында сыйлашып, жакшы санаалаш болуп жүрөлү» деген сунушуңузду мен жан-дилим менен кабыл алам.

– Кечирип коюңузчу, – деди Мүсүрепов ордунан туруп, Зыйнаттын алдына чөгөлөй калып калтаарыган үнү менен кош колун сунуп, – ырахмат сизге, – деп жиберди.

– Эмне болуп кетти? Коюңуз. Туруңуз өөдө, – чочуган Зыйнат креслодон илгирбей туруп, жигитти колтуктан сүйөдү. – Эр жигиттин эркн күчтүү болот экен десем, ушунчалык алсыз беле, ыя катыгүн.

Мүсүрепов шылкыйып ордуна кайра отуруп, Зыйнаттын колун кармап:

– Туура айтасыз, кандай улуу, кандай акылман, кандай баатыр болсо да эркектер сүйүү жаатына келгенде аялдардын алдында алсыз экендиги алмустактан бери белгилүү экендигин сиз менден жакшы билесиз. Сиздин алдыңызда турган Мүсүрепов да ошол бечара эркектердин бири деп билип койсоңуз экен.

– Сиз менин аягыма жыгылып кечирим сурагандай аша чапкан деле эч нерсе жок. Бирок сизге окшогон акылдуу десе акылдуу, ички дүйнөсү кең, жандүйнөсү таза, жумурай журтка адалдык менен адилеттиктен башканы каалабаган чыгармачыл үлкөн адамдын минтип ак никелүү эри бар аялдын алдында, анын сүйүүсүн сурап ашык болгон эркекти биринчи көрүшүм.

– Чындыкты айтам деп сизден жеме укмак болдум. Бул жөнүндө мени бекер эле күнөөлөп, бекер эле таарынып жатасыз. Сиз менин өзүмдү эмес, жүрөгүмдү күнөөлөп, жүрөгүмдү соттоңуз.

Зыйнат күлдү.

– Болуптур, «сөз тапкан колко бербейт» деген ушул.

– Мейли, кандай десеңиз ошондой деңиз. «Эрлүү аялды жактырып, эрлүү аялга ашык болууга эч бир адамдын акысы жок» деген мыйзам эч жерде, эч бир элде жок го дейм, ыя Зыйнатжан. Менин ашыктык жөнүндө жазган көп эле

чыгармаларым бар. Бирок өзүм жазгандай күчтүү махабат өз башыма эртедир-кечтир келет экен деп ойлогон эмесмин. Көрсө, сүйүүнүн да келер мезгили, сүйүүнүн да сүйүүсү, сүйүүнүн да жүрөктү суктандыруучу адамы болот окшобойбу. Таарынсаңыз таарынып, күнөөлөсөңүз күнөөлөй бериңиз, баары бир сиз менин биринчи сүйүүм, биринчи махабатымсыз. Тыптынч, эч нерседен бейкапар жашап жүргөн кезимде, ойдо жок жерден жүрөгүмө чок салып, уктап жаткан сезимимди ойготтуңуз. Чынымды айтсам мен буга чейин эч кимди сизчелик сүйүп көрөлегимди эми гана түшүндүм

– Кызык. А аялыңызчы? Сиздер эркектер ушундай өң көрдү, жүзтайды адам экенсиздер да. «Өлгөн арстандан тирүү чычкан артык» турбайбы, ыя Шерхан Мүсүрепович!

– Көзү өткөн адам жөнүндө кылапат айтуу күнөө экенин жакшы билем. Бирок менин жүрөгүмө маркум аялым жакшы түшүнчү. Анын адамкерчилигине башымды ийип, сыйына сыймыктанып, кадыресе жашап жүрүп убакыттын кандай өткөндүгүн, кандай бала-чакалуу болуп очорбачар болуп кеткенибизди өзүм да билбей калдым.

– Адамдын адамкерчилигине кул болуп, баш ийип берүүнүн өзү сүйүүгө жатпайбы, ыя Шерхан Мүсүрепович, – деди Зыйнат, Толкунбектин өзү менен бирге жашаган жылдарын эстеп.

– Жок, Зыйнатжан, ал сүйүү эмес. Мен өзүмдү сүйүүдөн жайдак калып, жөн гана адамгерчилик менен балдар деп күн көрүп, эптеп-септеп жан багып жүргөн адам катары сезем.

– Жашоонун өзү да бакыт эмеспи, Шерхан Мүсүрепович. Ошончодон мени сүйүп калганыңыз өкүнүчтүү болуп калды. Балким, менин кетишим менен көңүлсүздүк бөксөрүп, ордуна келе түшөөр.

– Эмнеси болсо да мени өлтүрдүңүз.

– Коюңузчу, ошондой да сөз болмок беле.

– Бүрсүгүнү учам дединизби?

– Буюрса.

– Делиде Суриков сыяктуу классик художниктердин көргөзмө музейи барбы?

– Бар эмей. Рерихти дүйнөдө билбеген ким бар. Бул өлкөдө таланты менен таанылган, таланты менен өзүнө өлбөс-өчпөс мунара тургузуп кеткен адамдар көп. Азыр ал өлкөдө Святослав Рерихтин жолун жолдоп, ата мурасын туу тутуп,чыгармачылык ишин жигердүү улантып жаткан Николай Рерих, азыркы биз барып катышуучу бүткүлдүйнөлүк бул көргөзмөнүн негизги уюштуруучу авторлорунун бири.

– Рерих негизи орус болуш керек?

– Ооба, туура айтасыз, орус. Бул таланттуу адам XIX кылымдын башында Гималай, Тибет тоолоруна арбалып Индиянын жаратылышынын ажайып кооздугуна сугу түшүп келип, ошол бойдон кеткиси келбей мекендеп калган. Азыр Рерихтин Константин, Николай деген эки уулу жашайт. Николай индус кызга үйлөнүп, өз мекени катарында Индия жеринде үзүрлүү эмгектенип жаткан кези. Дегеле Индостан жери биз даңазалап, мактап жүргөн Швейцариядан да жаратылышы өзгөчө кооз болуш керек деп ойлоймун. Анткени биздин өзүбүздүн жердешибиз Чуйков Семен Афанасьевич чыгармачылык командировкага барып «Индия сериялары» деген чыгармаларды жаратып, ал эмгеги үчүн Жабархалал Неру атындагы мамлекеттик жогорку сыйлыктын лауреаты болгон эмеспи.

– Ооба, ооба, баса билем Семен Афанасьевичти. Кыргызстанда вообще таланттар көп. Мен билгенден Айтиев, Садыков, Жумабаев, Чокморов сыяктуу залкар таланттардан башка художниктерди көп билбейт экенмин.

– Кийинки мени менен тең катар чыккан чыгармачыл адамдар көп, Шерхан Мүсүрепович. Жалгыз эле Кыргыз Республикасы эмес, чет өлкөлөргө чейин белгилүү болгон

Сагындыков, Шаршембиев, Мусаев, Акунов, Мамбетайпова сыяктуу жана башка улан-кыздар өсүп чыкпадыбы.

– Мен өзүм жазуучу болгонум менен сүрөт искусствосуна анчалык түшүнө бербейм. Мисалы, пейзаж менен жандык картиналардын кандай айырмасы бар?

– Сизге кандай деп түшүндүрсөм? Мисалы, тематикалык картиналар жандык чыгарма болуп эсептелет. Жалпы жонунан көркөм сүрөт искусствосу деп аталганы менен ал живопись, графика, скульптура, прикладное, монументальное, полиграфическое болуп бөлүнүп кетет. Анан алардын да ар биринин өз ичине камтыган өзгөчөлүктөрү бар.

– Кечиресиз, Зыйнат Эсеновна, сиз ушул жогоруда өзүңүз айткан жанрлар боюнча толук кандуу чыгарма иштей аласыз да, ээ?

– Албетте, иштей алам. Скульптурадан башкасынын баары колдон келүүчү, менин жей турган жемишим да.

– Даа, «Эл ичи, өнөр кенчи» – деп бекер айтылбайт тура. Ар элдин, ар улуттун сыймыгы болгон өзүңүзгө окшогон таланттары болот тура.

Зыйнат саатын карады.

– Оо, түн ортосу болуп калган тура. Эс алалы, Шерхан Мүсүрепович!

– Мейли, эс алалы десеңиз, эс алалы. Жакшы олтурдук. Жакшы сөзүңүз бар экен. Ырахмат сизге. – Мүсүрепов ордунан аста туруп Зыйнаттын ай далысын жаба, толорсугун көздөй төгүлүп, бош өрүлгөн түндөй узун чачын сылай берип, саамайына тумшугун тийгизип, аяр жыттап койду.

Эсенова күлө сүйлөп оюн-чындан минтти:

– «Тартып өпкөн жел өпкөн, сурап ичкен суу ичкен» деген макалды уктуңуз беле?

– Билем, укмамын. Бирок мен өпкөн жокмун да. «Жаман көргөндүн баркы казанбактай» деген ушул. Кой, сиздин ачууңузга тийбей ушунчамда сыйым менен кетип калайын. Жакшы жатып жай туруңуз, – чыгып баратып эшик алдына жетип, кылчая карап сурады:

– Эртең кезигебизби?

– Билбейм. Шерхан Мүсүрепович, бүрсүгүнү эрте учабыз. Чуркай турган жумуштар көп. Мени күтүп убара болбой эле коёсуз го.

– Эч убарасы жок. Жүрөгүм кубанбаса да, жүзүңүздү көрүп көзүм кубанып турсун. Күткөнүмө каршы болбой, макул деп коюңузчу.

– Убарага кайыл болсоңуз күтө бериңиз...

Мүсүрепов айтканын аткарды. Эртеси кечке, бөлмөсүнөн чыкпай, зарыгып күткөнү менен Зыйнат келбеди. Ал кесиптеш курбу-курдаштары менен болуп, мейманканага өтө кеч келди. Анан эртеси эрте машина келип, Делиге учканы Мүсүреповго кезикпеген бойдон аэропортко жөнөп кетти.

Мүсүрепов Эсенованын коштошпой кетип калганын угуп ичи сыйрылды. Аял теңине албай, аялга чандыргандай болгон бир осол кемсинүүдөн капа болуп, кабагына кар жаап, көңүлүнө түн түштү. «Бирөөнүн кулагын кессе, бирөөгө кийиз кескенчелик болбойт» дегендей, Зыйнат Мүсүреповдун кандай абалда калганын ойлогон да, аны эстеген да жок. Анын уктаса түшүнөн, ойгонсо өңүнөн кетпеген кишиси жалгыз Толкунбек болуучу. Бая күнкү көргөн түшүнөн кийин, күйөөсү эч жакка кетпей эле үйүндө өзүн күтүп жүргөндөй болгон ишеним анда күчтүү эле. Атасы Эсен менен энеси Аккыздын келип колуна туйгун кондуруп кеткенин оюнда өзүнчө бир чоң жакшылыкка болгон аян деп жоруп толкундап келаткан Зыйнаттын бир заматта өңү өчүп, кош колдоп ичин басып сыздап жиберди. Бул оорунун башталышы мейманканада болгон болучу. Ал өзү менен учуучу курдашыныкында болуп, бөлмөсүнө келип, жаңы эле чечине баштаганда капилеттен ичи бурап, жүрөгү айланып кеткен. Курдашыныкында муздаткычтан чыккан суусундук ичкенин эстеп, ичегилериме суук тийгизип алдым го деп, ооруган ичин кош колдоп басып жатып, жакшы болуп калган ичи минтип кайрадан катуулап ооруп,

чыдамын кетирип баратты. Машинада келаткан курдаштарынын да тынчы кетип, эмне кылып, кандай жардам беришерин билбей шашып калышты. Аэропортко баратканжолдо, машинаны эки-үч жолу токтотуп, зил кусуп, эсин жоготуп барып кайра оңолду. «Буйругу жок ашка мурун канайт» дегендей, Зыйнат Делиге учпай Москванын бир ооруканасында сокур ичеги менен жатып калды. Операция оор өттү. Анткени сокур ичеги жарылып кетип, ажалдан ак халатчандардын күчү менен аман калды...

Зыйнат ооруканадан чыгаар күнү Москвадагы Казакстандын посолствосунда иштеген жердештери келип, өздөрүнүн мейманканасына чыгарып кетишти. Ал жерде казак жергесинен келген меймандарга мейманкана толтура болучу. Зыйнатты билгендерден билбегендер угуп, өздөрүнүн бир тууган, эң жакын адамын көргөндөй бетер, жүрөктөрү жарылып, урматтоо менен тосуп алышты. Жердештеринин ортосунда үч-төрт күнү тыныккандан соң, эч кимге звандабай да, эч кимге телеграмма бербей эле, Алматыга учуп кетти. Эмнеси болсо да бара көрөрмүн деп ойлоду. Деги Зыйнат жеринен болоор-болбос кайгы-капага чөкпөгөн, атак-даңкка менсинип бой көтөрүп көөп кетпеген көтөрүмдүү, жупуну жүргөн кайраттуу аял болучу. Анын бир жеңилгени баласынан ажырашы болду. Кээ бир адамдар канчалык көптү көрүп, көп жашаса да бала кыял, ишенчээк мүнөздүү болот эмеспи, Зыйнатта да ошондой бала кыял, ишенчээк мүнөз күчтүү болучу. Ошол ишенчээгинен түшүнө Кудайдай ишенип, Толкунбекти баякы мурункусундай эле үйүндө жашап, үйүндө өзүн күтүп жүргөндөй ойлоп келди.

Аэропорттон таксиге олтуруп келаткан жолдо өзүнөн өзү толкундап, өзүнөн өзү санаага батып келатып үйүнө кандай жеткенин да билбей калды. «Басып келген балдыз жок, желип келген жеңе жок» дегендей, алыстан арып-ачып, ооруп-сыркап, чарчап-чаалыгып келгенде: «Аман-эсен келдиңби?» – деп алдынан тосуп чыккан адамдын

жоктугунан жалгызсырап, айлана көзүнө суз да, көңүлсүз көрүндү. Экинчи кабатка чейин чемоданын көтөрүшүп келген шофер, комсуна сүйлөп минтти:

– Үйүңүздө эч ким жок го сизди күткөн?

– Кабар берген эмесмин. Ырахмат сизге.

– Жүгүңүздү киргизишип берейин.

– Жок, мен өзүм эле, – деди Зыйнат, эшик алдына өзү кеткенден бери шыпыргы тийбегенин көрүп, көңүлү бөксөрүп. Шофер чыгып кетти. Зыйнат калтаарыган колдору менен сумкасынын ичин иретсиз аралаштырып үйүнүн ачкычын таппай жатты. Ошол мезгилде тепкичтен көтөрүлүп чыгып келаткан кошунасын көрүп, сумкасын аңтарып жаткан калыбында токтоп калды.

– Мен дагы ким десем, Зыйнат сен белең? – деди аял.

– Ооба, менмин апа, келиңиз. – Коңшусун көрүп, эркеп ыйлагысы келип, көздөрүнө жаш айлана түштү.

– Зыйнат апам келди деп балдар айтканынан чуркадым ачкычты алып. – Зыйнатты бетинен өптү. – Кандай, аткөлүң аман келдиңби, чырагым.

– Ырахмат, келдим апа. Аа, ачкыч сизде беле?

– Ооба, мага таштап кеткен.

– Менин өзүмдө да ачкыч бар эле. Сумкамда десем жок, башка жакка салган окшойм.

Коңшусу эшикти ачып, Зыйнаттын чемоданын көтөрүп, бөлмөгө кошо кирди.

– Өңүң жок экен, балам. Ооруп жүргөн жоксуңбу? Сени Толкунбек бир, бир жарым айда келет деди эле. Ишиң эрте бүткөн го.

– Ишим бүткөн жок, апа. Индияга учаар алдында ооруп калдым. Ал жактын тузу буюрбаптыр мага. Операция болуп, ооруканадан чыкканым бир жума эле болду. Бир аз тыныккандан кийин кете бердим кайра.

– Баса, мен дагы, өңүңдү көрүп дароо ойлодум, ооруп жүргөнбү деп. «Ооруп турдум, ойноп турдум» дегендей,

Кудай берет деген ошол, аман-эсен сакайып келиптирсиң. Кырсыгың ошону менен чыгып кеткиси бардыр.

– Ырахмат Салия апа, айтканыңыз келсин. Өзүңүздөр кандай турасыздар?

– Турабыз, балам, жакшы элебиз.

Зыйнат сумкасынан акча алып аялга сунду.

– Алдыдагы магазин ачык болсо сүт, ак май, нан алып келип бересизби? Үйдө эч нерсе жок болсо керек.

– И, алып келип бербей анан. Алып келем, чырагым.

– Бир пияла чай ичип алып, эс алайын. Башым ооруп турат.

– Чайды биздикинен эле ичип, биздикинде эле эс албайсыңбы?

– Жок, апа, ырахмат. Үйдө эле эс алайын. «Ит, ит аягын жаламайынча алымсынбайт» дегендей, үйүмдү сагындым, апа.

Аял Зыйнатка Толкунбек жөнүндө оозу батып айталбай турду. Анткени Зыйнат менен Толкунбектин тымызын эч кимге айтпай ажырашканын эч кимиси билүүчү эмес. Аял чыгып кетти. А Зыйнат болсо баякы кирген жеринде, тикесинен тик турган калыбында томсоруп, көздөрүнө жаш айланып, өкүрүп ыйлагысы келип турду. Баякы Маскөөдө жүргөндө көргөн түшүнөн кубат алып, Толкунбек өзүн күтүп үйүндө жүргөндөй болгон ишеними иш жүзүнө ашпай калганына ичи эңшерилип, тамагы буулуп турду. Анын көзүнө үй ичи бүтүндөй көрксүз да, кунарсыз да болуп көрүндү. Баякы көргөн адамдын көз жоосун алып, сулуулукка сулуулук кошуп жаркырап туруучу серванттагы баа жеткис кымбат баалуу рюмкалар, вазалар, мадонналар, илинип турган өз колунан чыккан ажайып картиналар, туш кийиздер, полдо төшөлүп жаткан кооздугу бул чөлкөмдө жок жибек килемдер Зыйнаттын көзүнө эч нерсеге татыбаган керексиз бир нерсе сыяктуу болуп турду.

«Бул байда-батасы жок бактысыз килем-кече эмеректерди эмне үчүн, ким үчүн жыйнадым экенмин» – деп ой-

лоп эки жагын ызалуу карайт. Ушундай көрүнүштөн кийин эсине өзүнүн бир тууган жээни түшүп кетти. Ал ат жалын тартып минген күндөн баштап айда алтын, күндө күмүш тапкан табышкерлиги менен эл оозуна кирген жигит болучу. Даражасы даркан, жооптуу кызматтардан жолдуу жигиттин үйүнө кирген киши чыккысы келчү эмес. Бир короодо мандай-тескей салынган эки үйдөн тышкары, ашкана, кладовка дегендери эле өзүнчө адам көзүн тайгылткан хан сарайга окшоп туруучу. Ажал менен кырсык айтып келбейт тура. Ошол күндө майрам, күндө той болуп туруучу үйдү кырсык басты. Күтүлбөгөн жерден үй ээси таптаза туруп, мээсине кан таамп, көздү ачып-жумганча каза болуп калса болобу. Зыйнат ошолорду ойлоп делдейип тура берди. «Мал ээси менен, баш мээси менен» дегендей, ээси менен кошо бул үйдүн бардык ырыс-кешигин кошо көөмп салгансып баякы үйүнүн көркүнө көрк кошуп, берекесине береке кошуп лапшып туруучу байлыктар барк-баасы жок эле, кунарсыз бир нерсе сыяктуу болду да калды. Зыйнат айылына барып, ошол жээниникине кирип калганда көңүлү чөгүп, ыйлап чыгуучу. Ошон үчүн кийинки күндөрдө «көрүп күйгөнчө, көрбөй күйөйүн» дегенсип кайрылбай кетип калуучу болгон. Ал азыр жээнинин үйүндө болгон көңүлсүздүктү да, көрксүздүктү да өз үйүнөн көрүп, өз үйүнөн көңүлү караңгылап, жүрөгү тымызын ыйлап турду. Зыйнат катырып койгон кеп кишиден бетер залга кирген бойдон эшик алдында Толкунбекти ойлоп, көз алдына дүйүм тамак-ашка, жер-жемиш, мөмө-чөмөгө толгон стол үстү тартылды. Толкунбек аялын жадырай карады. «Алтыным, сенин жогуң жаман экен. Жалгыздык жанымдан өттү. Он күн жок болгонуң он жылга татып кетти. Ырыска шерик, бактылуу аялсың. Карачы сенин келишиң менен үйгө береке кирип, минтип дасторкон үстү жайнап, айлана жарык боло түштү». Күйөөсүнүн сөзүнө жүрөгү толуп «Чын эле менин жогум жоктолот бекен ыя, Толкунбек? Мен сени эстебейт го дечү элем. Мен да сени сагын-

дым» – деп эзиле сүйлөшүп, көңүлү көккө учкан мезгилдерди көз алдынан өткөрүп, өзүн жоготуп турган Зыйнат Салия апанын дабышынан селт этти.

– Ойбай, чырагым, сен баякы бойдон ушул жерде тургансың го? – Жанында турган чоң кара сумканы ары жылдырды. Эчен-эчен Толкунбек жөнүндө сурайын деп дагы эле сурай албады. Анын бул жерден кандай кеткенин айтайын деп, аны да айталбады. Салиянын көз карашынан, анын Толкунбек жөнүндө бир нерсе айтайын деп айталбай кыйылып турганын Зыйнат түшүндү.

– «Бул киши Толкунбек экөөбүздү билсе да билмексен, укса да укмаксан болуп отурат. Деги үйдүн ачкычын эмне деп таштады болду экен» деген ойдо, минтип сурады:

– Толкунбек качан кетти ыя, апа?

– Сен кеткенден кийин бир жума жашап туруп, анан кетти. Айтор, бул үйгө экинчи келбөөчүдөй, биз менен кайра көрүшпөөчүдөй болуп коштошту ал бала.

– Эмне үчүн кетип жатканын айткан жокпу?

– Ойбай, карагым, силерди ушундай болот деп ким ойлоптур. Кетип жатып «Зыйнатка көз сала жүргүлө» десе оозум ачылып калыптыр. Сен өзүң Толкунбек менен жашоону каалаган эмессиң го, анын айтымында.

– Ооба, ошондой болуп калды, апа.

– Бекер кылыптырсың, карагым. Сени жакшы көрөт экен. Кыскасы, ыйлап кетти ал бала.

– Ыйлап кетти?

– Ооба, ыйлап кетти...

Ачык сырын чечилип Толкунбек айтпаса да, Зыйнат айтпаса да, Салия булар жөнүндө элден уккан имиш-имиш ушак-айыңды тымызын ичинен ойлоп отурду. Адам бузулса алеки саатта деген ушул. Уул десе уул, кыз десе кыз төрөп берип отурган Айдай болгон аялын таштап, бул бечаранын атак-даңкына азгырылган жигит экен го Толкунбек. «Жакшы адам бир жеринен кем болот» деген ушул. Өң десе өңү, келбет десе келбети, өнөр десе өнөрү, акыл

десе акылы төп келгени менен туубастыгы бактысын басып турганы өкүнүчтүү экен. Эми минтип заңгыраган үч бөлмө тамда жалгыз калат деген айтканга оңой болгону менен жашоого оор да, – деп ойлоп дымып отурган аял, тынымдан кийин Зыйнатка минтти:

– Баары бир кеткени менен сени кыйбайт экен күйөөң. Жакшы көрөт тура. Машинага отуруп жатып каргылдана сүйлөп, баласын таштап кетип жаткан энеден бетер «Кыргыз менен казакка эле эмес, төгөрөктүн төрт бурчуна белгилүү болгон бир таланттуу кыргыз кызы араңарда жалгыз калып жатат. Бул тагдыр деген татаал нерсе тура, апа. «Колдо бар алтындын баркы жок» дегендей, ошол кол тийбес алтындын башын аттап кетип баратам. «Зыйнатты силерге, силерди Кудайга тапшырдым». «Каралашып, көз сала жүргүлө» – деп көз жашын кылгыртып, машинанын эшигин тарс жаап жөнөп кетти күйөөң.

Зыйнат коңшусунун сөзүн дем тартпай угуп отуруп минтип ойлоду. «Канткен менен мени кыйган эмес экен. Бала деген балакет эрди-катындын данакери тура. Бир эле балам болгондо эмне. – Өзөгү өрттөнө үшкүрүп алды. Ичтейин ачып Салия менен да оңчулуктуу сүйлөшпөдү, сөз жаңыртып эч нерсе да сурабады. Тек гана мууну бошоп, өзүнөн өзү ыйлагысы келип, өпкөсү көөп, коңшусунун чыгып кетишин каалап, кыртышы эч нерсе сүйбөй, өзүнчө жалгыз калууну каалап турду.

Зыйнаттын сөз сүйлөбөй, уйкусу келгенсип үргүлөп олтурганын көрүп, Салия ордунан турду.

– Мен кетейин. «Жол азабы, көр азабы» дегендей, булут минип, муз бүркүп, асман менен аркырап «айрыпулан» минип учсаң да, жол деген жол. Анын үстүнө «апараз» болгон турбайсыңбы. Эмнеси болсо да Кудай сактаптыр. Жатып эс ал эми, эч нерсе ойлобо, чырагым. Анан кечки тамакты биздикинен ич...

Баякы «Россия» мейманкасында көргөн түшүнөн кийин өзүн өзү сооротуп, өзүн өзү алдап, Толкунбек жөнүндө

ойлогон ою ордунан чыкпай калгандыктанбы, же болбосо жанга баткан дүлөй тынчтыктанбы, айтор, уйкуга мас болуп турган Зыйнаттын башы жаздыкка тиери менен бирөө уйкусун уурдап кеткенсип көзү умачтай ачылды да кетти. Ал ошол бойдон чырм этип кирпик какпай, түндү уйкусуз өткөрдү. Эстебейин десе да болбой ойлогон оюнун баары Толкунбектин айланасынан алыстай албай койду. Бир кезде ордунан туруп өз одеялын Толкунбектин одеялы менен алмаштырып жамынды да, жакасын өөдө тартып мурдуна алып барып жыттаган бойдон буулугуп ыйлап жиберди. Зыйнат жалгыз эле сүрөт искусствосун сүйүп ардактабастан поэзияга да шыктуулук жайы бар болуучу. Ал букулдап көөдөндөгү көк түтүндү бир аз чыгарып жеңилденип алып, мейманканада жатканда жазган ыр саптарын эстей баштады. Кандай эле? Аа, эстедим деди эки колун төбөсүнө алып, шыпты тиктей берип кыңылдап:

Түн зарыгам, кайгы чөгөм,
Таң алдында чырм этем,
Мени муңга салган жарым,
Кантип уктап жатты экен,
Ак жаздыкка башын коюп,
Же уйкуга мас бекен?
Ал ойгонобу,
Мени ойлонобу?

Зыйнаттын көз жашы жаагы ылдый агып, жаздыгына тып-тып таамп жатканын ал өзү да билбей калды. Анын оюна Толкунбектин Жайнагүлгө болгон кусалыгы таркабай, күнү-түнү менен биринен бири бөлүнө албай эзилишип жаткандай болгон элес, көз алдына тартыла берип жатты. Ушундай ойду ойлоп, ушундай элестерди элестеткен сайын ичи оттой жанат. Зыйнат Толкунбек менен экинчи жолу бирге жашагыс болуп, биротоло кетип жатканда да мынчалык кара кийип, кан жутаарын ойлобогон жаш жүрөк, эми минтип жандүйнөсү жабыркап, көргөн күнү,

сүргөн өмүрү бир тутам болуп, бардыгы көңүлсүз да, көрксүз болду да калды.

Эртеси Зыйнаттын дабышы чыкпаганынан, уктап жатабы, же эртелеп бир жакка чыгып кеттиби деген ойдо, Салия апа телефон чалса Зыйнат үйүндө экен.

– Кутмандуу таңың менен, чырагым. Үйдөсүңбү? Саат он эки болуп калды. Көпкө уктадың го!

– Ооруп калыптырмын, апа! Бүткөн боюм оор тартып, ден соолугум жакшы эмес деги.

– Акырын туруп кел, балам, сүттөгөн чайды сагынган чыгаар деп колдон каймак, сүт, наавайдан ысык нан алып келдим.

– Макул, апа, азыр барам.

Зыйнат киргенде Салия тиктей берип сурады:

– Капырай өңүң кантет, жыргап эс алган түрүң жок го, балам. «Апараз» болгон жериң оорубайбы деги?

– Кескен жерим жакшы эле. Жол жүргөндүкү болсо керек, эмне үчүндүр өзүмдөн өзүм чарчап, бүткөн боюм талыкшып кыйналып чыктым.

– Ооба, кебетеңден көрүнүп турат.

Көптү көргөн кыраакы аял көңүлүндө Зыйнаттын санаадан сабыркап, күйөөсүн эстеп уктабай чыкканын билип, жаны кейип турду. Чай үстүндө аркы-беркини сүйлөшүп отурушуп, Зыйнат минтти:

– Жедеп Толкунбекке көнүп калыптырмын. Жалгыздык кыйын экен.

– Кой антип сабыркабай кайраттуу бол. Сендей кыздар күйөөгө чыкпай ойноп-күлүп дың салып жүрүшпөйбү.

Зыйнат Салия апанын сөзүнө күлүп минтти:

– Ой, апаке, мени жаш деп турасызбы, жарыктык. «Кыркка чыкса да кыз дейби» дегендей отуз жаш оюнчук эмес да. Үй-бүлө күтүп, келечек жашоонун түбөлүктүү фундаментин түптөй турган мезгил ушул курак да. Менин курбу-курдаштарымдын көпчүлүгү ат чабым алыс узап кетишти . «Кара кыздын агынан эмес, багынан» деген ошол тура.

– Антип айтпа. Сенден дөөлөттүү, сенден даражалуу, бактылуу ким бар экен. Али келечегиң алдыда. «Ургаачынын чырагы кырк» дегендей, өмүрдүн узак жолунда көргөнүңдөн көрөлегиң көп. Эми бул жерде эле болосуңбу?

– Ошко барып келем го. Ал жерде таяке-тажеңем бар. Карыган байкуштардын ал-абалын билип учурашып, бир аз туруп келем. Ата ордуна ата, эне ордуна эне болгон кишилер.

– Колунда балдары барбы?

– Жок, апа. Менин тынчым ошон үчүн кетип жатпайбы. Тажеңе көп эле төрөгөн экен. «Баланын тууларына сүйүнбөй, турарына сүйүн» дегендей, токтобосо ушул экен да.

– Ой, бечаралар ай! Эңкейип калган кезде жалгыздык кыйын да. – Эрдин кесе тиштеп, башын чайкады.

Салия апанын кандай аял экенин мурда анчалык баамдап билбеген Зыйнат, бул жөнөкөй казак аялдын жүрөгүнө да, пейилине да эми түшүнүп, эми билип турган кези. «Адам өз жамандыгын өлгөнчө билбейт, киши жамандыгын кирип чыкканча билет» деген ушул экен да деп ойлоп олтурду Зыйнат...

* * *

Бул түнү Салия менен тээ түндүн бир оокумуна чейин сүйлөшүп олтуруп жатты. Жаздыкка башы тиери менен баякы санаанын артынан санаа, ойдун артынан ойлор агып, төшөгүнүн тынчы кетип, уйкусу качат. «Ойлобой сүйлөгөн онтобой ооруга жолугат» дегендей, Толкунбек менен келечек тагдырым кандай болоорун ойлобой, тобокел менен жашаган экенмин. Жалгыз Толкунбек деп жашап, Толкунбек деп иштеп, Толкунбек деп алыс-жакынга карабай, эч кимге назар салбай жүрүп, жанга күйөөр жакыным жок, жалгыз калаар чекке жетип калган турбайымбы деген ой санаасында сапырылат. – Кызык, ал менин ысыгыма күйүп, суугума тоңуп, түбөлүк жар болот деп ишенип жашадым

бекенмин? Жок, жок, антип деле ойлогон жокмун го. Өзүнө өзү суроо берип, Толкунбек менен кандай ишенимде жашаганын билбей турду. «Мойнунан байлаган ит ууга жарабайт» дегендей, ал мени менен аргасыз жашаган экен. Болбосо, менин катымды алаары менен капастан бошогон туйгунга окшоп мынчалык шашпайт эле го. Бирок Толкунбек жүрөгүмдө, Жайнагүл деп жашаганы менен мени да кыйган жок. Ал менин өзүнө болгон махабатымды сыйладыбы же, атам Эсен менен энем Аккыздын арбагын ойлодубу, билбейм. Зыйнат кайра баштан баягы «Россия» мейманканасында көргөн түшүн эстеп кетти. Атам, тууруна кондуруп ал деп колума туйгун кондурду эле. Бул кандай керемет түш болуп кетти. Балким, Жайнагүл Толкунбекти кабыл албай, кайра келеби?! Кокустан түшүм туш келип калса, аны кайра кабыл алаар-албасын ойлоп, өз жүрөгүн өзү текшерип көрүп, анын көңүлүн калтырып көкүрөккө түртүп, текебердик кылууга алсыз экенин мойнуна алып, Толкунбек азыр эле кайра кирип келүүчүдөй болгон шоокум кыялын кытыгылап, өзүнөн өзү делөөрүп турду. Ушул маалда эшиктин звоногу ойдо жок жерден шыңгырап, Зыйнаттын таттуу кыялын бузуп жиберди. Түндүн бир оокумунда кинтип ойдо жок жерден киши келет деп ойлобогон келиндин оюна чындап эле Толкунбек келип калгандай болуп калтаарып кетти. Ордунан туруп светти күйгүзөм деп баратып, столго чалынып мүдүрүлүп кетти. Алактаган Зыйнат жарыкты күйгүзүп, эчтеке ойлобой туруп эле эшикти дароо ачып жиберди. Коридордун сүттөй жарыгынан көздөрү уяла түштү. Анын укканы да, көргөнү да лифтиге жүгүрүп кирип кеткен кандайдыр бир аялдын карааны болду. Ошол замат көзгө илешпей ылдый шуу коюп түшүп кеткен лифт жакты аңкая тиктеп туруп, каалганы жабайын деп баратып, эшиктин түбүндө оролгон бир нерсе жатканын көрүп, жүрөгү болк деп кетенчиктей түштү. Коркконунанбы же чочуганынанбы, кыйкырып жибере жаздап барып, өз оозун өзү алаканы менен баса калды. Көрүп эле

бала экенин дароо билди. Зыйнаттын көз алдына тартылганы, баякы өз баласын өз колу менен ороп, аны Толкунбек атасынын эшигинин алдына алып барып таштаганы болду.

Ушуну эстегенде дени өлө түштү. Бирок эмне үчүндүр дит багып колуна алып карооо да, ал эмес эңкейип кол учун тийгизүүгө даабай турду. Бүткөн боюн майда калтырак басты. Эстегени Салия апа болду. Ошол замат эки жагын карабай экинчи кабатка басып түшкөнүн, же учуп түшкөнүн билбей калды. Анын бир билгени коңшусунун звоногун басканы болду. Бирок аны канчага, кандай басып турганын ойлогон да жок.

– Ой, бул ким, жети түндө адамдын тынчын алган? – деди ичкериден чочулап, үрөйү учкан үй ээси. – Болду, звонокту басканыңды токтот, чырылдата бербей.

Зыйнат ошондо эсине келди.

– Ата, мен Зыйнатмын, Салия апа керек эле.

– Зыйнат дейсиңби, эмне болуп кетти? Тынччылыкпы, карагым?

Эшикти ачты. – Үйгө кир.

Зыйнаттын үнүн укkан аял төшөгүнөн томолонуп туруп, арыжактан эле сүйлөнүп келатты.

– Ой-бай, чырагым, эмне болуп кетти?

Зыйнат ыйлап жиберди, калтаарыган боюн токтото албай.

– Апа, жүрүңүзчү, биздин эшиктин алдында, кимдир бирөө бала алып келип таштап, өзү качып кетти.

– Бала дейсиңби?

– Ооба, бала.

– Уул бекен, кыз бекен?

– Билбейм, караган жокмун. Ыя апа, таштаган аялды кантип, кайдан табабыз? Тышка чыгып карап көрбөйбүзбү?

– Эмне кыласың аны?

– Баласын өзүнө бериш керек. Алсын, кийин өкүнүп калат го байкуш. Түшүндүрүп айтсак жакшы болот эле.

Сиз кийинип чыкканча мен өзүм эле тышка чыгып эки жакты карайынчы. – Бурулуп чыгып бараткан Зыйнатты Салия чапчып токтотту.

– Сен өзүң кызык келин экенсиң, он ай көтөрүп, омурткасы сыздап тапкан баласынан кутула жадап, бирөөнүн эшигинин алдына таштай качкан шуркуя, артымдан кимиси чыгаар экен деп сени күтүп турат деп турасыңбы. Эсиңди жыйып, акылыңа кел. «Берейин деген кулуна, белен кылат жолуна» деген ушул. Тилимди алсаң багып ал өзүң. Эгерде баланын кереги жок десең кардарлар толуп жатат. Азыр эле звандап ата-эне болуучу адамды таап, сүйүнчүсүн алып койнуна салып берем. – Ушул саамда өз арманы өзүндө болгон Зыйнаттын эртеңкиси эске түшүп, көз жашы көлдөп ыйлап турган болучу. Муну көргөн Салия келинди тиктей берип минтти: – Э чырагым, сен эмнеге ыйлап жатасың?

– Баланы тилеген-сураганга бербейт экен го Алла, ошого ыйлап жатам.

– Бул да болсо тагдыр. Менин тилимди алсаң багып ал. Кантип багам деп коркпо, мен өзүм жардам берем.

– Макул апа, мурда деги баланы көрөлүчү.

Экөө ушунтип, чала-чарпы сүйлөшүп, шашып-бушуп үчүнчү кабатка жарыша чуркап чыгышты. Оролуп эшиктин алдында жаткан баланын жанына келип токтошту. Салия Зыйнатка карап минтти:

– Бул да болсо Кудайдын бергени, кызым. Кана, кут кыл, деп биринчи өзүң ал колуңа. – Муун-жүүнү бошоп, жүрөгү кабынан чыга каччудай түрсүл согуп, бүткөн бою өзүнөн өзү ымыр-чымыр болуп, толкундап турган Зыйнат: «Э Кудай, оң иш жолуңа башта, акжолтой, ак жүздүү, ыйман-ырыстуу бала боло көр» – деп баланы жерден көтөрүп алып жатып өксөп жиберди.

– Капырай чырагым, сенин ушунчалык жашык, ушунчалык ыйлаак экениңди ойлобоптурмун. Кубанычтын ку-

банычтай болгону жакшы. Сүйүнөт экен, күлөт экен десем ыйлайсың да, – деди Салия.

Апанын сөзүн угуп минтип ойлоду Зыйнат: «Менин эмнеге ыйлап, эмнени эстеп шордоп турганымды сиз кайдан билмек элеңиз. Бир кезде мен дагы карындан чыккан каралдымды кара көзүм кашайып, ак кар, көк муз баскан калдайган караңгы түндө эшик алдына таштап, өмүр бою өзөгүмдө өрт күйүп, кара кийип кан жутуп сыздап калганымды кайдан билмек элеңиз». – Өз баласын эстеп өзүн жоготуп, тигил ороодогу баланы бооруна сыга кучактап, дел болуп турган келиндин колундагы наристени алууга Салия кол сунду.

– Кана, мага берчи карагым, ороосун ачып, уулбу, кызбы көрөлү да.

– Ооба, көрөлү апа.

Салия дароо диванга жаткырып ороосун ачып жиберди.

– Ой, шумдук, торолоюн деп калган кыз экен. Бешик бооң бек болсун, балам. Түндөй кара чачы маңдайына түшкөн балжуурандай кыздуу болдуң, карагым.

Ороонун ичинен бир барча кат чыкты. Салия Зыйнатка сунду.

– Окучу, эмне деп жазды экен?

– Эки айлык экен, апа. Туулган күнү, саат минутасына чейин жазыптыр. Окуюн, угуп туруңуз. «Кымбаттуу Зыйнат эже! Мени кечирип коюңуз. Бир курдашымдыкында туулган күндүн үлпөтүндө таанышкан жигитке алданып ушундай уяттуу ишке кириптер болуп калдым. Аялым менен ажырашам, аялым туубас десе ишениптирмин. Көрсө, ал калп айтыптыр. Башка жакта балдары бар имиш. Алдырып салууга байкабай жүрүп кечигип калыптырмын. Төрорун төрөп алып, бирөөгө берүүгө жүрөгүм чыдабады. Бир байбичеге акысын төлөп эки ай араң бактырдым. Анткени алам деген атасы келип калабы деп күтсөм келбеди. Артынан түшүп издөө салбадым. Бир жолу келип: «Эптеп чыда. Башымды аялымдан кандай бошотсом, ошондой ке-

лем, мени күт» – деген болучу. Бирок келген жок. Көрсө, алдаган экен. Мен баланын андан аркы түйшүгүнө чыдай албай калдым. Өзүм студентмин. Сиздин Москвадан келгениңизди угуп кызымды кор кылбай багып, эне болуп берет го деп сизди ылайык таптым. Балада эки дүйнөмдө доом жок. Сизге бекем ден соолук, узун өмүр, чыгармачылык ийгиликтерди, кызыңыз менен бактылуу өмүр сүрүшүңүздү тилейм. Бул кызды сизге, сизди Кудайга тапшырдым. Бетиңизден өөп, кучактап, сизди терең урматтаган, бейтааныш кыз».

– Куураган кыздар ай, – деди Салия апа катты угуп, каңырыгы түтөп. – Азыр кыздар бузулбай эле балдар бузулду. Бир жагынан жанакы телевизор деген немеден абийирсиз кинолорду көрсөтүп жаман болду. Бала-бакыра менен чогуу олтуруп кино көрө албай калбадыкпы. Эротикалык чет элдик кинолорду көрүп, делебеси козуган уландар, ошол замат эле көчөгө атып чыгышып, кыз-келиндерди издөөчү болгон тура. Жанакы кемпир зордуктоо, келин зордуктоо, кыз зордуктоо деген шумдуктар ошондой көргөн-өскөндөрүнүн жамандыгынан келип чыгып жатат да. Анан кыздардын убал-сообун ойлогон эр азамат болмок беле. Көзү бозоргон немелер бал тилин салып, жалынып-жалбарып: «Сенсиз менин күнүм жок» – деп өлүптирилип турса жаш жүрөк ишенет да.

– Туура айтасыз, тарбия болбогон жерде, тартип болмок беле. Ойлоп отурсаң союздун убагында моралдык жактан тарбия-тартип деген укмуш эле экен.

– Эмнеси болсо да, Кудай берди, балам сага.

– Ыя, апа, бул кыз мени да, менин баламдын жогун да билет тура. Ошондуктан, кор болбос жерин тандап, асырап багып алаар деген ишеним менен алып келип таштаган неме турбайбы. Кийин эне болуп, ээ чыкпаса эле болду.

– Таштанды балага ээ болуп чыккан энени көрөлекмин, балам.

– Ошондой эле болсун. Баладан таалайы тайкы жаным бар эле, кийин шорумду катырбаса эле болду.

Ошентип Зыйнат ойдо жок жерден кыздуу болду да калды. Жентекти кийин беремин деп, кошуналарын чакырып, азан айттырып, «Абай» романынан алып атын Айгерим койду. Бул жерде баланы кимдин фамилиясына жаздыруу чечилбеген маселе болуп калды. Зыйнат Толкунбектин фамилиясын берүүнү самап турса да «Жаман катын чыккан жерин төркүнсүйт» болуп, кеткен эрине айтып, сүйүнчүлөгөндөн намыс кылып турду. Анын фамилиясын алыш үчүн калыс кимдир бирөө айтпаса Зыйнат өзү эч качан ага өзү телефон чалууну каалабады.

«Жамандык жерге жатпайт» дегендей, Эсенованын Москвадан Делиге учаар алдында ооруп калып, оор операция болуп кайра келгени, анан дагы үйүнө бир буту кирип, бир буту кирелекте, кимдир бирөө Зыйнатты күтүп тургансып, эшигинин алдына бешенеси жылдыздай жанып, көкүлү маңдайына түшкөн Айдай болгон бир кызды таштап кеткени шаар ичине дуу дей түштү.

Бала туып, бала багып, бала тарбиялап көрбөгөн, эбисыны жок Зыйнатка өзү убада берип, өзү айткандай Салия апасы жардамга келди. Мурда эле санаадан уйкусу качып, жарым жан болуп жүргөн Зыйнат Айгерим үйүнө келген мүнөттөн баштап оюнан Толкунбектин кандай алыстай түшкөнүн өзү да билбей калды. Кечээ эле үй ичин дүлөй тынчтык каптап, көңүлсүздүк көөдөндү эзген жалгыздыкты ушул кол башындай болгон наристенин зери басып кетти. Толкунбек менен жашаган баякы бактылуу күндөрдө, башка бирөөнүн баласына эрибечүдөй болгон Зыйнаттын жүрөгү да тез өзгөрдү.

Зыйнат Айгеримди огеле кыял-жоругу чыгып, торолуп калган баладан бетер көргөн сайын көргүсү, өпкөн сайын өпкүсү, жыттаган сайын жыттагысы келип кумар кусасы тарабай, өпкө жүрөгүн чаап жүрөгү эзиле берет. Он ай которуп, омурткасы сыздап, жүрөгүн жарып чыккан туу

болуучу тун баладан ажыроонун, күйүтү күчтүү мүшкүлүн башынан өткөргөн жаралуу Зыйнат, Айгеримди төрөгөн кызды ойлоп, боор оорудан ичи сыйрылып, эмне кылаар айласын таппай кетет. Эгерде эшик алдына таштабай эле, чын сырын айтып, өзү келгенде анда кеп таптакыр башкача болмок. Ага каптап алтын бербесе да баштан-аяк кийинтип, колуна пул карматып, аттап-тондоп узатмак. Анан дагы Зыйнаттын жүрөгүнүн башынан кетпеген жагымсыз сөз кыздын катында жазылган «аялым туубас» деп айткан жигиттин сөзү болду. «Бир уйдун мүйүзү сынса, миң уйдун мүйүзү зыркырайт» дегендей, ал сөздүн адреси башкага багытталса да, Зыйнаттын бутасына тийген ок болду.

«Бала багып көргөн жок элем, кантээр экенмин» – деп, адегенде жүрөксүгөнү менен Айгеримди Салия апа бир-эки жолу сууга түшүрүп, бир-эки жолу ороп бергенден кийин Зыйнат тез эле өз баласына өзү камкордук кылып көнүп кетти.

Айгеримди колуна алып, жаңы эле шишеге куюлган сүттүн упчусун оозуна сала бергенде, эшиктин коңгуроосу шыңгырап, мукам добуш чыгарган музыка ойной түшүп басылды. Салия апа деп ойлогон Зыйнат, кызын көтөргөн бойдон туруп келип эшикти ачаары менен, маңдайлары жаркып, күлкү коштоп турган аяштарын көрүп кыйкырып жиберди.

– Оо менин алтындарым, мына кубаныч. Маркабат, келиңиздер.

– Бешик боо бек болсун. – Галия экөө кучакташа кетишти.

– Айтканыңар келсин. Ырахмат. Ойдо жок жерден ушинтип кыздуу болуп калдым.

– Кут болсун! Өзүң жакшысыңбы деги? Ичиң бек экен, сүйүнчүлөп да койбойсуң. Сенин кайра келгениңди да, балалуу болгонуңду да түндө конокко барган жерден уктук. Операция болгон турбайсыңбы, Кудай чоң сактаптыр. Кокустан самолетто баратып жарылса эмне болот эле?

– Ооба десең, Делиге учаар алдында ооруп калбадымбы. Операция өз убагында ийгиликтүү өттү. Анча болбосо өлүп калмак экенмин. Сокур ичеги жарылып кетиптир. Азыр жакшы болуп калдым...

Чай үстүндө сүйлөшүп отуруп Жакан минтип сурады:

– Баса аяш, кызыңызды кимдин фамилиясына жаздырдыңыз?

– Метрика алалекмин. Өз фамилияма эле жаздырам го.

Жакан түйшөлө түшүп, Зыйнатты карады:

– А Толокемчи? – деди жигит тынымдан кийин.

– Бизди укkан жок белеңиз?

– Уккам, сиз өзүңүз кат жазып калтырыптырсыз го кетээриңизде. Эри аялын: «Колу-жолуң бош, кете бер» десе бир жөн. Ал эми аялы эрин «кете бер» деген сөз эр жигит үчүн оор сөз да. Катты көтөрүп алып мага келиптир. Катты окуп көрүп, «Зыйнат жөндөн-жөн эле мындай катты жазбайт эле. Болбой калган экен. Түбөлүгүн ойлогон го» дедик. Бошоном деди бошоттук. Бир жакшы жери, экөөң жаман-жакшы айтышкан жоксуңар. Толкунбек деле «Зыйнат менсиз кантип жашап, кандай күн көрөөр экен?» – деп санаалуу кетти. Жакшы көргөн жарыңыз да. Жок дегенде эстеликке фамилиясы кызыңызда жүрсүн, Толокемдин фамилиясына жаздырып коюңуз, – деди Жакан.

– Ал өзү эмне дээр экен?

– Эчтеке дебейт, көрөсүз го, кайра сүйүнөт ал. Мен сүйлөшөйүн сүйүнчүлөп. Жыйынтыгын сизге айтам. Менимче, эч каршы болбойт.

Зыйнат аяштарына сыр бербегени менен көңүлүндө сүйүнүп калды. Эми, Толкунбектен эмне деген жооп болоор экен деп күтүп жаткан күндөрдүн биринде, Чолпон-Атадан Толкунбек өзү телефон чалып турса болобу. Күтүүсүздөн күйөөсүнүн үнүн угуп Зыйнат эмне деп айтаарын билбей, оозу ачылып, үнү буула түштү. Толкунбек кайталап сурады:

– Зыйнат, сенсиңби?

– Сиз кимсиз? – деди, күйөөсүнүн үнүн таанып турса да ишене бербей.

– Мен, Толкунбекмин. Кандай, сак-саламат жакшы турасыңбы? Ооруп, Делиге учпай калган турбайсыңбы? Жакшысыңбы эми?

Зыйнат эчен-эчен: «Эмне, сенден ажыраганда өлүп калат деп ойлодуң беле?» – деп айтып жибере жаздап барып токтоду.

– Жакшы! – деди кыска жооп берип.

– Ай, алтыным, бешик бооң бек болсун. Мага Жакан айтты. Угуп кубанып калдым.

– Кубанып калдым!? Чын эле, кубандыңбы? – Мыскыл күлдү. – Кандай деги, өз үй-бүлөң, өлөң төшөгүңө барып жыргап эле калгандырсың. Асан менен Үсөн дендери сак чоңоюп жатышабы? Алар быйыл окууга барышат да.

– Ооба, барат экен. Сен эми ошол эле Алматыда болосуңбу?

– Азырынча ал жөнүндө эчтеке ойлоно элекмин. Ошко барам жакында. Көрөм го.

– Баса, Зыйнат, Тураттын атасы ооруп жатат. Оорусу салмактуу. Эмил аялы экөө келип кетти, – деп уктум. Атам ооруп биз да бул жердебиз.

– Аяш атам ооруп жатса, ырас эле болгон экен сенин кеткениң. Алар үчүн, көктөн тилегени жерден табылгандай эле болгондур дейм.

– Чыны ошондой эле болду. Кокустан Тураттын атасы ары карап кетсе, келесиңби? – Жакандан уктум баарын. Кызыңа фамилияңды бересиңби, – деп сурады ал менден. Кечирип койчу мени Зыйнаке. Өзүң түшүнгөндөй, сенин махабатыңа татыктуу жар болалбадым. Жатсам да, турсам да эсимден кетпейсиң. Кантейин, кызың менен бактылуу бол. Эгерде менин атымды бергиң келсе, өзүң эле чеччү жумуш да. Сенин ал тилегиңе каршы эмесмин. Коё бер.

Зыйнат Толкунбектин «Жатсам да, турсам да эсимден кетпейсиң» деген сөзүн угуп мууну бошоп, көз жашы өзүнөн өзү төгүлүп кетти. Кардыккан үн менен кытмыр сурады.

– Кокустан сенин фамиляңды Айгеримге бергенимди укса Жайнагүлүң капа болбойбу?

– Капа болбойт го деп ойлойм. Менимче, ал сен жөнүндө жаман пикирде эмес.

– Ошондой дечи! – Бет ылдый аккан көз жашын сүртүп, мурдун тартып алды.

– Ошондой. Эмне, ыйлап жатасыңбы?

– Эмнеге ыйламак элем. Ырахмат эсиңе алып телефон чалганыңа. Мен сени минтет деп ойлогон эмесмин.

Экөө тең бир оокумга чейин унчугушпай калышты.

– Болуптур, Зыйнат, жакшы кал. Өкүндүк эмне, өкүнбөдүк эмне; тагдыр деген ушундай татаал нерсе турбайбы. Башканы ойлобой өзүңдү кара.

Зыйнат жылуу сөзгө эреркеп кетти. Өзүн кармай албай, трубканы рычагга шак илип, диванга барып өзүн күп таштады. Ал тээ бир оокумга чейин өксөп, өпкө-өпкөсүнө батпай ыйлап жатты. Ушул маалда Айгерим бака-шака түшүп ыйлап, үйдүн ичине бүтүндөй баланын үнү толуп кеткендей болду. А Зыйнат болсо тээ бар оокумга чейин эчтеке укпаган, эч нерсе түйбаган кеременден бетер боорун жерден көтөрө албай булкулдап жатты. Ал, оо бир оокумдан кийин эшигинин коңгуроосунун баланын ыйы менен аралашып, өзүнчө эле бир алаамат болуп жаткандай болгон жагымсыз сезимден башын салмактуу көтөрдү...

Зыйнат Толкунбек менен сүйлөшкөндөн кийин кызынын метрикасын «Толкунбек кызы Айгерим» деп жаздырып, бир сапарында санаасы тына түштү. Анан дароо Ошко учуп кетти.

Артынчак-үртүнчөгү менен боорунда көтөргөн баласы бар Зыйнат короого баштап кирип, бирдеме-ардемелерди ташып киргизип жаткан көзгө толумдуу жаш жигитти бир карап, бала көтөрүп турган Зыйнатты бир карап алып сөрүдөн учуп түшчүдөй болгон Ырыс, чалынан мурда ордунан томолонуп туруп, апкаарый сүйлөп минтти:

– Оо, Кудай, Зыйнатсыңбы сен?! Кагылайын каралдым алдагы көтөрүп турган өз балаңбы, же бирөөнүн баласыбы? Бизге эч нерсе айткан жок элең го? Сени биз Индияда жүрөт го деп жатпадык беле. – Ырыс Зыйнатты көздөй басып келатам деп ойлогону менен калтаңдап сөрүдөн түшкөн жеринде турду. Токтогул олтурган жеринде, байбичесине карап күчөнө сүйлөп, таңдана сурады:

– Ой, байбиче, бул кайсы балдар?

– Мен Зыйнатмын таяке, – Кызын жанындагы шофер жигитке кармата берип, таякесин кучактай жыгылды. Үчөө чырмалышып калды.

– Мен дагы ким десем, сен белең балам, – Токтогул чекесинен өптү.

– Ат-көлүң аман-эсен келдиңби? Бул көзү кургур жакшы көрбөй, кулагым да жакшы укпай, сени кара көзүм кашайып тааныбай жатпайымбы. – Зыйнатты кайрадан өөп, кайрадан чачтарынан жыттап жатты. – Секет кетейин каралдым, сени биз жакында келбейт го деп жаттык эле. Деги канча күн жүрдүң ал жакта? Көргөзмөң жакшы өттүбү? Делиге учканы жатам деп «тилипон» бердиң эле, аман-эсен барып келдиңби деги?

– Ооруп учпай калдым, таяке, сокур ичеги болдум.

– «Апараз» болдуңбу, ыя кагылайын? Эми жакшысыңбы деги? Кудай сенин жамандыгыңды көрсөтпөсө экен.

– Жакшымын, таяке.

– Тигил сени менен келген балалуу жигит ким?

– Сүйүнчү таяке, мен балалуу болбодумбу. Тигил жигит шофер.

Аэропорттон бери ушул бала менен келдим. Көтөрүп турган бала мени ки, таяке.

– Анан бая эле ошентип айтпайсыңбы. Балаңдын балакетин алайын. Сенин балаңа бербеген сүйүнчүңү кимге бермек элем. Ой байбиче, угуп жатасыңбы, алып чык ар жакта Зыйнаттын өзүнө арнап байлап жаткан кара козуну,

Кудайга жалыналы. Мен көтөрүп турса, ушул баланын баласы экен деп турбайымбы.

Ырыс баланы алып бетин ачып, мурдунан чымчып өөп, Токтогулга карады.

– Көрөсүңбү, жээниңди? Тигил балага көрүндүгүңдү бер.

– И бербей анан. Кана, бери жакын алып келчи. Оо, секет кетейин аман бол, акжолтой бала бол. Толкунбектин кеткенине жараша ажайып иш болуптур. Кубанычың кут болсун, балам. Уулбу?

– Жок, кыз таяке.

– Болсун, болсун, кыздай кызыл алтын барбы. Бул кызды кайдан алдың? Же алиги бала саткандардан алдыңбы? Азыр ар кай жерде өз баласын өзү таштап, өз баласын өзү саткандар көбөйүптүр го.

– Жок, сатпай эле биздин эшиктин алдына кимдир бирөө таштап кетти. Багалбайм го деп ойлоп, бирөөгө берип салайын десем, кошуна байбиче « багып ал» деп болбой койду.

– Жакшы кеңеш бериптир. Багып алганың ажеп болуптур, балам.

– Толкунбек экөөбүздүн ажырашканыбызды кайдан уктуңар?

– Толкунбек өзү айтты.

– Ага кайдан кезигип жүрөсүңөр?

– Биз менен учурашканы өзү келиптир. Баякы сени менен жашап турган кезиндей эле ал-жайды сурап жаны калган жок. Сенин Маскөөгө кеткениңди, сен өзүң сүйлөшөлекте эле Толкунбектен укканбыз. Абышка экөөбүз сенин жалгыз калганыңа капа болуп кайгырып жүргөнүбүздө бир жакшы кабар угуп жатабыз. Сүйүнчүнү чоң бересиң го.

– Берем тажеңе, каалаганыңыз болсун, айтсаңыз ал эмне кабар?

– Билесиңби, баякы Мансурдун эшигинин алдына таштап «Киши көрбөй тоңуп өлдү» деген балаң, өлбөй-этпей эле тирүү дейт го.

Зыйнаттын кирпиктери ирмелбей, көздөрү алая түштү.

– Коюңузчу, аны ким айтты?

– Бул эле өзүңдүн Самат деген кошунаңдын аялынын Чолпон-Атада иштеген Айганыш деген догдур бөлөсү бар экенин билчү белең?

– Ооба, билем.

– Ошол келин айтты сен жөнүндө сөздөн-сөз чыгып отуруп.

– Качан келди эле?

– Самат той бербедиби. Ошондо келди. Жайнагүл менен учурашканы барып, эгиз уулдарын карап отуруп Үсөн деген баласынан шек санап калыптыр. Балдардын төрөлгөн мезгилин айтып отурса, эгиздерди Айганыш өз колу менен кабыл алган эмес тура.

– Анан ким кабыл алыптыр?

– Эч ким кабыл албайт. Догдурду атайын эле кеч чакырышкан болуш керек. Айганыш келгенде, кайненеси келинин үйдөн төрөтүп, балдардын киндигин кесип, эки баланы эки башка ороп койгон дейт. Айганыштын айтымында Үсөндүн айрым түзүлүштөрү сага окшош имиш.

– Мен өзүм деле сизге айтып жүрбөйүмбү, баланын тоңуп өлгөнүнө бир ишенип, бир ишенбей кетем деп. Ар качандан бир качан жүрөгүм бир нерсени сезгенсип, эки баланын бири меники болгонсуп, көргүм келип, сагынам да турам. Бирок эгиздин бири сеники деп жабыктагы жашыруун сырды ашкерелеп ким маган ачыгын айтып бермек эле. Уурулук жол менен никесиз, жашыруун төрөлгөндүгү үчүн тил кыска болуп, шордоп калбадымбы,тажеңе. Эгерде Айганыштын андай эле шектенгени чын болсо, чындыктын бетин ачып, моюндарына салып бералат бекен? Жок, бералбайт...

Зыйнаттын балалуу болуп келгенин укkан кошуна-колоң, жакшы санаалаштары басып калды. «Мал ээси менен, баш мээси менен» дегендей, көптөн бери мынчалык опур-топур болуп, ашык келим-кетимди көрбөй, серейген

бай-байбиче менен комсоо жашаган бул короого Зыйнат менен Айгеримдин келиши менен дароо айланага жан киргенсип жетпегени жетип, толбогону толгонсуду да калды. Самоордун үстүнө самоор коюлуп, казандын үстүнө казан асылып, кадим эле той.

Зыйнат мурда Толкунбек деп, чыгарма деп түйшөлүп, түн уйкусун үч бөлүп, кеч жатып эрте турса, бир уктаса башка чапса ойгонбой сутка бою уктоочу адаты Айгеримдин келиши менен өзгөрүп кетти. Баланын кыц деп түйшөлүшү менен ойгонуу Зыйнат үчүн адат болду. Баякы эсинен кетпеген Толкунбек деген кусалыктын ордун Айгеримдин зери кандай ээлеп баратканын ал өзү да байкабай калды.

– «Бала деген балакет ушундай таттуу, ушундай ысык неме беле», ыя тажеңе. Ата-жотосу башка, каны башка бирөөнүн таштанды баласына ушунчалык эзилип кетем деп эч ойлогон жок элем. Кокустан өзөгүм менен өзөгү бир, жүрөгүм менен жүрөгү бир өз балам болуп калса кантмек болдум экенмин? – деп, кымындай болгон кызыл эт ымыркайды бооруна кысып, ичи элжирей берет. Зыйнаттын балага адамдан башкача толуп-ташып, эбедейи эзилип, дүнүйөсү түгөл болуп турганын көрүп туруп Ырыс минтти:

– Ой, курган кыз ай, ошол кызыл эт неменин эмнесине ушунчалык эзилесиң? Өтө эле баласаак экенсиң го. Минтип көп эле өзөлөнбөй арыраактан берирээк эле болчу, кагылайын.

Зыйнат күлдү.

– Билбейм, тажеңе, арыраактан берирээк боло албайт окшойм. Эгерде баякы сиз айткан сөз чын болуп калса, менин баламды да Жайнагүл ушул менчилеп жүрөгү менен сүйүп асырады го дейм.

Зыйнат менен Ырыс Айгеримди жаңы эле сууга чөмүлтүп бүтүп калган кезде, тыштан колуна бир барча кагаз кармап Токтогул кирди:

– Сага «дилгирем» келиптир Зыйнат.

Айгеримди астына алып, шейшепке ороп кургатып жаткан Зыйнат жалт карады:

– Магабы? – Колун сунду. – Кимден экен?

Эмилдин кайнатасы оору деп жаттың эле, ошол киши кайтыш болгонбу, кандай? Окуп көрчү? – Зыйнат телеграммага көз жүгүртөөр-жүгүртпөстөн эле чочуп кетти.

– Оо, кайран киши, чын эле Касымбек кудаң жүрүп кетиптир, таяке. Бүрсүгүнү коёт экен.

– Ыйманы жолдош болсун. Бул жалган дүйнөнүн машакаатчылыгынан кутулуп жаны тынган экен.

– Билбейм, эмне кылайын? Барсам жакшы болот эле, Айгеримди кантем, – деди Зыйнат.

– Айгеримди кантем деген да сөз болобу, – Токтогулдун көзү чекчээ түштү. – Эмчек эмбегенден кийин, Ырыс багып турат да.

– Ооба, багып турам, балам. Сенин баланды бакпаганда атамдын башын багамбы. Тажеңең өлбөй тирүү турса балаң багуусуз калмак беле, бара бер кылчаңдабай.

– А сизчи, таяке, барасызбы?

– Мен да барайынбы?

– Анан сиз барбаганда ким барат. Жээндериңиздин сизден башка ишенээр кимиси бар, – деди Зыйнат.

Ошентип эртеси эртең менен тажеңесин Кудайга, Айгеримин тажеңесине табыштап, Токтогул экөө Чолпон-Атага учуп кетишти. Зыйнат жолдо катар ойлогон оюнун баары өлүктө эмес эле, көбүнчө Толкунбек менен Жайнагүлдүн айланасынан алыстай албай, аларды бир ойлосо, Үсөндү миң ойлонот. Көңүлдөгү көп санаасынын бири, алар менен кантип беттешип, кандайча учурашардын айласын таппай, «уят» деген бир улуу журт ар-намысын курчутуп көңүлү чалды-куйду болуп келатып, самолеттун кандай конгонун да билбей калды.

Зыйнаттын келиши бул жердеги эл үчүн өзгөчө бир жаңылыктай болду. «Жамандык жерге жатпайт» дегендей,

Толкунбектин Зыйнатты таштап, балдарына кайрылып келишин укпаган адам калбаган сыяктуу болуп туюлду Зыйнатка. Бул келинди билген адамдар, билбегендерге анын таржымалын тактап айтып, чоң сөз кылып, ал бир мамлекеттик чоң ишти бүлдүрүп салган эл бузарлардан бетер күбүр-шыбыр көбөйүп кетти. Сан көздөр жаанын огундай болуп өзүн атып турганга окшоп туюлду. Көпчүлүктүн сүрүнөн боз үйгө кирүүчү жолдун эки жагына тактайдын узатасынан бет маңдайлаштыра коюлган орундуктун ортосу менен такасын такылдата басып баратkан Зыйнат түз жерден өз бутуна өзү чалынып жыгылчудан бетер, боз үйгө өлгөн-талганда жеткендей болду.

Анын атак-даңкын мурун угуп, бирок өзүн көрбөгөн адамдардын ооздору ачылып, аңкая тиктешет. «Тобо, атагына жараша заты бар, сын-сыпаты келишкен Айдай болгон келин турбайбы. Толкунбектин, бул периште үчүн тозоору да, жоголоору да эп экен» деген ой ар кимисинин көөдөнүндө удургуп, сулуулукка суктанып, ичтери жылып турду.

Үсөндүн тирүүлүгүн эч ким ага айтпаса да көнүлүндө шекшип жүргөн Толкунбек, атасынын өлүм алдында жатып Зыйнатты кайра-кайра сурап, аны чыдамсыздык менен күтүп жатышы өзүнчө бир табышмак болду. Ушуларды ойлоп, жаңы эле Касымбекке барып көз көрсөтүп келип санаага батып турган уулуна Кына минтти:

– Ай бала, сен шашпай эле, Зыйнатты күтүүң го. Эгер келип калса чакырып кел, угуп жатасың го атаңды. Кайра-кайра сурап тынчы кете баштаганына караганда, Зыйнатты күтүп жатабы дейм.

– Аны эмнеге күтмөк эле?

– Зыйнат келип калса угасың да эмнеге күтүп жаткандыгын. Барчы, балам, кайра келсе тез алып кел.

– Түз эле тез алып кел дейсиң да. Ал мен чакырсам эле, келе коёбу?

– Айт келсин. Атам өлгөнү жатат. Сүйлөшө турган сөзү, айта турган керээзи бар окшойт де.

– Эмне сөз, эмне керээз!? Менден эмне деген сырды жашырып жатканыңарды билбейм...

Ата-энесинин ушундай сөздөрүн угуп, Зыйнатты күтүп делөөрүгөн Толкунбек Тураттыкына кайра тез эле кандай келип калганын өзү да билбей калды. Ар жактан келаткан Гүлүш аяшын көрүп токтой калды.

– Аяш атам кандай?

– Кечекисиндей эле, арбактар менен аралашып жүргөнсүп өлгөндөр менен сүйлөшүп коюп жатат. Билбейм, жаны кай жерде турганын. Колу-буту муздай баштады. Оозуна наар албаганы эки сутка болду. Шайы бош. Бирок акыл-эси кадимкисиндей, жүрөгү каттай бойдон.

– Күткөн кишиси жокпу?

– Кимди күтөт эле? Зыйнатты эле күтпөсө. Келдиби деп ошону эле сурап жатат.

Гүлүш үйгө кирип баратып, Зыйнаттын келгенин айтпай калганын эстеп, «кап» деп ичинен өкүнүп койду.

Толкунбек сөөк койгон үйдүн жанында кимдир бирөө менен сүйлөшүп туруп, аялынын боз үйдөн чыгып келатканын көрүп жүрөгү болк дей түшүп, аз жерден «Зыйнат» деп кыйкырып жибере жаздап барып токтоду. Ал ага атасынын күтүп жатканын кандай кылып айтаарын билбей селейип турду.

«Кудачаңдын келгенин неге айтпай жашырдың» – деп Толкунбек таарынып калбасын деп ойлоп, Гүлүш Зыйнатка минтти:

– Ыя, Толкунбек менен учурашасыңбы, ал сени күтүп жатат?

– Мен аны менен учурашам деп өзүм барбайм. Учурашууну кааласа келсин өзү, – деди Зыйнат. Бирок көңүлүндө Асан менен Үсөндү ойлоп, Мансурдун ден соолугун шылтоолоп, Толкунбек макул болсо, барып көргүсү келип турганын эч ким билген да, ойлогон да жок.

Күлүш кудачасын чайдан алып чыкканда, Толкунбек эшикке чукул жерде, Зыйнатты акмалап күтүп турганын эч ким билген да жок. Ал: «Кеткен катыны менен көрүштү» – деп эл сөз кылат экен деп ойлобостон, жарданып турган адамдардын ортосун жара басып келатып: «Зыйнат!» – деп кыйкырып жиберди. Жигитти укkан Зыйнат капысынан чыккан үндү угуп: «Толкунбек!» – деп апкаарый түшүп жалт карап токтоду. Ошол замат Толкунбек аттап-буттап келип кол алышты. Экөө бир демге бирин бири үнсүз тиктешип турду. Зыйнаттын көздөрүнө жаш айланды. Анан оо бир оокумдан кийин оозуна биринчи кирген сөз Мансур болду.

– Аяш атамды бул жерден ооруп жатат деп уктум. Кандай, жакшыбы? – деди кардыккан үн менен (Ал тээ өз атасы Эсендин тирүү кезиндегидей эле, Мансурду аяш ата дечү).

– Начар эле ал киши. Өз ден соолугуң кандай? Жакшыбы?

– Түзүк элемин.

– А баса, Зыйнат, бешик бооң бек болсун.

– Ракмат. Өзүңдүн уулдарың кандай, чоңоюп жатышабы?

– Адам болуп калышты. Кызың кимге окшош, ыя?

– Сага! – Зыйнат күлдү. – Байбичең кандай?

– Жакшы. Атамды барып көрө кетпейсиңби?

– Койчу тамаша кылбай! Мен силердикине барып жүрчү белем.

– Сени менен жашап турганда бир жолу да «жүрү» деп койгонго жараган жок элең. Эми түштөн кийин. – Мыскыл күлдү.

– Барбайм дечи. Барсаң менимче чеки болмок эмес.

– Кызык экенсиң, эмнеге бармак элем. Барбайм дедим, барбайм. Мени жөнү жок шакаба чекпечи, Толкунбек.

– Бул шакаба эмес.

– Ракмат сыйыңа. Жайнагүл менен жарашып алып, эми ал экөөбүздү беттештирейин деген экенсиң да. Мени ал үйдө сүйүп турган эч ким жок. Билем да.

– Түшүнсөң андай көз караштын баары өтүп кетти. Энем менен Жайнагүлдүн жакшы кабыл алаарын билип турам.

Төлгөгө деле ишенет экен го. Ташка караганда мен тирүү турбайымбы. Ишенчи мага.

– Ишенип бүткөмүн эчак.

– Таарынсаң аларга таарынбай мага таарын. Менин кетишимди өзүң каалап, өзүң чечтиң. Кете бер дедиң, кеттим. Итти кет десе деле кетет турбайбы. Сени ушундай кылат деп ойлогон эмес экенмин.

– Болду, ал жөнүндө эске албай эле коёлу. Эгерде, аяш атамды барып көрүп, ден соолугун сурачу жолдо болсом, сага айттырбай эле эбак өзүм бармакмын.

– Эми ошондой болсо да, бир өтүнүчүмдү кабыл алып, макул болуп койсоң эмне болмок эле. Атам сени өзү сурап, Зыйнат келиптирби деп жатат. Мен ошон үчүн айтып жатам. Болбосо, жөндөн-жөн эле жинди болуптурмунбу, сени чакырып.

Зыйнат ойлоно түштү.

– Чын айтып жатасыңбы?

– Ай, алтыным ай, калп айтып жүрүүчү белем сага.

– Макул, андай болсо эртеңке чейин ойлонуп кабыргам менен кеңешип, таякеме айтып көрөйүн. Айтып коёюн, эгер мен бара турган болсом аяш атам үчүн эмес, Асан менен Үсөн үчүн барам.

– Мейлиң, ким үчүн барсаң да, эртең дебей эле бүгүндөн калбай бар. Эртең кеч болуп калышы ыктымал. Чыны атам орто жолдо жатат. Азыр ал киши тирүү кишилер менен сүйлөшпөй эле, эбак көзү өтүп кеткен арбактар менен сүйлөшүп калды, – деди сөздүн акырында. – Мен эми үйгө барайын. Атамдын өтүнүчү боюнча атайы сен үчүн, сенин келгениңди билейин деп келгенмин. Атама эмне деп айтып барайын? Айт, келесиңби?

– Билбейм. Таякем менен сүйлөшөйүн, ал киши эмне дээр экен?

– Антпей эле, ачык жообуңду айтчы. Барам десең таякең, жок, барба демек беле?

– Болуптур Толкунбек, аяш атам мени күсөп калса барайын эми.

Толкунбек келгенде, Кына тышта турган болучу. Уулун көрүп капааттана сүйлөп минтти:

– Ии, эмнеге мынчалык көпкө жүрдүң. Атаң тигинтип орто жолдо жатса, ойлосоң боло. Эмне болду, келдиби Зыйнат?

– Келди. Айттым, келбейт го. – Энесин кантээр экен деп чаргытып жооп берди.

– Анан ошол «келбейм» деген бир ооз сөздү угуш үчүн ушунчалык узакка сүйлөштүңбү? Ал шуркуянын келсе келгенин, келбесе келбегенин угуп келе бербейсиңби. Ансыз эле, ошол жерде элдин баары экөөңдү көрүп таң калып, тарс жыгылып жатат дейт.

– Аны сага ким айтты?

– Уктум. Эсендин кызы менен ажырашты дедиңер эле. Толкунбек экөөнүн мамилесине караганда ажырашпай-этпей эле жашап жаткан немелер го деп жатышыптыр. Сен бир күнү басып кете берүүчү немесиң го, катыгүн.

– Ушакка жакын киши экенсиң. Жок сөздүн кереги эмне. Мени Зыйнатка өзүңөр жиберип коюп, эми кайра эмнеге күнөөлөп жатасың мени. Учураштым, сүйлөштүм. Ал экөөбүз урушуп-талашып ажырашкан жокпуз да. Мен аны менен кезигишип сүйлөшпөй туруп кантип чакырат элем. Мындай арам ойлой турган болгондон кийин, мени коюп эле өзүң барууң го. Ал силерге окшоп митаамдыгы жок, ак көңүл неме. Кокустан келип калса деги сыр көрсөтпөй жумшак кабыл алаар бекенсиңер, – деди Толкунбек.

– Жумшак кабыл албаганда мушташмак белек. Бирок айтып коёюн эскертип, Зыйнат келе турган болсо көзүңдү карап, байкап мамиле кыл. Кокустан «Өлгөндүн үстүнө көмгөн» кылып, Жайнагүлдү капа кылып алба.

– Кызык, «Өлгөндүн үстүнө көмгөн» кылып, дегениң эмне деген сөз?

– Эмне сөз экенин угасың.

– Түшүнсөм Кудай урсун силерге. Деги Зыйнат менен сүйлөшпөй койсом кутуламбы!

Кына уулунун сөзүн угуп жумшара түштү...

А Зыйнат болсо, Толкунбек кетери менен Эмил менен таякеси Токтогулду чакырып алып минтти:

– Аяш атамдын оорусу катуу экен. Чогуубуз менен барып көрүп коёлу, силерге ылайык келсе.

Карындашынын сөзүн угуп, Эмил тандана түшүп сурады:

– Кайсы аяш ата?

– Мансур деген аяш ата.

– Кудай урду, эмнеге барасың?

– Эмне болот экен барса. Ал киши мени өзү каалап чакырып жатыптыр. Силер бул жерде болгондон кийин, өзүм жалгыз барбай, чогуу барганыбыз оң болоор деп ойлоп айтып жатам. Акыркы сапарга кетер алдында бизге айта турган кандай сөз, кандай керээз-мурасы бар экенин угуп коюу тирүүлөрдүн парызы го, таяке.

Токтогул бирдеме айтуучудай болуп, оозун камдап келатканда, Эмил озуна сүйлөп корс этти.

– Ой, мээси жок, Толкунбек сени бозала кылып талаага таштап үй-бүлөсүнө баса бердиби, баса берди. Кандай эле Толкунбектен көңүлү калбаган немесиң. Эми өлүк үстүндө, эл көрсүн дегенсип, аны менен шыйпакташып кайра эмнеге сүйлөшүп жатканыңды билбейм. Ал жоругуң аз келгенсип, эми кайра ооруп жаткан атасын барып көрүп келели дейсиң. Билбейм мен, эмне максат менен Мансурду барып көргөнү жатканыңды. Мен барбайм. Андай эле баргың келип ич оорулуу болуп турсаң барабер өзүң. «Жаман катын чыккан жерин төркүнсүйт» деген ушул. Мансур-Сансур, Толкунбек-Молкунбегиңди уруп койгонум жок. Мен билген иш болсо эч кимиң барбайсың. Таяке сиз дагы угуп коюңуз. Адамда намыс деген болуш керек да.

– Менден мурун эле Толкунбек экөөң дос эмес белең, – деди Зыйнат.

– Мурда менин колумда барында дос болчу ал.

Агасынын сөзүн угуп Зыйнат какшыктай сүйлөп, мыскыл күлдү.

– Ооба, ооба, баягы жылы апам каза болгондо кара ашына казысы карыш бээлерди союп, катарлап кийим илип, хан кызындай кадырлап, энеге кылган кызматыңызга күбө болгон ушул эле Толкунбек эмес беле. Ошондогу сизден көргөн сый-сыпатты Толкунбекти унутпайт го дечү элем. Кантесиз Кудайга коюңуз. «Мал арыгын сактаса ооз майлайт, адам арыгын сактаса төбө кандайт» деген сөз ошол, байке.

Карындашынын какшыгын угуп, Эмилдин өңү өчө түштү.

– Барбасаң машинаңды берип тур.

– Ким айдайт аны?

– Өзүм айдайм.

– Баргың келсе, ушул кысыр катын сийсе сийдиги жете турган жерге машиналабай эле жөө барбайсыңбы. «Катындын чачы узун, акылы кыска» деген ушул экен да. Арнамысың жок турбайбы. Сен үчүн мен уялып жатам.

Зыйнат тырчый түштү.

– Мен үчүн уялбай эле коюңуз. Өзүңүздүн маңдай тер, таман акыңыз менен алган машинаңыз болсо карматмак эмес экенсиз. Биз болбосок сизге машина эмес, эшек араба жок болучу. Келе ачкычты бериңиз...

– Машина мингиң келсе «Волганы» эмнеге кеткен эрице бердиң?

– Ал менин ишим, байке. – Машинанын ачкычын соомөйүнө салып ары-бери тегеретип ойноп турган Эмил, Зыйнаттын кандай илип кеткенин билбей калды. – Казакстанга айдап кетпейм, байке.

Эмилдин оозуна сөз кирбей, машинанын артынан ээрчий караган калыбында жолдун ортосунда көчтөн калган итке окшоп ормоё тиктеп туруп калды. Ал эми Зыйнат болсо, эки жагын карабай түз эле чоң кара жолго түшүп, шаардын чок ортосуна салынган «Айкөл» коммерциялык магазинин көздөй бурулганда Токтогул минтип сурады:

– Эмне, Мансурду көргөнү барбай калдыкпы?

– Жарыктык, «Куру келген күйөөдөн, куурай терген күң өөдө» дегендей, куру кол кантип барабыз. Бетибизге кармап, аяш атага «Башыңызды куттуктаганыбыз» деп, бир нерсе ыроолоп барбасак болобу?

– Ооба, ооба, куру кол барган болбойт.

Зыйнат атасы Эсенди тартып, жөн билги, колу ачык жоомарт келин болучу. Дүкөнгө киргенде, майда-барат көйнөк-көнчөккө көңүл бурбай, өңчөй эркектердин улуттук сырт кийимдери сатылган бөлүмгө келип карап туруп минтти:

– Чепкениңердин баары бирдейби?

– Жок, бирдей эмес. Товарына, анын жасалышына, көлөмүнө жараша баалары да ар түрдүү. Сизге кандайы керек эле?

– Жакшысы керек. Тетигил четте өзүнчө илинип турганын көрсөтүңүзчү?

– «Бакай чепкен» деген ошол. Келген кишилердин баары ошол чепкенди сурашат кызыгып. Бирок эч ким албайт.

– Эмне үчүн?

– Атына жараша баасы да кымбат.

– Мейли кымбат болсо, бериңизчи көрөйүн. – Зыйнат колуна алып, ары салып, бери салып карап туруп, көздөрү жайнай түштү. – Түү, аябай сонун экен. – Ал дароо эле таякесине да алгысы келип кетти. – Дагы барбы?

– Бар болгону экөө болучу. Бирөөнү бир жазуучунун юбилейине деп бирөөлөр алып кетишти.

– Кап, – деди Зыйнат акчасын берип жатып.

Зыйнат мындан тышкары Асан менен Үсөнгө окшош костюм, Жанатка көйнөк, анан таттуу-паттуу алды. Эмелеки Мансурдукуна баруу жөнүндө оюнда анчалык этибарга албаган Зыйнат, чын-чынына келгенде эмне үчүндүр корккону же сүрдөгөнү экени билинбей өзүнөн өзү эле жүрөгү оозуна тыгылып, муундарын майда калтырак баса

баштады. Машинада мурда ойлобогон ойду ойлоп, эстебегенди эстеп, эмне үчүндүр көр оозунда жаткан Мансурдун бул чакырыгы өзүнчө эле жандырмагы жок табышмак болуп келатты. «Мен Толкунбек менен эрди-катын болуп бир чамгарактын алдында жашап турганда ата-бала сыяктуу бир жолу да бет алышпаган бул кишинин мени менен сүйлөшүп, мени менен бүтүрө турган кандай орчундуу жумушу чыгып калды экен?» – деген суроолор көңүлүндө миң кайталанып, башы маң болуп келатып, Мансурдун үйүнө кандай келип калганын Зыйнат жеткенде эле бир билди.

Машинадан түшүп жаткан чоочун адамдарды көргөн Жанат түрүлүү турган боз үйдүн эшигин кылчая карап кыйкырды:

– Эне-е-е, машина менен кишилер келди.

– Келсин! – деген үн менен удаалаш үйдөн галошун оңтетири кийип, шашып чыккан Кына машинадан түшүп жаткан адамдарды бир демге бүшүркөй тиктеп туруп, серпиле түштү.

Саламды Зыйнат биринчи айтты.

– Саламатсызбы, аяш эне!

Кына калтандай түштү. Мурда оюнда Зыйнат келип калса, бул бейбактын жүзүн кантип көрөр экенмин деген аял, шашкалактап эмне кылаарын билбей калды. Дароо оюна Эсен менен Аккыз түшүп кетти. Анан оозуна эмне келгенин да байкабай калды. Айткандан эле:

– Кагылайын, Зыйнатсыңбы? – деп жиберди.

– Ооба, Зыйнатмын.

Кына күтүүсүздөн Зыйнатты кучактап, кандай өөп жибергенин өзү да билбей калды.

– Үйгө киргиле, бул киши ким?

– Таякем.

– Саламатсызбы, байбиче? – деди Токтогул.

Булар ушинтип жаңы эле таанышып жатканда, аш үйдө Мансурду көргөнү келгендерге чай бергени жаткан Жайнагүл Зыйнаттын келгенин көрүп жүрөгү болк дей түштү.

Ал отургандарга сыр бергиси келбей, өзүнө жардам берип жүргөн абысын келинге шыбырай сүйлөдү:

– Тышка атамды көргөнү кишилер келди. Буларга жакшылап чай берип өзүң узата бер.

– Жарайт, жеңе, бара бериңиз, – деди келин.

Ал эми чайга отургандар Жайнагүлдүн эмне үчүндүр, өңү кубара түшкөнүн көрүп аңкая түшүштү. Тышка чыгар чыкпастан эле Зыйнатты көрүп, Жайнагүл калчылдап кетти. Анан оюна азыр эле Үсөндү машинага салып алып кетүүчүдөй болгон бир суук ойдон түз жерден бети менен кетүүчүдөй көздөрү алачакмак болуп келатты. Жайнагүлдүн келатканын көрүп, күнөөнүн эң оорун көтөрүп тургандай болгон Зыйнат капысынан ток басып алгансып бүткөн бою дүрт дей түшүп, мандайынан муздак тер чыга түшкөндөй болду.

Ушул саамда Зыйнаттын да, Жайнагүлдүн да оозуна сөз кирбей, бирин бири карап туттугуп калгандарын көрүп туруп Кына чыдабай кетти. Ошол саамда Жайнагүлгө «Мейманларыңды киргизбейсиңби» дейин дегенче болбой, ар жактан Мансурдун үзүл-кезил алсыз үнү чыкты.

– Э байбиче, ким келди?

– И, аяш кызың, Зыйнат келди.

– Зыйнат келди дейсиңби? Келсе кирбейби? Жайнагүл кайда?

– Мен мындамын, атаке! – Жайнагүл Зыйнат менен Токтогулга карады. – Сиз экөөбүз акыры ушундай күндө, ушундай трагедиялуу шартта кезикмек турбайбызбы. «Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт» деген ушундай болучу неме турбайбы.

– Сиз мени кечирип коюңуз, Жайнагүл Казиевна. Сизге өзүм жөнүндө, Толкунбек жөнүндө жазгамын. Бул да болсо тагдыр экен да.

– Ооба, болоору болуп, өтөөр иш өттү. Эми аны эстешпей эле коёлучу. Бул карыя ким? – деди Жайнагүл.

– Таякем.

– Момун, нускалуу киши көрүнөт жарыктык.

– И, ырас Толкунбек да келатат, – деди Кына. – Эми үйгө киргиле. Абышка күтүп жатат силерди.

Зыйнат Толкунбекти көрүп турса да көрмөксөн болуп көңүл бурган жок. Келгенден бери көңүлүндө издеп, эстегени да, ойлогону да Асан менен Үсөн болуп турду. Зыйнат үйгө кирери менен, түз эле өңүнө өлүктүн сыны кирип, кан-сөлү качып, арыктап эти кетип, сөөгү калып, жумган көзүн ачпай, сунган бутун тартпай көкүрөгү менен бат-бат оор дем алып чыкпаган жаны жаткан Мансурдун баш жагына келип чөгөлөй калып, карыянын маңдайынан жумшак сылап минтти:

– Аяш ата, кандай жакшысызбы?

– Жакшы, айланайын! – деди алсыз үн менен. – Сен кимсиң?

– Мен Эсендин кызы Зыйнатмын, ата, келип кетсин деп чакырткан турбайсызбы.

Мансур көзүн ачып, нуру өчүп, кареги жайылган тумандуу көзү менен Зыйнатты көңүл бура бир карап алды.

– Ооба, чакырган элем. Ырас келиптирсиң. Атаң Эсен, энең Аккыз менен бир туугандай элек. Алар менден мурун кетти. Эми алар барган түбөлүк жайга мен кеткени отурам.

– Кетпей эле коюңуз, ата. Ал жакка кеткендер эмне тааптыр. Уул-келиниңиздин чайын ичип, рахатын көрө туруңуз. Али карылыкка моюн сунуп, бакма болуп олтуруп кала элексиз, – Зыйнат карыянын абалынын оордугун көрүп, өзү көтөрө кирген сумкасын ачып, ичинен «Бакай чепкенди» сууруп чыгып, жакасынан силке кармап минтти: – Аяш ата, мен сизди оору десе эле катуу деп ойлоптурмун. Карап турсам мен ойлогондой эмес экенсиз. (Зыйнат бул сөздү оорулуунун көңүлүн көтөрүп коюу үчүн айтты). Бир-эки күндө жакшы болуп калаарсыз. Аяш ата, «Жоолук да болсо жолго ийги» дейт. Мына бул чепкен башыңызды куттуктаганым болсун. Аман-эсен сакайып дайым тойго кийип жүрүңүз. – Карыянын үстүнө жапты.

– Ырақмат балам, аман бол.

– Оо-у, бай, сонун чепкен тура, – деп жиберди Кына. – Аман-эсен сакайып, кийсең экен. – Кармалады. Таза баркыт тура, саймасын келиштириптир. «Бакай чепкен» деп атаганчалык баага татыктуу кийим тура. Жаның бек болсун, чепкениң морт болсун, бай.

Зыйнат балдардын костюмун Жайнагүлгө сунду.

– Бул уулдарыңыздыкы! – Өңү өчүп жылдызы жерге түшүп, көңүлү бөксөрүп, санааркап отурган Жайнагүлдүн кебетесин көрүп, Зыйнаттын денеси жыйрыла түштү. «Кантккен менен насилибиз аял экен да. « Күнүлөштүн күлү жоо» дегендей, менин келишим күнүлөшүмө жакпай калган экен, – деп ойлоду. Кийимден бошогон пакетти ичиндеги таттуу-паттуусу менен Жайнагүлдү көздөй түртүп койду. Анан бул жерден тез эле чыгып кетүүнү ойлоп, аркы дүйнө менен бул дүйнөнүн ортосунда, көргө буту салаңдап турган бул адамдын өзүн чакырткан себебин билгиси келип минтти:

– Аяш ата, жаштык менен мастыктан, ортодо көп эле жагымсыз иштер болуп кетти, кечирип коёр бекенсиз?! «Адашкандын айбы жок, кайтып үйрүн тапкан соң» дегендей, азыр уулуңуз үйдө, кылыгыңыз түздө. Мен шашып турам. Касымбек кудага келгенмин. Сизди чакырып жатат деп угуп келип калдык, аяш ата.

– Ырақмат балам, келгениңе. Көп сөздүн кереги жок. Ток этер сөздү сүйлөшөлү. Жалган дүйнөдөн чын дүйнөгө аттанаарыма аз калды. Алланын алдына ыймандымды жеп калп айтып, карөзгөй сүйлөбөй, жамандык менен арамдыктан арылып, ыйманым менен кетейин деген эле бир тилек калды менде. «Дүнүйө жыйып нетесиң, бир күнү таштап кетесиң» дегендей, тирүүлүктө пенделик менен колуң менен кылган күнөөңдү өлүм алдында мойнуңа алып, жандүйнөңдү тазартып Алланын алдында ак кетүүдөн башканы ойлобой калат экенсиң. – Мансур жаздыктан башын көтөрө албай, бир айтканын кайра-кайра айтып, көңүлү айнып онтоп жиберди. – Атаңдын көрү ай, дарманым бол-

бой калган турбайбы. Баса, эстегенде айтып коёюн, байбиче. Илгээри баякы согуш жылы, кошунабыз Токтобай аскерге кетип, кызыл чиедей беш баласын багам деп жанын жанга уруп жүрүп, Асылкан кара тумоодон кайтыш болду. Балдары чоң энеси Баалкан байбиче менен калды. Анда менин бүгүн, эртең аскерге кетем деп камынып турган кезим эле. Бизде деле өлчөлүү турмуш болучу. Ошентсе да бир чыны талкан болсо да чогуу ичип, ачкачылык менен жокчулукту чогуу тартып, өлбөстүн күнүн көрүп жүргөн күндөр али эсте. Мага аскерге бүрсүгүнү жөнөйсүңөр, ар бириң беш күндүк азык аласыңар деген повестка келди. Үйгө келип энеме айтсам, үйдө азык камдоого эч нерсе жогун айтып ыйлап жиберди. «Азык албай кантип куру кетесиң. Биз эптеп суу ичсек да күн көрүп турабыз. Алыска кетип жаткан сеники кыйын болбодубу» – деп тегеренип турду. Анын үстүнө Баалкан чоң энемдин беш баласы беш жерде солуп жатканын көрүп, заманам куурулуп кетти. Оюма келгени бүгүн түнү ууруга барып бир нерсе таап, эки үйгө күнүмдүк болсо да азык камдап берүүнү максат кылып койдум. Энеме сырымды айтпай үйдөн чыгып кеттим. Тоого барып өзүмдүн Садыбакас деген теңтушумдун атасы Сарыбайдын короосунан бир токтуну уурдап, ошол жерден мууздап алып мойнума арта салып жылаңаяк, таң атып кетпесин деп тоону тоо, зоону зоо, ойду ой дебей, таманымды ташка тилдирип жанымды оозума тиштеп жүгүрүп келатам, жүгүрүп келатам. Токтунун салмагынан акырегим качырайт. Ошентип, үйгө таң жээк салганда жетип, бетим менен кетиптирмин. Энем менин алып келген коюмду көрүп, сүйүнөт экен десем, сүйүнүүнүн ордуна, алаканын шак коюп, кокуй-алатын коштоп, чалкасынан кетсе болобу. «Кудай жолуна кетип баратып, ууру кылат деген кантип жакшылык болсун. Каргышка калган адам оңбойт. Сен ушундай ою кара, колу туткак бала белең, кокуй Мансур. Өлүм менен өмүр тиреширип турган кандуу майданга аттанып жатып кантип ушундай ишке бардың. Мындай шум-

дукту ата-бабаң жасап көрбөгөн иш эмес беле, балам. Биздин тукумга арамдык жакпайт, – деп боздоп, өз башын өзү муштап, өзүнчө эле жинди болгон немедей өкүрүп-өксөп боздоп жатты. Ушул маалда эртең мененки намазга даарат алганы турган Баалкан чоң эне, энемдин үнүн угуп, кумганын көтөргөн бойдон биздин үйгө кирип, энем экөөбүздүн ортобузда жаткан койду көрүп делдее түштү.

– Эмне болду, балам, тынччылыкпы? Сенин үнүңдү угуп кирдим. Бул эмне болгон кой?

– Мансур уурдап келиптир.

– Ой, эмне дейт? – деди байбиче чочуп. – Кайдан уурдап келиптир?

– Сарыбайдын короосунан, – дедим өзүм жооп берип.

– Кайра жеткирип бер! – деди энем калчылдап.

– Болоору болгон тура. Жокчулук деген ушул. Болбосо Мансур бирөөнүн жабылуу аягын ачпаган бала эмес беле. Бизге карады го, катыгүн. Эмне кылабыз эми, киши укпасын деги...

Ошентип ошол токтунун этин жемегибизден артыгыбыз чыккан.

Анткени жалгыз эле энем эмес, тишинин кирин соруп беш небереси менен ачка олтурган Баалкан чоң энеме да, менден башка дагы кызыл чиедей болгон үч баласы бар энеме да жаккан жок уурунун эти. Бул менин биринчи да, акыркы да уурулугум болду. Энеме мындай ишке экинчи жолу баспоого убада бердим.

Ошол күндөн ушул күнгө чейин, Сарыбай атанын көзү өтүп кетсе да Садыбакаска айтып кечирим сурайм деп жүрүп эле, оозум батып айталбай убакыт өтүп кетти. Оорум күчөгөндөн бери ушул иш оюмдан кетпей койду. Азыр да кеч эмес, өзү бул жерде болсо айтайын десем, ал Кудай урган Бишкекке балдарына кетип келелек тура. Короодон тандап туруп бир соолук берип, менден салам айтып, кечирим сурап, ыраазы кылып койгула, угуп жатасыңбы, Толкунбек?

– Ооба, угуп жатам, макул ата.

– Баса Садыбакасты кайра-кайра сурап жатканыңдын себеби бар экен да. Дагы кимге кандай бересең бар, айт баарын? – деди Кына.

– Мындан башка эч кимге бересем жок, байбиче. Кокустан мен алып, кайра бербей унутуп калган аласа-бересем болсо өздөрү айтышаар. Өлүк карызы кылбай куткарып койгула.

– Олда айланайын падышам ай, башканы коё туруп, жаныңда шашып олтурган Зыйнатты узатпайсыңбы, айтуучуңду айтып, берүүчүңдү берип, – деди Кына кош карегинен аккан жашты сүртүп.

– Жайнагүл бул жердеби? – деди башын көтөрүүгө аракет кылган Мансур, эки жагын тегерете карап алып. – Байбиче айланайын келиниңе айтчы, Үсөндү ала кирсин.

– Жайна тышта бошобой жатса керек. Мен азыр чакырам бай, – Кына короого чыгып, ар жакта бактын ичинде Асан менен Үсөндүн ортосунда балдарын эркелетип турган келинин көрүп, кайненеинин каңырыгы түтөп, өзөгү өрттөнө үшкүрүп алып минтти:

– Жайнаке, алдыңа кетейин, Үсөндү алып үйгө кирчи, атаң чакырып жатат.

– Азыр, энеке.

– Үйгө ким келди ыя, мама? – деди Үсөн.

– Конок келди, балам! – деди Жайнагүл каргылданган үн менен көз жашын сүртүп.

– Эмнеге ыйлап жатасың? – Үсөн апасын чочулай карап, мостоё түштү.

Жайнагүлдүн өпкөсү көөп, өзүн кармай албай, тигилердин үстүнө киргиси келбей кежигеси кер тартып турду.

Кына келинининн кейиштүү кебетесин көрүп: «Отолотсо, отолотсо экен, отолотпосо музоомду кайтарат элем» дегендей, айтса айтып, берсе берип баласын, ары-бери кылса болот эле деп ойлоп, кайра абышкасынын жанына кирип олтуруп жатып минтти:

– Ой, айланайын, падышам! – Мансурдун ачасы чыккан арык колун кармалап. – Акыретке кетээрде аласа-бересеңди тактап, аябай камындың го, ыя мусулманым.

Кына Зыйнатка карады. – Бул кишинин кулагы жанына жакын барып катуу айтмайынча укпай калган болучу. «Өлөөр алдында адамдын кулагы ачылып кетет» десе, ишенчү эмес элем, чын экен тобо. Эки күн болду кулагы шырп эткенди угуп, ырас болду. Деги, мурунку күндөргө караганда кечээтен бери аябай эле акыл-эси ордуна келип, жакшы болуп калды. Бой түзөп жатабы, же ушул бойдон жакшы болуп кетеби ким билсин. Жок дегенде дагы бир беш жыл туруп берсе, жакшы болбойт беле.

Зыйнат шыбырай сүйлөдү:

– Бой түзөп жатат, аяш эне. Бул убактылуу.

Зыйнат бул үйдүн босогосун аттап киргенден бери Толкунбекти тааныбаган, билбеген бейтааныш адамдан бетер, ага сүйлөмөк турсун көз кырын салып карап койгон жок. Ал эми Толкунбек болсо андан бетер үңкүйүп, бир китепти кучактап баш көтөрбөй окуп жаткандан бетер мелтиреп үнсүз. Бир сөз менен айтканда, энесине берген убадасын аткарып койду. Баятан бери бул экөөнүн мамилесин байкап кантип кетишер экен деп алдыртан сынап олтурган Кына, бул экөөнүн чыны менен эле мамилеси болбой калган экен деп ичинен тымызын санаасы тынып олтурду.

Зыйнатты минтип баатырлык кылып баса келет экен деп ойлобогон Жайнагүл, күнүлөшүн көрүп өзүн жоготуп койду. Ал Үсөндөн анык ажыраарына эми чындап көзү жетип, кара көзү караңгылап, бир колуна Асанды, бир колуна Үсөндү жетелеп боз үйгө кирип келаткан келинин көргөн Кына Мансурдун колун аста кармап, кулагына шыбырай сүйлөп минтти:

– Үсөн менен Жайна келди, бай.

Карыя көзүн сергек ачты.

– И, келдиби?

Балдарды көрүп, Зыйнаттын жүрөгү дүпүлдөй түштү. Ал дароо Асан менен Үсөндү өзүнө чакырды.

– Келгиле, өөп коёюн. Экөө бирдей Зыйнатты көздөй кыйыла басышты. Аял, кирпик какпай, бир демге балдарды алмай-термей тиктей берип минтти:

– Сен Асансыңбы? Кантсе да сен Үсөнсүң го? – Экөөнү биринин артынан бирин кучактап, беттеринен алмак-салмак өптү.

Көзүнүн кыйыгы менен алдыртан карап, акырын сөз тыңшап сак олтурган Толкунбек таң кала түштү. «Тобо, Асан менен Үсөндүн атын тааныгандай таап айтты. Ошон үчүн эненин жүрөгүндөй сезимтал жүрөк болбосо керек. Анан баякы ботодой боздоп: «Эки баланын бири меники. Өз баламды өзүмө алып бер» деген сөздөрү эсине түшүп кетти.

Ушул саамда Мансур тамагы менен мууна сүйлөп, үнү каргылданып минтти:

– Зыйнат балам, мен сени ушул Үсөн үчүн чакырткан элем. Кудайга да, анан маркум Эсен менен Аккыздын арбагына убада берип койгон сөзүм бар эле. Алланын алдына Үсөн экөөңдүн убал-сообуңарды аркалап, өзүм менен көрүмө ала кетпейин дедим. Үсөн мурда менин балам эле, эми сенин балаң болот.

– Сенин балаң болот дейсизби? Үсөн чыны менен эле менин баламбы ыя, аяш ата! – Эриндери титиреп, жүрөгү кулундай туйлап кетти.

– Ооба, Үсөн сенин балаң, Зыйнат.

– Менин балам тоңуп өлгөн жок беле ыя, аяш ата! – Эки көзү жашка толуп, мөлмүлдөп баратты.

– Жок, тоңуп өлгөн эмес, Үсөн сеники.

– Ошондой деңизчи! Кандай оозуңуз жакшы адам элеңиз, аяш ата! – Зыйнат Мансурду кандай кучактап жыгылганын билбей калды. – Мен сизге ыраазымын. Менин аз айып, көп күнөөмдү кечире алаар бекенсиз? – Мансурдун бети-башынан туш келди өпкүлөп, көз жашы көл бо-

луп төгүлүп, араң жаткан адамдын жүзүн жууп жатты. – Сиз ушундай эки дүйнөнү тең билген айкөл, адамкерчилиги күчтүү, боорукер адам турбайсызбы, аяш ата.

Тургандар Зыйнатты Мансурдун үстүнөн араң өөдө кылышты. Ошол маалда Мансур алсыз үн менен минтти:

– Үсөн мындабы?

– Ооба, мында, ата, – деди үнү өчкөн Жайнагүл.

Бала Жайнагүлдүн алдынан туруп, чоң атасынын маңдайына келип токтоду.

– Ата, мен мына.

– Бери бол мага жакын. – Колунан кармап өзүнө тартып, бетинен өөп минтти: – Сен түшүнүп жатасыңбы, бул жерде эмне болуп жатканын? Мына бул Зыйнат деген сенин апаң болот. Сени төрөгөн ушул келин. Мындан ары сен ушул апаңдын баласы болосуң. Түшүндүңбү?

– А менин өзүмдүн мамамчы?

– Өзүңдүн мамаң да болот.

– Мамам да, апам да болобу менин?! – Үсөн көздөрүн жалжылдатып өзүнчө эле бир кызык болуп, бирде Жайнагүлдү, бирде Зыйнатты алаңдай тиктеп элейип карап турду. А Зыйнат болсо, олтурган ордунан турам деп туралбай, кубанычтан кулагы чуулдап, көздөрү алачакмактап минтти:

– Кагылайын эл-журт, менин балам чын эле тирүү экен ээ, – деди. Оозуна башка сөз кирбей, анан Үсөндү көздөй кучагын жайып, кош карегинен аккан жаш бети ылдый салаа-салаа болуп төгүлүп кетти. Ушул маалда, бул бейтаанаыш чоочун аялга түшүнүгү жетпей, чоң атасы Мансурдун айткан сөзүнүн өзүнө кандай тиешеси бар экенин билбей, кандайдыр бир жагымсыз окуядан жыт алып, коркок көздөрүн алаңдаткан Үсөн, өзүнө кучагын жайып, жакындап келаткан Зыйнатты көрүп, мойнун буруп: «Ма-ма-а!» – деп бакырып алып Жайнагүлдүн алдына өзүн таштады. Ошол саамда кимдир бирөө жыга койгонсуп, бети менен жер кучактай жыгылган Зыйнатты көргөн Толкунбек ушуну эле күтүп тургансып ордунан учуп туруп:

– Талмасы кармады! – деп жиберди чочуган үн менен.

– Кокуй, эмне дейт? – деди үрпөндөгөн Токтогул, өзүн Зыйнатты көздөй уруп. – Кагылып кетейин каралдым, кубанычты көтөралбай кетти го.

Жайнагүл ошол замат Үсөндү алдынан тургузуп, Толкунбекке карады.

– Эмне кылыш керек, сен билесиң го, – деди Зыйнаттын башын жөлөп отурган күйөөсүнө.

– Унчукпагыла, эс алат өзү.

Зыйнат оо бир оокумда көзүн ачып, жанында тегеректеп турган адамдарды бүшүркөй тиктеп туруп, өзүн кучактап отурган Толкунбекти көрүп минтти:

– Мен кайдамын?

– Эсиңди жый, Мансурдун үйүндөсүң! – деди жигит.

– Аа, – деди дароо эсине келген Зыйнат, Толкунбекти бир карап алып башын көтөрүп, – катуу толкундап кеткен турбайымбы.

Жайнагүлдөн ычкынбай, желкелеп турган Үсөн минтти:

– Чоң атам калпычы экен, ээ. Бул чоочун эжени апаң дейт мага.

Үсөнгө Жайнагүлдөн мурда Кына жооп берди.

– Чоң атаң калп айтпай эле чындыкты айтып жатат. Эми сенин эки апаң болот, каралдым, – деди көз жашын сүртүп.

Ушул жерде Зыйнаттын көзүнө чоктой урунган Жайнагүл болду. Ал акыл-эсинен ажыраган чала жан адамдан бетер өңү өчүп, кырып алар кызылы жок, бозала болуп, бир күйүмдүү адамы өлгөндөн бетер кош карегинен аккан жаш алдына тып-тып таамп жатканын көрүп эсине келе түшкөн Зыйнат Жайнагүлдү колунан кармай калды.

– Бирөөнү сүйүнтүп, бирөөнү күйүнткөн тагдыр ай! Мен жүрөгүмдө өз балам тоңуп өлсө да, Жайнагүл Казиевна сиздин Асаныңыз менен Үсөнүңүздүн тилегин тилеп, ошол экөө аман болсо экен деп жүрбөдүм беле. Силер менин өлгөнүмдү тиргизип, өчкөн отумду тамызып бактылуу кыл-

дыңар. Өзгөчө, бул жерде сиздин эмгегиңиз баа жеткис экенин билемин. Үсөнгө берген ак эмгек, ак сүтүңүздү эмне кылып актаарымды да билбей калдым. Ырахмат сизге, Жайнагүл Казиевна.

Келгенден бери кеп-сөзгө аралашпай үнсүз, сөзсүз момурап отурган Токтогул карыя кубанганынан ордунан тура калып, курун мойнуна салып «Баабедин» деп бакырып, айтаарга сөз таппай тегеренип кетти.

– Кудай берет деген ушул. Бешик бооң бек болсун, балам. Мансур сизге, Жайнагүл балам сизге, баарыңа ырахмат. Бул бала жөнүндө айтпай койсоңор ким билет эле. Ойдо жок жерден кубанычтуу кабарды угуп, сүйүнгөнүмдөн эсим ооп калды. Кудай деген ыймандуу, жакшы адам турбайсыздарбы. Ылайым жамандык көрбөгүлө, укум-тукумуңар өсүп, чырпыгыңар чынар болсун. Жайнагүл балам, Үсөн үчүн сага бирибиз эмес, баарыбыз ыраазыбыз. «Баланын ырайына карап ат кой» дегендей, түзүнө жараша түптүү элдин туу тутуучу Акылкарачачы турбайсыңбы. Ыйлаба, балам.

Ансыз эле баласынын тирүүлөй күйүтүнөн күйүп күл болуп, ичине бычак салалбай араң олтурган Жайнагүл Токтогул атанын сөзүн угуп, Зыйнаттын кубанычтан төгүлгөн көз жашын көрүп, өзүн кармай албай жарылып кетти. Өпкө-өпкөсүнө батпай ботодой боздоп коё берди. Анан тээ бир оокумда эсин жыйып, булактай төгүлгөн көз жашын жутуп минтти:

– Үсөн сеники, Зыйнат. Арты мындай трагедиялуу окуяга айланарын ким ойлоптур. Бул табышмактуу жашыруун сырдын түйүнү сенде экенин билбей калбадымбы. Ошол убагында билгенимде башкача болот беле ким билсин. Үсөн үчүн сенин кандай кара кийип, кан жутуп жүргөнүңдү айтпасаң да түшүнөмүн. Эми мен ошол сен жуткан канды жутуп кала турган болуп калдым. «Элик сүтүн бербей, эне сүтүн берген» перзентим эмес беле. Кантип ажырап, кантип коном. Башка балдарым бир тең, Үсөнүм

бир тең болучу. Эми эки балам эки жерде, Күкүк менен Зейнептей болуп, бирин бири таппай, бирин бири сагынып, бирин бири издеп, кусалыктан куурашат турбайбы. Карал-дымдан ажырап, күйүтүн кантип көтөрө алар экенмин!

Адамдын өзөгүн өрттөп, тула боюн титиреткен Жайнагүлдүн бул сөзү Зыйнатты баш кылып олтургандардын бардыгын дем чыгарбай муунтуп турду.

Зыйнат үчүн бул үйгө келип абышка-кемпир менен бет-тешүүдөн күчтүү трагедия Жайнагүл болсо да, ошол ар-мандуу эне жүрөгүн бул үйгө калбаат сүйрөп кирген күч чындыгында эки баланын зери болбодубу. «Мени Толкун-бек менен жашап турганымда өлтүрбөгөн, эми өлтүрүшмөк беле. «Чакыргандан калбагын, өзүң басып барбагын» де-ген элибиздин акылман сөзүн туу тутуп, эгиздерди бир көрсөм деп батына басып келген себеби да ошол болучу. Эми минтип «тоңуп өлдү» деп эбак түңүлүп бүткөн бала-сынын тирүүлүгүн көрүп, кубанычтын күчтүү толкунунан жүрөгү калкылдап, каны көтөрүлүп турду. Кулагы чуул-дап, жүрөгү көөдөнүн жарып чыгуучудан бетер тынымсыз туйлап, анда-санда кекиртегине тыгыла түшүп тынчы ке-тип баратканынан чочулаган Зыйнат: «Талмам аз келген-сип эми жүрөгүмдүн пристубу кармап ит болбосом экен» – деп ойлогончо болбой, колу-буту муздап, денесин бүтүндөй бир толкун каптап баратканынан, Токтогулга минтти:

– Таяке,мына бул менин сумкамда жүрөктүн дарысы бар эле, алып бериңизчи.

Жайнагүл селт этти:

– О-о-й, Кудай сактай көр. Эмне болду? Жүрөгүңүз ооруп жатабы? Мурда ооручу беле?

– Ооручу. Бирок көптөн бери кармай элек эле.

– Азыр, азыр! Эчтеке ойлобоңуз. – Жайнагүл дароо ка-нынын басымын өлчөп, анан жүрөгүн тыңшады. – Каны-ңыздын басымы жогору экен. Жүрөгүңүз кубанычтан тол-кундап, токтоналбай кетти го. Азыр бардыгы жакшы бо-

лот. – Жайнагүл Зыйнатты там үйгө алып чыгып кетти. Дароо дары берип, укол куйду. – Бир аз эс алыңыз жатып.

– Жайнагүл Казиевна, сизге чоң ырахмат. Мен эс албай эле кете берейин. Аяш атам алдастап калды. Таякем чоң молдо, дем салдырып алгыла.

– Сиз шашпаңыз, тамак асып койгом бышып калды.

– Жок, убара болбоңуз. Ушундай мезгилде тамак жүрөккө бармак беле. Мага алаксыбай, оору кишини караңыз.

– Анда мен тигил кишиге айтайынчы дем салып бериңиз деп. Ал эми ушул маалда чала жабылган эшикти кыйчылдатып ачып-жаап, Асан менен Үсөн өз мамасынын алиги бейтааныш аял менен сүйлөшүп жатканын сонуркай карап шыкаалап турушту. – Атам биротоло ары-бери болгондон кийин сүйлөшөлү. Азыр бул жөнүндө эч ким эч нерсе укпасын.

Зыйнат күнүлөшүнүн сөзүн угуп отуруп, анын үстүндөгү калтаарууну гана сезбестен, эриндеринин өзүнөн өзү бири-бирине эп келишпей титиреп турганын көрүп, Жайнагүлдү аяп кетти. Үсөндөн ажыроо бул аял үчүн оңойго турбайт экен деп ойлоду.

– Ооба, укпасын, мен да ошону ойлоп жатам.

Асан менен Үсөндү көрүп, Жайнагүл минтти:

– Эмне эле жашынмак ойногонсуп шыкаалашасыңар. Кирбейсиңерби?

Экөө үндөбөй кирип, Жайнагүлгө чукул келип токтошту. Баятадан булар келгенден бери чоң атасынын үстүндө өзү жөнүндө айтышып жаткан сөздөргө түшүнүгү жетпей, Зыйнаттын эмне болуп, кайдан келгенин билбей, алдыртан аңдый карап, кылыя тиктеп турган баланы Зыйнат өзүнө имере тартып, кучактап өбөйүн дегенче болбой, Үсөн колун шарт булкуп алып, Жайнагүлдүн жанына барып, мамасын кучактап, Зыйнатты жаман көзү менен бир карап алып, башын буруп кетти. Анан аста шыбырай сүйлөп минтти:

– Мама, мобул эже эми менин апам болобу?

– Ооба, апаң болот, чоң атаң айтпадыбы.

– О калпычы десе.

– Сен бул апаңды тааныйсың да. Жакшылап көз токтотуп карап көрчү?

– Карап көрбөйм. Тааныбайм.

Жайнагүл катардагы эшикке кирип, андан бир чоң альбомду көтөрүп чыкты. Ушул саамда диванда кыйшайып жаткан Зыйнаттын көзү альбомду көрүп кирпиктери ирмелбей калды. «Ой, тобо, менин альбомум го калп айтпасам», – деп таңдана жаздыктан башын көтөрө берип, оозу ачыла тиктеп калды. Жайнагүл уулуна минтти:

– Ай, Үсөнтай, карачы, тигил апаң мына бул альбомдогу сүрөткө окшойбу же окшоштугу жокпу?

– Тигил апа башка. А бул менин Зыйнат эжем, фамилиясы Эсенова.

– Альбомду бооруна кысты.

– Эй макоо, ошол сүрөттөгү Эсенова Зыйнат деген ушул апаң.

Үсөн Зыйнатты ормоё тиктеп, оо бир оокумга чейин үнсүз тургандан кийин, кетик тишин кетирейтип жарк дей түштү.

Альбомдогу автордук портретти ичи жылый суктана карап туруп, Зыйнатка көрсөтүп минтти:

– Бул сизби?

– Ооба, менмин.

– Ушул альбомдогу сүрөттөрдүн баарын сиз тарттыңыз беле?

– Ооба, мен тартканмын.

– Эже, мең дагы чоңойгондо художник болом. Сүрөт тарткан жакшы ээ.

– Албетте жакшы.

– Мен атыңызды билем. Сиз Зыйнат эжесиз, фамилияңыз Эсенова.

– Оо, сен мени жакшы тааныйт турбайсыңбы. Атымды да билет экенсиң, фамилиямды да билет экенсиң.

– Ооба, билем сизди.

– Альбомду кайдан алдың?

– Мамам сатып берген. Менин сүрөт китептерим эң көп. Көрөсүзбү?

– Жок, Үсөн, кийин көрөм. Келчи өөп коёюн. Акылдуу, жакшы бала турбайсыңбы. Жакшы көрүп калдым сени. Үсөн кыйыла басып жанына келди. Зыйнат ордунан туруп, баланы кучактап бетинен өпкүлөп жиберди. – Секет кетейин, каралдым.

Ушул маалдаТоктогулдун үнү чыгып ага аралаш, Жайнагүл кирди.

– Таякеңиз сизди күтүп жатат, кетели деп. Атам эмеле жапжакшынакай туруп эле бузулуп калыптыр. Залга кирип чай ичкиле. Тамак да бышып калыптыр.

– Жок, жок ырахмат. Андай болсо биз кетели.

– Кантип куру ооз кетесиңер, киргиле үйгө. Кудай сактасын. – Жайнагүл кайра чыгып тыштан Токтогулду баштап кирди.

Залга дасторкон жайып, бардыгын даярдап коюптур. Электр самоордо бака-шака түшүп кайнап жаткан чайды көрүп, олтуруп калышты.

Жайнагүл чай куюп жатып минтти:

– Тамак чыгарып келе коёюн.

– Жок, жок, балам, кереги жок эч нерсенин. Мына ичтик, ырахмат.

– Токтогул шашыла бата кылып ордунан турду.

Жайнагүлдүн ыйдан канталаган жаштуу көздөрүн көрүп Зыйнат оюнда айтайын деп камдап турган сөзүн оозу батып айталбаган бойдон машинаны көздөй басып баратып, токтой калып минтти:

– Э ботом, аяш атам менен коштошпой эле кете беребизби?

– Жок, балам, коштошпой эле кой. Мансур болбой калды, балам. Чуу чыгалекте кетип калалы:..

Токтогул айткандай, булар Тураттын үйүнө жете электе эле, Мансурдун короосунан өкүрүк чыгып, теребел солк дей түштү. «Ажал менен азап айтып келбейт» дегендей, айылдын акылман, салмагы сайдын ташындай болгон бул ардактуу эки карыясы бир мезгилде биринин артынан бири дүйнө салат деп ким ойлоптур. Жаш улук эмес, ажал улук деп ошон үчүн айтышат тура. Касымбек карыя «дүйнө бүткөн дүйшөмбү» күнү жерге түшсө, Мансурду бейшемби күнү коюшту.

Мансур таза кезинде эле тамаша-чыны аралаш: «Мен өлсөм, айылга той түшүп калат эле» – деп калучу дейт. Чыны менен эле бул эки карыянын өлүмү тойдой эле болду. Булардын ыйы да жарашты, сыйы да жарашты. Эл эли менен, журт журту менен калаган камыштай болуп тикесинен тик туруп узатышты. Көпчүлүктү карап туруп, Зыйнат, адамдын жакшы-жаманы өлгөндө билинүүчү неме турбайбы деген ойду ойлоп: «Уул жакшысы урмат, кыз жакшысы кымбат» деген сөз ушундайда билинет турбайбы. Балдары жакшы үчүн эки карыя экөө тең жакшы узап кетишти, – деп ойлоп өз энеси Аккыздын өлүмүн эстегенде жүрөгү зырп дей түшүп, онтоп жиберди.

Мансурду койгон күнү эле, түштөн кийин Ошко учуп кетишти.

Үйгө келсе, Айгеримди Ырыс апа, Айдай кылып татынакай багып жатыптыр. Жоош да экен. Чолпон-Атада болгон жаңылыктар Зыйнат үчүн кандайдыр бир түш сыяктуу болуп, кокустан уйкудан ойгонуп кетсе эле, анын баары жалган болуп калуучудай, өңүмбү, түшүмбү деген сыяктуу көргөн көзүнө, укkан кулагына ишенээр-ишенбесин билбей ичинен тымызын толкундай берет.

Үсөндү угуп, Ырыс аябай кубанды.

– Билесизби, тажеке, Үсөндүн менин балам экенине, аны мен чын эле он ай көтөрүп, омурткам сыздап тууганыма ишенбей да турам.

Көрсөңүз Үсөн тим эле таптатынакай, супсулуу бала болуптур. Сүрөт тартат экен. Художник болом дейт. «Үсөн сенин балаң» дегенде кубанычтан кулагым дүңгүрөп кетсе болобу. Адегенде ишенген жокмун чыны. Калп айткан менен болобу, алар Үсөндү мага башы менен түбөлүк бererине көзүм жетпей калды.

– Кантип эле ошондой болсун. Ал жөнүндө сөз болгон жокпу?

– Жайнагүл Үсөндүн тагдыры жөнүндө кийин, атамдын каны катып, кызылы баткандан кийин сүйлөшөлү деди.

– Рахмат Мансурга, бейиши болсун бечаранын. Кудайдан корккон киши турбайбы.

– Ооба, Кудай-арбакты сыйлаптыр. Ал кишинин мунусу аныk мусулмандык иш болду. Мен баарынан дагы жанакы бечара Жайнагүлгө боорум ооруп, жаным кейип турат. Үсөндөн ажыроо ал үчүн кыйын болчудай. Аяш энем маган айтып отурду. Баланы берүү жөнүндө сөз козголгондон баштап, Айдай болгон келиним бат эле эки кабат болуп арыктап, өңү-түсүнөн ажырап, кемпир болуп калды. Кайгыдан ооруп жатып калбаса эле болду, – деп.

Зыйнат таякесине минтти:

– Ыя, таяке, Жайнагүл жакшы келин бекен?

– Оо, жакшы болгондо да кандай жакшы дейсиң. Ичинин кеңдиги, кечиримдүүлүгү Ысык-Көлдөй эле экен. Акылдуу аял тура. Зыйнатты көрүп тыржыңдаар бекен дедим эле, серпилип да койгон жок, бечара. Келинине караганда Кына кыртыштап сүйүңкүрөбөй турду. Сен байкабай калдың окшобойбу, биз киргенде Кынанын териси тескери айланып чыртылдап «Бул канчыкка төрүмдү тебелетмек турсун, ирегемди бастырайын деп ойлогон жок элем» деген сөзү кулагымды сайып алды. Ошол замат Жайнагүл «Эне» деп кайненесин колтуктап дароо тышка алып чыгып кетип, бир демден кийин кайра алып кирди. Ошондон кийин бул кемпирден лам деген бир ооз сөз чыкпай, момурап олтуруп калды.

– Уктум ал сөздү. Бирок мен аны уксам да укмаксан болуп тим болдум. Анткени алар мени эмнеге чакырганын билбей туруп эмне дейт элем. Чындыгында мен булардын алдында акталбачу күнөөм бар эле да, таяке. Ар ким өз кылганын өзү билет. Жайнагүлгө ырахмат. Сиз айткандай Акылкарачач экен. «Үсөн үчүн сенин кандай кара кийип, кан жутуп жүргөнүңдү билем. Эми ошол сен жуткан канды, мен жутуп кала турган болдум», – деди го мага. Чындыгында мени, Үсөндүн кымындай туруп көркөм сүрөт өнөрүн аздектеп, сүрөт искусствосуна болгон кызыгуусу кубандырды. Жайнагүл кыраакы, көрөгөч аял экен. Кыраакы болбосо, эне менен баланын келечегин ойлобосо, Үсөнгө менин альбомумду сатып берип, мен жөнүндө тааныштырбайт эле да. Үсөн экөөбүздүн ортобузду бириктире турган алтын данакер, менин анын энеси болуп калгандыгым эмес, сүрөтчүлүк өнөрүндөгү ээлеген ордум болоорун Жайнагүл туура чечиптир. Балам экөөбүздү бир сөз менен эле бирибирибизге жакындатып койду. Уктуңуз го, таяке, Үсөн «Бул эже апам эмес» дегенде, Жайнагүл дароо эле менин сүрөтчү экенимди айтып, менин альбомумду кайдан-жайдан алып чыгып, беттерин баракта, менин портретимди көрсөтүп, билесиңби сен ушул Зыйнат апаңдын баласы болчусуң. Мен сени багып алгамын. Эми кайра өз апаңа берип, сүрөтчүнүн окуусун окутайын деп жатсам ыйлайсың деди. Буга чейин кимдин сөзүнө кандай түшүнөөрүн билбей эз болуп турган Үсөн Жайнагүлдүн сөзүн угуп көз жашын жанып алып жоошуй түштү.

– Айтымыңарда укмуштай эле акылдуу аял экен, бечара, – деди Ырыс шыпшынып.

– Тобо, мурунтан эле өзүн да, баласын да алдыртан даярдап жүргөн келин го.

– Ким билсин, – деди Токтогул ийнин куушуруп, – эмнеси болсо да чоң иш болду. Кудай берет деген ушул, балам. Колуңа Эсендин туйгун кондурганы ушул турбайбы. Минтип туйгундай болгон уулуң табылып олтурат. Кыр-

гыйдай болгон кыздуу да болдуң. Мансурдун кыркына кабар беребиз деп калышты. Баландын эмки маселеси ошондо чечилет.

– Эмне кылып барабыз ыя, таяке? Бирдеме алып барабызбы?

– Ии, куран окутасың да. Башка үчүн болбосо да Мансурдун арбагы, баландын кадыры үчүн алып барасың. Куру аякка бата жүрмөк беле.

– Ал жагы туруптур деңизчи, таяке. Анүчүн акча табыш керек. Кечээтен бери көңүлүмө бир ой түшүп, өздүк архивимдеги картиналарды сатык көргөзмөгө койсомбу деп ой толгонуп турам. Бул үчүн адегенде сүрөтчүлөр союзу менен сүйлөшүп макулдашышым керек. Алардын жардамысыз мен эч нерсе кылалбайм. Эмнеси болсо да Алматыга эртерээк кетпесем болбойт.

– Бар, бар, балам. Биз тирүү турганда балаң багылуу, үйүң каралуу болоор...

Ошентип Зыйнат Айгеримди тажеңесине таштап, анын сүт- ашына чейин керектүүсүнүн баарын шайма-шай камдап берип, Алматыга жөнөп кетти. Зыйнат шаарга келери менен өз көңүлүндө ойлоп, пландаштырып келген максатын ишке ашырууга киришти. Ал жердеги сүрөтчүлөр бирдигинин жетекчилери менен кесиптештеринин жардамы аркылуу сатык-көргөзмө ачууга мүмкүнчүлүк алды. Кыл калемдеш кесиптештеринин баары тикесинен тик туруп ар тараптан жардам беришип, бул иштин башында өздөрү турушту. Республикалык, шаардык, областтык газеталар менен радио, телевидение аркылуу Зыйнаттын ар кыл жанрдагы, ар кыл темадагы живопистери сатык-көргөзмөгө коюла тургандыгы, кайсы күнү, кайсы жерде ачыларын кулактандыруу менен бирге, айрым картиналар боюнча журналисттердин публицистикалык сүрөттөмөлөрү менен макалалары биринин артынан бири берилип жатты. Эсенованын чыгармаларынын ичинде республикадагы элге эмгеги сиңген белгилүү айрым көзү өтүп кеткен жана

көздөрү тирүү залкар адамдардын май боёк менен кыл калемдин сыйкырдуу кудуретинен өмүр тапкан портреттери менен катар казак жергеси менен кыргыз элинин эң кооз ажайып жайлары түшүрүлүп, көз кумарын кандырган пейзаждары сыяктуу жана башка көрүнүштөгү чыгармалары басымдуу болучу.

Сүрөт искусствосу боюнча коюлуп жаткан бул сатык-көргөзмө жөнүндөгү кабар, укkан адамдардын бүйүрүн кызытып, республиканын аяк-башына тез эле дүңк дей түштү. Ал эми Зыйнатты издегендер да, телефон чалгандар да көбөйдү. Жакшы санаалаш дос-тамырынын ичинен Жакан менен Галия биринчи звандашты. Саламдашып, аркы-беркини сүйлөшкөндөн кийин минтти Жакан:

– Аяш атамдын кайтыш болгондугу жөнүндө кабар берген болсо, барат болчубуз. «Сөөк кайрылат, дос айрылат» деген ушул экен да.

Зыйнат Жакандын жүйөлүү таарынычын угуп, ал үчүн Толкунбек эмес, өзү күнөөлүүдөн бетер сөз айталбай уялып калды. Бирок Мансур өлүм алдында, өзүн Үсөн үчүн чакыртканын аяшына ачылып айталбай минтти:

– Алар мени эмне үчүн чакыртканын кийин Толкунбек айтаар, аяш.

Ал өзүнчө чоң сөз. Анын үстүнө мен ал убакта Ошто болчумун.

– Мейли, өздөрү билсин. Биз ал үчүн эмес, Галия экөөбүз сиздин чыгармачылык ийгилигиңизди угуп телефон чалып жатабыз. Буюрса сатык-көргөзмөңүздүн ачылышына биздин жамаат сөзсүз барат. Көргөзмөңүздүн ийгиликтүү өтүшүнө тилектешпиз.

– Ыракмат, аяш. Баса, сиз иштеген ПМКаны жаап, жумушчулар тарап кетти деп жатышканы кандай?

– Чепуха. Кыскаруу бар. Бирок калганыбыз баяккы эле темп менен иштеп жатабыз. Ыя аяш, Толокемдин кесиби боюнча полотного түшүрүлгөн эмгектериңиз барбы?

– Ананчы. Сиздердин эмгекти кантип унутайын.

– Оо, бул үчүн алдын ала рахмат айтып коюуга руксат этиңиз.

– Рахмат.

– Толкундап жатасызбы?

– Эми мындай көргөзмөгө чыгармаларым биринчи коюлуп жаткан жери жок да. Бирок сатык-көргөзмө биринчи болгондуктан, кандай-андай болот деп тынчың кетет экен. Өз талантымдын, өз күчүмдүн баа-баркын билем го ушул сапар.

– Антип эч нерседен эч нерсе жок эле, сарсанаа боло бербеңиз, аяш. Көрөсүз го, бардыгы жакшы болот. Билесизби, мага казактын «мен» деген таланттуу акын-жазуучуларынан эки-үчөө звандап сурап жибериштн.

Жазуучу дегенде Зыйнаттын жүрөгү удургуй түштү. Анын эсине дароо Мүсүрепов түштү. Бирок Жакандан «кайсы жазуучу» деп сурооого оозу батпады. Көңүлүндө «унуткан эмес экен» деп ойлоп, ичинен жымыйып койду. Чындыгында эле Мүсүреповго окшогон атак-даңктуу жигиттердин унутпай эстеп жүргөнү жаманбы!? Мындай адамдардын сүйүүсү эмес, саламына тең келбей жүргөн аялдар канча?! А Зыйнат болсо, жаратылышынан башкача жаралган өзгөчөлүгү күчтүү келин болучу. Ал болсо, жигиттердин өз артынан ашык болуп жетпей, арман сырын ачык айталбай сүрдөнүп жүргөндү сөөлөт көрүүчү адаты боло турган.

Толкунбек менен Зыйнат өздөрү үйдө болгондо эшиктерин бекитпеген адаттарын коңшу-колоңдорунун бардыгы билүүчү. Азыр да Салия апа көндүмүнчө эшикти аяр ачып кирип, Зыйнаттын кимдир бирөө менен чечекейи чеч болуп көңүлдүү сүйлөшүп жатканын көрүп: «Бечара келин, ырас сапарынан көңүлдүү келди» – деп кубанып койду.

– Келиңиз апа, жогору өтүңүз, – деп трубканы ордуна илди.

– Сиз менен чогуу олтуруп чай ичкенди сагындым. Билесизби, менде кандай кубаныч, кандай жаңылык болго-

нун? Деги Кудайдын көзү түз экен. Айгерим акжолтой болбодубу.

– Кубанычың кут болсун, кызым. Маанайыңды көрүп эле, өз ичимден ой жооруп жаттым эле, карагым. Эмне, Толкунбек менен тил табыштыңбы?

– Жок, апа, аны менен тил табышкан жокмун. Баламды таптым, тирүү экен.

– Тирүү экен? – Салия келинди тиктеди. – Түшүнгөн жокмун?

– Кайдан түшүнмөк элеңиз. «Бирөөнүн турмушу бирөөгө түнт токой» – деп ошон үчүн айтышат тура орустар. Толкунбек экөөбүздүн жеке турмушубуз жөнүндө сиз менен чечилип эч нерсе сүйлөшкөн жокмун да.

Коңшусунун сөзүн угуп, Салия Зыйнат менен Толкунбек жөнүндөгү эл ичиндеги ушак-айыңды эстеп кетти. Бирок бул аял ошол күндөн ушул күнгө чейин ал жөнүндө башка бөтөн кишилерге эле эмес, өз үй-бүлөсүнө: «Мен Зыйнат жөнүндө ушундай сөз уктум» – деп ооз ачкан эмес. Анткени Салиянын бир жакшы сапаты ушул болучу. Ал кишинин укканы уккан жерде, көргөнү көргөн жерде калуучу. Бирөөнүн уятын чыгарып, адамгерчилигине акарат келтирип шагын сындырууну жек көргөн аял болучу. Салия менен Зыйнаттын ортосундагы айырма эле биринин карылыгы, биринин жаштыгы болучу. Салия алтымыштын айдарымын желпинтип турса, Зыйнат отуздун обонун созуп, ойдолоп турган кези. Дасторкон үстүндөгү жер-жемиш, мөмө-чөмөлөрдөн жээр-жемексен болуп, анда-санда оозуна салып коюп сөз тыңшап отурган Салия Зыйнаттын жүрөк толгон кубанычын угуп, тим эле өзү балалуу болгондон бетер, өз терисине өзү батпай кубанып олтурду.

– Ыя, Салия апа, сиз менин Толкунбекке болгон махабатымдан тапкан трагедияга толук түшүндүңүз го дейм.

– Түшүндүм, чырагым, Мансур маркум ыймандуу жакшы адам тура. Баладан артык бакыт болобу. Бактылуу келин экенсиң. Кубанычың кут болсун, чырагым.

– Ооба, баламдын тирүүлүгү бакыт болду. Бирок ошол «тоңуп өлдү» бойдон мен үчүн, бир эсептен тирүү болсо да дайын- дареги чыкпай жок болгону жеңил болмок экен ойлоп келсем.

– Э катыгүн, эмне үчүн антип ойлойсуң? Кызык келинсиң го сен!

– Угасыз го кийин эмне болгонду. Менимче, эки тарапка тең жакшы болбой калды. Балага да кыйын болду.

– Толкунбек эмне дейт?

– Эмне демек эле. Бала жөнүндө экөөбүздүн ортобузда сөз да болгон жок. Ал аялын сүйөт да. Мени менен аргасыз жашады. Толкунбекти сүйгөндүгүм үчүн, аны кетирбей кармап туруш үчүн колумдан келген бардык аракетти жасадым, Салия апа. Ошон үчүн жети жылы чогуу жашадык. «Мойнунан байлаган ит ууга жарабайт» деген чын экен. Акыры бирге жашоого мүмкүнчүлүк болбой баратканда өзүм уруксат бердим ага.

– Эмне, чатак чыгаруучу беле?

– Толкунбекти мени сүйбөйт деп айтуудан алысмын. Ал мени негизинен жакшы көрүүчү. Ошон үчүн жашады да. Анын көкөйүмө тийген бир жаман жери, уктап жатып үйбүлөсүн айтып, бирде балдарын, бирде аялын чакырып, кээде ыйлап уйкусурачу. Менин жүрөгүмдүн үшүн алып, түбүмө ушунусу жетти.

– Көнүлүң ошондон калган экен да.

Зыйнаттын көздөрү жашылдана түштү.

– Э-э-й, апа, «эр менен эттен көңүл калбайт» дегендей, эмне үчүндүр аны унута да албай, жаман да көрө албай койдум го. Билбейм, деги мен адамдан башкача жаралган, ар-намысы жок, ысык менен сууктун айырмасын билбеген бир макулук окшойм го. Мурда бала, бала деп күйүткө күйүп өлүп-талып жүрсөм, азыр эми анын экинчи дартына кабылып олтурам.

Салия келинди таңдана тиктеди.

– Эмне дейт катыгүн, өлгөнүң тирилип, жоголгонуң табылып жатса, дагы кандай дартың бар? Тобо де, Зыйнат. Деги Кудай жакшы көргөн пенде экенсиң. Минтип кыздуу болуп, кыздын үстүнө уулдуу болуп олтурасың. Уул эмес, кыз эмес, кечээ эле кызыл битиң жок эмес беле. Той бере турган жолдо болуп калдың.

Зыйнат ый аралаш күлдү.

– Туура айтасыз, Салия апа, билем аны. Жентек да болот, той да болот. Сатык-көргөзмөнү төлгө кылып коюп жатам. Жакшы өтүп кетсе ойдо көп нерсе бар. Сиз айткандай өлгөнүм тирилип, өчкөн отум таамп жатса, кантип эле кубанбай коёюн. Ыраазымын тагдырыма. Адам баласы бир жагынан болбосо да, бир жагынан көрөт экен да. Сиз айткандай Кудай бербедиби. Бирок менин жүрөгүмдү сыздатып турган Жайнагүл болуп турат. Жанакы сөздү мен ошон үчүн айтып жатам.

– Ал Жайнагүл дегениң ким эле, катыгүн?

– Толкунбектин аялы.

– Ал эмне болду эле?

– Эч нерсе болгон жок. Ошол күнүлөшүмдү эстесем кабыргам кайышып, эмне кылаарымды билбей кетип жатам. Карап олтуруп өзөгүм өрттөндү. Ошон үчүн мен Үсөндү билбеген жаным, билбеген бойдон калсам жакшы болмок экен деп жатканым ошол.

Салиянын көздөрү алая түштү.

– Койчу кагылайын, кенендиктин да, боорукерликтин да чеги болот да. Сен ал келинге ошончолук эле кандайча боор ооруп, аяп калдың?

– Ошентип аяп калдым, апа. Билбептирмин акылдуу аял экенин. Ал аялдын менин өзүмө жасаган мамилесинен улам, адам баласында болгон адамгерчилик деген касиеттин эмне экенине жеткире түшүндүм. Анан анын Үсөн үчүн күйүп турганын карап олтуруп, жүрөгүм жара тилинип, ага болгон аёо сезимим ойгонуп, башыман ашып кетти. Ойлоп отурсам: «Бала туугандыкы эмес, асырап бакка-

дыкы» – деп элибиз бекер айтпаган тура. Үсөн менин канымдан жаралып, кардымды жарып чыкканы менен, эне болуп эмчек сүтүн эмизе алган жокмун. Ал Жайнагүлдүн ак мамасын аймалап, ак сүтүн ээмп, өз энесинин мээримин көрбөй, Жайнагүлдүн мээримине бөлөнүп өстү. Акылдуу, мээрбан эне аны өз баласы Асандан артык көрсө көрүп, кем көрбөй асыраганы, эч ким айтпаса да көрүнүп турат. Үсөн Жайнагүлгө өтө жакын өсүптүр.

– Анан эмне кылсам деп турасың өз акылыңда?

– Эмне кылаарымды өзүм да билбейм. Үсөн мага оңойлук менен баш ийип бала болуп бере койбойт го деген бир күдүк ой санаага баттым да калдым. Жакында Толкунбектин атасынын кырк ашына барам. Кел деп калышты. Башка үчүн болбосо да Үсөн үчүн учам да. Барганда байкап көрөм. Жайнагүл кандай жыйынтык, кандай чечим чыгарар экен. Анын жардамысыз ал бала мага оңойлук менен баш ийип бала болуп бере койбосун билип турам.

– Өз акылың өзүңдө, Зыйнат. Түшүнүктүү жансың. «Кеңешип кескен бармак оорубайт» дегендей, башталышы жакшы болгон экен, аягы деле жаман боло койбос. Жайнагүлдү акылдуу аял экен деп жатпайсыңбы. Деги каны биргелик кылып, бала имерилдиби сага?

– Жок, апа, качан гана Жайнагүл Үсөнгө мен жөнүндө айтып, түшүндүргөндө гана жоошуй түштү. Көрөсүз го, тим эле баладан башкача супсулуу болгон сүйкүмдүү бала болуптур. Карап туруп эсим эндирей түштү. «Оо Кудай, чын эле менин балам өлгөн эмес турбайбы» – деп ойлоп, дүнүйөм түгөл болуп өзүмдөн өзүм эрип, кучагым толо кучактап, оозум толо өпкүм келип турдум. Ошол саамда көздөрүнүн жашын он талаа кылып ыйлап турган күнүлөшүмдү көрүп калтырап кеттим. Үсөндү карасам Жайнагүлдүн мойнунан орой кучактап, мыйтыйган татынакай колдору менен апасынын жашын аарчып, көздөрүнөн алмак-салмак өөп: «Мамочка, ыйлаба!» – деп бетин бетине тийгизип, башын

көөдөнүнө жөлөгөнүн көрүп, бул бала мага оңойлук менен бала болбойт го деп ойлоп санаага батып калдым.

Эне менен баланын ортосундагы ушундай көрүнүштөн кийин Үсөн экөөбүз бири-бирибизге кандай алынышып, кандай эне-бала болоорубузга көзүм жетпей калды. Эс-акылы кирип, айткан сөздүн түп-жайына түшүнүп, аркы-беркини билип калган бала болсо, боорго тартуу оңой эле. Эч нерсеге түшүнүгү жок бул макулук менен тил табышууга менин бир өмүрүм жетпөөчүдөй болуп туюлуп турат мага.

– Ооба, анысы бар. Эмнеси болсо да «букарда пулу бардын көөнү ток» дегендей жок болгончо бар болуп турсунчу, карагым. Ал жакта уулуң, бул жакта өзүң аман болсоң, акыры бир айласы табылаар.

Салия экөө ушинтип сүйлөшүп сөздөрү бүтпөй олтурганда, эшиктин коңгуроосунун музыкалуу кыска кайрыгы толкуй түшүп басылды.

Зыйнат дароо башка жактан кимдир бирөөнүн келгенин билди. Эшикти ачаар-ачпастан эле, жүрөгү болк дей түшүп, кетенчиктей берди. Ойдо жок жерден колуна ак роза гүлүнүн тестесин көтөргөн Мүсүреповду көрүп апкаарый түштү.

– Оо, келиңиз, Шерхан Мүсүрепович!

Жигит босогодон өтүп токтоду.

– Саламатсызбы, Зыйнат Эсеновна! – Экөө кол алышты. Сизди көргөнүмө кубанычтуумун. – Келиндин колунан өптү. Анан сол колундагы тестени сунду. – Турмушуңуз ушул ак розадай бажырайып гүлдөп турсун.

– Ырахмат, Шерхан Мүсүрепович. Унуткан эмес экенсиз.

– Кантип унутайын, сизди унутканым өзүмдү унутканым болбойбу.

Мейманын залга баштап кирди.

– Олтуруп туруңуз, мен азыр, – Зыйнат аш үйгө чыгып колундагы гүлдү вазага салып суу куюп жатып, Салияга карады. – Апа, жүрүңүз залга.

– Ким келди?

– Мүсүрепов деген жазуучу, тааныйсызбы?

– Оо, чын эле Шерханбы? Ал жигитти ким тааныбайт. Бетме-бет тааныбасам да сыртынан, чыгармаларынан жакшы билем. Китептерин көп окудум. Жакшы жазат. Өзү да төгөрөгү төп келген жакшы жигит да. Билгендер макташат. Жок, мен Шерхандын үстүнө кирбей эле коёюн, Зыйнат. Уят.

– Эмне үчүн кирбейсиз, кызыксыз го?

– Уялып жатам. Мен бул жактан чай-пайыңды даярдап берейин, мени тим койчу, чырагым. Бул кайдакы кемпир дедирбей, өзүң эле кирчи жалгыз койбой.

– Анда чай даяр болгондо кириңиз.

– Кирбейм, балам. Жаштардын үстүнө саксайып эмне бар, кыйнаба мени. Андан көрө тамак жасасаң эртерээк айтып кой, даярдай берейин.

– Билбейм апа, тамакка күтөөр-күтпөсүн. Адегенде чай берели. Шашпаса көрөбүз да. Бирок айтып коёюн, Мүсүрепов кетмейинче сизди эч жакка жибербейм.

Зыйнат бир заматта дасторкон жайып жиберди. Салияның кирбейм деп кежелгенине болбой акыры алып кирди.

– Таанышып коюңуз, Шерхан Мүсүрепович, бул киши менин эң жакын көргөн кошунам.

Жигит ойдо жок жерден Салияны көрүп туруп ордунан тура калып кол алышты.

– Олтуруңуз! – Шерхан катарындагы орундукту карады.

– Олтура бер, карагым. Бул биздин өз үй.

«Бул оңбогон кемпир, кайдан чыга калды, көзгө көрүнүүчүдөй болуп» деген ойдо, Салияны алдыртан карап коюп үн-сөз жок дымып калды жигит. Тынчтыкты Зыйнат бузду:

– Шерхан Мүсүрепович, мен Делиге учаар алдында ооруканага жатып калбадымбы.

Зыйнаттын сөзүн угуп чочуп кетти.

– Жок, уккан жокмун. Сизди сурасам учуп кетти дешти. Ошонун эртеси мен да учтум. Анан көпкө жаттыңызбы?

– Туура он жети күн дегенде чыктым. Операция болдум. Сокур ичегини алышты. Анан дагы спайкам бар экен.

– Тү-ү, Кудай сактаган экен. Самолётто баратып приступ болсоңуз эмне болот эле! Сиздин кабарыңызды газетадан окуп, телевидениядан угуп, учурашайын деп чыгынып чыккандагы кербезим. Деги абдан сакайып кеттиңизби?

– Ырахмат, Шерхан Мүсүрепович, жакшымын. Эсиңизге алып кымбат убактыңызды бөлүп, атайы келгениңизге жетине албай олтурам.

– Бул менин милдетим да.

Салия Зыйнат менен Шерхандын сөзү ушул жерге келгенде ордунан аста туруп, жыла басып чыгып кеткен бойдон экинчи кирген жок.

Мүсүрепов Зыйнаттын Мансуров менен ажырашканын угуп чыдай алган жок. Жаман көрсө да, жакшы көрсө да тобокелге салып келип олтурган кези болучу бул. Бирок Толкунбек жөнүндө ооз ачып сураган да жок, айткан да жок. Тек гана жаш аялдын көркүнө көңүлү чалкып, жүрөгү толкуп, махабат кумары жандүйнөсүн тымызын дүүлүктүрүп жатты. Мүсүрепов Москвада болгондогусундай Зыйнатка эмне үчүндүр чечилип сүйлөшүүгө батына албагансып тартынып олтурду. А балким, акылдуу адам, Жакан Усаевдикинен уккан сөздөрдүн чын-төгүнүн билгиси келип турса да, Зыйнаттын жаратын жаңыртып, көңүлүн чөгөрүп, кыялын бузуп аламбы деп сактандыбы, ким билсин. Бирок Жакандын үйүндө Зыйнат жөнүндө ашык сөз болгон эмес. Бар болгону Усаевдин үйүнө кирген кишинин жүрөгүн бир силкип алган, Жакандын кош терезесинин ортосунда бою менен бой болуп, өзү менен өз болуп, кыл калемдин касиеттүү күчү менен полотного түшүрүлгөн сүрөтү бар болучу. Бул залга канча киши кирсе, ошончо адамдын назары түшүп, бул ажайып чыгарма жөнүндө эле эмес, анын автору жөнүндө сөз болбой коюучу эмес. Ушун-

дай адамдын бири Шерхан Мүсүрепов болду. Залдын босогосун аттай берип дароо токтоп калды.

– О-о, мына, сүрөт деп ушуну айтыш керек. Келиштирип тарткан экен. Ой, чиркин о-о-й, Жакандын турган турпатын эле чагылдырып тим болбостон, ички дүйнөсүн, адамдык асыл сапатын жакшы ачып берген экен. Ооба, кезинде дүйнөгө белгилүү, атактуу сүрөтчү Леонарда да Винчи: «Сүрөт – бул көз менен көрө турган поэзия», – деген эмеспи. Демек, кыл калем аркылуу май боёктун тилин таап көз менен көрө турган ушундай жандуу поэзия түзүү көрүүчүгө канчалык ракат тартууларын ким тана алат. Биз жазуучулар күнү-түнү олтуруп мээнди сыгып, мээриминди төгүп жазган роман-повесттериң окурмандардын канчасына жакты, канчасына жаккан жок айтуу кыйын. Ал эми көркөм сүрөт искусствосунун таланттарынын жарыкка чыккан эмгегинин баа-баркы дароо көзгө чалдыкканы менен баалуу деп ойлоймун. Ыя, Жакан Усаевич, сиздин бул сүрөтүңүздүн автору ким болду экен?

Мүсүреповдун жогору өтүп орун алышын күтүп тикесинен турган меймандардын ичинен кимдир бирөө минтти:

– Ооба, бул сүрөтчү ушул жерде болсо, эстеликке бирден ушундай сүрөт тарттырып алыш керек болуп калды.

Жакан күлдү:

– Кана, Шерхан Мүсүрепович, жогору өтүңүз.

Жигит үй ээсин бир карап алып, ордуна өтүп олтуруп жатып шилисинде калган сүрөткө кылчая карап, анын бир бурчунда алтындын буусу менен жазылган жазууга кареги кадала түштү.

– Оо, мен дагы ким тартты экен десем, Эсенованын эмгеги тура. Азамат, чоң таланттуу аял, – Зыйнаттын атын окуп, эки бети күрөөсүнө чейин кызара түшкөн Шерхан ушул саамда тыштан Зыйнат кирип келүүчүдөй болуп жүрөгү дүкүлдөп кетти. Оюнда аны чакырды деп ойлоду.

Буга чейин Мансуровдун Зыйнат менен ажырашып, өз үй-бүлөсүнө кеткенин Мүсүрепов эле эмес, башкалар да угалек болучу.

Олтургандардын бирөө сурады:

– Кечириңиз, Жакан Усаевич, чын-төгүнүн билбейм, мен бир сөз уктум, катын ушак эмеспи? Мансуров Эсенованы таштап жумушунан бошонуп, биротоло Кыргызстанга кетип калыптыр деген миш-миш сөз болуп жатат. Бул кандай сөз, сиз билесиз да?

Жакан күтүлбөгөн жерден берилген суроого эмне деп жооп айтаарын билбей, күймөлө түшүп минтти:

– Билем, ажырашты.

– Тобо-о-о, ушундай атак-даңктуу, акылдуу деген адамдар да ажырашат экен ээ. Экөө ынтымактуу, жакшы жашашат дешчү эмес беле? Кимиси күнөөлүү болду экен?

Жакан суроо берген мейманын жактырбагандай, ойлоно түшүп минтип кошумчалады:

– Экөө тең күнөөлүү эмес. Бул да болсо турмуш, тагдыр. Жакшы, акылдуу адамдар – акыл менен, сый менен ажырашат экен. Кандай бөлүнүп, кандай ажырашкандарын өздөрү да билбей калышты.

Мүсүрепов ушуларды ойлоп олтурду. Ал Зыйнаттын барк-баасынын бийиктигин ушунда дагы бир жолу билди. «Бул аялдын бир кемчилиги тууп тукумун бербеген туубастыгы» – деп жыйынтык чыгарып да койду...

Столдун үстүнө рюмкаларды коюп жатып, Зыйнат минтти:

– Жазуучулар бизге караганда өтө ойчул болсо керек, – деп аста серпип өттү. – Жаңы жазып жаткан чыгармаларыңыздагы каармандардын тагдыры жөнүндө ой толгонуп олтурган жоксузбу?

– А художниктер эч нерсе ойлонбойбу?

– Эмне үчүн ойлонбойт. Ойлонбой жазып, ойлонбой тарткан чыгарма да чыгарма болмок беле. Бирок биздин турмушубузга караганда, сиздер көп изденет болушуңуздар керек. Азыр кандай чыгарманын үстүндө иштеп жатканыңызды билүүгө болоор бекен?

– Чынымды айтайынбы?

– Албетте, чыныңызды.

Чынымды айтсам азыр сиз жөнүндө, сиздин эмгектериңиз жөнүндө жазууну ойлонуштуруп жаткан кезим. Мансуров менен ажырашканыңызды Маскөөдө маган айткан жок элеңиз. Кечээ жакында угуп ишенген жок элем, көрсө, чын турбайбы.

– Эрим менен ажыраштым деп сүйүнчүлөмөк белем. Дагы эмнемди уктуңуз?

«Билем деген миң сөз, билбейм деген бир сөз» дегендей Шерхан бир демге ойлоно түшүп күлө карап жооп берди:

– Башка эч нерсе уккан жокмун.

– Москвада көпкө болдуңузбу?

– Сизди Делиге учканда узатам го деп жүрсөм, келдиңиз да кеп-сөзгө келбей: «Жолдоштурум күтүп калды» – деп шашкалактап, чала-була коштошуп алып чыгып кеттиңиз. Чынымды айтсам, жумушум эчак эле бүтүп, кыла турган ишим, сала турган кушум жок эле, сизге карап, сиз үчүн кылчактап, жаныңыздан алыс кеталбай жүргөнүмдү билбей койбодуңузбу. Ооруп, ооруканага жатып калганыңызды да билген жокмун. Сизди учуп кетти деп угуп, мен да учтум. Жакынсып боор тартайын десем боорго тээп койбодуңузбу.

Зыйнат күлдү.

– Таарынган экенсиз да.

– «Сууну сиңээр жерге төк, сөздү угаар жерге айт» дегендей, сизди түшүнөт деп айтып жатам. Чыгармачыл адамдар биринин кадырын бири билет го деп ойлоочу элем. Бирок чын-чынына келгенде, «Тааныбасты сыйлабас» болдубу, же болбосо теңиңизге алгыңыз келген жокпу, ким билсин.

– Кадырыңыз жан болсун, Шерхан Мүсүрепович, антип катуу кетпеңиз. Түшүнгөн кишиге ошол учурда шордоп турган кезим болучу. Жолдошум менен ажырашканымды укkан турбайсызбы. Өлүп ажыраганды топурак суутат. Ал эми жакшы көргөн жардан тирүү туруп ажыроо өлүмдөн жаман болот экен.

Ушул маалда каалганы аяр ачкан кимдир бирөө, аста шыбырай сүйлөп үй ээсин чакыргандай болду. Зыйнат ушуну эле күтүп тургансып ордунан учуп туруп үн чыккан жакка минтти:

– Салия апа, сизсизби? Кире бериңиз.

Аял босогодо туруп сүйлөдү:

– Тамак бышты. Алып кире берейинби?

Зыйнат ордунан тура берип сурады:

– Э Кудай, тамак жасап жибердиңизби?

– Жана түштөн мурун эле казан асып койгомун. Келгенден бери биздин үйдөн тамак ичелексиң, балам. Анын үстүнө коногуң да болуп калды ырас. Азыр келинге көтөртүп, алып келе коёюн.

Зыйнат аялдын жанына келип минтти:

– Эмне үчүн алып келмек элеңиз. Мүсүрепов кеткенден кийин эле, ошол үйдө ичебиз чогуу.

– Кой, антпе балам, Шерханды оңой дөө дебе. Ал баланы чакырып келтире албагандар толуп жатат казакта. Кол жуубай, чай менен кетсе болбос.

– Анда баарыңар келгиле. Атам үйдөбү?

– Атаң аңга түшсүн, ичербиз үйдөн.

– Уят болбойбу?

– Эмнеге уят болмок эле, чырагым.

– Жок дегенде сиз өзүңүз келиңиз.

– Жок, балам, жаштардын үстүндө кары кишинин калжайып олтурганы болбойт. Жаштардын жаштардай сөзү, жаштардын жашыруун сыры болот. Биз да жаш болгонбуз. Бу кемпир бул жерде эмнеге олтурат дебейби...

Зыйнат, Шерхандын ички сыры, ичип алганда ачылаарын билген эмес. Ысык тамактын алдында көтөргөн рюмкасы, мурункусуна кошулуп, көөдөндө жүргөн көйгөйүн топтой тээп чыкты. Ал мындайда сөзгө чебер да, чечен да болуп кетүүчү адаты бар экен. Ойлогон оюн балп эттирип айтып да салуучу. Анын бактысы, кокустан көңүлү түшүп калган аялдарды бир көргөндө эле имерип ала турган

өзгөчөлүгү күчтүү жигит болучу. Деги жеринен Шерхан Мүсүреповичтин шагын сындырып, көңүлүн кайт кылган аялдар сейрек кездеше турган. Өзүнүн ушундай артыкчылыгына чиренген бул жигиттин беделин түшүрүп, шагын сындырган Зыйнат болду. «Ачыла элек сандыкта бычылалек кундуз бар» дегендей, Мүсүрепов баякыда Москвада болгондо Казакстандын посолствосунун мейманканасына барбай самолёттон түшкөндө эле Зыйнат менен чогуу «Россия» мейманканасына барып орун алганында кеп бар экенин ким билиптир. Чын-чынына келгенде ошол күндөн ушул күнгө Шерхандын эсинен кетпей, жүрөгүнүн тереңинде ташка тамга баскандай сакталып калган, ошондогу кек, ошондогу армандуу өкүнүчү, азыр өкүнүч эмес эле аялдарга берген баа болуп – Зыйнаттын башка ак жоолукчандардан айырмаланып турган өзгөчөлүгү, анын жандүйнөсүнүн тазалыгы менен бийик адамгерчилигин даңазалап турган бир абаз болду.

Шерхан Мүсүрепов Зыйнатты Мансуров менен ажырашканын уккандан бери эси-дартынын баары Эсеновага жипсиз байланды да калды. Анын блокнотуна Зыйнаттын аты, жакшы тилек, жарым ырыс менен өзү чек салып жүргөн күйөөсү жок аттуу-баштуу «мен» деген аялдар менен бойго жеткен кыздардын тизмесинен отузунчу болуп орун алды. Анын бул чакырылбай баса келиши, атайын эле Зыйнаттын тамырын тартып байкап көрүүдөгү негизги максаты болучу.

– Тамакка караңыз, Шерхан Мүсүрепович, эч нерсе жебей жатасыз. Ысык сорпо ичиңизчи.

– Мен, сизди көрүп отуруп эле тоюп калдым, – деди жигит Зыйнаттын манжаларын чынынын түбү менен кошо кармап өткүр көздөрүн балбылдатып. – Мен сизди сүйүп калдым деп айтсам ишенесизби?

– Жок, антип айтпаңыз, Шерхан Мүсүрепович. Сүйүү деген тамаша эмес. Колумду коё бериңиз, сорпоңуз төгүлөт.

– Тамаша кылып жаткан жерим жок, чындыкты айтып жатам.

– Айтпай эле коюңуз. Сүйүүдөн башканы эле сүйлөшүп отуралычы.

– Картайып кетелекпиз да.

– Картайбасак да.

– Коюңузчу, жүрөктү үшүтпөй.

– Бир базардан өттүк да.

– Антпеңиз. Тирүүлүктө базар көп. Жаш биз эмес асыйы алтымыштан ашкандар деле сүйүшүп-күйүшөт турбайбы. Менин бир чыгармам ушундай улгайган адамдардын махабаты жөнүндө жазылган. Окудуңуз беле?

– Кечиресиз, окубаптырмын.

– Окуй элек болсоңуз, окуп көрүңүз. Бирок айрым чыгармаларым элге жакканы менен менин өзүмө мүчүлүш жактары, али жеткире иштелбей калган образдар бар сыяктуу сезилип, анчалык толбой турам. Эмики кайталап басылышында бир сыйра кайра карап чыксам деген тилегим бар.

– Сиздин артыкчылыгыңыз ушунда экен анда. Өз чыгармаңызга өзүңүздүн толбой турганыңыз, бул сиздин жакшы сапатыңыз. Менимче, чыгарманын эң биринчи сынчысы – ал автордун өзү болоорун мен жакшы түшүнөм. Азыр кандай чыгарманын үстүндө иштеп жатасыз? Менден жана Салия апа Шерхан Мүсүреповичтин «Аргасыз нике» деген романынан газетадан үзүндү окудум эле. Китеп болуп качан чыгат экен, сурап көрсөң дейт.

Шерхандын маңдайы жаркый түштү.

– Окугандардын бардыгы ошентип сурашат. Жазганың жарыкка чыгып, окурмандардын бүйрүн кызытып, жандүйнөсүн жаналекетке түшүрүп, дагы эмне болоор экен деп кызыгып, биринен бири талашып окуп турганы жазуучунун бактысы деп эсептеймин. Бирок «Бардырбасың бардырбас» дегендей, азыр баякыдай байма-бай китеп чык-

пай калбадыбы. Басмага бергемин, спонсор табыш керек болуп жатат.

– «Атан төөнү сел алса, эчкини асмандан көр» дегендей, сизге окшогон лөктөрдүн чыгармаларынын абалы ал болсо, майда жазуучулардын шору шорподой кайнаган экен да.

– Кыйын болду. Чыкса да калем акы деген баякыдай болбой калды. Бизге караганда сүрөткерлердин чыгармалары жолдуу болуп калды окшобойбу.

– Эмне үчүн антип ойлойсуз?

Шерхан күлдү.

– Эмне үчүн деп таң калбай эле коюңуз. Мен өзүм көрдүм. Мисалы, Жакан Усаевичтин туулган күнүнө карата, белекке тартуулаган сүрөтүңүз көргөн адамдын көз жоосун алган ажайып чыгарма экен. Ошол жерде олтурган меймандардын баарынын көңүлүн дароо эле өзүңүзгө тартып алдыңыз. Ал эмес ар кимибиз ушундай сүрөттөрдөн бирден тарттырып алсак деген тилегибизди да айтып жибердик. Бул да болсо сиздин талантыңызга тан берген жогорку баа деп ойлоймун. Бар болуңуз ылайым. Сиздей таланттуу кызы бар кыргыз менен казак бактылуу экен да.

– Ырахмат Шерхан Мүсүрепович, өтө эле аша мактап жибердиңиз. «Сөз музоо эмизет, музоо таяк жегизет» дегендей сүйлөшүп отуруп алдыбыздагы ашты жешти да унутуп калган турбайбызбы. Эт да муздаптыр, сорпо да муздаптыр. Сүйүү-сүйүү деп жатып эле, сүйүүдөн Кудай жалгап чыгармага өтүп кеткен турбайбызбы. Тамакты ысытып келейин.

– Жок, жок, убара болбой эле коюңуз. Тойдум, ырахмат. Эт жей турган жерим калган жок.

– Анда чай ичели. Алдыңыздагы насибиңизди калтырбай алып коюңуз.

– Алам. Мен бул арак деген тамакты ичпей калганыма көп болгон. Москвада оозумду ачып алып, ошондон бери бул дос экөөбүз ажырашалбай калдык. Сиздин ден соолу-

гуңуз үчүн алып коёюн. Москвада да сиз үчүн ичкемин, азыр да сиз үчүн ичип жатам.

Шерхан рюмканы алып аягына чейин жутуп, кайра ордуна койду.

Зыйнат мейманынын «Мурда да сиз үчүн ичкемин, азыр да сиз үчүн ичип жатам» деген сөзүн угуп: «Ичүүгө шылтоо керек экен да. Деги тартынбай ичкен киши экен» – деп ойлоп, бошогон рюмкага кол узатып баратканда, жигит стаканды алып ары түртүп койду.

– Рюмканы бериңиз мага.

– Ырахмат. Ачууңузду калтырасызбы? – деп айтат экен деп аягына чейин тамчысын калтырбай алып койдум. Өз өлчөмүмдү өзүм билем. Мындан көп ичсем олтурган ордумда уктап калмай адатым бар. Эгерде, «Консоңуз конуп, уктасаңыз уктап калаарсыз» деп макул болсоңуз иче берем.

– Жок, Шерхан Мүсүрепович, андай болбойт. Анда чай ичели.

Экөө тең күлүштү.

– Чайга ырахмат. «Кел демек бар, кет демек жок» дегендей кетейин эми. Кечирип коюңуз, сиздин кымбат убактыңызды алып, бир топ кармап койдум окшойт. Суранаарым, жакшы санаалаш болуп жүрөлү. Сатык-көргөзмөңүз ачылганда барабыз.

– Чакыруу билет жиберилген жазуучулар кошунуна, алалек турбайсызбы. Келиңиздер!

– Сөзсүз, келебиз. Башкасы келбесе да мен өзүм келем. Жакшы калыңыз. Жакшы түш көрүп жатыңыз. Түшүңүзгө мен кирейин. – Зыйнаттын манжаларын кыса кармап, жаагынан өөп койду. – Мени сүйгөн Шерхан Мүсүрепович деген бир арманы арылбаган жигит бар деп эстей жүрүңүз. Чын айтам Зыйнат, ичип алып калжырап жатат дебеңиз. Сиз менин махабатымсыз, – деп кайра-кайра колун кармап кыйылып туруп чыгып кетти. Ал эми Зыйнат болсо тоңгон муздай болуп томсоруп, Шерхандын «сүйөм» деген сөздөрүнүн бири да кулагына кирбей турду.

Салия Мүсүреповдун кетип баратканын көрүп, артынан суктана карап туруп «Кандай аял тууду экен, Лениндей уулду» дегендей, бул баланы кандай бактылуу эне тууду экен деп ойго батып, бир кезде «Казак адабияты» газетасынан Мүсүрепов жөнүндө жазылган статьяны эстеди. Анда «Шерхан окшогон таланттарды табигат бир кылымда бир берсе берип, бербесе бербейт». Мүсүреповго талант менен акылга кошуп төгөрөгү төп келген сын-сыпатты да, ички дүйнөсүнүн сулуулугун да жоомарттык менен тартуулаган деген сыяктуу жүрөгүндө сакталып калган сөздөрдү ойлоп үстүнкү кабатка көтөрүлүп келатты. Аял чала жабылган эшикти ачып, босогонун түбүндө жансыз сөлөкөттөй санаага батып кыймылсыз турган Зыйнатты көрүп чочуп кетти.

– Ой-бай, карагым, не болуп кетти? Тынччылыкпы?

– Тынччылык эле, апа! – Келин өзүн дароо колго алды. – Мейманды узатып, сиздин дабышыңызды угуп токтодум.

Салия күлдү.

– Мен дагы Шерхан жагымсыз сөз сүйлөп, капа кылып койгонбу деп ойлоп кетиптирмин. Адамдын санаасынан күлүк эч нерсе жок тура. Бир заматта ойго келбегенди ойлоп кеткенимди кара.

Зыйнат менен Салия ээрчише басып залга кириштн.

– Эч нерсе жеген эмессиңер го.

– Жазуучу уулуңуз аз ичип, аз жеген ак сөөк, кыл тамак жигит экен. Аны карап олтуруп өзүм ачка калдым. Ээ-й апа, сиз туура баамдаптырсыз. «Эри жок аялга эр көп окшойт». Ал мени сүйүп калыптыр...

Салия көөмөйүндө «Шерхан жигиттин гүлү. Зыйнат да аялзатынын асылы. Эгерде экөө баш кошуп калса каймакка куймак куйгандай эле иш болоор эле. Бирок андай болбойт го деп ойлоду, Зыйнаттын «Толкунбектен кийин эрге тийбеймин» деген сөзүн эстеп.

* * *

Зыйнат үчүн бул түн да тынчы жок түн болду. Азыр эле телевизордун алдында акыркы кабарларды көрөйүн деп көралбай, угайын деп угалбай, уйкуга мас болуп үргүлөп олтурган Зыйнаттын башы жаздыкка тиери менен, уйкусу умачтай ачылды да кетти. Капысынан катуу толкундап, ашкере кубануунун деле ден соолукка тийүүчү терс таасири барбы, ким билсин. Эмне үчүндүр өлгөн баласынын тирүүлүгүн угуп, Үсөндү көргөндөн бери көзүнүн чарасы толуп уктоо деген Зыйнатта болбой калды.

Бул уйку дегениң да көңүлгө жараша болучу неме тура. Азыр да санаанын үстүнө санаа, ойдун үстүнө ой кошулуп, Үсөн менен Жайнагүлдүн айланасында кайдагы бир ой жоруган оң-тетири трагедиялуу көрүнүштөр кинонун тасмасындай көз алдынан өтүп жатып кандай көзү илинип кеткенин билбей калды. Зыйнат бир жөө туман баскан жолсуз чытырман токойду аралап келатып эле, кандайдыр бир эркек баланын: «Апа-а-а, апаке-ба-а-й, кайдасың, мен адашып калдым» деген үнүн угуп, дароо өз баласын эстеп, жүрөгү алып учуп, ошол үн чыккан жакты көздөй жанталашып чуркап келатты. Аңгыча эмелеки айлананы чүмкөп турган кара туман суюлуп токой ичи агара баштады. Зыйнат ошол маалда бир чоң түп теректин түбүндө жөлөнүп эки жагын элеңдей карап турган Үсөндү көрүп: «Кагылайын бала-а-а-м, сенсиңби?» – деп кучагын жайып кыйкырып жиберди. А Үсөн болсо ошол замат Зыйнатты көрүп, бөрүдөн корккон аркардын улагынан бетер, кетенчиктей түшүп: «Жок, мен сиздин балаңыз эмесмин!» – деп чымын-куюн болуп артын кылчак карап качып баратты. А Зыйнат болсо: «Үсө-ө-н, качпа менден, сен менин баламсың! Токто-о-о!» – деп үнүнүн бардыгынча кыйкырып, артынан кубалап баратып, мүдүрүлүп ойгонуп кетти. Чын эле Үсөн өңүндө качып бараткансып уйкулуу көзү менен ордунан тура калып: «Үсө-ө-н!» – деп бир кыйкырып алып

өз үнүнөн өзү чочуп кетти. «Ой тобо-о-о, өңүм десем түшүм турбайбы шумдук. Ушундай да түш болот экен ээ. Кроватты үстүндө шалдайып, көргөн түшүн кайра-кайра ойлоп, жүрөгү оозуна тыгылды. «Чындыгында эле ушундай болуп Үсөн менден качат го. Ал макоо менин эне экенимди билбей, шорумду так ушинтип кайнатаар бекен деген ойдо санаасы сандап олтурду.

Оо, бир оокумда ордунан туруп дубалда илинип турган саатты караса араң эле эки болуптур. Кап, жок дегенде бир жакшы уктап алсам эс алып калат элем деп өзүнчө кейишке түшүп турду. Кайра жатып, төшөктө ооналактап, бир аз көзүн жуумп жатып кайра турду. Дароо халатын кийип, бети-колун жууп, чачы-башын тарап, күзгүнүн алдында бир аз туруп, жумушчу бөлмөсүнө кирди. Зыйнат полотнодогу чала бүткөн «Ыйман угузуу» деген картинасын карап туруп бүткөн бою муздай түштү. «Тобо, Кудай, адам адам болуп жаралып бул дүйнөгө келүүсү оңой, анан анын кайра түбөлүк жайга кетүүсү кыйын экен го. «Өзүң Кудай болбогондон кийин көрөр күнүң ушул» дегендей өлүм деген бул өкүмү күчтүү өксүк, акыры баарыбыздын башыбызга келе турган, орду толгус жоготуу тура. Өз чыгармасына өзү маашырланып, умсуна тиктеп, кирпиктери ирмелбей, көз алдына өлүм алдында жаткан Мансурдун элеси тартылып турду. Таякеси Токтогулдун жүрөктү өрөпкүткөн уккулуктуу мукам үнү менен кыраатын келтирип, курандын сөзүн өз тилиндей жатка айтып дем салып жаткан тирүү элести көрүп туруп, өлүм менен өмүрдүн ортосундагы трагедиядан көңүлү караңгылап, колунда кармап турган кистиси жерге кандай түшүп кеткенин да билбей калды.

Толкунбектен ажырап, заңгыраган үч бөлмө үйдө томсоруп жалгыз калганда, жалгыздыктын аңылдаган суугун билгизбей Зыйнатты алаксытып турган бир чоң күч – ал Зыйнаттын сыйкырдуу талантынан өмүр көргөн ушундай ажайып чыгармалары болучу.

Бул чыгарма дегениң да картанын ойнуна окшогон неме болот окшобойбу. Анткени кээде жүрөгүң менен канча аракет кылсаң да иштеп жаткан ишиң өзүң каалагандай болбой, бир жеринен кемтик кетип көңүлүңдү чөгөрүп туруп алган учурлар болот. Ал эми Мансурдун жантасилим болоор алдындагы көрүнүшүнөн алган бул картина полотного мынчалык тез да, даана да түшөөрүн Зыйнат өзү да ойлобосо керек. Ал, ушул үйдөгү мусапырдай жалдыраткан жапайы жалгыздыктан жанын коёрго жер таппай, өзүн өзү алаксытуунун амалынан башталган ишинин жыйынтыгын көрүп туруп: «Негизинен түзүк бүткөн экен» – деп ойлоп койду.

Уйкусуздуктан чаалыгып-чарчаган Зыйнат бүгүн эртең мененки көнүгүүнү демейдегиден узак жана татаал көнүгүүлөр менен алмаштырып, денесинен тер чыкканча жасады. Андан соң ваннага кирип муздак суу менен жылуу сууну алмаштырып душ алды.

Бүгүн Зыйнаттын сатык-көргөзмөсү ачылуучу күн. Чачын аземдеп төбөсүнө түйүп, үстүнө жарашыктуу тигилген ак көйнөк кийип, күзгүнүн алдында «түгөйүнөн калган» өрдөктөй болуп коңултактап турду. Мындай учурда Зыйнат жасанып бүтүп, Толкунбекке бурулчу.

– Мен бүттүм, кана кеттикпи? – дечү.

Анда күйөөсү колуктусун айландыра бир карап алып:

– Жакшы, жакшы. Сени отузга чыккан аял деп ким айтат. Кокустан, кыз экен деп бирөөлөр ала качып кетпесе эле болду деп эркелете карап туруп, чачынан аста жыттап коюучу.

Зыйнат ушуларды ойлоп, жүрөгү бөксөрүп турду. «Үсөндү эрте төрөп койгон экенмин. Толкунбек менен баш кошкондон кийин болгондо эмне, деп камсыгып турду. Ушул кезде эшиктин коңгуроосу шыңгырап, Зыйнаттын оюн бөлүп жиберди. Салия Зыйнатты көрүп жарк этти.

– Качан чыгабыз? Биздин үйдөкүлөрдүн бардыгы барабыз деп камынып жатышат. Кошуналар да дүрбөп алы-

шыптыр. – Аял Зыйнатты айлана басып карап суктана сүйлөдү. – Ой-бай карагым, ак куудай болуп эле койкоюп калыптырсың. Түү-түү, көз тийбесин. Келбеттүү жансың, Зыйнат. Кендир көйнөк кийип, кементай жамынсаң да сага бардыгы жарашат. Сенин дагы бир жакшы сапатың бар. Карачы, бетиңе эндик сүртүп, упа жаппай эле акактай тунуксуң. Мага өзгөчө оозуңду мала боёп, көзүңө болоор-болбос сурма тартканың жагат. Бүгүн өзгөчө чырайыңа чыгып...

– Салия апа, сиз ар дайым эле мени ыңгайсыз абалга калтырып, ашыра мактап жибересиз. Кулпунбай куруюн. Таң атканча кирпик көзүм какпай куурап чыктым. «Карышкыр жүнүн үрпөйтөт, итке сырын билгизбей» дегендей, душман көзүнө өзүмдү сылап-сыйпап жасанган болдум.

– Санаалуу кишиден ошентип уйку качат, балам. Антпе, чырагым. Билем, уулуңду ойлоп жатасың. «Кайда болсоң аман бол, алтын бооң менде бар» дегендей, кайда жүрсө аман болсун, акыры айланып табат ал бала сени.

– Жок, апа, баланы ойлогон деле жокмун. Бүгүнкү сатык- көргөзмө кандай болоор экен деп, ошого толкундап санааркадымбы, билбейм. Бул да болсо төлгө да, апа!

– Жакшы эле болот, көрөсүң го. Кудай жакшы көргөн пендесиң, балам. Карачы, сенин сатык-көргөзмөңө барабыз деп, акча-тыйынын камдап канча киши камынып, канча киши дүрбөп жатат. Бул түшүнгөн кишиге оңой дөөлөт эмес.

– Рахмат, апа, сизге. Чыгалы анда.

– Чыгалы. Баса, телефонуң иштебей калганбы? Эсеновага чалсак жооп бербей жатат деп эки-үч киши биздикине звандашты. Баса кокуй, эсимди Кудай алганда унутуп калган турбайымбы. Чолпон-Атадан Толкунбек чалды.

Зыйнат селт дей түштү.

– Толкунбек чалды дейсизби? Эмне дейт ал, сүйлөштүңүзбү?

– Мен өзүм сүйлөшкөн жокмун. Абышка сүйлөшүптүр. Көргөзмөсүн куттуктайын дедим эле деген го. Зыйнат үйүндө, өзүнө чалгын дедим дейт. Бечара унуткан эмес экен сени.

Толкунбек телефон чалат деп ойлобогон Зыйнат таң кала түштү.

– Менин «сатык-көргөзмөмдүн» кабарын кайдан укту экен? Кап, Үсөндү сурабайт белем...

– Бул жакта жолдош-жоролору бар да, айткандыр бирөө. Кадыр көңүл калышып, урушуп-талашып ажырашкан жоксуңар да, – деди Салия, ойго батып, күзгүнүн алдында турган Зыйнатка карап, – бол эми карагым, тышта Ахан күтүп турат.

Зыйнат машинага олтуруп жатып, минтти:

– И-и-й эсимди Кудай алган жаным, кечээ кечте көрүнгөнү звандап, тынчымды алганынан өзүм алып койбодум беле. Ошол бойдон унутуп калган турбайымбы туташтырбай.

Жолдо келатып Зыйнат көңүлүндө: «Биз эрте келатабыз. Саат араң эле тогуз болду. Азыр эч ким келелек болсо керек» – деп ойлоду. Бирок көргөзмөгө жакындаганда Эсенова ойлогондой болбой, көргөзмө залынын алды адамга толуп калган болучу. Зыйнаттын машинадан түшүп жатканын көргөн художниктер кошунунун директору Илья Урманаев баш болгон кесиптеш курбу-курдаштары келиндин алдынан утурлай басышты. Саламдашып куттук айтышкандан кийин директор минтти:

– Көргөзмөнүн ээсинин кеч келгенин кандай түшүнүүгө болот? Биздин келгенибиз качан. Эгерде менин сатык-көргөзмөм сиздикиндей болуп ачылып жаткан болсо, мен үйгө кетпей эле ушул жерде конмокмун.

Толкундоодон көздөрү жайнап, эки бети албырып, жүрөгү түрсүл согуп турган Зыйнат демейдегиден сулуу да, сүйкүмдүү да болучу. Ильянын сөзүнө мукактана түшүп уялыңкы үн катты.

– Кечирип коюңуз, Илья Урманаевич, ырахмат сизге.

– Ырахмат менен эле кутулбайсыз го дейм, – деди директор, – мына Усаев да келди. Буюрса сатык-көргөзмөңүз ойдокудай өтчүдөй болуп калды. Билесизби, Алматы ауданынын губернатору баш болуп, шаардын мэри, орун басарлары, маданият башкармасынын кызматкерлери келиш керек. Мен ошол үчүн эрте келдим. Сизге звандасам албай койдуңуз. Сара Токсонбаевна экөөбүз көргөзмө залына дагы бир жолу кирип чыктык. Кечээки биз айткандай складга эч нерсе калтырбай илишиптир. Тим эле көргөн адамдын көзү күйөт. Ар бир чыгармаңыз өзүнчө эле ар башка дүйнө сыяктуу сезилди мага.

– Илья Урманаевич, мен кирип чыксам үлгүрөмбү?

– Билбейм, үлгүрбөй калдыңыз го.

Ошол саамда түз эле өздөрүн көздөй келаткан адамдарды көрүп Сара Токсонбаева Зыйнатты түрттү.

– Аяштарың келатат.

Жетер-жетпестен эле алыстан күлүңдөп келаткан Мүсүрепов озуна кол сунду.

– Саламатсызбы, сатык-көргөзмөңүз кут болсун, Зыйнат Эсеновна.

Колун коё бербей оо бир оокумга чейин «Сиз ушундай керемет аял экенсиз го» дегенсип, суктана карап туруп, анан коё берди.

– Тоюңуз тойго улансын, аяш! – Жакандан мурда Галия кучагын жайды. Эки аял бири-бирине чырмалыша түшүп өбүшө кетишти. Анан Зыйнат жанында учурашууга кезек күтүп турушкан Абай менен Жабайды өөп, Жаканга карап жарк этти колун сунуп:

– Сиз кандайсыз, ак кан дос!

– Сиздин ден соолугуңузду, чыгармачылык ийгиликтериңизди эле тилеп жатабыз. Ишиңизге үлкөн ийгилик каалайм.

– Ырахмат, ырахмат!

Бир заматта адамдар толуп кетти. Бардыгы Эсенова менен учурашууга шашылышат, Бир кезде элдер жандана түштү.

– Губернатор келди! – деген сөздү угуп, Илья Зыйнатка бурулду. – Жүрүңүз учурашалы. Бул киши ушунчалык так. – Саатын карады. – Онго беш мүнөт калыптыр.

Тургандардын бардыгы, президенттик аппараттан келген премьер-министр менен областтын губернатору, Алматы шаарынын мэри биринин артынан бири келип, машинадан түшүп жатканын көрүшүп, шыбыр-күбүр болушуп дымый түшүштү. Губернатор Зыйнат менен кол алышып токтоду.

– Саламатсызбы, Зыйнат Эсеновна! Көргөзмөңүз кут болсун.

– Ырахмат! – Зыйнат губернатордун сунган колун кармап жарк этти.

Келгендер биринин артынан бири куттуктап Зыйнатты курчап калышты. Шаардын мэри колтуктан алды.

– Кандай ден соолугуңуз?

– Ырахмат, түзүк эле.

– Эле дебей жакшымын десеңиз, – колтуктап баратып каруусун кысып койду...

Илья Урманаев көргөзмө залына киргенде, чогулгандарга сатык-көргөзмөнүн автору жөнүндө, анан көргөзмөнүн максаты боюнча кыскача баяндама жасап, лентаны кесүүнү губернаторго ыйгарды. «Жакшы тилек, жарым ырыс» дегендей ал киши да өз каалоолорун айтып лентаны кести.

Көргөзмө залына кирген жетекчилердин тобун Илья Урманаевич, дагы бирин Зыйнат өзү, үчүнчүсүн Сара Токсонбаева баштап алып жүрүштү. Ар бир адам өзүнө жаккан сүрөттөрдүн атын, номерин жазып алып жатышты.

Көрүүчүлөрдүн ичинен эң биринчи болуп Жети-Өгүз курортуна кире бериштеги кызыл жардагы «Жарылган

жүрөк» деп аталган картинаны сатып алган Шерхан Мүсүрепов болду.

– «Куттуу үйдөн куру чыкпа» дегендей, ушунча дүйнөнү аралап жүрүп куру кол чыккан болбос, кандай дейсиз, Зыйнат Эсеновна, ырахмат сизге, жүрөк кубантаар жакшы эмгектериңиз бар экен, – деди губернатор «Ысык-Көл күн чыгаар-чыкпас мезгилде» деген картинаны суктана карап туруп: «Маган ушул картинаны ороп бергиле» – деди.

Жакандын уулдары Абай менен Жабай ата-энесинин ар жак, бер жагына чыгып шыбырай сүйлөп минтти:

– Ата, биз «Бүркүтчүнү» сатып алгыбыз келип жатат.

– Жакшы болот, кайсыны жактырсаңар ошону алгыла. Кана «Бүркүтчү», кайсы эле? Аа, көргөм, көргөм, жакшы, ала бергиле.

Сатык-көргөзмөгө келген айрым адамдар «Пикирлер жана каалоолор» деген китепчеге өздөрүнүн ой-пикирлерин жазып калтырып жатышты. Алардан тышкары бул китепчеде прьемер-министр, губернатор, шаардын мэри, жазуучу жана курулушчу жана башка кесип ээлеринин колдору коюлган мындай деген жазуу пайда болду: «Кыргыз Республикасы менен Казак Республикасынын эл сүрөтчүсү, Бүткүлсоюздук Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты Эсенова Зыйнаттын сатык-көргөзмөсүнө коюлган чыгармаларынын ар бирине жан киргизип турган ар башка боёк, ар башка турмуш, ар башка өмүрлөр менен бирге дегеле муундан-муунга, кылымдан-кылымга эскирбей түбөлүккө өз сапатын жоготпой сакталып калуучу Ата Журт, эмгек, туулган жердин сулуулугун даңазалаган кооз, жаратылыштын тилин таап полотного түшүрүлгөн жана башка ар кыл жанрдагы чыгармалары менен Эсенова башкалардан өзгөчөлөнүп, алда канча бийик тургандыгына күбө болдук. Бар болуңуз Зыйнат, сиздин ишиңизге ийгилик каалап, таланттуу колуңузду кыса кармайбыз!...

Сатык-көргөзмөнүн биринчи күнкү ачылышында Эсенованын жүздөн ашык ар кыл темадагы сүрөттөрү, көркөм

сүрөт искусствосун сүйүп, жогору баалаган адамдардын үйлөрүнүн көрүнүктүү жеринен өз ордун табышты.

«Берейин деген кулуна, белен кылат жолуна, бербейин деген кулуна, сатса чыкпайт пулуна» дегендей, бул күнү Зыйнатты дагы бир чоң кубаныч күтүп турган болучу. Ал болсо, Москвадан учаарында ооруп калып баралбай калган Делиде өткөн «Көркөм сүрөт искуссвосу боюнча» эл аралык конкрустун жеңүүчүлөрүнөн болуп «Кыз куумай», «Мүнүшкөр» аттуу чыгармалары менен катар жер соорусу Жети-Өгүздүн кызыл жарынан алып тарткан, алиги Шерхан сатып алган «Жарылган жүрөк» аттуу пейзажы үчүнчү орунду жеңип, чоң суммадагы акчалай сыйлык ыйгарылып, ал Зыйнаттын счетуна которулгандыгы жөнүндө жазылган куттуктоо открыткасын алды.

Зыйнат сатык-көргөзмөсүнүн мынчалык ийгилик менен өтөрүн ойлогон эмес болучу. Ал тескерисинче, өзүмдүн кесиптештерим менен Толкунбектин дос-тамырларынан башка деле эч ким келбөөчүдөй, мынчалык баада картиналары өтпөөчүдөй болуп турган. Эсенованы биринчи кезекте толкундаткан калктын калаган камыштай болуп арбын келиши болсо, экинчиси прьемер-министр менен областтык администрациянын губернатору баш болгон жетекчилердин келиши болду.

Эми минтип Делиден келген кабар Зыйнаттын кубанычына дагы бир кубаныч кошуп, төлгө кылып ачкан сатык-көргөзмөсү анын мартабасын дагы бир жолу көтөрүп койду. «Эркек жолборс болуп, ургаачы жолборс жок бекен» дегендей, «аял болбосоң коё кал» деген көз карашта, Зыйнатты азыр эле көрүп, азыр эле угуп жаткансып бардыгы суктана карашат. Азыр анын үйүндө күндө майрам, күндө той болуп жаткансып эшигинен эл кетпей, короосунан машина үзүлбөй турган кез. «Сатык-көргөзмөм ийгилик менен жакшы өтүп кетсе, Үсөнүм менен Айгеримиме жентектой беремин» деген убадасын убада боюнча артка калтырып, Делиден алган сыйлыгы үчүн куттуктап келген жол-

дош-жоросу менен жакшы санаалаш дос-тамыры оо түндүн бир оокумуна чейин тосттун үстүнө тост айтышып, ырдын үстүнө ыр, бийдин үстүнө бий уланып жандүйнөнү рахатка бөлөгөн өзүнчө эле бир ажайып күндөрдү баштан кечирип жатышты.

Деги пенде экенбиз да. Кээ бир адамдар байлыкты бакыт деп түшүнүшөт тура. Зыйнаттын ички дүйнөсүнүн байлыгын билбегендер: «Эсенова бай аял, телегейи тең аял. Бул келинде арман да, кайгы да жок» – деп эсептешет. Бирок Зыйнатты айтпаганда да, байлык менен мансаптын туу чокусуна чыгып, башы булутка жеткен адамдын да бир толбогон бөксөөсү, айта турган алты ооз арманы болот турбайбы. Зыйнаттын башкаларга окшобогон бир жакшынакай мүнөзү бар ургаачы. Ал байлыкты батегим, чоңдукту чокойум дегендердин бири. Анын орду толбос дүнүйөсү, арылбаган арманы – сүйгөн жардан бактысыз тагдыры. Бул келиндин ички дүйнөсүнө түшүнбөгөн түркөйлөр: «Акча үчүн тартат тура сүрөттү. Башканы коюп сүрөтчү болуп албай эмне болдук экенбиз. Бир эле сүрөтү жүздөгөн доллардын башын мыкчып, акча менен ит урган көпкөн катындардын бири тура» деген сыяктуу ээн ооз сөздөр эки катындын башы бириккен жерде топондой сапырылып, асманга учуп жатты. Адамдардын көзүн күйдүрүп, ичин иттей тырмаган көйгөй, Шерхан Мүсүреповдун ошончо элдин ичинен суурулуп чыгып, биринчи болуп топ жарып, сатык-көргөзмөнүн күйөрманы катарында бир эле картинаны марттык менен миң долларга алганына жаны кашайып, ичи күйгөндөр да болбой койгон жок.

«Бергенди пайгамбар да жактырыптыр» дегендей, Мүсүрепов жигиттик кылып элдин бүйүрүн кызытып эле тим болбостон, ак жибектен тор жайып, алдыртан шек алдырбай Зыйнаттын көңүлүн алып койду. Ушундан кийин экөөнүн ортосундагы мамиле мурдакыга караганда дароо өзгөрө түшкөнсүдү. Ошондой болсо да, кескекке кебек алдырбаган кеси Зыйнат Шерхандын түпкү максатын

ошондо эле түшүнүп, көңүлүндө чийки май жегендей болуп калган. Ал эми Шерхан болсо Зыйнат менен ачык сүйлөшүп, ачык кирип чыгууга жол табалбай тарткынчыктап жүргөн кезинде сатык-көргөзмөнүн шылтоосу менен өзүн бир көрсөтүп койду.

Мүсүрепов Зыйнатты мурда сыртынан көрүп, чыгаан художник экенин угуп, тек гана талантына тан берип жүрүүчү. Бир жолу Шакандыкында сөз болуп, Эсеновдун күйөөсү экөөнүн ынтымагын угуп, көңүлүндө бактылуу жубайлар экен деп ойлоп койгон. Минтип, өмүрдүн узак жолунда алды жакта кимди эмнелер күтүп турганын билбеген сыяктуу, Мүсүрепов да ал кезде дүнүйө капар эмес беле. «Өлүм менен кырсык айтып келбейт» дегендей, минтип Айдай болгон аялы төрт баласын жетим, сүйүктүү жарын жесир калтырып, Зыйнат күйөөсү менен ажырашып, анан ага өз махабаты түшүп сүйүп калаарын кайдан билди дейсиз.

Шерхан кош жаздыкты башына коюп, диванда чалкасынан шыпты тиктеп, ойго батып жатты. Ал баякы аялы дүйнө салган күндөн баштап, өз көңүлүндө жактырып: «Ушул аял мага жуп болууга ылайыктуу» – деп жүрөгүнө түйгөндөрүн блокнотуна жазып жүргөн отуз аялдын тизмесин карап, ар бирин көз алдынан өткөрүп, чубатууга салган шай күлүктөй, сын көз менен карап көрсө бардыгы биригип, оң жагынан да, бой жагынан да, атак-даңк жагынан да, адамгерчилик жагынан да, ал эмес моралдык туруктуулугу жагынан да Зыйнаттын алдына эч кимиси чыкпай калды. Шерхандын көңүлүн калтырып, ойго салып турган бир иш, көбүнчө өзү тепсеп, өзү коюндашып бирге жаткан аялдардын төшөк үстүндөгү жароокер кыялжоругу менен таттуу сөздөрү болду. Ойлоп олтуруп алардын өзүнө болгон сүйүүсү да бири-бирине окшош болучу. Аялдардын эч бири буга чейин, эч бир эркекти өзүн сүйгөнчөлүк жакшы көрбөгөнүнө Шерхан ишенээр-ишенбесин билбей кыялы кымкуут болуп жатты. Бир жолу

өзүнүн бир жакшы санаалаш теңтушунун аялы менен көңүлдөш болуп жүргөн кезин ойлоду. Ойнош аяшы Шерхан дегенде өлүп-өчүп кетүүчү. Экөө кезиккенде өз күйөөсүн Шерханчалык сүйбөстүгүн айтып, муңканып куса болуп сагынып туруучу. Аяшынын ушундай мамилесинен улам бир жолу анын эң жакшы көргөн курбусу менен сүйлөшүп отуруп оюн-чындан минтип сураганын эстеп кетти. «Чолпон мага чейин бир дагы эркекти жүрөгү менен берилип сүйүп көрбөптүр. Ал эмес, күйөөсү Сатай менен сүйүүсүз эле эптеп жашап күн өткөрүп жатыптыр. Аял аялды билет го, сен айтчы, Чолпон чын эле ушундай супсак турмушта, аргасыз жашап жаткандыгына ишенүүгө болобу? – деп сурайт. Шерхандын мындай суроосуна мукактана түшкөн аял минтти: «Анын эмнесин сурап жатасыз менден. Балким, ал сизди кантээр экен деп сынап айткандыр. Болбосо, Чолпон Сатайдын артынан калбай сайгактай куун, жалган жеринен: «Сенден кош бойлуу болуп калдым. Албасаң асынып өлөм», – деп догурунуп жүрүп баш кошконун укkан жок белеңиз. Сатайды сүйгөн-сүйбөгөнүн ушундан билиңиз, Шерхан Мүсүрепович. Менимче, аялдын абийирин жапкан маскасы эри болот тура. Чындыкты айткандыгым үчүн көңүлүңүзгө алып аялдар биринин үстүнөн бири кылапат айтат экен деп жаман көрбөңүз. Адам өлүп баратса да чындыкты айтып өлүш керек. Мисалы, сиздин Чолпон менен ойнош экениңизди менден башка жан киши билбейт. Сатайдын бар-жогуна карабай күн келип жатасызбы, түн келип жатасызбы, бирөө бирдеме деп жатабы, эч ким. Анткени Шерхан менен Сатай дос деп билет эл. Кокустан эле сиз меникине кандайдыр бир жумуштар менен кирип-чыкканыңызды кимдир бирөөлөр көрүп калды дегенче, дароо «Мүсүрепов менен Майра соо эмес, аныкынан чыгып баратканын көзүбүз менен көрдүк» – деп эчак эле кыйкырып чыгышмак. Анткени менин Сатайга окшогон маскам жок да.

Шерхан Майранын ушул сөзүн эстеп айтса-айтпаса төгүнбү деп ойлоп койду ичинен. Өз эсебинде көзү түшүп, көңүлү каалаган аялдардын ичинен бетин көргөнү менен, этегин ачып этин көрбөгөнү жалгыз Зыйнат экен. Ал буга чейин аялдар жөнүндө мынчалык терең ойго батып, акыл калчап көрөлек болучу. Эмне үчүндүр ушул саамда Мүсүреповдун ички дүйнөсү аңылдап, жалгызсырай түштү. Кимдир бирөө менен ичин ачып сүйлөшкүсү келип, көз алдына Зыйнаттын элеси тартылып туруп алды. Москвада болгон кезде күйөөсү менен ажырашканын айтпаган себебин Шерхан эми түшүнүп, эми билди. Мансуровдун кеткенин жашырганы, менден коргонгону тура. Акылдуу аял экен деп ойлоду.

Анан жанында турган телефондун трубкасын алып, эмне айтаарын ойлобой туруп эле Зыйнаттын номерин бурай баштады. Номер бош эмес болуп чыкты. Трубканы рычагга кайра койду. Арадан бир-эки мүнөт өткөрүп, номерди кайра терди. Шерхан үчүн ар бир секунд, мүнөт эмес эле, сааттай болуп узарып кетти. Оо, бир канча жолу кайталагандан кийин гана номер араң бошогондой болду. Кимдир бирөө трубканы дароо көтөрдү. Эркек экен.

– Алло, угуп жатам.

Күтүлбөгөн жерден эркек кишинин үнүн угуп, жүрөгү болк дей түштү. Бир демге токтоло калып сурады.

– Бул Зыйнат Эсеновнанын квартирасыбы?

– Ооба, Зыйнат эженин үйү.

Эже деген сөздү угуп жүрөгү ордуна келе түштү.

– Чакырып коёсузбу?

– Эже бошобой жатты эле, сиз кимсиз?

– Мүсүрепов деген киши сурап жатат дечи.

– Аа, Шерхан агасызбы? Кечирип коюңуз, азыр чакырам.

Өмүрүндө ушунча болуп аялдан апкаарыбаган Мүсүрепов, эмне үчүндүр өзүнүн Зыйнаттан сүрдөнүп турганын байкады. Зыйнат көңүлдүү шаңк этти.

– Саламатсызбы, Шерхан Мүсүрепович? Кандайсыз?

– Ырахмат, жакшы элемин.

– Ооба, жакшы экениңизди билем. Сиз дайым жакшы, дайым жашсыз да. Ошондой болушуңуз керек. – Зыйнаттын минтип айткан себеби, Мүсүреповду ашып кетсе отуз беш менен кырктын ортосунда болсо керек деп ойлоп жүрсө, эр ортону элүүгө келип калганын угуп оозу ачылып ишенбей барып ишенген болучу. Анткени Мүсүрепов өтө жаш көрүнүүчү.

– Сизге жеталбай жатып, араң жеттим. Телефонуңуз иштебей калган экен деп ойлосом, сүйлөшүп жаткан турбайсызбы.

– Ооба, Чолпон-Ата менен сүйлөшүп жаттым. Ушул келер жумада кудам менен кайнатамдын кыркы болот деп телефон чалышты.

– Барасызбы?

– Ооба, Жакан менен Галия да барат экен. Эртең ошолор менен чогуу кетемин го.

Шерхан эчен-эчен кыргыз менен казактын «Жаман катын чыккан жерин төркүнсүйт» деген сөзүн ойлоп, айтып жибере жаздап барып токтоду.

– Эмнеге унчукпай калдыңыз? Бош болсоңуз келип, уйкулук ичип кетпейсизби. Жакан салам айтып жатат.

– Аа, Жакан Усаевич барбы? Рахмат, ал дос болсо барайын.

Шерхандын асмандан тилегени жерден табылгансып сүйүнүп кетти. Ал ансыз эле тамаша-чыны аралаш «Зыйнатжан, сизди көргүм келип сагынып кеттим. Барсам болобу?» – деп айтчу сөзүн камдап турган болучу.

Жакан Зыйнаттын «Уйкулук ичип кетиңиз» деген сөзүн угуп күлүп койду. Анткени анын кайра ичип алганын билүүчү эмес. Айткандан минтти:

– Түз эле «уйкулук ичип кетиңиз» дейсиз да. Анын аракты таштаганы качан.

– Коюңузчу, таштабай эле ичет го.

– Анда кайра ичип алган? – Жакан мостоё түштү.

Жакан менен Зыйнаттын сөзүн укkан Галия минтти:

– «Ит бок жебейм демек беле». Ичип көнгөн киши ичет да, жүрүп көнгөн киши жүрөт да. Мүсүрепович үчүн ал жаңылык эмес.

Галия Мүсүреповдун чыгармасын жогору баалаганы менен автордун өзүн тээ аялы тирүү кезинде эле жактырчу эмес. Аны, өңү жылма аялдардан куру калбаган аягы суюк, жүрөнөөк жигит деп эсептеген Галия окшогон келиндер, кокуй күйөөлөрүбүздү өз жолуна салып бузуп жибереби деген ойдо чочулап турушчу. Галиянын сүйбөгөнүн билген сезимтал жигит, Жакандыкы менен орчундуу бир себептер болуп калганда барыш-келиш кылбаса, бирге окуп, бирге чоңойгон классташы болсо да катыштары кем болучу. Бир жолу Мүсүрепов менен күйөөсүнүн телефондон сүйлөшүп жатканын угуп, жини келип, жөндөн-жөн эле ортодон сөзгө аралашып минткен Галия:

– Шерхан кызык жигит экен. Аны баякыда Толгонай менен жүрөт экен, ошол келинге үйлөнгөнү жатыптыр деген сөздү угуп ырас болуптур дедим эле, ал жөнүндө бүгүн башка сөз уктум. Эми ал келинден айнып, Канчайымды алам деп жаткан имиш десе Жакан күлгөн:

– Шерхан кимди алат, кимди албайт сен экөөбүздүн ишибиз эмне. Жазуучулар сүйүп турбаса, жакшы чыгарма жазалбайт деп жүрүшпөйбү.

Менимче, Шерхан Толгонайды деле, Канчайымды деле албайт. Анын ою азыр бөлөктө. Кийинки күндөрдө күйүп-бышып Шерхан жөнүндө өтө көп тынчсызданып, көп айтуучу болуп кеттиң. Деги Шерханды сүйүп калгандан өзүң соосуңбу? – деген.

Күйөөсүнүн сөзүн угуп Галия чочуп:

– Сен ушунтип ойлойсуңбу?

– Ооба, ошентип ойлойм, – деген Жакан. – Шерханды аялдардан кызганып, ич тардык кылганың шектендирип жатпайбы мени.

Галия күйөөсүнө таарынып туйтуңдап барып, оо бир оокумда кайра минтип сурады:

– Сен Толгонай менен Канчайымдын эч бирин албайт, анын ою башкада дейсиң. Башкада болгондо ким ал? Зыйнат эмеспи? Ал досуңдан мен бая күнү Зыйнаттын сатык-көргөзмөсүндө эле шекшип калган болчумун. Аябай марттык кылды го. Таң калып калдым. Тим эле тургандардын ооздору ачылды.

Жакан Галияны тиктеп туруп минтти:

– Зыйнат жөнүндө маган деле эч нерсе айткан жок. Эгерде чыны менен эле Шерхан кол сунса, Зыйнат моюн сунуп макул болоруна көзүм жетпейт менин. Чындыгында Шерхан жигиттин гүлү да. Гүлгө кимдер кызыкпайт. «Колдо бар алтындын баркы жок» дегендей, анын кадырын кимибиз билебиз баалап. Мүсүреповго тийип алсак деп тор жайган келин-кыздар кыйла да. Аны «жүрөнөөк» деп күнөөлөйсүңөр. Андай ишти да колунан келген киши жасайт. Санаасында, сагынган сандаган аял эмес, өзүнүн ак никелүү жалгыз аялынын көңүлүн таап, жагалбай биз деле жүрбөйбүзбү, –деген болучу Жакан оюн-чындан. – Сен сурап көрбөйсүңбү Зыйнаттан Шерхан жөнүндө.

– Сурабайм. Кереги эмне ашык сөздүн. Менимче, эрге тийүү азыр анын оюна келелек. Өзүң билесиң, Толкунбекти азыр да жакшы көрөт. Бая күнү Москвадан келгенден кийин сүйлөшүп отуруп аябай ыйлады. Унуталбайт окшоймун дейт. Сүйүү дегениң өзүнчө эле шор болот окшойт, Галия. Толкунбек деген ысым өмүрүм менен бирге жашап, сөөгүм менен кошо жатат окшойт, – дейт байкуш. Карап олтуруп боорум ооруду. Зыйнаттын сөзүнөн кийин өзүбүз жөнүндө ойлодум. Биз бири-бирибизди Зыйнатта болгон таза махабат менен сүйүшөт болдук бекенбиз деген ойду ойлоп, өзүмдү өзүм текшерип көрдүм. Ойлоп-ойлоп отурсам, жалпы эле көпчүлүк эрди-катын тек гана бирин бири жактыруу, бирин бири жакшы көрүү менен баш кошуп, анан бара-бара баякы жакшы көрүү, сый-урмат менен ал-

машат окшобойбу. Толкунбекке болгон оту өчпөгөн ыйык сүйүү, чыныгы ашыктыктын бийик мунарасы болгон махабат деген шыбагадан оозанган аял болсо керек Зыйнат. Мен андан бир жолу минтип сурадым. Балким, башка бирөө менен байланышып алаксысаң Толкунбекти унутаарсың десем, эмне деди дебейсиңби:

– Жок, Галия, мен анте албаймын. Толкунбекке болгон мындай бактылуу сүйүү эми эч качан кайталанбайт. Билесиңби, мен сүйүүсүз турмушту турмуш деп да, жашоо деп да эсептебейм. Балам колума тийип, бала болуп кетсе жакшы болот эле. Ошонун мага бала болуп кетерине да ишенбей турам. Үсөн колума тийсе, мындан аркы сүйүүмдү да, энелик мээримимди да, дегеле өзүмдө болгон бардык мүмкүнчүлүгүмдүн баарын Айгерим экөөнө жумшайт элем, – деди. Ошон үчүн мен Зыйнатты экинчи эрге тийбейт го деп ойлоп калдым деген Галия.

Мүсүреповдун келерин укkан Жакан Галиянын айткан сөздөрүн эстеп олтуруп минтип ойго батты. Эгерде өткөн ишке өкүнбөй, кеткен ишке кейибей, сүйүү-күйүү деп эски жомокту эңсебей, Шерхан менен тил табышып турмушка чыгып алса, Толкунбекти унутпа десе да болбой, өзүнөн өзү унутаар эле. Галия айткандай аягынын суюктугу болбосо жигиттин Шаймердени эмеспи, деп ойдон ой чубап олтуруп, Шерхандын үйгө киргенин да билбей калды. Ал качан салам айткан үндү укканда серпилди.

– Саламалейкум, дос!

– Оо, алейкимассалам! – ордунан тура калды. – Жылма басып, дабыш чыгарбай кантип кирдиң?

– Дабыш чыгарып эле, тарсылдай басып кирдим. А, Галия аяш салам айттык. – Бир колун бооруна алып жүгүнүп койду. – Мен дагы комуз күүсүн угуп, киши бар экен десем, силер турбайсыңарбы.

Досунун сөзүн угуп, Жакан каткырып күлдү.

– «Киши экен десем, сарт экен» дегендей болуп турасың ээ. Оюңда ким бар экен деп ойлодуң эле?

– Кыргыз туугандар келген экен десем, сен турбайсың-бы. Азамат, жакшы чертет экенсиң. Тигил домбура кимдики?

– Биздики. Толкунбекти алып кеткен экен десем, албаптыр. Бул экөөнү колуна алган киши жок. Домбура да жетим, комуз да жетим, мен да жетим, баарыбыз ээсиз калдык. – Зыйнаттын көз жашы мөлт дей түштү.

Галия алаканы менен Зыйнаттын далысына колун койду.

– Капа болбочу. Толкунбектин сени менен ажырашып кетүү оюнда жок экен. Сен өзүң кетирдиң аны. Жазып кеткен катыңды окубадыкпы. «Итти кет десе да кетет, итче жокмунбу» деди, «балким, кетпей эле коёрсуң» дедик. Ал жөн кеткен жок, сени кайра-кайра бизге табыштап: «Зыйнат жалгыз калып жатат, көз салгыла» – деп ыйлап кетти. Ортоңордо бала бар экен, балким, келээр кайра.

– Жок, жок, келгенинин кереги жок эми. Баламды беришсе болду.

Булардын сөзүн угуп отуруп Шерхандын оозу ачылып, аңкайды да калды. Ал оюнда төрөбөйт деп ажырашса керек деп ойлогон. Зыйнаттын Москвага кетеринде, антип кат жазып калтырганын да билген эмес. Мүсүрепов окуянын аяк-башына түшүнбөй олтурду.

Бул жерде Жакан менен Галиянын эсин оодарган иш Шерхандын тартынбай ичкени болду. Усаев эчен-эчен: «Иччү эмес элең, качантан бери мынчалык ичип калгансың?» – деп сурайын деп сурай албады. Акылдуу эмеспи Шерхан. Эр жигит эмес, аялдар ичип жатпайбы. Боюна өлчөп, чени менен ичсе иче берсин деп ойлоду. Бирок Шерхан ичкени менен Жакан домбура чертсе домбурасына, комуз чертсе комузга кошулуп, Галия менен үн алыша ырдап, көңүлдүү олтурушу, Зыйнаттын ыр-күүгө жакын кусалуу жүрөгүн толтуруп койгонсуду. Ошентип дүрүлдөп отурушуп эртең менен эрте жолго чыгып кетмек болушуп, түндүн бир оокумунда таратты.

Зыйнат бара турган жерин, кездеше турган адамдарын, анан Үсөндү ойлоп, кыялы кымкуут болуп жатып көзү илинип кетти. Аз уктадыбы, көп уктадыбы, бир убакта эшиктин коңгуроосунун үстөккө-босток шыңгыраганынан чочуп ойгонду. Ал дароо Салия апаны ойлоп кетти. Ал киши бир аптадан бери ооруп төшөктө жаткан. Шашкалактап ордунан учуп туруп эшик алдына келди.

– Бул ким?

– Менмин.

– Мен деген ким? – Эркектин үнүн угуп жүрөгү болк дей түштү.

– Зыйнат коркпо, мен Шерханмын.

– Эмне болду? Тынччылыкпы деги? – Чочулай сурады.

– Ачып коюңуз, тынччылык эле.

– Жок, ачпайм.

– Айта турган сөзүм, кеңеше турган кебим бар сизде.

– Эмне сөз, эмне кеп?

– Эшиктин сыртында туруп кантип айтам, ачыңыз эми.

– Жок, ачпайм, Шерхан Мүсүрепович, сөзүңүз болсо эртең сүйлөшөлү.

– Эртең кеткен жатпайсыңарбы?

– Кызык экенсиз, кетсем келем да. Убара болбоңуз, баары бир ачпайм. Кетиңиз.

– Атайы Галия менен Жаканды узатып коюп келдим. Түшүнсөңүз боло. Мен көчөдө каңгып жүргөн көп иттин бир ити эмесмин го.

– Шерхан Мүсүрепович, мен дагы эшик түрткөн жолбун эркектин баарын киргизе бере турган көп канчыктын бир канчыгы эмесмин да. Айттым го эртең сүйлөшөлү деп. Кошуналар укса эмне дейт. Түн ортосунда ичти-тышты болуп туруп алып акыйнек айтышпайлычы. Кетиңиз, тынч үйүңүзгө барып эс алыңыз.

– Жок, кетпейм, ачпасаңыз эшигиңиздин түбүнө түнөйм.

– А болуптур, түнөгүңүз келсе түнөй бериңиз...

Зыйнат төшөгүнө барып жатып алды. А Мүсүрепов болсо, звонокту тээ бир оокумга чейин кайра-кайра шыңгыратып жатып, качан түңүлгөндө эшикти күч менен бир тээп алып ошол бойдон жок болду.

Мүсүреповдон кийин уктай албай санаасы сандап, тынчы кетип жатып жаңы эле көзү илинип кеткен Зыйнат телефондун звоногунан ойгонуп кетти. Трубканы алып, Жакандын үнүнөн көзү ачыла түштү.

– Менмин, аяш. Кандай, жакшы жатып, жай турдуңузбу?

– Мен туралекмин, Жакан Усаевич! Эмне кетебизби?

– Эртелеп салкында чыгып кетели. Даярданыңыз?

– Макул, сиздер келгенче даяр болом.

– Ошентиңиз...

* * *

Башкасын айтпаганда да Толкунбек үчүн Мансурдун дүйнө салышы тоо урап, топон суу жүргөндөй эле орду толбос жоготуу болду. Кечээ жакында эле, атасын өлбөөчүдөй көрүп «атам бар» деген дем менен алысты алыс дебей, зымырык куштай учуп, эч нерседен камсыз жүргөн Толкунбек оозунан алдырган бөрүдөй болуп олтуруп калды. Адам баласы бири-биринин арзан-кымбатын тирүүсүндө билбей, өлгөндөн кийин билип, өлгөндөн кийин түшүнүп өкүттө калат турбайбы. Окуп жүргөндө окуу деп, иштеп жүргөндө иштеп тапкан маянасы өздөрүнөн артпай чалчаңдап жүрүп, балалык парзын актай албай калганын ойлоп, оозун ачып өкүрөйүн дегенче эле көз жашы көл болуп, өзүн токтото албай боздоп жатты. Толкунбек атасынын өмүрүн ажалдан мурда эле өзү кыскартып, өзү өлтүргөндөй болгон өкүнүчтөн жүрөгү оттой жанат. «Кагылайын ата, кечир мендей акылсыз уулуңду. Сага мен адам болуп эр жетип, ат жалын тартып мингени, асты азабымдан башка асылымды көрсөтө алган жокмун. Карып калган кезиңде, жаныңды жашартып, санааңды тындырып

ыраазы кылып кубандыруунун ордуна, өзөгүңдү өрттөп, кайырымды чайыр кылып өксүткөн күндөрүм көп болду. Түшүнөм ата, билем баарын» – деп мөгөдөй салбырап, ичинен жеген курттай болуп, өз жанын өзү жеп, өз канын өзү ичип, бир эле түндүн ичинде суу ичкендей шапая түштү.

Ал эми Жайнагүлчү!? Анын күйүтү түшүнгөн кишиге, бир чоолу эмес, эки чоолу болуп, эсин жыя албай кош кабат күйүттүн ортосунда калды. Мансур эмне, келини кейибегендей, келини күйбөгөндөй кайната беле! Ошол ата менен эненин жакшылыгынан кыйбай, солк этпей олтуруп койбодубу. «Кагылайын атаке, сизсиз кантип күн көрөбүз, мен сиз деп, энем деп иштеп, сиз деп жашап, эне деп жашап жүрбөдүм беле» – деп, ботодой боздоп ыйлап жүрүп сыйын да кылды, ыйын да кылды. «Эки доочу бир келсе амалыңдын кеткени, эки оору бир келсе ажалыңдын жеткени» дегендей, Мансурдун күйүтү менен Үсөндүн кайгысы биригип Жайнагүлдүн акыл-эсин аласалдырып, жүрөгүнүн тынчын алган бир өзүнчө айыккыс оору болду. «Ушунтип эле өлүүсүнөн өлүү, тирүүсүнөн тирүү ажырап каламбы» деген ой ойгонсо өңүнөн, уктаса түшүнөн кетпей калды.

Мансур өзү айткандай, «Артында калгандар, адам кайтыш болгон күнкүдөй дайым күйүп олтурса, журтта тукум калабы. Кандай күйүмдүү киши болсо да, өлгөндүн эртеси эле көөдөндөн бычак сырты алыстайт. Анан уламдан-улам алыстай берип, унутула баштайт» экен го. Атанын бул сөзү, өз башынан өткөн үчүн айтылган турбайбы. Ооба, Мансур менен Кына: «Күндө туусам күндө жок, күндө жылан жеп коёт, айда туусам айда жок, айда жылан жеп коёт» дегендей не деген чолпондой болгон балдарын кара жерге берип, канча жолу кан жутуп, канча жолу кара кийбеди дейсиз. Өлгөндүн артынан ким өлүптүр. Кара жер суутат экен да. Бирок өлүп ажыраганга караганда, тирүү ажырагандын күйүтү күчтүү болучу неме окшобойбу.

Жайнагүл канча көтөрүмдүү, канча кайраттуу болгону менен, Үсөнгө калганда кайраттуу болалбады. Үсөндү көрсө

да ыйлайт, ойлосо да ыйлайт. Ал өз энеси Зыйнатка барбай эле, тирүүлөй өлүмгө бараткандай болгон бир тынчы жок туңгуюк ой мээсин келемиштей кемирип, жашоосу супсак, көргөн күнү улам арып бараткандай бардыгы көрксүз да, көңүлсүз да болуп калды. Анан калса азыр койгонун азыр, анан койгонун анан унутуп, кээде колуна кармап жүргөн буюмун темселеп издечү, нескаранын бири болду.

Ошентип, Жайнагүл Үсөн деп жүрүп, санаага жеңдирип баратканын билбей калды. Аялынын Үсөн үчүн болгон ички дүйнөсүнүн алааматын түшүнүп, көзү жетип турса да, Толкунбек оозу батып кайраттандырар эч нерсе айталбады. Айткандан эле бир жолу, уктай албай кайра-кайра үшкүрүнүп, өзүнөн өзү ичинен букулдап ыйлап, тынчы кетип жатканын көрүп туруп чыдабай минтти:

– Ай, Жакин, алтыным эмне болду сага? – Аялынын кроватын көздөй оодарылып кучактады. – Ыйлап жатасыңбы?

– Ооба, ыйлап жатам, – деди кекерлүү үн менен.

– Жинди болгон го, ал эмне болгон ый жети түндө, – деди күйөөсү.

Толкунбектин колун түртүп жиберди Жайнагүл.

– Тартчы колуңду. Менин жинди болгонумду билелексиңби?

– Кызык, ал эмне болгон, кайдан келген жин болуп кетти?

Толкунбек да байкабай сүйлөп алды.

«Чыгалбай турган көз эле, чыгып кетти өзү эле» дегендей, кайгы-касирети качантан бери ичине толуп, кимден, кантип чыгарарын билбей буулугуп жүргөн Жайнагүл кандай жарылып кеткенин өзү да билбей калды. Эмне үчүндүр Толкунбек адеп келгенде да мынчалыкка барган эмес болучу. Энеси Тумардын «жаңылбас жаак, мүдүрүлбос туяк болбойт», балам. «Алдыңа келсе атаңдын кунунан кеч» дегендей эси жок аялдарча чарылдап жаман-жакшы айтышпай, «кеткениң келди, унчукпай күтүп ал» деген сөзүнө муюп, таарынычысын көз жашына чыгарып тим болгон.

Ал кезде Үсөн жөнүндө мынчалык бурулуш болуп кетээрин кимиси билди. Баарынан да Толкунбектин үч уктаса түшүнө кирбеген иш эмес беле.

Жайнагүл башын көтөрүп күйөөсүн карады.

– Эмне болуп, кайдан келген жин болуп кетти дейсиңби? Анткор. Ошону билбей калдыңбы? Мени сен жинди кылып жатпайсыңбы.

Жайнагүлдүн жүрөгү удургуй түштү. Өзүн кармай албай калчылдап кетти. Кийинки учурда бирдемеге капа болсо эле жүрөгү акылдап, деми кысылып кете турган болуп калган. Андай учурда дароо дары кабыл ала коюучу. Оюнда адатынча дары ичейин деп ойлоду. Кроваттан түшүп жарыкты күйгүздү.

Жайнагүлдүн ооруп калаарын Толкунбек ойлогон да жок. Ал тим гана кантээр экен деген ойдо тийиштик кылды. Бирок ойносо да оюндагысын айтып салды.

– Атам өлгөнчө мен өлсөм эмне. Билем, сен мени көрөйүн деген көзүңдүн жогун. Түшүнөм баарын. Төтөн Үсөн жөнүндөгү жабыктагы сыр, жарыкка чыккандан бери ниетиң бузулду сенин. Эми мени эмне кылса деп ойлоп турасың. Үсөндү өз баландай жакшы көрөрүңдү да түшүнүп турам. Мындай окуя болорун билбей чалдырып койбодумбу. «Жакшы ит өлүгүн көрсөтпөйт» дегендей, бекер кылыптырмын. Сен экөөбүз кайра баштан мурдакыдай жашайбыз деп ойлоптурмун. Көрсө!

– Эмне көрсө!? Андай арманың болсо, – деди Жайнагүл титиреген үн менен кыйкырып. – Азыр деле кеч эмес. Атамдын кыркында Зыйнат келмек болбодубу. Мына ал күнгө да аз калды. Кайра сен үчүн жакшы болду. Үсөндү алып кайра чогуу кете бер.

– Жакин айланайын, койчу эми, кыйкырбай эле, урушпай эле жай сүйлөшөлүчү. Мында дүлөй киши жок. Мен кайра кете турган болсом келбейт элем да. Мен балдарым үчүн эмес, сен үчүн, сени сагынып келдим. Мен сени мурда кандай сүйсөм, азыр да ошондой сүйөм. Мени кечирет экен

деп ойлогомун. Тоодой күнөө кылсаң да тобо кылсаң, адам эмес, Алла деле кечирет турбайбы. Бул жагына калганда мен үчүн сен Кудайдан да күчтүү болуп кеттиң.

–Эмне-е-е!? – Толкунбектин сөзүн угуп чочуп кетти. Оозуна сөз кирбей туттуга түштү. Жүрөгү оозуна тыгылып, көөдөнүн жарып чыгуучудан бетер катуу удургуп барып башы айланып көңүлү караңгылып, алы кетип баратканын сезип, кроваттын четин таянайын деп ойлогончо болбой жыгылып кетти. Анын Үсөн жөнүндөгү окуядан кийин ичсе-ичпесе жок жүрүп, жедеп ачкалыктан алсырап, караптап кеткенин үйдөгүлөр да, ал эмес врачтар да билген жок.

Күтүлбөгөн жерден келинининн ооруканага жатып калышы Кынанын жүрөгүн түшүрүп салды. Жайнагүлдүн буга чейин ооруганын укпаган эне уулуна минтти:

–Э, балам, чыныңды айтчы, Жакин таптаза туруп кандайча ооруп калды бат эле. Сен капа кылып, бирдеме деген жок белең?

–Өзүмдүн башым батып, багалчагым сыйбай жүрүп, мен эмне демек элем.

–Ооба баса, сен эмне демек элең. Үсөндү ойлоп, ошого капа болуп жүрөт өзү. – Кына унчукпай калды. Толкунбек ооруканага барам деп кийинип алып чыгып кетти. Кына баякыда Зыйнат келгенде көз токтотуп карап олтуруп, көркүнө көзү тоюп, «Келишимдүү келин болгон экен, бечара». Атаңдын көрү, илгээрки убак болсо эмне, колдон чыгаруучу бала эмес тура. Жайнагүлдү ойлоп экөөнү салыштырып караса «Бири кайың, бири тал, бири шекер, бири бал» дегендей эле экен. Толкунбектин кылчактай турганынын жөнү бар турбайбы, – деп ойлоп койду. Анан:

Кырды кырдай жүгүргөн,
Кызыл кийик баласы,
Кынга салган бычактай,
Жакшы атанын баласы, –

деп Зыйнатты эстеп элдик ырды ичинен кайрып, Аккыз менен Эсенди эстеп олтурду. Ошентип, өткөн-кеткенди көңүлүнөн өткөрүп олтурган Кынанын ою бир заматта Жайнагүлгө барып урунду. Байбиче келинининн ден соолугун эстегенде, жүрөгү булкуп алды. – Ой тобо, – деди өзү менен өзү сүйлөшүп, – акылы жок жаман кишинин ою да жаман. Кыргыздын бардык кыз-келиндери бүт чогулуп келип менин Жакинимдин чыпалагына тең келбес. Ырысым болуп аман болсо экен. «Бул как баш ушуну көрмөк эле» деген сөздү укпасам экен. Балдарымдын жамандыгын көрбөй, абышканын артынан кете берсем, сонун гана болгону турат. Келиндүү бололегимде кандай элем, азыр кандаймын? Өлөсөлүү жанымды өр алдырып, жоголгон ден соолугумду кайрып берип, күчүмө күч кошуп, өмүрүмдү узартып, көңүлүмдү жашартып отурган Жакиним болбодубу. Кагылайын кудуреттүү күчтүү Кудай, мен шордууга пендем деп боор ооруса, балдарымдын жамандыгын көрсөтө көрбө. Оо, арбагыңдан айланайын абышка, билип жатасыңбы Жакиндин ооруп, ооруканага жатып калганын. Алың жетсе арбагыңда колдой жат. Телегейди тең кылган кудурети күчтүү Кудай, жан керек болсо, жанга жан деп, Жакинимдин ордуна мени ал. – Кына ушинтип өзүнчө сүйлөп, өзүнчө боздоп жатты. А балдар болсо, үчөө үч жерде селейип, алагар коркок көздөрүн аландатышып, энесинин жагымсыз сөзүнөн, жаштуу көзүнөн жамандыктан жыт алгансып үнсүз үрпөйүп турушту. Анан тээ бир оокумда Жанат минтип ыйламсырады.

– Эне, Жайна жеңем келбейби?

Кына кызынын сөзүн угуп селт этти.

– Келбей койчу беле. Келбейби деген да сөз болучу беле, катыгүн.

– Анан ыйлап жатпайсыңбы?

– Мамамды ооруганда ким алып кетти, ыя чоң эне? – деди Үсөн.

– Догдур келдиби?

– Ооба, түндө силер уктап жатканда догдур келип алып кетти.

– Мамамдын кайсы жери ооруду эле, ыя чоң эне? – Асан ыйламсырады.

– Жүрөгү.

– Анан догдурлар дары берсе, бат эле айыгып калат, ээ?

– Ооба, айыгып калат.

– Качан айыгат?

Жанат бебөктөрүнө күчөнө сүйлөдү.

– Энем билмек беле. – Жайнагүлдүн балдарына айтып жүрчү сөзүн туурап минтип кошумчалады. – Дайыны жок, энемди кыйнабай, эшикке чыгып ойнобойсуңарбы?

Булар ушинтип өздөрүнчө кыжы-кужу болуп жатканда Толкунбек келип калды. Уулун көрүп, Кына дароо ордунан тура калып келинин сурады.

– Жайнага бардыңбы?

– Бардым. Эсине келип эртең мененкиге караганда жакшы болуп калыптыр. Санаам тынып калды.

– Оозуңа май, балам.

– Мамам качан келет, ыя папа!?

Балдар Толкунбектин оозун тиктешет жалдырап.

– Келет жакшы болгондо.

Кына тынчсыздана дагы сурады.

– Кечинде эч жери оорубай эле, таптаза жатууга кетпеди беле. Анан кандайча ооруп калды? Урушуп кыжындашкан жок белеңер деги? Мен сага ишенбей турам, балам.

– Урушкан жок белеңер деп түндө да сурадың, жана да сурадың. Азыр да ошол суроо. Сен мага качан ишенип жүрчү элең?

Кына уулунун сөзүн угуп чыйрала түштү.

– Ии, ишенимден чыккан кишиге ишенбейт ошентип.

– Деги балам экен деп менин сөзүмдү сүйлөй турган күнүң болобу? Атам маркум да мени көргөндө итатайы тутулуп, жини келип туруучу.

– Койчу, балам: «Каргайын десем жалгызсың, каргабайын десем жан койбогон байкушсуң» – дептир айласы кетип, амалы түгөнгөн мага окшогон бир шордуу эне. Эми эмне болот, атаңдын кыркы берилбей калабы?

– Эмне үчүн берилбей калмак эле. Ага чейин Жайнагүл чыгат да...

Убакыт чапкан аттай таскак салып өтүп жатты. Арыбери караганча көзү өткөндөрдүн кыркы да жакындап кирип келди. Ооруканада Жайнагүлдү мүмкүн болгон бардык аракеттери менен дарылап жатышты. Бирок нерв да, жүрөк да, кандын басымы да, уйку да, баары биригип келип санаага байланыштуу болучу неме тура. Муну врачтар айтпаса да Жайнагүл жакшы билет. Канчалык Үсөн жөнүндө ойлобоюн, аны дегеле эстебейин десе да, өз эркине өзү ээ болалбай, бул баланы эч бир жүрөгүнүн башынан алыстата албай койду. Кээде ойдон ой туулуп олтуруп, Үсөн өзүнүн ажалына бүткөн бала сыяктуу сезилип да кетүүчү болду.

Тумар кызынын ооруканага жатып калганын Сады менен Күлайым келгенде, ошолордон угуп чочуп кетти.

– Жүрөгү ооруп жатыптыр дейсиңерби?

– Ооба, эне, жалгыз эле жүрөгү эмес, канынын басымы да жогору экен. – Гүлайым күйөөсүнүн сөзүн угуп: «Бекер айттың» деген ниетте тымызын кейип алды.

– Капырай, жүрөк оорусу жок эле го. «Чыгашага ээси баш» дегендей, жанакы Үсөн деген таштанды күчүктүн азабынан пайда болгон оору болуп калды го мунуку. Маркум Мансур өлөөр алдында Эсендин кызы Зыйнат деген келинди атайын чакырып алып, айтып койгон.

– Эмнени? – деди эч нерсеге түшүнбөгөн Сады. – Ага мурда эле эмес, кечээ жакында Мансурду акыркы сапарга узатып, топурак салууга барганда да, Үсөн жөнүндө эч ким эч нерсе айткан эмес болучу.

– Үсөндү. Сен эч нерсе угалексиң. Ал баланын тарыхы көп. Минтип сыры сыртына чыгып, чуусу чубаларын ким

билди дейсиң... Тумар уулуна Үсөн жөнүндөгү окуяны башынан баштап, бардыгын айтып салды.

– Ошондой деңизчи. «Мал аласы сыртында, адам аласы ичинде» деген ушул экен да. Эми Жайнагүл «Үсөндү алып кетип калат» – деп күйүп жаткандагы оорусу дебейсиңерби. Андай болсо, эмне үчүн дароо беришкен жок.

– Түз эле дароо дейсиң да, балам. Дароо кантип берет. Үсөндү бар десе эле бара коёбу. Ал келиндин эне экенин билелек да. Билген күндө да Зыйнатка түбөлүк бала болуп баш ийип беришин бир Кудайдын өзү билет.

– Бекер эле болгон экен.

– Антип айтпа, балам. Бекер деле болгон жок, туура эле болду. Кудай, арбак дегендер бар. Айттым го сага Жайнагүл менен Кынанын түшүнө бир түндө бирдей кирип, арбактын аян бергенин. Мансур да тынч кетти, санаасы тынып.

Сады оор улутунду.

– Чындыгында Асан менен Үсөндүн Жакин үчүн айырмасы жок эле да. Бала тапкандыкы эмес, баккандыкы да эне. Канча эмгек, канча мээрим кетти. Мындай болоорун Жакин билген жок да. Кап, өкүнүчтүү болуп калды. Санаа жаман да. Анда эртең биз менен барып, жолдо түшүп кал. Жайнаны өзүң көксөсүн суутуп, акылыңды айтып, какускукус кылып эсине келтирбесең, кийин кеч болуп калбасын, ыя эне? Деги ичиңер бек экен. Кантип менден жашырдыңар?

– Ой, балам ай, анын эмнесин сүйүнчүлөйт элек. «Кан бастыга жин басты» болуп, өз баласы болуп калсын дедик да. Эми ага таарынбай эле койчу, балам. Үсөндү ким туун, ким таштаганы эми билинип жатпайбы. Ал кезде мындай балакеттүү бала экенин ким ойлоптур.

– Түштөн кийин таарынып эмне кылайын. Айтылган сөз да. «Мактаган кыз тойдо осурат» дегендей, мактаган күйөө балабыздын көрсөткөн осуяты шумдук болду го. Эми эмне болот?

Тумар мурдакысындай Толкунбекти жактай да албай, мактай да албай, мукактана түштү. Айткандан оозуна кирген сөз бул болду.

– Эмне болмок эле. Өтөөр иш өттү, болоор иш болду. Зыйнатты эстүү экен деп жатышат. Мен ал келинди көргөн жокмун. Мен барганда Мансурду коёорун күтпөй кетип калыптыр. Эми Касымбектин кыркына келет деп жатышат. Алар менен куда турбайбы. Мансур үчүн болбосо да Үсөн үчүн келет да. Ошондо билинет го эмне болоору.

– Кап, Жайнагүл Үсөндү баладан башкача жакшы көрүүчү эле. Бала да Жайнага жакын көрүнгөндөй болгон эле, эмне болоор экен? – Сады Жайнагүлдүн жүрөгү ооруганын энесине айтканына эми өкүнүп турду. «Оозунан мүдүрүлгөн турбайт, бутунан мүдүрүлгөн турат» деген ойду ойлоп, каканактап, өңү өчүп эки көзү жашка толуп олтурган энесин аяп кетти.

– Кептин баары ошондо болуп жатат го. Катыгүн ай, – эне ыйлап жиберди. – Жүрөк оорудан коркуп калган жайым бар эле. Түбөлүгү түз болуп, сакайып кетсе болду го...

Эртеси Тумар уул-келини менен чогуу Чолпон-Атага жөнөп кетти. Алар эч жакка бурулбай, түз эле ооруканага келишти. Сады машинасын токтотуп, энесин түшүрүп жатса Нуржамал менен Бурмакан ээрчише басып, экинчи бөлүмгө кирип баратышып, Жайнагүлдүн энеси менен ага-жеңесин көрүп токтой калышты.

– Оо, саламатсызбы, апа! Кандайсыз, Сады Казиевич? – Үчөө менен тең кол алышып учурашышты, – Жайнагүлгө келгенсиздер го.

Кына келиндерди бетинен өптү.

– Ооба, Жакинге келдик. Деги кандай ал кыз?

– Жакшы апа. – Экөө жарыша жооп беришти.

Сады сурады:

– Өзү чыгалабы же биз өзүбүз киребизби?

– Жайнагүл Казиевна, реанимациядан кийин өзүнчө бөлмөгө которулган. Азыр халат алып чыгышсын, жамынып алып кирип чыккыла.

Дежурный медсестра тигилерге карап, врачка минтти:

– Эженин үстүндө киши бар. Кайненеси балдары менен келиптир.

– Анда алар чыгышсын.

Тумар, Нуржамал Исаевнага карады:

– Ырас, кудагыйым бул жерде тура. Чыгарбай эле, үстүнө кире бербейбизби?

– Жок, апа, андай болбойт. Кичине күтө тургула. Анын үстүнө палата тар.

– Күтөбүз, шашылыш жок. Апам айылдагыдай көрүп жатпайбы. Кызынан мурда, кудагыйын угуп шашып калды окшойт.

– А атаңдын көрү, шашпай анан. «Куу алган кушта эмне сын» дегендей, ал байкушта эмне сын. Келини ооруп куураган тура мусапырым. Балдардын башы ооруса эненин жүрөгү кошо ооруйт эмеспи.

Врачтар сөзгө аралашты.

– Сиздердей ынтымактуу, бирин бири каркыттап, бирин бири аяп да, сыйлап да турган кудагыйлар кайда-а-а! Укканбыз сиздерди. Ошон үчүн «Ырыс алды – ынтымак» дейт турбайбы.

– Биздин сыйдан башка эмнебиз бар. Бул жашоо дегенибиз убактылуу неме турбайбы. Ошон үчүн жалган дүйнө экен да. Баарыбыз тең бул дүйнөгө убактылуу, күнүмдүк келген мейманбыз. Аз өмүрдө бирибиздин жүрөгүбүздү бирибиз оорутпай, бирибиздин көңүлүбүздү бирибиз калтырбай, ынтымак менен жашап өтүшүбүз парыз эмеспи, кыздарым.

– Аны ким билип жатат, апа!

Кына келинининн үстүнөн эки көзү канталап, ыйлаган кебетеленип, маанайы пас чыкты. Кыраакы, сезимтал Тумар кудагыйын көрүп эле сестее түштү. Анан ошол замат бири менен бири кучакташып, өбүшүп көрүштү. Кына ыйлап жиберди.

– Кандайсыз кудагый, дениңиз сакпы? – деди Тумар үрпөйгөн калыбында.

– Жакшы эле болчумун. Жакин ооруканага жаткандан бери ментимден тайып калдым. – Көз жашын сүрттү.

– Жакин кандай деги?

– Жакшы экен.

Таэнесин тегеректеп, кезек күтүп турган балдар үчөө үч жактан Тумарды кучактап калышты.

– Таэне, Жайна жеңеме киресизби? – деди Жанат.

– Кирем алдыңа кетейин, ошол Жайнаны угуп келбедимби.

– Мен дагы сени менен кирейин да, таэне, – деди Үсөн.

– Мен да кирем, – деди Асан.

Кына менен учурашып жаткан Сады балдардын сөзүн угуп минтти:

– Кайда киргени жатасыңар?

– Мамама! – деди, Үсөн илгирбей.

Нуржамал оорулууга кирип кайра чыгып, Тумарга карады:

– Апа, сиздер кирип чыгыңыздар. Киргенде көп сүйлөтпөгүлө. Азыр медсестра «капит» эткени жатыптыр. Кармабай тез чыгыңыздар.

– Эмнеге кармамак элек. Чыгабыз бат эле.

Жайнагүлдү көргөнчө Тумар эле эмес, ага-жеңесинин ою онго бөлүнүп, кандай абалда көрөр экенбиз деген ойдо жүрөктөрү титиреп чочуп турушту. Анткени Сады мурда күнү келгенде Жайнагүлдүн абалы бир топ эле салмактуудай көрүнгөн болучу. Бирок оорулуунун бүгүнкү көрүнүшү да, оорусу да ал күндөгүдөн алда канча жакшы болуп калган. Энеси менен бир туугандарын көрүп, күлүп жиберди. Анан башын көтөрүп туруп олтурду.

– Алдыңа кетейин каралдым, кандай жакшысыңбы? – Эңкейип бетинен өөп ыйлап жиберди Тумар.

– Жакшы болуп калдым. Ыйлабачы, апа!

– Апаң силердин алдыңарга кетээр бекен!

Сады энесин колтуктан алды:

– Болду апа, кубангандын ордуна ыйлайсың да. Кудайга шүгүр, мурда күнкү мен көргөндөкүдөн жакшы болуп калыптыр...

Тумар менен Садылар Жайнагүлдөн чыкканда, Үсөн ыйлап минтти:

– Таэне, бизди мамама алып кирбей койдуңарбы?

– Силер кирип чыккан турбайсыңарбы. Кайра-кайра эле кире бересиңерби. Оорукана оюнчук эмес да, балам.

– Анда Асан экөөбүз ушул жерде калып мамамды кайтарып турабыз.

– Эч ким калбайт бул жерде. Кайтарып туралы деген да сөз болчу беле. Баскыла, чогуу кетебиз, тигине машина.

Машинага олтуруп жатып, Кына минтти:

– Ботом, жана эртең менен короодо ойноп жатып эле экөө жок. Чай ичели деп ар жактан издейм, бер жактан издейм. Жанатты кошунаныкына чуркаттым. Жайнагүлгө барабыз деп чымын-куюн болуп аркы-терки өтүп жаткан машиналарга урунуп алып, тентек немелер алда кандай кырсыкка учурайбы деп ниетим бузулуп туруп алса болобу. Жанаттын кечиккенинен, көчөгө чыгып баратсам, эки баласы менен бир короо кишидей кожурашып келаткан Толкунбекти көрүп маңдайымдан тер чыга түштү. Балдардын кайда жүргөнүн сураганча болбой өз уулум минтти:

– Бул экөөнү Жайнагүлгө эмнеге жибердиңиз эле? Ооруканага барсам, айнекке тырмышып экөө жүрөт: «Мамама кирели десек киргизбей койду» – деп. Оорукана жакын болсо бир жөндүү, алыс да. Жолдо жүгүрүп өтүп кетебиз деп, машинага урунуп алышса эмне болот? Балдарды жибербей эле койбойсузбу?» – деп, мени күнөөлөп турса болобу. Азыр да үйдө калгыла десем болбой, дагы мени ээрчип алышты. «Мамама баралы» – деп Асанды азгырган мына бул Үсөн.

– Билем, Жайнагүл экөөнүн жаны бир да. Кантип ажырашып, кантип бирин бири көрбөй чыдашаар экен, – деди Тумар.

– Билбейм, билбейм, кудагый. Бул баладан корком мен. Бирдеме десем эле, мен Алматыга кетип жатпайымбы. Сен мени урушпачы, чоң эне, – деп тура калучу болду.

Бул сөздү угуп Кына менен Сады, Гүлайым үчөөнүн оозу ачылып калды.

– Шумдук, ошентип айтабы? Балким, Зыйнаттын эне экенин билип калгандыр, – деди башын чайкап.

– Чокусунун билгениби. Сүрөт тарткандын окуусуна Эсеновага кошуп Алматыга жиберем деп бышы кулак кылып даярдап жаткан Жайнагүлдүн өзү болуп жатпайбы. «Алдаса болот жаш башты, канетсе болот как башты» деген ошол экен деп ичимден тымызын сызып мен олтурам.

– Куураган Жайнагүл анан антпегенде кантет. Анысы туура эле акыл менен ойлоп тапкан амалы да, кудагый.

– Бул Кудай урган Зыйнатты айтып эле жүрбөйүмбү. Колдо туулуп, колдо өскөн капырдын дегеле жүзүн көрөйүн деген көзүм жок эле да. Аккыз менен Эсендин арбагы бетташүүгө аргасыз кылбадыбы. Ачыгы жакшы сөздүн. Жакин экөөбүз кеңешип олтуруп Толкунбектин өзүн жибердик чакырыкка. А дегенде бул дагы бултуңдады болбой. «Мени менен жашап турганда чакыртпаган, эми эмнеге чакырып жатасыңар» – деди жакшы эле. Анан атасынын жанына келип минтти:

– Ыя, атаке, Эсендин шуркуя кызы деп, жакшы көрсөң иттин арткы шыйрагындай көрүүчү эмес белең. Акылым жетпей калды сага. Ооруң оордоп катуулаган сайын эле, Зыйнат, Зыйнат деп оозуңдан түшүрбөй күсөп калдың. Эмне деп айтып, эмне деп чакырайын? Анын да ар-намысы бар. Атам чакырып жатат десем эле макул болуп келе коёбу? Мага айтпай, менден жашырып Зыйнатка айта турган кандай жашыруун сыр бар болуп кетти, ыя ата?

– Ооба, ошондой сыр бар. Зыйнатты обол мурун чакырып келчи. Угасың анан. «Аяш атаң өлүм алдында жатат де. Акыркы сапарга узаар алдында бир көрүп коштошоюн, жети жылдан бери жан кишиге айтпай, көөдөнүмдө

көмүскө сакталып жүргөн бир орчундуу сөз бар. Көзүмдүн тирүүсүндө ошону айтып жандүйнөмдү тынчытып кетейин деп сени күтүп жатат деп, мен айткан сөздүн баарын айткын» – деп талап кылып туруп алды абышка. Толкунбекти мен өзүм деле жибергим келбей турду. Бирок кудагый, «бардырбасың бардырбас» дегендей Жайнагүл менен өзүмдүн көргөн түшүмдү ойлоп каршы чыгалбай, абышканын айтканын аткарууга аргасыз болбодумбу. «Бал кудукту тапкан да сен, таткан да сен» дегендей, Толкунбектин «ажырашкан аялымды чакырып дегеле барбайм» дегенине болбой жибербедимби. Бирок чын-чынына келгенде Толкунбек ачык айтпаганы менен түшүндү баарын. Ансыз деле Үсөндү шекшине тиктеп жүргөнүн мурда эле билгемин. Абышканын Зыйнатты эмнеге зарылып чакырып жаткынын ачык эле туюп мага минтти. «Эмне, Үсөндү Зыйнатка берели деп жатасыңарбы? Тобо, ата-эне менен баланын ортосунда да бири-бирине айтылбаган сыр болоорун билбептирмин. Ичиңер бек экен. Менимче, мурда айтпаган бойдон айтпай койсоңор деле болмок. Мейли өзүңөр билгиле!» – деп чыгып кетти Зыйнатка барганы.

– Деги ал келин кандай адам көрүнөт? Кантип даап келди экен, бечара.

– Келди таякеси менен. Мансурдун айтканын айтса кыйбаса керек. Сыны бийик, сырты түзүк киши болуптур. «Түзү ийгиден түңүлбө» дегендей, ыйман жүздүү экен. Абышканы көрүп ыйлап жиберди. Кечирим сурады. Килейген бир сумканы кант-чай, жер-жемиш, таттуу-паттууга толтуруп келиптир. Өзүңүз көрдүңүз го, Мансурга аттык чепкен алып келбедиби, башыңызды куттуктаганым деп. Оо, курган келин, баласын укканда кантип кетээр экен деп турдум эле, а деп айтканда түшүндүбү, түшүнгөн жокпу, же уккан кулагына ишенбедиби, делдирей түшүп кайра сурады: «Чын эле менин балам өлгөн жок беле, тирүүбү, ыя аяш ата» – деп, тактагандай болду. «Ооба, сенин балаң тирүү, Үсөн сеники!» – дегенде бир кызык болуп, көздөрү жайнап, жашка

толуп калчылдап кетти. Бу адам баласы кубанычтан да өзүн жоготуп коюучу неме окшобойбу. Талма сыяктуу оорусу бар экен. Дароо жер кучактай жыгылды. Жүрөгү да начар окшойт.

– А, Толкунбекчи? Ал эмне деди?

– Эмне десин, бир кезде анын тоңгон адамга окшоп, кирпиктери ирмелбей турган көздөрү көзүмө бир урунду. Андан кийин «Талмасы бар анын» деген сөзү кулагыма шак дей түштү. Анан Толкунбектин эмне болгонун, кандай чыгып кеткенин билбей да калдым.

– Ошондой жоругу көп жомок дечи, кудагый. Эми деги Жайнагүлдү Кудай сактаса экен десеңиз. Кайраттуу көрүнгөнү менен санаасы жаман неме турбайбы. Үсөндү эстеген сайын жүрөгү күйүп, каны бузулуп турса арты жакшы болбой калат го. Андай болгондо дарыланып да кереги жок. Айтты го врач деле.

– Жакиндин кебетесин көрүп олтуруп мен да болбой калдым. Абышкага бекер эле күйүп, бекер эле ыйлап жүрүптүрмүн. Азыр ал кишини эстебей да калдым. Кудай пендем деп жаратса балдарымдын жамандыгын көрсөтпөсө экен, кудагый. Керек болсо мени алсын.

– Көп эле антип санаага бата бербеңизчи. Кудай сактасын, Жакин жакшы экен. Эртең, бүрсүгүндөн чыгат турбайбы...

– Чыкса экен. Жакиндин жаткан беш күнү мага беш жылдай болуп кетти, кудагый...

Мансур дүйнө салгандан бери үйүнөн адам үзүлө элек. Көңүл айтып, куран окутуп алыстан да, жакындан да келген куда-сөөк, дос-тамырлары менен айылдаштарынын аягы үзүлө турган эмес. «Үй албай кошуна ал» дегендей, Жайнагүлдүн бар-жогун билгизбей, колуна кол, бутуна бут болуп, кабагым-кашым дебей жеңилин жерден, оорун колдон алып, келим-кетимин узатып турган күйүмдүү кошуналары бар экенин Кына ушунда бир билди...

– Абышканын кыркы да жакындап кирип келди. Жакинди эртең чыгат деп жатат. Урунду болуп кайра ооруп калбаса экен! – деди Кына кудагыйы менен сүйлөшүп олтуруп. Байбиченин бул сөзүн уккан коңшу келин минтти:

– Апа, Жайнагүл жеңемди урунду болот деп эч коркпонуз. Биз бар эмеспизби, – деди.

– Түшүнөм, билем, балам, силердин жеңилди жерден, оорду колдон алып жардам бериңерди. Ошентсе да Жайнагүлгө күч келет да. Жайнагүл өзү деле айтып жатат, чакыруучуларга кабар бере бергиле деп.

– Ооба, беребиз апа, – деди тыштан кирип келатып энесинин сөзүн уккан Толкунбек...

* * *

Жакан звандагандан кийин Зыйнат, арыдан-бери кийинип, азага алып баруучу белек-бечкегин килейген эки сумкага эки бөлөк салып, эми чыгайын дегенче болбой, Жакан кирип келди.

– Кутмандуу таңыңыз менен, аяш! Даярсызбы?

– Даярмын. Мен өзүм да чыгайын деп жаткамын.

– Ооу, бул сумкалар да барабы?

– Ооба, экөө эки үйдүкү.

Жакан жүктөрдү көтөрдү.

– Түү, эмне бар ичинде! Тим эле зыңдын кара ташындай оор го буларың. Алматыга эч нерсе калтырган эмессиз го?

– Ооба, калтырбадым, – деди Зыйнат күлүп.

Машинага жүктөрдү салышып жаткан шоферго карап минтти Жакан:

– Кандай кетебиз, ыя? Бишкек аркылуубу же Кегенге салалыбы? Кайсынысы ыңгайлуу?

– Кеген аркылуу кеткенибиз оң го. Деги өзүңүз биличизчи. Мага баары бир.

– Андай болгондо Абай менен Жабайды биротоло ала кетпейбизби. Жолдо Каркырага бурулуп, акем менен шешеме учурашканча балдарды таштай кетели. Кайра келгенде

деле баары бир өзүм жеткиришим керек. Балдар каникулга чыккандан бери качан кетебиз деп күндө айтып, күндө кулак-мээни жеп бүтүрүштү. Кеген аркылуу кетүүнү кандайча эч кимибиз мурда ойлогон жокпуз, – деди Жакан.

– Эчтеке эмес, азыр да кеч эмес. Эгерде Кеген аркылуу кетерибиз бышык болсо, балдарды ала кеткенибиз оң болот. Ырас, Абай менен Жабайдын шылтоосу менен Каркыраны көрө кетели. Менин ал жакка барбаганым эки-үч жыл болуп кетти, – деди шофер.

Зыйнат, баякыда Усай абышка келгендеги өзүнө келтирип айткан сөзүн эстеп ичиркенип кетти. Ошондо, «туубаган катындан, улактуу эчки өөдө» деген сөзү кулагына ийнедей сайылган. Эгерде, ал киши Толкунбек экөөбүздүн ажырашканыбызды укса «Ырас болуптур. Туубаган катын кимге туу болмок эле» дээрин ойлоп жүрөгү зырп этти.

Алматыдан чыкканы эч жерге токтолбой, күпүлдөтүп жүрүп олтурушуп, Кегенге кандай жеткендерин да билбей калышты. Машина токтоору менен Жакан минтти:

– Түшкүлө, уйкуңарды ачып, бир аз абага чыгып, денебойду сергитип алып, анан ашканага кирип, шам-шум этип алып, жолго түшөлү.

Жакандын сунушуна Галия дароо каршы чыкты.

– Ой, койчу тамакты. Азыр эч кимибиздин курсагыбыз ачып кетелек. Эрте күндү кеч кылып тамак-самак деп олтурбай жөнөйлү, Жакан. Атамкына жетип, Каркырадан түштөнөбүз буюрса.

Жакандын кабагы түйүлө түштү:

– Ой, сен өзүң бир кызык неме экенсиң. Сен тамак ичкиң келбесе эле, башкалар да ичкиси келбей калабы?

– Жок, жок, Жакан, эч нерсе ичпейбиз, убара болбо. Балдардын эле курсагы ачып кетпесе, али түнкү тамак курсактан түшөлек.

– Аа, болуптур ичпесеңер, өз убалыңар өзүңөргө. Мага таарынып өпкөлөбөсөңөр эле болду. Ушул жерден тамак ичүүнү шылтоолоп, шайтан мойнун сындырсакпы дедим эле, болбодуңар. Кеттик анда.

– Аа, ошондой де, биз үчүн эмес, өзүң үчүн кам көрүп жаткан пенде турбайсыңбы, – деди Галия күлүп. – Эртең менен аяшыңкынан башыңды жазып алган жок белең?

Галиянын сөзүн угуп, Зыйнаттын көзү ачыла түштү.

– Э катыгүн, «Башы оорубаган Кудай менен иши жок» деген ошол. Ай, ай аяш, менден сурабай туруп эле, бул жумушту өзүңүз билип, өзүңүз аткарышыңыз керек эле да. Бардыгы жайнап шкафта эле турган.

– Толокем болсо анда кеп башка эле да. Чыны батына албадым.

– Кечирим сурайм, аяш. Кемчилик менден кетип калган турбайбы. Кап, бул да болсо акыл-эстин жоктугу.

– Оюңузга албаңыз, аяш, бардыгы тамаша. Мен ичкеним менен эртеси баш жазуу дегенди билбеймин. Кечээ бир нерсеге таң калдым. Эмнеге дебейсизби? Шерхандын аракты таштап койгону бир топ болгон. Кайра ичип алган турбайбы. Акылдуу десе акылдуу, таланттуу десе таланттуу жигит. Бирок ичип алганда андан акмак киши жок. Ченсинип олтуруп эле чектен чыгып кетүүчү адаты бар. Адамдын ажарына карабай алп ооз сүйлөйт. Бирок түндө сактанып, боюна ченеп ичип, жакшы олтурду.

– Баарыңар эле ичип жүрбөйсүңөрбү. Бирок ар бир адам ар башка ичет тура. Иче берсин. Ага эмнеге кайгырдың. Шерхан деген Шерхан, – деди Галия.

Кайра машинага олтурушту. Эки бети тамылжыган Жакан эки жагын кумарлуу да, кусалуу да тиктейт.

– «Куттуу үйдөн куру чыкпа» дегендей, Кегенден даам татпай кетип баратканыбыз өкүнүчтүү болду. Кеген деген берекелүү кенен жер. Шешем менин киндигимди кесип, киримди жууган мекеним сен мага таарынба, келем кайра.

Аялдар бирин бири карады.

– Ыя, Галия, аяштын бул сөзү жүйөлүү болуп калды го дейм.

– Ооба, болбой калды. Мен эч нерсени элебей эле, биротоло Каркырага барып казан ассак деп ойлогон турбайымбы. Кечирип коюңуз, бай, күнөө менден кетип калыптыр. Кана, эмне кылалы, кайда баралы! Ресторангабы, же ашканагабы, сен билчи, Жакан. Машинаны теректин көлөкөсүнө токтоткула.

– Ресторанда эмне бар эле. Бул эле мандайдагы ашканага киребиз. Силер эмне ичесиңер?

– Эмне ичесиңер деген да сөз болобу. Аяш экөөбүздүн эч нерсе ичпесибизди билип туруп сурайсың да. Өзүңө арак ал. А биз болсо бирден казак шорпосунан ичели.

– Сумкада арак бар, – деди Зыйнат.

– Мен Алматынын арагы эмес, Кегендин арагын ичемин. Силер кирип каалаган тамагыңарды заказ бере бергиле.

Зыйнат менен Галия Жаканды арак алып келгени кетти деп ойлошкон болучу. Бирок алар ойлогондой болгон жок. Көрсө, өзүнө папирос, уулдарына балмуздак, аялдарга суу алып келгени кетиптир. Күйөөсүнүн алгандарын көрүп Галия тынчсыздана сурады.

– Арак албадыңбы?

– Албадым. Үйгө арак жыттанбай таза барайын деп ойлоп, айнып калдым. Акем да, шешем да мени көргөндө ооп-жыттап жиберишмей адаттары бар. Алар мени ичкилик ичпейт деп түшүнүшөт. Галиянын көзү турат го, мен ата-шешемдин алдында, алардын көзүнчө арак эмес, тамеки чекпейм.

Зыйнаттын оозу ачылып калды.

– Түү, сиз анык абийир-адептүү уул турбайсызбы?

– Анан кандай деп ойлодуңуз эле?

– Чыны билбептирмин.

Ашканадан ичимдик ичишпесе да, ичкенге окшоп шатыра-шатман болуп көңүлдүү чыгышты. Жолдо келатып Галия күйөөсүнүн жанакы Шерхан жөнүндөгү сөзүн эстеп сурады:

– Сен жана Шерхан жөнүндө сүйлөп келаткан сөзүңдүн аягына чыкпай калдың. Эмне болуптур айтсаң?

– Айтайынбы? Бирок Галия эсиңе эмитеден салып коёюн, бул сөз оюнчук сөз эмес. Кийин өөдө-ылдый сөз чыгып кетпесин, оозуңа сак бол.

Галия күйөөсүнүн сөзүнө териге түштү.

– Мени сен тим эле ачык ооз, ушакчы адам катары эскертесиң да. Качан сенин айтканыңды элге айтып, сүйлөгөнүңдү сүйлөп жалкотой кылдым эле? Айтпасаң айтпай эле кой, уккум да келбейт.

– Ой, мен жөн гана жайынча эскертип жатам. Айтсаң айта бер. Аяш, сиз бизге таарынбаңыз. Галия экөөбүз ар дайым сиз тараптабыз.

– Эмне сөз ал? Мен эч нерсе түшүнгөн жокмун.

– Билесизби, мен ушунча болуп ортого түшүп көргөн эмесмин. Шерхан мени кыйнап жатат.

– Эмне деп?

Зыйнат Жакандын эмне айтаарын дароо түшүндү.

– Эмне деп дейсизби? Эгерде Мүсүреповдун ойлогон ою ордунан чыгып, тилеген тилеги орундала турган болсо, каймакка куймак куйгандай эле болот болучу. Ачык айтсам, ал азыр махабат отуна чалдыгып, жанын коёрго жер таппай, азыркы замандын Мажнуну болуп жүргөн кези.

– Анда, досуңуздун абалы кыйын экен, – деди Зыйнат күлүп.

– Менин билишимче, Мүсүреповдун абалы дайым эле ошондой. Жазуучулар сүйүүсүз жашай албайт деп жүрүшпөйбү. Өзүң деле айтпадың беле сүйүп-күйүп турбаса жакшы чыгарма жазалбайт деп. Дагы кимди сүйүп калыптыр? – деди кытмыр күлгөн аял.

– Койчу Галияжан, Мүсүрепов деген Мүсүрепов. «Жакшыга сөз илээшет, жаманга чөп илээшет» деген ошол. Шерханга жеталбагандар айта бербейби келжиреп. Ал көп эркектин бири эмес, өзгөлөр айтса да сен айтпа ал жөнүндө. Анын кадырындай, анын даражасындай даража кимибиз-

де бар экен. Шерхан окшогон таланттар эки кылымда, же бир кылымда бир туулса туулат, туулбаса жок. Ага ашык сөз айтып, андай-мындай деп акарат келтирүү болбойт. Мына бул биздин жаныбызда олтурган Эсенова деген аялдын арзан-кымбатын билген билет, билбеген билбейт. Бир сүрөтчү аял жүрөт деп коёт. Бирок ошол сүрөтчү аял ким? Эч кимибиз ойлобойбуз. Биз өлсөк өлдүк, бүттүк. Ал эми Эсенова менен Мүсүрепов дегендер эч качан өлбөйт. Өздөрү өлсө экинчи өмүрү жашай берет элде. Тирүүчүлүктө жакшы адамдардын душманы көп болот тура. «Ит күлүгүн түлкү сүйбөйт» дегендей, тээ алмустактан бери эле улуу адамдардын душманы көп болуп келген экен. Андай асыл адамдарды алсыз адамдар баалай алышкан эмес. Жанакы сен сураган «Дагы кимди сүйүп калыптыр?» деген сөзүңө жооп айтайын, Галия. «Балыкчы балыкчыны алыстан көрөт» дегендей, жакшыны жакшы тааныйт экен да.

– Айтсаң да, айтпасаң да, кимди сүйүп куурап жүргөнүн сенден мурда билемин. Бул чөлкөмдө Шерхандын жүрөгүнө чок салып, түбөлүк жар болууга татыктуу бир гана аял бар.

Жакан каткырып күлдү.

– Аны билсең менден эмнеге сурап жатасың?

– Сени кантээр экен деп унчукпай койгон сайын жашырып болбойсуң тим эле.

– Эми билсең айтпайсыңбы, ким ал?

– Эмнеге сынайсың мени. Зыйнаттан башка ким бар ал сүйө турган?

Жакан аялын бурула карап башын чайкады.

– «Билбегениң бит быйты» дегендей, балээсиң ээ. Бирок Шерхан өзүнүн жеке сүйүүсү менен максатына оңойлук менен жете койбос, ов. Аны да билет өзү. Чынын айтсам ошол үчүн «Жандооч кийик аттырат» болуп, мени Зыйнатка ортомчу кылып жатпайбы,–деди Жакан аяшына ачык айтып, Шерхан үчүн бир милдеттен кутулгандай жеңилдене дем алып. – Ушундай сыр, ушундай ка-

барды оозум батып айталбай канчадан бери кыйналып жүрдүм. Ачык айтканыма капа болуп, таарынбайсызбы мага, ыя аяш?

– Таарынбайм, – деди Зыйнат жайдары сүйлөп, – бойго жеткен кыз менен эри жок аялга айтыла турган мындай сөздөр башынан бар го. Чоң максат менен сизге ишенип айтса керек ал киши. Жолдоштук кылып камчымды чаап, тилегиме тилектеш болуп бир керегиме жарап берет деген да. Өзүмө даай алган эмес экен. Сиз кыйналбаңыз, мен жоопту Шерхан Мүсүреповичке өзүм берейин, аяш. Капа болбойсузбу? Сураса айтыңыз, Зыйнат өзүм сүйлөшөм деди деп.

– Дагы айтам, аяш, Шерхан аял чана турган жигит эмес. Жакшылап ойлон. Али жашсың, он гүлүңдүн бири ачыла элек. Толокем менен Шерханды таразага салса, кимисинин салмагы басаарын түшүнөөрсүң.

Зыйнат күлдү.

– Адамдын жүрөгү салмакка карабайт турбайбы. Айттым го Мүсүреповго өзүм жооп берейин деп.

– Болуптур, болуптур, сөз бүттү, Зыйнат. Жакшы санаалаш адамды жамандыкка кыйбайт турбайбызбы. Шерхан үчүн мени күнөөлөй көрбө деги.

– Түшүнөм, Жакан Усаевич, сизди эмнеге күнөөлөмөк элем.

Булар ушунтип сүйлөшүп сөздөрү бүтпөй олтуруп Каркырага да кирип келишти. Алда кайдан заңкайып, башка үйлөрдөн бөтөнчөлөнүп көзгө түшкөн алты канат ак үйдүн алдынан чоң атасы Усайдын тоодой болгон торуну желе бастырып Үч-Булакты көздөй узап баратканын көргөн Абай менен Жабай машинанын терезесинен баштарын чыгарып үндөрүнүн бардыгынча жарыша кыйкырып жиберишти.

– Ат-а-а! Ат-а-а!

– Кантет, моюндары үзүлөт экен. Тарткыла башыңарды, ушунча жерден суунун шары, машинанын доошу үнүңөрдү жеткирмек беле.

– Анда биз ушул жерден түшүп калабыз! – Балдар жанталашып кетишти.

Машина токтоор-токтобостон эле Абай менен Жабай машинадан учуп түшүшүп, түз эле чоң атасы кеткен тарапка октой учуп жөнөштү. Эч нерседен бейкапар, эмелеки абышкасы экөө ичкен чыныларын чайкап, дасторконун жыйнап жаткан ак байбиче машинанын үнүн угуп, бир галошун кийип, бир галошун чала бутуна салган бойдон, кийме элечегин кийип, үйдөн жыгылып-туруп шаша чыкты. Байбиче машинадан түшүп жаткан уул-келини менен Зыйнатты көрүп, ыс-мыска келбей сурады.

– Ой-бай, карагым, Абай менен Жабайды ала келген жоксуңарбы?

– Келди апа, алар атамды көрүп жолдон түшүп калышты.

Алар байбиче менен учурашып бүтөөр-бүтпөстөн эле, Усайдын алды-артына минип учкашып келаткан Абай менен Жабайды көрүп, утурлай баскан Жакан, атасына салам айтып, тору кашканы жылоодон алып минтти:

– Ой, силер акеме учуп жеттиңерби, же басып жеттиңерби?

– Ооба, учуп жеттик.

– Азамат турбайсыңарбы!..

Жакан атасын аттан колтуктап түшүрдү. Көрүшүп бүтүп, бардыгы шатыра-шатман болуп үйгө кириштн. Жакан ата-энесине мал да сойдурбады, казан да астырбады. Самоор коюп, куурдак кууруп чай ичишип, бир флягага кымыз куйдуруп алып кайра жолго чыгышты.

Уламдан-улам алыскы жол кыскарып, жер танабы тартылып, Чолпон-Атага жакындаган сайын Зыйнаттын тынчы кетип, жүрөгү алеп-желеп болуп удургуй баштады. Аяштарынын сөзүнө мурдакыдай аралашпай да калды. Ал эч нерсе укпаган кереңден бетер алды жагын үнсүз телмире тиктейт. Көз алдына бирде Үсөн менен Жайнагүлдүн, бирде Толкунбектин элестери алмай-термей тартыла берет. Уулун бир ойлосо, Жайнагүлдү эки ойлойт. Зыйнаттын

арылбаган арманы өзүнүн эне экенин Үсөнгө кантип түшүндүрүп, кантип бооруна тартып жакындатаарын билбей башы маң болуп келатты. Ал эми Жайнагүлдүн көз жашын эстегенде жүрөгү мыжыла түшөт. Үсөнгө ээ болуудан мурда, Жайнагүлдүн көңүлүн кантип табышым керек деген ойдун амалын издеп, кыялы кымгуут. Чындыгында эле, бирин бири билбей, биринен бири адашып, «өлдү» болуп дайын-дарегин таппай калган эне-баланын келечек тагдыры Жайнагүлдүн колунда турган болучу.

Зыйнатты таң калтырган табышмактын түйүндүү суроосу бул болду. «Эмне үчүн Үсөн жөнүндө мурда-кийин айтылбай, эбак эскирип, жиги билинбей калган жашыруун сырдын бетин өздөрү ачты болду экен? Үсөн жөнүндөгү сыр айтылбаган бойдон айтылбай калса, анын энеси Зыйнат экенин ким далилдеп, ким айтып берет эле? Буга чейин Асан менен Үсөндү эгиз эмес деп эч ким ойлогон эмес эле да. Деги бул чындыгында укмуш сыр болду Зыйнат үчүн. А балким, өлүм алдында Мансурдун айтканы чындыр. Кудайдан коркуп, Алланын алдына жүзү жарык, жандүйнөсүн тазартып барайын деди бекен? Ооба, ошентти го, – деди өзү менен өзү сүйлөшкөн Зыйнат. – Деги түбөлүгүндө колума тийип, көзүм тоё көрүп, оозум толо өбөөр бекенмин баламды. Бейиши болгон кайран аяш атам, жакшы адам тура, – деп баш-аягы жок ойлорду ойлоп, сапырылган санаанын кучагынан чыгалбай тасмадай созулган асфальт жолду телмире тиктейт. Зыйнаттын көзүнө машинанын төрт дөңгөлөгү, дөңгөлөк эмес эле, төрт канаттуу шумкардан бетер учуп бараткандай сезилет. Бир маалда Жакан минтти:

– Аяш, жакындап калдык. Мен оо окуп жүргөн студенттик кезимде бир келген бойдон, бул жакты көрөлек элем. Жолду сиз баштабасаңыз, мен унутуп калыптырмын. Ал кезде Чолпон-Ата шаар эмес эле, кыштак болучу. Эсимде калганы «Бирлик» деген колхоз боло турган. Ал кезде бул

жакта казактар да көп болучу. Туугандарыбыз бар эле. Кийин катышпай, алыстап кеттик.

Жакандын эмне айтып жатканын Зыйнат укпан да жок, түшүнгөн да жок. Шофер шаардын ичине кире бериште машинаны токтотту. Анан Зыйнат менен Галияга Жакан кылчая карады. Аялы уктап калыптыр. А Зыйнат болсо ботодой көзүн жайнатып минтти:

– Эмне токтодук? Кайда келдик?

– Чолпон-Атага келдик.

– Бат эле келип калдыкпы? Анан токтобой эле айдай бербейсиңерби?

– Шаарга келдик, кайда айдайлы десек, укпай койбодуңбу?

– Эч нерсе укпан жокмун, качан айттыңыз эле?

– Болду, болду, түшүндүм аяш, эч кысасы жок.

– Эми эмне кылалы? – деди Зыйнат.

Жакан Зыйнаттын санаасы бир жерде эмес экенин дароо билди. Бардыгы машинадан чыгышты. Күндүн батышы чоктой кызарып, өрттөй албырат. Зыйнат эки жагын карап, көөдөнүн кере дем алып, ойлоно түшүп, жолдошторун карап күлүп койду.

– Эми силер досуңуздардыкына барасыздар да. А дегенде мени түшүрүп койгула. Андан ары жакын эле.

– Жок, андай болбойт, аяш. «Бөлүнгөндү бөрү жейт» дегенди унутпаш керек. Мурда ал үйгө баралек болсоң бир жөндүү эле. Башкалар үчүн барбасаң да уулуң үчүн барасың да.

– Ооба, барам дечи. Бирок азыр силер менен баралбайм. Менин да атайын көздөп келген жерим, куда-сөөгүм бар. Аларды аттап өтө чаап кетсем, баякы чыккан жерин төркүнсүгөн жаман катын болуп калбайымбы. Азыр мен барган үйдөн силерге жол көрсөткөнгө бирөөнү кошуп беребиз. Түз барып түшүп каласыңар. Ошондой эле Толкунбектин үй-бүлөсү мени көргүсү келип каалап турушса айтышаар. Эгерде Үсөндүн өзүнө карасам, эки жакка бурулбай учуп жетким келип турбайымбы. Айла жок.

Галия Зыйнаттын сөзүн жактап минтти:

– Туура сөздү туура деш керек. Аяшыңа макул болосуң го, Жакан.

– Чогуу болсок дебедим беле, – деди жигит. – Мейли анда, Зыйнатты жеткирели мурда.

Бардыгы машинанын жанына келишти. Ошол саамда Зыйнат ар жакта катуу келатып, жайлай түшкөн ак «Волганы» көрүп көздөрү жалт этти. Ал машинанын ичинде олтурган адамдын ким экенин ойлобой эле, өз машинасын таанып дене-бою ысып, кареги кадала түштү. Оюнда эч нерсе жок Корумдудан жайма-жай келаткан Толкунбек да жолдун четинде турган машинанын номерин көрүп, дароо ылдамдыкты жайлаткан болучу. Жакындай берип Жакандын машинасы экенин таанып, сүйүнгөнүнөн маңдайынан тер чыга түштү. Бет алдында шамдай болуп өзүн тиктеп мостоюп турган Зыйнат көзүнө биринчи урунду. Жаканды көрүп Толкунбек машинасын токтотуп, учуп түштү. Бирок экөөнүн күүгүм талаш машинаны четке токтотуп коюп, экөө жалгыздап турганына шектенген Толкунбектин ичине ич тарлыктын ити өлүп жатканын эч ким ойлогон да жок. Жакан экөө кучакташып көрүштү. Зыйнатты киртие бир карап алып бурулуп кетти. Анын көз карашындагы «Сен ушундай экенсиң ээ Зыйнат. Билдим Жакан экөөңдү» деген жазууну аял да, Жакан да түшүнгөн жок. Бар болгон Зыйнаттын Толкунбекке таарынчысы: «Чиркин ай, учурашып койсоң эмне болот эле!?» – деген гана бир өксүк көңүлүн дароо бөксөртүп жиберди.

Жол жүрүүдөн чаалыгып, машинага кайра кирери менен, арткы орундугуна кыйшайып жаткан Галия, Толкунбектин керсейип Зыйнатка кылган кара боор мамилесин көрүп чыдабай машинадан түшүп шаңк этти:

– Саламатсызбы, аяш!

– Оо, Галия жан, салам, салам! – Шаша басып келип кол алышты. – Көрүнбөгөнүңүздөн мен сизди келген эмес экен деп ойлоптурмун.

– Оюңуз кызык экен, аяш. Эмне үчүн келбей калат экенмин. Зыйнат бир чоолуу эмес, эки чоолуу болуп жатса кантип жалгыз жибермек элек. Анын үстүнө кабар айтпасаңыз да аяш атага бата кылышыбыз керек да. Атадан жаш, акылдан бош калыптырсыз, арты кайырлуу болсун.

– Ырахмат, аяш.

Галияны көрүп санаасы тына түшкөн Толкунбек, ары жакта обочолонуп турган Зыйнатты эми гана көргөнсүп, жадырай түшүп салам айтты.

– Кандай Зыйнат, жакшысыңбы? Эмне эле мени көргүң келбей четтеп калгансың. Кантебиз тагдыр деген ушундай опурталдуу татаал нерсе турбайбы. Таарынба мага. Балекетти баштаган да өзүң, таштаган да өзүң болдуң. – Зыйнаттын жанына жакын келип далысынан имере кучактап, бетинен өптү. – Сени унуталбайт окшойм, алтыным. Төтөн Үсөндү билгенден бери сени көп ойлонуучу болуп кеттим. Арбагыңдан айланайын атам, жакшы киши тура. Ал киши айтпаса кайдан билет элек. Сенин көз жаш, көкүрөк дартыңды аяп атаң аталык кылып түшүнгөн экен. – Зыйнатты кучактап дагы өптү. – Ой, ыйлап жатасыңбы?! Ыйлабачы. Кайраттуу эмес белең? – Толкунбек өзүнүн кол жоолугу менен Зыйнаттын жашын сүртүп, колтуктаган калыбында Жакан менен Галияны көздөй басты. –Чогуу эле биздикине барасыңар да.

– Биз, албетте, силердикине барабыз. А Зыйнат болсо кудасыныкына барып, силердикине эртең барам дейт.

– Жок, жок, андай болбойт, чогуу келгенден кийин чогууңар менен эле биздикине баргыла. Малды бүгүн сойдук. Корумду менен Темирге киши чакырыкка барып келаткан болучумун. Силердин келериңерди билет Жайнагүл. Сени өзгөчө эңсеп күткөн бирөө бар, Зыйнат. Ал ким дебейсиңби?

– И, ким экен?

– Уулуң. Үсөн деген бала.

– Үсөн?! Койчу, кантип эле? Калп айтпачы, Толкунбек.

– Калп айтып башыма эмне күч келди.

– Ишенбейм.

– Ишенсең, койсоң өзүң бил. Ал эми сени менен кетем деп камынып жүрөт. Сен Жайнагүлгө ракмат айтышың керек. Үсөнгө калганда ал күнүлөшүңдүн эмгеги зор. Мен мурда мындай болот экен деп эч ойлогон эмес болучумун. Бир күнү үйдө жатсам, тышта экөө минтип сүйлөшүп жатат. Угуп туруп таң калдым, Үсөндүн берген суроосуна. Анын ой жүгүртүүсү укмуш экен. Жайнагүл таң калды го деп ойлоп калдым.

– Мама, мага чоң атам баякыда ооруп жатканда айтпадыбы, сен Зыйнаттын баласысың деп. Чын эле Зыйнат төрөдү беле, ыя мени?

Оо, бир оокумдан кийин Жайнагүлдүн кардыккан үнү чыкты:

– Зыйнат дебей, мама дебейсиңби?

– Мама дебейм.

– Мама дебесең апа дегин. Чоң кишини атынан айткан уят болот. Сени Зыйнат төрөгөн үчүн айтты да атаң.

– Анан мени сен багып алдың беле?

– Ооба, мен багып алгамын. Ал окууга кеткенде, мага таштап кеткен.

– Эмне окууга кетти эле?

– Сүрөтчүнүн окуусуна.

– Экөөң дос белеңер.

– Ооба, дос болчубуз...

«Алдаса болот жаш башты, канетсе болот как башты» дегендей, Үсөндү сага сыр билгизбей жакындатып жаткан данакер болгон Жайнагүлдүн акылына тан бербей коё албадым. Азыр анын кулагына кумдай куюп «Зыйнат апаң чоң сүрөтчү, сен ошол апаңдан сүрөт тартканды үйрөнсөң келечекте мыкты сүрөтчү болосуң деп, бүйүрүн кызытып жаткан ошол Жайнагүл. Эсенова келгенде, сени алып кетем десе барасыңбы? Үйдү сагынганча жүрүп кайра келесиң десе, Үсөн минтип сурап жатат.

– Асан да барабы, ыя мама!

– Жок, Асан барбайт. Асан сүрөт тартканды билбейт да. А дегенде сен эле барып, үйрөнүп келчи. Экөөң бирдей кетип калсаңар, анда мен кантем. Өлүп калам го.

– Макул, мама, анда мен эле барайын. Сен өлбө, макулбу. Мен кайра бат эле келем да.

– Экөөнүн сүйлөшкөн сөздөрүн угуп олтуруп Жайнагүлгө ушунчалык ыраазы болдум. Сен да ыраазы болоорсуң, Зыйнат. Үсөн үчүн санаадан ооруп, ооруканадан жаңы эле чыкты. Эмнеси болсо да сенин эне экениңди кулагына кумдай куюп жатып муютуп салды окшойт. Анын үстүнө каны тартабы деп калдым. Өзү билбесе да жүрөгү сезет окшобойбу. Азыр Зыйнат Эсенова дегенде, уктап жатса ойгонуучу болду. Бизде ушундай жаңылык. Азыр баякы чатырап, гүлдөп турган ай чырайлуу Жайнагүл жок. Ойчул да, санаачыл да, ыйчыл да болуп кетти. Үсөндөн ажыроо ал үчүн кыямат экенин көрүп турам. Айла жок, Үсөн деп олтуруп энем да куурап калды. Билесиңби Жайнагүлдүн чачы ушул акыркы айда агарып кетти.

– Андан эч нерсе болбойт, мен да куурагамын.

Чындыгында эле Толкунбек айткандай, ушул кезде Мансурдун үй-бүлөсү чоң трагедияны баштарынан өткөрүп жаткан кези болучу.

– Рахмат, Толоке, жакшы сөзүң бар экен, – деди Жакан боюн түзөп. – Мен Жайнагүл жөнүндө укканым бар, бирок көрөлекмин. Айткан сөзүңө караганда акылдуу аял окшойт.

– Көрөлек болсоң көргөнү жатпайсыңбы. Таанышып, аралашкандан кийин айтаарсың.

– Зыйнат, сен эмне кыласың? – деди Толкунбек.

– Мен эмне кылмак элем, Тураттыкында калам.

Ары баскан Жакан токтой калып, бурула карады:

– Эмнеге Тураттыкына? Жок, Зыйнат Эсеновна, андай болбойт. Азыр чогуу-чаран эле Мансур аяш атаныкына барабыз.

Тураттыкына эртең деле жетишесиң барганга. Үсөндү көргүң келип сагынып келатканыңды бизди түшүнбөйт, билбейт деп турасыңбы. Түшүнөбүз баарын. Толокемдин жакшы сөзүнөн кийин, Жайнагүл аяшты угуп, Галия экөөңдү билбейм, мен өзүм кубанганымдан өз териме өзүм батпай мандайымдан тер чыга түштү. Аяшымды көрүүгө шашып калдым.

– Шашсаң кеттик анда. Бүгүн Тураттыкын ойлобой эле кой, Зыйнат.

Бардыгы машинага олтурушту. Жакан досунун машинасына түштү. Зыйнат Толкунбектин айткан сөзүнө эргип, толкундап келатты. Өзүнүн Жайнагүл менен Кынага алып келаткан белек-бечкектерин көңүлүнөн өткөрүп келаткан аяшына Галия минтти:

– Ыя, Зыйнат, жана мен сенин Жайнагүлгө алып келаткан белектериңди көрүп ичим тарыды эле.

– Эмне үчүн? – деди Зыйнат.

– Эмне үчүн дейсиңби? Мынчалык чабылып-чачылып, күнүлөшүнө эмнеге жасакерленип жатат. Норкасыз, алтынсыз эле келбейби деген элем. Өзүңө алган щубаны, жонуңа бир салбай алып келатканыңды жактырган эмес болучумун. Бирок Толкунбектин азыркы сөзүн угуп күнүлөшүңө ыраазы болуп калдым. Ырас эле жакшы белектерди алыптырсың. Кайненең менен Жайнагүлдүн апасынын кийити да, балдарыңкы да эң сонун. Азамат турбайсыңбы. Март аял экенсиң.

– Э-э-й Галия, Галия, анан эмне кылам. «Бир көрмөккө жан бермек» дегендей, өлгөнүм тирилип, жоголгон жогум табылып жатса дүнүйө кеппи. Мен ал балага эне болуп эне сүтүн да эмизбедим, түйшүгүн тартып, түн уйкумду үч бөлүп түйшөлбөдүм. Баланы тууган эне эмес, баккан эне тура. Жайнагүлдүн Үсөнгө сиңирген эмгегинин миңден бирин өтөбөй туруп «бала мени ки» деп ээ болуу мен үчүн күнөө сыяктуу сезилет мага. Көңүлү менен ыраазычылык

менен берсе алам баламды, бербесе талашпайм. Талаша турган акым да жок. Аман болуп тирүү жүрсө болду.

– Ооба десең. Аның туура дечи. Бирок алсаң эле жакшы болоор эле. Толкунбектин айтууна караганда берет го. Атайын даярдап жаткан тура сен үчүн.

Аңгыча машина Толкунбектин артынан жүрүп олтуруп, бир чоң көчөнүн орто ченине жеткенде темирден салынган жашыл дарбазаны көздөй бурула берип токтоду. Боз үй менен там үйдүн ичи-тышы, ийне түшүп кетсе көрүнгөндөй болгон жарыктан көз уялат. Зыйнат короодо жүргөн адамдарды, четте турган жеңил машиналарды көрүп сестее түштү.

– Түү, киши көп го, ыя. Жок, мен кирбейм, Галия! – Анан шоферго карады. – Мени аркы көчөгө таштап койчу айланайын. – Булар ушунтип машинанын ичинде буйдалышып жатканда, алдыңкы машинадан түшкөн Жакан, аларды көздөй басты. Толкунбек болсо токтой калып, кимдир бирөөнүн атын айтып минтти:

– Ай Нурбек, Жайна жеңеңе, Алматыдан меймандар келди деп айтып койчу.

Бул кезде Жакан менен Галия Зыйнат менен тил табыша албай жаткан болучу.

– Жок, мен түшпөйм, тигил жакка эле барайынчы. Киши көп экен, уят.

– Эч уяты жок, Зыйнат. Сен кирбесең биз да кирбейбиз анда, – деди Галия, – эшиктин алдына келип алып кайра кеткен кантип болмок эле.

– Мага баары бир, боло берет.

– Антпе! – деди Жакан.

– Эмне болду? – деди Толкунбек, эч нерсеге түшүнбөй. Түшпөйсүңөрбү?

– Киши жок экен деп ойлоптурмун, – деди Зыйнат. – Ажыратты деген Эсенова бул жерде эмне кылып жүрөт дешпейби. Тилимди алып Тураттыкына жеткирип койгула, башка убакта келейин.

– Эми андай сөздүн айтылышы турулуу иш дечи. «Эки катын бириксе базар, үч катын бириксе жарманке» – деп орус эли бекер айтпаса керек. Биздин турмуш уу тилдүү ушакчылар үчүн эрмек болбодубу. «Кол менен кылган ишти моюн менен тартышыбыз керек». Мен азыр андай сөздөргө бышы кулак болуп көнүп калдым.

– Сен көнгөнүң менен мен көналбай жатпайымбы.

– Көнөсүң.

– Көнгөн кезде көрө жатармын, мен кетейинчи бул жерден.

– Мейли анда жеткирсең жеткирип кой, – деди Толкунбек. – Зыйнаттын абалын көрүп туруп кыянаттыкка баргым келбейт.

– Кыянаттыкка баргың келбесе, Асан менен Үсөндү, Тураттыкына жиберип коёрсуңар, Жайнагүлгө айтып.

– Жарайт, айтабыз. Толокем айтпаса мен айтам, аяш.

Зыйнат түшкөн машина жаңы эле бурула бергенде, Жайнагүл ар жактан Жакандарды көздөй ылдамдай басып келатты. Аялын көргөн Толкунбек минтти суз:

– Эмне, меймандардын келгенин Нурбек айткан жокпу?

– Айтты. Кечирип койгула, колум бошобой жатпадымбы. – Жакан менен Галияны күлүндөй карап минтти: – Кечирип коюңуздар, биздин ардактуу мейманыбыз сиздер болсоңуздар керек.

– Ооба, Жакан деп уктуң беле? – деди Толкунбек.

– Ооба, уккамын.

– Уксаң ошол Жакан ушул. Тигил айым Жакемдин жолдошу, аты – Галия. Таанышып койгула.

– Куш келиптирсиздер! – Кол алышышты. – Кана, үйгө кириңиздер. – Зыйнат Эсенова келбедиби?

– Ооба, келди, келди.

– Ии, Тураттыкында калган го. Кап, мында эле келсе го.

Жакан озуна жооп узатты, Толкунбекке көзүн кысып.

– Жүрү дедик аяш, бирок болбоду. «Жүрөгүм бар коркум, жүзүм бар уялам» дегендей жазганды го (Эшиктин

алдына чейин келип алып, анан айнып кетип калганын айткан жок) Ал эмес Толкунбек менен жолдон кезиккендерин да жашырып койду.

Жайнагүл жарк этти.

– Сен ырас келип калган экенсиң.

– Булар менин артымдан удаалаш келип калышса болобу. Бири-бирибизге пейилибиз түз да. Ошон үчүн...

– Кап, Зыйнаттын келбегени жаман болуптур. Мурда мында келбесе, экөөбүз бири-бирибизди көрбөсөк бир жөндүү эле. Үсөнгө Зыйнат апаң келет деп дегдетип койбодум беле. Ал күтүп жатат.

– Ырахмат аяш, айкөл экенсиз. Келет. Эртең чакырып алабыз.

Жайнагүлдүн ак жибектей созулуп, ак гүлдөй үлбүрөгөн мүнөзүн, ылайыгы менен орундуу сүйлөгөн сөздөрүн, сулуулукка сулуулук кошуп карагаттай жайнаган сурмалуу көздөрүнөн карегин албай суктана караган Жакан тиктей берип тилден калып, талып турду. Толкунбек акылдуу, сулуу аялдардан жолдуу жигит экен. Кокустан Зыйнат менен Жайнагүлдү таразага тартса, салмагы сайдын ташындай болуп экөө бирдей оош-кыйышы жок таразаны бирдей басчудай экен деп ойлоду.

Алматыдан келгендерди өзүнчө даярдалган үйгө киргизишти. Дасторкон үстү жайнап, көргөн жандын көз жоосун алып, ичпей-жебей туруп эле тоё түшкөндөй болушту. Меймандар жайланып олтураар-олтурбастан эле, көк буусун көккө бүркүп самоор кирди. Самоорго удаалаш шыңга бойлуу, кырдач мурун, чап жаак, алагар көз, сымбаттуу жигит менен арык чырай, бетинин отунда буурчактай калы бар, кара каш, кара көз келинди баштап кирген Толкунбек менен Жайнагүл меймандарды сыдыра тиктеп токтой калышты.

– Байке, мен обол мурун силерди ушул жерден эле меймандар менен тааныштырып коёюн, Жакан Усаевич Алматыдан келди. Өзүңүзгө окшоп бул киши да эмгек сиңир-

ген куруучу. Алматы курулуш трестинин президенти, Жогорку Кеңештин эл өкүлдөр жыйынынын депутаты. Жанында олтурган сулуу келинчек Жакандын жубайы, аты – Галия, кесиби – мугалим. Эми мен өзүм жакты тааныштырайын. Бул менин жанымда турган Жайнагүлдүн агасы, менин кайнагам, эмгек сиңирген куруучу, Социалисттик Эмгектин Баатыры, Союздун мезгилинде Улуттар Советине эки жолу депутат болгон, Сады Казиевич, а бул киши жолдошу, аты – Гүлайым, кесиби – врач.

Меймандар бири-бири менен кучакташып көрүшүп, кол алышып учурашышты. Бул жерде сыр билгизбей ойго батып олтурган Толкунбек болду. «Көңүлдөштүн көөнү түтпөйт» дегендей эси-дартынын баары айланып келип эле Зыйнатка келип бир тиет. «Атаңдын көрүнүн тагдыры ай, ошончо жерден кош канатын сабап дегдеп келди ээ. Канчалык эр көкүрөк болгону менен чын-чынына келгенде, даражасы татым тузга татыбай бир заматта алсыз болуп кетти» деген ойдо аны аяп олтурду. Бул жерде жалгыз эле Толкунбек эмес, Жайнагүл да ичинен жеген курттай болуп Үсөндү ойлоп ичи оттой жанып, ал эртең эле Зыйнат менен кетип калучудай, анан экөө экинчи бири-бири менен эч качан көрүшпөчүдөй болгон бир өксүк жүрөгүн өйүп, өзүнөн өзү коңултактап сабыры суз тартып, чайдан бошогон чыныларга назар салбай, тигилердин сөзүн тыңшагансып олтурган аялын, Жайнагүл деп айтам деп: «Ай Зыйнат, чай куйбайсыңбы?» – деп жиберсе болобу. Жигит байкоостон оозунан чыгып кеткен өз сөзүнөн чочуп кетти. Олтургандардын бардыгы жигитти жалт карап алышты.

Толкунбек ушул бир ооз сөз үчүн ага-жеңесине эле эмес, аялынын алдында да акталбай турган айыпка жыгылган немедей, адегенде эки бети тултуюп манаттай кызарып барып, кайра жууган чүпүрөктөй болуп өңү өчө түштү. «Түү-ү, ит эле болдум. «Тоодо осурган көтүм, ойдо да осурат» дегендей, баякы Зыйнатка көрсөткөн сырды эми Жайнагүлгө көрсөтө баштаган окшоп калдым, – деп айласы

түгөнүп, аргасы бүткөн немедей, бүткөн боюнан муздак тер чыга түштү. Ал эми Жайнагүл болсо, ошол замат баякы Зыйнат жазган каттагы сөздү эстеп кетти. Бул шордуу аны да ушунтип куураткан да. Зыйнатты ойлоп олтуруп, Жайнагүл дейм деп, ойдо жок жерден жаңылып кетти го. «Атакем билсе каран иш, энекем билсе өз башынан өткөн иш» дегендей, тигил казак туугандар го түшүндү, ал эми абам менен жеңем эмне деп ойлоду экен?! – деп Толкунбек үчүн озу күнөөлүүдөн бетер башы жерге кире түштү,

«Эң биринчи каш-кабак, андан кийин аш-тамак» дегендей, Толкунбектин оозунан чыккан «Зыйнат!» деген бир ооз сөздүн күчүнөн бул үйдүн аба ырайы дароо өзгөрө түштү. «Жаңы эле чечиле сүйлөшүп, бири-бири менен ал-жай, эл-журттун жашоо шарты жөнүндө сураша баштаган сөздөр сүйлөнбөй дымый түштү. Ушул саамда Садынын ойлогон ою бирөө гана болду. «Ит, итаягын жаламайынча алымсынбайт» дегендей, башка уяда жатып, башка итаяктан аш ичип көнүп калган бул ит дагы эле ал канчыкты унуталек экен го. Ай энем ай, энем, дагы Эсенованы мактап коёт. Бечара карындашым, көтөрүмдүү да, кечиримдүү да адам болгон экен. Мунун баары апамдын тарбиясы. Жайнагүлдүн бектигин, баякы Толкунбекке тоноткону айтпай, жашырганында эле билгемин.

Ушул минутада дасторкон үстүндөгү, оо бир оокумга чейин токтоп калган жымжырттыкты Асан менен Үсөн бузду. Экөө бирдей эшик алдында же ичкери кирбей, же кетпей, каалганы кыйчылдатып ачып-жаап шыкаалап турушуп, бир кезде минтишти:

–Ма-ма-а! – деди Үсөн, өздөрү чала жаап шыкаалап турган жылчыкка оозун такап.

–Эмне болду? Бери кирип меймандар менен учурашпайсыңарбы? – деди балдарынын оюна түшүнбөгөн Жайнагүл.

–Сиз Зыйнат апамды келет дебедиңиз беле, качан келет? – деп сурап турса болобу. Үсөндүн минтип суроо салаа-

рын күтпөгөн Жайнагүлдүн оозуна сөз кирбей калды. Андан дагы, Үсөндүн сөзү аз келгенсип Асан минтти:

– Ыя мама, Үсөн менен мен деле кетейинчи Алматыга!

– Макул, кетесиңер экөөң тең! Мурда Зыйнат апаңар келсин, – деди жайма-жай аста жооп берип.

Төрдө олтурган Сады жээндеринин сөзүн угуп таңдана түштү. Булар Эсенова менен эчак таанышып, бирин бири билишип бүткөн немелер го деп ойлоду. Сады Зыйнаттын аты-жөнүн эле эмес, анын затын да Толкунбектен улам билгени менен, бул кыргыз элинин таланттуу кызын жакындан таанып, бет алды көрөлек болучу. Сады чай ичип бүткөндөн кийин тышка чыгып, карындашын четке чакырып алып сурады:

– Кандай турасыңар? Өңүңдөн азып, арыктап алыптырсың. Ден соолугуң жакшыбы?

– Ооба, жакшымын, абаке.

– Толкунбек экөөң кандайсыңар?

Жайнагүл күлгөн болуп минтти:

– Жакшы элебиз. Ал экөөбүз жөнүндө эч кабатыр болбоңуз, – Жайнагүл колунун бошобогонун шылтоолоп, агасы менен чечилип сүйлөшпөгөн калыбында. – Мени тигил жакта чакырып жатышат деген болуп ашканага кирип кетти. А Сады болсо, айтайын деген сөзүн айталбай, сурайын деген суроосун сурай албай, карындашынын артынан ээрчий карап, энесинин айткан сөздөрүн эстеп селейип турду. Андан дагы Толкунбектин жанакы, Жайнагүл жанында турса, аны Зыйнат менен бутташтырганы Садыга жакпай турду. «Эки жол айры болсо ит башы каңгы болот» деген ушул деп ойлоду. Жайнагүлдөн өлүмзаада оңойлук менен сыр чыкпасын билген ага, булар жөнүндө түшүнүксүз санаага батты да калды. Ал өз ичинен күйөө баласы менен карындашынын мамилесине тымызын байкоо жүргүзө баштады. «Адам өз жамандыгын өлгөнчө билбейт, киши жамандыгын кирип чыкканча билет» дегендей, Жайнагүлдүн басмырт тарткан бүркөө кабагы, санаачыл мүнөзү аганы

ойго салып турду. Бир маалда Сады боз үйдүн жанында турса ичкериде өз энеси менен кудагыйы минтип сүйлөшүп жатышат:

– Эсендин кызы Толкунбектин казак достору менен чогуу келген тура. Турат менен Тургазы кудачасын атасынын кырк ашына чакырса керек. Жанакы Жакан деген жигит, аялы экөө бул үйгө болбой алып келсе: «Киши көп экен» – деп үйгө кирбей кетип калып, эми Туратгын уулунан Жайнагүлгө кат жазып жибериптир, – деди Кына.

– Эмне деп жазды болду экен, Жакин окудубу?

– Жок, окуй элек. Кат менде турат. Чакырдым эле келет го. Ар жакка алчу баласын алып, ары-бери болсо болот эле. Үсөндөн ажыроо жалгыз эле Жайнагүл үчүн эмес, баарыбыз үчүн оор жоготуу болчудай болуп калды, – деп шыпшынып алды Кына.

– Бул окуяны Сады менен Гүлайым угалек болучу. Жакин, абам менен жеңеме айтпай эле койчу, апа, дегенинен айткан эмесмин. «Эгиз төрөдү» бойдон ичте калбады беле баары. Бая күнү жолдо баарын айтып салдым. Экөө тең ишенбей жатып ишеништи.

– Ырас болуптур айтканыңыз.

– Угуп, келин-уулум аябай капа болушту. Үсөн балекетиңди алайын, кан жуткузат экен го баарыбызды. Бул бир укмуш окуя болбодубу. Бир сөзүн угуп, Үсөнгө таң калып калдым. Ботом: «Зыйнат апам келсе, Алматыга кетемин» – деп жатпайбы. Эне экенин Кудай билгизип жатат го дейм ыя, кудагый, – деди Тумар.

– Анын үстүнө айласы кеткен Жакин, Үсөндү: «Алматыга барып Зыйнат апаңдан сүрөт тартканды үйрөнүп кел» – деп кулагына кумдай куюп, жедеп бышы кулак кылып ишендирип жатса айтат да барам деп. Маркум Мансур: «Сен Зыйнаттын баласысың, сени Зыйнат тууган» – деп эне-баланы беттештиргенде ачык эле айтып койбоду беле. Жалгыз Мансур эмес, баарыбыз эле арбак менен Кудайдан коркуп жатпайбызбы. Баланы энесине бере турган болгон-

дон кийин сөздүн ачыгы жакшы да. Азыр Үсөн менен мен да кошо кетем деп Асандын да көңүлү бузулуп жатканын көрдүңүз го. – Жайнагүл киргенде байбичелер түйшөлө түштү. – И, ырас болду, мына Жакин да келди.

– Эмнеге эле мени кайра-кайра чакыртып калдыңар, бошобой жатканда.

– Тураттын уулу кат алып келиптир. Жообун ала кел деди деп күтүп турат эшикте. Мына каты, окуп көрчү.

Баракты ачып көрүп, Жайнагүл баланы чакырды.

– Бул катты ким берди?

– Зыйнат эже.

– Караңгыда көрүнбөй жатпайбы эмне жазганы.

Ушул маалда свет жарк дей түштү. Жайнагүл баракты ачып, ичинен купуя окуй баштады. Жанында жалдырап тынчы кетип турган Тумар кызына карап минтти:

– Э ботом, кудагый экөөбүздү жалдыратып койбой ачык эле үн чыгарып окубайсыңбы. Же биз укпай турган жашыруун сөз бар бекен ал катта.

Жайнагүл энесин буулуккан үн менен минтти:

– Эмнесин угат элеңер. (Ушул кезде булардын сүйлөшкөн сөздөрүн угуп туруп, Сады оюнда Жайнагүл менен Зыйнаттын мынчалык тил табышып кеткенине таң калып ары басып кетти.) Мен жана казак достор менен силердикине баргамын деп жазыптыр Зыйнат кызыңар. Бирок чынымды айтсам алардын тили менен барарын барып алып, даай албай кайра кетип калдым. Эми мен эмне кылышым керек. Сиз өзүңүз жардам бербесеңиз, башым айланып, эмне кылаарымды билбей олтуруп калдым. Менде сизге айта турган ырахмат менен алкыштан башка сөзүм жок. Ачыгын айтканда Үсөн экөөбүздүн тагдырыбыз сиздин колуңузда. «Ооруну жашырса өлүм ашкере кылат» дегендей, менде сизден жашыра турган эч нерсе калган жок. Үсөндөн ажыроо сиз үчүн да, бала үчүн да оор болоорун билип турам. Ал бала мага келгенде эле баш ийип бала болуп бererин бир Кудайдын өзү билет. Алты аркар жылдыз баткан-

ча алты айланып эмизген, ардактуу апасы сизди сагынаар, чоң энесин сагынаар, бир чөйчөктөн аш ичип, бир эмчекти талашып ээмп, бир төшөктө коюндашып жатып чоңойгон түгөйү Асанды сагынаар, эли-жерин, өсүп-өнгөн өз үй, өлөң төшөгүн сагынаар. Баарын билип, баарын көрүп турам. Бирок арийне мынчалык жабыктагы жашыруун сыр ачыкка чыкпаса болот эле. «Чыгашага ээси баш» дегендей, ачыкка чыгарган да сиздер өзүңүздөр болдуңуздар. Бул жагынан менде таруудай да күнөө жок экенин өзүңүз жакшы билесиз, Жайнагүл Казиевна. Бул үчүн көзү өтүп кеткен Мансур аяш атама да, сиздерге да ыраазычылыгымды билдирип коюуга руксат этиңиз. Бул мен үчүн өмүрүмдөгү эң бир чоң бактылуу күндөрүмдүн бири болуп калды. Бала үчүн башымдан багым качып, канча жылдан бери көөдөнүмдө көмүскө күйүп, эстеген сайын кара кийип, кан жутуп жүргөн армандуу жүрөгүмдү ойдо жок жерден кубанычка бөлөп салдыңыздар. Бир айтаарым, түбөлүгүндө Үсөн сиздин балаңыз болгон жана болуп кала берерине ишенип турам. Буга сизди да ишенет деп ойлойм.

Эмики сизден өтүнөөр өтүнүчүм, мен кандай шартта, кайсы убакта силердикине баралар экенмин? Биздин жолугушуунун ыңгайлуу убагын өзүңүз чечип, жообун ушул баладан берип жиберет деген ишенимдемин дептир, – деди Жайнагүл катты бүктөп.

– Куураган байкуш, – деди Тумар көз жашын сүртүп, – катты жакшы жазыптыр, угуп олтуруп сөөгүм сыздады. Бул да болсо буйрук, мандайга жазылган жазуу, балам. Эстүү экен, бечара. Эми ал келин менен кандай кезигээр экенсиңер. Зарыктырбай жообун жазып жибер.

– Энем кызык, – деди Жайнагүл улутунуп, – кандай кезигесиңер деген да сөз болобу. Үйгө чакырып, үйдөн кезигип, коноктор менен чогуу олтургузуп, чогуу коноктоп туруп узатам. Бир аз эл аягы суюлуп, айыл ичи тарасын мурда.

– Ооба, ооба, туура айтасың, балам, ошент. Мынчалык болбосо болот эле, болгондон кийин узат жакшылап. Үсөндүн кетери жакындаган сайын ичим ысып, көңүлүм уйгу-туйгу болуп бузула баштады, – деди эне көз жашын сүртүп.

Ушул маалда көчөдө ойноп жүргөн Асан менен Үсөн боз үйгө атырылып чуркап кирип, жарыша сүйлөп минтти:

– Мама, Зыйнат апам Турат байкемдикине келген турбайбы.

– Аны силерге ким айтты?

– Эрмек айтты. Мен Зыйнат апам менен Алматыга кетембиыя, мама? – деди Үсөн.

– Мени да жибересиңерби? – Асан Жайнагүлдүн мойнунан кучактады. – Үсөн менен мен деле барайын да!

Уулдарын оо бир оокумга чейин үнсүз жалдырай тиктеп турган Жайнагүлдүн көздөрү жашка толуп, эриндери эмшеңдеп кетти. Кызынын кебетесин көргөн Тумар чыйрала серпилди.

– Э кокуй, кантет эми, уялбай ыйлайсыңбы? Кой антпе. Зыйнат деле жазган тура, акыры бала сеники деп. Атаңдын арбагы үйдөн кетелек, балам. «Арбак ыраазы болбой Кудай ыраазы болбойт». Бул жерде жалгыз эле Мансур эмес, Аккыз менен Эсендин арбагы да козголуп турбайбы. Эртең Зыйнат келгенде, кадимкидей жадырап-жайнап, кабагыңды ачып туруп, алтын шилекейиңди чачыратып, жакшы сөзүң менен узатып жибер уулуңду кошуп.

– Билбейм, эне, бардыгын билип, түшүнүп туруп эле өзүмдү кармай албай кетип жатам. Акыры Үсөн үчүн өлөм го деги. Баарынан да элдин Толкунбектин ажырашкан катыны эмнеге келиптир, Үсөндү ага эмнеге бердиңер деп сурагандарга эмне деп айтабыз?

Кызынын ушул сөзүнө буула түшүп минтти Тумар:

– Эмне демек элең, чынын айт. Үсөн Зыйнаттын баласы болучу де. Кудайдан жашырбаган, адамдан жашырмак белең.

– Жок, антип айталбайм.

– Анан эмне деп айтасың? Бирок эл сенден да, Кынадан да, менден да сурабай туруп эле эчак билип алганын биз кайдан билдик. Жамандык жерге жатпайт, балам...

Ошентип ары кетип, бери кетип жатышып, акыры Зыйнатка Мансурдун кырк ашы тарап, эл аягы басылган кезге чакырып, кат жазып жиберди Жайнагүл.

Боз үйдө олтургандардын бардыгы тышка чыгышты. Эки жагын элендей карап келатып, Эрмек менен сүйлөшүп турган Садыны көрүп Жайнагүлдүн жүрөгү болк дей түштү. «Ай Кудай ай, ушунун баары түшүм болуп калсачы» – деп жиберди көңүлүндө. Анан кайра: «Мейличи деги, жашыра турган эч нерсе деле калган жок. Башкалардан жашырбаган бир тууганымдан жашырмак белем. Ансыз деле, менден мурун бардыгын энем айтып койгон тура, – деп ойлонгончо болбой Сады минтти:

– Жакин, сен экөөбүз өзүбүзчө кичине сүйлөшөлүчү, – карындашын кучактады. – Ыя, садага болоюн, мен Үсөн жөнүндөгү окуяны жакында энемден уктум. Башкалар билген ишти менин билбегеним кандай? Бир тууган, бир туугандан да сыр жашырабы?

– Ооба, ошондой болуп калды байке, кечирип коюңузчу. Мындай болоорун билбей калбадымбы. «Ойлобой иш кылган онтобой ооруга жолугат» деген ушул да. Асманда Кудай, арада ата-эне, баба-бубалардын арбагы бар экенин кээде элес албайт турбайбызбы. Арбак козголуп ушундай иш болуп кетти.

– Ооба, энем айтты. Кудая тобо, Үсөн Зыйнаттын эне экенин билип калганбы дейм.

– Билгизип жатсак билет да. Атам ачык айтып койду да. Бирок Зыйнаттын эне экенин билелекте эле, аны сүрөтчү катарында мурда эле таанычу. Үсөн бала болсо да өтө сезимтал, ой жүгүртүүсү күчтүү бала.

– Аны билем дечи. А Толкунбек эмне дейт?

– Эмне десин, эчтеке дебейт. Мындай окуя болоорун күткөн эмес да. «Сүткө тийген күчүктөй» болуп же бул жактын сөзүн сүйлөй албай, же тигил жактын сөзүн сүйлөй албай жүрөт жалтактап.

– Ал дагы бир куураган неме экен. Арты-кийинин ойлобой кылган ишинин жыйынтыгын көрүп, өзүнө өзү «ыраазы» болуп жаткан кези экен да. Казактар өздөрүнүн Көл жээгиндеги «Рахат» пансионатына жаңы имарат салганы жаткан го. Жана Усаев экөө ошол жөнүндө сүйлөшүп жатканын кулагым чалып калды.

– Ооба, Толкунбекти ошол пансионаттагы курулушта иштесе деген ою бар экен.

– «Кум-Төргө» чакырып жатат дебеди беле, – деди Тумар кызынын сөзүн бөлүп.

– Ооба, чакырып жаткан. Атамдын кыркынан кийин барамын деп жооп берген. Эми тигил казак досунун сунушун кабыл алабы, же «Кум-Төрүнө» барабы, өзү билет да.

Үсөн жөнүндөгү окуя ачыкка чыгып, аны билгенден бери, Толкунбекке андай-мындай деп кеп-сөз айтып тергеген эч ким жок эле, өзүнөн өзү күнөөлүү кишидей болуп, өз үйүнө өзү батпай, аштан чыккан томпойдой болуп кепкеңешке аралашпай калды. Кечээ жакында эле ага-тууган, ата-энеси баш болуп бардыгы «Жер куруткан, бузулган шуркуя» катары жек көрүүчү Зыйнат менен уруш-талаш, жаман-жакшы айтышуу жок эле тил табышып калгандарына, кандай күчтүү себеп пайда болуп кеткенин билбей башы катып ойлоно берет, ойлоно берет. Ал эми Аккыз менен Эсендин түшкө кирген аяны жөнүндө эч кимиси Толкунбек менен Зыйнатка ооз ачып айтпаган бойдон кала берди.

«Той да болоор, тойдун эртеси да болоор» дегендей Мансур менен Касымбектин кырк ашы бир күндө болуп, бир күндө өттү. Буларда болгон айырма эле кырк ашка келгендерди бири түштөн мурда узатса, бири түштөн кийин узатканы болду.

Эл тарары менен кайрадан казан асылып, кайра баштан жаңы келүүчү коноктордун камы көрүлүп жатты. «Бир көрмөккө жан бермек» дегендей, Зыйнат үчүн өзүнчө дасторкон жайылып, өзүнчө кам көрүлдү. Бул жерде эч нерсеге аралашпай, ою ордунда болбой, санаасы сандап, бир жерге токтолуп туралбай, айласы кетип, эмне кыларын билбей турган жалгыз Толкунбек болду.

Жакан Толкунбектин абалына түшүнүп, атайын пансионатка барып келүүнү ойлоп, алаксытайын дедиби, ар жакта машинасынын жанында ойго батып, эч кимге аралашпай да, сүйлөшпөй да турган досунун жанына басып келип минтти:

– Толоке, «Ракатка» барып көлгө чумуп келбейбизби ыя, казактар менен учурашканча.

Досунун сунушун укkан Толкунбек жумулуп кетти. Ансыз деле бул жанды жай алдырбаган эки оттун ортосундагы тозоктон кантип оолактап кетүүнүн амалын таппай, кыжаалат болуп турган жигитке оңдой берди болду.

– Мейли, барса барып келели. Кийин сенин бул жакка келип учурашпай кеткениңди угушса өпкөсү казандай, өтү табактай болоор дейм туугандарыңдын.

Жакан ары басып бактын көлөкөсүндө Гүлайым менен сүйлөшүп олтурган Галияга минтти:

– Толокем экөөбүз «Рахатка» барып келели.

– Зыйнат келет деп жатпайбы, кетип каласыңарбы?

– Келебиз да.

– Жайнагүлгө айттыңарбы?

– Эмнесин айтабыз.

Жакан менен Толкунбек жаңы эле машинага түшүүгө кам уруп, эшигин ача бергенде ар жактан Мансурдун үйүн көздөй бурулган адамдарды көрүп, короого жүгүрүп кирген аял Кынага минтти:

– Чоң апа, үстүнкү көчөдөн Тургазы баш болгон бир топ аял-эркек келатат.

– Аа, – деди ачык турган дарбазага чукулдап калгандарды көргөн Кына, – Зыйнат келаткан тура, – деп кайра үйүн көздөй ылдамдай басты.

Тышта турган аялдар үй ээсинин артынан дароо боз үйдү көздөй бет алышты. А Толкунбек болсо, машинанын эшигин ачкан калыбында катты да калды.

– Толоке, эмне кылалы? Барбай калдык го, – деди Жакан.

– Ооба, болбой калды. Кетип калсак качып кеткендей көрүшөт да.

Ушул маалда аялдардан бөлүнүп калган Тургазы менен Турат, Толкунбек менен Жакандын жанына келип салам айтып токтошту.

– Саломалейкум!

– Алекимасалам. – Кол алышышты.

– Эмне, бир жакка баратасыңарбы?

– Ии, «Рахат» пансионатына барып келели деп жатсак, силер келип калбадыңарбы?

– Анан барбай калдыңарбы?

– Кандай барабыз эми.

– Зыйнат менен кандай көрүштүң? Сүйлөштүңөрбү?

– Учураштык. Бирок сүйлөшө алган жокпуз. Кызык эле окуя. Мындай болот деп ким ойлоптур. Үч уктаса түшкө кирбеген иш.

Турат Толкунбекти далыга чаап, кыт-кыт күлдү.

– Азамат экенсиң. Сен го сен, билесиң да баарын. Деги ичиң бек экен. Жакшы эле моюнча өсүп, бир класста, бир мектепте окуган жаныбыз бирге дос элек. О-о-й итим ай, айтпаптырсың бир ооз.

– Ушул да айта турган сөз, ача турган сырбы. Атам маркум баланы тоңуп өлдү десе, өлгөн экен дептирмин, ишенип. Көрсө, андай эмес тура.

– Ошондо Тургазы өтүп баратып, аяш атамдын мүрзөдө олтурганын көрүп чочуп кетип сураса: «Кимдир бирөө эшигибиздин алдына бала таштап кетиптир. Жайнагүлдү төрөт

үйүнө жеткирип алпурушуп жүрүп, көрбөй суукта тоңуп өлүп калыптыр» – деди деп, үйгө айтып келсе, ишенгенбиз. Көрсө, Жайнагүл эгиз төрөдү деген баланын түгөйү, ошол «өлдү» деген бала турбайбы. Кандай айлакер, акылдуу киши ээ. Чынында, бактылуу жигит экенсиң. Эки аялың экөө тең мыкты экен. Бечара Жайнагүл көл тура. Биздин аялдар, сенин аялдарың кылган мындай иштин бирин да кылалбайт. Мен азыр келалбайт болучумун. Бирок бардык жумушту жыйыштырып коюп атайы эле эки катындын мамилесин, анан Үсөндү кантип узатаарын көрөйүн деп эле келдим.

Булар ушунтип дарбазанын алдында сүйлөшүп турганда, ар жактан кимдир бирөөнүн: «Ай балдар, чайга киргиле?» деген үнү чыкты. Жигиттердин бирин бири карап токтой калган тынчтыгын Жакан бузду.

– Жүргүлө, кирели.

Короого кирери менен атасын күтүп тургансып, Толкунбектин алдын тосо жүгүрүп келип кучактай калган Үсөн көздөрүнөн кубанычтын учкунун бүркүп, өрөпкүй сүйлөп минтти:

– Папа, мамам мени Алматыга Зыйнат апам менен сүрөт тарткандын окуусуна барасың деди. Саган айттыбы, Үсөн кетет деп?

– Ооба, айткан.

– Папа, Асан деле барсын да. Экөөбүз кайра бат эле келебиз.

– Ал кайда жүрөт?

– Мамам, аны жиниме тийбе, эч жакка барбайсың деп чаап жиберди. Бакта ыйлап жатат. Сен айтсаң папа, Асан деле барсын да.

Турат күлдү.

– Аа, түшүнүктүү. Сен сүрөт тартканды жакшы билесиң да. Ошон үчүн сени жиберип жаткан тура. Баса десең, Асан сүрөт тартканды билбесе эмнеге бармак эле. Жайнагүл туптуура чечиптир.

– Мен Зыйнат апамдай болом, Турат аба.

– Ооба, сенден чыгат. Зыйнат Эсеновадан башка дагы кайсы сүрөтчүлөрдү билесиң?

– Кыргыздарданбы?

– Ооба, кыргыздардан.

– Чуйковду, Айтиевди, Мануйлованы, Жумабаевди, Мамбетаипованы...

Үсөн кыргыз сүрөтчүлөрүн бир баштан санай баштаганда, Тургазы Үсөндүн сөзүн минтип бөлдү:

– Кыргыздардан башка сүрөтчүлөрдү да билесиңби?

– Билем. Турат абам, кыргыз сүрөтчүлөрүн сурады да.

Турат күлдү:

– Ооба, ооба, мен өзүм сурабадым беле. Башка атактуу классик сүрөтчүлөрдөн кимдерди билесиң, айтып көрчү?

– Ван Гок, Матис, Суриков, Репин, Айвазовский...

Үсөн ушул жерге келгенде үйдөн эки бети чоктой албырып, температурасы көтөрүлүп турган адамга окшоп Жайнагүл чыгып, Үсөндү ортого алып, сүрөтчүлөрдүн аттарын айттырып, кумарлана тиктеп турган күйөөсү баш болгон Жакан менен Турат, Тургазыларды карап минтти:

– Оме-е-й акебай, күттүрдүңөр го аябай, кирбейсиңерби? Эмне, Үсөндөн экзамен алып жатасыңарбы?

Тургандар Жайнагүлдүн сөзүн угаар-укпастан эле, үйдү көздөй басышты. Ал эми Үсөн болсо тигилердин артынан ээрчий басып, сүрөтчүлөрдүн аттарын токтолбой биринин артынан бирин айта берди. – Сальвадор, Пикассо, Рерих, Куприн, Гуттузо... Турат аба, дагы айтайынбы?

– Болду, уктук. Сен жакшы бала турбайсыңбы. Биз билбеген, биз маани бербеген көптөгөн таланттуу адамдарды билген зирек бала экенсиң, аман бол айланайын.

Тигилердин артынан кыйкырды:

– Турат аба, менин альбомум көп, көрөсүзбү?

– Бүгүн эмес, кийин көрөм, Үсөн.

Жайнагүл уулун кучактай калып, чекесинен өөп минтти:

– Мындай убакта альбомду эч ким көрбөйт. Сен аларды башка убакта көрсөтүшүң керек. – Көздөрүнө жаш айлана томсорду. – Бар ойно.

Олтургандардын көздөрү да, ойлору да Жайнагүл менен Зыйнаттан алыстай албай, алдыртан экөөнү алмак-салмак уурдана тиктей беришет. Кантип кетишер экен, эмне болушаар экен деген ой көөдөндөрдү көмүскө көптүрөт. Жакандар кирип олтургандан кийин дагы бир сыйрадан чай куюлуп, дасторконго бата кылынды. Анын артынан удаа колго суу куюлуп, табак тартылды. Эт желип бүткөндөн кийин кайрадан дасторкон жайылып көк буусун көккө бүркүп самоор кирди.

«Тогуз уулуң болсо да, топ жарар бирөө болбосо, тогузунан не пайда» дегендей, олтургандардын бардыгы дымып, үй ичин дүлөй тынчтык басты. Ушул маалда Зыйнаттын кош кареги Жаканга кадалып, андан кандайдыр бир нерсе күткөн немедей суроолу кадала түштү. «Кумурсканын кусканын, жөргөмүштүн жөтөлгөнүн билген» кыраакы жигит, аяшынын айтайын деп айталбай туюкталып олтурган мүдөөсүн дароо түшүндү. Чындыгында эле Зыйнат ичинен: «Ыя, аяш, ушунтип олтура беребизби? Сиз бирдеме деп сөз баштабайсызбы» – деп тымызын сүйлөп жаткан болучу.

Жакан аяшынын ушул эле көз карашын күтүп тургансып, олтургандарды бир сыйра сыдыра тиктеп алып, оңдоно берип, Толкунбекти карап минтти:

– Ыя, Толоке, «Жолоочунун жолдогусу жакшы, жолдо болбосо үйдөгүсү жакшы» дегендей, бизге улуксат болсо, аттансак кандай болот? Эртең менен жумушка чыкпасам болбойт. Күн кечтеп калды, кетип баратып жолдо «Рахатка» тие кетишим керек болуп турат.

Үсөн жөнүндө кеп-сөзгө аралашпаган Толкунбек минтти:

– Эртең эле кетпейсиңерби? Таңкы салкында чыксаңар саат тогузга кирип барасыңар.

– Жок, Толоке, андай болбойт, эртеңинди кой, дос. Ичтик-жедик ракмат, улуксат болсо дасторконго бата кылалы.

Кына түйшөлө түштү. Ордунан туруп баратып минтти:

– Коё тургула, балдар, шашпай. – Эшикти ачып келинин чакырды. – Ай, Жайна!

Бул кезде маңдайкы бөлмөдө Үсөндүн кийим-кечесин иреттеп, өзүнчө ыйлап жүргөн келин кайненесинин үнүн угуп, көз жашын чала-була сүртүп сурады:

– Мени чакырдыңызбы, ыя эне?

– Ооба, чакырдым. Меймандарың кетебиз деп жатышат го.

– Ооба, билем, – Кына менен ээрчише басып үйгө кирип, эшик алдына токтоду.

Зыйнат ушуну эле күтүп тургансып, күнүлөшүн карап минтти:

– Жайнагүл Казиевна, бери келсеңиз! – Анан ал арыда олтурган Тураттын аялына карады. – Ыя Гүлүш, жанакы сумка кайда, мага алып бересизби?

Гүлүш ошол замат ордунан учуп туруп, ары жакта далдада турган чоң кайыш кара сумканы сүйрөй жылдырып, Зыйнатка карады.

– Эмне кылайын, ошол жакка аласызбы?

– Жок, мен барайын. – Ордунан туруп, төрдө олтурган Сады Казиевичти бир карап алып: – Кечиресиз, мен артыңыздан өтүп кетсем болобу? – деди сыпаа.

Зыйнатты күлүндөп, көз токтотуп бир карап алып, Сады эңкейе берип минтти:

– Эчтеке эмес, өтө бериңиз.

Олтургандардын бардыгы каректери кара сумкадан өтүп, анын ичинен кандайдыр бир жандуу нерсе чыга калчудан бетер, ач көздүк менен сугула карашат. Зыйнат Жакандын жанында олтурган курдашын бир карап алды. Ошол замат Галия ордунан дароо туруп, Зыйнаттын жанына келип токтоору менен, баякы кирген бойдон элейип тикесинен турган Жайнагүлгө карады:

– Аяш олтуруңуз. Мынча болбосо болот эле, мынча болгондон кийин көтөрбөскө чара жок. Бириңди бириң туура түшүнүп, бириңди бириң туура кабыл алганыңыздарды көрүп олтуруп, менин оюма бир кыргыз жигиттин:

«Жашаган жакшы турбайбы,

Жакшыга жакшы жанашып» –

деп ырдаган ырынын эки сабын эстеп толкундап олтурам. Көрсө, «Балыкчы, балыкчыны алыстан көрөт» дегендей, жакшы адам, жакшы адамды тааныйт да экен, билет да экен. Билген үчүн минтип бир казандан аш ичип, бир дасторкондон даам татып олтурасыздар. Алысты жакын кылып, ачууну таттуу кылып олтурган Үсөндүн боосу бек, дени сак, келечеги кең болсун. «Эки энени тел эмген, телкара боз тайдайым» дегендей, эки энеси эки жерде аман болсун деп тилек кылам. Сизге Кына апа, сизге Жайнагүл, сиздин апаңыз Тумарга, Жанат менен эки уулга деген Зыйнаттын анча-мынча белек-бечкеги бар экен. Ушуну тапшырып коюуга улуксат этиңиздер.

Зыйнат кара сумканын сыдырмасын сыдырып, андан калтар жакалуу окшош эки лама пальто менен эки шалы жоолукту алып чыгып Галияга берип жатып минтти:

– Эки байбиченин жолу, сиз кийгизиңиз. Мен Жайнагүл Казиевнаныкын өзүм кийгизейин.

Галия а дегенде Кынанын, андан кийин Тумардын башына жоолук салып, пальтолорун үстүнө жаап, көйнөктөрүн колдоруна берди. Ал эми Зыйнат болсо чачысы төгүлгөн ак крепдешин жоолукту Жайнагүлдүн башына салып, өңчөй күрөң норкадан тигилген тонду үстүнө жаап, көйнөктү колуна карматаар, карматпастан эле, кучактай калып, бетинен өөп ыйлап жиберди.

– Ырахмат сизге, Жайнагүл Казиевна! Өткөн өч, кеткен кемчиликтерди кечирип коюңузду дагы бир жолу суранам. Канткен менен пенде экенбиз да. Бир далай эле эстен кеткис окуялар болуп өттү.

Жайнагүлдүн кулагына Зыйнаттын бир сөзү кирсе, бир сөзү кирбей муунуп турду. Анын оозуна сөз кирбей, эмне деп айтаарын билбей муундары титиреп, көз жашы төгүлүп кетти. Ал оо бир оокумда көз жашын сүртө берип минтти:

– Болуптур, Зыйнат, сени Кудайга тапшырдым, Үсөнүмдү сага тапшырдым. – Үнү кайра өчтү.

А Зыйнат болсо Жайнагүлдүн сөзүн угуп, төгүлгөн көз жашын көрүп чачылып кетти. Оозуна кирген бир сөзү бул болду.

– Ыйлабаңыз. Мен Үсөндү кайра эле жиберем. Ал сиздин балаңыз, Жайнагүл Казиевна.

Бул жерде кеп-сөзгө аралашпай, ичинен тынып, үнсүз олтурган Сады болду. «Бир карын майды бир кумалак чиритет» дегендей окуяны уккандан бери казак менен кыргызга дүң болуп, карындашы Жайнагүлдүн башын аттаганы аз келгенсип, эми минтип эл караган жүзүн жер каратып, эгиз деген эки баланы экиге бөлүп, Үсөндүн ээсин таап, энесине берген олтурган Толкунбекти көзүндө огу болсо атып жиберүүчүдөй болуп, каны кайнаган Сады, Зыйнатты көрүп көздөрү чекчее түшкөн болучу келгенде. «Малды көрүп пайгамбар жолдон чыгыптыр» дегендей, сулуулукка өзүнүн кандай арбалып кеткенин билбей калды. «Адам өз жамандыгын өлгөнчө билбейт, киши жамандыгын кирип чыкканча билет» дегендей көңүлүндө: «Эсенова жөнөкөй эле сулуу эмес, Айдай болгон сүйкүмдүү сулуу турбайбы» деген ойдон жүрөгү удургуй түштү. Ал мурда бул аялды «Аягынан бузулган, жеңил ойлуу аял» катары ойлоп жийиркенүү менен элестетип жүргөн Сады Казиевич, Зыйнатты көрүп, баягы ойлогон ойлору кыялынан кандай учуп кеткенин өзү да билбей калды. Анын салмактуу, оор басырык мүнөзүн, орундуу сүйлөгөн сөздөрүн угуп олтуруп: «Энем айткандай акылдуу келин экен» деген ойдо, көз алдында болуп жаткан окуяны көрүп, тагдырдын тамашасына ичи уйгу-туйгу болуп, ак да дебей, көк да дебей ордунан туруп тышка чыгып кетти.

Ал эми келинининин көрүнүшүнө тынчы кетип, аркы-беркини ойлоп олтурган Кына, кудагыйынын кулагына бир нерселерди шыбырагандай болду. А Тумар болсо, башын ийкей берип, макул дегендей ишаарат кылып, экөө өздөрүнчө бир бүтүмгө келгенсип унчукпай калышты. Жайнагүлдөн көз албай, сынай тиктеп олтурган эне, оо бир оокумда минтти:

– Э кагылайын, балам, эмне эле мынчалык санаага батып, өзүңдү жоготуп куурап олтурасың. Оо жолуң болгур десе, бир бороондук алың жок, кокуй белең. «Ээси келсе, бээсин бер» – дейт. Минтип жөнү жок салбырабай, балдарыңдын өмүрүн, келечегин тилебейсиңби. Үсөнүң ошол жакка барып эле, Зыйнаттын эне экенин билип, эне экенин баалап, сени унутуп калаар дейсиңби. Андан көрө узун күндү кеч кылбай, тышта кайнап жаткан самоорду алып кирип, мына бул Зыйнат алып келген өрүк-мейизди төгүп, таттуу-паттууларды жайнатып атаң Мансурга, Аккыз менен Эсенге, өз атаң Казыга арнап куран окутуп, буларга ак жол каалап улуксат бербейсиңби. Арбак ыраазы болбой, Кудай ыраазы болбойт, балам. Муну өзүң жакшы билесиң.

Жайнагүл Аккыз менен Эсендин атын укканда эсине келе түштү. Ошол замат өзүнүн баякы көргөн түшүн эстеп жүрөгү болк этип кетти. Анын оюнда азыр ушул тапта да ошол адамдардын арбагы ушул жерде Зыйнатты акмалап, тирүүлөр менен аралаш олтургандай болгон бир сезим көңүлүн чагылгандай аралап өттү.

Казиева башынан жылбышып түшүп, бир жак ыптасына ооп, чачысы салмактанып турган жоолукту колуна алып, жанында турган Зыйнатка карады.

– Сен мага капа болбо, сиңдим, мага туура түшүнсөң эле болду.

– Түшүнөм.

Жайнагүл колунда кармап турган жоолукту, анан эреси кармап турган норка шубаны бир карап алып, улутуна үн катты:

– Ырахмат Зыйнат, ашык чыгым болбой койсоң деле болмок.

– Ушул да чыгымбы? Үсөн үчүн сиздин эмгегиңиз чексиз да. Ак сүтүңүздү актоо колумдан келеби, келбейби, билбейм. Бирок мен актай албасам Үсөнүңүз актаар.

– Менин сенден өтүнөөрүм бирөө гана, Зыйнат. Үсөндү менден алыстатпасаң эле, менин эмгегимди актаган болосуң.

– Жарайт, Жайнагүл Казиевна, башка өтүнүчүңүздү орундата албасам да, бул өтүнүчүңүздү, өлбөй тирүү турсам орундатуу колумдан келет.

– Ырахмат, – деди Жайнагүл колунда кармап турган кичинекей кутучадан бриллиант көздүү алтын шакекти чыгарып Зыйнаттын аты жогуна кийгизип жатып минтти. – Ушул кичинекей арзыбаган белегимди салынып кой.

Зыйнаттын манжалары шадылуу да, сулуу да, анан кандайдыр мамыктай жумшак болучу. Жайнагүл дароо, бир кезде: «Колу жумшак кишинин жүрөгү да жумшак, кайрымдуу болот» – деп уккан сөзүн эстеди. Зыйнаттын башка аялдардан айырмаланган дагы бир жери бала кезинен жылтыр-жултур, кызыл-тазылга жоктугу болучу. Билерик, шакек дегендерди анчалык баалачу да эмес. Анын алтын менен күмүштөн бар болгон байлыгы кулагындагы энесинен калган кичинекей күмүш сырга болучу. Азыр анын аппак болгон жумуру манжаларынын көркүнө көрк кошконсуп Жайнагүл салган шакек бир тамчысы сымапка окшоп, азыр эле төгүлүп кетүүчүдөн бетер мөлмүлдөп турду.

– Ырахмат сизге, – деди Зыйнат, ажары ачыла жарк этип.

– Мынча болду өбүшүп койбойсуңарбы, – деди Тумар, – «Жакшы менен жайлоого чыкса кудалашып түшөт, жаман менен жайлоого чыкса кубалашып түшөт» дегендей, жакшы кеп болду. Бир гана жанакы мен айткан өбүшүү гана жетишпей калды.

Зыйнат албыра түшүп минтти:

– Эмне экен, өбүшсө өбүшүп деле коёбуз, ал күнөө эмес да, ыя Жайнагүл Казиевна! – Ошол саамда Зыйнат Жайнагүлдү орой кучактап, бир демге үнсүз, сөзсүз көздөр көзгө чагылышып, экөө тиктеше түштү.

Мурда Жайнагүл канча жолу Зыйнатты көрүп, канча жолу бет алышса да, азыркыдай мынчалык көз токтотуп көрөлек болучу. Зыйнаттын ботонун көзүндөй жайнаган алагар көзүнө төп келишкен каш-кирпиги келишип, ак гүлдөй үлбүрөгөн ажарлуу жүзүнүн көркүн ачып турган сулуулукка туруштук бербей, сызгырган майдай болуп жүрөгүндөгү муздун кандай эрип кеткенин өзү да билбей калды.

– Алтын эжекем! – деген сөз оозунан октой учкан Зыйнаттын эрди Жайнагүлгө жабыша түштү. Жайнагүл да Зыйнатты кучактап өөп-өөп алды.

– Мына, бая эле ушундай кылыш керек болучу. Чайды эми ичсек болот го дейм, ыя дос, – деди Турат Толкунбекке карап, улуу аялы менен кичи аялынын мамилесин кандай кабыл алып, кандай абалда олтурду экен деген ойдо, бир чоң иш бүтүргөн далдалчыга окшоп, эрдемсий сүйлөп. Бирок жигиттин көзүнө Толкунбек өзүнүн баякы жаркылдаган ачык-айрым, шайыр мүнөзүн кимдир бирөөгө уурдатып жибергенсип тилден калып, бөтөн бир башка чөйрөдө олтурган аргасыз адамга окшоп сезилди. Тураттын оюна «Эки катын алыпмын, бир балээге калыпмын» деген сөз түшүп Толкунбекти аяп кетти. Жигиттин оюн Жакандын үнү бузду.

– Мен мындай болот экен деп эч ойлогон эмес болучумун. Дурус иш болду. Эки аялдын элдеши, эки мамлекеттин президенттеринин тынчтык келишимине кол койгондой эле үлкөн иш болуп калды го, ыя Толоке, – деди Жакан эртеден бери аялдардын эч бирине үн катпай, мойнуна ысык сорпо төгүлгөн немеден бетер өзүнөн өзү жонунан муздак тер агып олтурган Толкунбекке бурула карап.

А Толкунбек болсо Жакандын сөзүн укпаган кереңден бетер, өткөндөгү Зыйнаттын Үсөн үчүн өзүнө: «Сен киши өлтүргүчсүң» – деп өкүрүп-өксөп ыйлаганын ойлоп, санаасы алда кайда чачылып, алда кайда урунуп жатты. Толкунбектин көзүнө Зыйнаттын кубанычтан албырган жүзү, бакытка толгон сурмалуу көздөрү мурдакыдан да сулуу, мурдакыдан да көрөшем болуп көрүндү. Кубаныч адамды сулуулайт экен го. Бул байкуштун да Кудайы бар аял экен. Өз сүйүүсүнүн, өз махабатынын өзөктү жарган алоосун акыры баласынын тирүүлүгү жеңип кетти. Чын-чынына келгенде Зыйнат төгөрөгү төп келген эле аял. Билимдүү десе билимдүү, акылдуу десе акылдуу, таланттуу десе таланттуу. Жаратылыш буга баарын берген. Мунун ак көңүл, жароокерлиги эле канчага турат? Балким, Үсөн өзүндө болгондо, чыгалбай байланып калат белем ким билсин. Суук тийип бузулуп калбаганда дагы төрөйт эле. Анда мен Жайнагүл төрөгөн баланы Зыйнат да төрөп жатат, – дейт элем го. А Жайнагүл болсо оңойлук менен чайпалбаган туруктуу, бир мүнөздүү аял. Бул мени оңойлук менен кечирбейт эле, анын дилин агартып, мүнөзүн жумшарткан Зыйнаттын мен жөнүндө жазган каты болду окшобойбу. Эми минтип Үсөн үчүн экөөнүн дилдери агарып аралашып кетти. Арты жакшы болсо болду эми, – деп ойлоду. Ушул аз эле убакыттын ичинде, оорубаган жаны ооруп, азбаган өңү азып, арыктап эле тим болбостон, капкара болгон кундуздай чачын ак аралап кеткенин көрүп Жайнагүлдү аяп, ичи туз куйгандай ачышып турду. «Атам өлөөрүндө жөн өлбөй, арадай жерге чарадай жыйын куруп, чаң-тополоң түшүрүп салып узап кете берди. Бул балекеттүү баланы «өлдү» деген бойдон өлтүрүп салбай, кандай максат менен кайра тирилтип, Зыйнатка жакшылык кылып эрип кетти экен. «Ойлобой сүйлөгөн онтобой ооруга жолугат» деген ушул экен да. Минтип жанга теңебей жакшы көргөн келинининин эмгегин баалай албады атам... Толкунбек ушуларды ойлоду.

Ал эми ак көңүл Зыйнат чыны менен эле Жайнагүлгө жүрөгү жарылып, айтаарга сөз таппай толкундап турду. А Жайнагүл болсо канчалык өзүн кармап, түн түшкөн кабагын ачып, колу менен көтөрөйүн десе да болбой, өзүнөн өзү эле жаап жиберүүчү булуттай калдайып туруп алды.

Толкунбек аялдарын алдыртан карап олтуруп ушуларды байкады. Чай ичилип бүтүп, дасторконго бата кылынаары менен, олтургандар козуй башташты. Жакан менен Галиянын камынып жатканын көргөн Кына минтти:

– Э ботом, дүрбөп кайда барасыңар, олтуруп тургула шашпай. Кагылайын Жакинтай, меймандарың кеткени жатышпайбы. Ырым-жырымыңды жасап, баланды жолго даярда.

– Жарайт энеке, азыр. Үсөн даяр. Азапты Асан берүүчүдөй ээрчип. Мен да барам деп ал дагы камынып жатат.

– А күчүгүм, окуу десе эле Үсөн окууга барат экен деп жатса керек, – деди Кына.

Тумар оор үшкүрүндү.

– Кымындай кызыл эт кезинен бир бешикте жатып, бир эмчекти талашып ээмп, бир эненин мээримине, биринен бири бир мүнөт ажырабай чогуу өскөн немелер үчүн ажырашуу арзанга турар дейсиңби. Ой, атаңдын көрүнүн жазуусу ай, бул да болсо буйрук. «Кудайдан бийсиз кумурсканын буту сынбайт» деген ушул.

– Апа, кечирип коюңуз, – деди Зыйнат Тумарды жалт карап, – Үсөндү кайра бат эле алып келем. Макул болсоңор Асан деле кошо барып келбейби?

Бул сөздү уккан Кына селт этти.

– Жок кокуй, андай болбойт. Ала турган Үсөнүңдү алып кет. Боюңа үйүр алдырып, аста көндүргөнгө аракет кыл. Өзүнчө алыска чыкпаган бала, кокустан куса болуп кетпесин, байка балам. «Карыш ажыраган карыганча көрүшпөйт» деген сөз бар эмеспи. Антип, Асан да барсын деген сөздү кулагыма угузба. Ансыз да Үсөндүн кеткени

биз үчүн өлүмдөн катуу иш болуп турганын көрбөй турасыңбы.

Зыйнат бул сөздү угуп шылкыя түштү.

– Ашык кетсем кечирип коюңузчу, аяш эне. Мен Асан ыйлап жатат дегенинен эле айта салдым. Үсөнгө ээ болалбай жатып, Асанды эмне кылайын.

Ушул маалда тыштан ботодой боздоп Жанат ыйлап кирди. Олтургандар чочуп кетти.

– Кагылайын, сага эмне болду? Ким ыйлатты? – Карт эне үрпөңдөй түштү. Жанат ый аралаш минтти:

– Мен Үсөндү жибербейм, эне.

– Кой, антпе, каралдым. Келет да бат эле.

– Калп айтып жатасың алдап. Мен уктум го.

– Тантыбачы, эмнени уктуң?

– Балдар айтып жатпайбы, Зыйнат эже Үсөндү башы менен алып кетип жатат. Эми ал бул жакка такыр келбейт деп.

– Койчу, каралдым, балдар эмнени билмек эле. Башы менен Үсөндү эмнеге бермек элек. Жок сөздү айтпачы.

Жанат болбой ыйлап минтти:

– Энеке, Жайна жеңеме айтчы, Үсөндү жибербей эле койсун.

– Сен өзүң айтпайсыңбы?

– Айтсам болбой жатпайбы. – Кыз энесине таарынып букулдап, Тумарды карады. – Таэне, Үсөндү жибербе деп, сиз айтыңызчы жеңеме.

Булар ушунтип жатканда тыштан Жакан кирди.

– Кеттикпи, даярсыңарбы?

– Даярбыз, – деди Галия.

Жанаттын ыйын көрүп делдиреп олтурган Зыйнат бир оор дем алып алып ордунан козголду. Жайнагүл киргенде аялдар үстү-башын түзөп, баштык-үштүктөрүн иреттеп жатышкан. Галия Жайнагүлгө минтти:

– Эми чыгалы биз. Сизге ырахмат, аяш. «Бир көргөн билиш, эки көргөн тааныш» – дейт. Эми биз жакка да бар-

гыла. Сиз үчүн, сиздин семьяңыз үчүн биздин эшигибиз да, кучагыбыз да ар дайым ачык.

Бардыгы тышка чыгышты. Галиянын сөзүнө жооп кылып, Жайнагүл минтти:

– Буюрса эсте болот. Өзүңүздөр да бизди унутпай келип туруңуздар. Зыйнат сен да жакшы баргын. Үсөндү сага, сени Кудайга тапшырдым. – Көздөрүнүн жашы чарасына батпай толуп турду.

Зыйнат, Жайнагүлдүн каканактап турганын көрүп, ичинен тырчый түшүп минтти:

– Жайнагүл Казиевна, сизге убада бердим го, Үсөндү бат эле кайра алып келемин деп. Сиздер Үсөндү өзүңүздөр айтпаганда, мен билмек эмесмин. Бул бала мен үчүн эбак өлүп жок болгон бала болучу. «Бал кудукту тапкан да сен, таткан да сен» дегендей, баланы баккан да, анан анын энесин тапкан да сиздер өзүңүздөрсүздөр. Үсөн экөөбүздү бири-бирибизге эне-бала экенибизди билдирип, кандайча мага кайтарып берүүнүн кандай, эмне деген себептери болгонун мен билген жокмун. Ошончолук эле, Үсөн экөөбүздүн бактылуу эне-бала болушубузду ак дилден каалап турсаңыз, ыйлабай, жаркырап туруп узатыңыз. Кана, байбичелер, касиеттүү улуулук наркыңар менен ак батаңарды берип коюңуздар эми.

Тургандар түйшөлө түштү. «Зыйнат туура айтат» деген сөздөр дүр дей түштү. Ошол замат байбичелер Үсөн менен Зыйнатка узун өмүр, бактылуу келечек тилөө менен бардыгына ак жол каалаган жакшы тилектерин айтып бата кылышты.

Жанатан бери эч кимге сөз айтпай, эч нерсеге аралашпай өзүнчө бөлүнүп турган Толкунбек, Жакан менен Галияны, Зыйнат менен Жайнагүлдү алмай-термей карап минтти:

– Болуптур, Жакан, жакшы баргыла. Сен дагы уулуң менен бактылуу бол, Зыйнат. Эми ушуну менен Жайнагүл менен Зыйнат үчөөбүздүн ортобуздагы трагедия бүттү го дейм.

– Жок, Толкунбек, бүтөлек. Бул трагедиянын мен үчүн башталышы гана, – деди Жайнагүл ыйламсырап...

Коштошуу башталды. Ый аралаш күлкү, аял менен эркектердин сөздөрүн бири-бирине оңчулуктуу угузбай, эмелеки ачык турган асманды кара булут каптап, бир заматта жамгыр аралаш оң-тетири соккон шамал тал-теректи күүлдөтүп кирди. Жанат көз жашын көл кылып өпкө-өпкөсүнө батпай ыйлаган калыбында Жайнагүлдү тарткылады.

– Жеңе, Үсөндү жибербей эле койчу.

– Эмне дейсиң, жабышпай ары турчу. Башкалардан да ушул сенин азабың өтүп кетти.

Жакан Жайнагүлгө карады.

– Ыя, аяш, уулуңар кайда? Кеч кирип кетмек болду, кетсек болбойт беле.

– Кетесиңер да. – Айланасында тургандарга карады. – Үсөндү карагылачы, кайда жүгүрүп кетти?

Тумар эки жагын карап туруп минтти:

– Э ботом, экөө тең көрүнбөйт.

– Ыя, эне, азырыраак эле сиз өөп-жыттап жатпадыңыз беле. Кайда басып кетишти?

– Ой тим эле, окууга барам Алматыга деп болбойт, ары жок а. Азыр эле ушул жерде турган, – деди Кына.

– Асанды кыйбай, айнып качып кеткен жокпу, ал баланар, – деди Турат.

Үсөндүн жогун укkан Зыйнаттын оюна жамандык менен арамдыктан башка эч нерсе келбеди. Балким, атайын эле, бир жакка катып койгондой болгон бир жагымсыз толкун дене-боюн каптап өттү.

– Жанараак эле экөө балдар менен көчөдө ойноп турушкан, – деди коңшулардын бири.

– Капырай күүгүмдө кайда кетишмек эле, – деди Кына, – аркы Сардарбектин балдары менен ошондо болбосун.

Тургандар көчөгө чыгып туш-туштан издей башташты, кыйкырып.

– А-а-й, Үсө-ө-ө-н!

– Ас-а-а-н!

Ошол маалда Галия машинанын арткы эшигин ачып, бирдеме коёюн деп кыйкырып жиберди.

– Ой-ба-а-й, Асан менен Үсөн машинада жатыр гой уктап.

– Эмне дейт!

Тургандар дароо машинаны көздөй жабышышты. Чын эле экөө арткы орундукта кучакташып, жыргап уктап жаткандарын көрүп, дем тартпай калышты. Ачык айтышпагандары менен, карап турган ар бир адамдын оюнда, бул экөөнү бири-биринен ажыратуу ырайымсыз, таш боор адамдын гана колунан келүүчүдөй болгон бир күчтүү өкүнүч ойноп кетти. Балдарынын коёндун бөжөгүнө окшоп эч нерседен бейкапар кучакташып жатканын, умсуна тиктеп турган Жайнагүл ойготууга өзү даай албай, шоферго карады:

– Ойготуңуз?

– Мен ойготоюнбу? – жигит Жайнагүлгө карады.

– Ооба, сиз ойготуңуз!

Күндүз уктабай, анын үстүнө кечке жаны тынбай ойноп жүрүшүп жедеп чарчоодон катуу уктап калган балдарды зорго тургузушту.

– Бол эми түшкүлө.

– Кайда?

– Кайда жатканыңарды билесиңерби?

– Жеттикпи? – деди дагы эле уйкудан көзү ачылбаган Асан.

Жайнагүл мыскыл күлдү.

– Ооба, Алматыга келдиңер, түшкүлө эми.

Асан менен Үсөн көздөрүн ушалап, орундарынан дароо көтөрүлүп, жарыша кыйкырып жиберишти.

– Ураа! Биз Алматыга келдик. – Машинадан томолонуп түшүп, айланасын көңүл бура карап алышып, эч жакка кетпей эле өз үйүндө, өз ата-энесинин жанында тургандарын көрүп дароо көңүлдөрү бөксөрө түштү.

Тургандар коштошо башташты. Бардыгы биринин артынан бири Үсөндү туш-туштан өөп-жыттап жатышты. Акыркы коштошуу кезегин атайын эле өзүнө алгансып Жайнагүл минтти:

– Баарыңар коштошуп бүттүңөрбү?

– Бүттүк.

– Анда мага кезек бересиздер го! – Жайнагүл биринчи эле Жакан менен Галияга кол узатты. – Ырахмат келгениңиздерге, кемчилик болсо кечирип, таарынбай кеткиле. Зыйнат сен да таарынбай кет. Баланы күтүп алышты билээрсиң өзүң. «Ит менен бала тойгон жеринде» деген эмеспи. Үсөндүн ден соолугу жакшы. Сезимтал, ак көңүл, жароокер бала. Боорукер. Эске тутуусу күчтүү. Айттым го жана өзүңө, дагы айтам, куса болуп кетпесин. Мурда менин балам эле, эми сенин балаң болду. Бактылуу болсун. Үсөн үчүн мен дүйнөдө болгон бардык жакшылыкты тилейм. – Жайнагүл жерге жүйүртө басып олтура калды, жанында шынаарлай карап турган Үсөндү кучактап туруп минтти: – Акылдуу бол, каралдым, Зыйнат апаңдын тилин ук. Сүрөт тартканды жакшылап үйрөнүп кел. – Боорына кысып бети-башынан аймалап өөп да, жыттап да жатты. – Чоң атаң баякыда айтпады беле, мен да айткамын, азыр да айтам, Зыйнат сенин апаң, балам. Мындан ары Зыйнаттын баласы болосуң. Түшүндүңбү?

– Жок, мен Зыйнат апанын баласы болбойм, мама! Мен сенин балаңмын да. – Жайнагүлдүн мойнуна колу ороло түштү. – Мен кайра бат эле келем.

– Жакшылап менин сөзүмдү укчу, балам. Сен акылдуу бала эмес белең. Кийин үйдү сагынганыңда Зыйнат апаң сени өзү алып келет.

Үсөн Жайнагүлдү өөп, бетин бетине тийгизер, тийгизбестен эле ыйламсырап минтти:

– Мама! Ыйлаба. Сен ыйласаң, мен барбайм Алматыга.

– Жок, антпе балам, барагой, мен тим эле ыйлап жатам.

– Үсөнчик, сени алдап жатат. Кетпе, Жайна жеңем ыйлабайм деп калп айтат. – Жанат жер тепкилеп, боздоп жатса, Асан: «Үсөн мен да Зыйнат апаныкына барам» – деп Кудайга үнү угулганча боздоп жатты.

Жайнагүл Үсөндү көтөргөн бойдон, машинага алып кирип, Зыйнаттын алдына олтургузду.

– Жакшы бар, кулунум. Чоң жигит болот деген ушул. Сүрөт тартканды Зыйнат апаңдан жакшы үйрөнүп кел эми. Кагылайын каралдым, сенден минтип ажырайын деген жок элем, кантейин, кайда болсоң аман бол.

Машинанын эшиги жабылып, мотор күрүлдөгөндө, Үсөн ыйлап жиберди:

– Зыйнат апа, мен баргым келбей жатат, – жанталашып терезеге тырмышып, айнекти койгулап жиберди. – Ма-ма-а! Барбай эле коёюнчу. Ма-м-а-а! Ма-а-ма-а! – Үсөндүн ыйлаганына болбой, машина ордунан козголду. – Уулунун үнүн укkан Жайнагүл машинанын артынан ээрчий чуркап баратып, чалынып жылыгып, бети менен кетти.

Меймандарды узатууга чыккандардын бардыгы Үсөн менен Жайнагүлдү көрүп, өздөрүнө өздөрү ээ болалбай, көз жаштары төгүлүп жатты. Чалынып жыгылган кызына Тумар ачуу бүркүп, Жайнагүлдү тартты.

– Катыгүн Кудай ай, бала болуп турасыңбы, тур өөдө сенден башка киши бала сүйүп көрбөптүрбү, ыя? Жакшылык менен кетип жаткан тирүү балага да ушунтеби? Болду, зобол убагында дайыны жок боздобо, катыгүн. Ыйдын түбү ый.

Жайнагүл энесине бурк этти. – Сиз менчилеп, тирүүлөй балаңыздан ажырап көргөн жоксуз да. Башыңыздан өткөн болсо минтип айтпайт болчусуз.

– Анда ыйлай бер!

Жанат менен Асан машинанын артынан: – Үсө-ө-н! Үсө-ө-н! – деп үн алыша кыйкырышып буттары үзүлгөнчө жүгүрүп баратып, качан машина көчөнүн аягынан имери-

лип кеткенде гана жолдун ортосуна олтура калышып, бо-тодой боздоп өңгүрөп жиберишти. Буларды карап шып-шынып турган кошуналар «Шумдуктуунун төөсү жорго» деген ушул. Үсөндүн бөтөн экенин ким билиптир. Көрсө, Зыйнат Толкунбек менен жүрүп тууп, Мансурдун эшигинин алдына таштап кетишкен неме тура. «Жылма осуракты жыты жаман» дегендей, сыпайы жүргөнү менен Толкунбектин ичмекейи ичиндеги неме экен го. Эркек деген ушул, Жайнагүлдүн башын кантип аттады экен.

– Аттаганын көрбөй турасыңарбы. Ажырашып жүрүп, табышканы аз эле болбодубу. Жайнагүл бекер кылды, Үсөндү айтпаган бойдон айтпай койсо эле болмок.

– Зыйнат сулуу келин тура, ошонусуна кызыкса керек Толкунбек.

– Ой, койчу ай, Жайнагүл эмне сулуу эмеспи? Анын өңү да сулуу, акылы да сулуу! – деген сыяктуу сөздөрдү сүйлөп күбүң- шыбың болуп биринин артынан бири жыла басып кетип жатышты.

Ал эми Жайнагүл болсо үйүнө кирип эле диванга үстөмөнүнөн жыгылды.

– Ой, кайран балам ай, өзөгүмдү өрттөп, күйгүзүп кеттиң го мени. Сенсиз кантип жашап, кантип көнөөр экенмин.

Аялынын абалын көргөн Толкунбек, Жайнагүлдүн артынан ээрчий кирип, ага эмне деген жагымдуу сөз айтып, көңүлүн таап алаксытаарын билбей, жанында аптыгып туруп, бетинен өөп минтти:

– Жакинтай, алтыным ыйлабачы. Бул балекеттүү балага эмнеге эле мынчалык күйүп күл болуп, куурап жатканыңды билбейм. Өзүңдү аясаң боло.

Жайнагүл күйөөсүнүн сөзүн угуп, жаш толгон убайымдуу көзү менен башын көтөрүп жалт карады.

– Сен үчүн Үсөндүн Зыйнатта турганы менен менде турганынын айырмасы жок экенин жакшы билем, Толкунбек. Болоору болуп, боёгу кангандан кийин, сөздү жаңыр-

тып ырбатышпайлы. Менин кайгыдан канталап сыйрылып араң турган жүрөгүмдү сыздатпай тынч койчу, байболгур. «Баткан окту, аткан ок чыгарат» дегендей, кокустан капалыктан оозумдан жагымсыз сөз чыгып кетип жүрбөсүн, мага сүйлөбөй эле койчу.

– Билем айтпасаң да, сен менин сөзүм эле эмес өзүмдү да көрөйүн деген көзүң жок болуп баратат. Ушунчалык сууп баратасың, Жайнагүл. Менин жүрөгүм сен үчүн мурда кандай болсо, азыр да ошол бойдон, Жайнагүл деп жашап, Жайнагүл деп согуп турат. Чынымды айтсам сен мага андан да жакын, андан да сүйкүмдүү болуп баратасың. Аттиң, бири кем дүнүйө деген ушул экен да. Кайда баякы бирибизге бирибиз тойбогон махабат жылоологон бактылуу күндөр. Бир үйдө жашап, бир төшөктө жатсак да мага болгон баякы жандүйнөнү жалындатып туруучу жаркын сезимиң кайра жанбай койду го.

Бул кезде Жайнагүл үчүн жашоонун кызыгы өчүп, бир керексиз нерсе сыяктуу болуп, Үсөндүн кетишинен кейишке түшүп, кыялы кымкуут болуп турган неме, Толкунбектин сөзүн сөз деп, кебин кеп деп да койбоду. Эчен-эчен: «Менин сага мурдагыдай сүйүү толгон жүрөк менен махабат базарын аралата албасымды түшүнүп армандап турсаң, Зыйнат менен кошо кетип калбай, башымды оорутуп менин маңдайымда эмнеге турасың?» – деп айтып жибере жаздап барып токтоду. Ал тышта, кандайдыр өзүнчө эле алаамат болуп жаткандай болгон үндү бир демге тыңшап туруп жаздыктан башын көтөрдү. Жайнагүлдүн тынчын алган бул ызы-чуунун күнөөкөрлөрү Жанат менен Асан болуп жатканын дароо түшүндү. Алар үчүн Үсөн Алматыга сүрөт тартканды үйрөнгөнү кетпей эле, анын сөөгүн койгону Казакстанга алып кетип бараткандай болгон өксүктөн, өлөөр-тирилерин билбей өкүрүп-өксөп жаткан күйүттүн күүсүнөн жүрөгү өрөпкүп, көңүлү айнып кетти. Ордунан туруп баратып, айлана астын-үстүн түшүп, жер көчүп ба-

раткансып үйдүн ичи калкылдап, башы айланып темтеңдей түштү. Толкунбек колуктусун кучактай калды.

– Эмне болду? – Үрпөңдөй сурады. – Догдур чакырайынбы?

– Жок, коё турчу эс алайын. Тышка абага чыксам дедим эле.

– Баспай эле, тынч олтуруп турчу.

Булар ушунтип жатканда тыштан Кына менен Тумар кирди.

– Эмне болду, деги ооруганданбу соосуңбу? Экөөң бирдей үйгө кирип эле, чыкпай калдыңар?

Энелер, диванда өңү өчүп, эриндери кеберсип, муундары калчылдап олтурган Жайнагүлдү көрүшүп аяктары шилтенбей мостоё түшүштү. Кайненеси менен өз энесинин абдаарый түшкөнүн көргөн Жайнагүл көздөрүн жашылдантып күлгөн болуп минтти:

– Эчтеке болбой эле турам, коркпой эле койгула. Бир аз олтуруп эс алайын дедим.

– Эс ал, балам, чарчадың. Абышканын кыркы деп, догдурдан чыкканы кымындай да тыным албадың. Үсөндү көп ойлобо, уучуң куру эмес, Кудай де.

– Эмне үчүндүр өзүмдөн өзүм эле алым куруп, шайым ооп турат, көңүлүм караңгылап. Деги, Жанат менен Асанды озондотпой үнүн басып койгулачы. Үсөндөн ажыраганымдан да ушул экөөнүн ыйы өтүп кетти.

– Толкунбек, айланайын балам, сен чыкчы. Ал экөө бизди уга турган эмес, – деди Тумар күйөө баласына.

Жигит аттап-буттап тышты көздөй атты. Ал боорун жерден албай, өпкө кагып үңүлдөп жаткан Асанды колдон алып силкип тургузуп, ар жакта бактын түбүнө коюлган скамейкада тетири карап алып озондоп олтурган кызына ачуу бүркүп, сүйлөнүп коё берди.

– Баскыла үнүңөрдү, караңгыда озондобой. Жаман жоро баштаган акмактар. Үсөн өлгөн жок да. Мамаңар ооруп араң жатат. Экинчи үнүңөр чыксын, эмне көрөр экенсиңер...

Мындай жамандык менен жакшылыктарда бардык түйшүктөрдү төбөсү менен көтөрүп, жүрөгү менен кызмат кылган келиндер болоору баарыга белгилүү. Кына менен Жайнагүлдүн жакшылыгынанбы, же болбосо өздөрүнүн дээриндеги адамкерчилигинеңби, айтор, коно жатып кызмат кылган Анар менен Ажар казан-аяк эле эмес, суу жоолук, дасторкондоруна чейин жаркыратып жууп жайып, үйлөрүнө чейин тазалап, полдорун сүртүп, бардыгын иретке келтирип коюп, кайталап самоор коюп жатышты. Үйдөн чыккан Кына келиндердин самоор коюп жаткандарын көрүп сүйүнүп кетти. Анткени байбиченин өзү да чай ичкиси келип турган.

– Ой, алдыңа кетейиндер, силерди кетип калган экен десем, ырас чай коюп жаткан турбайсыңарбы.

– Ооба, кетелекпиз, чоң апа. Силерге биротоло чай берип коюп кетебиз да. Анын үстүнө, кечээтен бери Жайна жеңемдин тамак ичкенин көрөлекпиз, ал ачка. Ошон үчүн атайы тамак ысытып, дасторкон даярдап, самоор коюп жатабыз.

– Ой, акылыңардан айланайындар, силер улууну сыйласаңар, силерди Кудай сыйласын. Кем болбогула, балдарым, ырахмат, өркөнүңөр өссүн. Жайна эмгегиңерди билет кагылайындар. Чарчадыңар го аябай.

– Жайна жеңем жакшы да, чоң апа. Ал кишиге кылбаган, сизге кылбаган кызматты кимге кылмак элек. Эмнеге чарчамак элек, чарчабайбыз, чоң апа.

Ырас эле, келиндер айткандай Жайнагүлдүн көңүлү бир жерде болбой, келим-кетимге алаксып жүрүп тамак ичкен, ичпегенин да билбей калган окшобойбу. Азыр да тамак ич десе: «Ичпейм, жүрөгүмө эч нерсе барбай турат» дегенине болбой жатып Кына менен Тумар Жайнагүлдү аш үйгө алып киришип, туш-туштан жаалап жатып араң дегенде тамактандырышты. Ажар айткандай, ачка экени чын экен. Ичине бирдеме баргандан кийин өңүнө кызыл жүгүрүп, кеберсиген эриндери дароо оңоло түштү...

Ошентип Мансурдун кырк ашы берилип, келим-кетим аяктаары менен короонун ичин бир заматта дүлөй тынчтык басты да калды.

Үсөн кеткенден бери Жайнагүлдүн ден соолугу кескин төмөндөп кетти. Дарылоочу врачы мурдагы диагнозду кайра койду. Сады Казиевичтин «Бишкекке алып кетели, ошол жактан дарылан» деген сунушун кабыл албады. Анткени бул жердеги борбордук оорукана неврология, терапия боюнча ден соолукка көмөк көрсөтүүчү бардык ыңгайлуулугу бар өркүндөтүлгөн дүйнөлүк маанидеги жабдуулар менен жабдылган республикадагы бирден бир оорукана болуп калган болучу.

Бул оорудан кандай болгондо тез сакаярын Казиева жакшы билүүчү. Анткени оорусун өзү билип, өзү түшүнүп туруп эле, бир нерсеге капаланып, санаасы бузулуп ою ордунда болбой, өзүн өзү башкаралбай калса эле, ооруп жатып калуучу. Ден соолугун ойлоп Үсөндү канчалык эстебейин, унутууга аракет кылып алаксыйынчы деп көңүлүн канчалык башка жакка буруп, башка бир нерселерди ойлоюн деп, канча аракет кылса да болбой, Үсөндүн жан жыргаткан жароокер мүнөзү, баладан башкача жанга жагымдуу кыял-жоругу, эбедейди эзилтип, эт жүрөктү созгон таттуу тили, карагаттай жайнаган жоодур көздөрү көз алдына тартылат да турат. Андан дагы санаасын санга бөлгөн бир иш: «Көндү бекен Зыйнатка? Бизди эстеп: «Үйүмө качан кетем?» – дейт болду бекен? Канча кылса жатынын жарып чыккан, каны менен каны бир, жүрөгү менен жүрөгү бир энеси да Зыйнат. Ал куураган неме Үсөндү өзүнө тартыш үчүн көлунан келген бардык айла-амалдын баарын жасап жаткандыр. «Бала менен ит тойгон жеринде» дегендей, балким, бул жакты эстебей, алаксып калды бекен? – дегендей, ой артынан ойлор, санаа артынан санаалар сапырылат да турат.

Чын-чынына келгенде Үсөндү жалгыз эле Жайнагүл эстеп, Жайнагүл жоктоп жаткан жок. Бул үйдө канча киши

болсо, ошонун баары жоктоп, ошонун баары томсорду. Үсөндүн жогу Асан үчүн өтө оор трагедия болду.

«Балалуу үй – базар» дегендей, бул кутман үйдүн куту Үсөн менен биротоло кошо кеткенсип, баякы, балдардын бактылуу оюн-күлкүсүнөн демейде шаңга бөлөнүп туруучу абаздуу короо бир заматта томсорду да калды. Айрыкча, тобунан адашып ээн талаа, эрме чөлдө жалгыз калган адамга окшоп эч жакка чыкпай, оюн-күлкүдөн калып Үсөндү жоктоп, тирүүлөй бир тууганынын күйүтүн тарткан Асан болду...

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

Машинанын эшиги тарс жабылып ордунан козголгондо эле Үсөндүн жүрөгү үзүлүп кеткендей бир жагымсыз сезим көөдөнүндө удургуй түшүп, ичи ачынып, артын кылчая карап: «Ма-ма-а! Ма-ма-а-а!» дегенче болбой, Асан менен Жанаттын үнү бир заматта алыстап кала берди. Үсөн артына кылчаңдап карегине кан толгончо караганы менен калдайган караңгылык чүмкөгөн калың айыл бир заматта көрүнбөй калды. Асандан бөлүнүп бир жолу да үйүнөн жалгыз-жарым алыс чыгып көрбөгөн жаш жүрөк, байкоостон душмандын торуна түшкөн макулукка окшоп, эмитеден эле жалгызсырай баштады. Өзүнөн өзү эле ичи оттой жанып, ыйлагысы келип, алкымы жашка буулуп, заманасы куурула баштады. Зыйнат Үсөндүн ичинен тымызын ыйлап өпкөсү көөп келатканын дароо билди. Бирок билсе да билмексен, туйса да туймаксан болуп, сыр билгизбей эркелете жалына сүйлөп, далысынан имере кучактай берип сурады:

– Ыя, Үсөнтай, мамаң менен папаңдын кимисин жакшы көрөсүң?

– Мамамды! – деди илгиртпей жооп берип.

– Папаңды жаман көрөсүңбү?

Бала бир демге ойлоно түшүп минтти:

– Жаман көрбөйм. Папам тентимиш да. Ал бизди таштап Алматыда иштебедиби. Сиз папамды тааныйсыз да.

Мамам, баякыда сурасам: «Эсенова менен папаң дос» – деп айткан. Чын эле экөөң доссуңарбы?

Зыйнат Үсөндүн суроосуна мукактана түштү. Көңүлүндө: «Балдар билбеген балекет жок. Карасаң: «Папам тентимиш» – деп айтып турган сөзүн. Жайнагүлдүн айтканын айтып жатат» – деп ойлоду. Бирок Үсөн мамасынын айтканын айтпай эле, өзү эле сөз келгенде, бирөө үйрөткөнсүп сүйлөгөн, жеринен сезимтал, тапан бала болучу. Зыйнат жонүндө: «Папаң менен Эсенова дос» – деп Жайнагүлдүн Үсөнгө кандай себептен айтканын Зыйнат түшүнбөй турду. Анан оюнда: «Мен сенин папаңдын кеткен аялы болучумун» деген сөзгө караганда «дос болучумун» деген сөз Зыйнат үчүн ары жагымдуу, ары айтууга жеңил сыяктанып кетти. Уулуна дароо минтти:

– Ооба, папаң экөөбүз дос болучубуз, – деп, кубанычтан жүрөгү алоо болгон Зыйнат уулунун жаагынан өөп, төбөсүнөн шуу жыттап жалынып, – секет кетейин эрмегим, Кудай сени көзүмө чын көрсөттүбү же жалган көрсөттүбү? Бул кубанычым түшүм болуп ойгонуп кетпесем эле болду, – деди.

Үсөн Зыйнат өпкөн бетин ааркып, минтип сурады:

– Сиз мени жакшы көрөсүзбү?

– Ооба, жакшы көрөм, – кайра өптү.

– Балаңыз барбы?

Зыйнат Үсөндүн мындай суроо берерин ойлогон эмес болучу. Эмне деп айтаарын билбей буйдала түшүп, мукактанып барып минтти:

– Балам сенсиң да, – деди Зыйнат, – Жайнагүлдөн ошон үчүн алып баратпайымбы.

– Балаңыз жок болсо, анда мен ким менен ойноймун, ыя, Зыйнат апа? Асанды мамам жибербей койбодубу. Ал болгондо экөөбүз жыргайт элек.

– Азыр деле жыргайсың. Балдар толуп жатат ойносоң.

– Аларды мен тааныбайм да. Сиздин үйдө дагы ким бар? Эңеңиз барбы?

– Энем жок, ал киши өлүп калган.

– Атаңыз да жокпу?

– Ооба, атам да жок.

– Сиз жалгыз турасызбы?

– Ооба, жалгыз турам.

– Коркпойсузбу?

– Чоң киши да коркмок беле?

– Сүрөттөрүңүз көппү?

– Ооба, көп.

– Зыйнат апа, мен дагы сүрөтчү болом.

Үсөн сүйлөп, ар кайсыны сурап жатып уктап кетти.

Баятадан Үсөндүн сүйлөгөн сөздөрүн, сураган суроолорун унчукпай угуп келаткан Жакан башын чайкады.

– Пай, пай, пай, баятадан Үсөндүн берген суроолорун угуп олтуруп таң калдым. Айтты, койду дебеңиз Зыйнат Эсеновна, Үсөнүңүз жеке эле сүрөтчүлүк эмес, баралына келгенде көп кырдуу таланттын ээси болот. Зирек балаңыз бар экен, аман болсун. Эми үйүн сагынып сизди беймаза кылбаса эле болду.

– Ооба, туура айтасыз, Жакан Усаевич, мен да ошону ойлоп жатам.

Галия сөзгө аралашты.

– Кайсы күнү кетем десе, кандай болсо да ошол күнү кетириш керек. Зордоп кармаштын кереги жок. Жалкып калса экинчи кайрылып келиши кыйын болуп калат. Мен Үсөндүн сүйлөгөн сөздөрүн угуп таң калдым.

... Чолпон-Атадан чыкканы эч жерге токтобой, күпүлдөтүп жүрүп олтуруп түн ортосунда Каркырага кирип келишти. Үсөн машина токтоп, боз үйдөн чыккан адамдардын үнүнөн дароо ойгонду. Эртеси эртең менен эрте чоң кишилер менен тең турган Үсөндү көрүп Усай карыя эч нерсени сезбей уктап жаткан Абай менен Жабайды бир карап алып минтти:

Жарды болоор баланды,
Жатканынан билээрсиң,

Малдуу болоор баланды,
Чөп чапкандан билээрсиң,
Бай болуучу баланды,
Мал баккандан билээрсиң, –

деген экен бир акын. Анын сыңарындай Жакандын балдарынын дараметин жаткандарынан байкап койгула, – деди тамашага чалып. – Экөө тең уйкучу. Түндө силер келгенди да туйганы жок, азыр да кыжы-кужу, опур-топурду тоотпой керилип уктап жатышат.

Чалынын сөзүн байбичеси жактыра бербей минтти: – Уктасын. Уктап уйкусу канбаган бала да бала болмок беле. «Кичине аттын жүгүргөнү билинбейт, кичине кишинин жасаганы билинбейт» дегендей, кечке жандары тынбайт бул экөөнүн. Атайы эле адам болуп калышыптыр. Отун жок эле, экөө кошунанын балдары менен барып отун алып келишти. Кечке бээ саадырып, кымыз бышкан ушулар. Эч нерсе жасабаган, шаарда жашап, шаарда өскөн балдар үчүн бул да оңой жумуш эмес. Эс алышсын. Эми кайра жакында окуусу башталат.

– Койдум, байбиче, койдум. Туура айтасың, эс алганы келгенден кийин эс алышсын. Уктап уйкусун кандырышсын. Абай менен Жабайсыз эле мал багылып, саан саалып келген. Мени аяп эмне кыласың, Усайга убал барбы?

– Бирдеме айтса эле: «Усайга убал барбы?» – деп тура каласың. Мен балдарды бир-эки күнү эс алсын деп жатам. Андан кийин иштетсең, койсоң өзүң бил. Экөө тең эс кирип, кол арага жарап калышыптыр. Айран, сүт, анан кымыз ичкен балдар уйкучу болот да.

– Ак ичкен балдар уйкучу болоорун билем. Бирок уйкунун да чени бар да, байбиче.

Жакан күлдү.

– Ооба, ооба, Абай менен Жабай жыргатат апа силерди. «Эс алсын, чарчады» – деп аябай эле койгула. Бала кезде чарчаганды билеби киши. Экөөнү окуу башталаарда

өзүм келип алып кетем. Эми биз кетели, ата. Кымыз бересиңерби?

Усай чочуп кетти.

– Кетебиз деген эмне сөз! Кымыз ичип, эт жеп, эс алып кетбейсиңерби. От ала келгенсип, кетебиз деген да сөз болобу? Көгөндө турган кара козуну көрдүңөрбү, атайы жайытка чыгарбай алып калдым. Аяш келиним менен Үсөндү коноктоп кой союп бербесем болобу.

– Соёруңуз бышык болсо, аны ала кетип үйгө барганда жейбиз.

– Андай болбойт, карагым. «Күрүчтүн аркасы менен күрмөк суу ичет» дегендей, силердин шылтооңор менен биз да шорпо- шилең ичип калалы. Кошуналар эми эле айтпайбы, «Аяштары менен балдары келип жатса чычкан мурдун канатпай, Усайдын пейили кеткен экен» – деп. Толкунбектин уулуна бир козу энчилеп койдум. Өзүңөргө бир козу берейин, экөөнү тең сала кеткиле. Бүгүнкү кымыздын ээси бар. Акчасын төлөп коюшкан. Эртеңки кымыз силердики.

Жакан тамашага чала сүйлөдү.

– Аке, алар берген акчаны биз деле беребиз. Литрин канчадан сатасыңар?

– Качан казак менен кыргыз кымыз сатчу эле, балам. «Базар экономикасы» деген балекет, Каркырыга чейин канатын калдайта жайып кирип келди го. Кантебиз, «Элиң бөрү болсо бөрү бол, түлкү болсо түлкү бол» дегендей эл кылганды кылбаска, эл көргөндү көрбөскө болбойт экен, балам.

– Анда бүгүн кымыз ичпейт турбайбызбы, ыя ата?

– Ичкенге болот, балам, – Усай байбичесине карады. – Балдарга кымыз куйбайсыңбы? Кымыздын жайы ушундай. Кетебиз десеңер, кымызсыз кетесиңер.

– Жакан тим эле сүйлөп жатат, ата, эртең эле кетебиз, – деди Галия.

Бул күн Үсөн үчүн аябагандай кубанычтуу күн болду. Эртеси кечке Абай менен Жабайдын артынан калбай, алар ат минсе ат минип, төө минсе төө минип рахатка батты. Жакандын уулдары Үсөндөн үч-төрт жаш улуу болушса да, эстүү балдар анын ою менен ойнотуп, ою менен болуп жатып, баланын Чолпон-Атада калган үй-бүлөсүнүн көйгөйү көңүлүнөн кандай чыгып кеткенин Үсөн өзү да билбей калды.

Уулунун кабагы ачылып, балдар менен бака-шака түшүп аралашып, күлкүсү чыккан сайын Зыйнаттын көңүлү көккө сермелип, кубанычы койнуна батпай жатты. Андан дагы кээде, Жайнагүлгө эркелегенсип, баякы жароокер үн менен «Апа-а-а!» деген сөзүн укканда Зыйнаттын дене бою оттой жанып, алтымыш эки тамыры эрип, эки эмчегине жан киргенсип, дүүлүгө түшүп жатты. Деги Үсөн бала болсо да, ичине арамдык сактабаган ак дил, адамдар менен тез аралашып, тез тил табышып кете турган өзүнчө бир касиетке ээ эле. Анын баладан башкача колу да ачык болучу. Колунда бир нерсе болду дегенче, өзү ооз тийбестен, жолдошторуна бөлүп бергенче шашып туруучу. Бул жерде да Үсөнгө Абай менен Жабай эле эмес, Жибек чоң эне менен, Усай атанын мээрими бекер эле түшө койбогон чыгаар. Узаар алдында Усай карыя бардыгы менен коштошуп келип, Үсөнгө минтти:

– Карагым, таарынбай кет. Каркырада Усай деген бир чоң атам бар деп эстей жүргүн. Абай менен Жабайдан кол үзбөй, достошуп ал. Сага тигил кара козудан башка, кечээ сен өзүң: «Мандайында кашкасы жылдызга окшош сулуу тай экен» – деп суктанган тору тайды энчиледим. Энеси да зоот, атасы да зоот, ашкан күлүк «Канаттуу кара» деген айгырдын тукуму. Баралына келгенде, абийир, атак алып берүүчү мал. Бул сөзүмдү унутпай көңүлүңө түйүп кой, карагым. Бала болсоң да мээримим түшүп калды сага. Бар бол, балам, – деп колун кыса кармап, бетинен өөп, анан Зыйнатка карады: – Бирөөнүн көзү, бирөөнүн сөзү болот.

Бул балага колуна көз мончок байлап, тумар чийдирип бир жерине тигип кой, чырагым.

– Макул ата, айтканыңызды аткарайын. Балам экөөбүздү аябай кубандырып койдуңуз. Үсөнгө тай эмес эле самолет мингизип, экөөбүздү аркыратып асман менен учургандай эле иш кылдыңыз. Бул кызматыңызды, бул адамкерчилигиңизди эч качан унутпайбыз, аяш ата. Кубанычтан сизге, аяш энем экөөңүздөргө эмне деп, кандай алкыш айтаарыбызды да билбей калдым мен.

Баятадан бери Зыйнат менен Усай атанын сөзүн көңүл буруп угуп турган Үсөн, бирөө үйрөткөнсүп карыяга колун суна берип жарк этти күлүп:

– Ата, жакшы калыңыз. Мен келип турам.

Карыя шаша сүйлөдү.

– И, ошент айланайын, келип тур.

Үсөндүн сөзүн угуп Зыйнаттын ичи тарый түштү. Эмелеки Усай карыянын айткан сөзүнүн жүйөсү бардай сезилди. Үсөнгө азыр эле ушул жерде бирөөнүн ачы кирип, көзү тийип кетүүчүдөй болуп кетти. «Баламды өлдү деп күйүп күл болуп жүрүп, тирүү тапканыма жараша, эми аман болсо экен. Эрге тийип эрден бактылуу болбосом да, балам менен бактылуу болоор бекенмин» деген сыяктуу сандаган ойлор бир заматта көңүлүн тумандай каптап өттү...

Кош айтышып машина боз үйдөн узап, адамдардын карааны көрүнбөй калганга чейин, Үсөн артын кылчая карап кош колун булгалай берди.

– Болду эми, кечке эле артыңды карай бербей. Абай менен Жабайдан бөлүнгөнүңө ичиң ачынып калды ээ, Үсөн. Жакшы балдар бекен, ыя?

– Ооба, жакшы балдар экен. Мен Жабай менен дос болуп алдым, эже! Сиз билесизби, аяш атамдын мага берген тайы аябай сулуу экен. Тим эле буттары түптүз, кулагы типтик, мойну узун, көздөрү тим эле оттой күйөт. Аяш атам айткандай тору тай, сөзсүз, күлүк болот. Жүнү тим

эле кундуздай жалтылдап турат экен. Мага тай берген жакшы киши экен ээ, аяш апа!

Зыйнат күлдү.

– Ыя, Үсөн, мени бир туруп апа дейсиң, бир туруп эже дейсиң. Эми аяш апа деп жатасың? Эмне үчүн?

– Аяш апа деген жаман болобу? – Үсөн Зыйнатты кылыя карады.

– Жок, жаман болбойт. Бирок мен аяш апаң эмесмин да. Галияны аяш апа, Жаканды аяш ата десең туура болот.

– Сиз апа эле болосузбу?

– Ооба, мен апа эле болом.

– Анда менин эки апам болуп калабы? Мамам да апа болот да мага?

Галия күлдү.

– Эки апа болгону жакшы да.

– Мейли, эки апа болсо деле, мен өзүмдүн мамамды жакшы көрөм.

– А мени кандай көрөсүң, жакшы көрөсүңбү, жаман көрөсүңбү?

Үсөн Зыйнатты жалт карап алып, ийнин куушурду. Алдыда олтурган Жакан Үсөнгө бурула карап минтти:

– Билесиңби Үсөн, Зыйнат Эсеновна сенин өз апаң да. Анан дагы сенин эң сүйүктүү мугалимиң. Жайнагүл мамаң сага эмне деди эле, Зыйнат Эсенова сенин өзүңдү тууган апаң деди беле, же деген жок беле?

– Ооба, апаң болот деген.

– Анан өз апаңды жакшы көрүшүң керек да. Кокустан жаман көрөм десең окутпай, сүрөт тартканды жакшы үйрөтпөй коёт. Анда кантесиң?

– Үйрөтпөсө мейли, окутпай эле койсун, үйүмө кетип калам. Чоңойгондо деле окуп алам да...

Булар ушунтип Үсөн менен өөдө-ылдый сүйлөшүп олтуруп, Кегенге кандай кирип келгендерин да сезбей калышты. Алар бардыгы машинадан түшүп, козуларды чыгарып

дем алдырып кайра олтурушту. Тасмадай мелтиреген асфальт жолдо Жакандын жаңы машинасы бир калыпта зымырап келатты. Жуурат менен кымызга ыксырап кыркасы менен уктап келаткан жүргүнчүлөр Алматыга жеткенде гана бир ойгонушту.

– Зыйнат Эсеновна, – деди Жакан, машина подъездге жакын бурулуп токтогондо, – биз жүгүңүздү түшүрүп үйгө киргизип берели. Ал эми козуңузду, багып туруп керек болгон күнү алып келип берсин. – Жакан шоферго карады. – Экөө тең эле сенде болсун, колуңдагы кой-козуң менен чогуу багып тур.

– Козулардан камсанабаңыз, аке, багабыз, – деди жигит. Буларды терезеден көргөн Салия үй-бүлөсү менен дүрбөп чыгышты. Байбиче Жакандар менен жалпы учурашкан болду да, анан дароо эле өз үй коңшусуна атты.

– Айланайын, чырагым, балаңды алып келдиңби?

– Ооба, алып келдим, апа, тигине уулум. Көрүндүгүн бериңиз.

– Берейин, калкам, берейин. Бешик бооң бек болсун. Балаң өмүрлүү, бактылуу болсун. Кудай берет деген ушул, балам. – Салия Үсөндү көздөй басты. – Келчи, карагым, өөп коёюн. – Эч нерсеге түшүнбөй, байбичени чоочуркай караган Үсөн кетенчиктей берди.

Зыйнат уулун дароо колдон алды.

– Кой качпа, каралдым. Чоң энеге өптүрбөгөн уят болот. Өптүрүп кой.

Үсөн Салия өпкөн бетин кайра-кайра ааарчып, ыйламсырап минтти:

– Бул киши менин чоң энем эмес да.

– Бул баланы мен окутпай эле, бул бала мени окутат го минтип олтурса, – деди Зыйнат туюк сүйлөп.

– Эчтеке эмес, «Эр чекишпей бекишпейт» деген ошол, – деди Жакан. – Жүгүңүз түгөл үйгө кирип бүттү. Биз кеттик анда. Баланын сөзүнө кабатыр болбоңуз. Бул баштапкы гана. Алдыда далай-далай аскасы бийик ашуу, агы-

ны катуу суу бар. «Сабырлуу жетээр мураска, сабырсыз калаар уятка» дегендей, ашуудан да ашаарсыз, суудан да өтөөрсүз. «Учу бирге жазылат, түбү бирге кошулат» деген макалды уктуңуз беле?

– Уккам! – деди Зыйнат күлүп.

– Уксаңыз ошол. Акыры бала колуңузга тийди, жеңиш сиздики. Биз кеттик, аяш, жакшы калыңыз. Байланышып турабыз.

Жүрөгү кубанычка толгон Зыйнатты тегеректеген кошуналары бири кирип, бири чыгып «Бешик бооң бек болсун» айтып жатышты. Бул жерде Зыйнатты «Ыйлап жатса сооротуп, уктап жатса ойготкон» бир туугандай болуп бири-бирине алынышып, бир үй-бүлөдөй болгон эң жакын кошунасы Салия баш болгон анын кыз-келиндери, уулдары Зыйнат эмес эле өздөрү качанкы бир жоготкон жогун тапкандан бетер, жоктон бар кылып дасторконду толтуруп жиберишти.

– Апа, –деди Зыйнат, – аркы сумкадагы, курут менен майларды, бышкан этти чыгара бериңиз. Кымыздан куюп ичип-жей бергиле.

– Ичкен-жегенден мурда ата-бабанын арбагына багыштап, куран окуп, бата кылалы.

Зыйнат көңүлүндө, жамандык менен жакшылыкта тикеси менен тик туруп түбөлүк сыйлаша турган жакшы саналаштан, жандай көргөн достон жардымын деп ойлоочу. Анткени бир жалгыз Толкунбек деп, Толкунбектин жолдош-жоросу деп жүрүп өзүнчө курбу-курдаш күтпөгөнүнө кийин-кийин өкүнүп жүрдү. Анткени Толкунбектин кетиши менен баякы кепер ысык достордун байланышы чарт үзүлдү. Зыйнат Москвада ооруп калып, Делиге учпай кайра келгенде, кимдин-ким экенин ошондо билди. Баякы өзү менен өзөктөш «Аккан» досторунун сыры дароо түшүнүктүү болду. Алардын бир да бирөө Зыйнаттын ал-абалын, ден соолугун калп болсо да көңүл үчүн сурап койбоду. Эрлеринен мурда аялдары алыстады. Алар, бал-

ким, бул аялга күйөөлөрүн жулдуруп жиберүүчүдой болгон кызгануудан алыстадыбы, ким билсин. Аялдар аялдык кылсын, мейли. Ал эми адамкерчилик жагынан Толкунбектин досторунун жигиттик деңгээли канчалык даражада экенин, Зыйнат качан өзүнө сөз айтып көңүлдөш болууну сунуш этип, ашыктыктан мажнун болуп жүргөндө бир билип, бир түшүндү. Толкунбектин досторунун ичинен, ак жолдон тайбай сыйлашып кол үзбөй жүргөн жалгыз гана Жакан менен Галия болду. Булардын алтындай болгон адамкерчилигин көрүп олтуруп: «Мына чыныгы адам, чыныгы дос» – деп ойлоду. Башкаларга караганда Зыйнаттан жашы улуу болсо да, жаны бирге теңтуштай, ысыгына күйүп, суугуна тоңгон күйүмдүү адамы Салия апа болду. Ал кишиге эзели эч кимге айтпай турган сырларын айтып, ички дүйнөсүн тазартып, рахатка батат.

Зыйнаттын көңүлүн күтүлбөгөн жерден көтөргөн мындай бир иш болду. «Жамандык менен жакшылык жерге жатпайт» турбайбы. «Эй тобо, Эсенованы туубас экен десек баласы бар турбайбы. Биротоло алып келиптир имиш» деген сыяктуу сөздөр шаар ичине желдей тарады. Кээ бир Зыйнат менен жакындан таанышалбай, анын ташкындуу талантын, аялдык асылзаадалыгын сыртынан жогору баалап, сыртынан таанып, саламдан башка карызы жок адамдардын бүйүрүн кызыткан Үсөн жөнүндөгү кабар «Бешик бооң бек болсун» деген жакшы ой-тилектерин айтууга түрткү болду. Ошентип, коноктун үстүнө конок, аш үстүнө аш, сый үстүнө сый кошулуп, Үсөн келгенден бери Зыйнаттын ирегесинен май агып жатты. «Арстан алганына кубанбай, чалганына кубанат» дегендей, үй ээси үчүн көз, келген адамдардын даңкайган салмактуу сумкасында эмес, кеп алардын Зыйнаттын кубанычына кубанып, куттук айтып келишинде болду. Ак көңүл Зыйнат мындай мезгилде жүрөгүн жарып сала турган марттыгы менен меймандарын тосуп алып жатты. «Дарак мөмө байлаган сайын ийилет» дегендей, Зыйнаттын бир жакшы жери, жөнөкөй,

маңдайы жарык жароокерлиги башкача болучу. Канчалык киши көп келип жакшы тилек, жакшы каалоолор айтылган сайын ичинен тынып «Кудай, арбак» деген бир күч жүрөгүнүн тереңинде ойноп туруучу болду. «Оо кудурети күчтүү жараткан Алла, сен маган талант бердиң, талантка кошуп бак бердиң, бала бердиң. Кут кыла көр ушул кубанычымды. Үсөнүмө дес берип, дилин дилиме кошуп, ички дүйнөсүн агартып ыйман, ырыс бер» деген ниет көңүлүндө миң кайталанып, Алланын амирине таазим кылып толгонуп туруучу болду.

Тобо, баланы да салтанаттуу жакшы күндөр, жакшы чөйрө, жакшы сөздөр, жакшы адамдар алаксытат экен. Үсөн Алматыга келип, Зыйнаттын үйүнө түшкөн мүнөттөн баштап мүнөзү да, сөзү да дароо өзгөрдү. Сезимтал эстүү бала өзүн дароо колго алды. Сүйлөгөн сөздөрдүн маанисине түшүнгөн адамдан бетер, кээ бир суроолорго ойлоно калып, акылдуу жооп берет. Эмнегедир көп ойнобой да, сүйлөбөй да, өзүнчө жоошуду да калды. Азыр Зыйнатты мурдакыдай эже-межени аралаштырбай «Апа, сиз» дей турган болуп баратты.

Үсөн Зыйнаттан бир жолу минтип сурады:

– Мен, сиздикинде дагы канча күнү болом, ыя апа?

Капысынан берилген бул суроого шашкан Зыйнат минтти:

– Бир ай.

– Бир айда канча күн бар?

– Отуз.

– Ошончо көп күн жүрөмбү?

– Бир ай көп эмес да. Шашпа, балам, сен экөөбүз али сабак баштайлекпиз.

– Качан баштайбыз?

– Качан менин колум бошогондо.

Баланын кабагы бүркөлө түштү. Унчукпай калды. Сыягы келим-кетим аяктамайынча кеталбасын билди окшойт. Арадан бир-эки күн өткөндөн кийин дагы минтти:

– Сиздикине кишилер көп келет экен. Эмне үчүн баары эле: «Балаңды алып келдиңби?» – дешет. Анан дагы кечке эле Зыйнаттын баласысыңбы? – деп сурай беришет.

– Сураса эмне болмок эле, сурайт да. Эмне, менин балам экениң жалганбы?

– Сиздин балаңыз болгум келбей жатат.

– Эмне үчүн болгуң келбей жатат?

– Менин өзүмдүн Жайнагүл мамам бар да...

Зыйнат Үсөндүн айткан сөздөрүн Салияга айтып минтти:

– Менин өзүмдүн мамам бар, – деп жаткан неме, качан кетем деп балекетти баштаар бекен деп корком. Бул бала мага бала болсо да азап менен көнүп, азап менен бала болчудай болуп калды. Анын үстүнө келим-кетимден бошобой жатпайымбы. Анан калса мен мурда көрүп-билбегендер көп келип жатышат. Келгендерди келбегиле деп кантип айтам.

– Антип айтпа, балам. Келишсин, келгендери жакшы. «Келген дөөлөт, кеткен мейнет» деген сөз бар.

– Үсөндүн сөзүнө карап айтып жатам, апа. Бош болсом балдардын баарын өзүм ойнотуп, алып баруучу жерлерге өзүм алып барып турмакмын. Неберелериңизге айтыңызчы, алдап-соолдап Үсөндү өз бойлоруна тартып ойнотушсун.

– Макул чырагым, башка колумдан келбесе да, ал жагы колумдан келет го. Бул макоолорду баштап ээрчиткен бирөө болбосо, өздөрүн эки-жакка ээн жиберүү опурталдуу.

– Ыя апа, андай болсо, аты жакшы Аханга айтсак эмне болот? Балдарды машинасы менен бир маал ойнотуп келип турууга макул болоор беле? Макул десе бензинин өзүм куйдуруп, балдардын чыгымын кошо берип турат элем. Айтып көрсөңүз, эмне дээр экен?

Ахан апасынан Зыйнаттын өтүнүчүн угуп минтти:

– «Кошуна ыраазы болбой, Кудай ыраазы болбосун» кантип билбейин, апа. Зыйнат эженин айткан тапшырмасын аткарбасак күнөө болоор дейм. Мындай учурда ал кишиге жардамды биз бербесек ким берет? – деди.

Ошол күндөн баштап, Ахан өз балдары Акпан, Султан, Айнаш менен Жибекти кошуп, Үсөндү бир күнү шаардагы стадионго жанаша жайгашкан маданият паркынын бир ыптасына орнотулган каруселге, бир күнү Медеого, бир күнү Көк-Дөбөгө чейин ойнотуп келип жүрдү...

Зыйнат Сара Токсонбаеванын барганы чыгып, Аханды көрүп токтоду.

– Балдар калдыбы?

– Ооба, калышты. Апам кошо барган. Балдарды каруселге түшүрүп ойнотуп турса, түшкө жакын өзүм барып алып келем.

– Ии, апам барса ырас болгон тура.

– Сиз бир жакка баратасызбы?

– Сара көргөзмөнүн ачкычын алып кетиптир. Ошондо барып келейин деп чыктым.

– Олтуруңуз, мен жеткирип коёюн.

Алар жүрүп олтуруп «Балдар дүйнөсү» деген магазиндин жанына келгенде, Ахан минтти:

– Зыйнат апа, мен магазинге бир мүнөткө кирип чыгайын. Капа болбойсузбу?

– Эмнеге капа болмок элем. Ансыз деле мен жеттим. Саранын үйү бул эле жерде, жакын. Рахмат, мен мындан ары басып эле барам. Шашпай магазинди көрүп, жумушуңду бүтүрө бер.

... Зыйнат Токсонбаеванын үйүнөн өтө берип, али курулуш түшө элек караган-буталуу ээн аянтта, бир түп карагандыны айланып учуп чырылдаган торгойдун үнүн угуп, «бул эмнеге мынчалык чырылдап жатат» деген ойдо, токтой калды. Ал бул жерде торгойдун жүрөгүнүн үшүн алган кандайдыр бир коркунучтуу душман бар экенин сезип, жерден бир кесек топурак алып, ошол жакты көздөй жакындай басып, үн чыгарып ыргытаар, ыргытпастан эле бир кара мышык чөптү аралай чуркап жылт койду. Зыйнат ошол замат аста басып, абайлап карап көрсө бапестеп жумшактап салынган уяда жумурткадан жаңы эле жарым-жар-

тылай чыккан эки-үч кызыл эт балапандарды көрүп, жүрөгү мыжыла түштү. Канаттуу, канаттуу башы менен бала үчүн бапестеп уя салып, жумуртка туун, аны күнүтүнү уядан турбай чайкап балапан басып чыгарып, анан анын уядан канат-куйругу жетилип учканга чейин кам көрүп бүт өмүрүн сайып койгон энелик мээримине таң калып турду. Зыйнат ушул жерде балапан басып жаткан тоок жөнүндө энеси Аккыздын айткан бир сөзүн эстеп кетти. Ошол кезде өздөрүнүн эки-үч тоогу катары менен басып жаткан болучу. Күндөрдүн биринде ордунан турбай чырылдап жаткан тоокторду көрүп туруп Зыйнат энесинен минтип сурады:

– Апа, тооктор качан балапан чыгарат?

– Убагы жеткенде, – деди апасы.

– Качан убагы жетет?

– Жумурткадагы балапан жетилгенде.

– Аны кантип билет жетилгенин?

– Балапан жетилгенде жумурткаңы жарып өзү чыгат, чыйпылдап.

– А чыкпай койсочу?

– Чыкпаса жата берет. «Канаттуунун алоо болуп, бала үчүн күйүп турган жүрөгү, басып жаткан жумурткасынан «чыйп» деген балапандын үнүн укмайынча эч суубайт. Эгерде тоокко салган жумуртка бузулуп балапан болууга жараксыз болуп калган болсо, балапандын чыккан үнүн күтүп жата берип, акыры уяда өлөт деген» сөзү, бир эле тоок үчүн эмес, бардык канаттууга тиешелүү экен да деген ойду ойлоо менен, тигил кара мышык кайта айланып келбей жоголсо экен деп, торгойдун балапандарын ойлоп кайгырып, артын кылчактай карап санааркап келатты.

Зыйнат эмелеки ушул көрүнүштөн кийин өзүнүн энелик мээриминин торгойчолук болбой, карындан чыккан баласын ак кар, көк муз баскан бороондуу түндө Мансурдун эшигинин алдына таштай качкан өзүнүн таш боордугун өзү соттоп, өзүн өзү каргап, өзүн өзү тилдеп, эми мин-

тип өз баласы өзүнө өгөй болуп, тил табышалбай турганына бушайман болуп ой басып келатып, машинанын сигналынан селт этти.

– Зыйнат Эсеновна, – деди кабинадан башын чыгарган Ахан, – кайда баратасыз?

Зыйнат коңшусун көрүп күлүп жиберди.

– Бара турган үйүмдүн дарбазасында кулпу турганын көрүп өтүп кете берген турбайымбы, – деди эч нерсе болбогонсуп, шек алдырбай калп айтып.

– Билбейм, ушул жерде эле жакын дединиз, карап турсам кетип эле баратасыз, кетип эле баратасыз. Бир кезде эмне үчүндүр бир оокумга токтоп калдыңыз да, анан кайра бастыңыз. Сизди баруучу үйүнөн адашып калганбы деп ойлоп кеттим.

– Акылынан айнып калган экен Зыйнат эже деп ойлогон жоксуңбу?

– Жо, андай жамандык эмес эле, кээде жүрөгүм деп каласыз го, мен ошону ойлодум.

Зыйнат күлдү.

– Ал оору Толокеңиз барында, эркеликтен эмне кылаарымды билбей ооручу турбайымбы. Ал киши кеткени, ооз кесири болбосун орто жолдо операция болгонум болбосо, оң элемин го.

Зыйнат бул чөлкөмгө Сара Токсонбаеванын отпускага кеткенин угуп, өзүнүн сатык-көргөзмө залынын ачкычын алуу үчүн келгенин айттым эле го. Эсенованын бул кыл калемдеши, шаардын четинде алгачкы курулуштар жаңы эле түшө баштаган жаңы кичи райондогу али толук бүтө элек времянкада туруучу. Атайы издеп келген үйүнө бурулбай, түз басып кеткен себебин Аханга айткан жок. Айта турган иш да эмес болучу. Анткени ал дарбазасы жок аңкайып ачык турган короого чала киргизип токтоткон Шерхан Мүсүреповдун машинасынын номерин көрүп, Зыйнаттын оюна келген бир нерсе бул болду. «Ачкычка шылтоо-

лоп атайын мени издеп келген экен» деген ойдо калбасын деген кыялда бет алды басып кете берген болучу.

Жолдо машинада келатып Мүсүрепов жөнүндө ойго батты. «Тобо, сакалдуу адам да жоого түшөөрбү» дегендей, Шерхан ушунчалык жеңил ойлуу жигит беле?! Айткан сөздөрүнүн чындыгы жок, калп экен да. Балким, баягы Чолпон-Атага кетер түнү эшикти ачпай, үйгө киргизбей койгондугум үчүн түңүлүп, Сараны сагалай баштады бекен? А балким, бул экөөнүн башынан байланышы бар адамдар болсочу? – Зыйнат ушундай ойлорду ойлоп, эмнеси болсо да бир балекеттен кутулгандай жеңилдене түштү. Анан Зыйнат Ахандан минтип сурады:

– Баса, кечээ Көк-Дөбөгө барбай, жолдон кайра эмнеге келдиңер? Мен сүрөтчүлөр союзунан келсем, Салия апам айтты, Үсөн биздикинде деп.

– Анткени Үсөндүн кечээ күнү бир жери оорудубу, же балким, өзү эле эч нерсеге көңүлү келбедиби, шаардан чыкканда эле: «Көк-Дөбөгө барбайм» – деп айныды. Эч ким менен сүйлөшпөй, кабагы карыш түшүп, көздөрү жашылданып бир кызык болду. Балдардын эч кимисин укпай койду.

– А бүгүн кандай кетти?

– Бүгүн кабагы ачык. Жолдо катар «Самолётко да түшөбүз, поездге да түшөбүз» – деп барды сүйлөп. Айнаш экөө селкинчек тебишмек болушкан. Тээп жатышса керек. Апам атайы ошол Үсөн үчүн барды бүгүн.

Зыйнат, Үсөндүн кечеки кыялын угуп: «А, иттин баласы, үйүн сагына баштаган экен» – деп ойлоп, санааркай түштү...

Ушундан баштап Үсөндүн кыялы өзгөрө баштады. Бүгүн да парктан эрте келишти. Сүрөт тартууга да анчалык кызыгып, сонуркабай калды. Эртең менен туруп жатып минтти:

– Апа, бүгүн эч жакка барбай, короодо балдар менен ойноюнбу?

– Мейлиң, садага болоюн. Ошент анда.

Зыйнаттын күзгүнүн алдында чачын жазып тарап жатканын көрүп бир демге карап туруп минтти:

– Ойи-и-й, чачыңыз аябай узун экен ээ. Кантип өстүрдүңүз?

– Өзү эле өстү.

– Эмне үчүн кыркып салбайсыз?

– Мен кыркканды жакшы көрбөйм.

– Менин мамамдын чачы да жакшы.

– Узунбу?

– Жок, сиздикиндей узун эмес. Бирок узун эле. Мамамдын чачы аябай сонун да.

– Менин чачым жакпайбы сага?

– Билбейм. Менин мамам сулуу да.

– Менден да сулуубу? – деди Зыйнат эмне дээр экен деп.

– Ооба, сулуу. Сиз менин мамамды жакшы көрөсүзбү?

– Ооба, жакшы көрөм. А сен өзүң жакшы көрөсүңбү?

– Жакшы көрөм.

– Мени да жакшы көрөсүңбү?

– Ооба, сизди да жакшы көрөм.

– Мына эми оңолдуң, – Үсөндү кучактап бетинен өптү. – Тантыган тантыкейим. Мен азыр сени менен тамак ичип, үйдү жыйнап коюп ишке олтурам. Сен эмне кыласың?

– Сиздин сүрөт тартканыңызды көрөм. Бүгүн да Шерхан агайды тартасызбы? Эмне үчүн күндө эле ошону тарта бересиз?

– Бүтүшүм керек да.

– Апа, мен мамамды тартсам болобу?

– Мамаңдын сүрөтү жок да. Көрбөй кантип тартасың?

– Мейли, жок болсо деле тартам. Мен мамамды билем да.

– Тарткың келсе тарта бер анда. А дегенде карандаш менен тарт.

Үсөн, Зыйнаттын жанында былк этпей тирмийе тиктеп туруп кыл калемдин ар бир сүртүмүнөн өзүнчө эле бир жандуу көрүнүштөр жаралып жаткандай болгон сулуулукка

суктанып каректери чачырап турду. Анан тээ бир оокумда минтти:

– Апа, мен мамамды өз бөлмөмө барып тартсам эмне болот?

– Ооба, болот алдыңа кетейин.

Үсөн өз бөлмөсүнө чыгып кеткен бойдон Зыйнаттын үстүнө кирген жок. Ал оо бир оокумга чейин Жайнагүлдүн сүрөтүн кагаз бетине ойдогудай түшүрө албай, убараланып жатып чарчап кетти. Анан короодо ойноп жаткан балдардын үнүн угуп бүйрү кызып, тышка атып чыкты...

Зыйнат саатын карап убактынын ушунчалык билинбей тез өтүп кеткенине ишенбегендей, ордунан турду. Ал төрт сааттын төрт мүнөтчө көрүнбөй өтүп кеткенине ишенбегендей, саатын кайра карады. Анан кайра Шерханга кайрылып, анын тулкуна көз токтотуп, кош карегин кадап сынай тиктеп турду. Зыйнаттын көзүнө, маңдайы жаркып, кыраакы, баамчыл өткүр көздөрү оттой жанып: «Менин жүрөгүм жалгыз сен деп согуп, бирде ырдап, бирде ыйлап турганын билбей, армандуу кылдың го Зыйнат» – деп тургандай сезилип кетти. Түү, Мүсүрепов чындыгында эле келбеттүү, түсү ийги жигит турбайбы, деп өзү менен өзү сүйлөшүп турду автор. Колунан жамандык келбеген, кең пейил эр азаматтыгы менен махабаттуу шайтандыгы шайкеш келген артыкчылыгы күчтүү экен мында. «Өз баласынын сынчысы – өз ата-эне» дегендей, Зыйнат өз чыгармасы жөнүндө ушуларды ойлоп турду. Чындыгында эле Мүсүреповдун бул картинасына, анын табигат тартуулаган бардык турпаты май боёктун сырдуу касиети аркылуу даана берилген болучу. Зыйнат бул картинанын жумушу негизинен аяктап калганын көрүп, жеңилдене түшүп, Үсөндү эстеп кетти. Эмне кылып жатат экен деп ойлоп, бөлмөсүнө кирсе, столдун үстүндө жаткан тытылган баракларды, чала-була тартылган эч кимге окшобогон ботала болгон аялдын сүрөтүн карап туруп, колуна алды. «Ай байкуш балам, аракет кылып, эчтеке чыгаралбай койгон

экен. Деги Жайнагүлдүн чачын бир аз жакындатыптыр» – деп ойлоп койду, ичи жылып. Зыйнат балконго чыгып короодо ойноп жүргөн балдарга көзү түштү. Ал жерде Акпан менен Султан эле эмес, ошол өздөрү турган үйдүн балдарынын жоон тобун көрүп, алардын арасынан өз баласын таппай, балкондон үн салды сурап.

– Ай, Акпан, Үсөн кана? – деди, кардыга сүйлөп.

Зыйнаттын суроосуна Акпандан мурда, Султан жооп берди:

– Үсөн ойнобойм деп кетип калды, Зыйнат апа.

– Кайда кетип калды.

– Билбейм, үйгө кирди го.

Ар жактан дагы бир бала кошумчалады:

– Зыйнат апа, Үсөн тээ тамдын артында ыйлап олтурат. Жүрү ойнойлу десек болбой койду.

Зыйнат балдардын сөзүн угуп, өзүн дароо лифтини көздөй атты. Ал дабыш чыгарбай басып келип, тим эле эч нерсеге көңүл бурбай катуу иштеп жаткан Үсөндүн артына келип токтоду. Карап турса жаандан чөлмөктөгөн суу менен ойноп, ылайдан таш куурчактай кылып сомдоп, анан аларды уй мүйүз кылып кыркалекей олтургузуп: «Бул мамам, бул чоң энем, бул таэнем, бул папам, бул Жанат эжем, бул Асан деп өзүнчө кобурап жатты. Ал ылай колдору менен көзүн улам сүртүп коёт. Сыягы, ыйлап жаткандай туюлду Зыйнатка. «Бул күчүк үйүн сагынган экен» – деп ойлоп турду ичинен. Бирок Үсөн апасынын жанына келип, артында турганын билген да, байкаган да жок. Кокустан капысынан мени көрсө чочуп кетеби деген ойдо, Зыйнат акырын бутунун учу менен кетенчиктей берди. Ошол маалда адамдын шоокумунан дабыш алган Үсөн Зыйнатты көрүп, ордунан тура калды.

– Балекетиңди алайын бул жакта эмне кылып жатасың? – деди эне, бети-башы жашка жуулуп карала болгон уулунун ыраңын көрүп.

– Ойноп жатам.

– Булар эмне? – деди эч нерсеге түшүнбөгөн адамдан бетер, анткор сураган Зыйнат, кандай жооп берер экен деген ойдо.

– Ылайдан мамамды жасайын дегенмин. Бул мамам, бул энем, бул папам... Жөн эле оюнчук кылып ойноп жаткан болучумун.

– И, жакшы ойноп жаткан турбайсыңбы? Жүрү, тамак ичели.

– Буларды эмне кылайын?

– Эмне кылмак элең, тура берсин ушул жерде. Карачы бети- башың кантет деги. Ыйладыңбы?

– Ыйладым. Үйүмө кетким келип жатат.

– Кетесиң шашпа, мен өзүм жеткирем.

– Качан?

– Жакында.

– Жакында деген канча күн болот? Кечке эле жакында дей берет экенсиз.

– Үйүңдү бат эле сагынып кеттиңби? – Зыйнат уулун күчактап көздөрүнөн өптү. – Кой антип мени капа кылбачы, балам. Сен капа болсоң мен да капа болом, сен ыйласаң менин да ыйлагым келет. Сен чынында менин өзүмдүн баламсың да.

– Балаңыз болсом деле өзүмдүн үйүмдү, өзүмдүн мамамды сагынып жатпайымбы. – Ушул саамда Үсөндүн колдоору Зыйнаттын мойнуна ороло түштү. Анан ал көздөрүн чылк жуумп алып, Зыйнатты өпкүлөп жиберди. – Ап-а-а!

– Апа деген оозуңдан секет кетип калайын, каралдым. Ушул бойдон эле өзүмдүн балам болуп, кетпей эле койчу.

– Менин мамам сагынат да. Сиз деле башка бала төрөп албайсызбы? – деп турса болобу.

Зыйнат баланын сөзүнө ичиркенип барып, жазылды. Бармактай болгон Үсөндүн айткан сөз, сураган суроолорына эмне деп жооп берерин билбей тили буула түштү. Ал көңүлүндө: «Бул бала өлбөй тирүү жүрсө, болсо болгондой акылдуу, кыраакы, чукугандай сөз тапкан кыргыздын мен

деген таланттуу жигиттеринин бири болот экен» – деп өз жакасын өзү кармап койду. Андан дагы окууга баралек жатып, шар окуп, шар жазып, математиканы семичкедей чакканы, англис тилине болгон түшүнүгү Зыйнатты кубандырды.

Үсөндүн ушундай сөздөрүнөн кийин Зыйнат ашык сөз сүйлөп, ар кандай суроо суроодон тартынып да, сактанып да калды. Токтогул менен Ырысты келет деп кабар уккандан бери Зыйнаттын кубанычы койнуна батпай тынчы кетип, аягы жерге тийбей жүгүрүп жүрдү. А Үсөн болсо, биринчи келген күндөкүдөй оюнга көп көңүлдөнбөй, үйдөн чыкпай эси-дартынын баары Зыйнаттын библиотекасына баш-оту менен байланды да калды. Эртеден-кечке көргөн күнү сүрөт альбомдорун көрүү, анан кандайдыр эч кимге көрсөтпөй сүрөт тартуу, жомок китептерди окуу менен алаксый баштады.

Зыйнат, бул жакка жөнөөр алдында Жайнагүлдөн Үсөндүн кайсы тамакты жакшы көрөрүн сураганда минткен: «Тамакты деле көп тандабайт. Бир өкүнүчтүүсү тамакка бача. Аз-аздан чөп башылап ичет. Көбүнчө манту, чүчбара, шорпо, каттама, пирог дегендерди көңүлдөнүп жакшы жейт» деген. Ушул сөздөн кийин Зыйнаттын үйдөн даярдоочу тамак-ашынын ичинде Үсөн келген биринчи күндөн баштап, Жайнагүл айткан аш-тамактар Зыйнаттын менюсунда биринчи орунду ээледи. Азыр дагы колу бошобой жатканына карабай, саат бештеги чайга жайылган дасторкондун ажарын ачып, мейиз кошуп үч кабат кылып бышырган пирог аромат жытын аңкытып Үсөндү күтүп турду.

– Үсөнтай! – деди Зыйнат, чечекейи чеч болуп. – Алдагы сүрөт-пүрөтүңдү коё турчу, чай ичели.

– Азыр, апаке! – Эмне үчүндүр өзүнүн кандайча «апаке!» деп жибергенин өзү да билбей калды. Ал Зыйнатты эмес эле, Жайнагүлдү эстөөдөн «апаке» деп жатканын Зыйнат түшүнө бербеди. Бирок Үсөндүн ушул «Апаке» деген

сөзү, эненин көңүлүн канчалык көтөрүп, ага канчалык демкүч берип жатканын ал кайдан билсин.

Үсөн залга кирип күлүп жиберди. Бул пирогду Зыйнат жасабай эле, өз мамасы Жайнагүл жасагандай болуп туюлду балага. Бир тилимин алып айландырып карап, жыттап туруп бурдуга бир чоң тиштеп алды. Анан стулга олтурган калыбында көздөрүн жуумп, өзүнчө сүйлөп жаткан сөзүн укkан Зыйнат, көтөрүп келаткан чайнегин кармаган бойдон токтоп тура калды. Ошол саамда эненин кулагына Үсөндүн мындай деген сөзү угулду. «Мамамдын бир жагында мен, бир жагында Асан олтурат, төрдө чоң энем олтурат, анын бери жагында папам, анан Жанат эжем олтурат. Анан Үсөн бир демге унчукпай тымтырс боло түшүп эле бир кезде: «Мама мен силерди сагындым!» – деп үнүнүн бардыгынча кыйкырып ордунан тура калса болобу!

– Кагылып кетейин, сага эмне болду? – деп жиберди Зыйнат. – Эмне үйүңдү ушунчалык сагынып кеттиңби?

– Ооба, мамамды сагындым.

– Кечке эле сагына бересиңби, сагынсаң барасың да. Олтур чай ич. Үйүңө барганда мени да сагынасыңбы? – Жанына келип кучактап маңдайынан сылап, эркелетип бетинен өптү. – Аэропортко барып меймандарды тосуп келелиби, ыя Үсөн, барасыңбы мени менен?

– Барам. Бүгүн конок келет да, ээ апа!

– Ооба, таякем келет, тажеңем келет. Айгерим деген Айдай сулуу кызым келет?

– Айгерим сиздин кызыңызбы?

– Ооба, кызым. Үч айдан жаңы элеашты.

– А күйөөңүз кайда? Атасы жакшы көрөбү кызын?

Үсөндүн сөзүн угуп Зыйнаттын оозу ачылып калды. «Ойлобой сүйлөгөн онтобой ооруга жолугат» деген ушул деп ойлоду. Кайдан да Айгеримди айта салдым эле. Тобо, эми бул балага эмне деп жооп берем? Үсөн мени таза талуу жерден кармады го. Чоң адамга караганда, кичине балдардын сөзүнө жооп бериш оор болоорун ойлогон эмес элем.

Түү, көргүлүктү өз баламдан көрөт окшобоюмбу. Зыйнаттын оюна оңчулуктуу жооп келбей турду. Аңгыча болбой оңдой берди болуп, телефон шыңгырап жиберсе болобу. Зыйнат ордунан учуп туруп трубканы көтөрдү.

– Алло! Алло! И, угуп жатам! Жакшы, – Зыйнат Толкунбектин үнүн таанып апкаарый түштү.

– Чалып калыптырсың?

– Үсөндү билейин деп эле звандап калдым. Кандай, жакшы турасыңарбы?

– Жакшы эле. Өзүңөр кандай турасыңар?

– Турабыз биз деле. Жентек берип жатасыңбы?

– Ананчы, берип жатам.

– Үсөн кандай жүрөт, сагынбайбы бул жакты? – деди Толкунбек.

– Кандай жүрмөк эле, жүрөт ойноп. Байбичең жакшыбы деги?

– Силер жакты ойлоп, баласына тынчсызданганы болбосо жакшы эле. Канынын басымы кээде жогорулап, кээде төмөндөп бир кызык болуп жатат. Бул да болсо Үсөндүн кесепетинен пайда болгон оору да мунуку.

Зыйнат сүйлөшүп жаткан сөзүнүн кыязынан шектеген Үсөн апасынын жанына чукул келип токтоду.

– Ким ооруп жатыптыр ыя, апа? Менин өзүмдүн мамам эмеспи?

– Түз эле өзүмдүн мамамбы дейсиң да, каралдым. Башка бирөөнү айтса деле сенин мамаң болуп калабы? Бар, балдар менен ойно. Тигине тышта Акпан чакырып жатат, – деди, трубканы бир кулагынан экинчи кулагына которуп, – угуп жатасыңбы биздин сөздү?

– Угуп жатам. Ал ошондой бала. Эмнеси болсо да кубанычың кут болсун.

– Ырахмат. Менин кубанычыма чын пейилиң менен тилектеш болсоң, ошол жерде эле бирдеме дейт элең го. Айлаң жок, Үсөн үчүн чалып жатасың да.

– Айтасың да эми. Чын сырымды айтсам, өлгөн балабыздын тирүүлүгү, менин өзүм үчүн эмес, жалгыз сен үчүн мени кандай кубанычка бөлөгөнүн сөз менен айтып түшүндүрө да албайм, ишендире да албайм, алтыным. Чынында, Кудайың бар, колдогонуң күчтүү аял турбайсыңбы? Бирок Жайнагүл үчүн Үсөндүн ажытынын ачылышы өтө оор болуп калды. Мени сага телефон чалдырып жаткан да Жайна. Биздин үйдүн телефону силер кеткенде иштебеген бойдон турат. Мен сага почтадан чалып жатам. Телефон иштеп турган болсо, сага ал өзү чалмак. Менде дагы бир кыжалат иш болуп турут. Жакан мени иш боюнча Алматыга чакырып жатат. Алиги Ысык-Көлдөгү Казакстандын пансионатына кошумча жаңы курулуучу объектиге прораб болууга, конкурста менин кандидатурам өтүптүр. Жакында барышым керек.

– Андай Алматыга келе турган болсоң. Жайнагүлгө ачык айтып эле макулдашып, Үсөндү өзүң ала кетпейсиңби? Келгени жарым ай болбой жатып сагына баштады.

– Дагы жакшы чыдап жатат. Мен аны эртеси эле, «үйүмө кетем» деп беймаза кылат го деп ойлогон болучумун.

– Жок, анткен жок. Жакшы эле келди, жакшы эле жүрдү. Акыркы эки-үч күндөн бери тынчы кетип жатат. Ал балаң дал сенин өзүңдү тартыптыр. Көзү илинсе эле сага окшоп бирде мамасын, бирде Асанды чакырат, ыйлайт.

– Бир жакшы жери ал сенин эне экениңди билет да. Атам маркум ошондо эле ачык айтып салбады беле. Ал аз болсо Жайнагүл өзү да айтты. Эми баланы бала кылып боюңа тартып алыш өзүңдөн. Мен сенин энеңмин деп, ишендирүүгө аракет кылышың керек. Жашыра турган эч нерсе калган жок.

– Айтпай жатат дейсиңби аны. Бир эмес миң айтсаң да ага баары бир. Үсөн үчүн жер жүзүндө жаралган бир гана сулуу, бир гана акылдуу, жакшы аял бар. Ал – Жайнагүл. Жайнагүлдү сүйлөсө эле: «Менин өзүмдүн мамам» – деп

тура калат. Мурункуга караганда маган деле үйүр алып, жакынсып калды. Бирок анын «өзүнүн мамасына» тең келиш кайда! Мейли, Жайнагүлдүн баласы болуп эле аман жүрсүнчү. Менин эне экенимди түшүнүп, баалай турган мезгил да болоор. Ал күндүн келерине көзүм жетет. Ага эч шашылбаймын. Мен оюмда, Үсөндү өзүм алып барып, Жайнагүлгө өз колум менен тапшырып берейин деп ойлогон болучумун. Сен бул жакка келсең жакшы болот экен. Өзүң ала кет. Же анда болбой калабы?

–Ойлонуп иш кылалычы, Зыйнат. Сагынса сагынып жүрө турсун. «Жылкы кишинешкенче, адам сүйлөшкөнчө» дегендей, адам бири-бирине үйүр алып, бирин бири толук билип, бирине бири түшүнгөн сайын жакындык да ошончолук күч алат. Менимче, өзүң айткандай, Үсөндү өзүң жеткиргениң эле оң болгону турат го. Мен Алматыга барсам, сага барайын деп ойлогон болучумун. Мен барсам, уулуң келгенде: «Папам барды» – десе, болбой калат го. Сага ишенип, ниети агарып турган неменин көңүлүнө кетип калып жүрбөсүн.

–Акылдуу аял кантип жамандык ойлосун. Сен экөөбүздүн кайнаса каныбыз кошулбай калганын түшүнбөйт деп ойлойсуңбу?

–Баланын сөзүн сүйлөйсүң да. Миң акылдуу болсо да, адам деген адам, аял деген аял да. «Кулак укса курсак кайнайт» деген сөздү уктуң беле? Бирок чынымды айтсам, мен сени эч унуталбай койдум. Сени сүйөөрүмдү да, жакшы көрөрүмдү да, сенин катыңды алып, өзүмө боштондук бергениңди окугандан кийин түшүндүм. Көрсө, Жайнагүл деп, бала деп жүрүп сага болгон өз махабатымды өзүм билген эмес турбайымбы.

–Ошондой дечи. «Колдо бар алтындын баркы жок» деген ошол. «Бир көңүлгө эки тилек сыйбайт» деген сөз бар бир жомокто. Тилек го тилек. Бирок бир жүрөккө эки башка сүйүү кантип сыят болду экен, ыя укмуш, – деди Зыйнат, Толкунбекке келекелүү суроо берип.

– Сыйганы ошол да, – деди Толкунбек айтканынан кайтпай.

Бириң кайың, бириң тал,
Бириңди айтсам, бириң бар.
Бириң шекер, бириң бал,
Бириңди айтсам, бириң бар, –

деген ыр саптары бекеринен эле чыга койбосо керек. Ал эми атактуу Жеңижок акындын:

Ашыклык баркын билеби,
Аруулап сулуу сүйбөгөн... –

деген ырына эмне деп жооп айтаар элең.

– Ой койчу, аягы суюк эркектердин сүйүүсү да сүйүүбү?

– Жок, алтыным жаңылышасың. Жеңижок деген аягы суюк эркектерден болгон эмес да. Адам деген адам, көңүл деген көңүл. Балким, Көксулуудан башка дагы бир махабаты түшкөн кимдир бирөөлөрү болсо болгондур.

– Болуптур, болсо болгондур. Бир сөз менен айтканда мени сүйөөрүңдү «Төө кыядан өткөндөн кийин» сезген экенсиң да. Рахмат сага.

– Сага ырахмат. Сенин махабатыңа татыктуу болалбадым го мен, кечирип койчу, – деди Толкунбек.

– Жашыруун болбосо, бир сөз сурасам жооп бересиңби?

– Сурап көр, угуп көрөйүн.

– Байбичең менен кандай жашап жатасың? Сени кандай кабыл алды? Ажырашып, анан кайрадан табышып бирге жашоо мурункудай эле махабаттуу кусалык менен толук кандуу сүйүү болот бекен, же?

Толкунбек бир оокумга чейин буула түшүп, улутунуп алып минтти:

– «Өтө кызыл бат оңот, өтө ысык бат сууйт» дегендей, чынымды айтсам, мындай чоң бурулуштан кийин ынак сүйүүлөр мурункудай болбой солгун тартып, сууй түшөт

экен. Көрсө, бири- бирине болгон ишенимден чыгуудан оор жоготуу болбосо керек. Мындай абалдан кийин адамдын көңүлү эле сууп тим болбостон, кыялы да, мүнөзү да өзгөрүп кетүүчү неме болот окшобойбу. Жайнагүлдөн баякы мен билген, мен сагынып жүргөн аялдык лазатты таппай калдым.

– Калп айтпачы, Толкунбек, – деди Зыйнат, – кантип эле ошондой болсун. Ошондой болгон күндө да сен айтпагын андай жагымсыз сөздү. Балким, акырындык менен калыбына келээр. Көңүлүн табууга аракеттенгин да.

– Сен чындыкты сураганыңдан кийин мен да чындыкты айтып жатам. Балким, өзүң айткандай акырындык менен калыбына келер. Көрөм да.

– Жакшыны жакшы деш керек. Чындыгында эле сен сагынып, куса боло тургандай келин экен. Башкалар айтса ишенбейт элем. Сага да ишенүүчү эмесмин, өз көзүм менен көрүп келдим го. Аман болсун, алтындай болгон аялың бар турбайбы.

– Билбейм эмне кылышты, ал азыр кабагы карыш түшүп, жүзүнөн күлкү качкан мерес, тоң адам болуп өзгөрүп кетти. Үсөн кеткенден бери ыйлап жатып андан бетер болду. Анын үстүнө ден соолугу да болбой жатат.

– Догдурга көрүнбөйбү. «Жатып өлгөнчө атып өл» дегендей. Аракет кылыш керек да.

– Аны айтсак өз дартымды өзүм билем деп, ооруканага эмес, догдурга көрүнбөй жатат.

– Врачтар эмне дейт?

– Эмне десин, нервден дейт.

– Эгерде чындап эле Үсөн үчүн ооруп жаткан болсо, дарысы оңой турбайбы. Оштон бүгүн таякемдер келмек, Үсөндү көргөнү. Алар келип кетери менен өзүм алып барам баланы.

– Кап, атаңдын көрүнүн турмушу ай, сени убара кылбай эле, өзүм барганда ала кетсем болот эле. Бирок «Бардырбасың бардырбас» дегендей болуп жатпайбы.

– Ал жөнүндө сүйлөшпөдүкпү. Алматыга келсең кел, бирок биздикине келем деп ойлобой эле кой.

– Жок дегенде учурашалы да.

– Жок, жок, учурашпай эле кой. «Карыш ажыраган карыганча көрүшпөйт» дегендей, экөөбүздүн соодабыз биротоло тамам болду го.

– Сагынган жоксуңбу? Бир күнү көрбөй калсаң куса болуп кетүүчү элең го. Кандайча бат эле унутуп калдың? Же менден башка тапканың барбы?

– Сага болгон махабатымды да, рахатымды да Жайнагүл менен сенин балдарың үчүн курмандыкка чалып койгонумду билбейсиңби? Түкүргөн түкүрүктү, кандай адам кайра алып оозуна салат болду экен?

– Кайрылышмай жок дечи.

– Кайрылбайм. Андан көрө Жайнагүлдүн тилегин тиле.

– Жеке эле Жайнагүлдүн тилегин тилебестен, сенин тилегиңди да тилейм, Зыйнат. Ойлонуп көр, алтыным. Ортодо Үсөн бар эмеспи. Көп эле адамдар эки аял алып жатпайбы. Сен макул болсоң, Жайнагүл деле жок дебес.

– Жок жомокту айтып, башымды оорутпа, Толкунбек. Жайнагүлдүн ооруган жүрөгүн, эми экинчи ооруткум келбейт. «Жакшылыкка жакшылык кылыш ар адамдын иши, жамандыкка жакшылык кылыш эр адамдын иши» дегенди билесиңби. Ал билсең «Жамандыкка жакшылык кылып олтурган» аял. Ошону кандай билбейсиң? Болду эми сөздү кыскарталык. Өтө көпкө сүйлөштүк. Жайнагүлгө салам айтып кой.

– Жарайт, жакшы тургула. Үсөндүн бетинен өөп кой...

... Зыйнат Толкунбектин сөздөрүн ойлоп санаасы сандап, кыялы кымкуут болуп олтурду. «Өбөөргө жок элем, теберге болдум» дегендей, кечээ жакында эле Толкунбектин көзүнүн агы менен тең айланып, аны ар кандай айлаамал менен кармап туруучу адамдын минтип, түштөн кийин жүрөгү жарылып, Зыйнаттан ажырагысы келбей, кайрадан анын колун сурап, жалдырап турганына бирде то-

луп, бирде бөксөрүп, айран-таң болуп турду. Зыйнаттын жакшы сапаттарынын бири, адамдын көңүлүн оорутпаган жумшактыгы, анан боорукерлиги менен кайрымдуулугу, айтканынан кайтпаган бир мүнөздүүлүгү эле. Анын канжаны менен бирге жаралып, бирге бүткөн бул тубаса мүнөзүн эч бир күч майыштыра алуучу эмес. Анан калса топурагын бир жерден алгансып, Зыйнат менен Жайнагүлдүн пейилдеринин бири-бирине шайкеш келип калышы өзүнчө эле бир бакыт болду. «Эки жакшы жайлоого чыкса кудалашып түшөт, эки жаман жайлоого чыкса кубалашып түшөт» дегендей, канчалык эки тарапта тең «Күнүлөштүн күлү жоо» болуп турса да, Үсөндүн айынан болгон аргасыз алгачкы беттешүүдө эле Жайнагүл менен Зыйнаттын ар биринин жүрөгүндө жүргөн темир тосмолор кандай ыргып кеткенин өздөрү да билбей калышкан эмес беле. Анткени «Адам өз жамандыгын өлгөнчө билбейт, киши жамандыгын кирип чыкканча билет» дегендей, экөө бирин бири ошон үчүн тез таанып, бирин бири тез түшүнүшкөн турбайбы...

Зыйнаттын баш-аягы аралашып, чалды-куйду түшкөн оюн тыштан ыйлап кирген Үсөн бузду. Ал босогону аттаар-аттабастан эле энтиге сүйлөп, көз жашын колунун сырты менен жанып алып минтти:

– Апа-а-а! Мен үйүмө качан кетем?

Зыйнат баласынын ырайын бир демге тиктеп туруп күлө сүйлөп минтти:

– Оо, сенин кебетеңдин алдына кетейин, күчүгүм, – ордунан козголо берип кучагын жайды, – келчи мага. – Үсөн басаар-басмаксан болуп, жаштуу көздөрүн балбылдатып, жанына келип токтоду. А Зыйнат болсо обдула түшүп, баласын кучагына алып, бооруна кысып, ботала болгон жүзүнөн аймалап, туш келди өпкүлөп жиберди. – Шашпа, жакында кетесиң, каралдым. Мен өзүм жеткирип барам сени. Карачы бетиң да кир, колдоруң да кир. Дагы ылай менен илээштиңби? Эмнеге ыйладың? Ыйлаба. Барып жу-

унуп келчи. Азыр экөөбүз бир аздан кийин аэропортко барабыз.

– Ыя, апа, мен үйүмө да самолет менен кетеминби?

– Ыйлабай, үйүңдү сагынбай жакшы жүрсөң самолет менен кетесиң. Тилимди албасаң, автобус менен жиберем.

Үсөн, Зыйнаттын сөзүн угуп, сүйүнгөнүнөн эркелеп кетти:

– Ап-а-а! – деп көздөрүн жуумп, Зыйнаттын мойнуна колун артып кучактап калды. – Эми мен такыр ыйлабайм, үйүмдү да сагынбайм. Мен сизди жакшы көрүп калдым.

– Мени жакшы көргөнүң чын болсо, кетпей эле койчу.

– Мамам мени сагынат да.

– А сенчи? Сен да сагындыңбы мамаңды?

– Ооба, мен да сагындым. Асанды да сагындым, чоң энемди да сагындым, Жанат эжемди да сагындым, Рексти да сагындым. Баарын сагындым.

– Итиңди да сагынган экенсиң да. А папаңды сагынган жоксуңбу?

– Папамды кичине эле сагындым. Мен кайра бат эле келем да.

– Алдабайсыңбы?

– Алдабайм, чын айтып жатам.

– Келе колуңду! – Экөө кол алышты. Кантээр экен деп Зыйнат дагы суроо узатты. – Ыя, Үсөн, мен сага ким болом, чыныңды айтчы?

– Апам болосуз. Мени кичинемде мамама берип койгонсуз да.

– Эң туура айттың. Мен сени кичинеңде өзүм окууга кетип жатып багалбай Жайнагүлгө берип койгомун. Муну сага ким айтты эле?

– Мамам айткан. Апа, менин тарткан сүрөтүмдү көрөсүзбү?

– Көрөм. Сен сүрөттү көрсөтөөрдөн мурда ваннага кирип жакшылап жуунуп чык. Экөөбүз сүрөттү андан кийин көрөбүз.

Үсөн жуунгандан кийин, дароо өз бөлмөсүнө кирип, сүрөт тарткан альбомун көтөрүп чыгып артына кармап түрдү.

– Кана, эмнени тарттың экенсиң, көрсөтчү?

– Жаман болсо күлбөйсүзбү?

– Эмнеге күлмөк элем, күлбөйм, балам.

Бала альбомду Зыйнаттын алдына койду. Өзү барактап, бир бетти ачты да, өзү кетенчиктей берди.

– Кечээкиден башка го бул?

– Ооба, башка.

Зыйнат бул кичинекей таланттын альбомдогу жаңы тарткан сүрөтүн бир оокумга чейин карап туруп эч кимге окшобосо да, чачы далысына түшкөн аял сөлөкөтүн көрүп, өзүнүн жанында «эмне деп айтаар экен» деп алагар көздөрүн балбылдатып, кыпылдап турган уулун жадырай карады.

– Жайнагүл Казиевна го. Чачы ушундай да.

– Ооба, өзүмдүн мамам. Чачы окшоптурбу ыя, апа?!

– Ооба, окшоптур. Азамат турбайсыңбы. Секет кетейин келечегим менин, орун басарым менин. Мен сени мынчалык деп ойлогон эмес болучумун. Бара-бара такшаласың да, өсөсүң да. Өмүрлүү болсоң экен. – Кучактап бети-башынан туш келди аймалап өпкүлөп жиберди. Зыйнаттын оозуна кубанычтан башка сөз кирбеди. Кенедей болгон бул нәристе таланттын көңүлүн оорутуп, иренжитип албайын деп ойлоп кемчилиги жөнүндө ооз ачпады.

– Билесиңби, Үсөн, адамдын сүрөтүн тартканда, анын өзүн же болбосо сүрөтүн карап туруп тартат. Ошондой болсо да сен азаматсың.

– Мамамдын сүрөтү жок да бул жерде. Бирок мамамдын бүт келбети, сулуу жүзү, көздөрү көзүмө көрүнүп турса да, чачынан башкасын жакшы окшото албай койдум.

– Бармактай сен эмес, такшалып калган мен дагы адамды тартканда өзүн олтургузуп алып, өзү болбосо сүрөтүн карап туруп тартамын. А сен болсоң, мамаңдын

элесин көз алдыңа келтирип олтуруп тарттым деп жатпайсыңбы. Азамат турбайсыңбы, балам. Кана, ошол мамандын сүрөтү үчүн бир жакшылап өптүрүп койчу. – Зыйнат Үсөнгө дүйнөдө эмне деген жакшылык болсо, ошонун баарын тилеп, көкөлөтө көтөрүп алып чарк көпөлөк айлантып жатты...

– Аэропортко качан барабыз, ыя апа?

Зыйнат колундагы саатын бир карап алып, Үсөндүн алъбомун столго койду.

– Убакыт болуп калган турбайбы. Жүрү кеттик. Же сен барбай эле балдар менен ойноп турбайсыңбы?

– Барайын да, апаке!

– Апа деген оозундан секет кетейин каралдым. Ушул апа деген сөзүң үчүн садага чабылып кетким келет сага.

– Апа десем жакшы көрөсүзбү мени?

– Албетте, жакшы көрөм.

– Апа дебесем жаман көрөсүзбү?

– Ооба, анда капа да болом, жаман да көрөм. – Эркелетип дагы өптү.

– Жаман көрсөңүз көрө бериңиз, – Үсөн Зыйнат өпкөн бетин алаканы менен аарчый берип минтти. – Кечке эле өбө берет экенсиз. Мен өзүмдүн мамамды сизден жакшы көрөм.

Зыйнат Үсөндү чычалатмакка тийиштик кылып минтти:

– Койчу ай, ошол жаман мамандыбы. Анын эмнеси жакшы?

– Менин мамамды жаман дедиңизби, мен дагы сизди жаман көрөм анда. – Үсөн ыйлап жиберди. – Мен сизди калп эле «апа» деп койгон болучумун. Сиз мага апа эмессиз.

Зыйнат Үсөндү элейе карап аңкая түштү. «Бул бала мени маймылдай ойното турган болду. Тобо ушундай да тапан бала болобу?» Ал оо бир оокумда минтип сурады:

– А эмне үчүн калп эле апа дедиң? Чоң кишини да алдайт бекен? Анда мен таарындым сага.

– Мейли, таарынсаңыз таарына бериңиз. Бир баланын бир эле мамасы, бир эле чоң энеси болот да. Сиз калп ай-

тат экенсиз. Калп айткан кишини Кудай жакшы көрбөйт. Билесизби кандай кишилер калп айтат?

– Сен өзүң айтчы мага, кандай кишилер калп айтат?

– Жаман кишилер калп айтат.

– Мен сага эмне деп калп айттым?

– Азыр айттыңыз го мамаң жаман деп.

– Сен өзүң деле калп айтып жаткан турбайсыңбы, мени калп эле «апа» деп.

– Мен апа десем сүйүнүп жатпайсызбы. Сизди сүйүнсүн деп эле «апа» деп жатпайымбы.

Зыйнат Үсөндүн сөзүн угуп, оозу ачылып калды. – Кудая тобо, балдардын баары эле Үсөнгө окшоп тапан болобу, кандай?! «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» дегендей, кимисин тартып калды экен! Мунун көргөн-өскөн тарбиясында өзгөчө бир күч болуш керек. Түз сүйлөөгө, түз жүрүүгө, калп айтпоого жакшы үйрөткөн экен. «Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети» дегендей, Жайнагүл жаман аялбы, Кына жаман кишиби, Толкунбекти айтпаганда да, маркум Мансур аяш атам жаман киши беле?! Же балким, Кудай жараткандагы дээриненби? Мени апа дебесе дебей эле койсунчу. «Апа!» деп айтыш бул бала үчүн оңайчө эле бир чоң иш болду го. Менин трагедиялуу тагдырыма азыр болбосо да бир убакта түшүнүп кайгырар бекен!? – деп ойлоп, өкүрүп ыйлагысы келип кетти.

Зыйнат, Зыйнат болуп, башына жоолук түшкөнү, төрөбөй жүрүп никесиз жардан бирди туун, апасынан түш көргөндөй ажырап калган бул бейбак, бала тарбиялап, бала өстүрүп көргөн жок да. Ошол үчүн Зыйнаттын түшүнүгү боюнча, баланын баары баладай, маңыроо, эч нерсени билбеген момун болуш керек деген түшүнүктө жүргөн кезинде, минтип Үсөндүн тирикарак, сезимталдыгына туш болуп бирде кубанса, бирде жамандыктан жыт алгансып, кулагынан үркүп чочулап турду...

Зыйнат аэропортко бараткан жолдо ою онго, санаасы санга бөлүнүп бирде өчүп, бирде жанып келатты. Кечээ

жакында эле, Үсөндөн кабары жок, кыздуу болом деген ой кыялына келбей, жалгыз Толкунбек деп жашап, чыгарма деп кош канатын каккылап, Ала-Тоонун ак куусундай эркин учуп жүрүүчү Зыйнат, бүгүн минтип, бала деген балдан таттуу кереметтүү сыйкырга арбалып турган кези. Үйүнөн узап Курмангазы проспектисине бурула бергенде, Макетаев көчөсүнөн өтүп бараткан Мерседесте олтурган Шерхан Мүсүрепович менен Сара Токсонбаеваны көрүп жүрөгү удургуй түштү. Зыйнат Сараны салмагы сайдын ташындай токтоо, нарктуу келин деп ойлоочу. Күйөөсүнүн бала-чакасын таштап, башка аялга чыгып кеткенине жыл толо элек. Үч баланын энеси. Бул аялга «эч ким сөз айтпаганынан эле, тымпыйып тынч жүргөн экен» деген ой Зыйнаттын көңүлүн аралап өттү. Сара менен машинада жанаша олтурган Мүсүреповду көрүп, «Бирөө чалма деп ыргытса, бирөө аны алма деп алат» деген макал эсине түшүп кетти. Бир кезде Зыйнат Мүсүреповдун өзү эле эмес, даңкы далайга кеткен чыгармаларына суктана карап, сугу түшүп окучу. Анын айрым чыгармаларын кайталап окуп, канча жолу рахатка батканын али унута элек. Өзгөчө Толкунбекти сүйүп, Толкунбек деп күйүп, дарысы да, дабасы да жок жүрөктөгү махабат отун өчүрө албай далбас уруп жүргөн кезде, Шерхандын чыгармалары Зыйнат үчүн баасы жок байлыктай сезилүүчү. Казак жерине келгенге чейин өңчөй орус тилине которулган чыгармаларын окуп, Мүсүрепов деген кандай адам болду экен деп, бир көрүүгө дилгир болуп жүргөн кезде, сыртынан көрүп: «Атына жараша заты бар жигит экен» – деп ойлоп, көңүлү көккө сермелген. Анда Зыйнат Алматыда Толкунбек менен бирге жашап жаткан мезгили болучу. А бирок кийин жакындан тааныша баштаганда, Галиядан кабарын угуп «Киши экен десем сарт экен» дегендей, баякы алоо болуп толуп турган жакшы көңүлү кайт болуп, сууй түшкөн болучу. Азыр да Сараны көрүп, «Тобо, таланттуу адамдардын сүйүүсү ушун-

чалык чаржайыт болуучу немеби? А балким, жаратылыш мындай адамдарга эненин ичинде жатканда эле талантка кошуп, махабат деген кош талантты кошо береби деп ойлоп, өзүнөн алыстап, Сарага ооганына кубанып келатып, аэропортко кандай жеткенин да билбей калды.

– Сиз эмнени ойлодуңуз, ыя апа? – деди Үсөн.

– Мен эч нерсе ойлогонум жок. А сен өзүң эмнени ойлодуң? – деди Зыйнат анын: «Мен сизге калп эле апа деп койдум» деген сөздөрүн эстеп, башын чайкап күлүп койду, башынан сылап.

– Мен мамамды, Асанды, чоң энемди, Жанат эжемди, папамды ойлодум. Анан Рекисти эстедим. Сиз билесизби, Асан менден кичүү экен. Мен андан мурунураак туулган турбайымбы. Чоң атам билбей эле биз төрөлгөндө аттарыбызды алмаштырып коюптур.

Зыйнат Үсөнгө жалт карады.

– Кандайча алмаштырып, түшүнбөдүм.

– Эгиз балдардын кимиси мурда төрөлсө, ага Асан деп коюш керек экен. Ал эми кийин төрөлгөнү кичүү болуп, ага Үсөн деп коёт тура.

Зыйнат Үсөндүн төрөлгөн мезгилин эстеп жүрөгү сызыла түштү. Булар жеткенде самолёт Оштон жаңы эле келип конуп жаткан болучу.

– Зыйнат Эсеновна, мен машинанын жанында эле калайынбы? – деди Ахан машинадан түшүп жатып.

– Эмне үчүн, чогуу эле басалы.

Алар аэропорттун ичине киргенде, самолёттон түшкөн жүргүнчүлөрдү ташуучу автобус да келип калды. Токтогул карыянын көркүнө көрк кошуп, ак жуумал жүзүнө жарашып турган көгала болгон сакал-муруту жайкалып, сын-сыпаты келишкен салабаттуу карыя менен Ырыс байбиче, көкүлү маңдайына түшкөн, алданемедей кийинткен балтыр бешик Айгеримди көтөрүп машинадан түшүп жатышты.

Аларды көргөн Үсөн Зыйнатка минтти:

– Тигил абышканы тааныйм. Ал киши менин чоң атама дем салган болучу. Сиздин таякеңиз ушул кишиби?

– Ооба, ушул киши.

– А жанындагы аял ким болот?

– Тажеңем.

– А эми билдим, сиздин кызыңызды баккан апа да. Айгерим кичинекей ляля турбайбы.

– Анан сен чоң кыз деп ойлодуң беле. Айттым эле го кичине деп.

– Сиз өзүңүз төрөгөнсүз ээ?

– Ооба, өзүм төрөгөмүн.

– Анан төрөп эле берип койдуңуз беле? Эмчек эмбейби ал кызыңыз?

– Ооба, берип койгомун, – деди Зыйнаттын жүрөгү зырп деп. «Эмчек эмбейби?» деген суроого жооп бералбай, тажеңе, таякесин көздөй басып, Үсөндү алаксыткысы келип, дароо тигилерге алыстан салам айтып шаңк этти. – Саламатсыздарбы? Кандай, самолётто кыйналбай жакшы келдиңиздерби?

– Ооба, жакшы эле келдик. Арба балам, – деди Ырыс, кучагындагы көтөргөн баласына курсант болгондой мактанычтуу өөдө көтөрүп, өзүн кучактай калган Зыйнатты бетинен өөп.

– Бар болуңуз, – деди да, арт жакта келаткан Токтогулга бой урду. – Таяке, күүлү-күчтүү, жакшысызбы? – өпкүлөп жиберди.

– Жакшы элемин, балам. Бешик бооң бек болсун. Кубанычыңа кубаныч, дөөлөтүңө дөөлөт кошулсун. Уулуң экөөң тосуп келген турбайсыңарбы? – Үсөндү көздөй умтулду. – Оо, айланайын, келчи өөп коёюн. Кудай берет деген ушул. Өмүрлүү, бактылуу бол, карагым.

– Ме, кызыңды алчы, – деди Ырыс. – Жээним менен учурашайын.

– Уулумдун көрүндүгүн бербейсиңерби?

– Беребиз, балам, беребиз. – Үсөндү кайра-кайра өпкүлөп, кайра-кайра жалынып жатты. – Кудая тобо, Толкунбектин эле өзү.

– Мага эч жери окшобойбу?

Ырыс баланы бир демге тиктеп туруп минтти:

– Көзү менен оозу сага окшош экен. Тиктеп турушун карабайсыңбы?

Үсөн мостоё түшүп, күңк этти:

– Сиз калп айтып жатасыз, мен өзүмдүн мамама окшошмун. Мени Зыйнат апамдын баласы деп баарыңар эле айта берет экенсиңер. Мен машина тоскон жерге барып үйүмө кетем. – Ошол жерден ай-буйга келбей, ыйлаган бойдон бурулуп чымын- куюн болуп жөнөп берсе болобу. – Мамама айтам силерди.

Зыйнат Айгеримди Ырыска кармата салып, Үсөндүн артынан жүгүрдү.

– Үсөн! Токто. Адашасың. Бул жактан үйүңө кеталбайсың. Сени мен өзүм алып барам...

А Үсөн болсо, бөрүдөн качкан эликтин чаарчыгынан бетер, артын улам кылчактай карап коюп, чымын-куюн болуп чоң жолго түшүп алып учуп баратты. Ушул маалда ар жакта келаткан эки милиционер менен дагы бир эки-үч жигит Зыйнаттын жүгүрүп келатканын көрүп, бет алды өлөөр-тирилерин билбей безип бараткан баланын алдын торой басышып келип токтотушту.

– Эмне, апаңды укпай качып баратасың. Жаман бала окшобойсуңбу, тартиби жок. Апасын укпай, өз билгенин жасаган жаман балдарды камап салаарыбызды билесиңби.

– Ал менин апам эмес.

– Апам эмес? Анан ким болот сага?

– Сүрөтчү.

– Сүрөтчү? Кандай сүрөтчү? Фамилиясы ким?

– Эсенова?

– Эсенова дейсиңби? – Тургандар бирин бири карашты. – Кызык, үйүң кайда сенин?

– Чолпон-Атада.

– Кыргызсыңбы?

– Ооба, кыргызмын.

– Бул жакка эмнеге келдиң эле?

– Сүрөт тартканды үйрөнгөнү.

Жигиттер күлүштү.

– Сүрөтчү болоюн дедиң беле? Эчедесиң?

– Жетидемин. Байкелер, мени машинеге салып жибергилечи, үйүмө.

Тургандардын кимдир бирөөсү минтти:

– Бул жубарымбек оңбогон бала окшойт. Эсенова дегенине караганда алиги кыргыз аял бар го биздин шаарда жашаган художник. Ооба, ошол болуш керек.

– Ооба, туура айтасың, бизде андан башка Эсенова деген сүрөтчү жок да.

Булар ушунтип жатканда, энтиккен Зыйнат келип токтоду.

– Ырахмат айланайындар, ырас кылбадыңарбы?

Турган жигиттердин бири минтти:

– Сиз Мансуровдун жолдошу эмессизби?

Зыйнат жигитти жалт карады.

– Ооба, ошонун аялымын.

– Мен Жакан Усаевдин бөлөсү болом. Баякыда Толкунбек болуп ошолордукунда чогуу болбодук беле?

– Аа, эми тааныдым. Атыңыз Тезекбай беле?

– Ооба, Тезекбай. Бул бала эмнеңиз болот?

– Өзүмдүн балам, – деди Зыйнат. Башка киши тарбиялап чоңойткон. Ошон үчүн баш бербей, баккан ата-энесин сагынып качып жатпайбы убара кылып.

– Сиз Зыйнат эже турбайсызбы, –деди жигиттердин дагы бири. – Жакында сиздин «Сатык-көргөзмөңүз» ачылбадыбы. Билебиз.

– Ооба, ачылган.

– «Баатырдын атын алыстан ук, жанына келсең бир киши» дегендей, сиз менен кезиккенибизге кубанычтуубуз.

Кечирип коюңуз, уулуңуз өтө тентек окшойт. Минтип качып-бозуп жүрсө кырсыкка учурашы мүмкүн. Тим эле жолдо чымын-куюн болуп жүрүп бараткан машиналардын алдынан чуркап өткөнү жүрөт. Түз эле: «Үйүмө кетем, коё бергиле» – дейт. Биз дагы адегенде үйү ушул чөлкөмдө экен десек, кайда тээ алыскы Чолпон-Атаны айтып жүрөт. Келгени көп болгон го?

– Көп деле бололек, он беш күнчө болуп калды. Тышка чыгып көрбөгөн неме үйүн сагынып жатат окшойт. Кетирбесем болбой калды.

– Кетириңиз, тезирээк Зыйнат Эсеновна. Мындай тентек баланы кармабаңыз.

Жигиттер Үсөнгө сөөмөйлөрүн кезеп силкилдетип минтти:

– Эй, балакай, эгерде Зыйнат Эсеновна келип калбаганда, сени тетигил туюк машинага салып, балдар комнатасына алып барып, камап салат болучубуз. Экинчи антип качпагын. Өзүңдүн апаң жанында тургандан кийин качкан болбойт да.

– Менин өзүмдүн мамам бар да.

– Анан бул киши сага ким болот?

– Апам. Мен өзүмдүн мамамды сагынып жатпайымбы, үйүмө кетким келип. – Үсөн көз жашын сүртүп, өпкөсү көөп, солуктап турду.

Зыйнат жашын ааарчып, бетинен өптү.

– Айттым го үйүңө өзүм алып барамын деп. Мынча болду бир-эки күнү чыдагын да. Ыйлабачы деги. Үйгө конок келип жатпайбы. Кичине колум бошосун.

– Жиберсеңиз машинага түшүп өзүм эле кетем.

– Өзүң эч качан кеталбайсың, уктуңбу? Минтип олтурсаң жүрөгүмдү бузуп бүтүрөт экенсиң го, каралдым.

Жигиттер менен чогуу басып Токтогул менен Ырыстын жанына келип токтошту.

– И, ботом, уулуң экөөң бириң качып, бириң кууп, кайда барып келдиңер?

– Үйүмдү сагындым, Чолпон-Атага кетем дейт.

– Э кокуй, Үсөндү акылдуу, жакшы бала болот. Өз уулун өзү алып жакшы болду деп сүйүнүп жатсак, качкан эмнеси катыгүн. Антпе, каралдым.

– Мамама айтам барганда, мен экинчи Алматыга келбейм.

– Болуптур күчүгүм, келбесең келбей эле кой. Кеткенче мени кууратпачы деги.

Үсөн менен алек болуп жатып, Айгеримди да колуна алган жок. Качан үйгө келип, жайланышып олтургандан кийин гана Айгеримге көңүл бура карады.

– Кызыңызды мага бериңизчи, тажеңе. Ал кыз менен эми учурашып, ал-абалын сурайын.

– И, ошентсең, энелик милдетиңдин миңден бирин да аткара элексиң. Айгерим баргандан бери мен белимди чечип, көзүмдүн чарасы толуп уйкум кана уктай элекмин.

– Рахмат тажеңе, түшүнөм түйшүгүңүзгө. Мен бул кызга эмес, сизге милдеттүүмүн, тажеңе.

Зыйнат Айгеримди карап олтуруп жүрөгү да, көңүлү да толду. Тим эле адам суктанарлык сүйкүмдүү, балжуурандай болгон сулуу кыз экен. Ансыз да сулуулукту жогору баалап, сулуулукту сүйгөн Зыйнат үчүн бул өзүнчө эле бакыт болду. Эмитеден эле көздөрү бажырайып, каштары керилип, кирпиктери чачырайт. «Тобо, – деди Зыйнат ичинен, – өң-түзүлүшү кадим эле Толкунбекке окшоп кетет экен. Каш-кирпиги да кадим эле ошонун өзү. Бирок ал бул жакта менин көзүмө чөп салып жазгыргандай болгон жок да...

Ырыс Зыйнаттын ойго батып, Айгеримди сынай тиктеп олтурганын көрүп минтти:

– Эмне эле унчукпай мелтиреп калдың?

Зыйнат күлдү.

– Билесизби, Айгеримди төрөгөн кызды Салия апа көрүптүр.

– Кайдан?

– Ушул эле жерден.

– Эмне, Айгеримди мен туудум дептирби?

Зыйнат менен Ырыс жаңы эле ушул сөзгө киргенде тыштан Салия кирди. Коңшусун көрүп Зыйнат минтти:

– Азыр эле сизди кеп салып жаттык эле. Баякы мени сурап келген кыз жөнүндө айтып берсеңиз өз оозуңуз менен.

– Мен таяке, тажеңеңди биздикинен чай ичсин деп чакырып келбедим беле. Айт десең айтып берейин. Зыйнат Ошко кеткендин эртеси болсо керек. Магазинге чыгып баратсам, биз турган кабатты кылчаңдай карап, басаар-басмаксан болгон, көздөрү жайнаган, шыңга бойлуу кыз мени көрүп, токтой калып салам айтып минтти:

– Апа, сиз ушул үйдө турасызбы?

– Ооба, ушул үйдө турам.

– Капа болбосоңуз бирөөнү сурасам болобу?

– Эмнеге капа болмок элем. Сурай бер, кызым, – дедим.

– Зыйнат Эсенова деген художник эжени тааныйсыз да, ээ?

– Ии, тааныбай анан, тааныйм.

– Ал эже үйүндөбү?

– Кечээ Ошко учуп кетти.

– Качан келет, билбейсизби?

– Билбейм кызым, келет го бир-эки жумада.

– Аа, ошондой деңизчи. Баса ал эжени кыз багып алды деп уктум эле, барбы баласы?

– Зыйнаттын бала багып алганын сага ким айтты? Аны эмнеге сурап жатасың?

– Уктум. Жөн эле билгим келди. Эжени элдин баары тааныйт да. Ошон үчүн өтүп баратып эсиме түшүп сурап калдым. Кереги жок, пайдасыз суроолорду берип, сизди жолуңуздан калтырып койдум окшойт, кечирип коюңуз апа, – деп муңайып басып кетти. Болду-болбоду Айгеримди тууган бейбак ушул кызбы деп шекшип калдым оюмда. Ал

дагы бир куураган байкуш окшобойбу. Эки ай толгончо багып, эки айдан кийин кандайча башына карантүн түшүп Зыйнаттын эшигинин алдына алып келип таштады экен дейм да.

– Сиз айткандай, бул дагы мага окшогон шоркелдей неме болсо керек. Баласын таштаарын таштап коюп, анан кайра эмне максат менен тоорулуп келип жүрдү болду экен? Балким, баласынын аман-соосун, эмне болгонун билгени келдиби, ким билсин.

Ырыс сөзгө аралашты.

– Ким болсо да Зыйнатты билген неме. Бул аял баламды кор кылбай багып алаар деген үмүт менен таштады да. Үстү-башы тың бекен?

– Орто эле. Анчалык жыргап кеткен деле түрү көрүнбөйт.

– Жыргаган адам мындай ишке барбайт эле го.

«Бакырдын жайын жакыр билет» дегендей, баласы үчүн өткөндөгү өз башынан кечирген трагедияны ойлоп, камсыккан Зыйнат минтти:

– Ушул жерде менин бир өкүнүчүм болуп турат. Эгерде ал кыз баласын көтөрүп келип «эжеке, аял аялды түшүнөт» деп сизге келдим. Мына бул наристени батыра албай айлам кетип турат. Жардам бериңиз» десе, сөз такыр башка болот болучу. Бир сөз менен айтканда кийинтип-ичинтип, аттап-тондоп чыгарат болучумун.

– Жаш неме анте албады да.

А Үсөн болсо аэропорттон келген бойдон эч нерсе ичпей да, ойнобой да жатып алды. Түн бою көзү илинип кетсе эле, бирде мамалап Жайнагүлдү чакырса, бирде Асанды, бирде Жанатты, бирде чоң энесин чакырып, уктап жатып ыйлап чыкты.

Эртең менен Токтогул минтти:

– Билип жатасыңарбы, бул бала үйүн сагынып куса боло баштаптыр. Уктап жатып бир туугандарын айтып сүйлөнүп

чыкканын аркы бөлмөдө жатып, мен уктум. Сен өзүң туйдуңбу, ыя Зыйнат?

– Туюп эле жаттым. Ал эмес ушуну ойлоп жатып уктаган да жокмун. Бул Үсөн мага бала болуп деле жыргатпайт го, ыя таяке?

– Шашпа, жыргатат балам. Дагы сага баш ийип келип бергенине сүйүнбөйсүңбү. Жыргал мындан артык болобу. Түшүң түш келбей, туш келди. Азыр эне экениңди угуп, билсе да ишенбей турат. Эси-дартынын баары өз үй, өлөң төшөгү болуп калган өз үйүндө, эне сүтүн берип, эркелетип өстүргөн өз энеси Жайнагүлдө. Азыр жаш да. Сенин эне экениңди кийин билип, кийин түшүнөт. «Бала менен ит тойгон жеринде» деген сөз бар. Ою менен ойнотуп, көңүлү менен көкөлөт. Жайнагүл жакшы келин турбайбы. Деги маркум Мансур да, байбичеси Кына да ченде жок, жакшы адамдар экен. Кудайдан коркот деп ушуларды айтыш керек. Үсөндү айтпай койсо кантет элең.

– Мен да таң калам, тажеңе. Ойдо жок жерден эле ушундай бир күтүүсүздөн үч уктаса түшкө кирбеген бурулуш болуп кетти. Кандай себеп түрткү болгонун түшүнбөй калдым.

– Айттым го, түшүнбей турган анын эмнеси бар экен. Кудай-арбактан коркот деген ошол. Менин кубанганым Жайнагүл экөөңдүн тил табышканыңар болуп турат. «Күнүлөштүн күлү жоо» дегендей, атам замандан бери эле күнүлөштөр бирин бири көралбай, бирине бири жакшылык каалабай келишкен. Толкунбек экөөңөрдүн күнөөңөрдү кечирип эле тим болбостон, ак сүтүн берип өстүргөн баласын сага кайтарып бериши ар кимдин эле колунан келе бербейт. Адам экен, Жайнагүл бечара, ылайым бул жалган дүйнөдө жамандык көрбөй аман болсун.

Ырыс Зыйнаттан кызыга сурады:

– Ортоңордо өткөндөгү өкүнүчтүү окуялар жөнүндө сөз болдубу деги. Бириңди бириң жактырбай какшыкташып, сыртыңарды салышып, майда-барат тирешүү көп эле болгондур.

– Жок, жок, тажеңе, ортобузда андай жагымсыз бир ооз да сөз болбоду. Тартип көргөн, маданияттуу адамдар экен. Менин бир байкаганым Толкунбек болду. Кеп-сөзгө аралаша албай, аштан чыккан томпойдой болуп, күнөөлүү кишиге окшоп, өзүнөн өзү бөлүнүп турду. «Сүткө оозун күйгүзгөн айранды үйлөп ичет» дегендей эле, карап туруп байкушка боорум ооруду.

– Боор ооруй турган эле иш экен айтымыңда, – деди Ырыс, – «Ыштанына чычкан колун аябайт» дегендей, элдин баары эле эки катын алып жатпайбы. Андан көрөкчө кайра жарашып ал, Толкунбектин көңүлү болсо.

– Эмне деп жатасыз, тажеңе, ошондой болмок беле. «Жакшылыкка жамандык» дегендей, Жайнагүлдүн адамкерчилигин көрүп туруп, кылчайбай калайын.

– Толкунбектен ажыраган күнү, кусалыкты көтөралбай өлүп кетем го дечү элең го. Мен оюмда өңгөнүн жүрөгү сүйүүдөн сууса да, Зыйнаттын жүрөгү Толкунбектен суубайт го деп ойлоочу элем. Көрсө, сеники деле убактылуу сүйүү турбайбы.

– Айтасыз да, тажеңе. Билсеңиз өзүмдү өзүм алдап, өзүмдү өзүм зордоп олтуруп ушундай ишке бардым аргасыздан. Азыр деле Толкунбекти жаман көрүп турган жерим жок. Аны эстегенде, уктап жатсам уйкум умачтай ачылып жүргөнүн сиз кайдан билмек элеңиз. Айла жок. Бирок артка кылчаюу болбой калды. Эгерде Жайнагүл көп жамандын бир жаманы болуп, көңүлүмө жакпаса, өзүм эле жасачуну, эч кимге айтпай туруп эле жасап коймокмун.

– Деги экөө ынтымактуу жашап жатышыптырбы?

– Ынтымактуу эле болуш керек. «Кандай жашап жатасыңар?» – деп кантип сурамак элем. Бирок үй-бүлөдөгү Толкунбекке болгон бир өксүктү сездим. Жайнагүл деле, энеси деле, башка ага-тууганы деле, эч кимисинин Толкунбек менен иши жоктой, аны менен кеп-кеңеш деле болбогондой, андан бөлүнүп тургандай туюлду мага. А Жайнагүл

болсо бардыгын өзү билип, өзү туюп, өзү чечет экен. Кына болсо келинининн бийлигинен чыгалбай, ага баш-оту менен баш ийип, көз каранды болуп калган түрү бар.

–Келин жакшы болсо баш иет да. Анан бардыгы ойдогудай өз орду менен шайма-шай болуп турса, баш ийбеске не чара. Деги ал жерде Толкунбек экөөңөрдүн мамилеңер кандай болду? Деги учурашып, ал-абалды сурашып, кепсөзгө келе алдыңарбы?

–Учураштык. Бири-бирибизди көрүп экөөбүз тең толкундап кеттик окшойбуз. Адам кадыр-көңүл калышып, уруш-талаш менен жаман-жакшы айтышып ажырашпагандан кийин кыйышпайт окшобойбу. Мен оюмда мынчалык болгондон кийин, жүрөгүмдү бузуп, дегеле Толкунбек менен экинчи көрүшүүнү каалаган эмес болучумун. Бирок бул чиркин тагдыр деген татаал нерсе болучу неме турбайбы. Эчак өлүп, сөөгү сөпөт, устуканы упат болду деген Үсөн тирүү болуп, жалгыз эле Толкунбек экөөбүздү эмес, баякы кайнаса каны кошулбачудай болгон күнүлөшүм Жайнагүлдүн сөзүн сүйлөп алаканын тескери жайып, жер жүзүндө эмне деген канча жамандык болсо, ошонун баарын мага багыштап, мага тилеп жүргөн адамдар менен Кудайдын амири аркылуу жакшы тилекте туздаш-даамдаш болуп аралашып калдык. Мындай болот деген кимдин оюнда бар эле, ыя тажеңе?! Эми мындан аркы ынтымагыбыздын түбөлүгү түз болсо болду. Мурда күнү Толкунбек телефон чалды. Жайнагүл Үсөн кеткенден бери ыйдан көзү ачылбай калды дейт. Эми деги дени сак болуп, ошол Жайнагүл аман болсо экен деп турам.

–Өлүмүн тилейт го десем, өмүрүн тилейт турбайсыңбы. Жаккан экен сага.

Зыйнат селт этти.

–Ой, тажеңе, эмне деп турасыз? Ойбо-о-й, оюңуз кызык экен. «Бирөөнүн өлүмүн тилегенче өз өмүрүңдү тиле» деген сөздү бекер жеринен айтышпаса керек. Жазыгы жок кишинин өлүмүн тилеп жинди белем. Чынымда айтсам,

мен өлүмгө душманымды да кыйбайм. Мага Жайнагүл жакты.

– Кагылайын, сени кантээр экен деп тамаша кылып жатам. Аябай чочудуң го. Билем да сенин сырыңды. Баякыда, сенин даража-даңкыңды, иштеген ишиңди, тапкан табылгаңды көралбаган бир кошунаң бар эле го Жүзүмкан деген швейный фабрикада тигүүчү болуп иштеген. Эсимде, сен бир картинанын үстүндө иштеп жатсаң айткан сөзү.

– Эмне деди эле?

– Кытай согуш баштайт экен, – деп элдин баары коркуп, жан кулактын учунда болуп жатса, сен сүрөт тартып олтурасың. Бекер эле убара болуп жатасың деген сөзү эсиңдеби.

Зыйнат күлдү.

– Ооба, ооба, эсимде, тажеңе. Аа байкуш десеңиз, менин көңүлүмдү бузгусу келгенин, ич тарлыгын билүүчү элем. Жүзүмкан каза болгондо аябай кайгырдым. Ошентип, ар кимдин бактысына көз артып коюп эле тирүү жүрсө эмне деп ичим сыйрылды.

– Койчу, алдыңа кетейин ошол кантип болсун.

– Билесизби, тажеңе, душман адамдын ар-намысын күчөтүп, эмгекке болгон жигердүүлүгүн арттыруучу курал катары акыл-эсиңди курчутуп бийиктикке үндөп турат экен.

– Ошол үчүн Жайнагүлдү аяйт экенсиң да.

– Жок, тажеңе, андай эмес, Жайнагүлдүн жөнү такыр башка. Мен аны менен мурда башташсам башташкандырмын. Бирок азыр ал да өзгөрдү, мен да өзгөрдүм. Үсөн үчүн мен өмүр бою милдеттүү болуп калдым. Тилегеним Жайнагүл үчүн ар дайым жакшылык.

Байбичеси менен жээнинин сүйлөшүп жаткан сөздөрүн ички үйдө жатып укkан Токтогул, аялдардын жанына чыгып минтти:

– Зыйнат туура айтып жатат, байбиче. Жакшыны жакшы деш керек. Жайнагүл деген атына жараша жайнаган жакшы келин турбайбы. Көзүм менен көрүп, кулагым ме-

нен уктум го. Эл эли менен, журт журту менен сыйлашып, кадырлашып туруштун өзү эле ал адамдын кандай адам экендигин далилдеп турбайбы. Пай, пай, пай, адамдын бары ушул келиндей кең пейил, кеменгер болсо кандай сонун болоор эле деп, суктанбай коё албайт экенсиң. Ушундай жакшы бүлөгө туш болгон Мансур менен Кына бактылуу адамдар турбайбы. Айтып олтурса кайнатасын хан уулундай кастарлап, падышадай бапестеп багып, акыркы сапарга жакшы узатты дешет го. Келинининин жакшысынан өлөсөлүү оорукчал Кына энеден кайра төрөлгөндөй жашарып, тыңып алган тура. Адам баласы өзү карыбайт экен. Адамды картайтып карып кылган эле бала-чаканын мээримсиздиги, багуунун начардыгы, саргайткан санаа менен күйдүргөн күйүт, анан эле оору болот турбайбы. Жокчулук дейбиз, жокчулуктан эч адам картайбайт. Баякы Касымбектин өлүмүндө айтып олтурушту, Мансурдун келинин мактап. Башка келин болсо, Толкунбек кеткенден кийин бир түнөбөйт болучу. «Олтурган кыз орун табат» деген ошол дешип.

– Туура айтышат, анысы бар, – деди Ырыс, жээнин алдыртан карап. – Чындыгында мындай ишке чыдаган адам гана чыдайт. Мисалы, менин колумдан келмек эмес. Калп айткан менен болобу, деги Жайнагүл көк жал экен.

– Боорукер турбайбы Жайнагүл. Көбүнчө кайната, кайненесин карылыгын ойлоп кыйбады го. Анын төрт аягын тушаган ошол жазыгы жок карылар менен балдары болду да. «Саргара жортсоң, кызара бөртөрсүң» дегендей, мына акыры жакшы болду, – деди Зыйнат.

– Туура айтасың, учу узарып, көшөгөсү көгөрөт деген мындан артык болобу, – деди Токтогул сакалын сылап. – Эми биз эртең кетели, балам. Үч кондук, Кудай ушуну кут кылсын. Дагы кошуна бар үчүн беймарал жаттык.

– Эртең коюңузчу, таяке. Жок дегенде бир жума жатпайсыңарбы эс алып. Үй-жайыңардан деги камсыз экен-

сиздер. Баса силерди Жакандыкы чакырабыз деп жаткан. Кетерсиңер шашпай.

– Аа, Жакандыкы чакырып жатабы. – Токтогул аялына карады. – Эмне кылалы, ыя байбиче. «Тамак байдан, өлүм Кудайдан» дегендей, даяр сый, даяр тамактын үстүндө жыргап жата берелиби? Сен билчи, эмне кылалы?

– Жакан чакырып жатса, барбай койсок болбойт го. Анда эртең кетпей калдык. Зыйнат кет деген күнү кетербиз шашпай. Алматыга күндө келип жаттык беле.

– Мына эми оңолдуңар. От ала келгенсибей ошентсеңер шашпай. Үсөндүн дабышы чыкпай эле калды. Бул бала эмне осуят кылып жатты экен? – Зыйнат ордунан туруп эшиктин чала жабылган жылчыгынан бир демге тиктеп туруп, санаасы тына сүйлөдү. – Ырас уктап калыптыр. Минтип беймаза кыла берсе жеткирип берем го. Кээде тоюп да кетип жатам бул баладан.

– Антпе катыгун. Алдап-соолап өзүңө тартпасаң болбойт.

– Эмнеге кызыгат экен? Мурда ошону бил. «Алдаса болот жаш башты, кантсе болот как башты» дегендей, аны-муну сатып берип, ары-бери алып жүрүп алаксыт.

– И-и-й кагылайын, таяке, бул бала экөөбүзгө оңой менен алдатпайт. Бизди сууга алып барып, сугарбай кайра алып келүүчү бала экен. Өзүмдө машина жок болуп да азап болуп жатпайбы. Билбейм, бул бала кеткенче минип турганга прокатка машина алайын десем, жолдоштор болбой коюшту. Андай эле машина керек болсо биздин машина деле турбайбы деп. Азыр өзүңөр көрүп жатасыңар го, Ахандын машинасын өз машинемдей эле пайдаланып жатам.

– Машина алам дегендей кылып жатпадың беле?

– Алалбай жатам, таяке.

– Сенин мага жанакы айткан бир сөзүң жаккан жок, кызым. Андай кылба.

– Кайсы сөзүм, таяке?

– Үсөндү кайра берип койсомбу деп, тажап кетем кээде, дединг го. Антпе, балам.

Зыйнат күлдү.

– Макул таяке, эсте болсун. Бирок Жайнагүлсүз бул балага кыйын болчудай. Көрөм байкап...

Бул түнү да Үсөн жаман уктап чыкты. Зыйнат үндөн чочуп ойгонду. Айдын жарыгынан бөлмөнүн ичи сүттөй жарык болучу.

– Ма-м-а-а! Токто-о-о! Мени таштаба! – Үсөндүн төшөгүнөн тура калганын көрүп, Зыйнат керебеттен учуп түштү.

– Ай, ай Үсөн! Айланып кетейин! – Баланы кармады. – Каралдым, эмне болду?

Үсөн үйкулуу көзү менен эки-жагын элеңдей карады.

– Мамам кетип калдыбы? Мен кошо кетейин деген болучумун. – Үңүлдөп ыйлап жиберди.

Зыйнат светти күйгүздү.

– Мамаң келген жок, балам. Түш көрдүңбү?

Үсөн көзүн ушалап, төшөгүн көздөй басты.

– Мен өңүм экен деп ойлогомун. – Кроватына кайра кулады ыйлап.

– Ыйлаба! – Жанына барып одеялын оңдоп жаап, жаагынан өөп, чачынан жыттады. – Жакында кетесиң. Эртең таң атса экөөбүз Ахандын машинасын айдатып алып сага подарка издейбиз.

– Мага эч нерсенин кереги жок, апа үйүмө эле жиберчи?

– Кереги жок болчу беле, анан үйүңө куру кол бармак белең. «Велосипед» алып берейинби?

– Велосипедибиз бар. Папам алып келген.

– Анда «Мопед» алып берейин.

Баланын көздөрү жайнай түштү. Дароо төшөктөн башын көтөрдү.

– «Мопед» алып бересизби?

– Ооба, алып берем. Укта, азыр эрте.

Айгеримдин ыйлап жатканын угуп, бир демге тыңшап туруп, таяке-тажеңеси жаткан бөлмөнүн эшигин ачты. Баласын кургактап жаткан аял жээнин көрүп күлө сүйлөп минтти:

– И, ал жактан Үсөн, бул жактан Айгерим ойготтубу. Бала деген балекет ушунтип багылып, ушунтип түйшүк менен чоңоёт. Анан эр-азамат болуп эрезеге жетип чоңоюп алышса эле, ушул бойдон асмандан түшө калгансып ата менен эненин эмгегин билгендер билип, билбегендер билбейт тура.

– Туура айтасыз, тажеңе. Атаныкынан да эненин эмгеги теңдешсиз тура. Билем баарын. Жашыңыз өтүп калган кезде бала багып куурадыңыз. Жок дегенде, Айгеримди кеткенче мага бериңиз, мен багайын, сиз эс алыңыз десем өзүңүз болбодуңуз.

– Жок, балам, антип милдеттүү болбой эле койчу. Жашка толуп, буту басканда берем өзүңө. Кийин Үсөнгө окшоп качып олтурбасын сенден.

– Ооба, туура айтасыз, тажеңе, анысы бар. Андайды башымдан өткөрүп жатам го. – Зыйнат тажеңесин кучактап, бетинен өптү. – Сизге ракмат. Таякем экөөңүздөр бар үчүн бактылуумун го. «Энеден кийин төркүн жок, эрден кийин урмат жок» дегендей, силер бар, ырысым бар деп жүрөм, – деп Айгеримди алып, бооруна басып моокуму канганча кайра-кайра жыттап, кайра-кайра өөп алып, кайра берди...

Келгенден бери бүгүнкүдөй Үсөндүн чечекейи чеч болуп кубанган эмес чыгар. Калдайган калың калаадан Үсөн үчүн «Мопед» издеп кырды кыдырып, сырды сыдырып, магазинден магазинди кыдырып жүрүшүп акыры «Толчоктон» алиги «Мопед» деген немесин таап, жалгыз эле Үсөндү кубандырбай өздөрү кошо кубанычка батты издегени табылып. Үсөндүн кыйылып, бирдеме айтайын деп айталбай турганын байкаган Зыйнат балага карады:

– Эмне болду?

– А-па-а, – деди жер карап, – мен бир сөз айтсам макул болосузбу?

Зыйнат Үсөндүн түпкү максатын байкабай, бир демге токтоло калып минтти:

– Макул болом, садага. Айтчы, эмне сурайын дедиң эле? Сен менин тилимди алып, айтканыма көнүп макул болуп турсаң, сенин сурооңду мен да аткарам. Айт, эмне өтүнүчүң бар, эмне айтайын дедиң эле?

– Мага, ушундай машинадан дагы бирди алып бересизби?

Зыйнат эчтекени ойлобой аңкая түштү.

– Аны эмне кыласың? Муну тээп турсаң, кийин башкасын алып берем. Чоңойгонуңда велосипед да эмес, мопед да эмес, эл минген Мерседестен башка, андан да сонун маркаларынан тандап туруп алып берет эмесминби. Анан ал машинага мени олтургузуп алып, каалаган жакка алып барасың.

– А менин өзүмдүн мамам олтурабы машинага?

Зыйнат күлүп жиберди.

– О, мени кечирип кой, сенин өзүңдүн мамаңды унутуп калган турбайымбы. И, Жайнагүл олтурат да, сөзсүз.

– Мамам менин жаныма олтурат.

– А болуптур, мен артына эле олтурам. Азырынча ушул «Мопедди» эле минип тур.

– Сиз айтпадыңыз беле азыр эле, сураганыңдын бардыгын орундатам деп. Анан эмне үчүн маган дагы бир «Мопед» алып бергиңиз келбей калды?

– Алып бер десең алып берем. Бирок сага эки Мопеддин кереги эмне деп жатам да.

Үсөн жер тиктеген калыбында, башын салаңдатып мукактана сүйлөп күңк этти.

– Мен Асанга ала барайын деген болучумун.

– А, Асангабы? Анан бая эле ошентип айтпайсыңбы ачык.

Ошол жерден эле дароо экинчисин алышты. Кубанычы койнуна батпаган Үсөн Зыйнатты кайра-кайра өпкүлөп ийди.

– Ракмат, апаке!

– Аябай кубандың го, ыя балам. Кубанычың кут болсун.

– Мен сизди алып бербейт го деп ойлогон болучумун.

– Асанды жакшы көрөсүңбү?

– Ооба, жакшы көрөм...

Үйгө Үсөн менен Зыйнат шатыра-шатман болуп келишти. Балдарынын кубанычын көрүп Токтогул менен Ырыс да толкундады. Түшкү тамакты ичип олтуруп, Үсөн минтти:

– Мен үйүмө качан кетем ыя, апа?

– Кетесиң жакында.

– Кечке эле жакында деп алдай берет экенсиңер?

– Экөөбүз мурда таякемдерди узаталы. Андан кийин сени мен өзүм жеткирем.

– Мени машинага салып жиберсеңиз, өзүм таап барам үйүмдү.

– Жок, андай болбойт, балам.

– Болот эле. Мен өзүм эле кетейинчи, апа!

– Өзүң эле кетпейсиң.

Баятадан унчукпай, Үсөн менен Зыйнаттын сүйлөшкөн сөздөрүн угуп олтурган Токтогул менен Ырыс бирин бири карап күлүп коюшту. Анан Токтогул бармактай туруп, бирөө үйрөткөнсүп сүйлөгөн Үсөндүн сөзүнө карата минтти:

– Э Үсөн, сен Зыйнат апаңа машина алдырып алып эле кетип каласыңбы?

– Үйүмө кетпейимби. Мамамды сагынып жатам.

– Мен келгенден бери, сенин тарткан сүрөтүңдү деле көрбөдүм. Сүрөт тартканды үйрөнөм деп келгенден кийин, үйрөнбөйсүңбү. Кетем эле дейсиң, кетем эле дейсиң. Кечке эле кетем дей берсең Зыйнат апаң таарынбайбы. Анан алып берген машинасын бербей коюп жүрбөсүн.

– Мейли бербесе. Албайм Мопедин. – Бала Зыйнатка карады. – Апа, мен альбом көрөйүнбү?

– Кирип көрө бер. Анан көргөндөрүңдү кайра өз-өз ордуна кой чачпай. Кечке эле кетем, кетем деп ыйлактай

бербей, ошентип улуу адамдардын чыгармалары менен таанышсаң.

Булар ушунтип өздөрүнчө бир айылдуу кишидей болуп, бажылдашып жатканда эшиктин коңгуроосу шыңгырады. Зыйнат туруп эшиктин көрүүчү айнегинен караса, кандайдыр бейтааныш жаш аялдын турганын көрүп сурады:

– Бул ким? Сизге ким керек?

– Зыйнат эжеге келдим эле, ал киши барбы? Үйдө болсо ачып койсоңуз.

Зыйнаттын көңүлүнө дароо эле бая күнкү Салия апа айткан аял кылт этти. «Балким, ошол болуп жүрбөсүн» деген ой көңүлүн чагылгандай аралап өттү. Бирок чынчынына келгенде, ким болсо да эшикти ачпай коюу Зыйнаттын мүнөзүнө ылайык келбеген иш болучу. Санаасында, кокустан Айгеримди төрөгөн энеси болуп калып, оозунан «Баламды өзүмө кайра бериңиз» деген сөз чыгып калса кантем деген бир аянычтуу ой жүрөгүн сайып алды. Эшик ачылганда ааарчыган чийдей болгон, кан-сөлү жок, катуу оорудан жаңы эле баш көтөргөндей болгон, узун бойлуу, сулуучумак келиндин жадыраган убайымдуу көздөрү көзүнө чагылыша түштү.

– Кириңиз!

Бейтааныш аял босогону аттаган жерде токтоп калды.

– Өт жогору.

– Ракмат, эжеке! – Зыйнатты ээрчий басып таяке-тажеңеси олтурган бөлмөгө кирди.

Ушул маалда Ырыс Айгеримди жаңы эле киринтип бүтүп кийинтип, ороосуна ороп, кичинекей шишеге куюлган упчулуу сүттү берүүгө даярданып жаткан. Бейтааныш келин, тигилерди көрүп эки бети бир заматта чоктой албырып, көздөрү Айгеримден өтүп, оозуна сөз кирбей эси ооп, жалдырай тиктеп турган келинди Зыйнат каруудан кармап минтти:

– Эмнеге туруп калдың, олтур. Мени менен таанышканы келсең жөн-жайыңды, аты-жөнүңдү айта олтур. Ким болосуң, кайдан келдиң?

– Атым – Алтынай.

– Жакшы атың бар экен. Кайда иштейсиң же окуйсуңбу?

– Окуйм. Бирок ден соолугума байланыштуу академический отпуска алып, өткөн жылдын теңин окуп, теңин окубай калгамын.

Алтынай Айгеримдин жанына жакын келип, мытыйган кичинекей колунан кармай берип сурады:

– Аты ким кызыңыздын?

– Айгерим!

– Жакшы аты бар экен.

Зыйнаттын оюнан Салия апанын айткан сөздөрү кетпей, Алтынайды кантип кетер экен дегенсип тиктей берет.

– Чай ич, – деди Зыйнат үстү жабылып турган дасторконду ачып, чай куюуга камынып жатып Салия апаны ойлоп, аркы бөлмөдө бүткүл дүйнөлүк классик сүрөтчүлөрдүн альбомдорун биринин үстүнө бирин коюп, улам бирин барактап ойноп олтурган уулуна кирип минтти:

– Үсөнтай!

– И, апа! – деди бала ыйдан шишимек тартып кызарып калган көздөрүн жалт эттирип.

– Телефондору иштебей калганбы, эч ким жооп бербей жатат. Барып Салия апаны, апам чайга чакырып жатат деп айтып келчи, алтыным.

Үсөн ошол замат ордунан учуп турду.

Салия киргенде, көрүп эле Алтынайды тааныды. Анан ага карап минтти:

– Акыры Зыйнатты тапкан экенсиң да, кызым.

– Ооба, таптым, апа, – деди Алтынай коомайсый сүйлөп күңк этип.

Бир аз олтургандан кийин келин ордунан козголду да, өзүнчө жалгыз бата кылган болуп Зыйнатка карады:

– Мен кетейин, эже.

– Кайда кетесиң? Атайын мени издеп, таанышайын деп келгенден кийин олтур шашпай. Кетээрсиң, тамак ичип алып.

– Жок, ырахмат эже, ичпедимби.

– Калп айтпа, бир пияла чайды да түгөтө ичкен жоксуң. Өзүң бил сиңдим, келген өзүң, кетем деген өзүң.

Алтынай ордунан туруп баратып диванда уктап жаткан Айгеримди бир демге тиктеп туруп минтти:

– Эже, кызыңызды өөп коёюнбу?

– И, өпкүң келсе өбөгөй! – деди Зыйнат Алтынайдын көрүнүшүнө жүрөгү тилинип. Анан дагы сурады. – Университеттин кайсы факультетинде окучу элең?

– Фильфакта болучумун. Окуумду өз жеримде окууга которулдум.

– Өз жериң кайсы жер эле.

– Жамбул.

Алтынай кандайдыр Зыйнатка бирдеме айтуучудай болуп, туюкталып айталбай туруп, бир оокумда минтти:

– Эже, сизден бирдеме сурасам болобу?

– Эмне үчүн болбосун, сура.

– Жолдошуңуз менен ажырашып кеткен дешет, чынбы?

– Ооба, ажырашып кеткенбиз.

– Ал киши кайда азыр?

– Чолпон-Атада өзүнүн аялы менен турат.

– Өзүнүн аялы менен дейсизби? Сизден башка да аялы бар беле?

– Ооба, бар болучу. Мен ага өзүм руксат бердим. Аны эмнеге сурап жатасың? Толкунбекти таанычу белең?

– Тааныбаган кишини сураса болбойбу?

Зыйнат күлдү.

– Болот, болот.

Алтынай көңүлүндө Зыйнат менен сүйлөшүп, өз башынан өткөн кайгы-муңун айтып, жүрөгүндөгү жүгүн жеңилдетүү максатында, Айгеримди сагынып тобокел менен келгендигин ким туйду. Анын үстүнө Токтогул менен Ырысты көрүп, өз ата-энесин эстеп «Жүрөгүм бар корком, жүзүм бар уялам» дегендей, көптөн бери көңүлүндө бышырып

келген максаттары сынган айнектей болуп бычырап кетти. Зыйнаттын жалгыз болбогонуна ичи сыйрылып, өксүп турган Алтынай, өзүн узатып чыккан Зыйнатка айткандан минтип айтты:

– Эжеке, мени кечирип коюңуз, атайы сиз менен эркин олтуруп сүйлөшөйүн, сырдашып сырымды айтайын деп келген элем. Бирок ал оюм ордунан чыкпай калды. Мен эми Алматыга экинчи келбейм. Жакшы калыңыз. Балдарыңыз менен бактылуу болуңуз. –Алтынайдын көз жашы кирпигинин ирмеми менен мөлт дей түштү. Кыз көз жашын сүртүп, ый аралаш күлгөн болду.

Зыйнат Алтынайдын сөзүн угуп, эмне кылаарын билбей шашып калды. Бул кыздын көйгөйү Айгерим менен байланыштуу экенин дароо билди. Лифтиге жеткенде, «Ай» дегенче болбой, Алтынай кабинага кирип кетти. Зыйнат Алтынайдын артынан түшүп, токтотууну ойлоп, лифтини кайра чакырайын деп кнопканы басайын дегенче болбой эшиги шарт ачылып, кабинадан Мүсүрепов чыга келип турса болобу? Аны көрүп жүрөгү болк дей түштү. Зыйнаттын оозуна сөз кирбей какап калды. А Шерхан болсо баякы эле жадыраган жароокер мүнөзү менен Зыйнатты кучактай калды.

– Алтыным, ак маралым, сагындым сизди. Карматпай кеттиңиз го, – кучагынан бошонууга аракет кылганына болбой кажарлуу колдору менен орой кучактаган Шерхан Зыйнаттын оозунан өөп алды.

– Болду, коё бериңиз эми.

– Коё бербейм. «Колго тийген коёнду, коё берген оңорбу» деген сөздү билесизби? Бая күнү түнүчүндө кайра келсем эшигиңизди ачпай койгонуңузга таарынып, экинчи келбейин дедим эле, болбоду. Сүйүүнүн күчү керемет тура, таарыналбай койдум. Ошондо атайы эле кайраттанып баатыр барайын деп атайы ичип келген болучумун.

– Азыр да соо эмессиз. Ичип келиптирсиз го сасып. Коё бериңиз, бирөө көрсө уят.

– Ошол бирөөлөр көрсө экен деп жатам атайы. Үйүңүзгө киргизесизби же бүгүн да киргизбейсизби?

– Жок, киргизбейм. Үйдө меймандар бар. – Сөзүнө жараша жооп берди.

– Кимдер? Кайдан келген меймандар экен?

– Таякем менен тажеңем келген Оштон.

– Мени тааныштырбайсызбы? Шерхан Мүсүреповдун күйөө бала болоорун билишсе, сүйүнүшөт алар.

– Мен сизге тийбесем делеби?

– Ооба, тийбесеңиз деле. Акыры күйөө бала болом да. Кел мелдешели.

– Эмнеге мелдешмек элем. Мен экинчи дегеле турмушка чыкпайм.

– Антпеңиз. Чыгасыз. Али жашсыз. Жаш киши антип айтпайт.

– Макул, аны келечек өзү көрсөтөт. Мындай сөздү башка күнү сүйлөшөлүчү, Шерхан Мүсүрепович.

– Болуптур, үйүңүзгө кирбе десеңиз кирбей эле коёюн. Анда машинанын ичинде олтуруп сүйлөшөлү. Жүрү эми. – Шерхан Зыйнаттын колун кыса кармаган бойдон лифтиге алып кирди. – Жок дегенде узатып коюңуз эми. – Тамаша так ушул жерден башталды. Зыйнатты коё бербеген бойдон кабаттан кабатка лифтини өөдө-ылдый зуулдатып, кулагым «Сага тием» деген бир ооз сөзүңүздү укмайынча, ушунтип шапар тээп кеч кирип, таң атканча жүрө беребиз, – деди Шерхан.

Зыйнаттын жаны кашайып кетти.

– Шерхан Мүсүрепович, кокустан ушунтип өөдө-ылдый дайыны жок жүрө берип лифти иштен чыгып, биротоло темир тордун ичинде калбайлы. Мындай оюн сиз экөөбүзгө жарашпайт, токтотуңуз азыр.

– Сиздин оозуңуздан жакшы сөз чыкмайынча дегеле токтобойт.

– Оюндун да ойну, тамашанын да тамашасы бар, Шерхан Мүсүрепович. Сиз жасаган мындай ишти бала да жасабайт.

– Бир эле ооз сөз. Тием деңиз, талабыңыз дароо орундалат.

Мүсүреповдун сөз укпасын билгенден кийин, ачуусуна чыдабай, жүрөгүнө жеткире бир катуу сөз айтууну ойлоп, оозуна кирген бир жагымсыз ыпылас сөздүн кандайча чыгып кеткенин Зыйнат өзү да билбей калды:

– Эч качан сизге тийбейм, тиймек турсун сийбейм. Талантыңыздын кулу болуп сыйлаган сайын күчөп баратасыз. Сизди мен адам экен деп ойлогомун.

– Жалап!– деди Мүсүрепов. – Көрүнгөндөн калган тарп. – Жаагын карыштыра кармады. – Кантээр экен деп тамаша кылсам тантып баратасың. Ушул жерден сени эч ким карагыс кылып, мурдуңду түбүнөн шаңырайтып тиштеп салайынбы?!

Зыйнат Шерхандын мас экенин билген жок. Ал, жыгылганы турса да тилинен мүдүрүлбөгөн, көк жалдыгы күчтүү жигит болучу.

Зыйнаттын сөзү Мүсүреповдун аброюна шек келтирип, даңк-даражасын келекелеген өтө оор сөз болуп туюлду. Ал эми Шерхандын сөзү андан бетер Зыйнаттын талуу жерине тийген ок болду. Ушул жашка чейин мынчалык сөздү угуп көрбөгөн, андан дагы мурдуңду тиштеп салам деген сөзүн угуп, коркконунан калтырап кетти. Шерхандын өз үйүндө конок болгонун эстеди. Шерхан Жакан менен Галияны кетирип коюп, ичип алып кайра келип, кыйкырып-өкүрүп: «Ач Зыйнат эшигиңди» – деп үстөкө-босток койгулап, жаман сөздөр менен сөгүнүп жатып, жедеп чарчаганда эшиктин түбүнө уктап калганын айтып Зыйнат Галия менен Жаканга даттанганда, аяшы минткен: «Ичпегенде Шерхандан жакшы киши жок. Ак көрпө жайыл, мүнөзү шайыр, колу да ачык, жолу да ачык, марттыгы башкача жигит. Анын айбандыгы ичип алганда чыгат. Анан баса, анын ичкенде тили бурулбаган артыкчылыгы күчтүү неме. Сырын билбеген киши мас экен деп эч ойлобойт. Ичкиликти жакшы көтөрөт. Көтөргөнү менен бир айтканын миң

айтып эзмелиги башынан ашат. Ичкенде уктап да калбайт. Көрүнгөнгө тийише берип, өз баркын өзү булгаганга маш. Уят-сыйытты билбей жинди болуп кетет. Мындай учурда аны алдаш гана керек. Көрөсүз го, эртең эле баарын унутуп Зыйнат Эсеновна деп алдыңызга төшөлөт. Андай-андайды кек сактабаган кечиримдүүлүгү күчтүү жигит». Зыйнат Жакандын ушул сөзүн эстеп, Шерханга кандай жалынып жибергенин өзү да билбей калды. Жинденген жигитти кучактай калып минтти:

– Шерхан Мүсүрепович, калп айтсам казак менен кыргыздын арбагы урсун. Сиздин мага болгон махабатыңыздын чындыгына эми көзүм жетти. Жарайт, жай сүйлөшөлү үйдөн. Бардыгы сиз каалагандай болоор. Аз айып, катуу сөзүм болсо мени кечирип коюңуз.

– Билем, алдап жатасың ээ, шуркуя, – бурчка такап минтти, – анык сүйөөрүң чын болсо, бүгүн экөөбүз ушул жерге конобуз.

– Ошол да болмок беле. Лифтиге түнөгөн адамдарды кайдан уктуңуз эле. Ар бир подъездге адамдар толуп кетсе керек. Кнопканы коё бериңиз, дайыны жок тамашанын кереги не. Ойнуңуз кызык экен.

Булар ушунтип бирин бири укпай, ит тартыш болуп жатканда, лифти шарактай түшүп, тоодон кулаган челектей болуп биринчи кабатка келип бир тийди да, эшиги ачылып кетти.

Тышта бардык кабаттагы адамдардын чогулуп тургандын көрүп, Зыйнаттын көздөрү тумандай түштү. Алар Зыйнат менен Шерхандын кылыгын көрүп-билип тургандай, уялуудан оозуна сөз кирбей, өңү бирде өчүп, бирде кызарып турду. Эс токтотуп айланасын караса, көпчүлүктүн арасында таякеси Токтогул, тажеңеси Ырыс баштап, Салия апанын үй-бүлөсү бүт турганын көрүп эмне деп айтаарын билбей элейип турду.

– Эй, шумдук, – деди тургандардын ичинен кимдир бирөө, – үй, үй болуп биз киргени лифтинин минтип бузул-

ганын биринчи көрүшүм. Ичинде ким болсо да, ушунтип токтобой өөдө-ылдый шарактап таң атканча жүрө берсе өлөт го деп ойлодук. Көрсө, Шерхан Мүсүрепович менен биздин Зыйнат бар турбайбы. Жаңы эле телефон чалып, мастер чакыралы деп жаткан болучубуз.

– Тобо, сизди биздин корпуска келет экен деп ким ойлоптур, Шерхан Мүсүрепович. Саламатсызбы? – Орто жашап калган адам Шерхан менен кол алышты. – Кандай турасыз? Кимдикине келдиңиз эле? Бузулса жерге кирсин, талкаланса да токтогону жакшы болбодубу.

Мастыктан башы тумандап турган Мүсүрепов бурк этти:

– Суракка аласызбы? – Колун тартып алды. – Менин бул жакка келгендигим үчүн айыпка жыгайын деп тургансыз го.

– Жок, андай эмес, Шерхан, тескерисинче, сизди көрүп кубанып жатпайбызбы.

Ошол саамда Үсөн Зыйнатты тарткылады:

– Апа, Жакан байкем келатат.

Зыйнат бурула карап, машинадан түшүп жаткан аяшын көрүп сүйүнүп кетти. Таяке, тажеңесине карап: «Силер үйгө кире бергиле» – деп коюп, аяшын көздөй басты. Жарыла албай араң турган Зыйнат Жаканды көрүп ыйлап жиберди.

– Ырас убагында келдиңиз. Шерхан Мүсүреповичти алып кетпесеңиз болбой калды. Ал киши өзүнүн ким экендигин көрсөтүп койду.

– Мас бекен?

– Мас дейин десем соодой, соо дейин десем мастай. Деги акыл-эси ордунда эмес бул кишинин. – Болгон окуяны баштан-аягына чейин айтып берди.

– Андай болсо, сиз анын көзүнө чалдыкпай, кетип калыңыз. Шерхан менен мен өзүм сүйлөшөйүн.

Мүсүрепов Жакан менен Зыйнаттын сүйлөшүп турганын көрүп, өзүнөн өзү кыялы бузулуп, ич тарлыктан ичине ит өлүп, жаак эттери түйүлүп, тиштерин кычыратып турду. Анан аларды карап сөөмөйүн силкилдетип:

– Э-э-й, билдим экөөңдү...

– Ооба, билсең болуптур. – Жакан көңүлүндө Шерхандын кебетесин көрүп, ички дүйнөсүнө дүрбөлөң түшүп, өрттөнүп турду. Тобо, акыл-эстүү адам да ушундай болот экен ээ. Бир канча убактан бери ичпей жакшы жүрдү эле, ичип алган тура. Кандайча мындай болуп кетти? Адамга акыл айтса ушул айтсын, сүйлөсө ушул сүйлөсүн, чыгарма жазса ушул жазсын. Эмне деген адам, эмне деген талант, эмне деген атак. Ичпесе мындан жакшы, мындан акылдуу киши жок. Ичип алса мындан акмак адам жок. Бир чоң чыгарма жазып бүтүп, машинкага басууга бердим. Китебимди чыгарууга даярдап жатам. Мамлекеттин эсебинен чыкканы жатат деди эле. Кубанычтан ичип коюп, өзүн кармай албай жүрүп кетти го. Ушул сапар Москвадан ичип келди. Кап! – Жакан эрдин тиштеп турду.

Ал эми Зыйнат болсо кечээ жакында эле Мүсүрепов менен бирге өткөргөн күндөрүн ойлоп, ошондогу Шерханды таппай өксүп да, өкүнүп да турду. Самолетто баратып Шерхан менен сапарлаш болгонуна кубанганын, андан сүрдөнүп уялганын эстеди.

Жакан курдашынын жанына басып келип салам айтты:

– Саламалейкум, дос!

– Ыя, Жакан, мурда дос болсок, азыр бажа болуп калдыкпы дейм. «Бажа бажаны көргөндө башын тырмашат» дегенди билесиңби?

Шерхандын сөзүнө канчалык каны кайнап, жини келип турса да, катуу айталбады. «Уялбагандан өзүң уял» дегендей, Шерхан уялбаса да, Жакан уялып турду. Оозуна келген сөз бул болду:

– Болуптур, Зыйнат экөөбүздү ошондой деп ойлосоң. Бул айтканың «Кайненеси жалап, келинине ишенбейт» дегендей эле сөз болуп калды. Жүрү кетесиңби?

– Кетким келсе сенсиз эле өзүм кетем. Жөө эмесмин. Билем, мени кетире албай турганыңды.

– Сенин жөө жүрбөсүңдү баарыбыз билебиз, дос. Бир сапар тилимди алып койчу. Өз машинаң менен эле жакшынакай жеткирип коёбуз. Бул кебетең менен рулга олтуралбайсың.

Жакан акыры асылып жатып, Шерханды өз машинасына түшүрүп, Аханды рулга олтургузду. А Жакан болсо алардын алдына түштү. Бир кезде, тигилер куйрук улаш келатып эле, көрүнбөй калганынан кооптонуп машинасын токтотту. Арткы көчөдө эл топтолуп калганын көрүп, жүрөгү болк дей түштү. Чуркап барса машина жолдон чыгып, столбаны сүзүп токтоптур. Бир жакшы жери Ахан да аман, Шерхан да аман. Бар болгону машинанын алдыңкы тумшугу ичине кирип мыйрыйып калган.

– Ой, эмне болуп кетти?

– Эмне болгонду көрбөй турасызбы? Авария болдук. Дагы жай келаткан үчүн аман калдык. «Чыгашага ээси баш» дегендей, Шерхан агай өзү күнөөлүү. «Мен үйүмө барбайм. Сара Токсонбаеванын үйүнө барышым керек. Келе, машинаны өзүм айдайм» – деп рул талаша кетип ушундай кырсык болду.

– Өзүңөр амансыңарбы?

– Аман элебиз. Бул киши аягын оорутуп алган окшойт. Чыдай албай жатат, – деди Ахан. – Жакын жерде телефон болсо догдур чакырыш керек эле.

– Чакырылды, – деди ГАИнин кызматкери кейип. – Шерхан агай ичпейт дешчү эле го. Мас турбайбы. Эмне үчүн мынчалык ичти экен?

– Ооба, ичсе да чени менен иччү эле. Биз да ошогон таң калып жатпайбызбы.

Булар ушунтип жатканда «Тез жардам» да келип калды. Бир заматта кайдан-жайдан келгени белгисиз адамдар көбөйүп кетти. Машинадан түшкөн врач ар жакта өз бутун өзү кармалап, чыдай албай жаткан Мүсүреповдун жанына келип олтура калды.

– Ага, кандайсыз? Эмне болду? Кай жериңиз ооруп жатат?

– Аягым кокустап калганбы, же сынганбы, айтор, чыдатпай жатат.

– Эмнеге мынчалык ичтиңиз?

– Күйүткө ичтим.

– Күйүткө? Ал эмне болгон күйүт?

– Зыйнат бая күнү мени өлтүрдү эле, бүгүн өзү өлдү. Эсенова деген художник аялды билесиңби?

– Билем да. Түү, ал киши эмне болуп өлдү? Жаш немеге жаман болгон тура.

Жакан башын чайкап, врачка шыбырай сүйлөдү.

– Эсенова өлбөй-житпей эле типтирүү. Шерхандын көңүлү бар го ал келинде. Ичип алып барган адамды ким сүйүп, кимдин эле көргүсү келмек эле. Катуу айтып, үйүнө киргизбей койсо керек. Ошого ыза болгондогу сөзү да.

Бул келген врач Мүсүреповдун кошунасы болучу. Шерхандын абалын көрүп аябай кейиди. «Эмне болгонун рентгенден көрүп, анан айтабыз» – деп травматологияга дароо алып кетти.

Мүсүрепов аварияда буту-колу сынбай эле, балтыр эти чоюлуп калып, ооруканада бир аз күн жатып чыккан болучу. Үйүнө чыгаары менен түлөө бергени жакшы санаалаштарынын баарына бир баштан телефон чалып келип, Зыйнатка келгенде, өзү звандагандан даай албай, чакырыкка Жаканды ортого салды. Зыйнат аяшынан Мүсүреповдун чакырыгын угуп минтти:

– Ырас ооруканадан тез чыккан экен. Чыдай албай жаткандыгынан аягы сынган экен деп ойлодум эле. Сөөгү аманы ырас болгон тура. Түлөөсү кабыл болсун, ырахмат эсине алып чакырганына. Ушул бойдон Шерхан экөөбүз бет карашпай калдык го деп ойлогомун. Дагы эле болсо кыйган эмес экен. Көңүлүм ал кишиден катуу калды. Жок, мен барбай эле коёюн, Жакан Усаевич. Абайлап, сак мамиле

кылбаса досуңуз опурталдуу адам турбайбы. Мындай адамдардан оолак болгондон башка кызыгы жок.

– «Ар адамда ар кыял, ал кыялды ким тыяр» дегендей, кыялы жок адам болмок беле. Өзү да аябай өкүнүп калыптыр. Акылдуу неме ойлоду да. «Чакыргандан калбагын, өзүң басып барбагын» дегендей, антпе. Мүсүрепов деген үлкөн киши. Сиз дагы кыргыз менен казактын өчпөй турган жылдыздарынын бирисиз. Таланттуу адам, талантты сыйлаш керек. Экинчи ичкиликти оозуна алгыс болуптур. Сиз деле оңой сөз айтпаптырсыз. Бирок ошондой ачуу сөз айтууга, Зыйнатты өзүм мажбур кылдым деп мойнуна алып турат. «Ошон үчүн кечирим сурап Зыйнат Эсеновнанын алдына түшпөсөм, тынч алып уктай ала турган змесмин» деген сөзүн угуп, ал доско ыраазы болуп калдым, – деп Шерхандын айтканын кайра-кайра айтып жатып Зыйнаттын тоңгон жүрөгүн жылытты Жакан.

«Бербей турган сараң жок, сурагандан бузасың» дегендей, түлөө үстүндө Зыйнат менен Шерхан бири-биринен кеткен күнөөлөрүн кечиришип, кайрадан достук жолун улантып, жакшы санаалаш, тилектеш болуп жүрүүгө сөз беришти.

Зыйнат Шерхандыкынан көргөн баякы сатык-көргөзмөдө элдин ир алды болуп марттык менен сатып алган «Жарылган жүрөк» картинасынын залдын көрүнүктүү жерине илинип турганын эстеп, кыргыз кызынын эмгегине жогору баа берген казак элинин бул таланттуу уулунун айкөлдүгүнө таазим кылып «он эки аякка бир кары» дегендей, Мүсүреповдун 50 жылдык мааракесине карата өзүнүн тартып жаткан, анын портрети жөнүндө кыялга батып олтурган аялды селт эттирген Үсөн болду. Ал жумушчу бөлмөдөн атып чыгып, колун артына алып, бир нерсе катып тургандай болуп минтти:

– Апа! Менин колумда эмне бар?

– Эмне бар экенин кайдан билейин, китеп болсо керек.

– Тапкан жоксуз. Сиз менин папам менен сүрөткө түшкөн турбайсызбы?

Зыйнат аңкая түштү.

– Аны кайдан алдың?

– Альбомдон.

Зыйнат Үсөндү кантээр экен деп калп айтты.

– Окшош киши болсо эле, сенин папаң болуп калабы?

Бала жанталашып кетти.

– Башка окшош киши эмес эле, папам. Баякыда мамам айткан, Эсенова папандын досу деп. Сиз өзүңүз деле айтпадыңыз беле. Анан кайра туруп тааныбайм дейсиз. Калпычы экенсиз ээ. Мен ушул сүрөттү үйүмө алып кетем.

– Эч качан алып кетпейсиң. Мен ал сүрөттү бербейм да.

– Мен барганда мамама айтам. Мен сизди «апа» деп жакшы көрөйүн деп жатса, – ыйламсырады. –Бербесеңиз коюңуз.

Үсөн сүрөттү Зыйнатты көздөй ыргытып жиберди.

– Келбейм экинчи.

– Келбесең келбе. Бирдеме болсо эле мамама айтам деп тура калат. Айтмактан көтүң менен чоор тарт. Кенедей туруп алып мени коркок билиш кылып кууратып жибердиң.

Баласы менен Зыйнаттын кужулдашып жатканын угуп, Токтогул менен Ырыс кирди.

– Уулуң экөөң эмне болуп эле келише албай жатасыңар?

– Ой, билбейм, каны биргелик кылып боор тартат го десем, боор тартмак турсун боорго тээп жатпайбы мени. Тажап кеттим.

– Кой антпе кокуй, үйүр алар, түшүнөөр. Шашпа, шашкан шайтандын иши.

– Айгеримди уктаттыңызбы?

– Ороо-чулгоосун чогултуп койдум, жууюн деп.

– Мен эле жууп коём.

А Үсөн болсо өз бөлмөсүнө кирип, үйүн эстеп, үйүрүн сагынып өпкө-өпкөсүнө батпай ыйлаган бойдон аста чыгып, лифтиге түшүп шуу койду. Биринчи кабатка түшүп, көз жашын чала-була сүртүп өзүнчө эле: «Ма-ма-а! ма-ма-а-а!» – деп үнүнүн бардыгынча өңгүрөп ыйлап буту үзүлгөнчө бет алды чуркап бараткан Үсөндү ар жакта келаткан Салия көрүп элее түштү. Ал оюнда «Зыйнат бир жакка кетип, Үсөн артынан ээрчип аткан экен» деген ойдо, бир демге карап туруп өз подъездин көздөй басты. Бирок эмне үчүндүр көңүлүнө башка бир күдүк ой түшүп, бул баланын көрүнүшүнөн да, үнүнөн да шектенип, эмнеси болсо да билейин деп ойлоп үйүнө кирип, колундагы оокаттарын калтырып коюп, коңшусунун үйүн көздөй бет алды. Салия киргенде Зыйнат эч нерседен бейкапар ваннада бирдеме жууп жатканын көрүп туруп калды.

– Келиңиз, апа!

– Келдим, балам. Тынччылыкпы деги?

– Ооба, тынччылык эле. Эмне болду?

– Билбейм, уулуң «Мамалап!» ыйлап жүгүрүп баратканын көрүп, сени ээрчип ыйлап бараткан экен десем, үйдө турбайсыңбы?

Зыйнат шалдая түштү.

– Эмне дейсиз катыгүн. Үсөн азыр эле үйдө эмес беле.

– Ал баланы мен азыр эле өз көзүм менен көрдүм.

– Башка баланы көрүп, Үсөн менен алмаштырып жатып жүрбөңүз?

– Койчу айланайын, кантип алмаштырайын, Үсөндүн эле өзү.

Зыйнат ошол замат өзүн баласынын бөлмөсүнө атты.

– Үсөн! Э кокуй, чын эле жок го.

Ар жактан Ырыс чыкты.

– Эмне болуп кетти?

– Үсөн жокпу, ар жакта? – Зыйнаттын көздөрү алаңдап, өңү өчө түштү.

– Жок бул жакта. Сенин жумушчу бөлмөңдөдүр?

Салия кайрадан сөзгө аралашты.

– Капырай төлгөгө деле ишенет турбайбы. Айтып жатпайымбы, Үсөн чоң көчө менен чуркаган бойдон ыйлап кетти деп. Үйүн сагынып араң жүргөн балага бирдеме деген жок белеңер деги?

– Эмне демек элек, – деди Ырыс, – Зыйнат эле бирдеме дебесе.

– Мен эмне дейт элем, катыгун. Кымындай бирдеме болсо эле мамама айтам дейби ай, кетип калам дейби ай, сизди апа дебейм дейби ай. Айтор, мени бул бала кууратып жиберди.

– Сен дагы бир кызыксың, Зыйнат, – деди Ырыс, – дагы ушунча ээрчип келгенине, апалап турганына ыраазы болбойсуңбу! Эмне десе, «сеники туура» деп турушуң керек болучу.

Ар жактан Токтогул чыкты.

– Эмне болуп кетти?

– Үсөн жок, качып кеткен окшойт.

– Качканда кайда кетмек эле? Көлгө деги кеталбайт. Узайлекте чуркагыла артынан. Кокустан качып баратып кырсыкка учурабасын бала. Автобекетти билеби?

– Бекетти көрбөсө кайдан билет.

Өң-далаттан кеткен Зыйнаттын өңү өчүп, ичи оттой жанып, делдейип турду. Жээнинин кебетесин көргөн Токтогул үнүн көтөрүңкү чыгарып минтти:

– Сен минтип делдейип турба. Үйүрүн сагынып турган немеге катуу айтып койгонсуң го. Бекер кыласың. Ахан үйдө болсо айтып, узайлекте артынан жөнөгүлө. Түн кирип кетсе табалбайсыңар. Кеч кирип калды.

– Табылаар, кайда кетмек эле, – деди Салия.

Үсөндүн качканын укkан кошуналары дүрбөп, бала-чакасы менен Зыйнаттан мурда жөнөштү. Бардыгы топтошуп бир көчө менен жүрбөй ар кайсы көчөгө бөлүнүп кетишти. Ленин көчөсүнө жеткенде бири-бири менен кабарлашып, ошол вокзалга кетүүчү жолдун кесилишинен кези-

гишмек болушту. Бирок Үсөндү эч жерден таппай, көчөмө көчө кырды кыдырып, сырды сыдырып жүрүшүп күүгүм кирип, күн батты. Айласы кетип, аргасы түгөнгөн Зыйнат акыры ички иштер бөлүмүнө кабарлоого аргасыз болду. Ал жерде иштегендер, өздөрүнүн ар кайсы жердеги участкалык бөлүмдөрүнө звандап, балдар комнатасына өңүтүсүн, кийген кийимин, аты-жөнүн айтып каттатты.

Булар ушунтип тополоңго түшүп жаткан кезде эки аял аялдамага кетип баратышып, көчөнүн бурчунда бир кичинекей өспүрүмдү үч-төрт бала ортого алып акча талап кылып жаткандарын угуп токтой калышты.

– Акчаң барбы? – деди балдардын бирөө.

– Жок акчам, – деди ыйламсыраган өспүрүм.

– Табасың. Бизге акча керек.– Оодаргыла деди чоңураагы корс этип.

Ошол замат тытып кириштн.

– Жок экен эчтекеси. – Бирөө көмөлөтө койду баланы. Өспүрүм ыйлап жиберди.

– Үйүң кайда?

– Чолпон-Атада.

– Эмне, эмне? Чолпон-Ата деген көчө кайда? Калп айтып жатасың, бул жакта андай көчө жок.

Балдардын бири минтти:

– Чолпон-Ата бул жерде эмес, Кыргызстанда.

– Бул жакта кимдикинде турасың?

– Зыйнат апамдыкында.

– Акчасы көппү?

– Билбейм.

– Азыр барып акча алып чыгасың. Болбосо, сени ким көрдү кылып өлтүрүп салабыз.

– Мага акча бербейт да.

– Бас былжырабай, биз бер жакта карап турабыз.

– Барбайм.

– Ой жашабагыр ээ, мына сага барбасаң. Бас өлөлегиңде. – Баланын кулагын чоё кармап жетеледи.

Өспүрүм чыңырып жиберди.

– О-о-й, кулагым, кулагым!

– Чыгарба үнүңдү! – Желкеге койду эле бала бети менен учуп барып жерге бир тийди. Кайра тургузуп, кайра койду. Баланын мурдунан кан атып кетти. Өспүрүм мурдун басып олтура калды. – Чыгарба үнүңдү. – Баланы төбө чачынан кармап өөдө тартышты.

Буйткада турган аялдар чыдабай кетишти. Ылдамдай басып жакын келишти.

– Ай, балдар, бул эмне кылганыңар. Кенедей неме силерге кайдакы акчаны таап берет. Уяты жоктор.

«Уурунун көчүгү кууш» дегендей, аялдын үнү чыгаары менен тигилер качып жөнөштү. Таяк жеп, оозу-мурдунан кан кетип, ыйлап турган баланы аялдар колдон алып минтти:

– Жүрү айланайын, ыйлаба. Үйүң кайсы көчөдө, жеткирип коёлу. Кеч күүгүмдө кайда бараттың эле жалгыз?

– Үйүмө кетейин дегенмин.

– Үйүң кайда?

– Чолпон-Атада.

– Аа, баса азыр эле балдарга Чолпон-Атаданмын деп жатпадың беле? Бул жакта кимиң бар?

– Зыйнат апам!

– Ал ким Зыйнат деген?

– Папамдын досу? Ошол алып келген.

– Эмнеге алып келди эле?

– Сүрөт тартканды үйрөнөйүн дегенмин.

– Эчедесиң өзүң?

– Жетидемин. Быйыл 1-класска барам.

– Э Кудай, өзүң 1-класска быйыл барсаң, анан сүрөт тартканды үйрөнөм дегениң кызык экен. Мектепке баргында деле үйрөнөт элең да.

– Мен Зыйнат апамдай сүрөтчү болоюн деген болучумун.

Үсөн көз жашын колунун сырты менен жанып, коркок көздөрү менен эки жагын элеңдей карап минтип сурады.

– Бул жерде автобекет кайда болот?

– Автобекетти эмне кыласың?

– Үйүмө кетем. Түнүчүндө жүрөбү машина?

– Ой-бай, чырагым, бул жактан түнүчүндө эмес, Чолпон-Атага күндүз жүрөрүн Кудай билсин. Алиги сени сүрөткер кылам деп алып келген апайың өзү неге жөнөтпөйт. Сен ал апайыңа айтпай качып чыккан баласың го дейм. Кой, кой, минтип жүрсөң адашып өлөсүң. Түнүчүндө эч кайда кеталбайсың. Автобекет деген алыс. Жалгыз сереңдеп түн катып жүрсөң кырсыкка учурайсың. Азыр шаарда жанакы өзүңө жолуккандай бейбаш балдар көп. Биз сени үйүңө, Зыйнат деп жатасыңбы, ошол апаңа кайра жеткирип коёлу.

– Ал үйгө баргым келбей жатат. Мен барсам ал өзүмдүн үйүмө жибербейт. Мени элдин баарына эле: «Менин балам» – деп жатпайбы. Мен анын баласы эмесмин да.

Баятадан бери унчукпай турган экинчи аял сөзгө аралашты.

– Эй карагым, кетем, кетем эле дейсиң, кеткенге каражатың барбы?

– Каражат деген эмне?

– Каражат деген акча.

– Акчам жок.

– Анан эмне менен кеткен жүрөсүң?

– Үйүмө барганда мамам берет да.

– Андай болбойт. Үйүңө чейин сени эч ким жеткирип барбайт. Пулу жок адамды машина да албайт. Талаада каласың, бала. Андан көрө биз сага жакшылык кылып бул жердеги үйүңө жеткирип коёлу.

Үсөн мурдунун суусун шор тартып букулдап ыйлап минтти:

– Сиздер Зыйнат апаны тааныйсыздарбы?

– Жок, балам, тааныбайбыз. Тааныбасак деле жеткирип коёлу. Жүрү кайда ал аялдын үйү?

– Мына бул жакта. – Үсөн макул болуп алдыга түштү. Аялдар баланын аркасынан ээрчий басты.

– Сенин аты-жөнүңдү да сурабаптырбыз. Атың ким?

– Үсөн! – деди бала.

– Жакынбы үйүң?

– Билбейм, жакын эле го.

– Апаң эмне болуп иштейт?

– Кайсы, бул жердеги апамбы?

– Ооба, бул жердеги апаң?

– Сүрөт тартат.

Аялдар Үсөндүн сөзүнө карата минтип сурашты.

– А тигил жактагы, Чолпон-Атадагы апаңчы?

– Мамамбы? Мамам догдур.

– А папаңчы?

– Үй салат.

– Ыя, Үсөн, кетип эле баратасың, дагы канча калды. Алыс го аябай.

Бир жерге барганда Үсөн тегеренип токтоп калды. Эки жагын айланта карап туруп минтти:

– Мына мындай, бир көчөнү бүт алган аябаган бийик үйлөр жок болучу. Канча кабат деги? – Бала манжаларын ачып-жуумп санды, бийик тогуз кабат экен?

– Э катыгүн, ал апаңдын үйүн билбей калдыңбы? Эстечи жакшылап, кайсы көчө, кайсы аялдама эле?

Үсөн ийнин куушурду.

– Сени жеткиребиз деп өзүбүз, өз үйүбүздөн адаштыкпы дейм. Ыя, Үсөн, Алматыга келгениң көп болдубу?

– Ооба, көп болду. Жыйырма күн болуп калды го.

– Анан ошол жыйырма күндүн ичинде эле сагынып кеттиңби үйүңдү? Же бул жердеги апаң сени кайра үйгө такыр жибербеймин дейби?

– Жок, жибербейм деп айткан жок. Жиберем, жиберем эле дей берет, калп эле алдап.

– Бекер кыласың качып. Аз күнү чыдасаң, акыры жиберет эле да. Азыр сени издеп убара болуп жатышат да. Сени жакшы көрөбү Зыйнат?

– Жакшы көрөт.

– Анан сен жакшы көргөн кишинин сөзүн укпай, аны капа кылып эмне үчүн качасың?

– Качпайын эле дегенмин. Мамамды сагынып... – Үсөн ыйлап жиберди.

– Болду ыйлаба, – деди аялдардын улуусу, – силер турган үйгө жакын жерде аялдама барбы? Кандай автобуска түшүүчү элеңер? Номерин билесиңби үйүңдүн?

– Жок, автобус барбайт, – деди өз түшүнүгү боюнча жооп берип.

– А троллейбусчу?

– Жок каттабайт, – деди дагы.

Анткени Үсөн өзү бул жерге келгени автобуска да, троллейбуска да түшүп көрбөсө, машинанын жайын кайдан билсин. Бул маршрут боюнча автобус эле эмес, троллейбустар да, маршруттук таксилер да байма-бай тынымсыз каттайт. Үсөндүн «автобус барбайт» дегенинин дагы бир себеби, алардын үйүнө автобустар бир көчө жетпей түндүктү көздөй бурулуп барып токточу. Анан дагы Зыйнат бир жакка барса, өз машинасынан ажырагандан бери дайым такси чакыртып же болбосо Ахандын, ал болбосо башка тааныштарынын машиналары менен жүрө турган.

Аялдар эмне кылышаарын билбей, оо бир оокумга чейин чайпалып туруп, Үсөнгө минтишти:

– Ыя, карагым, эми эмне кылабыз. Биз өзүбүз да шаардык эмеспиз. Үйүңө чейин алып барып киргизип коюп кетели десек, жашаган чамгарагыңдын дарегин билбейт турбайсыңбы. Бул апаң экөөбүз сени таштап кеталбай турабыз. Макул болсоң сен бүгүн биз менен чогуу барып, биз конгон үйгө конуп ал. Эртең таңдан аман чыксак бир айласы табылаар.

Ансыз деле өзүнүн туура эмес иш кылганына ичинен өкүнүп, коркконунан эмне кылаарын билбей айласы кетип, муун-муунуна тийбей өзүнөн өзү титиреп турган Үсөн, мүңкүрөгөн үн менен минтти:

– Апа, сиздер мага карабай кете бериңиздер. Мен барбайм эч жакка.

– Кой, антпе карагым, талаада жалгыз коркосуң.

– Мейли корксом.

– Кандай айтканынан кайтпаган жаман баласың. Улуунун сөзүн угуш керек да.

Жаш аялдын жини келип минтти:

– Коюңузчу асылбай. Барбаса олтура берсин талаада. Терсаяк жаман бала турбайбы. Жакшы бала болсо жанакы апам деген аялды угат эле да. Ал шордуу да кан какшап издеп жүрсө керек да. Балекеттин баарын билген желмогуз бала турбайбы. Ансыз деле муну менен илээшип жүрүп түн ортосу болду. Темтеңдеп баратканда экөөбүздү бирөө жыга чаап кетпесе десең. Барбаса балекетимди алсын. Жүрүңүз кеттик.

Жашынын сөзүн угуп, улуу аял минтти, Үсөндү колунан кармап:

– Жүрү, чырагым, эртең Чолпон-Атага кетем десең дароо салып жиберели. – Аял алдай баштады. – Бул үйүңө барам десең бул үйүңдү таап жеткирип коёбуз.

Үсөн колун тартып алды.

– Жеткирбей эле койгула. Бул үйүмдү мен өзүм эле таң атса таап алам.

– Табарын табасың. Бирок жалгыз коркосуң деп жатабыз. Тил алчы, карагым. – Колун кайра кармады жетелемек болуп.

– Барбайм, коё бериңиз колумду. Тетигил талдын түбүнө эч кимге көрүнбөй олтуруп турам.

– Тил албадың, өз убалың өзүңө. Бала болсоң да, айтканыңан кайтпаган кайратың бар бала экенсиң. Түн кыска, эми эле таң атат. Кокустан жолбун ит, жолбун мышыктардын дабышы чыгып же көзүңө көрүнүп калса коркпо, жарайбы? Согуш мезгилинде сендей эле балдар түн катып жалгыз-жарым жүрүп эле чоң кишилердин колу-

нан келбей турган жумуштарды бүтүрүп, партизандарга жардам берип турган.

Аялдар Үсөндү, бир жакшы салынган көп кабат турак үйдүн алдындагы тушташ өскөн майда кара жыгачтуу сквердин буйткалуу жерине алып келип минтишти:

– Ушул жер ылайыктуу экен. Таң атып, жерге жарык түшүп, адамдар өтө баштаганда, адашып жүрөм десең, ким болсо да жардам берет. Аман бол, балам. Экинчи минтип дайын-дареги жок качпай жүргүн. Атыңды билдик Үсөн турбайсыңбы. Бул жердеги апаңдын атын ким дедиң эле?

– Зыйнат.

– А фамилиясы ким?

– Эсенова.

– Сүрөт тартат турбайбы ээ?

– Ооба, сүрөтчү.

Токтолуп калган аял, сумкасын ачып бир пачка печение, конфет уучтап берди. А тигил жашы, бир шише «Кока-Кола» алып чыгып алдына койду.

– Курсагың ачса, буларды жеп, «Кока-Коланы» ичип ал...

Аялдар баланын калган жерин жакшылап карап, болжолдоп алышты. Алиги тогуз кабат үйдүн катарында дагы бир жаңы салынып жарым-жартылайы көтөрүлүп калган курулушту эстерине тутуп коюшту...

Үсөн аялдардын артынан, энесинен ажырап ээн талаа, эрме чөлдө калган аргасыз макулуктан бетер ичи эңшерилип, кареги кардыкканча карап, солкулдап ыйлап турду. Алар менен кетип калбаганына өкүнүп, артынан чакырып: «Мени ала кеткиле!» – дей жаздап барып токтоду. Анан эт жүрөгү алда немеден сестенип, өзүнөн өзү коркуп, тулаңдуу кара жыгачтын арасына кирип, коёндун бөжөгүнө окшоп кош аяктап жүйүртө басып олтура кетти. Өзүнөн өзү өпкөсү көөп, ыйлагысы келип солкулдап турду. Анын кайратына кайрат кошуп, үмүтүнө үмүт улап, тирүүлүгүн даңазалап турган бир күч, шаарды сүттөй нурга бөлөгөн про-

жекторлордун жарыгы болучу. Үсөн бала болсо да, ушул ак жаркын светтен кубат алгансып, айлананы телмире карап кирпик какпай тиктей берет. Бирок Үсөндүн бул демөөрү көпкө созулган жок. Бир заматта жарык жалп өчүп, шаар ичин караңгылык каптап, түн түштү да калды. Үсөндүн, кичинекей балапан жүрөгү оозуна чыга туйлап, бүткүл денесин титиреткен коркунуч жарыктын өчүшү менен калдайган караңгылык канаты менен басты да калды. Анын көзүнө баякы кинолордон көрүп жүргөн «Ужастар» менен «арбактар» биринин артынан бири келип тегеректеп алгандай болгон коркунучтуу көрүнүштөр уламдан-улам көбөйгөндөн көбөйүп баратты. Баякы коён олтуруш менен жүйүртө басып олтурган калыбынан козголбой, алагар коркок көздөрү ирмелбей, бүткүл денеси муздай болуп катып калганын сезбей, бир точканы тиктеп, эсин жоготкон Үсөн жансыз макулуктан бетер жалдырап олтура берди.

Алиги казак аялдар Үсөндү таштап кетерин кетип алышып, экөө бирдей жолдо катар кайгыга батып, санаалары сандап, көңүлдөрү тынчыбай, бири менен бири урушкан адамдан бетер ооз ачып сүйлөшпөй келишип, токтогон үйлөрүнө бир тийди. Бул үй алиги токтолуп калган аялдын сиңдисинин үйү болучу. Үй ээси келин тамак-ашын жасап алып, эжеси менен келген шериги экөөнү күтө берип, кечиккенден кечигип баратканынан, алда кандай болду деп санаасы тынбай, тынчы кетип турган кези болучу. Меймандарын көрүп сүйүнүп кетти.

– Ой деги аман-эсен келдиңерби? Кечиккениңерден алда эмне болду деп коркуп жаттык эле. Бул убакка чейин кайда жүрдүңөр?

– Шашпа, азыр айтып беребиз.

– Тынчылыкпы деги?

– Кудай сактасын, биз өзүбүз тынч элебиз. Башка бирөөнүн азабы менен ушул убакка калдык. Аягым да тартылбай калды басып жүрүп. Аябай чарчадык.

– Куурагансыңар го, үйгө киргилечи деги.

Булардын сөзүн уккан үй ээси жигит, кайнежесинин үстүнө кирип, учурашып минтти:

– Мынча келбесеңиздер, издейли деп жаттык эле. Сиздерди жок деп Афиза звандаганынан мен дагы азыр эле келип үйгө киргемин. Айтыңызчы, эмне болду?

– Ой-бай карагым, жолдо бир адашкан балага кезигип, ошону таштап кеталбай жүрбөдүкпү. Анын үстүнө барган үйүбүздөн да өзүбүз кеч чыкканбыз.

– Эмне болгон бала экен ал?

– Кичинекей эле жети жаштагы кыргыз бала. Чолпон-Атадан бир аяш апасы алып келген имиш. Сыягы, тышка чыкпаган бала ата-энесин сагынган го. Үйүмө кетем деп, аяш апасына айтпай качып чыгыптыр.

– Анан эмне болду?

– Эмне болгону курусун, бул жердеги аяш апасынын үйүн таппай бизди кууратпадыбы. Көчөсүн да, үй номерин да билбейт. Тамтаңдап ошол баланы ээрчип көп жерге бардык.

– Ал баланы алып келген ким деген немелер экен?

– Билбейм ким экенин. Баланын айтуусу боюнча сүрөтчү аял го. Аты Зыйнат дейт.

Зыйнаттын атын угуп жигит селт этти.

– Эсенова деген жокпу фамилиясын?

– Ооба, ооба, Эсенова деди.

Афизанын күйөөсү Аманжол Алматыдагы улуттук кийимдерди тигүүчү «Акжол» өнөрканасынын президенти болучу. Аялы Афиза да ошол өнөрканада модельер болуп иштеген таланттуу жаштардын бири боло турган.

– Анан эмне болду? Үйүн таппасаңар бала кайда калды?

Аялдар бул суроого жооп бералышбай буйдала түшүштү.

– Биз менен кет, үйүңдү эртең күндүз таап беребиз десек да болбой койду. Коркпойм, ушул жерде эле калам дегенинен, бир тогуз кабат үйдүн алдындагы скверге олтургузуп коюп кете бердик. Андан башка колубуздан эмне келмек эле. Көк бала экен, эч макул болбой койду.

Аманжол менен Афизанын көздөрү алайып, өңдөрү өчө түштү.

– Э кокуй, кенедей неменин жүрөгү түшүп өлөт турбайбы. Эми эмне кылыш керек? – деди Афиза, эбак сүт уйкуда уктап жаткан өз балдарын ойлоп, алар менен салыштырып жүрөгү титиреп чыкты. – Таш боор экенсиздер, апа! Кантип ошол муштумдай баланы караңгы түндө, жалгыз талаага таштап баса бердиңер болду экен? Кантип энелик сезимиңер жол берди? – Афиза ыйлап жиберди. Анан күйөөсүнө карады. – Аманжол сен эмнеге туруп калдың? Бол машинаңды айдап чыкпайсыңбы?

– Машинаны эмне кыласың?

– Кызыксың го сен өзүң, барбайбызбы алиги талаада калган таалайсыз балага?

– Балким Эсенованын баласы эместир? – деди Аманжол.

– Ой, кызык, Эсенова болбосо, шайтандыкы болсун, баланы сактап калыш керек да. Кудай жалгагыр, ким менен сүйлөшүп жатасың, телефон менен сүйлөшүүчү мезгилди тапкан экенсиң, таштачы кагылайын.

– Мен ошол Зыйнат Эсенованын үйүнө чалып жатам.

– Эмне киши жок бекен?

– Эч ким албай жатат.

– Балким, баланы издеп жүрүшкөндүр.

– Мүмкүн.

Аманжол менен Афиза, эжеси менен берки аялды кошо салып алып жолго чыгышты. Жашаган үйүнүн дарегинен адашып, билбеген бала сыяктуу тигил аялдар да, Үсөндү калтырган көчөнүн дайынын билбей, Аманжолдун өзүн эле эмес, машинасын кошо чарчатышты.

– Эми кандай арга кылабыз? – деди машинаны токтотуп, кейиштүү үн каткан жигит, айласы түгөнгөн кейипте. – Баланы талаага калтырып жаткандан кийин, алда кандай болот деп, көчөнү тактап көрүп, бир үйдүн номерин карап койсоңор болмок. Өз балаңар эмес да. Ошон үчүн

«Бирөөнүн кулагын кессе, бирөөгө кийиз кескенчелик көрүнбөйт» деген ошол.

Афиза жаш болсо да, адамдан башкача боорукер, бала дегенде эт-бети менен кеткен мээрбан аял болучу. Анын үйүндө Толкунбек барында Зыйнат менен бир жолу чогуу болгон болучу. Ошондон кийин Эсенованы көргөн сайын бир туугандай учурашышып, ал-абалдарын сурашып калышчу. Аманжол да, Афиза да Зыйнаттын талантына таазим кылып суктана беришчү. «Жакшы адам бир жеринен кем» дегендей, анын бала төрөп, эне болууга жөндөмү жогуна экөө бирдей кейип, боору ооруп кете турган. Бирок Толкунбек менен ажырашканын угуп, кейигендери менен, кечээ жакында эле Зыйнаттын баласы бар экенин эшитип, Афизанын кубанычы койнуна батпай сүйүнгөн. Бирок «Бешик бооң бек болсун» айтып жентектеп баралбай жүргөн кезинде күтүлбөгөн окуяны угуп эси ооп калды. Анткени эрден ажырап эрге тийүү, баладан ажырап бактысыз болуу, жаш болсо да Афизанын башынан өткөн трагедиянын бири болучу. Көрсө, сүйүү дегениң өзүнчө эле бир балекеттүү оору болот турбайбы. Бардыгы тымтырс болуп, чөгүп олтурган тынчтыкты бузуп, Афиза күйөөсүнө минтти:

– Не бар, не жок, Зыйнат апанын үйүнө барып келсек эмне болот?

– Үйүндө жок болуп жатса, эмнеге барабыз? Андан көрө милицияга кабарлады бекен, ошону билбейбизби барып. Ансыз деле ички иштер бөлүмүнүн жанына келип токтоп-турбуз.

Аманжолдор милицияга келсе, Жакан менен Галия баш болгон жакшы санаалаштарынын баары ошол жерде экен. Зыйнаттын эки көзү эки тоодой. Кызыл жакачандардын баарынын кабагы карыш түшүп: «Ал бала эч жерде жок» – деп биринин артынан бири келип жатканын көрүп тигилердин да үрөйлөрү уча түштү.

– Жолдош генерал! Шаардын караңгылыгынан жети жашар бала эмес, жетимиштеги дөө болсо да табыла тур-

ган эмес. Саат төрттөн өттү. Таң куланөөк болуп калды. Бир сааттан кийин таң аппак атат. Табылат эртең менен. Бул бала эч бир көчөдө жок, ар бир квартал, ар бир көчөнү тим эле тытып чыктык. Аны боорукер кимдир бирөө, баланын көчөдө сандалып ыйлап жүргөнүн көрүп алып кийирип жаткырып койду да, – деди жигиттердин бирөө. Ал жигиттин сөзүн кубаттаган үндөр дүңгүрөп кетти.

–Эй, жигиттер! – деди эки ийнине эки бүркүт конгондой болгон узун бойлуу, көзүнөн от күйгөн айбаттуу генерал заңк этип. –Эмне, түн ичинде свет болбой калса качантан бери ички иштер бөлүмүндө иш болбой калды эле, ыя? Ушул да эл коргоп, журт баккан эр адамдын айта турган сөзүбү! Эгерде бул бала табылбаса, бириң эмес баарың башыңар менен жооп бересиңерди билип койгула. Уктуңарбы?

Тургандар дымый түштү. Саамга токтогон тынчтыкты, Аманжолдун үнү бузду.

–Ардактуу генерал! Мага бир мүнөткө сөзгө конок бериңизчи!

–Айт, эмне сөзүң бар?

–Азыркы табылбай жаткан баланы көргөн адамдар бар бул жерде. Биз ошол баланын кабарын угуп, атайы сиздерге айтканы келген болучубуз.

–И, ал ким экен?

–Мына бул менин апчем менен анын жанында турган аял экөө көрүшүптүр. Бул кишилер да караңгылыктын капсалаңынан көргөн көчөсүн эстерине жакшы туталбай калышыптыр. Биз барып айланып жүрүп таппай, акыры сиздерге келдик.

–Кана, ал аялдар? Бери келип өздөрү айтсынчы.

Алиги улгайган аял сүрдөнө басып, эки жагын айланта бир карап алып, өз колун өзү кармалай берип минтти:

–Ал баланы мына бул келин экөөбүз, бир топ балдар чогулуп ур-берге алып коркутуп, акча талап кылып жаткан жеринен көрүп ажыратып алдык. – Аял болгон окуя-

ны башынан толуктап айтып келип минтти: – Жүрү биз менен, эртең үйүндү жарыкта чогулуп таап беребиз десек, эч ынабай койду. Айла кеткенде кете бердик. Биз ал жерден чыккан бойдон, шаардын бир четинен бир четине чейин тамтаңдап жөө келдик. Анткени саат он экиден өтүп, автобустар эбак токтоп калыптыр. Баса, – деди аял, – мен бир нерсени унутуп айтпай жаткан турбайымбы. Ошол бала калган ченде, бир көчөнү бүт алган тогуз кабат үй бар болучу. Анын катарында жаңы салынып, дубалы жарым-жартылай көтөрүлүп калган имараттын курулушу бар экен. Менимче, ал жерден Үсөн эч жакка кеткен жок.

Генерал кызматкерлерине карап минтти:

– Уктуңарбы, бул кишинин сөзүн. Ушунчаңар кутурган иттей аба жарып жүрүп, баланы жетелеп бакандай болгон эки аял Эсеновдун үйүн издеп жөө темтеңдеп жүрсө бир да бирөөң «көзүңөргө ак түшүп көргөн эмессиңер. Азыр бул эже айткан тарапка бир экөөң баштап барып келесиңер. Айткылачы, ошондой салынган үйдү кимиңер билесиңер? Обол мурун ошону тактап алгыла.

Ошол замат Жакан алдыга чыгып минтти:

– Мен билем ал үйдү. Ал военныйлар үчүн салынып, аягына чыкпай токтоп калган объект болучу. Кийин космонавттар менен чек арачылар биргелешип, жаңы эле бүтүрүп пайдаланууга беришкен. Ал эми катарындагы жаңы салынып жаткан курулуш авиаторлордун кызматкерлери үчүн турак жайы салынып, азыр ортолоп калды.

Тургандардын ооздору ачылып калды. Ал тогуз кабат үйдүн курулушу токтоп калып, кайра курулуп бүтүп пайдаланууга берилгенин тургандардын көпчүлүгү билүүчү. Бирок баарынын ооздорун ачтырып, эстерин оодарган иш үйдүн алыстыгы болду. Ошол эрбеңдеген кенедей Үсөн ошончо жерге кантип жетти экен деген ой ар биринин көңүлүндө ойноп турду. Ал эми аялдарчы?

Зыйнатты алып, эжелери менен Аманжол алдыга түштү. Алардын алды-артынан узатып ГАИлер жөнөштү. Алар

чыкканда жерге жарык түшүп калган болучу. Жүрүп олтурушуп, алиги тогуз кабат ак үй көрүнгөндө эле, машинада олтургандардын көздөрү алачакмактап, жүрөктөрү удургуй баштады. Күйөө баласынын шилисинде олтурган аял Үсөндүн калган жерин алыстан эле даана таанып, Аманжолду артынан түртүп койду.

– Мына келдик, – деди үнү калтарып. – Тигиндей бурулуп токтот машинаңды.

Бардыгы машинадан түшүштү.

– Ой, эч ким жок го бул жерде? – деди чочулай сүйлөгөн Аманжол.

– Бала эмеспи, уктап калса керек, скверден көрүнбөйт да, – деди экинчи аял.

Аңгыча арткы машиналар да биринин артынан бири келип токтошту. Зыйнаттын денесинен жан кетип, эки аягы шилтөөгө келбей, темтеңдей басып, тажеңеси менен Афизанын коштоосунда келатты. Алдыга баскан улгайган аял өзү болжогон жерге жетип эле, кубанычтуу үн менен: «Мына Үсөн!» – деп бир шаңк этип алып, кайра ошол замат бозала болуп мостоё түштү.

– Үсөн! Биз келдик, кагылайын! – Аңгыча келгендердин бардыгы тегеректеп туруп калышты. Ырыс жанындагы аялдарга карады:

– Айланайындар, Зыйнатты кармагылачы, – деп жээнинен бошоп, жалдырап бир точканы тиктеп, тоңгон муздай болуп кыймылсыз олтурган Үсөндү кучактай калды да, тургандарга карады, – үн чыгарбагыла, айланайын эл. Бала аман экен. Коркуп калган тура. Муздап калыптыр. Арагыңар барбы?

– Бар байбиче, бар.

– Жакан айланайын, Үсөндү акырын көтөрүп машинага жеткир.

Көздөрүн кан чалып, өзүн жоготуп титиреп турган Зыйнат Үсөндү басып жыгылуучудай болуп, боюн таштап баратканын көргөн Ырыс чочуп кетти.

– Ой, ой, кантет, Зыйнатты кармагыла, катыгүн.

Аялдарга ээ бербеген Зыйнат бүгүлө түштү.

– Ой, каралдым, эмнеге мени кууратың. – Үсөндү кучактай жыгылды. – Сен өлгөнчө менин өлгөнүм жакшы.

Ырыс жээнин түрттү.

– Балаң аман, эмне болуп жатасың. Жаман жорук баштабай ары турчу. Сүйүнүүнүн ордуна ыйлаган эмнеси, катыгүн.

– Ой, айланайын, тажеңе, ээсине эмне дейм бул баланы? Кара көзүм кашайбаса экен. Шордуу башым, бул баланын минтип качаарын билбей калбадымбы. Эгер билген болсом алып келмек турсун, жаныма жакын жолотпойт болучумун. Баламды таап, балалуу болуп жыргайм дебедим беле! Ой, Кудай, мендей да шордуу адам болобу? – Ботодой боздогон Зыйнаттын үнүн укkан адамдар, ага кайрат айтып, кой дегендин ордуна, өздөрү кошо ыйлап, кошо сыздап жатышты.

Галия менен Афиза экөө эки колтуктан алып, колубуту карышып калган Зыйнатты күч менен машинаны көздөй алып баратышкан аялдарга Ырыс минтти:

– Алдагы шордуу кыздын бир капа болгондо, бир сүйүнгөндө кармай турган талмасы бар эле. Байкагыла айланайындар.

Зыйнатты карап туруп алиги Аманжолдун кайнежеси ыйлап жиберди.

– Эсенова, Эсенова десе эле, мен бул келинди армансыз жашаган бактылуу аял болсо керек десем, жардан жарды, баладан бактысыз шордуу келин турбайбы. «Баланын бары да балаа, жогу да балаа» деген ушул. Деги баласы аман болсо экен. «Коркпойм» – деп кашайып тилибизди албай койбодубу. Деги көк жал экен бул бала. Түндө биз кеткенде кандай олтурса, ошол бойдон олтурган тура.

Баланы машинага алып кириштi. Ырыс, Үсөндүн үстүндөгү көйнөгү менен шортигин чечип, таманынан баштап, башына чейин, аралтан шыбап укалап жиберди. Анан

Токтогулдун үстүндөгү кемселин чечтирип жылуулап ороп алып, Жакан менен балдарга карады:

– Жакан айланайын, жөнөйлү эми. Бул баланы үйгө тез жеткиришибиз керек.

Тургандардын бардыгы, Аманжол баштап үйгө чейин Үсөндү жеткирип келип, кайра тартышты. Булар келгенде кулак түрүп сак турган Зыйнаттын кошуналары, «аксарбашыл» айтып, Үсөндү босогону аттатпай туруп башынан суу тегеретип чачышып, өз ырым-жырымдарын жасап жибериштн. Үсөн үйгө келгенден кийин да тээ бир далайда барып көзүн ачканга араң жарады. Үсөндүн эсине келгендеги биринчи сөзү баякы эле мамасы болду.

– Ма-ма-а! – Көзүнүн кычыгына толгон жаш жалбыракка турган шүүдүрүмдүн тамчысына окшоп мөлмүлдөп турду. – Мени алып кетчи, ма-ма-а!

Зыйнат уулунун муңканган сөзүн угуп өзүн кармай албай, өкүрүп ыйлагысы келип турду. «Мен сенин бекер эле убалыңа калган экенмин, балам. Аман-эсен сакайсаң, мамаңа өзүм алып барам, каралдым. Аман болсоң экен деги. Ошол мамаң менен эле бактылуу болчу» – деп ойлоп жатты...

* * *

Үсөндүн кетиши Жайнагүл үчүн өзүнчө бир орду толгус чоң жоготуу болду. Ал канчалык өзүн өзү алдап, өзүн өзү сооротуп: «Билем, кагылайын каралдым, баары бир эртедир-кечтир бир күнү, мама, мен сени сагындым!» – деп кирип келериңе көзүм жетип турат. Сен экөөбүздүн ортобузду ажал аралап кетип эле Кудай алыстатпаса, башка эч кандай күч ажыраталбас» деген үмүт отун көңүлүндө туу кылып ыргай берет. Үсөндү узаткан күнкү окуядан кийин, Жайнагүл өз жүрөгүнөн өзү чочуп, сактанып калган. Бирок жүрөк деген жүрөк экен да. Анткени адам баласынын башына келген жамандык менен жакшылыктын баарысы жүрөктөн өтүүчү неме турбайбы. Асан менен

Үсөндөн улам ата менен энеге баланын да жакын, алысы болобу деген өз суроосуна өзү жооп табалбай кетет. Анан калса үйдө болобу, тышта болобу Асандан мурда эстегени да Үсөн, ойлогону да Үсөн, сагынганы да Үсөн болот да турат. Балким, Асандын өзүнөн бөлүнүп эч жакка кетпесин билгендиктен, анын өз экенине ишенгендиктен гана аны анчалык этибарга албаса керек. Ойлоп олтуруп Жайнагүл ушундай жыйынтыкка келип такалат.

Учкан куштай зыпылдап күн артынан күн өтүп, Үсөндүн кеткенине үч жуманын жүзү болуп июль ортолоп калды. Баякы кетээрде телефон чалып турам деген убададан кабар болбой баратты. Үсөн кеткенден бери Жайнагүлдүн мүнөзү өзгөрүп кетти. Бирдеме болсо эле, Толкунбекке жини келип, бардык күчүн ошондон чыгаруучу болуп, аны менен сөз жок жерден сөз таап, кычыгы жок жерден кычык таап, беттен алып уруша кетүүчү адат таап алды. Баякы эч нерсеге тендешсиз, бийиктеги өзү сүйгөн Толкунбек Жайнагүл үчүн кадыр-баркы жок жөнөкөй эле башы кара, буту айры, көптүн бири сыяктуу эле бир адам болду да калды. Анын баякы «Толкунбектен тирүүмдө көңүлүм калып, жүрөгүм сууп, ысыгым таркабайт го» деген жаркын кыялы өзгөрдү.

Кына келинининин Толкунбекке болгон кыялын көрүп туруп эмне кылаарын билбей, ичинен кан жутуп жүрдү. «Булардын оңолду деген турмушу кайра бузулабы?» деген ой эненин карт жүрөгүн кайгыга салуучу болду. «Мындай болоорун билгенде, куураган бала Зыйнат менен эле жашай берсе болмок экен» деп айласыздан ушундай ойго келип такалат да турат.

Ал эми өз күнөөсүн өзү билип, Жайнагүлдүн алдында бардыгына милдеттүү болгон Толкунбек, аялынын кыялына кыяпат айтып, мурдуна муз тоң деп каккан да жок, көтөрүмү жок чабал эркекке окшоп чапчаңдык кылып чокчондоп кол көтөргөн да жок. Өңгөчө Зыйнат менен ойдо жок жерден келим-кетим башталып, Үсөндү алып кетиши,

жигиттин мойнуна ысык сорпо төгүлгөндөй эле иш болду. Чындыгын айтыш керек, акыйкатта, Үсөн үчүн Жайнагүлдүн эмгегиндей баа жеткис эмгекти ким деген адам көтөрүп, ким деген адам жасай алат. Ошон үчүн Толкунбек да бардыгына милдеттүү да, кечиримдүү болуш керек.

Баягы мурдагыдай бирине бири тойбогон махабаттуу түндөр менен күндөр болбосо да, жанаша кроватта жатышып, бир үйдө жашагандары эле булардын эрди-катын экенин күбөлөндүрүп тургансыйт. Чын-чынына келгенде Жайнагүлдүн Толкунбек менен ажырашып кетейин деген эч кандай ою да, максаты деле жок. Бар болгон ортодогу балекеттин баары Үсөндүн азабы.

Үй ичин жыйыштырып, казан-аягын жууп-тазалап, Кына менен уул-кызын жаткырып, уктоочу бөлмөсүнө кирсе, Толкунбек эчак жатып уктап калыптыр. Бир топтон бери күнүгө кеч жатып, эрте туруп уйкусу канбай, жарым уйку болуп чарчап жүргөн Жайнагүл оюнда бүгүн эртерээк жатып, эч нерсе ойлобой уктоого аракет кылайын деген ойдо болучу. Бирок эмне үчүндүр өзүнөн өзү жүрөгү туйлап, өзүнөн өзү коркуп, кандайдыр бир нерседен сестенгенсиген алда кандай бир көңүлү чөккөн туңгуюк тынчсыздыктан ойлогон ою ордунан чыкпай калды. Жаздыкка башы тиери менен, баякы уйкусу ачылып кетмей оорусу кармай баштады. Жаткан төшөгүнөн кайра туруп «Корвалолдон» тамызып ичип, бөлмөдө түнкү ич көйнөгү менен ары-бери басып, кайра келип кроватына олтурду. Эмне үчүндүр жаткысы келбей эки жагын карап, делдейип олтуруп кайра турду. Кайра терезеге барды. Үсөндү ойлоду.

Жайнагүл тээ түндүн бир оокумунда жатып, көзү кандай илинип кеткенин билбей калды. Ал кандайдыр бир бөтөн жерде Үсөн экөө кетип баратып, бири-биринен адашып калышты. Ошол кезде Жайнагүлдүн көзү кимдир бирөөлөр, Үсөндү таштанды аралаш ыпыр-сыпырга көөмп жатканын көрүп, ошол жакты көздөй басайын десе эле алы кетип, аягы шилтемге келбей калат. А Үсөн болсо, Жайнагүлдү

жардамга чакырып «Ма-м-а-а! Ма-м-а-а! Мени өлтүргөнү жатышат, ма-а-ма!» деген уулунун үнүн угуп, канчалык далбас урганы менен ага жеталбай ыйлап, үнүнүн бардыгынча: «Үс-ө-ө-н, Үсө-ө-ө-н!» – деп кыйкырып жаткан аялынын үнүн угуп, чочуп ойгонгон Толкунбек, жаздыктан башын жулуп алды:

– Ай, ай, Жакин! Жакинтай! Эмне болду ыя, алтыным!

Жайнагүл чочуп ойгонду. Ал эки жагын алаңдай карап, оттой күйгөн коркок көздөрүн алаңдатып, күйөөсүн, анан эшик алдында элейип турган кайненеси Кынаны алмай-термей оо бир оокумга чейин тиктеп туруп минтти:

– Эмне болду ыя, эне?

– Энең кара жерге кирсин, мен эч нерсе болбой эле турам. Өзүңө эмне болду? «Үсө-ө-өн!» – деп өңгөчүң үзүлгөнчө бир айтып бир койбой, эки айтып эки койбой чыңырган үнүңдү тээ түпкүрдө жатып угуп жүрөгүм түшүп калды. Үсөн деген бир балекеттүү бала болду го Кудай. Бул эмне деген шумдук.

Жайнагүлдүн кабагы дароо бузулду.

– Ооба, шумдук эне. Куданын кудурети, ушундай да түш болот экен ээ. – Келин жакасын кармады. – Баламдын жүзүн даана көралбай калдым. Ооруп калган жок бекен деги?

– «Душман не дебейт, түшкө не кирбейт» дегендей, кире бербейби түшкө. Эстеп жатсаң керек санааркап.

– Корком, деги аман болсо экен. – Жайнагүл күйөөсүнө карады. – Сен эмне, эсиң ооп селейип туруп калдың?

– Сен өзүң жер-сууну бузуп кыйкырып жатсаң селейбейимби.

– Болуптур анда, мени кечирип койгула. Эмне болгонумду өзүм да билбей калдым. Зыйнатка телефон чалчы, Үсөндүн ден соолугун билели.

Толкунбек билегиндеги саатты карап алып минтти:

– Тапкан экенсиң телефон чалчу маалды. Азыр саат араң үч жарым болду. Таң атсын, сүйлөшөбүз. Уктап жаткан адамдардын тынчын албай.

– Менин да тынчым кетип жатат. Эчтеке болбойт. Үсөндү билсем эле болду. – Уйкусу бузулат деп Зыйнатты аяп жатасыңбы? – деп айтып жибере жаздап барып токтоду. – Адам деген ушул экен да. Звандап турам деген убадасын, бала колуна тийгенден кийин унутуп калды.

Толкунбек сөздүн бутактанып көбөйүп баратканынан, ырбатып албайын деген ойдо трубканы көтөрдү. Кайра-кайра бурап жаткан Толкунбектин соорусун тиктеп туруп сурады.

– Эмне, жооп бербей жатабы?

– Киши жок окшойт.

Бул кезде Зыйнат, Айгеримди кошунасыныкына таштап коюп, таяке, тажеңеси, кошуна-колоңу болуп, жолдошжоросу менен Үсөндү издеп Алматынын ичин аңтарып, дүрбөлөңгө түшүп айласы кетип жаткан учуру болучу.

Карап туруп Кудуреттин күчүнө таң каласың. Мына бул алымустактан бери, «Жүрөк билет экен» деген сөз айтылып келе жатат. Бул чындыгында өзүнчө эле бир эң жакын адамдардын ортосундагы жамандык менен жакшылыкты алдын ала бири- биринин сезимине жеткирип тура турган касиеттүү аян турбайбы. Андай аян болбосо, Жайнагүлдүн жүрөгү өзүнөн өзү опкоолжуп, өзүнөн өзү эле Үсөн жөнүндө жанакындай түштөрдү көрбөйт эле да.

Эртең мененки чайга олтурардын алдында энесинин жанында сүйлөшүп турган Толкунбекке Жайнагүл минтти:

– Ай, кагылайын, акысын алсаң да Зыйнат менен сүйлөшчү, баланын ден соолугун билели.

Толкунбек ошол замат лам дебей аялынын айтканын дароо аткарууга өттү.

– Алло! Бул ким?

– Аа, тажеңе сизсизби? Качан келдиңер эле? Кандай, күүлү- демдүү жакшы турасыңарбы?

– И, жакшы, жакшы! – деген болду аял.

– Зыйнат кандай? – Оозуна бул ысым кандай киргенин өзү да билбей калды Толкунбек. Ошол саамда Жайнагүл күйөөсүнө алая карап минтти:

– Эй, Толкунбек, Зыйнатты коё туруп, Үсөндү сурачы.

– Сурайм, Жакин, сурайм. Ал байкушту деле сурап коёюн, – деди тамашага чалган болуп. – Ай, тажеңе, Үсөн кандай? Үйдү сагынбай жакшы жүрөбү?

– Кичине жакшы болуп калды?

– Эмне, эмне? Эч нерсеге түшүнгөн жокмун. – Толкунбек, Жайнагүл билбесин деп ойлоп, калп эле түшүнгөн жокмун деп чаргытып койду.

– Ал бала Зыйнатты азапка салып жатат. Кечээ өзүнөн өзү үйүмө кетем деп качып, шумдук болду. Таң атканча издеп жүрүшүп, эртең менен араң таап келишти. Ал баланды Кудай бир сактады.

Толкунбектин жүрөгү атып кетти. Ар жакта эмне деп айтаар экен деп күтүп турган Жайнагүлгө кандай деп жооп айтаарын билбей калды.

– Зыйнат экөө бир жакка кетти беле? – деди сыр билгизбей.

– Жүрөк көтөргөн бир көз ачык дунган байбиче бар деп ошону үйгө алып келгени кетти.

Жайнагүл Толкунбектин жанына жакын келип, трубканы алайын деди эле, минтти:

– Коё турчу, Зыйнат да, Үсөн да жок экен.

– Таң атпай кайда кетиптир?

Толкунбек Ырыска минтти шашып:

– Тажеңе Зыйнат менен Үсөн келсе айтып коюңузчу, бизге телефон чалсын. – Жайнагүлгө ачык айтпаганы менен Толкунбек Үсөндөн санаасы тынбай калды.

Бул кезде, эми эле эти от менен жалын болуп, отко салган темирдей алоо болуп, алдастап эс-учун билбей жаткан Үсөн, дагы бир сыйра арак менен массаж жасап, укол куйгандан кийин тынчый түштү. Ал азыр мурункудай коркунучтуу бир нерселерди көп сүйлөбөй, кез-кезде «Мама» деген сөздү кайталап, аягына чыгалбай жатты.

Зыйнат Үсөндүн бул сөзүн канча жолу укса, ошончо жолу өкүнүчү өзөгүн өрттөп, арманы башынан ашып ке-

тип жатты. «Бала тапкандыкы эмес, баккандыкы» – деп ким айтса да туура айтыптыр. Мен сага бекер эле эне болом деп алдас уруп, көлөкөгө тон бычып жүргөн турбайымбы. Кой каралдым: «Кайда болсоң аман бол, алтын бооң менде бар» дегендей, Жайнагүлдүн баласы болуп эле, аман жүрчү. Акыл-эсиң толуп, ак-караны таанып, эс тартып эрезеге жеткениңде, эне экенимди билсең билээрсиң, билбесең жүрөөрсүң, – деп өзү менен өзү сүйлөшүп жатты.

Ырыс Толкунбектин телефон чалганын да, анан кайра телефон чалсын дегенин да, төкпөй-чачпай Зыйнат келээри менен айтты.

– Үсөн жөнүндө айттыңызбы, же айткан жоксузбу? – деди Зыйнат.

– Айттым.

– Эмне деп айттыңыз?

– Үсөндүн үйдөн качып, анан араң эртең менен табылганын айттым.

– Аны айтпай эле койбойсузбу? Ушул да айта турган сөз, айтып мактана турган жаңылыкпы? Бекер кылыптырсыз.

Зыйнат тажеңесинин ачык ооздугуна аябай капа болду. Чолпон-Атага телефон чалмак турсун, тескерисинче, таяке-тажеңесине минтип эскертти:

– Айтып коёюн силерге, биздикине Чолпон-Атадан телефон чалгандарга Үсөн экөөбүз жокпуз. Экөө бир жакка конокко кеткен деп жооп бересиңер. Үсөн жакшы болуп баш көтөрсө Жайнагүлгө өзүм чалып, Үсөндү өзүм сүйлөштүрөм. Түшүнүктүүбү, ыя тажеңе?

– Түшүнүктүү. Звандап калса айтпа деп эскертип койбоптурсуң да, балам. Билбей калбадымбы.

– Болуптур, эчтеке эмес. Бирок байкашыңыз керек болучу.

Үсөн, негизинен, жакшы болуп калды. Бирок анын Зыйнатка жакпаган бир жаман жери баласынын уктап жатып өзүнөн өзү улам чочуп ойгонушу тынчын алып турду. Анан эле:

– Апа, коркуп жатам, жаныма олтурчу, – дейт да турат.

– Эмнеден коркуп жатасың? – дейт элейген Зыйнат.

– Билбейм, өзүм эмес, жүрөгүм коркуп жатат.

– Жүрөгүңдөн секет кетейин, – Зыйнат уулунун жүрөгүн басып көрүп, колун дароо тартып алды. Анан ордунан шаша туруп Салияга телефон чалды. – Апа, мен элемин. Ахан келдиби?

– Сага кетпедиби, – деди Салия.

Зыйнат Салия менен сүйлөшүп бүтөлекте эле, Ахандын кирип келатканын көрүп сүйүнүп кетти.

– Кел, Ахан, мен сага звандасам, апам, эми эле силердикине кетти дейт. Дунган байбичеге барып келелиби?

– Ооба, барып келели. Ал кишини үйүнө келди деп угуп, сизге айтайын деп атайы келдим.

Эмчи байбиче Зыйнатты көрүп эле билди.

– Зарыл жумуш менен келген экенсиң да, кызым. Аксагың кандай?

Зыйнат аялдын «Аксагың кандай?» деген сөзүнө түшүнбөй минтти:

– Ооба, сизге зарыл жумуш менен келдим, апа. Эртең менен келсем жок экенсиз. Кеч болсо да барып, уулумдун тамырын кармап, жүрөгүн көтөрүп берер бекенсиз.

– И көрүп да, кармап да берем, кызым. Кеч эмес, ырас убагында келдиң...

Байбиче үйгө кирер-кирбестен эле, баш көтөрбөй жаткан Үсөн төшөктөн туруп, өзүнөн өзү камдангансып олтуруп калды.

Байбиче адегенде көздөрүн ачып, көздөрүн, оозун ачып тилин көрүп, анан тамырын кармады.

– Көзүнө ардеме, бирдеме көрүнүп катуу коркуп калыптыр бала. Эчтеке эмес, жүрөгүн үч күнү эртең менен ачкарын, кечкисин зобол убагында үч жолу көтөрөм, балам, жакшы болуп каласың. Азыр шам жагып, кичине дем салып коёюн.

– Рахмат, апаке.

Зыйнат оюнда жүрөктү кыргызча көтөрөт экен деп ойлосо, бул киши андай көтөрбөйт экен. Баланы эки бутунан кармап туруп үч жолу силкип койду. Анан оозун ачып каката сөөмөйүн салып апаптады. Анан оо бир оокумга чейин дем салып олтуруп, зобол убагында шам жакты да, шамдын күлүн Үсөн менен Зыйнаттын алаканына сыйпап коюп минтти:

– Балаң башка аялдын эмчегин ээмп, башка аялдын колунда тарбияланган экен. Сенин эне экениңе анчалык ишенбейт турбайбы. Бирок арты жакшы. Баландын өмүрү узун, жолу ачык, даража-даңктуу өмүр сүрүп сексен бирге чыгып бул дүйнө менен кош айтышат. А сен өзүң жетимиш сегизге чыгып, кандай өлгөнүңдү өзүң да билбей каласың. Баланды баккан энесине биротоло кайра берсем деген оюң бар экен. Бирок бала өзүндө эле болот. Ал аял сени кыйбай турат. Ушул күндө эси-дартынын баары балада болуп, сагынып турган кези экен. Биринчи никеңден бала көрбөптүрсүң. Бул уулуң өзүң сүйгөн экинчи күйөөңдөн төрөлгөн бала экен. Ал жигиттин сени менен кайра жашасам деген тилеги бар. Бирок сен ага да, башкага да турмушка чыкпайсың. Бул балаң сага да, баккан апасына да күйүмдүү, кайрымдуу бала болот. Жакында сен конуш которосуң, кызым. Үйүңө киреше кирет. Алыстан жакындарың келет.

Байбиченин касиетине Зыйнат ошондо бир тан берди. Үсөн, байбиче дем салып жатканда эле көшүп уктай баштады. Ошол бойдон аяк серппей таң атканча тынч уктап, эртең менен сергек ойгонду. Баякы коркуп жатам деп алапжелеп болгон жүрөгү дароо калыбына түштү.

«Акылың болсо ак самын жебе» дегендей, мындан ары Үсөндү экинчи алып келбеске тобо деп уулунун өзүнө бала болушунан түңүлүп турган Зыйнат, дунган байбиченин айткан сөзүнөн кийин, санаасы тына түштү.

* * *

Жайнагүл, Үсөн жөнүндө көргөн түшүнөн кийин, ойлогон оюнун баары ошол баласы болду да калды. Үсөндөн санаасы тынбаган Жайнагүл айласы келсе аны күн күнөтпөй, түн түнөтпөй алып келип алгысы келип көңүлү бузулуп турду. Анан кайра эле, жан адамга жамандыгы жок боорукер Жайнагүл Зыйнаттын абалын ойлоп, ага да кайгы тартат. Жаш болсо да эки дүйнөнү тең ойлогон жетик Жайнагүл бүгүнкү, же эртеңки күндөгү күнүмдүк көртирликтин көйгөйүн эмес, алдыда болуучу, эртедир-кечтир өз башына келүүчү карылыктын каршы келер мезгилин, анан дагы жаш-карыга карабаган өлүм деген өксүктү ойлоп тунуп олтурду. Өз атасын, анан кечээ жакында эле бир мектепте окуп, бир институтка кирип, окуусун жаңы эле бүтүп жаткан, ойлогон ою, санаган санаасы бирге жандай көргөн жан курбусу Гүлжамыйдын мезгилсиз дүйнө салганын эстеди. Өзү мурда таанып, билбесе да Эсен менен Аккызды ойлогондо жүрөгү опкоолжуй түштү. «Ой тобо, арбак билет, арбак колдойт деген сөзгө бир кезде ишенчү эмес элем. Көрсө, бардыгы чын экен. Арбагыңдан айланайын Аккыз эже менен Эсен абанын арбагы болбогондо Үсөндү Зыйнатка берүү үч уктасам түшкө кирбеген иш эле да. Аа, байкуш Зыйнат, Үсөндүн кандайча өзүнө тийип калган себебин билбейт ээ.

Жайнагүлдүн ою ушул жерге келгенде, тыштан кирген Толкунбек минтти:

– Жакин, жүрү пансионатка барып келели.

– Жок, барбайм.

– Кичине көл жээктеп басып, аба жутуп келбейсиңби. Керели-кечке саргарып санаага чөмүлүп жата бербей. Үсөндү эмнеге мынчалык ойлойсуң билбейм. Ал бала сени эстээрин Кудай билсин. Жүрү, кийин.

– Пансионат-мансионатыңды коё туруп, Алматыга телефон чалдыңбы, ошону айтчы.

– Азыр эле чалдым го. Эч ким жооп бербейт. Алар үйүндө жок болсо керек деп ойлоп жатам. Же болбосо телефону иштебейби билбейм.

– Жанакы чалганыңды айтып жатасыңбы? Андан бери канча убакыт өттү, чалбайсыңбы дагы.

– Чал, чал! А өзүң эмнеге чалбайсың?

– Сен турганда мен эмнеге чалат элем. Чал сен. Сенден башка киши болсо эчак барып, баланын эмне кылып, кандай жашап жатканын билип келет болучу.

– Койчу айланайын, ал жакка барам деп сенин балекетиңе кала турган алым жок. «Катыным сокур, жаным тынч» дегендей, тынч жашайлычы.

– Сактанып калган экенсиң.

– Ооба, сактанып калдым. «Сүткө оозун күйгүзгөн, айранды үйлөп ичет».

– Өзүңө ишенимиң жок да.

Толкунбек күлдү.

– Туура айтасың. «Үйүр алышкан жоо, атышаарга жакшы» дегендей, алда кандай болуп кетет ким билсин.

Жайнагүл да күлдү.

– Анысы бар. Зыйнат экөөңдүн кандай ажырашканыңарды билем. Сен-мен дешпей сый бөлүнүштүңөр. Акылдуу аял экен, жылма жолго салып койду. Аялдар намыскөй, айтканынан кайтпайт, убадага бек. Ал эми эркектер алабарман, көөдөк келет. Убадага туруксуз. Шертин бузуп баса берет.

– Ошон үчүн мени менен байкап, аста мамиле кылышың керек. «Кудай уктап жатканда шайтан эмнелерди кылбайт» дегенди уктуң беле? – Тамашага чала сүйлөдү.

– Ооба, билем го сенин сырыңды. Көп болсо кайра кетип калам деп коркутаарсың. Ал сенин колуңдан келет.

Толкунбек мукактана түштү.

– Жок, андай болбойт дечи. «Чапкан сайын көз чыкпайт» эмеспи. Мен иттик кылган күндө да Зыйнат кабыл албайт. Ал айтканынан кайтпаган аял.

– Кабыл алса барат белең?

– Байкаштырып көрөт болучумун.

– Деги оюңда бар экен да. Түшүндүм. Мурда го экөөң бирдей бала үчүн ыйкы-тыйкы болуп келише албай жүрүп, акыры ажырашып тындыңар. Азыр болсо ортоңордо бала бар. Мен тууган баланы Зыйнат да тууду. Кандай дейсиң?

– Түшүнбөдүм, Жакин, сага. Мага дагы эле ишенбей, сактанып турасың. Мен жөнүндө ойлогон ой-максатың эмне деги?

– Чынымды айтайынбы? Чынымды айтсам, Кудай-арбактан гана коркуп турам. Болбосо айтат элем.

– Кудай менен арбакты бетиңе кармаганыңа таң калып олтурам, Жакин. Мага ишенсең да, ишенбесең да айтайын дегениңди арбак менен Кудайды козгобой эле айта берчи.

– Айтайынбы?

– Айт.

– Чынымды айтсам, Үсөндөн түбөлүккө ажырагым келбей жатат, Толкунбек. (Бул, Жайнагүлдүн күйөөсү менен келгенден бери чечилип биринчи сүйлөшүшү болучу) Көзүнүн жашы мөлт дей түштү.

– Койчу эми, ыйлабай сүйлөчү. – Кучактап бетинен өптү. – Андай болгондо Үсөндү баякы «тоңуп өлдү» деген бойдон калтырышыңар керек болучу. Баланын тирүүлүгүн да, ал Зыйнаттын баласы экенин да өзүңөр чыгарбадыңарбы. Аты жакшы айтпай койсоңор, силердин мойнуңарга ким кылыч кармап жатты эле. Зыйнат эбак, ошондо эле түңүлүп бүткөн. «Чыгашага ээси баш» дегендей, ойдо жок жерден эле, эбак өлдү деген бала тирүү болуп чыга келди. Менимче, бул атамдын дүйнө салаар алдында, Алланын алдына, бирөөнүн убал-сообун аркалабай таза кетейин дегенинен чыккан окуя болсо керек деп ойлогон болучумун. Балким, мындан башка да себеби бардыр, мен билбеген?

– Анысы да бар, башкасы да бар.

– Башкасы да бар дейсиңби? А башкасы дегениң кандай?

Толкунбек Жайнагүлдүн оозун аңкая тиктеди.

– Башкасы дегенимби? – Күйөөсүнүн ынтызарлана түшкөнүн дароо баамдаган кыраакы келин, Толкунбекти көңүл бура бир карап алып, кайталап сүйлөдү. – Башкасы дегеним арбактар.

– Арбактар?! – Толкунбек элее түштү. – Кандай арбактар?

– Кадимкидей эле арбактар. Зыйнаттын ата-энеси Аккыз менен Эсенди көрбөдүмбү түшүмдө. Менин түшүмө кирген түнү энемдин түшүнө да кириптир. Эсиңдеби, энеңдин баякы биздикине сенин артыңдан тукуясыз келгени?

Толкунбек арбак, олуя, көзү ачык дегендерге такыр ишенүүчү эмес. Ал эмес Кудайдын барлыгына деле күнөм санай турган. Жайнагүлгө күлө карап минтти:

– Анан Зыйнаттын ата-энеси түшүңөргө кирсе эле коркуп кеттиңерби? Эмне дейт? Эмнеге киришиптир? Үсөндү Зыйнатка бергениңерге караганда, орчундуу дагы башка бирдеме бар го дейм. – Дагы күлдү.

– Эмнеге күлөсүң?

– Күлбөгөндө ыйлайынбы? Айтпайсыңбы эми, эмне болгонун?

– Эмне болгону ошол, Зыйнатты ыйлатпай, баласын өзүнө бергиле! – деди. – Энемдин түшүнө да ошентип кириптир. Ошол кезде атам ооруп жүргөн кези болучу. Энем экөөбүздү угуп, арбак козголуп, арбак каршыккан жаман деп коркуп кетти. Өз жанынан да коркту окшойт, анан атам окуяны тездетип жиберди. Оорусу да күчөп, төшөккө жатып калды.

– Баса, эчтекеден эчтеке жок эле, кандай болуп кетти дедим эле да. Тобо, биз маани бербегенибиз менен «Арбак билет, арбак колдойт» деген сөздөрдүн чындыгы бар турбайбы. Үсөндү силерден Зыйнатка көрүнөө эле ата-энесинин арбагы жеткирген экен да.

– Ооба, ошондой болду. Бечара Зыйнат баласынын тирүүлүгүн угуп, Үсөндү көзү менен көргөндө дел болуп

эле эси ооп олтуруп калбадыбы. Ал мындай бакыт кушу башына коноорун ойлогон эмес да. Бирок сенин кандай абалда кабыл алганыңды байкабай калганыма эмдигиче армандамын. Бирөөну сүйүнтүп, бирөөнү күйүнткөн тагдыр ай. Бир кезде карасам Зыйнаттын кубанычтан маңдайы жарылып, бир башкача бактылуу болуп турган экен. Ал кезде менин ичек-боорум эзилип, жүрөгүмдүн түпкүрүнөн кадимкидей алоолонгон кыпкызыл эле өрт чыгып куйкаланып, эмне кылаарымды билбей турганымды ким туюп, ким билди дейсиң. Ошол күйгөн от ошол бойдон өчпөй калды. Убалым жетсин сага. Ушунун баарына күнөөкөр сенсиң да.

Толкунбек Жайнагүлдү кучактап, жалынычтуу үн менен минтти:

– Алтыным, эмне кылайын эми, жаштык менен мастыктан бир иттик өттү да кетти. Кечирип койчу, ыйлабачы. Туура айтасың, ушунун баары менин күнөөм.

Жайнагүл өзүн кучактап турган Толкунбекти кайра түрттү.

– Сага баары бир да.

– Кантип эле баары бир болсун. Мен Зыйнат менен эмес, сени менен жашап жатпайымбы...

Жайнагүл Үсөн үчүн бардыгына даяр эле. Толкунбек эгерде Үсөндү алып келип берип, Зыйнатка баш-оту менен кайра барып кирип берем десе да макул болучу. Баятадан бери, күйөөсүнө айтам деп айталбай турган сөздүн удулу келдиби, бир демге ойлоно түшүп, ордунан жаңы эле турайын деп бараткан жигиттин тизесин алаканы менен басып минтти:

– Сен Зыйнат менен кайра табышпайсыңбы?

– Эмне?! – Аялын ормоё карады. – Кайра табышпайсыңбы деген эмне сөз?

– Ошондой эле сөз. Ойлонуп көрсөң жакшылап.

– Мени көп калчабачы, байболгур. Эмнеге эле кантер экен деп сынайсың?

– Сынаган жокмун, чынымды айтып жатам. Көп эле эркектер алып жатат го экиден аялды.

– Ой, байкушум ай, бул Үсөн үчүн ойлоп тапкан махинацияң го дейм сенин. Бирок айтып коёюн, эч качан андай болбойт, Жакин. Мен сенин алдыңда бир жаңылып, ак жолдон бир адаштым. Экинчи андай жаңылуу да, андай адашуу да болбойт.

Баары бир Толкунбек көңүлүндө, Жайнагүл мени кантээр экен деп сынап жатат деп гана ойлоду. Ал эми оозу менен «экинчи жаңылбайм» дегени менен оюнда «Андай аттуу күн кайда. Эгерде чындап эле азыркы айткан сөзүңө туралсаң, анда мен экөөң менен тең эң сонун бактылуу жашаар элем» деген толкундоо бүткөн боюн чымыратып жиберди.

Толкунбек Жайнагүлгө, Үсөндүн үйдөн качып адашып кетип, кайра табылгандыгы жөнүндө эч нерсе айткан жок. Ал болгон окуяны баштан-аяк толугу менен Жакан менен сүйлөшүп ошондон укkан болучу. Жайнагүл укса капа болот деп ачыгын айтпай: «Үйүндө жок экен, бир жакка конокко кетишиптир» – деп, аялы менен сүйлөштүрбөй убакытты атайын создуктуруп жатты.

А Зыйнат болсо, баякы эле өзүнө өзү убада берген бойдон, Кудайдан тилегени Үсөндүн өмүрү менен ден соолугу болду. Бала кандай жакшы болуп сакайса, ошондой аттаптондоп «төркүнүнө» узатуунун камын көрүп жатты.

Үсөн баш көтөрүп жакшы болоору менен Зыйнат таяке-тажеңесин баш кылып, Айгеримди самолётко салып узатып, үйгө бир буту кирип, бир буту кирелекте меймандардын экинчи партиясын тосуп алды. Алар Зыйнаттын эң жакын адамдары, уялаш бир туугандары Эмил, Эмир, Темир аялдары менен, синдиси Айнаш болучу. Алар бүтүндөй үй-бүлөлөрү менен Үсөн менен Айгеримди жентектеп, Зыйнатка чет элдик «Вольво» автомашинасын белекке алып келишти. Үсөндү көрүшөөрү менен эч ким айтпаса деле өздөрү таанып туш-туштан өөп-жытташып, колдон колго

өткөрүп, биринен бири алып түз эле машинанын жанына шатыра-шатман болуп барышып, ачылуу турган эшиктен Үсөндү орундукка олтургузуп жатып Эмир минтти:

– Бисмилла, Үсөнүмө буйруп, акжолтой, ак жүздүү машина бол. Сиз эже өз ордуңузга олтуруп рулду кармаңыз. – Анан Эмир Үсөнгө карап: – Бул сенин машинаң болот Үсөн, түшүнүп жатасыңбы?

– Мен айдай албайм.

– Сен айдай албасаң, апаң айдайт. Сен чоң жигит болгондо айдайсың.

– Мен кетем да үйүмө.

– Кетсең келесиң да кайра.

Бул кор дүйнө, байлык деген жеке эле чоң адамдарды алдап, кызыктырбастан, баланы да азгырат окшобойбу. Үсөн «Машина сеники» деген сөзгө огеле шерденип, эки бети албырып, машинанын рулун кармалай берип, кайра минтти:

– Ооба, келем кайра.

Зыйнат бир туугандарына карап минтти:

– Ырахмат силерге, кагылып кетейин каралдыларым. Кубанганымдан эмне деп айтаарымды да билбей калдым. Ар дайым жаркырап бар болгула. Тууган-душмандын арасында мени бир көтөрүп койдуңар. Тирүү болсом ушул эмгегиңерди билермин.

– Ой, эжеке, – деди Темир, – сиз эчак эле эмгекти ашыгы менен аткарып да, өткөрүп да койгонсуз бизге. Биз сизге дагы көп милдеттүүбүз. Сиздин кубаныч, биздин кубаныч. Үсөн менен Айгеримди угуп аябай сүйүндүк. Кошунаңыз сүйүнчүлөп телефон чалганда, баарыбыз кыйкырып жибериптирбиз. Машина колго тийбей кечигип калдык. Барганга жараша шашпай, баргандай баралы деп кеңештик. Сүйүнчүлөп телефон чалганда Эмир байкем менен жеңем биздикинде болучу. Дароо ушул жыйынтыкка келдик. Кудай буюрса базар күнү бир-эки кой, тойго бир жылкы алалык. Атам менен энеме куран окутуп, анан жентек берип,

элден бата алалы деп келдик. Билесизби, эжеке, атам менен апам арбагында сизди колдоп жүрөт.

– Ооба, билем. Мен Маскөөдө мейманканада жатканымда түшүмдө колума туйгун алып келип кондуруп кеткен. Анда балам табылат ойдо жок, Толкунбек кайра келет экен деп жүрбөйүмбү. Ыя, Эмил байке, – деди Зыйнат агасына карап, – жентек беребиз деп чыгым болуп, түйшүктөнбөй эле койбойсуңарбы. Жамандыр-жакшыдыр жентекти беримиш болдум го өзүм. Эмир менен Темир болбосо да, душман көзүнө силер келбей койбодуңарбы.

– Колдо жок болсо келбейбиз да, – деди Эмил корс этип.

Эмир Эмилди бир жалт карап алып, Зыйнатка минтти:

– Ой, эжекебайым ай, баякы жокчулук кезде апамдын өлүмүнө өзүбүз себепкер болгон мезгилдерде да жашаганбыз. Курсагым тоё тамак ичип, ийним кубанып кийим кийип, аркыратып аэроплан минип асман менен учкан сайын, ошол өлбө жаным өлбө деп өп-чап жашаган күндөрүбүздү эстеп Кудайга мунажат кылам. Ошол кездеги кенедей туруп сиз жасаган тамактын даамдуулугу, жытынын жагымдуулугу ай. Билесизби эжеке, жүгөрү дүмбүл болуп, картошка чыгып, маш буурчак ала-бөйрөк болгон кезде баарын чогуу дүмдөп бышырганыңызчы. Ошол дүмдөмөнүн даамы али оозумдан кетпейт. Ошондогу сиз жасагандай даамдуу, таттуу тамакты азыр эч жерден ичелекмин. Ошондо Эмил байкемдин: «Кичине май болсо сонун болот эле ээ, апа!» – деген сөзү азыр да кулагыма угулуп турат. Ошондо апам эмне деди эле? «Э, балдарым, Алланын мунусуна шүгүр дегиле. Аман болсоңор ачкан курсак да тоюнар, азган кийим да бүтөлөр. Бул күндөр унут болучу мезгил да келээр. Дениңер сак болуп, аман болуп ынтымактуу, акылэстүү, эмгекчил болсоңор баарына жетишерсиңер деди эле. Ошол силер эрезеге жеткен күндү көрбөй калам го, десе сиз, эжеке, билесизби эмне дединиз эле? «Апа, сен өлбө. Балдарыңдын бири учкуч, бири врач, бири инженер болобуз деп жатпайбы. А мен болсом чоң художник болом.

Ошондо сени асман менен учам десең асман менен, жер менен учам десең жер менен учурат уулдарың. Өлбөй тирүү жүрүп ошол күндү көрүп, узак жашасаң экен» – деген болчусуз. Ошондогу тилеген тилегибиздин баары келди. Бирок аттиң апам жок. Биздин бирибиздин да чайыбызды ичпей өлүп кетти. Жок дегенде менин учкуч болгонумду көрүп, бир эле жолу самолётко түшсө не арман. Ал эми ата менен апага кылбай калган кызматыбыздын үзүрүн сиз көрүңүз, эжеке. Бардык тапкан табылгабыз маңдай тер, таман акыдан келген өз эмгегибиз. Билесиз го, үйдө батпай жаткан байлыгыбыз деле жок. Бирок киши көзүн карабай, кишиден бирдеме сурабай жетиштүү турмушта жашап жатабыз. Алам дегенди алабыз, берем дегенге бералабыз. Эң башкы байлыгыбыз – ден соолугубуз бар. Кудай ошол ден соолугубузду, ушул турмушубузду кут кылсын. Толкунбек жездемдин кеткенине ичибиз ооруп калды. Бирок бир жагынан туура эле кылдыңыз. – Эжесин мойнунан кучактап бетинен өптү Эмир. – Берекелүү жайыл дасторкон эмес белеңиз. Ошонуңуз кут болсун. Айгерим деген Айдай болгон кызым бар деп жатасыз. Үзүлгөнүмдү улоочу, чачылганымды жыйноочу Үсөн деген уулум бар дейсиз. «Аккан арыктан суу агат» дегендей, ата-бабанын арбагы колдоп, уул-кызыңызды ыйман-ырыскы жылоолоп, өзүңүздөй элдик адамдар болсун. Анан дагы бир айтаарым, бизди эч аябаңыз, эжеке. Азыр үчөөбүз үч жерде, бешөөбүз беш жерде айда алтын, күндө күмүш таап турган кезибиз. Жетет. Акча бизди таппай, акчаны биз табат турбайбызбы. А дегенде атам менен апама, чоң ата, чоң энелерибизге, дегеле жалпы эле көзү өткөндөргө куран окутуп, түлөөбүздү өткөрүп, андан кийин жентекти баштайбыз. Кап, таякем менен тажеңем кетпей турганда эмне. Кайра чакырсак эмне болот?

– Жок, аларды эми убара кылбай эле коёлу. Андан көрө өзүңөр мындан чыкканда бара кеткиле.

– Мейли анда, ошондой кылалы, – деди Темир.

Мындай болот экен деп ойлобогон Зыйнат бир тууган-дарынын чогулуп күркүрөп келип, балдарына жентек той беребиз деп шымаланып камынып келгендерине сүйүнүп турду. Дароо эсине Жайнагүл менен Толкунбек, Эмилдин кайнагасы Турат түштү. Кына менен Тумарды эстеди. «Төрөдөн алган намыска, төркүндөн алган абысынга» дегендей, ондой берди болуп: «Мына, мына Үсөндү өзүм жеткирем» – деп турган учурда, булардын келиши жакшы болду деп ойлоп, канча кылса күнүлөшү Жайнагүлгө, эшиктөрүн көрсөтүп, ушул учурдан пайдаланып үйүнө чакырып бир көрүнүп койгусу келип кетти.

Зыйнат чай үстүндө Үсөн жөнүндө болгон окуяны баштан-аяк айтып, Жайнагүлдүн адамкерчилигин өзгөчө баса мактап олтурду. Үсөндү убактылуу алып келгенин, эгерде бир туугандары минтип келип калбаганда эртең-бүрсүгүндөн өзү Чолпон-Атага жеткирип барганы жатканы узун сабак сөз болду. Анан ошолорду да ушул тойдо чакырып алууну айтып өттү. Эжесинин сөзүн угуп Эмир минтти:

– Эжеке, «Кудайдын бир күнү бар, жүз жылга бергис» деген сөз бар. «Той да болоор, тойдун эртеси да болоор» дегендей, мындай күн дайым эле боло бербейт. Ошондуктан каалаган кишилериңиздин бардыгын чакырыңыз, бардыгы келсин. Коркпоңуз эч бир.

– Өтө чукул болуп кала турган болду. Даярданып жетише алар бекенбиз, – деди Зыйнат.

– Жетишебиз, эжеке. Мына бул келиндериңиз бул жерге текей тергени келди дейсизби. Айнаш бар, эч нерседен кам санабаңыз.

Айнаш күлдү.

– «Жаныңда пулуң болсо заңгелде сорпо кайнайт» дегендей, бир бороонду тоспой өлүптүрбүзбү. Камтама болбоңуз, эжеке, бардыгы сиз каалагандай болот.

Темир күлдү.

– Оо, мына, мына, баятадан бери Айнаш эмнеге унчукпай олтурат десем, булар эмне кылаар экен деп бизди сы-

нап олтурган турбайбы. Эми бир килейген областтык Улуттук банк башкармасынын банкиринин сөзүнөн кийин башкабыз шоона эшалбай калдык го дейм ыя. Эми сиздин милдет бүгүндөн баштап алыс-жакындан чакырылуучу кишилериңизге кабар бере бериңиз, эжеке, – деди Темир, – Турат байкеникинде телефон барбы?

– Жок алардыкында телефон, – деди Зыйнат. –Толкунбекке табыштап койсо айтат да. Байкуш Жайнагүл, Үсөндү сагынып өлүп жатса керек: «Өзүңөр келип конок болуп, анан балаңарды ала кеткиле» десек учат го. Биз кетип жатканда ыйлап калды эле. Абалын да сурабадык.

Ар жакта таякелери алып келген оюнчуктарды чачып, кубиктерден үй тургузуучу макетти тирмийе тиктеп ойго батып олтурган Үсөн «Жайнагүл» деген апасынын ысмын угуп көздөрү жалт дей түштү. Анан дароо Зыйнатты карап минтти:

– Ыя, апа, менин мамам мында келеби?

– Ооба келет, алтыным. Сен мамаң менен чогуу кетесиң.

Үсөн дароо ордунан секирип турду.

– Кудай, менин мамам келет. Мен мамам менен кетем. – Зыйнатты барып кучактап калды. – Мен кайра келем, апа.

– Ооба, келесиң.

– Мен тышка барып балдар менен ойноп келейинби?

– Жок, жок, ойнобойсуң, каралдым. Кеч кирди. – Баласынын башын алаканы менен басып көрүп минтти, – карачы, башың дагы эле ысык. Качам деп канчабызды убара кылып, өзүң ооруп калдың. Кудай бир сактады да. Кокустан биз таппай калсак талаада өлмөк бала турбайсыңбы. Дагы экөөбүздүн багыбыз бар экен. Кокустан алиги эки аял болбогондо Жайнагүл экөөбүздүн шорубуз шорподой кайнамак тура.

– Мен өлүп калсам, менин өзүмдүн Жайнагүл мамам аябай ыйлайт болучу. Анан сиз да ыйлайт белеңиз, ыя апа?

– Ооба, ыйлайт болучумун. Антип качпай жүр да, каралдым, кара жаным, кararган кара көзүм. – Өпкүлөйт. – Өлбөй эле кой. Сен өлсөң куурабадымбы. Качкан катындын иши деп коёт. Сен катын эмессиң да, туурабы.

– Анан үйүмдү сагынып, кетким келип жатпайбы. Мамамды аябай сагындым.

– Сагынсаң мамаң келген жатпайбы. – Зыйнат дагы өптү.

– Сиз мени жакшы көрөсүз, ээ? Кечке эле жалына бересиз, өбө бересиз. Өзүмдүн мамам да жакшы көрөт мени.

Булар ушунтип бири-бири менен эзилишип жатканда Темир минтти:

– Эже, сизди телефонго!

– Алло! Мен угуп жатам. Ооба, Зыйнатмын. Бул кайдан? Ооба, тааныбай жатам. Оо, Жайнагүл Казиевна, саламатсызбы? Кандай турасыз, ден соолугуңуз жакшыбы? Ооба, ооба, биз жакшы элебиз. Үсөнүңүз күндө миң бир жолу үйүмө кетем, мамамды сагындым деп бир ыйлап, бир сооронуп коюп жүрөт. Ооба, иштебей жатты телефон. Бүгүн келип оңдоп кетишти. Мен сизге өзүм да звандайын деп жаткамын. Ошол убакта дүң-тарс эле бир туугандарым келип калып байланышалбай калдым. Жок, жок, кантип унутайын. Унуткан жокмун, Жайнагүл Казиевна. Үсөн менен сүйлөшөсүзбү? Ай, Үсө-ө-н, кел өзүңдүн мамаң менен сүйлөшчү.

Үсөн шашканынан колунда кармап турган кубиктерди ыргытып жиберип ордунан атып турду.

– Ма-ма-а! – Алыстан эле кыйкырып жиберди. – Мама-а! – Өзүнөн өзү эле болоктоп ыйлап кирди. – Мен сизди сагындым, мама! Качан келесиз? Зыйнат апам сизди конокко келет деп жатпайбы. – Жайнагүл, Үсөндөн үйүңдү сагынбай, ыйлабай жүрөсүңбү, – деди окшойт. Үсөн аптыга сүйлөп ый аралаш минтти: – Сагынып жатам! Мен түнүчүндө төшөккө жатып алып кишиге көрсөтпөй ыйлап жатпайымбы. Бая күнү үйүмө кетейин деп, машина тап-

пай, түн ичинде адашып кеттим, мама! Анан «Ужастарды» ойлоп аябай корктум, мени келип алып кетет экен деп. Мамочка, мени өзүңүз келип алып кетиңизчи. Үсөндүн сөзүн угуп, баласын жайкап «барам» дегендей болду окшойт. Үсөн көзүнүн жашын сүртүп күлүңдөп, трубканы Зыйнатка сунду. – Жайнагүлдүн үнү көңүлсүз чыкты. – Үсөн түнүчүндө үйгө кетейин деп, машина таппай адашып кеттим дейт да? Ботом, бөтөн эл, бөтөн жерде кароосуз эле, баскан жагына басып, кеткен жагына кете бергени кандай? Мен эч нерсеге түшүнгөн жокмун. «Ужастардан» корктум, мени алып кетет экен деп – дейт. Жүрөгү түшкөн бала го мунуң. Э кокуй, балага да ушундай мамиле болобу, ыя Зыйнат? Андай болсо, мен өзүм эле азыр барып алып кетем баламды. Куураган окшойт айтымында. Мен сага эне экен деп ишенбедим беле. Жакшылыкка жамандык деген ушул да. Баланын баркын билет го дебедим беле. Көрсө... Зыйнатка Жайнагүлдүн сөздөрү октой тийди. Бирок актана турган жылчык да, шылтоо да жок болгондуктан, кечирим сурап, кол куушуруудан башка аргасы жок, күнөөсүз Зыйнат минтти:

– Ооба, туура айтасыз, Жайнагүл Казиевна, баланын кадырын билбеген кишинин кылаары ушул. Негизинен, уулуңуз жаман эмес, ден соолугу жакшы, көңүлү куунак. Баякы «Буламыктан тиш сынат, кыламыктан бут сынат» дегендей, жанында карап туруп эле байкоостон ушундай болуп калды, кечирип коюңуз.

– Айтымында аябай сагынган го, каралдым, – деди Жайнагүл кайра жумшара сүйлөп.

– Ооба, сагынары сагынды. «Бөрү баласы ит болбойт» деген ушул.

– Баламды мен да сагындым. Бая күнү ал жөнүндө бир тынчы жок түш көрүп, ошондон бери өзүмдүн да санаам тынбай жаткан. Көрсө, балам адашып куурап жүргөн түнү түшүмө кирген неме турбайбы.

– Жайнагүл Казиевна, бирок адашты эле аты болбосо, ошол эле замат таап алганбыз (Зыйнат айласы кетип, Жайнагүлдөн коркконунан калп айтып жиберди). Ага эч камтама болуп санаа тартпаңыз. Мен Үсөндү өзүм жеткирип бармак болуп жаткамын. Буйрукка айла жок экен, кабар бербей-этпей эле тукуясыздан, эмирээк эле бир тууганларым чогулуп келип калып олтурушат. Жакшы күн, жакшы тилектен пайдаланып, эшик-төрдү көрүп, үйдөн даам татып кетсин деп силерди чакыруу жөнүндө, азыр эле ушундай маселе көтөрүлүп, сүйлөшүп жатканбыз. Келип бериңиз, Жайнагүл Казиевна!

– Кимдерди чакырып жатасыздар? Же жалгыз эле менминби?

– Сиз өзүңүз, аяш энем Кына, өз энеңиз Тумар, Толкунбек, Сады Казиевич аялы менен. Анан Асан менен Жанат. Турат аялы менен, аларга кичипейилдикке балдардан айттырып коёрсуз.

– Кеңешели, Зыйнат. Жообун эртең айталы.

Сөз ушуну менен бүттү. Чолпон-Аталыктар келсе да, келбесе да конок чакырышмак болуп, алдын ала ата-энесине куран окутмакка токтошту.

* * *

Жайнагүл Зыйнат менен сүйлөшкөндөн кийин залга кирди.

– Сени ортомчу кылбай эле мурда эле өзүм сүйлөшсөм болмок экен, – деди Жайнагүл Толкунбекке карап.

– Сүйлөштүңбү?

– Сүйлөштүм.

Асан менен Жанат орундарынан тура калышты.

– Үсөн менен да сүйлөштүңбү, ыя мама? Мен да сүйлөшөт элем, – деди Асан.

– Сагыныптырбы? Эмне деди? Качан келет экен? – Жанат Жайнагүлдүн оозун тиктеди.

– Деги дени-карды сак, жакшы туруптурбу балаң? Сагындым деп жатабы же сагынбаптырбы? – деди Кына.

– Сагыныптыр, эне. Телефондон ыйлап жатат, келип алып кет деп.

– И, алып келгиле барып.

– Мама, мен да барам Үсөнгө.

– Бар, бар, айланайын, ансыз да чакырып жатат.

– Ий ары жок, Үсөн чакырып жатабы? – деди Кына.

– Жок, Зыйнат чакырып жатат, баарыбызды.

– Эмнеге?

– Келип эшик-төрдү көрүп кеткиле, – дейт, – эмне кылалы, барабызбы?

– И, дагы кимдер бар экен? Же бизди эле чакырып жатыптырбы? Тураттарды да чакырат бекен?

– Ооба, баса алар да бар. Сады абам менен Гүлайымды да чакырып жатат. Бирок, алар курортто да.

– Анда көп киши чакырып жаткан неме го.

– Ооба, биз жактан баарыбыз эле барат экенбиз. Сиз барасыз, Тумар апам барат, мен барам, Асан менен Жанат барат.

– Койчу айланайын, Толкунбектин кеткен катыны чакырды деп эле, баарыбыз дүрбөп, такалуудан тай калбай кетип калабызбы? Үйдө киши калабы, калбайбы? Толкунбек да барабы?

– Барат да.

– Түз эле барат дейсиң да, – деди Толкунбек. – Мени ансыз эле иш боюнча Жакан чакырып жаткан. Зыйнаттыкына өзүңөр бара бергиле, мен анда барбайм.

– Барбайм дечи.

Бардыгы унчукпай калышты. Жайнагүл мурдагысын ойлосо, Зыйнат кайнаса каны кошулбай турган душманы болучу. Бирок бири-бирине болгон күнүлөштүк душмандыгын туугандаштырып, үзүлгөнүн улап, алтын көпүрө болуп турган Үсөн болбодубу. Ортодо Үсөн турганда Жайнагүлдүн Зыйнаттан кол үзүп кеталбасы айдан ачык болу-

чу. Ошондуктан, «Чакыргандан калбагын, өзүң басып барбагын» деген сөз жүрөгүнүн тереңинде теминип жатты. Оо, бир оокумга созулган тынчтыкты Жайнагүл бузду. Ал кайненеси менен күйөөсүн сынагандай алмай-термей көз токтото тиктеп туруп минтти:

– Ыя, эне, эмне унчукпайсыңар? Баякыда, ушул үйгө Зыйнатты биринчи жолу өзүбүз чакырып келип, биринчи жолу «Мына бул бала сеники» – деп айтаарда да, ал эмес Үсөндү Зыйнатка биринчи жолу берип узатаарда да мынчалык терең ойго батып, эч кимиңер термелген жок элеңер. Эми болоору болуп, боёгу канып, эне менен баланы бириктирип, бири-бирине тааныштырып бүткөндөн кийин эмнеге эсиңер ооп: «Кеткен катын чакыртып» – деп тергип калдыңар? «Куру намыс баш жарат» болуп, сиз эне, Толкунбек экөөңөр баргыңар келбесе, эки баламды алып, мен өзүм барамын. Мен Зыйнат үчүн эмес, ак сүтүмдү, ак дилимди берип өстүргөн Үсөнүм үчүн баргым келет. Мен энемин. Эгерде менин жүрөгүмө туура түшүнсөңөр, Үсөн үчүн Зыйнатка жагынып жаккым да, жасакерленип көңүлүн тапкым да келип турат. Ошол менин айтаарым.

Жайнагүлдүн жүйөөлүү сөзүнө Толкунбек да, Кына да лам дей албай олтуруп калышты. Бир демден кийин Кына минтти:

– Ой, балекетиңди алайын жарыгым ай, туура сөздү туура деш керек. Айла кеткенден тапкан акыл го сеники да. Болбосо, Зыйнат менен минтип тил табышабаз деген кимдин оюнда бар эле. «Кудай кылса кубарыңдын акысы барбы» деген ушул экен, балам. Мен барбайм деп деле айткан жокмун го, каралдым. Куураганда, элден намыс кылып, элден уялат экен киши. Бирок ошол үйгө Толкунбектин барышы кандай болоор экен? Ойлонгула, балдарым.

– Мен ошону айтып жатам, эне. Өзүңүз айткандай, уят деген улуу журт бар. Эгерде Жакинге, менин барышым ошончолук эле зарыл болуп турса, айла барбы, барам да, – деди Толкунбек.

– Анан биз автобус менен барабызбы?

– Эмнеге автобус менен бармак элеңер. Мен жана айттым го, Зыйнат конокко чакырбаса деле өз ишим боюнча, мына бул жердеги казактардын пансионатындагы жаңы курулуш үчүн барамын деп. Анда Турат болуп, бул жерден эки машина менен чогуу чыгабыз да, Алматыга жеткенде Туратка түшүп кете бересиңер.

– Анан бая эле чаргытпай ошентип жай түшүндүрүп айтпайсыңбы...

... Бул убакта Зыйнаттар да конок камын көрүп, аяктарынан чаң чыгып жатты. Туугандарын Эмир минтти:

– Эжекем айда агартып ак уул, кызартып кыз төрөп жентек берип бизди чарчатып жатты беле?! «Бир көрмөккө жан бермек» дегендей, эжекемдин зоболосун, тууган-душмандын алдында бир көтөрүп коёлу. Бир гана өкүнүч таякем менен таженемди жаздым басып калганыбыз жаман болду. Ошол жетимдердин артынан той бүткөндөн кийин чогуубуз менен барып, Айгеримди көрүп, алар менен саламдаша кетели. Кандай дейсиңер?

– Туура Эмир, ошондой кылалы, – дешип бардыгы чурулдап жиберишти. – Эжекеме ракмат, таякем менен таженемди ата ордуна ата, эне ордуна эне кылып, ысыгына күйүп, суугуна тоңуп келатат.

– Анан антпегенде, ал байкуштардын бизден башка эмнеси бар. Тирүүсүндө ардактап, эч нерседен кор кылбай багуу, ары карап кетишсе, баласыздай кылбай ардактап көмүү биздин баарыбыздын милдетибиз да, – деди Зыйнат. – Эңкейип калышты. Карыган кездеринде аларга Айгерим да кошумча жүк болду. Карылыктын дөөлөтүндө даяр тамак ичип, даяр кийим кийип эс ала турган кездеринде, өздөрүн өздөрү тейлеп бөжөңдөп чуркап жүрүшөт.

– Ай, эжеке, Айгеримиңизди биз эле ала кетип багып берели,– деди Темир. – Макул болсо өздөрүн деле кошо ала кетпейбизби?

– Айгеримди бербейт алар. Мен өзүм алып калайын десем, ошол кыздын жытын жыттап, бир айылдуу кишидей болуп жыргап да, жашарып да калдык дешип ататпай койду. Анын үстүнө тигилердин карылыгына жараша жоош экен, байкуш. Адам болуп калыптыр. Аларды жайына тынч коё туралы. Өз алдыларынча жашап көнгөн немелер, силер алып кетели дегениңер менен макул боло коюшпайт го. Андан көрө аш-тамагына көз салып турсак болду.

Эмир сөзгө аралашты.

– Ооба, туура, ал кишилер, сен экөөбүзгө болбойт. Баякыда айтсам, айткан таяке, бир барсак Зыйнаттыкына барып, жашасак Зыйнат менен жашайбыз деп. Ошон үчүн аларды жайына коюшубуз керек, өздөрү тандап, өздөрү чечишсин.

– Жардам берип турабыз деңизчи. Биздин аманчылыгыбызда таяке менен тажеңе эч кор болбойт. –Темир ордунан туруп, Эмирге карап минтти: – Сиз, биз менен барып тигил жакта тамак-аштын эмне болуп жатканын көрүп келбейсизби? (Анткени тамак-аш Зыйнат турган үйдүн катарындагы менчик ашканада даярдалып, мал да ошол жерде союлуп, нан да, башкасы да ошол жерде бышырылып, бардык аракет ошол жакта болуп жаткан.)

– Ал жерде Эмил байкем бар да. Мен мейманканага барып меймандар үчүн брон берип келейин дебедим беле, – деди Эмир.

– Брондон камсанабаңыз, аны мен өзүм эле бүтүрөм. Андан көрө Эмил байкем менен өзүңүз барып сүйлөшпөсөңүз мени укпайт ал киши. Аялын иштетпей жатат. Кирсем жеңемди жемелеп: «Сен экөөбүздүн буларга керегибиз жок. «Эшектин күчү адал, сүтү арам» деген менмин. Бас кетебиз» – деп жатыптыр.

Жеңем ары айтса да болбойт, бери айтса да болбойт. Аялы жакшы эле айтып жатат, түшүнбөйт тура. Андан дагы: «Мен ушул иттерди багам деп жүрүп окубай калга-

мын. Болбосо булар жеткен билимге мен да жетет болучумун» – дейт. Мас.

– Ай, ушул байкем ай, – деди кейишке түшкөн Зыйнат. – Аны менен мен өзүм сүйлөшөм. Кантебиз, айла жок. Ага кабатыр болбой эле койгула. «Бир уядан бир сасыткы чыгат» деген ушул. Айтканымды укпай келжектей берсе, мейманда келерде акырын уктатып коём...

Ошентип бул күнү Зыйнаттыкында бир улуу майрамга даярдык көрүп жаткандай болгон көрүнүштөр өкүм сүрүп жатты. Бул үйдө баладан башкача бактылуу маанайда, кубанычы койнуна батпай, санаасы жок саябанда жүргөн Үсөн. Анын ойлогону да бирөө, күткөнү да бирөө. Баякы кирпиги суу көтөрбөй кыртыштап, кааласа апа, каалабаса: «Сиз менин апам эмессиз!» – деп мелтиреп коюучу Үсөн бүгүн өзгөчө жароокер, өзгөчө элпек болуп турган кези. «Бала сынчы» – деп бекеринен айтылбаса керек. Жайнагүл келет дегенден бери Зыйнаттын көзүнүн агы менен тең айланып, кокустан ачуусуна тийип алса, келаткан мамасын келтирбей коюучудан бетер «апакелеп» жагалданып турган кези. Таптаза жуунуп, татынакай кийинген Үсөн кайра-кайра күзгүгө көрүнүп, кайра-кайра чачын тарап, кайра- кайра балконго чыгып тынчы кетип көчөдөн көзү өтүп, каректери кардыкканча жол карап турган кези.

Мурда эле чөп башылап тандап тамак иччү Үсөн Жайнагүлдү келет дегенден бери, жарытып эч нерсе ичпей да калды. Зыйнаттыкына келгенден бери, канчалык көзүн карап, аш-тамагын оозуна кармап өнтөлөгөнүнө болбой, өзүнөн өзү эле суу ичкендей шапайып, аш жетпеген немече арыктап кетти. Үсөндүн кебетесин көрүп олтуруп Зыйнат мындай деген ойго кетүүчү болду. Баланын кусасындай куса, баланын сагынычындай сагыныч эч кимде болбосо керек. Сары оору деген эле ушул да. Жайнагүл биз кетип жатканда: «Балам сары оору болуп кетпесин» – деп бекер жеринен эскерткен эмес турбайбы, деп ойлоп турду. Анан кечээ жакында эле, ушул өзү жашап турган үйдүн аркы

подъездинде турган Кудайберди деген жигиттин энесин эстеп кетти. Ал кишинин төрөтү кечигип, балалуу болбой жүргөн кезинде туугандарынын Элтай деген уулун багып алат. Ошол баланы алгандан кийин уул төрөп, Элтай акжолтой бала болот. Арадан айлар агып, жылдар өтүп, балдар эр жетип, болуп-толуп турган кезинде байбиче катуу ооруп калат. Апасынын оорусу катуулап калган кезде Кудайберди Элтайга кабар берет. Энесинин кабарын укkан жигит күн күнөбөй, түн түнөбөй келип калат. Апасынын эти кетип, сөөгү калган абалын көрүп, басылбай ыйлай берип шайы кеткен Элтайдын үстүнө, байбиченин абалын сураганы Зыйнат кирип калат. «Асыранды баланы айылчы катын билгизет» дегендей, Кудайбердинин аялы, Зыйнат сурабаса деле, Элтайдын буларга кандай бир тууган экенин шыбырай коёт. Ошол жерде Зыйнат, өгөй баланын өгөй энеге болгон мамилесин көрүп оозу ачылат. Элтай, апасынын аягына олтуруп алып, аялдын муздап бараткан эки бутун бооруна басып алып: «Апа, айланайын апаке, мээриминдин жылуулугун да, жүрөгүңдүн жылуулугун да, сөзүңдүн жылуулугун да, дегеле өзүңдө болгон бардык жылуулукту бизге бербедиң беле. Эми бизден эч кандай жылуулук алалбай, бизди каран талаага таштап кеткени турасыңбы? Сен өлбө, апа, сенсиз жашоо биз үчүн супсак да, көңүлсүз да болоорун билип турам» – деп ботодой боздоп жатканын көрүп: «Тобо, бакма бала да өгөй энеге ушунчалык күйөт экен ээ» – деп таң калган болучу. Азыр Зыйнат ошолорду эстеп, Үсөндүн Жайнагүлгө болгон кусалыгын ойлоп олтуруп, кандай үргүлөп кеткенин да билбей калды. Анткени Зыйнаттын күндүз бир саат уктап ала турган адаты бар болучу. Анын үстүнө чолпон-аталыктар келет деп жаны тынбай жарым уйку болуп, анын үстүнө бир туугандары келип кубанычтан көзүнүн чарасы толуп жакшы уктай албай жүргөн неме өзүн кармай албай калды. Ал бир кезде Салия апанын:

– Ой-бай, Зыйнат карагым кайдасың, меймандарың келди! – деген сөзүн угуп, уйку-соонун ортосунда жатып «Кайдакы коноктордуайтып жатат» деген ойдо бүдөмүктөнүп барып көзүн ачты. Анан Үсөндүн «Мама-а-а!» деген үнү Зыйнатты селт эттирди. Ошол замат ордунан учуп турду. Көзүнө эшиктен бир короо киши кирип келаткандай болуп кетти. Көзүнө биринчи көрүнгөнү да, көргөнү да Жайнагүл менен Үсөндүн бири-бирине чырмооктой чырмалышып, кайра-кайра өбүшүп, кайра-кайра жытташып жатканы болду.

– Эжеке, меймандарыңызды кабыл алыңыз! – дешти тигилерди баштап кирген Эмир менен Темир.

– Оо, келиңиздер! Кандай жакшы келдиңиздерби? – деди жүрөгү түрсүл соккон Зыйнат. Меймандары менен бир баштан кол алышып, кучакташып көрүшүп. – Кечирип койгула, силерди күтүп олтуруп үргүлөп кеткен турбайымбы. – Балдарды бетинен өптү. Жайнагүл уулун көтөрүп турган калыбында, бош колу менен Зыйнатты кучактап экөө биринин бетинен бири өөп, ыйлап жиберүүчүдөй мууноп барып токтошту.

Меймандар залга кирип, даяр дасторконду көрүп, жайланышып олтуруп калышты. Сүйлөшүп алган сөз боюнча Эмил тааныштырыш керек болучу. Бирок ал «ичпейм» деген убадасын бузуп, ичип алгандыктан инилери булардын үстүнө атайын эле киргизбей коюшту. Анан инилери, келиндери, өзүнүн сиңдиси Айнаш менен Зыйнат өзү тааныштырды.

– Сиздер менен менин бир туугандарымды Эмил байкем тааныштырыш керек болучу. Бирок ал киши силердин кечиккениңиздерден, азыр келбейт деген окшойт, бир жакка басып кетиптир. Ошондуктан бул жерде бири-бирибизди тааныштыруунун деле анчалык кажаты жок го деп ойлойм. Айрым кишилерге белгисиз болгон мына эки иним, анан сиңдим. Үчөө тең менден кичүү. Бул инимдин аты – Эмир, учкуч, I рангадагы капитан, аялы Сайрагүл, муга-

лим, экинчи инимдин аты – Темир, Германияда военный врач, аялы тигил чай даярдап жаткан келинчек, аты – Гүлбара – котормочу кыргызча, орусча, немисче, англисче тилдерди биринен бирине эркин которот. А бул синдим баарыбыздын кичүүбүз, аты – Айнаш, областтык улуттук банк башкармасынын банкири. Бул киши болсо менин кошуна апам, аты – Салия, бул киши Салия апанын жубайы Тургун, тигил узун бойлуу ак куба жигит булардын баласы, аты – Ахан. Кийин келгендер болсо, келгенде тааныштырабыз. Эгер руксат этсеңиздер, Чолпон-Атадан келгендерди деле удаа бул жактагылар менен мен өзүм эле тааныштыра кетсем эмне болот?

– Ооба, ооба, өзүң эле тааныштыра бер, – деди Жайнагүл.

Зыйнат бир туугандарын карап минтти:

– Түшүнүп жатасыңарбы, тигил Үсөн менен кучакташып олтурган Жайнагүл Казиевна деген эжеңер, уулунун сөзү менен айтканда Үсөндүн «өзүнүн мамасы», Жайнагүлдүн жогору жагында олтурган Кына өзүңөрдүн атаңар Эсендин досу, Мансур деген аяш атаңардын байбичеси. Ал кишинин жанында олтурган байбиче Жайнагүлдүн апасы – Тумар. Турат менен Гүлүштү болсо тааныйсыңар. А тигил Асан деген куба бала Үсөндүн бир тууганы, эгиздин түгөйү, а тигил бакыраң көз сүйкүмдүү кыз Толкунбектин тун кызы – Жанат. – Зыйнат меймандарына карады, – туура тааныштырдымбы деги?

– Ооба, балам туура тааныштырдың, – деди Тумар.

– Эмесе, баарыбыз бири-бирибизди таанып алдык го дейм, – деди Эмир, – эмики сиздерден кечирим сурап айтып кете турган бир сөз, азыр ушул дасторкондон ичип-жеп, ойноп-күлүп, ырдап-жыргап тартынбай, шашпай олтуруп бересиздер. Азыр саат үч. Саат он экиде Алматыдагы эң бир көрүнүктүү, эң бир сонун «Казакстан» деген мейманканага барып эс аласыздар. Ал жерде сиздердин ар бириңиздерге брон берилип, акысы төлөнүп коюлган. Эртең

саат тогузда машина барып сиздерди кайра ушул үйгө алып келет. Бул жерде эртең мененки чайга Ахан чакырып жатат. Андан чыккандан кийин саат экиге чейин сиздерди Көк-Дөбө менен Медеого, андан кийин Алматынын өзүнө саякаттатуучу машиналар болот. Саат экиде кайра эле ушул дасторкон күтөт.

Бул жерде башка меймандар менен чогуу ичип-жеп, ойноп-күлүп олтуруп саат 11–12 чендерде кайрадан «Казакстан» мейманканасына баруу. Анын эртеси ушул дасторкондо эртең мененки сый тамак. Саат 11де узатуу. Саат 12де Казакстан менен Кыргызстандын чек арасында Жакан менен Галиянын меймандар менен коштошууга арналган түштөнүү тамагы. Ушуну менен сөзүмдү аяктаймын. Эмесе, дасторконго караңыздар.

Жайнагүл үй ээлерине карап минтти:

– Мен силерден кечирим сурайм. Биз эртең эртерээк жолго чыгышыбыз керек. Үй-жайыбыз ээн калды. Уурубөрү көбөйүп, колдон талашып турган кез болуп турат. Биздин шартыбызга да карагыла.

Бул сөздү угуп Зыйнат бир туугандарына карады. Анткени булардын пландары боюнча эки-үч күнү кондуруп жакшылап сыйлоо болучу.

– Келелек жатып эле эртең эртерээк кетели деп бизди капа кылып койдуңуздар, – деди Эмир. – Бирок эч качан эрте кеталбайсыздар. Муну ачык эле айтып коюшубуз керек. Биз сиздерди кандай, эмне кылып узатуу жөнүндөгү планыбызды айттык. Муну бузууга эч мүмкүн эмес.

Жайнагүлдөр булардын меймандостук менен күтөөрүн билген. Бирок мынчалык план менен чоң даярдыкта тосуп алышат деп ойлошкон эмес болучу. Меймандар ичпей-жебей эле жайылган дасдорконго тоюп олтурушту.

«Атаңдын көрү, бири кем дүнүйө» – деп ичинен тына дем алат Кына. Анын оюна, келгенден бери Зыйнаттын бир туугандарын көрүп олтуруп, эсине Эсен менен Аккыз түшүп, өткөндөгү алар менен аты аралаш, кою короолош

жашаган бактылуу күндөр биринин артынан бири түшүп, көңүлү бузулуп олтурду. Ата менен эненин берекелүү жайыл дасторкону ошол бойдон толуусу менен балдарында калган тура. Атасы Эсенди тартып балдары тың чыккан экен. Ага-ини, эже-карындаш деген кандай жакшы. Бирине бири жолөк, бирине бири тирек болуп, биринин сөзүн бири сүйлөп, биринин камчысын бири чаап, бири бүтүрбөгөнүн бири бүтүрүп... Кына Толкунбекти ойлоп, жалгыздыгына жаны кейип, санаасы санга бөлүнөт. Кудай баланы берээрин берип, өмүрүн бербей өксүтүп койбодубу. «Баланын тууларына сүйүнбөй турарына сүйүн» дей турган тура. «Кудай кылса кубарыңдын акысы барбы» деген ушул тура. «Жалгыз өлсө чуу чыкпайт, жар куласа суу чыкпайт» дегендей, кокустан баламдын башына күн түшсө, аралжы болуучу астында ага, артында ини жок. Уялаш болбосо да Асан менен Үсөн бар деп демөөр кылуучу элем. Ал балдары да минтип башты жаактан айыргандай болуп эки бөлүнгөнү турат.

Кынанын ойго батып термелип олтурганын баамдап олтурган Зыйнат бир оокумда минтти:

– Аяш эне, эмне бир жериңиз ооруп олтурган жоксузбу? Сүйлөбөйсүз да, күлбөйсүз да. Эмне үчүндүр келгенден бери бир пияла чайды түгөтө ичелексиз. Же болбосо жол жүрүп чарчап калдыңызбы?

– Жок, балам, чарчаганымды деле билген жокмун. Чынымды айтсам Эмир менен Темирди, Айнашты көрүп, сени көрүп бир бөксөрүп, бир толуп олтурам. Эмирди Аккыз үйгө төрөп, киндигин мен кескен элем. Ошону Эмир өзү билет болду бекен?

– Аа, баса, Эмирдин киндик энеси эмессизби! Ооба, апам айтып калуучу. Эмирден сүйүнчү алыш керек турбайбы. – Ар жакта жүргөн инисин чакырды: – Ай, Эмир, бери келчи, сүйүнчү. Мына бул Кына деген байбиче, аяш эне эмес эле, сага киндик эне турбайбы. Билүүчү белең?

– Ооба, билем.

Кына Эмирди жанына чакырып, бетинен өптү.

– Аман бол, балам. Тартайып бойлуу жигит болгон турбайсыңбы?

– Атама окшош бекемин?

– Окшош экенсиң.

– Атам жакшы киши беле, ыя киндик эне?

– Жакшы эмей. Жигиттин гүлү болучу атаң. Аккыз андан. Экөө издешпей табышкан жубай эмес беле. Оо, кайран каркыбарлар. Акыры баарыбыздын бара турган жерибиз, жата турган жайыбыз жердин асты тура. Беш күндүк дүнүйө!

– Аныңыз чын болсо, ойноп-күлүп, ичип-жеп олтурсаңыздар. «Кудай кошкон куда болот, пайгамбар кошкон дос болот» дегендей, минтип Куданын буйругу менен аралашып, бир дасторкондон даам татып, бир казандан аш ичип олтурабыз. Жашыра турган ортодо эч нерсе калбай калды. Ушул мааракенин күнөөкөрү чынында жанакы Үсөн деген бала болуп олтурат. Биз бир туугандар чогулуп бул жерге келгенибиздин себеби да ошол бала. Эжемдин уулун көрүп көрүндүгүн берели, жентектеп жентегин берели дедик. Ошону менен бирге, ошол Үсөндү асырап, ак сүтүн берип алпечтеп өстүргөн адамды көрүп алдынан өтүп, Кына менен Тумар байбичеге окшогон апалардын ак батасын алалы деп, ат арытып алыстан келдик, киндик эне. Ушул жерде бөксөбүз толбой турган өксүктөн өкүнүп олтурабыз. Ал болсо жездем Толкунбектин арабызда жогу. Үсөн жөнүндөгү жашыруун сыр мынчалык ачыкка чыгып, арадай жерге чарадай жыйын болбосо болот эле. Болгондон кийин калп эле жашырымыш болуп жалтакташтын кереги жок болучу. Куру намыстын кереги эмне. «Колуң менен кылган күнөөңдү мойнуң менен көтөрүшүң керек» эмеспи. Же жалганбы? Ажырашкан көп эле адамдар ортодо бала бар үчүн, кайра чогуу жашабаса да бир туугандай болуп аралашып, бири менен бири катышып эле жүрүшпөйбү.

Олтургандар ушуну эле күтүп турушкансып дуулдап кетишти.

–Туура, туура, Эмир чындыкты айтып жатат.

Зыйнат сөзгө аралашты.

–Ажырашкан аялдын үйүнө кайрылып барууну ким эле кааламак эле. Аны да туура түшүнүшүбүз керек. Мейли келбесе. Ал жөнүндө Толкунбекке таарынбай эле койгула. Мени Жайнагүл Казиевна менен эки байбиченин келиши кубандырып койду. Жетет ошолор. Үсөндүн барында, көзүмдүн тирүүсүндө, мен Жайнагүл Казиевнадан эч качан кол үзбөймүн. Ракмат сизге жана сизди төрөп, сизди тарбиялаган мына бул эки байбичеге.

Тыштан кирген Темир олтургандарды айланта карап туруп минтти:

–Сөзүңөр да жакшы, өзүңөр да жакшы. Бирок бир эле нерсе жаман болуп турат, мага жакпай.

Зыйнат инисин жалт карады.

–Эмнеси жаман болуп турат?

–Эч ким ичпейт экен, ошонусу жаман болуп турат. Ичкен жакшы да. Ичкен сайын жакшы тилектер, жакшы каалоолор айтылат, туурабы, эжеке?

Зыйнат күлдү.

–Туура, туура. Анысы бар.

–Ой, айланайын, – деди Тумар, – бата деген бар, рахмат деген бар. Батадан улук, ыраазы болуп ракмат айтуудан артык эмне бар. Бизге карабай, ичкендер ичип, сүйлөгөндөр сүйлөй бергиле. Андан көрө тигил үйдө казактын домбурасын, кыргыздын комузун кармап олтурган балдардын үнүн уксак жакшы болот эле.

–Жарайт, апа, ыр да болот, күү да болот. Азыр ысык тамак келет. Бардыгы ошондон кийин болсун. Кымыздан алып олтургулачы жок дегенде.

–Мен өтүп кетейинчи, – деди Жайнагүл Асан менен Үсөндүн дабышы чыкпай калганынан ордунан туруп жатып.

– Тышка чыгасызбы? – деди Жайнагүлгө жол бошотуп жатып Гүлбара.

– Асан менен Үсөн кайда жүрүшөт?

– Эми эле аркы бөлмөдө ойноп жатышкан. Жүрүңүз мен көрсөтүп коёюн. Экөө аябай ынтымактуу экен. Анын үстүнө сагынышып калышса керек. Туруп-туруп эле кучакташып калышат, өбүшүп калышат.

– Төрөлгөнү бири-биринен карыш ажырашышкан жок да. Сагынышты экөө.

Гүлбара менен Жайнагүлдү көрүп ар жактан Зыйнат келип, үчөө бөлмөгө кириштн. Балдардын бирине бири чырмооктой чырмалышып, кучакташкан калыбында кроватта уктап жатышканын көрүп, аялдар дем тарталбай калышты. Жайнагүл ыйлап жиберди. Анан Асан менен Үсөндү алмак-салмак жыттап, алмак-салмак өөп-өөп алды.

– Үсөнгө барам дегенден бери уктаган жок. Окшошкон каралдыларым ай. Асан экөөбүз үчүн жыйырма күн жыйырма жылдай эле болуп кетти го.

Зыйнат күлгөн болду.

– Ой, Жайнагүл Казиевна, сиз аны айтасыз, Үсөн силерди келет деген күндөн баштап уктабай калбадыбы.

Жайнагүл ачык турган эшикти элее карап минтти:

– Баса, менин кызымды эстеген киши жок да. Кайда ал кыз?

– Калп айткан менен болобу, Жанатыңыз эс тартып калыптыр, Жайнагүл Казиевна. Тигил Салия апанын неберелери менен кино көрүп жатышыптыр жана кирсем.

– Деги бирдеме ичишти бекен балдар?

– Ичишти, ичишти. Балдардын баарына өз колум менен бергем тамакты. Кошуна апаныкына да дасторкон жайганбыз. Баары бар анда да, – деди Гүлбара.

Ушул маалда: «Эжеке, сизди Жакан Усаевич телефонго чакырып жатат» деген сөздү угуп, Зыйнат селт этти.

– Капырай, аларды келет деп бул жакта күтүп жатсак, телефон чалганы эмнеси!? Үйүнө бирөөлөр келип калып

чыгалбай калган немелер го, – деди ордунан туруп бара-тып.

Жаканды уккан Жайнагүл дароо Толкунбекти ойлоду. Ал ошондо барам деп кетпеди беле. Балким, Жакан ошол жөнүндө айтканы телефон чалып жатты бекен деген ой көөдөнүн аралап өттү.

Зыйнат кайра мостоюңку тартып, көңүлсүз кирди. Анан бир демге айтсамбы, айтпасамбы дегенсип буйдала түшүп минтти:

– Жайнагүл Казиевна, Толкунбек да келген турбайбы. Мынчалык келгенден кийин бөлүнбөй-жарылбай эле чогуу келсеңер болмок экен. Толокемди таштап чыгалбай жата-быз, эмне кылалы деп менден сурайт. Досуңуз макул бол-со, чогуу эле келгиле дедим. Толкунбек барбайм деп бол-бой жаткан го, сыягы. Эмне кылалы, ыя Жайнагүл Кази-евна, «кеңешип кескен бармак оорубайт» деген кеп бар эмеспи. Сиз макул болсоңуз азыр эле машина менен ба-рып, балдар алып келишсе эмне болот? Мынча болду, чо-гуу болгонуңар эле жакшы го дейм. «Коркосо дагы кой өлөт, коркпосо да кой өлөт» дегендей, «Кеткен аялыныкына ке-липтир деген айың сөздөн качса да, качпаса да Үсөн үчүн, уят-сыйытты жыйыштырып салып күндө болбосо да айда, жылда бири-бирибизди каалабасак да, кааласак да көрүшүп тура турган болбодукпу.

– Ооба, аны деле билет. Бирок «Осуректын уяты жок, бетке чиркөөсү бар» дегендей, канткен менен тартынат да. Үйдөн эле: «Барбаймын, уккан киши эмне дейт» дегенде эле «Бекер кыласың» деген болучумун. Болбой койбодубу. Чогуу эле келе бергиле деп туура айтыптырсың. Машина жибербей эле кой, Жакандын сөзүн угуп макул болсо ке-лер, келбесе өзү билсин. Бирок чындыкты айтыш керек, Кудай көрүп турбайбы, бул үйгө баса келгенден көбүнчө менден жазганып жатат. Болбосо сен үчүн Толкунбектин ниети жакшы экенин билем.

Зыйнат ийнин куушурду.

– Сиз ошондой ойлойсузбу?

– Ишенбейсиңби?

– Ишенбейм. Менин түшүнүгүм боюнча, ал сизди гана сүйөт, Жайнагүл Казиевна. Толкунбек мени сүйбөй, мен Толкунбекти сүйсөм керек. Менин шорум ошондо болуп жатпайбы. Сизге жазгамын баарын.

– Ооба, жазгансың.

– Карап олтурсаң бул жалган дүйнөдө өчпөгөн да, өлбөгөн да, өзгөрбөгөн да эч нерсе болбойт турбайбы. Ар нерсенин акыры болоорун аңдабай жүрүп, акыры чекке жетип маңдайыбыз менен бир тийгенде гана эсибизге келип олтуруп калат окшобойбузбу. Мен сүйүү дегенди түбөлүктүү өчпөй турган күч болсо керек деп ойлоочумун. Көрсө, андай эмес экен. Адам баласы өзүнүн ички дүйнөсүндө болгон сүйүү деген руханий дөөлөттү эки тараптан, аял менен эркек бирдей аздектеп күтө билгенде гана ал узак өмүр сүрүүчү кереметке ээ болуучу бакыт турбайбы. Толкунбек экөөбүздүн ортобузда андай дөөлөт, андай бакыт болгон жок да. Бирибизди бирибиз күчкө салгандай эле кандайдыр арбоо, алдоо жолу менен жашаган сыяктуу өмүр өткөрүп келдик окшобойбузбу. Ал жашообуздун акыры кандай бүтүп, кандай аяктаганын өзүңүз жакшы билесиз да.

Зыйнат менен Жайнагүл ушунтип чечиле сүйлөшүп олтурганда Эмир эшикти ачып башбакты.

– Оо, эжекелеримди кайда деп издеп жүрсөм, бул жакта турбайсыздарбы. Ысык тамак алып келгени жатышат, киргиле үйгө.

Бирин-бири жадырай тиктеген эки келин орундарынан салмактуу козголушуп, залды көздөй басышты.

Ушул убакта, бөрүлөрчө эч кимге шырп алдырбай, машинасын обочо жерге токтотуп коюп, күн батып күүгүм кирген зобол убагынан пайдаланып, кечээ жакында эле ачуу-таттуусу аралаш Зыйнат менен бирге жашаган үйдүн балконунан көз албай, карегинен кан чыкканча кадала

тиктеп турган Толкунбекти эч ким билген да, ойлогон да жок. Анан ал Зыйнат менен уруш-талашы жок эле камырдан кыл суургандай болуп, аны Москвага узатып жалгыз калган күндөрдүн биринде газета-журналдарды баратап олтуруп баякы өзүнө эркиндик берилген катты таап алып, анан кубанганы же кайгырганы белгисиз Алматыдан кандай шашылыш кеткенин эстеп турду. Калп айткан менен болобу, мурда бул аялдан эч кутулбачудай, мойнунан байлаган иттей болуп жүргөн Толкунбек, ошондо Зыйнатты аяп бир бөксөргөнүн эстеп турду. Ооба, ошол кезде өз үйбүлөсүн өмүр бою көрбөй арманда өтүп кетүүчүдөй болгон Толкунбек, эми минтип бир кезде аргасыздан өз үй, өлөң төшөгүм деп эсептеген ошол кан-жаны менен курулган үйүнө даап киралбай турганын ойлоп жүрөгү күйүп, тагдырдын тамашасына таң калып турду. Ал так эле өз үйүнүн балконунун тушунда турган «Вольво» автомашинасын, дагы бир чет элдик иномарканы, анын катарында чукул коюлган Эмилдин «Волгасын» таанып кайнага-кайнилеринин бүт келгенин билди. Аларды көптөн бери көрөлек Толкунбек оюнда: «Иттин балдары, жездем эмне үчүн жок» – деп, Эмил болбосо да берки экөө эстебейт ээ, – деп ойлоп, өзүнүн четке сүрүлүп калганына ичи күйүп туталанып турду. Толкунбек Зыйнаттын баа-баркын да, аны жаман көрбөсүн да эми билип, эми түшүндү. Ой артынан ойлор агып, кээде Зыйнаттын сүйүүсүнө акаарат келтирип эле тим болбостон, анын кадыр-баркына түкүргөндөй мамиле кылып кордогон уу сөздөрү эсине түшүп жатты. Ушундай санаадан кийин өзүнүн «Итке алтындын баркы жок» деген сөз оозунан кандай чыгып, кандай кыйкырып жибергенин сезе коюп, чочуганынан өз оозун өзү алаканы менен баса калды. Ал, Жакан менен Галиянын күтүп жатканын да эстеген жок.

Толкунбектин айтпай кайда чыгып кеткенин билбей, кийинип алышып күтүп олтура берип тажаган Жакан бир кезде аялына минтти:

– Кеч болуп кетти.

– Мейли анда кете берели. Кат жазып эшикке кыстырып коёлу. Ачкыч кошунаныкында калаарын билет. Деги Толокең эмне үчүндүр капалуу го, ыя Жакан?

– Капасы жок эле турат. Менин оюмча, анын санаасында экөө менен тең жашасам деген тилеги бар.

Галия күйөөсүнө суроолуу карады.

– Сага ошентип айттыбы?

– Айтпаса да мен ошондой деп түшүнөм. Азыр баякы партиянын заманы эмес. Зыйнаттын керемет аял экенин билет да.

– Бирок ошондой болгондо да Зыйнат макул боло койбойт го.

– Сопсонун эле болот. Мансуровдой күйөөнү кайдан табат экен.

– Жайнагүл да макул болобу?

– Макул болбогондо кайда бармак эле. Аялдардын баары эле сен дейсиңби, ичи тар.

Галия кыйт дей түштү.

– Тим эле Зыйнат менен Жайнагүлдүн ичине кирип чыккансып сүйлөйсүң да. Ичим тар болуп сага эмне кылган жазыгым бар?

– Сенин алдыңда, мен Толокенин жасаганынын эч бирин да жасаган жокмун. Эгер жасаган болсом, элден мурун уу берип өлтүрүүчү сен болчусуң, туурабы? – Жакан күлдү.

– Жасап жүргөнүңдү мен кайдан билем?

– Сенин эмне кылып жүргөнүңдү мен да билбейм. Ошондуктан, сен экөөбүз бири-бирибиздин кылмышыбызды билбегенден кийин унчугушпайлы. «Атам эрим болсун деген аялдын ойношу алтоо болот» деген сөз бекеринен айтылбаса керек, ыя Галияжан? – Жакан аялынын мурдун чымчып койду. – Эркесиң, ээ?!

Галия туйтуңдай түштү.

– Эмнеге эле мени көздөй таш ыргытып калгансың? Эчтекеден эчтеке жок эле, Мансуров үчүн урушабызбы эми?

Ойносоң да ойлоп сүйлө, Жакан. Эрке катын мен болсом, жыргаган экенмин.

– Жок, жок, кечирип кой бардыгы тамаша. Жөн эле сени кантээр экен деп чычалатып жатпайымбы. – Галиянын далысынан имере кучактап өөдө көтөрдү. – Жүрү кеттик, аябай маалкаттык го.

Булар Бауржан Мамус уулу көчөсүнөн жаңы эле бурула бергенде алдынан чыккан машина менен булардын машинасы оро- пара келип, жарык менен жарыктын бири өчүп, бири күйгөндө Жакандын көзүнө дароо Толкунбектин машинасынын номери урунду. Ошол замат берилген сигналдан улам экөө бири-биринен куйрук улаш өтүп барып токтоп калышты. Машинадан Жакан да чыкты, Толкунбек да чыкты.

– Ой, дос, биз сени чогуу баралы деп, үйдө күтүп жатсак, бул жакта белең. Бизди күттүрбөй айтып кетпейсиңби?

– Мында келатасыңарбы?

– Ооба, келатабыз. Сени күтүп жатып аябай кечиктик. Бизди сурадыбы Зыйнат?

– Мен анда кирген жокмун, Жакан. Тим эле бир туугандарынын кимиси келгенин билейин деген ой менен келген болучумун. Баятадан машинаны далдаага токтотуп коюп, алыстан карап турдум. Кирип-чыккандардын арасынан Зыйнатты да, анын урук-туугандарынын эч кимисин көралбадым.

– Мынча болгондон кийин үй-бүлөң менен чогуу эле келсең болмок экен. Азыркы турмушта намыс барбы. Ортодо бала болгондон кийин келиш-кетиш күнөө эмес да. Жүрү чогуу баралы.

– Жок, Жакан, кеч болуп калды. Өзүң айткандай, барсам үй-бүлө менен чогуу барсам болмок. Эми түштөн кийин көчтөн калган итке окшоп: «Аштан кийин аңырып, тойдон кийин тоңуруп» дегендей кантип барам уялбай. Анын үстүнө эч ким мени чакырбаса, айтпаса...

– Айтып эле Зыйнат звандады. Досуңуз сиздердикинде экен, Жакан Усаевич, айтып коюңуз, келсин – деди.

Толкунбек Жаканды жалт карады.

– Келсин деди?! Чын айтып жатасыңбы?

– Сен экөөбүз калп айтышып жүрүүчү белек ыя, Толоке. Калп айтып башыма эмне күч келди. Жүрү эми кайра тарт, ансыз да сени күтүп олтуруп аябай кечиктик.

– Эмне деп барам, ыя?

– Эмне деп барам деген да сөз болобу? Чогуу эле шатыра- шатман болуп куттук айтып кирип барабыз.

– Уулун куттуктап бир нерсе ыроолоп коюшум керек эле да. Түнүчүндө эч нерсе табылбайт да эми.

– Табылганда эмне алат элең? Дүкөндөр болсо бек, базар болсо жок. Шаардын четинде гүл саткан бирөөнү билчү элем. Сонун гүлдөрү бар. Жүрү ошондо барабыз. Гүлдөн өтөөрү жок сен үчүн.

Дароо кайра тартышты. Гүлчүнүкүнө жетип, машинадан түшөөр түшпөстөн эле, гүлдөрдүн каңылжаарды жарган аромат жыты аңкып сала берди. Үй ээси кардарлардын жайын уккандан кийин дароо калиткасын ачып, гүлзарга баштап кирди. Эмелеки караңгылыктын кучагында ыңкып жаткан гүлдөр прожектордун күйүшү менен алардын кооздугу менен сулуулугун көргөн Толкунбектин жүрөгү толуп, көздөрү жайнап кетти.

– Аялгабы? – деп сурады үй ээси.

– Ооба, өзүмдүн аялыма, – деп жиберди Толкунбек.

– Кандай гүлдү жакшы көрөрүн билесизби?

– Ооба, билемин, – деди гүлдөрдү сыдыра тиктеп. – Бирок менин аялым жакшы көргөн гүл жок го, бул жерде. Ал «Пионду» жакшы көрүүчү эле.

– Эмне үчүн жок.

– Сезону өтүп кетти да, ал жазгы гүл эмеспи.

– Ак «Пион» таап берсем болобу?

– Андай болсо сонун болбойбу. Ал кайда?

– Мен таап берем. Канча тал, бештиби же үчтүбү?

– Албетте, бешти.

Аял ирети менен тигилген гүлзарды аралай басып барып, ар биринин чанагы чай чыныдай болуп бажырайып атырдай жыты алда кайдан аңкыган пиондун тестесин Толкунбекке алып келип сунду.

Галия пионду кайра-кайра жыттай берип, Жаканга карады.

– Мен «Розадан» алайын. Зыйнатка өзүм жакшы көргөн гүлдөн сый кылганым жакшы го дейм.

– Ийе, дурус-дурус.

Жакан менен Толкунбек Эсенованын үйүнүн алдына биринин артынан бири келип токтоду. Алар машинадан түшөөр түшпөстөн эле ачык турган балкондун терезесинен казак менен кыргыздын обон-күүлөрүнөн алым-сабак кылып бири токтосо, бири аткарып жаткан Кадыржан менен Бакбергенди үнүнөн тааныган Жакан, токтой калып минтти:

– Ырас, сонун убакта келиптирбиз ыя, Галия байбиче. Зыйнат ырчылар менен домбурачылардын таза каймагын тандап чакырган окшобойбу. Биздин Шерхан Мүсүрепович да бул жерде экен.

– Аны кантип билдиң? – деди Галия.

– Машинасы турбайбы тигинде. Ал жана звандаганынан, бизге карабай кетебер деген болучумун. Ошону ырдатыш керек. Шерхандын сөзүндөй сөз, Шерхандын үнүндөй үн казак жергесинде жок го, чиркин. Уккан сайын уккуң келе берет.

– Ал жазуучу да, – деди Толкунбек.

– Мүсүрепов таланттуу жигит. Жазуучу да, акын да, драматург да, композитор да. Сөзүн өзү жазып, обонун өзү чыгарып, керек болсо өзү аткарат.

Күү басылганда ичкериден микрофондон чыккан эркектин үнү заңк этти.

– «Баатырдын даңкын алыстан ук, жанына келсең бир киши» – дегендей, ушул биздин арабызда олтурган бир

үлкөн адам бар. Ал – көптөр билген, көптөр тааныган Казак Республикасынын калк жазуучусу, Социалисттик Эмгек эри, Шерхан Мүсүрепов агабыз, той ээлерине, туугган-туушкандарына: «Тоюңар тойго улансын» – деп чын жүрөктөн куттуктоону да, ошону менен бирге Зыйнат Эсеновага өзүнө да, баласына да өчпөс өмүр, бактылуу жашоону тилеген тилегин жана эле айткан болучу. Азыр болсо олтурган меймандардын суроосу боюнча өзүнүн жаңы жазып жаткан: «Сен жөнүндө поэма» аттуу чыгармасынан үзүндү орундап берет. Домбурада Кадыржан Абиш уулу.

Бакбергендин сөзүн уккан Жакан, турган жеринде эле жер тепкилеп кыйкырып жиберди:

– Э-э-й, Шерхан, биз киргенче баштабай коё тур ырыңды. Уктуңбу? – деди үнү жетсе да, жетпесе да тамашалай сүйлөп.

А Толкунбек болсо Зыйнат менен кечээ жакында эле коюндашып бир төшөктө жатып, бир үйдө жашаса да эмне үчүндүр андан да, олтургандардан да сүрдөнүп, батына албай турганын билди. Бирок анын оюн онго бөлүп, көңүлүн бузуп, кошул-ташыл болуп турган дагы бир жагымсыз иш – Мүсүреповдун бул жерде болушу болуп турду. Бул кишинин аялы жок жесил экенин эстегенде жүрөгү шуу дей түштү. Бул казактын кадыр-баркы караламан калк арасында жогору баалана турганын Толкунбек жакшы билүүчү. Андан дагы анын аялдарга калганда мээр чөбү күчтүү, – деп укkан сөзү эсинен кетпей турду. Ошондуктан, Толкунбектин жаман оюнда, Зыйнатка көз салып калган бул кажары күчтүү адамдын ойлогон оюна, көздөгөн максатына жетерине ишеними күчтүү болучу. Анын дагы бир арам ою, Мүсүрепов менен Зыйнаттын Москвага чогуу учканы болду. Балким, экөө мурда сүйлөшүп алып, менден кутулуу үчүн баякы катты жазган болуш керек деген ой башын тумандай каптайт.

Толкунбек жолдон Жакандан сурады:

– Мүсүрепов аял алды беле?

– Жок, алалек. – Толкунбекти жалт карады. – Аны эмнеге сурадың?

– Жөн эле! – деп койду сыр билгизбей.

Ал эми Жакан болсо досунун оюна дароо түшүндү. Булар киргенде Кадыржан домбурасын шартылдата чертип, ага кошулган Шерхан ырынын акыркы куплетин созолонтуп жаткан:

Ар качан турат эсимде,
Албырып карап күлгөнүң,
Кабарыңда бар бекен,
Карагым сен деп жүргөнүм,
Кашынан өпсөм арман жок,
Кадыркеч сендей бүлөнүн,
Арманым болбос жалганда,
Өзүмдүн болсоң түгөйүм, – деп токтоду.

Олтургандар Жакан баш болгон Галия менен Толкунбекти көргөндө бардыгы шатыра-шатман болуп орундарынан тура калышты. Алардын кириши менен үй ичине «Роза» менен «Пиондун» жыты бур дей түштү. Эмир менен Темир, Айнаш үчөө жаңы келгендер менен учурашып, биринин артынан бири кучакташып да, өбүшүп да жатышты.

– Зыйнат, – деди күлөйүн деп күлалбай, өбөйүн деп өбалбай, көздөрүнөн от бүркөн Толкунбек: – Тоюң тойго улансын, – деди кучагы толгон гүлдестени сунуп. Анан Зыйнаттын колун кош колдоп кыса кармап, бир демге тиктеше түшүп, башын силкип алып жаш айлана түшкөн көзүн тартып кетти.

– Ырахмат Толкунбек, менин бала кезимден сүйүп, эң жакшы көргөн гүлүмдү алып келген турбайсыңбы. Үйбүлөң менен бактылуу бол. Сен да бирөөнүн эр жалгызысың, бар бол дайым.

Толкунбектен кийин Зыйнатты аяштары кучагына алды. Ушул маалда ар жакта турган Зыйнаттын синдиси

менен жеңе, келиндери Толкунбектин кардыгып сүйлөгөн сөзүн угуп, «Байкуш жездемдин Зыйнат үчүн тилеген тилеги дагы эле жакшылык, Зыйнат бул кишинин көңүлүн эгерим оорутпаса керек. Айткан менен болобу, жезде деле Зыйнатты сыйлап, көзүн карап эле туруучу эмес беле. Бала үчүн ажырашышты да. Үсөндү мурдараак билгенде эмне. «Армансыз дүнүйө болбойт деген ушул» дешип бир сыйра көз жашы кылып алышты. Анткени Зыйнаттын жүрөгүнүн үшүн алган баякы Толкунбектин кыял-жоругунун бирин да не сиңдисине, не бир туугандарына, не жеңесине айтчу эмес да бул.

Толкунбекти көргөн Кына менен Тумардын ооздору ачылып, эстери ооп калды. Анын келгени эки байбиченин экөөнө тең анчалык жага берген жок.

– Э ботом, тигил биздин бала качан келип калган? – деди эки байбиче эки жагынан Жайнагүлгө жарыша суроо берип.

– Качан келди деген да суроо болобу? Азыр келгенин көрбөй турасыңарбы? Тигил казак достору алып келсе керек. Мейли, ырас болду. Кайнилери менен балдызы: «Жездем келсе болот эле» – деп эстери ооп, эңсеп жатышты эле.

Тумар тамшана сүйлөдү.

– Бечара, Зыйнаттын төрөдөй болгон жакшы бир туугандары бар турбайбы. Эстүү, жакшы балдар көрүнөт. Улуу бир тууганынан башкасынын баары жакшы кызматтарда иштешет окшойт. Кичүүсү немистерде кызмат кылат турбайбы.

Кына сөзгө аралашты.

– Булардын чыккан жери таза булак болучу, кудагый. «Аккан арыктан суу агат» деген ошол.

Толкунбектин келгенине Эмир менен Темирдин чечекейи чеч болуп, кубанычтары коюндарына батпай турганын Жайнагүл алдыртан баамдап олтурду. Алакташкан жаштар Жакан менен Галиядан мурда жездесин төрдү көздөй жетелей бергенде Толкунбек минтти:

– Бул жерде менден жолу улуу адамдар бар. Мурда ошолор өтсүн. Кана, Галия аяш, эмнеге туруп калдыңыз, Жакан Усаевич өтүңүздөр жогору.

Канчалык жогору өткөрүүгө аракеттенгендерине болбой, Толкунбек кайнилери менен аралаш улага тарапта олтуруп калды. Шараптар рюмкаларга толтурулуп, кымыздан кайра куюлду.

– Жакан Усаевич, кезек сизде, каалооңузду айтып, алдырып коюңуз, – деди Эмир.

– Менин Шерханга окшоп, ички туюмумду ыр менен эмес, жөнөкөй эле тил менен да сүйлөп жеткире албаган жайым бар. Биз келгенге чейин не бир жакшы тилек, жакшы каалоолор айтылса керек. Мен ошол каалоолорго кошулам. Өзүмдүн үй-бүлөмдүн атынан Зыйнат Эсеновнага, анын уулу Үсөнгө Жамбул бабабыздыкындай жаш, Абай Кунанбай уулунукундай баш берүүсүн тилеймин. Үйүңүздөн той кетпесин, аяш. Тигил жакта Толокем үй-бүлөсү менен, бул жакта уул-кызыңыз менен, бир тууугандарыңыз менен ден соолукта, аман болуңуз. Ойлогон ой, тилеген тилегиңизге жетиңиз. Кана, менин каалоо тилегиме тилектеш болуп кошулгандар, бардыгыңыздар алып коюңуздар.

Олтургандар жандана түштү. Ичкендер да, ичпегендер да алдында турган рюмкаларды жапырт колдоруна алышты. Жайнагүл колундагы рюмканы бир демге кармап туруп эрдин тийгизген болуп кайра койду. Байбичелер да ошентти. Ошол саамда олтургандарды бир башынан сыдыра тиктеп келаткан Жакандын көзү Жайнагүлгө жеткенде кареги ирмелбей кадала түштү.

– Жайнагүл Казиевна, жерге койбоңуз.

– Кечирип коюңуз аяш, ден соолугума байланыштуу оозума албай калгамын.

– Сиздеги ден соолук биздин башта да бар. Үсөндүн урматы, балаңыздын келечеги үчүн башкалар албаса да сиз алышыңыз керек. Сизге кечирим болбойт.

– Үсөнүм үчүн бардыгына даярмын. Бирок ичкилик ич деп кыйнабагыла мени.

– Бирди алып коюңуз, экинчи кыйнамай жок.

– Жок, бир эмес, жарымды да алалбайм.

Кына Жаканга карап минтти:

– Кагылайын, уулум, Жакинди башка жагынан кыйнасаңар да, ичкилик жагынан кыжаалат кылбагылачы. Ооруп жүрөт. Башкага ишенбесең да мага ишенип койчу, балам.

Жакан Кынанын сөзүн угуп, уялып кетти.

– Болуптур апа, сизге кантип ишенбей коёюн, ишенем.

Баякы ичип алып аялы менен чатакташкандан кийин, бир туугандары, масың тарап соолукмайынча меймандардын үстүнө той тараганча жолоймун деп ойлобо, дешип бир үйгө алып барып таштаган Эмилдин үнү чыкканда Эмир эмне кылаарын билбей шашып калды. А Эмил болсо кирип эле Жайнагүлгө тийише сүйлөп минтти:

– И, кандайсың, Жайнагүл сулуу? Сен да келет экенсиң ээ, Зыйнаттыкына. Билесиңби, казак элинде бир макал бар: «Апчем жездеме сай келет» деген. Анын сыңарындай Толкунбек экөөң бириңе бириң сай келген адамсыңар да.

Эмир агасынын жанына учуп жетти.

– Байке! – каруудан кармады.

– Эмне байке! – Ачуулуу бурк этти. – Эй, мээси жок акмак, силерде ар-намыс деген болобу? Кармаба мени, коё бер колумду. Толкунбек менен Жайнагүл деген немелер силерге ким экенин билесиңерби? Душман. Зыйнатты кордоду го булар. Анан ошондой адамдарды! – Тишин кычыратты.

Ар жакта жүргөн Зыйнат Эмилдин үнүн угуп, залга элтеңдеп чуркап кирди.

– Бул жерде эмне болуп жатат?

– Эчтеке болгон жок, эжеке. – Эмилди колдон алып тартты. – Байке жүрүңүзчү, – деди Эмир.

Инисин чыканагы менен бир койду.

– Коноктор менен учураштырасыңбы?

– Кайра келип учурашыңыз.

Зыйнат тышка чыгып Темирди коштоп кирди.

– Байке, сизди тышка чакырып жатат. Болуңуз батыраак.

Бир туугандар Эмилдин каршылык көрсөткөнүнө болбой, экөө эки жагынан кармап алып чыгып кетишти. Ал чыгып баратып да, меймандарды кылчая карап сөгүнө сүйлөп минтти:

– Эй, адам сөлөкөттүү кош аяктуу айбандар, билем мен силердин ким экениңерди. Эх!

Эмилдин жагымсыз сөзү жалгыз эле Толкунбек менен Жайнагүлгө айтылбастан, олтурган меймандардын баарына тиешелүү болгон сыяктуу, жаш-кары дебей катырган таш молого окшоп, бөлмөдө чымын учса угулгандай дүлөй тынчтык баскан жымжырттыкты Жакандын үнү бузду.

– «Үй баш сайын таз бала» деген кыргыз менен казактын табышмагы болор эле илгери. Анын сыңарындай, бул сыяктуу Телибай тентектерди ар бир айылдан эле эмес, азыр ар бир үйдөн кезиктирүүгө болот. Ошондуктан Эмилдин ээн ооз сүйлөгөн жагымсыз сөзүнө теригип капа болбоңуз, аяш. – Анан Жакан Шерханга карады. – Шерхан Мүсүрепович, сиз бир чуу басты кылып, көңүлдөгү кирди жууп кете турган керемет ыр-күүңүз менен домбурада бир ойноп койбойсузбу?

Шерхан мындай жерде ыр менен күү дегенде өзүн өзү токтото албай эргип кете турган адаты бар болучу. Ал башкаларчылап манчыркачу да эмес. Мүсүрепов жакында эр ортону элүүгө чыкканы турса да, анын жүрөгү дайым жаш, дайым эңсөөгө толуп, ырдагысы да, бийлегиси да келип толкундап кетүүчү.

Мүсүреповдун үнү чыкканда олтургандар дароо жандана түштү. Шерхандын дагы бир артыкчылыгы кыргызча ырдаса кыргыз, казакча ырдаса казак болуп калучу. Ал

адегенде эле биринчи баштаганда Боогачынын «Үкөйүн» боздотуп, олтургандардын оозун ачырды. Андан кийин Төлөгөндүн Кыз Жибекти жоктогон ариясын аткарды. «Жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет» дегендей, эмелеки Эмилдин жүрөктү мыжыган жагымсыз сөзүн, бир заматта Шерхандын жандүйнөнү дүүлүктүргөн жакшы ыр, жагымдуу үнү жуун кеткендей, үйдүн ичин көңүлдүүлүк каптап, айлана жаркый түштү. Ал тээ бир оокумга чейин бир да жолу: «Эми башкалар ырдасын, мен кечке эле ыр ырдап, өлөң айтып, комуз менен домбурада ойной беремби?!» – деген да жок. Тескерисинче, таманы кызыган күлүктөй болуп, өзгөлөрдүн да, өзүнүн да чери жазылып, моокуму канганча ыр менен күүнүн жаагын айырды. Мүсүреповдун олтуруштун мынчалык көркүн ачып, гүлдөтүп жибере турган артыкчылыгын ойлобогон үй ээси ичинен ыраазы болуп кубанып калды. Тумар менен Кына болсо, ичтеринен ойлоп «булбул экен» деп суктана тиктеп, чалкып олтурушту. Бул жерде «Ит күлүгүн түлкү сүйбөйт, ичи ооруган күлкү сүйбөйт» дегендей, Шерхандын ыры эле эмес, анын өзүн жактырбай, өзүнөн өзү Зыйнатты кызганып, ич тарлыктан «өпкөсү жок казак» деп айласы кетип олтурган Толкунбек болду. Анын ою боюнча ырдаган ырларынын баары жалгыз гана Зыйнат үчүн ырдалып, Зыйнат үчүн күйүп, күйүттөн күүлөр агып жаткандай болуп, жүрөгүнө уу болуп жагымсыз сезимдин кучагынан чыгалбай өзүнөн өзү буй болуп олтурду. Бул жерде Толкунбектин Мүсүреповду көргүсү келбей, Зыйнатты кызганып олтурганын Жайнагүл мурда эле түшүнгөн болучу.

Мусүрепов Галиянын суроосу боюнча «Алтайдын ары жагынан келген сулуу» деген ырды, дегеле бардык башка аткаруучулардан бөтөнчө үн, бөтөнчө эргүү менен угуучулардын жүрөгүнө жеткире, ушунчалык чыгармачылык чеберчилик менен аткарышы Толкунбекке жаккан да, ага жеткен да жок. Эртеден бери кылдан кыйкым табалбай айласы кетип олтурган жигит, Шерханды жа-

ман көзү менен алая бир карап алып, ордунан тура берип минтти:

– Жолдош Мүсүрепов, сенде этика деген бир нерсе болобу. Улгайган адамдардын алдында сүйүү-күйүүдөн башка ырдай турган ырың, сүйлөй турган сөзүң жокбу? Вообше, уятың жок экен. Билем сени!

Жакшы ыр, жакшы күүгө жандүйнөсү эрип рахатка батып толкундап олтурган адамдардын, эч бири мындай жагымсыз сөздүн чыгышын күтпөгөндүктөн ооздоруна сөз кирбей какап калышты. Ал эми Шерхан болсо, олтурган адамдарды жөөлөп шашып-үшүп чыгып бараткан Толкунбектин артынан ээрчий карап минтти:

– Эмнемди билесиң? Сен мени билсең, мен да сени билем. Азыркы сенин сөзүң, жолдош Мансуров: «Осурган кыз, осурбаган кыздын бетин тырмап алгандай» эле кеп болуп калды. Оо, жолуң болгур десе, мен улуулардын алдында, аларды жер каратып, өзүмдү шерменде кыла турган ашык эч нерсе ырдаган жокмун да.

Толкунбектен мындай жагымсыз сөз чыгат деп өз эне-си Кынанын да, кайненеси Тумардын да, ал эмес Жайнагүлдүн да үч уктаса түшүнө кирбеген жумуш болучу. Уялганынан эки байбиченин башы жерге кире түштү. Ал эми Жайнагүл болсо: «Көргөнүмдөн көрөлегим, укканымдан угалегим көп окшобойбу» деген ойдо эси ооп калды. Толкунбектин жүйөсүз орой сөзү үчүн, Жайнагүл өзү күнөөлүүдөн бетер, уялганынан Шерхандын жүзүн карай албай шылкыя түштү. Анткени андан мурда аткарган «Сүйүүнүн иши кереметти» да, «Алтайдын ары жагынан келген сулууну» да Галия аркылуу Жайнагүл өзү сураган болучу. Толкунбектин бул оройлугуна кимиси эмне деп айтаарын билбей дымый түшкөн тынчтыкты Шерхан өзү бузуп, Курмангазынын «Сары аркасын» кол ойното күпүлдөтө чертип келип, тыштан өзү чакыртып кирген Бакбергенге домбурасын берип жатып минтти:

– «Сары арканын» аягын эми сен улант.

Бакберген да өнөрлүү бала болучу. «Сары арканы» дароо Шерхан токтогон жерден улап кетти...

Толкунбектин азыркы кыялынан кийин Жайнагүл чийки май жегендей болуп көңүлү чөгүп, сына түштү. Эмили тигинтсе, мунусу минтсе. Бүгүн го бүгүн. Киши деле чакырбаптыр. Бар болгону жакын ирегелеш кошунасы Салия байбичинин уул-келини, өзү чалы менен, Жакан аялы менен Шерхан үчөө, Зыйнаттын өзүнүн бир туугандары, анан биз. Эми деги экинчи «концерт» болбосо эле болду. Кайненеси менен өз энесин караса, эми эле жүздөрүндө күлкү ойноп толкундап олтурган кубанычтарын кимдир бирөөгө алдырып жибергенсип, экөө бирдей томсоро түшүптүр.

– Тамак бышып калыптыр, чайга бата кылып коёлу, – деп Зыйнат киргенде, Жайнагүлдүн көзүнө, анын да кабагына ала-көлөкө түшүп, көз карашы өзгөрө түшкөнүн дароо байкады Жайнагүл. Балким, «Көңүлдөштүн көөнү түтпөйт» дегендей ич тарлыктан Зыйнатты кызганып, Шерхан жөнүндө кычык сөз айтып, мунун да жинине тийип койгон экен деген ойдо, күйөөсүнүн кызуулугуна көңүлүндө капа болуп турду.

Дасторкон жыйылганча танапис жарыяланды. Жакан менен Шерхан баш болгон эркек аттуунун баары түгөл тышка чыгып кетишти. Кына менен Тумар орундарынан козголбой олтуруп калышты. Жайнагүл Асан менен Үсөндүн үстүнө кирип, экөөнүн баягы бири-бири менен айкалышып кучакташкан бойдон жыргап уктап жаткандарын көрүп, оо бир оокумга чейин жүрөгү толо карап туруп: «Ай, жазыгы жок каралдыларым ай, экөөңөрдүн бул кубанычыңар канчага созулар экен?» деген ойдо экөөнү кайрадан алмай-термей өөп, алмай-термей жыттап алып, тыштан чыккан үпүр-дүпүр менен катуу-катуу сүйлөнгөн эркектердин үнүн угуп ачык турган балконду көздөй басты. Ошол замат алды жактагы бирин бири жекирип, бирин бири жеп жиберүүчүдөй жакалашып турган адамдар-

дын сөздөрү кулагына шак дей түштү. Толкунбектин үнүн дароо тааныды. «Э кудурет, бул ким менен тирешип калган?» – деп ойлогончо болбой, бейтааныш үн минтти:

– Мени эмнеге күнөөлөп жатасың? Коё бер жакамды. Ким кандай ырдаса өзү билет да. Ал үчүн мени күнөөлөй албайсың, жолдош Мансуров!

– Сен ким үчүн келип, ким үчүн ырдап жатканыңды билем.

– Кызык, билсең эмне кылайын, биле бер. Ичиң күйсө туз жала. Туура айтасың, мен Зыйнат үчүн ырдадым, билген турбайсыңбы?

– Ал менин аялым.

– Калп айтпа, азыр Зыйнаттын сени менен кайнаса каны кошулбай калганын жакшы билем. Ал сени талак кылып таштап кеткен, туурабы?

Толкунбектин үнү өчө түштү. Анын эмне деп жооп айтаарын билбей, туттугуп калганын Жайнагүл дароо түшүндү. Толкунбектин Зыйнат үчүн ичине ит өлүп жатканы айдан ачык болуп турду. «Адам аласы ичинде, мал аласы сыртында» дегендей, анын ички дүйнөсүнө Үсөндөн кийин бүтпөгөн бүлүк түшүп, Зыйнаттын аруу махабаты кайра баштан арбап, кайра баштан өзүнө магниттей тартып турганын эч ким билген жок. Өзү калп айтып, карөзгөй сүйлөп көрбөгөн ак көңүл ар бир адам, өзгөлөрдү да өзүндөй чынчыл, өзүндөй такыба көрөрү айдан ачык эмеспи. Бул кез Толкунбектин «Мен сенин алдыңда бир жаңылдым, экинчи андай жаңылуу болбойт» деген сөзүнө Жайнагүлдүн ичи жылып, ишеними бекип, күнөөсүн күнөө дебей кечирип турган учуру болучу. Ошентип, орошон сөздү олчойто айтып, убада берип турган Толкунбек Жайнагүлдүн Үсөнсүз жашай албасынан пайдаланып, Зыйнат менен табышып, экөөсү менен тең жашоону эңсеп, ниети бузулуп, бирок ал тилегин ачык айтууга кудурети жетпей тургандагы жасаган аргасыздыктын амалы болучу. Жигит оо бир оокумдан кийин Мүсүреповго минтти:

– Зыйнат экөөбүз оозеки ажырашканыбыз менен мыйзам жүзүндө али ажыраша элекпиз. Ошол үчүн Эсенова менен байкап мамиле кылганыңыз дурус болоор.

– Дагы калп айттың, жолдош Мансуров. Андай болсо, аты жакшы сен экөөбүз эрөөлгө чыгышыбыз керек.

– Бирөөнүн ак никелүү аялын талашып, эрөөлгө чыккың келип турабы? Андай болбойт.

– Анан кандай болот? Коё бер жакамды. – Бир кезде Мүсүрепов да Толкунбекти жакадан алды. Экөө тирешип турду. – Дагы айтамын кайталап, адам адам болуп жаралганы, эч бир мусулман эркек аялынан «талак» болуп үйүнөн куулуп чыккан эмес. А сен болсоң Зыйнатты кетирген эмессиң. Тескерисинче, Зыйнат сени «талак» кылган. Бул мусулман баласында болгон биринчи окуя. Болду жигит, мындан оор, мындан жаман сөз оозумдан чыгалегинде жакамды коё бергин.

Акыры Толкунбектин колу шалдая түштү. Ошол маалда кимдир бирөөнүн:

– Ай, булар кимдер? Толкунбек сенсиңби? Бул жерде эмне болуп жатат? Үйгө киргиле! – деген үн чыкты.

А Жайнагүл болсо Шерхан менен Толкунбектин жагымсыз сөздөрүн укканына өкүнүп эрдин кесе тиштеп, бир катуу онтоп алып артын көздөй кетенчиктей берди. Ошол мезгилде эшик аяр ачылып, ар жактан Кына менен Тумар көрүндү. Бөлмөгө кирер-кирбестен эле, Тумар минтти:

– И, ботом, сени кайда деп кудагый экөөбүз издеп жүрсөк, бул жакта белең. Балдар дагы эле уктап жатышкан тура

– Ооба, уктап жатышат, – деди Жайнагүл көңүлсүз.

Аңгыча булардын үстүнө Зыйнат кирди.

– Чарчадыңарбы? Азыр тамак ичип алып, барып эс аласыңар. Колго суу куйганы жатат, киргиле.

Ушул убакта залдан домбура чертилип, Шерхандын ырдаган мукам үнү угулду.

– Ананайын, ачык-айрым шайыр жигит экен. Адам болсо ушундай болсун. Казактар деги жеринен акын келишет эмеспи. Биздей думдук кайда бар, булар шайыр эл. Келиндери эмес, кемпирлери да тартынбай ырдайт турбайбы. Уктуңбу сен, Салиянын ырын.

– Жок, укkан жокмун. Ырдадыбы чын эле?

– Ырдады.

– Тышта да «концерт» болду. Мен ошолорго алаксып жатып, Салия апанын ырдаганын байкабай калган турбайымбы. Кап!

Кына күлдү.

– Жанатты эмне кылып жатат болду экен деп кирсем, балдар уктап калышыптыр. Ал кызга тим эле керилтип керебетке төшөк салып беришиптир.

– Ооба, уктай берсин, тигил эки бала да уктап жатышат. Галия жок го, – деди Жайнагүл эки жагын карап.

– Салия экөө кухняда олтурат. А тигине келатышат.

Меймандардын баары кирип орун алышты. Ахан суу куйганы кирди колго. Жаңы кирип олтурган Галия Жаканга карады:

– Толокең кана?

Галияга Жакандан мурда Ахан жооп берди.

– Кирбей койду, кайнилерим менен олтурам – дейт.

– Ал эмнеси экен? Ошол да болмок беле? – деди Кына. – Айт, кирсин бул жакка.

Эмне үчүн кирбей жаткандагы себебин түшүнгөн Жайнагүл кайненесине акырын шыбырай сүйлөп минтти:

– Мейли, киргиси келбесе олтура берсин кайнилери менен. Ал жак менен бул жактын Толкунбек үчүн айырмасы жок да, апа.

– Койчу, балам, кантип эле айырмасы жок болсун.

– Эчтеке болбойт, жарыктык.

– Мейли анда эчтеке болбосо, олтура берсин...

Тамак ичилип бүткөндөн кийин меймандар мейманканага камына башташты. Аялдардын жанына кирген Зыйнат минтти:

– Мейманканага жаткырды деп капа болбогула, апакебайлар. Ал жакта жакшы уктап, жакшы эс аласыздар. Казактын ал мейманканасын көрүп бир түнөбөй кетсеңер, кийин арман кыласыңар. Асан менен Үсөндү эмне кыласыздар, мында эле кала беришсинби, же мейманканага ала кетесиңерби?

– Кала беришсин, – деди Жайнагүл.

Зыйнат мейманканага баруучуларды узатышканы бир туугандары тартуу кылган «Вольво» машинасынын эшиктерин ачып байбичелерге карады:

– Апалар, кана олтуруңуздар, Гүлүш сен да. Жайнагүл Казиевна, сиз алдына, – деди. Анан бардыгы олтуруп бүткөндөн кийин эшиктерин жаап, рулга олтуруп жатып минтти:

– Биссимилла, кагылайын жараткан Алла, ак иш, ак жолуңа баштап, акжолтой машина болокөр. Сенин дөөтү колдогон ичиңде балдар ойноп, балдар тебелеп-тепсеп, санаасы жакшы, көңүлү таза адамдар менен чогуу болоор бекенмин. Атам менен энемдин арбагы колдоп, ыйман-мазам жол бер. – Өзүнчө ичинен кайрып сүйлөп бата кылып койду. Машина от алып ордунан козголду. Ошол замат Эмир минтти Зыйнатка:

– Эжеке, сиз алдыга түшүңүз.

Зыйнаттын машина айдаарын Гүлүш менен Жайнагүл мурда эле билүүчү. Ал эми Кына менен Тумардын бул иш оюнда жок болучу. Көңүлүндө инилери айдап, инилери жеткирет экен деп ойлоп турган байбичелер, Зыйнаттын рулда олтурганын көрүп ооздоруна сөз кирбей калды. Кына жолдо баратып сурады:

– Э, Зыйнат, бул машина балдардын кимисиники? Жаңы алган го? Аты эмне экен бул машинанын? Деги азамат экенсиң, машина айдаганды ырас үйрөнүп алган турбайсыңбы? Көп болдубу үйрөнгөнүңө?

– Ооба, аяш эне, көп болду. Бул менин машинам. Инилерим Үсөндү жентектегенибиз деп белекке алып келишиптир. Жакшы машина бекен? Аты «Вольво».

– Оо! – дешти бардыгы.

– Үсөндү жентектеп келсе, анда бул Үсөндүн машинасы турбайбы, – деп жиберди Тумар. – Кут болсун. Уулуң экөөң аман болуп рахатын көргүлө.

– Ракмат апа, айтканыңыз келсин. Туура айтасыз, бул машина Үсөндүкү.

Мейманкананын алдына машиналар биринин артынан бири келип токтошту. Зыйнат инилеринин булар үчүн кандай номер алганын сураган эмес болучу. Темир алдыга кирип администрациядан квитанцияларын алып чыкты.

– Бардыгыңыздардыкы жыйырма биринчи кабатта, – деди жигит лифтинин жанына келип токтоп. – Силер чыга бергиле. Мен тигилерди күтөйүн.

Өмүрүндө мындай кооз, мындай бийик мейманкананы көрбөгөн байбичелердин, карай берип каректери талып, эстери ооп калышты.

Зыйнат мейманлары менен чогуу лифти менен өздөрүнүн кабатына чыгып, дежурныйдан ачкычтарды алып, бардыгы бирдей эки кишилик люкс экенин көрүп сүйүнүп кетти. «Ырас баасынын кымбаттыгына карабай, өңчөй люкска заказ бергендери жакшы болгон экен» – деп ойлоп, тигилердин алдында зоболосу дагы бир жолу көтөрүлө түшкөндөй болду.

– Аяш эне, – деди Зыйнат эшикти ачып чогуусу менен тигилерди баштап кирип, эки жагын айланта карап, – бул Тумар апам экөөңүздөрдүн номериңер. Чечинип, өз үй, өлөң төшөгүңүздөрдөй эле эс алып жата бериңиздер.

Бул өңдүү чоң мейманканада болуп, мынчалык жасалгалуу люкска жатып көрбөгөн байбичелер үчүн өзүнчө эле бир жомокто айтылуучу сырдуу көрүнүштөй болуп турду.

– Э Кудурет, ушунун баарына кудагый экөөбүз эле жатабызбы? А Жайнагүл менен Гүлүшчү? Баарыбыз эле чогуубуз менен ушул үйгө батат элек го.

Зыйнат күлдү.

– Булар күйөөлөрү менен өздөрүнчө башка номерлерге жатышат, жарыктык.

Жайнагүл апасы менен кайненесине кроваттарын өзөзүнчө көрсөтүп минтти:

– Көрдүңүздөрбү, төшөгүңөр салынуу. Бириң бул кроватка, бириң бул кроватка жатасыздар. А бул диванга олтуруп дем аласыздар. Ушул эки бөлмөнүн ичиндеги тургандардын бардыгы, бул жерден биротоло чыгып кеткенче сиздердин карамагыңыздарда болот. Сууга түшсөңүздөр ваннасы, душ алсаңыздар душу бар. Бети-колуңуздарды бул жерге жууйсуздар. Даарат алсаңыздар бул жерге киресиздер. Суусун минтип агызасыздар. А бул болсо даарат кагаз.

– Болду кагылайын, билебиз өзүбүз деле, – деди байбичелер.

– Ваннага кирип жуунуп алсаңыздар болот. Мына, самын десе самыны, сүлгү десе сүлгүсү да бар. Байбичелер келет деп булар да жакшы даярдык көрүшүптүр. Жыргап жата бергиле.

Жайнагүл өз номерине кирип, эки жагын карап туруп умсуна дем алып Зыйнатка минтти:

– Мен жалгыз жатамбы? Кап, Асан менен Үсөндү ойготуп ала келсем болмок экен. Толкунбек келбейт, Жакандардыкына кетет го ал.

– Коюңузчу, сизди көрүп туруп кантип эле Жакандардыкына кетип калсын. Келээр. Анда мен кете берейин, Жайнагүл Казиевна. Жакшы жатып, жай туруңуз. Эртең менен келебиз. – Зыйнат жаңы эле бурула берип, ар жактан келаткан Толкунбек менен беттеше түштү.

– Оо, менин алтындай болгон байбичелерим, – деди кучагын жайып, – «Бириң шекер, бириң бал, бириңди айтсам бириң бар» дегендей эле асылдын асылысыңар да, бүгүн экөөңөрдүн ортоңорго жаткым келип, делебем козголуп турат. – Жайнагүлдү бир колу менен далысынан имере кучактай басып, Зыйнатты колтуктан алды.

Ушул убакта артынан кирип келаткан Эмир менен Туратты көрүп, Толкунбек колун тартып алды.

– Жүрүңүз, эжеке, кеттик, – деди Эмир, – Жайнагүл эже, ыйманда жатыңыздар.

– Ырахмат, жакшы баргыла, – деди Жайнагүл тигилерди чыгарып, эшикти жаап.

– Апамдар кайда? – деди Толкунбек.

– Өздөрүнчө.

Жигит эки жагын айланта карап:

– Азаматтар, люкстан орун алышкан турбайбы. Зыйнаттын инилери кандай экен, жактыбы сага?

– Жакты.

– Зыйнат да жактыбы?

– Жакты. Дагы эмне дейсиң?

– Эчтеке дебейм. Ушундай аялды, аял ордуна көрбөй сен дедим го. Ошону да билбейсиң. Эмир менен Темирди, Айнашты көрдүң го өзүң, көзүмдүн агы менен тең айланып жездекелеп турушат. Бардыгы акылдуу. Билесиңби, жанакы силер түшүп келген «Вольво» деген машинаны Зыйнатка дарит этишип атайы алыстан айдап келишкен тура, Үсөндү жентектеп.

– Көп сүйлөп калыптырсың.

– Ачуум менен ичип койдум, кечирип койчу, алтыным.

– Эмне ачуу?

– А ушул жерде бирөөгө ачуум келип.

– Ал ким экен? – Жайнагүл билмексен болуп сурады:

– Өзүң көрдүң го, алиги өпкөсү жок жазуучу казак жиниме тийди да.

– Бул жерде Жакан менен Мүсүреповдон башка жазуучу казак жок эле го. Сенин жиниңе тийген кимиси болуп кетти экен?

– Сен экөөнүн кимиси деп ойлойсуң?

– Эч кимиси. Ал экөө тең адамдын ажарын сындыра турган жигиттерден эмес го. – Кантээр экен деп атайын минтти: – Мага Жаканга караганда, Мүсүрепов көбүрөөк

жагат. Жигиттин Шаймердени экен. Жүргөн жеринин баары оюн менен күлкү, ыр менен күү тура. Кандай жакшы адам.

– Ооба, билем. Аялдарга ошондой шайкелең, уяты жок, желтаман эркектер көбүрөөк жагат. Андайларды көргөндө тим эле өлүп калышат катындар.

– Эмнеси шайкелең, эмнеси уяты жок? Шерхан Мүсүрепов окшогон таланттар бир кылымда бир туулат же туулбайт. Кантээр экен деп койсом ашып баратасың. Мен, жана сенин жулунуп, күнөөсүз кишини күнөөлөп, дайыны жок тийишип, акаарат айтып чыгып кеткениңде уялганымдан жерге кирип кете жаздадым. Бул көз көрүнөө ич тарлыктан чыккан душмандыктын бир түрү да. Билем, ким үчүн күйүп-бышып жатканыңды.

– Ким үчүн күйүп күл болуп кетиптирмин? Айтпайсыңбы?

– Айтайынбы?

– Айт.

– Андан Зыйнатты кызганып өлүп жатканыңды билбейт деп турасыңбы?

– Чепуха.

– Бириңди бириң эрөөлгө чакырган жоксуңарбы?

Толкунбек селт этти.

– Эрөөл?! Койчу, алтыным. Кайдакы иш жүзүнө ашпай турган жок жомокту айтып жатасың? Сенин минтип арамданып, күнөөсүз адамды күнөөлөрүңдү билгенде Жакандыкына кетип калбайт белем.

– Кетип калсаң болмок.

– Сен үчүн келдим да.

– Болду, көп сөздүн кереги жок. Жатып эс алалы.

– Менин санаам тынбай калды, Жайнагүл?

– Эмнеден?

– Сенден.

– Мен эмне болдум эле? Кызыксың го.

– Сен мага таарынып жатасың, Зыйнаттан кызганып.

Ушул убакта телефон шыңгырап калды. Трубканы Толкунбек көтөрдү.

– И, мен угуп жатам, Темирсиңби? Эмне болду, тынччылыкпы деги?

– Тынччылык эле. Силерге барайын деп, уктап калыштыбы деп ойлоп, алдынан сүйлөп жатам, – деди Темир, – мен азыр барам, жезде.

– Жок, уктай элекпиз. Эмне жумуш?

– Силерге деген бир нерселер машинада унутулуп калыптыр. Ошону алып келгемин. Азыр барам.

– Сен келбей эле кой, убара болуп. Мен өзүм түшүп алайын. Азыр.

– Эмне дейт? – деди Жайнагүл.

– Машинага бирдеме салган го. Ошол унутулуп калып кайра келиптир.

Жайнагүл эч нерсеге түшүнбөй, ийнин күйшөп койду. Толкунбек өзү түшүп алып келген сумканы стол үстүнө коюп, ичин ачып көрүп, алаканын ушалап күлүп жиберди.

– Түү, азаматтар, өңчөй кул жебестерди салган экен. Мына, конокту күтсө ушундай күтсүн. Эмне кылалы, ыя Жакин? Шараптын түрү бар экен. Турат менен Гүлүнү чакырайын.

– Эми эс алганы жатып, кайсы жериңерге ичип, кайсы жериңерге жейсиңер? Ансыз деле таңга аз калды.

– Антпечи, байбиче! – Аялын кучактады. – Бир түнү уктабай койсок эмне болмок эле. Туратка звандайын, келишсин. Апамдарды да чакыралы.

– Аларды эмнеге чакырат элең. Чакырбай эле кой.

– Макул байбиче, чакырба десең чакырбай эле коёюн аларды. Ал эми Турат менен аялын чакырбасам болбойт го, ыя? Эт жеп, арак ичишпесе да эмнелер келгенин көрүшсүн. Мунун баары жалгыз мен үчүн, же сен үчүн келген жок да. Бул деген жалпыбыздын шыбагабыз.

– Андан көрө аты жакшы, ошондо эле алып барып ичпейсиңерби?

– Мурда звандап көрөйүнчү, – деди Толкунбекке Жайнагүлдүн сөзү майдай жагып. Анткени Жайнагүл ичпегени менен Гүлүш ичет да ичкиликти. Көңүлүндө анда таң атканча олтурат экенбиз деп ойлоп жыргап кетти. Бирок трубканы эч ким көтөрбөй жатып, оо бир оокумда Гүлүш уйкулуу көзү менен алып, корс этти.

– Алло, ай саат үчтө адамдын тынчын алган кандай акмак немесиң. Телефон менен ойнобой азыр коюп кой, – деп ким экенин, эмне үчүн чалып жатканын сурабай туруп эле, трубканы шак илип салды.

– Акмак катын го, – деди Толкунбек номерди кайра бурап. Бирок канчалык асылганы менен экинчи эч ким көтөргөн жок.

Жайнагүл, күйөөсү кара терге түшүп телефон менен алышып жатканда эле жатып алган болучу. Уйкусу качкан Толкунбек «Бышылуу тамактын күйүтү жаман» дегендей, ичкиси келип, кулкуну куурап оолугуп турду. Бир кезде аялынын баш жагына келип, бир демге демин тыңшап туруп, уктаган-уктабаганын ажыратып билалбай деңдароо болуп туруп, кайра басты. Жайнагүл уктаса да, уктабаса да Толкунбек үчүн анын дүмү оңой эмес экен. Мурдагы ичкендери ички дүйнөсүнө тынчтык бербей канчалык тилетип турганы менен даап ичалбай койду. Кайпалактап тынчы кетип жүрүп, кайсы убакта кандай болуп жатып, кантип уктаганын өзү да билбей калды.

Жайнагүл эртең менен шашпай туруп, жуунуп-таранып алып, Толкунбекти ойготуп албайын деген ойдо аярлай басып, эшикти аста ачып, акырын жаап энелерин билейин деп чыкса, эки байбиче эбак туруп, буладай болуп ванна алышып, бууланып олтурушуптур.

– Алтын энекелерим, кутман таңыңар менен! Кандайсыңар, жакшы жатып, жай турдуңарбы? Ден соолугуңар жакшыбы?

– Жакшы алдыңа кетейин. Жыргап уктап, жыргап турдук. Ысык суусу бар экен, экөөбүз тең жуунуп чыктык.

– Мейманкана болсо ушундай болсун. Төрт түлүгү шай экен го, – деди Кына. – Мен адеп, мейманканага жатасыңар дегенде, көңүлүмдө иренжий түштүм эле. – Э, Кудай, үйүнө кондурбай мейманканага жатасыңар деген эмнеси деп. Көрсө, эзилбей ракаттанып, жакшы эс алышсын деген тура, бечаралар. Ракмат сыйына, ыраазы болуп олтурабыз.

– Ооба, ошентишиптир. Мындай сыйды адамдын баары эле жасай бербейт. Зыйнаттын бир туугандары жакшы тура. Бечара келиндин бир жетишпеген кемчилиги жалгыз жашаганы экен. Үсөндү эмне деп жатат? Берээр бекен, – деди Тумар.

– Бала жөнүндө эч нерсе сүйлөшөлекпиз. Бая күнү телефон менен сүйлөшкөндө айткан, келгенде балаңызды ала кетиңиз деп. Бирок Зыйнат алып калам дегенде да Үсөн болбойт го. Ансыз деле качып-бозуп төрт айласын түгөткөн окшойт.

– Деги Зыйнаттын көңүлүн оорутпа, – деди Тумар кызына карап, – ушул сый, ушул аракеттин баары сенин эмгегиң үчүн жасалып жаткан болуш керек, менимче. Алабарман, акылы тайкы аял болсо, мындай болбойт болучу.

Кына сөзгө аралашты.

– Бул келин менен жанакы казак жигиттин ортосунда сөз бар го деп турам. Зыйнатта көңүлү бар ал казактын. Мен ошол Шерхан деген жигиттин жесил экенин уккандан бери эле, жүрөгүм дүпөйүл болуп калды.

– Зыйнатты ага кыйбай жатасызбы? – деди Жайнагүл.

– Жок катыгүн, кыйбай эмне кылайын, балам. Жаш неме эрге тийбей коймок беле. Менин оюм такыр башка. Кокустан Зыйнат казакка тийсе, Үсөн казактын баласы болуп калабы деп куурап жатпаймбы. Санаа күлүк турбайбы, балам. Ойлойт экен киши.

Кынанын сөзүн угуп, Жайнагүл дароо томсоро түштү.

– Анда мен тирүүлөй өлдүм го, ыя апа?

– Ой, койгулачы, ой жок жерден ой, санаа жок жерден санаа тартпай, – деди Тумар. – Күлүк ат, алгыр куш, сулуу аялга кимдин көзү түшүп, кимдер аңкап суусабаган дейсиздер. Менимче, ал жигиттин оюнда Зыйнатка болгон аруу тилек, асыл максаттары болгону менен, келиндин оюнда ага болгон аялдык аруулук да, кумар да, максат да жок. Жаңылбасам Зыйнат Шерханыңарды тек гана жакшы адам, жаркын таланты үчүн сыйлайт болуш керек.

Тумардын сөзүнө Кына да, Жайнагүл да таңдана түштү. «Адам өз жамандыгын өлгөнчө билбейт, киши жамандыгын кирип чыкканча билет» дегендей, деги кудагыймдын адамды биле коюучу кыраакылык жайы күчтүү деп ойлоп, көңүлү тына түштү. Ал эми Жайнагүл болсо түндөгү Шерхан менен Толкунбектин ортосундагы «ит тартышты» ойлоп кетти. Балким, Толкунбек да энеси ойлогон ойду ойлоп, ошон үчүн Мүсүреповду кагажыктатып, Зыйнаттан алыстаткысы келип жаткан жок бекен деген ой көңүлүндө удургуп турду.

Үсөн менен Зыйнаттын айланасындагы ушундай сөзгө алаксып, санаага баткан Жайнагүл да, Кына менен Тумар да убактынын канча болгонун билбей калышты. Алар качан телефондун чырылдаган үнүн укканда гана серпилишти.

– Э Кудай, биз жаткан үйдүн да телефону бар беле? – деди Кына, Жайнагүлдүн трубканы көтөрүп жатканын көрүп. – Мен дагы эшикти бирөө шыңгыратып жаткан экен дептирмин.

– Алло, и жакшы, жакшы. Зыйнатсыңбы? Өзүңөр кандай эс алдыңар? Ооба, турганбыз. Баары сонун, жакшы эс алдык. Тогуз болдубу? Даяр элебиз. Балдар турду беле? Мейли, келебиз дешсе келе беришсин, ала келгиле. Бизди жоктогон жокпу? Номерлерди өткөрбөй эле койгула дейсиңби? Эмне үчүн, бүгүн кеч болсо деле кетип калалы. Жакандыкы чакырып жатат? Качанкыга. Эртеңкиге. Ойбоой, убара болбой эле коюшсунчу. Жок, жок, эртеңкиге ка-

лалбайбыз. Дагы бир келгенде баралы. Бекер бүлүнүшпөсүн бул сапар. Азырбы? Анда эртең мененки чайды Салия апаныкынан ичет турбайбызбы? Мейли.

Булар кийинип, даярданганча эле меймандарды алып кетүүгө келген машиналар биринин артынан бири келип токтошту. Лифтиден жыйырма биринчи кабатка чыккан Асан менен Үсөн, дароо эле Жайнагүл жаткан бөлмөгө атып кирип, мамасын басып калышты.

– Ыя, мама, эң сонун мейманкана экен ээ? – Балдар Жайнагүлдү коё берип, өздөрүн балконду көздөй атышты. – Түү-ү-ү, бийик тура. – Экөө уядан учуучу чабалекейдин балапандарына окшоп балкондон эңкейип, төмөн жакты карап, баштарын саландатып турганын көргөн Жайнагүл, чочуп кетти.

– Тургула бери, антип карабагыла, учасыңар катыгүн.

– Учпайбыз.

– Жок, жок, баскыла бери.

– Папам кайда ыя, мама! – деди Асан.

– Тураттыкына кирди.

– Ыя, мама, үйгө качан кетебиз?

– Билбейм, бүгүн кетсек жакшы болот эле, кетиришпейт го. Эртең кетесиңер деп жатат. Зыйнат апаң жакшы бекен?

– Ооба, жакшы.

– Бизди сагындыңбы?

– Ооба, аябай сагындым. Мама дейм, мен баякыда эмне түш көрдүм эле, билесиңби?

– Жок, билбейм. Эмне түш көрдүң?

– Түшүмдө сени өлүп калды деп ыйлап жаткамын. Ойгонуп кетсем түшүм экен. Анан мен сени чын эле өлүп калган экен деп ойлоп, мамам өлүп калса кантем деп, аябай ыйлаган болучумун. Зыйнат апам, менин ыйлап жатканымды билип жаныма келип, өөп, жалынып: «Түштө өлгөн киши өмүрлүү болот. Мамаң көп жашайт экен. Түшүндө ыйласаң сүйүнөт экенсиң» – деди. Билесиңби, мама, мен

сени күндө эле сагынып, күндө эле ойлой берүүчүмүн. Анан эч кимге айтпай, эч кимге көрүнбөй качып кетким келүүчү.

– Ооба, уктум, качам деп адашып, аз жерден өлүп кала жаздаган турбайсыңбы. Качкан болбойт да, балам. Акылдуу бала да ошентеби?

– Анан үйгө кетейин десем жибербей жатпайбы.

Жайнагүл балдар менен чечилип сүйлөшүп, эки уулун эки ыптасына кучактап, диванда жайма-жай олтурганда эшикти шарт ачып бөлмөгө Толкунбек кирди.

– Оо, мен дагы ким менен сүйлөшүп жатат десем, Асаным менен Үсөнүм келген турбайбы. Силердин кетүү оюңарда барбы. Жүргүлө, апамдар чыгышты.

Жайнагүл балдарын жетелеп ордунан турду.

– Уулдарың менен учурашпайсыңбы?

– Өздөрү учурашпайбы. Мамасы болсо болду да, атанын эмне кереги бар экөөнө.

Бардыгы мейманканадан чыгып, машинанын жанына келип токтошту. Балдар мейманкананы чалкалай карайт.

– Ойи-и-й, канча кабат деги? Биз уктап калбаганда, сиз менен чогуу келип, чогуу конот болчубуз, ээ мама. Мен сени сагындым!

– Эми үйүбүзгө барганда чогуу жатабыз экөөбүз.

– Ура-а-а! Үйгө барганда, мен мамам менен жатам. Мен түндө ойгонсом эле, мамам да, энем да, таэнем да жок. Мени таштап кетип калышкан экен деп коркуп кеттим.

Асан Жайнагүлдү түрткүлөп минтти:

– Билесиңби, мама, мен ойгонсом, Үсөн бакырып, полдо оонап жатыптыр ыйлап. Мамам мени таштап кетип калыптыр деп.

– Сен да ыйладыңбы?

– Мен ыйлаган жокмун. Үсөн айтат, Зыйнат апам мени жакшы көрсө деле, мен аны жаман көрөм деп. Зыйнат апа, жакшы ээ?

– Ии, Зыйнат апаңар жакшы, балам.

– Зыйнат апа мен келбесем деле машина сатып койгон да мага.

– Ики, аны мен сатып келгемин.

– Сенин акчаң бар беле?

– Апам берген.

– Анан эмне үчүн мен сатып койгомун дейсиң?

Булардын жанына келип машинанын эшигин ачып жаткан Зыйнат минтти:

– Мени жамандап жатасыңбы, ыя Үсөн.

– Машинаны мага сиз сатып койгонсуз ээ, Зыйнат апа?

– Чынында Асаныма деп Үсөн саттырып алган. Ал эми акчасын төлөгөн мен.

Кына менен Тумар машинага киришти.

– Асан менен Үсөндүн эле үнү чыгат, эмне деп жатышат булар.

– Бул экөөнүн сөзү бүтпөйт го көпкө.

Зыйнат олтургандарга карады:

– Кана, менин өзүмдүн кишилерим толук олтурдуңарбы?

– Олтурдук! – деди Жайнагүл.

– Кеттик анда. Тигилер да жөнөмөк болушту. – Зыйнат ременди арчынданып, педалды басты. Машина от алаары менен дароо ордунан учту.

Асан Жайнагүлгө карап минтти:

– Ыя, мама, биздин да ушундай машинабыз болсо, жыргал болот эле ээ.

Зыйнат күлүп, Асанга кылчая карады.

– Бул машина кимдики, билесиңби?

– Сиздин машинаңыз.

– Жок, меники эмес, Үсөндүн машинасы. Силер чоңоюп машина айдагандай болгонуңарда, экөөңө берем. Анан мамаңарды салып алып мага конокко келип турасыңар.

Асан менен Үсөн кыйкырып орундарынан тура калышты:

– Ураа! «Вольво» биздин машинабыз болот.

Жайнагүл күлдү.

– Кудая тобо, «Атасынан баласы кыйын чыгат» деген ушул. Бул машинанын атын экөөнү тууган мен билбейм, булар билет ээ, – деди өз балдарына өзү таң кала сүйлөп.

– Азыркы жаштар, илгерки мурдуна бок сыйпаса билбеген, биз эмес. Сезимтал, сергек, кыраакы, тапан өсүп жатышат, – деди Зыйнат.

Машинада олтурган меймандар короого киргенде ойго келбеген шаан-шөкөттү көрүп ооздору ачылып калды. «Бир көрмөккө жан бермек» дегендей, Салия апа баш болгон, Ахан төш болгон үй-бүлө мүчөлөрү меймандарды өзгөчө бир эсте кала турган урмат-сый менен, комуз менен домбуранын коштоосунда эки аялдын өлөң айтышы менен тосуп алышты. Анан дароо эле конок күтүп жаткан үйгө баштап киришти. Босогодон аттаар-аттабастан эле: «Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт» деген макал дароо эле Жайнагүлдүн эсине түшүп кетти. Булардын үйүнүн залы да, Зыйнаттыкына окшоп кенендиги жагынан, өзү көрүп жүргөн көптөгөн башка үйлөрдөн салыштырмалуу айырмаланып турду. Болду-болбоду, бул үй Толкунбек Алматыга келгенден кийин, ошонун проектиси боюнча салынган болуш керек, – деп ойлоду Жайнагүл. Анткени анын чертёждорунан зал менен кухняга айрыкча көңүл буруларын Жайнагүл көп байкай турган. Бир жолу (Анда Ошто чогуу турушчу) конокто болушканда залынын тарынан чакырган меймандарынын көчүгү айланбай калганынан капаттанган үй ээси кыжаалаттана: «Ушул балакеттүү залдын тарынан чогуу бир эле чакырылуучу саналуу кишилерди төрт-беш бөлүп чакырууга туура келет. Мындай зал биздин мусулман баласына ылайык келбөөчү неме экен. Мен Мансуровдун чертёжун өзү чийип, өзү башында туруп курган үйлөрүнүн проектисине ыраазы болом да. Азыр мен ошол Мансуровдун үйлөрүнүн бирине кантип жетип, үйүмдү алмаштырарымдын айласын таппай жүрөм» – деген эле. Жайнагүл азыр ошолорду ойлоп, Салия ападан минтип сурады:

– Бул үйлөр качан салынган үйлөр, ыя Салия апа! Залыңар менен кухняңарга көзүм тойду. Үйлөрдүн бардыгынын залы ушул силердикиндей кенен болду бекен, же...

– Ооба, ушундай баары. Бир көөмүт деген үйлөргө кирсеңиз, андан сонун, кухнясы кенен, балкондору чоң. Көргөн эл айтып жүрүшөт. Мансуров өзүнүн киреринбилип, атайы ушундай салынды болуш керек деп. Өзүң көрдүң го, 40–50 киши бул залга кеңири батат.

Салия апанын дасторконундагы дүйүм тамактын ичинен куруту менен сары майы Жайнагүлгө аябай жакты. Ал сары майды жеринен анчалык жакшы көрүүчү да эмес, жечү да эмес. Бирок «Сары майды жебесе да, ооз тийиш керек» деген салттан улам, кичине четинен илип оозуна салып коё турган адаты бар болучу. Ал эми куруттун тузу өткүр болгондуктан, аны анчалык жактыра берүүчү эмес. Бирок Жайнагүлгө Салия апанын куруту аябай жакты. Тузу да ачуу эмес. Ошонусуна жараша оозго салса эрип май даамданып, тилиңди көмөкөйүңө тартып, ичтейиңди ачкан касиетин билди. Сары майдан даамдап көрүп анын жегиликтүү жана даамдуулугуна тан берди. Жайнагүл сүттүн, ошондой эле сары май менен ак майдын даамдуулугу жагынан Вологданын уйларынын сүтү менен майына эч бир башка жердин уйларынын сүт-майы жетпейт деп «Сельская жизнь» газетасынан окуганын эстеп:

– Салия апа, муна бул сары май кайсы жердин майы? – деп сурады.

– Нарынколдун майы. Курут да ошол жактан келген. Даамдуу бекен?

– Ооба, даамдуу экен.

– Ал жактын чөбүнүн касиети ошончолук жогору болсо керек. Дегеле Нарынколдун сүт-майы эле эмес, малдарынын эти да ушунчалык даамдуу да, жегиликтүү да болот, балам.

Жаңы эле «Казак сорпосунун» алды келе баштаганда, тыштан кирген Турат менен Гүлүштү көрүп, Салия сүйүнүп кетти.

– Ой-бай, чырактарым, келгиле. Толоке кана?

– Ал киши иштери боюнча Усаев менен кетти. «Мага капа болбосун» – деп сизден кечирим сурады.

Кына менен Тумар ачык айтпагандары менен Зыйнаттын кошуна-колоңдоруна, жакшы санаалаштарына, анын өзүнө да ыраазы. Жаман болсо, эл-журтка ушунча алынып, кадыр-сыйга ээ болот беле деген ой эки байбиченин көңүлүндө эки башка жарышат. Ошончолук адамкерчилиги, өткөрүп койгон кадыр-сыйы бар үчүн Салия бекер жеринен үй-бүлөсү менен Зыйнаттын кызматын кылып, казанын кармап, жеңилин жерден, оорун колдон алып олтурбаса керек. Ошон үчүн минтип тамагын жайнатып бизди сыйлап олтурат да. Бечара Зыйнат акылман келин тура. «Төркүнгө да төрөдөй болгон кыз батат» дегендей, төрөлүгү болбосо инилери ошончо жерден машина айдап келеби, – деп байбиченин бири ойлосо, экинчиси: «Бирөөнүн тоогун жесең каз байла, казын жесең тай байла» дегендей, булар биз жакка барып калса, ушулар өңдөнүп, дүр-дүнүйөнү жайнатып коюп, булар кылган сыйды биз кылалар бекенбиз? Ошон үчүн «Коногум үйүңдү ойлой олтур» деген турбайбы деп ойлоп коюп, кайра, «Конок тоспой жүрүштү беле?! Балдарым аман болсо, мындайдын миңин тоспойбу» дегенсип менсине тартып памил чайдан ууртар-ууртамаксан болуп олтурду.

Ушул маалда Зыйнат бир буту кирип, бир буту кирбей жатып эле шаңк этти:

– Э Кудай, дагы эле курсагыңарды тойгуза албай жатасыңарбы. Тышта биз канча болду күткөнүбүз. Программаны билесиңерби, же балким, чети оюлбай калды деп дасторконду таштап кеталбай жатасыңарбы?

– Жок алдыңа кетейин, тойдук. Силерден сөз болбогонунан эле, казактын ыр-күүлөрүн угуп, дымырап олтуруп калган турбайбызбы.

Меймандар дасторконго бата кылып орундарынан турушту. Тышка чыгып машинага олтуруп жатып Кына минтти:

– Эми кайда барабыз?

– Жарыктык, эртең мененки чайдан кийин жер көрмөк эмес белеңер. Унутуп калгансыз го, – деди Зыйнат.

– Унуткан жокмун, балам. Биринчи кайсыл жагынан баштап көрөбүз дегеним го.

– Кайсыл жагынан баштап көрөбүз дегениңизге караганда мурда келгенсиз го Алматыга, ыя аяш эне?

– Жок, балам, биринчи келишим.

– А сизчи, Тумар апа?

– Баягы бир жылы Сады болуп Жалилдин кудасынын кына келип кеткенбиз конокко. Анда Алматы мындай эмес болучу. Азыр таанылгыстай болуп өзгөрүп кеткен тура. Баарынан да мейманканасына тан бердим. Көргөн жандын көз жоосун алып, жандүйнөңдү жашарта турган керемет жай экен да. – Олтургандардын бардыгы машинанын айнегинен көз албай эки жагын кумарлана карай беришет.

– Асма жолду көргөнүңүздөр барбы? – деди Зыйнат. Сиз келген учурда бар беле, ыя Тумар апа?

– Жок болсо керек. Асма жол бар деп уккан эмесмин.

– Биз азыр Көк-Дөбөгө асма жол менен саякат жасайбыз.

– Апа! – деди Үсөн, Зыйнаттын ийнине колун коюп, – мен түшкөмүн ээ асма жолго?

– Ооба, сен түшкөнсүң.

– Баякыда, – деди Үсөн Асанга мактана сүйлөп, – Ахан байке бизди күндө эле бир жакка алып барып ойнотуп келүүчү. Билесиңби, тээтиги Көк-Дөбө деген тоого алып баруучу абага тартылган асма көпүрө деген зым бар. Анан ошол зым менен жүргөн поезддин аты эмне эле, ыя апа?

– Вагонетка!

– И, ошол вагонеткага олтуруп алып кете бересиң зуулдап, кете бересиң. Мен ошондо алды жагымды карасам, жер эң эле ыраак көрүнүп, башым айланып кетти. Зым үзүлүп кетсе кантем деп, коркконумдан көзүмдү жуумп жибердим.

– Коркунучтуу болот го ээ? – деди кызыга сураган Асан.

– Жок, анчалык коркунучтуу деле эмес. Кичине эле, аз-аз эсим чыгып кетти, – деди эрдемсинген Үсөн.

Машинанын айнегинен тышты карап келаткан Үсөн бир маалда ордунан обдула берип кыйкырып жиберди.

– Мына-а-а келдик. Асма жолго ушул жерден түшөбүз, ээ апа! Белетти Асан экөөбүз алалыбы?

Машинадан түшүп жатып Зыйнат минтти:

– Ыя Үсөн, киши көп турбайбы. Алгандан мурда кезекке туруш керек го дейм. Туристтер толуп кетиптир. Кезекке турушту билесиңерби деги?

– Билебиз.

– Билсеңер барып кезек алгыла, – деди Зыйнат...

Көк-Дөбөгө келгенде Эмир менен Темир, балдарга каруселге белет алып, өздөрү көлөкөлүү көк шиберге дасторкон жайып, ала келген азык-түлүктөрүн жайнатып жибериштти. Кымыздар куюлуп, казы-карталар кесилди.

– Ушул ырахат, ушул ынтымагыбыз кут болуп, балдар өмүрлүү, ата менен энеге кайрымдуу, калкка кадырлуу жигиттерден болушсун дешип жакшы тилектерди ыроологон сөздөр айтылып ууртап-татып олтурган меймандарга карап Эмир минтти:

– Сиздер шашпай олтуруп ичип-жеп, анан ары-бери басып Көк-Дөбөнүн шаан-шөкөтүн көрүп дем алыңыздар. Мындан кийинки сапар Медео, андан кийин шаар көрүү. Биз эжеке уруксат болсо Темир экөөбүз кете берели. Тигил жакта өңкөй келиндер калышты. Аларга жардамдашпасак болбойт. Турат силер менен болот. Азыр саат бир болуп калды. Түшкү тамакты Медеодон ичесиздер. Бардыгы өзүңүз ойлогондой болоруна ишенип коюңуз, эжеке. Меймандардын бир-эки күнү жатпай кетебиз деп шашып жаткандары эле жаман болуп турат. Болбосо максаттар көп эле да.

– Көрөбүз аны, – деди Темир. – Кетебиз десе эле кетип калмак беле.

– Мындан артык кандай сый болмок эле. Не деген кооз ажайып жайларды көрсөтүп саякаттатып жатасыздар. Бөдөнөнүн сүтү, улардын этинен башка дүйүм тамак-ашты алдыбызга төгүп салдыңыздар. Эмне деген береке, эмне деген дөөлөт. Жээрге курсак гана жок, – деди Турат.

– Бирок ачык айтып коюш керек, бүгүн кеталбайсыздар. Биз сиздерди үйдө саат төрттө күтөбүз, – деди Эмир.

Эмир менен Темир кеткенден кийин көп олтурбай, калгандар бата кылып орундарынан туруп, Медеону көздөй жол тартышты...

* * *

Баякы бүгүндөн калбай кетебиз деп дүрүлдөп жаткан чолпон-аталыктар кетпей калышты. Чыныгы той, чыныгы тамаша, чыныгы сый ушул экинчи кечте кайра башталды. Меймандар кечте казак искусствосу менен маданият кызматкерлеринин алдыңкы өкүлдөрү менен таанышты. Алар, сүрөтчүлөр союзунун калк сүрөтчүсү Бакбергенов, Абай атындагы филармониянын директору Туркменов, улуттук кийимдерди тигүүчү «Ак жол» өнөрканасынын мастери, Социалисттик эмгек эри Байкенже кызы, Композиторлор союзунун директору Кудайбергенов менен Жакан Усаев баш болгон дөө-шаадай адамдар эле. Бирок канчалык ырдын артынан ырлар, күүнүн артынан күүлөр, өлөңдүн артынан өлөңдөр суудай акканы менен, көлдөн келген меймандардын көңүлүн көксөтүп, ойлорунан кетпей эңсетип турган өксүк Шерхан Мүсүреповдун жоктугу болду. Бул олтурган казактардын ичинен Шерхандай сөзмөр, Шерхандай адамга жугумдуу, ырдаса ыры менен үнү төп келген адамды таппай коңултактап олтурушуп убактыны өткөрүштү...

Ошентип «Той да болоор, тойдун эртеси да болоор» дегендей, Жайнагүлдөрдүн сапары арып, жолго чыгуучу мезгилдери да келип жетти. «Казакстан» мейманканасында

жаткан эстен кеткис ракаттуу эки түн менен эки күн эки саатча көрүнбөй өтүп кетти. Меймандар конок үйү менен коштошуп келери менен дароо аларды залга баштап кириштн. Дасторкон үстүнө, «түндөгү ичкен-жегенибиз ичибизден бөксөрө элек» дешип бир-эки пиаладан чай ичкенден кийин Зыйнат менен келээр-кетер сөздөрдү сүйлөшүп олтуруп калышты.

Ушул маалда Үсөн өзү жаткан бөлмөсүнө кирип, күн мурун Зыйнаттын өздүк библиотекасынан алып даярдап койгон бир топ дүйнөлүк классиктердин альбомдорун, анан дагы окшоп-окшобогон өзү тарткан чанжыр-манжыр сүрөттөрүнө кошуп Зыйнаттын бир чоң альбомун кошо көтөрүп залга кирип, Жайнагүлдүн жанына токтоду.

– Мама, буларды кайда коём?

– Ал эмне?

– Сүрөт китептер, альбомдор. Мен алып кетем.

Жайнагүл Үсөндүн көтөрүп турган китептерин колуна алып, бирден ачып көрүп элее түштү.

– Ой, бала, булар апаңа керектүү альбомдор го. Ушунун баарын аласыңбы, ыя?

Үсөн Зыйнатка карады.

– Апа, булар сизге керекпи?

– Ал эмне экен? Кана, көрөйүнчү.

– Ушулардын баары «сеники» дебединиз беле?

Зыйнат күлдү.

– Эгерде сен кетпей, менин жанымда калсаң, баары сеники болот болучу. Сен мени таштап кетип жатпайсыңбы.

– Анан мен үйүмө кетпей эле сиздикинде кечке жүрө берейинби? Өзүмдүн мамамды сагынсам деле кетирбейт экенсиз эмне. – Өзүнөн өзү ыйлап жиберди. Альбомуңузду бербей эле коюңуз, албайм. Сиз менин апам эмес экенсиз. Эсенова туубас деп жатпайбы.

Жайнагүл селт этти.

– Эй, аны сага ким айтты, ыя?

– Балдар айткан.

– Оңбойсуңар го. Жашабай жатып айткан сөздөрүн. Сени Зыйнат эле тууган. Канча жолу айтам, окууга кетип жатканда мен алып калгамын деп. – Үсөндүн жашын сүртүп бетинен өптү. – Мына ушундайбыз да. Андай сөздү кайсы балдар айтып жүрөт, ыя Асан?

– Бакир менен Сыргак айтты.

– Балдардын сөзүнө ишенбегиле. Айта берет алар. Уктуңарбы?

– Ооба, – деди Асан.

– Экинчи Үсөн жөнүндө ушак айткан балдар болсо, мага айткыла, макулбу? Акесин беш жерден таанытып коём. Баламды кууратышат го, булар сөзгө сөлтүк, кепке кемтик кылып.

Жайнагүлдүн капаланганын көрүп, Зыйнаттын оозуна сөз кирбей калды, аны аяп.

– Жайнагүл Казиевна! – деди оо бир оокумдан кийин. – Ага кабатыр болуп, каныңызды бузбаңызчы. «Жамандык жерге жатпайт» деген ушул. Эл-журтка дайын болуп билинип калган ишти токтотууга мүмкүн болбойт тура. Мейли, айла жок, айта беришсин. Баары бир Үсөн мени эмес сиздики. Бая күнү: «Үйүмө кетем» – деп качып жоголчуда бир аябай өкүндүм дейсиз, аны мен өзүм гана билем. «Санаа саргайтат, кайгы картайтат» деген сөз бекер айтылган эмес тура. Бир бороондук кудуретим жок экен деги. Ошол бир эле түндө өң-түсүмдөн ажырап, арыктай түштүм. «Баякы мындан жети жыл мурда тоңуп өлдү» деп түңүлгөн бойдон түңүлүп калсам жакшы болмок экен, жок жерден жинди болуп кете жаздадым. Ошондо Кудайга зар ыйлап туруп: «Эгерде Үсөнүм кырсыгы жок, өлбөй тирүү табылса, эне-баланы эки жерде сыздатып, убалыңарга калып, жүрөгүңөрдү күйгүзбөскө ант берген болучумун Кудайга. Дагы айтам, бала сиздики, Жайнагүл Казиевна. Сизге Асан менен Үсөндүн айырмасы болбогон сыяктуу, мага да эки уулуңуз менен Жанаттын эч айырмасы жок. Сизге туура келсе балдарды кезек-кезек жиберип турарсыз.

– Жарайт, Зыйнат, сен айтпасаң деле жиберип туруу менин милдетим. Башкасы колумдан келбесе да, бул иш колумдан келээр. Айтып коёюн, Үсөндү сенден түбөлүк ажыратууга менин адамдык абийирим жол бербес. Тигил экөөнү кара, – деди ал Асан менен Үсөндү көрсөтүп, – кучакташып турганын. Бирисиз биринин күнү жок бул экөөнүн. Асан адегенде Үсөн жок, жетим балага окшоп жалдырап эле олтуруп калды. Сөөгүмдү ушул бала сыздатты. Делдейип өзүнчө эле бир кызык бала болуп калбаспы. Үсөндү айтса эле ыйлап жибере турган адат таап алды. Тамак ичсе ичет, ичпесе жок болуп кетти. Мурдакыдай балдар менен ойнобой да калды. Уйкудан көзү ачылбай ымтырап жатканы көбөйүп баратканынан Үсөндү сагынып, куса болуп кеттиби деп коркуп жүрдүм. Буларды акырындык менен көндүрбөсө, дароо эле бөлүп салганда болбойт окшойт. Сен да менин абалымды туура түшүн, Зыйнат. «Өгүз да өлбөсүн, араба да сынбасын» дегендей, эки тарапка тең оорчулук келбегендей аракет кылалы. Мынча болбосо болот эле, болгондон кийин акырына чыгышыбыз керек. Өз балаңды Кудай өзүңө таанытып жаткандан кийин, өзүңө буюрсун. Өзүң тарбиялап, өзүң армансыз бол.

– Ырахмат сизге.

– Сен экөөбүз өзүбүзчө сүйлөшсөк дедим эле.

– Өзүбүзчө дейсизби? Жашыруунбу?

– Жашыруун деле эмес. Бирок ошентсе да.

– Жакшылыкпы деги?

– Жакшылык эле, чочулай турган эч нерсе жок.

– Кайда баралы? Балконго чыгалы анда.

Экөө ээрчише басып балконго чыгышты.

Жайнагүл сөздү эмнеден баштаарын билбей, өз оюнан өзү сүрдөнүп, Зыйнатты тик багып карай албай, тайсалдап туруп, бир оокумда минтип сурады:

– Алиги Мүсүрепов деген кандай жигит?

Балкондон, короого Асан менен Үсөн үйдөн жарыша чуркап чыгып селкинчекке асылганын көңүлдүү карап тур-

ган Зыйнат Жайнагүлдүн сөзүн угуп, аны жалт карап алып минтти:

–Кандайын сурайсыз? Казактын топ жарган таланттуу жигиттеринин бири.

–Алиги «Сен жөнүндө поэма» деген чыгармасы мага аябай жакты. Ушунчалык эргүү менен эң сонун жазылыптыр. Чыныңды айтчы, бул сага арналган чыгармасы эмеспи, ыя Зыйнат?

–Сиз ошондой ойлойсузбу? – Күлдү. – Менимче, Шерхандын жүрөгү али жыйырма бештеги жигит курагындагы алоосу өчө элек болуш керек. «Акындардын жүрөгү картайбайт» – деп бекеринен айтылбаса керек. Казактын мага окшогон кыз-келиндери аз дейсизби? Мисалы, мен өзүм, мага арналган деп ойлой албайм.

–Ошондой болсо да, ал сени сүйөт болуш керек. Мен байкап олтурдум. Сени караган сайын, көздөрү жайнап, каректеринен от бүркүп, алоо болуп кетет экен.

–Деги мындай таланттуу адамдардын сүйүүсү көп кырдуу, миң сырдуу болсо керек деп ойлоймун. Анын үстүнө бойго жеткен сулуу кыз менен эри жок бой аялга кол сунган эркектер көп болот окшобойбу. «Жүрөгү бардын, үмүтү бар» – деп бекеринен айтылбаса керек.

–Калп айткан менен болобу, менин жеке көз карашымда, мындай болсо да, тигиндей болсо да деги Мүсүреповдун сага үйлөнсөм деген тилеги болуш керек.

–Балким, ошондойдур, Жайнагүл Казиевна. Анын мага көптөн бери көз салып жүргөнүн билем. Бирок «бирөөнүн кулагын кессе, бирөөгө кийиз кескенчелик көрүнбөйт» дегендей, анын жүрөгү канчалык мен деп ырдап, мен деп сүйлөп турганы менен, менин жүрөгүм унчукпай жатпайбы. Дегеле айлам кеткенинен, менин Мүсүреповго айткан бир сөзүм бар. Кокустан эртедир-кечдир ошол сөз сизге жетип калса эсиңизде болсун: «Билбеген адам уу ичет» дегендей, чын эле ошондой экен деп ойлоп, Толкунбек экөөбүздү күнөөлөп жүрбөңүз.

Жайнагүл Зыйнатка таңдана карады.

– Ал эмне болгон сөз эле, айтчы угайын?

– Албы, ал: «Толкунбек менен ажырашкан эмесмин. Эрим бар, эрлүү катынмын» деген сөз. Жанга күч келгенде, адам баласы ар кандай айла-амалдарды ойлоп таап коргонот экен. Менин бул амалым сизге жакпасын билип турам. Ажырашкан эрин бетине маска кылып, калп айткан мендей бейбак кайда бар дейсиз, – деди уялыңкы. Ушул жерде Жайнагүлдүн эсине түшкөн бир окуя, баякы Толкунбек экөө ажырашып жүргөндө, Зыйнаттын айткан азыркы сөзүндөй сөздү өзү да айтып: «Менин жолдошум бар» – деп, артынан түшкөн жигиттерди качырып жан далбас кылган мезгили эсине түшүп кетти.

Жайнагүл көңүлүндө: «Кудая тобо, ушундай да окшоштук болот экен да. Мен эле калп айткан экенмин десем, башкалар деле ошентет турбайбы. Көрсө, насилибиз бир экен да» – деп ойлоду. Анан Зыйнатка күлө карап минтти:

– Андай окуя менин башымдан да өткөн Зыйнат. Түшүнөм, күнөө эмес. Менин бир оюм бар, кабыл алсаң айтам. Зыйнат күлдү.

– Билдим, мени Мүсүреповго турмушка чык деп айткаңы турасыз го дейм.

Жок, тапкан жоксуң, такыр андай эмес. Анда табышмагыңыздын жандырмагын табалбайт экенмин.

Жайнагүл тобокелге салып, жаңы эле оозун камдап, «Үйүр алышкан жоо атышаарга жакшы» дегендей, ортодо бала болгондон кийин, Үсөн үчүн менин өзүмө эле кайрадан синди болуп бербейсиңби?» – деп айткысы келип турган кезде, тыштан кирип келаткан Гүлбаранын үнүн угуп, ою чачылып кетти.

– Эжеке, сиздин меймандарыңызды узатышабыз деген тели- теңтуштарыңыздын баары келди. Чайды коюп, дароо эле тамакты чыгаргыла деп жатышат. Эмне кылалы?

– Эмир менен Темир кайда?

– Этти көргөнү ашканага кетишти.

– Деги жанакы Толкунбек деген дөбөт жокпу?

Жайнагүлдүн көзүнчө, кайын эжесинин айткан жагымсыз сөзүн угуп, Гүлбара уялып кетти. Ал эми Жайнагүл болсо өңү өчүп, укkан кулагына ишенбей, ичи уйгу-туйгу боло түштү. Гүлбара чыгып баратып Зыйнатка минтти:

– Ыя эжеке, Толкунбек жездени неге жаман көрүп жатасыз? Ал киши ансыз деле бул жерде жок.

Келинининн сөзүн угуп Зыйнат селт этти.

– Ий өлөйүн, Эмилди айтам деп Толкунбек дегенмин го. Ушундай дөөпөрөсмүн мен. Качан болсо эле Толкунбек деген атты оозума бирөө жамап койгонсуп бутташтыра берем.

Жайнагүл жазыла түштү. Зыйнатка эми түшүндү.

– Эчтеке эмес. Билем, болот экен ошондой. Толкунбек деле Жайнагүл дейм деп Зыйнат деп айтып, экөөбүздүн атыбызды бутташтырып алмаштыра берет кээде. Бирок мен аны күнөө деп көңүлүмө албаймын, садага Гүлбара.

– Деги ошондой эле болсун. Эжемдин сөзүн угуп, чочуп кеттим.

Азыркы келгендердин ичинде Шерхан менен Жакан жок болучу. «Мурунку конок, кийинки конокту сүйбөйт» дегендей, Кына менен Тумар ойлорунда, буларды анчалык этибарга албай, Шерханды жоктоп олтурушту. Зыйнат киргенде Тумар минтип сурады:

– Э ботом, берки досторуңар жок го булардын ичинде.

– Жакан менен Галия сиздерди чек арадан узатабыз деп, тамак-ашын ошол жакка алып кетип жатышат экен.

– А, алиги Шерхан деген жигит да ошолор менен кетиптирби? Ал досуңар түндө да келген жок го.

– Жок, апа, ал киши алар менен кеткен жок го. Шерхан Мүсүрепович мурда күнү келбедиби. Түндөгү конокко чакырган эмеспиз.

– Аа, чакырган эмеспиз де. Мындай тойдун көркүн, ошондой оозунда сөзү бар, көмөкөйүндө көөнөрбөгөн үнү бар таланттуу адамдар чыгарат да.

– Ал кишини кечээ чакырсак да келмек эмес. Анткени ушул жерде бирөө: «Бул үйгө экинчи аяк баспа» – деп коколоп жаткан жеринен араң ажыратышкан имиш, – деди Зыйнат.

– Оме-о-й тотой, ал эмнеси экен! – деген бойдон байбиченин жаагы жап болду. Кайталап ким экен деп сураган да жок. «Ит күлүгүн түлкү сүйбөйт, ичи ооруган күлкү сүйбөйт» дегендей, Шерхандын кимге жакпай калганын Кына менен Тумар адеп келгенде эле байкаган...

... Тамак ичилип бүтүп, батага келгенде сүрөтчүлөр союзунун төрагасы Илья Урманаев минтти:

– Зыйнат Эсеновна, кайда алиги: «Өзүмдүн мамама кетем» – деп жоголуп кетип жоболоңду баштаган тентек уулуңуз. Чакырыңыз бата тилесин. Казак менен кыргыздын шарты бар го, ким күнөөлүү болсо ошол бата сурай турган.

Тыштан кийген кийимдери да окшош, өздөрү да окшош Асан менен Үсөн киргенде, олтургандардын бардыгы түйшөлө түшүштү, Илья ордунан тура калып, экөөнү бир демге көңүл бура жадырай тиктеп туруп минтти:

– Уулдарыңыз эгиз гой, Зыйнат Эсеновна, Үсөнү кимиси болуп кетти?

– Менмин! – деди Үсөн боюн түзөп.

Урманаев Асан менен Үсөндү алмай-термей карап туруп күлүп жиберди:

– Ооба, ооба, эми тааныдым. – Балдарды жанына чакырып беттеринен өптү. Анан экөөнүн колуна эки тутам акча карматты. – Ырым болсун, момпосуй алып жегиле.

– Ырахмат, – деди экөө жарыша сүйлөп.

Аманжол ордунан турду.

– Кана, балдар, бата тилегенди билесиңерби?

– Билебиз.

– Билсеңер бата кылгыла.

– Омийин! – Асан менен Үсөн колдорун көтөрүп алакан жайды:

Тургун ата үнүн бийик чыгарып минтти: «Үсөн айланайын үйүрүң менен аман бол. «Эки энеге телинген тел карабоз тайдай» бала экенсиң. Кечээ Шерхан сага: «Абайдын башындай баш, Жамбулдун жашындай жаш берсин» – деп бата берсе, мен казак менен кыргыздын арбагы колдоп, зоболоң зоодой, ырысың тоодой болсун деп тилек кылам, карагым. Амийин!

Олтургандар дүңгүрөп кетти. «Айтканыңыз келсин» – дешти. Бардыгы тышка чыгышты. Узатууга келген Аманжол менен Ильянын машинасы, Зыйнаттын кыл калемдештери менен башка жакшы санаалаштары түшкөн машиналар от алып, Зыйнаттардын чыгышын күтүп калышты. Ушул маалда ар жактан Толкунбектин Волгасы келип токтоду. Машинадан түшүп жанына келген уулун көрүп, Кына капа болгондой минтти:

– Э ботом, «Тойдон кийин тоңуруп, аштан кийин ачырып» дегендей кайда жүрөсүң деги? – деди.

– Энем кызык, кайда жүрмөк элем, иш менен жүрөм. Тигил жакта Жакан менен Галия күтүп жатышат. Даярсыңарбы?

– Даярбыз, – деди Жайнагүл. Анан Жанатка карап минтти: – Энең менен таэнеңе айт, эчтеке унут калбасын. Жолго чыккандан кийин эстеп, убара кылбасын.

– Ыя, Салия апа, сиз барбайм дединиз ээ!

– Бул жерден эле коштошоюн, балам. Ахан аялы менен баратпайбы, чырагым.

Эмир менен Темирдин көтөрүп чыгып келаткан сумкаларын көрүп Толкунбек минтти:

– Силер да кетип жатасыңарбы?

– Жок, жезде, биз кайда кетмек элек. Сиздерди узатпайбызбы.

– Анан бул бүйүнчөк-түйүнчөк, сумка-сумка болгон жүктөр кимдердики?

– Силердики болбойбу.

– Келгенде да жүк, кеткенде да жүк. Кыргыз менен казак жөн келип, жөн кетпейт экен го.

Зыйнат инилерине карады:

– Эмир сен өз кишилериңди салып алып өзүңчө кете бер. Мен өз меймандарымды өзүм алайын. – Зыйнат машинанын алдыңкы эшигин ачып, Жайнагүлгө карады. – Олтуруңуз. – Ушул убакта ар жактан Эмил көрүндү. Рулга олтуруп баратып, Зыйнат кайра чыкты. – Эмил байкем келген тура, сүйлөшүңүзчү. Кечээ кызып алып, эч кимге ээ бербей, машинасын айдап алып кеткен бойдон жок эле. Э кокуй, машинасы жок эле жөө келген го. – Капааттанып бир туугандарын көздөй басты

– Биз кайда олтурабыз, ыя мама! – деди Үсөн Жайнагүлгө. – Мен сиздин жаныңызга олтургум келип жатат.

– Мен Зыйнат апам менен олтурам, – деди Асан.

– Ошент. Асаным ушундай акылдуу бала да. Зыйнат апаңарды таарынтууга эч киминдердин акыңар жок. Экөөңө мен кандай мама болсом, Зыйнат да силерге ошондой апа. – Жайнагүл жанында мостоюп турган Үсөндү бетинен өөп минтти: – Каралдым, антип Зыйнат апаңдан качпа. Зыйнат апаң жакшы да. «Мындан ары, Асан экөөбүз окуудан тараганда келип турабыз, апа. Бизди сагынбай туруңуз» деш керек. Карачы, Асан экөөңө эң сонун машина сатып бериптир. Анан дагы жакшы көйнөк, жакшы костюм, эң сонун куртка алып койгон тура. Андан да бүтүндөй окуу куралдары, портфель. Буга эмне деш керек?

– Ракмат деш керек.

– Туура, ракмат апа деш керек.

– Сиз Зыйнат апаны жакшы көрөсүзбү?

Жайнагүл күлдү.

– Ооба, жакшы көрөм. Силер да жакшы көргүлө. Баргыла эми, артына таэнеңер менен чоң энеңердин жанына олтургула. Бул жерге мени менен да, Зыйнат менен да олтура албайсыңар.

Темир менен сүйлөшүп турган Зыйнат машинанын жанына келгенде, Асан менен Үсөн жарыша сүйлөп минтишти:

– Апа, биз сизди жакшы көрөбүз.

– О-о-й, ракмат алтындарым, – деди эки баланы алмай-термей өөп. – Мен силерди сагынам го, – деди экөөнү бириктире кучактай калып. – А силер мени сагынасыңарбы? Ай сагынбайсыңар го.

– Сагынабыз, апа, – деди экөө жарыша сүйлөп. Анан Жайнагүлгө жалт карашып сурашты. – Дагы эмне деп айт дединиз эле, ыя мама?

Жайнагүл күлдү.

– Мындан ары окуудан тараганда келип турабыз. Бизди сагынбай, жакшы туруңуз дебейсиңерби?

Балдар бирин бири жымыңдаша карап алып минтишти:

– Апа, келип турабыз, сиз да бизди сагынбаңыз!

– Жок, мен сагынам го силерди. Деги келсеңер да, келбесеңер да дениңер сак, аман-эсен болсоңор экен. – Зыйнаттын көзүнө жаш айлана түштү. – Тагдыр деген татаал нерсе экен го, чиркин. Мындай бактылуу күндүн келээрин ким ойлоптур. Баламды көрүү эмес, сиз менен беттешүү үч уктаса түшкө кирбеген иш эле да, Жайнагүл Казиевна!

– Туура, мен да ойлогон эмесмин, – деди Жайнагүл өздөрүн көздөй келаткан энелерин алаксый карап.

Салия баш болгон кошуналары коштогон Кына менен Тумар машинанын жанына келип токтошту.

– Болуптур, жакшы барыңыздар, жакшы адам экенсиздер. Алматыга бат-бат келип туруңуздар! – Салия Үсөндү өөп минтти: – Карагым, апаңды жалгыз таштап кетип баратасың, кайра кел унутпай.

– Келем! – деди Үсөн бирөө үйрөткөнсүп, дароо жооп берип.

– Ошент. Унутпа апаңды. Тумар минтти:

– «Бир көргөн билиш, эки көргөн тааныш» – дейт эмеспи. Эми сиздер келиңиздер бизге. Көрүшкөнчө аман болушалы. Өзүңүз да аркы-беркини билген жакшы адам экенсиз. Зыйнатты жалгызсыртпаңыз.

– Зыйнаттан кам санабаңыздар. Бир кызды күтүп албай эмне болуптурбуз. Жакшы барыңыздар, таарынбай кеткиле бизге.

– Ырахмат, ыраазыбыз. Өзүңүздөр да жакшы калыңыздар.

Машинанын эшиги жабылды.

– Анда кеттик, – деди, ичи оттой жанып каргылданган Зыйнат педалды басып. Машина ордунан козголору менен аткан октой зуу коюп көздү ачып-жумганча болбой, көчөлөр көчүп, үйлөр биринин артынан бири көзгө илешпеген ылдамдык менен артта калып жатты. Алды жактан көз албай мелтирей тиктеп, ойго батып келаткан Зыйнат, бир кезде катарында олтурган күнүлөшүнө жүзүн буруп: – Жайнагул Казиевна, – деди оор дем алып, – кубанычтан толкундап, жүрөгүм алеп-желеп болуп жатып үйдөн да айтайын деген сөзүмдү айталбадым. Азыр да апкаруудан оозума сөз келбей баратам. Өткөндөгү махабат деген аты жок, азабы менен тозогу аралаш өзөктү жарган өрттөн чыккан өкүнүчтүү өксүктөрдү азыр мен жаңыртып айткым да, эстегим да келбейт. Ал жөнүндө сизден мурда эле кечирим сураган болучумун. Бирок ошондой болсо да дагы бир жолу, Жайнагүл Казиевна сизден, аяш эне сизден, Тумар апа сизден кечирим суроо менен бирге баарыңыздарга өз ыраазычылыгымды билдирип коюуну ылайык таптым. Сиздин Үсөнгө берген энелик мээримиңиз үчүн, ак сүт, адал эмгегиңиз үчүн башым жерге жатканча өзүмдү милдеттүүмүн деп эсептеймин. «Букарда пулу бардын көңүлү ток» дегендей, жалгыз эле Үсөн менен эмес, Асан менен сиз, анан мына бул артыбызда олтурган Умай энедей болгон байбичелер менен жакындан таанышкандыгым үчүн өзүмдү бактылуумун деп ойлоймун. Сиз Үсөн менен кандай жакын, кандай бактылуу болсоңуз, Үсөн да сиз менен ошондой бактылуу экенин билип турам. Баякы, биз Үсөндү алып Алматыга кеткенден кийинки абалыңызды Турат менен Гүлүдөн угуп, кандай капа болуп өкүнгөнүмдү өзүм гана билем. Мен ошондо гана бала туун, бала өстүргөн эненин

жүрөгү менен, бала төрөп, бала өстүрбөгөн эненин ортосундагы айырма асман менен жердей экенин ойлоп жүрөгүм сыздап, Үсөндү бекер алып кеткен экенмин деп бир өкүндүм. Көрсө, ошол мезгилде мага акыл айтып, туура кеңеш бере турган көздөй киши болгон эмес турбайбы. Бирок ошол мезгилде менин колумдан андан башка эч нерсе келмек эмес. Анткени өлгөнүм тирилип, өчкөн отумдун күтүлбөгөн жерден тутанганына, бирде ишенсем, бирде ишенбей, өзүмдү жоготуп турган мезгилим экен эми ойлосом. Эне менен баланын ортосундагы ажырагыс жакындыкты, бири-бирине чырмалышкан теңдеши жок мээримдин күчүн Үсөн экөөңүздөн кийин түшүндүм.

Бул баланын ниети агарып, жүрөгү жарылып бала болуп бербесин, Үсөн өз колума тийгенден кийин көрсөттү мага. Көрсө, эне менен баланын ортосундагы Кудай берген бакыт да, рахат да биринен бири бөлүнбөй чогуу жашоосунда болуучу неме турбайбы. Ошон үчүн кан жолдо, дөөтү ичинде баратып аяш энем менен Тумар апамдын алдында, сизге айтаар сөзүм, берер убадам бирөө гана. Ал болсо Үсөн сиздин балаңыз болгон бойдон кала берсин. Баламдан ажырап калат экенмин деп көңүлүңүздү бузуп, жүрөгүңүздү эч оорутпаңыз. А мен болсом, Үсөндү менин балам деп талашууга да, айтууга да акысы жок бир алсыз бечара адам экенимди Кудайдан жашырбаган, сиздерден жашырмак белем. Бир өтүнүчүм, мага туура түшүнсөңүздөр болду, Жайнагүл Казиевна.

Машинада олтургандар бирин бири карап, түйшөлө түшүштү. Зыйнаттын сөзүн угуп Кына менен Тумардын жүрөгү сызылып, боор ооруу сезимдери ички дүйнөсүн чагылгандай аралап томсоро түшүштү. А Жайнагүл болсо Зыйнаттын бети ылдый аккан жашы алдына тып-тып таамп жатканын көрүп, тынчсызданып минтти:

– Кой, сен антип эмитеден Үсөндөн үмүтүңдү үзүп «Мага бала болуп бербейт экен» – деп кабатыр болбой эле кой. Өзүң айткандай, мен Үсөнгө элик сүтүн бербей, эне сүтүн

берип, «Алты аркар жылдыз батканча алты айланып эмизип, жети аркар жылдыз батканча жети айланып эмизип» дегендей эле, аны өз балам Асандан жакын да, жакшы да көрүп өстүрдүм. Сыягы, энеге баланын өзгөчө бир жакыны болобу, же мага жөн гана ошондой сезилдиби, билбейм. Эмне үчүндүр, кандай ачуум келип, какус-кукус кылып коюучу мезгил туура келип турса да, Үсөнгө эч бир катуу айтып, жазалагым келбей, анын ордуна Асанды тилдеп, Асанды күнөөлөгөнгө кандай өтүп кеткенимди өзүм да билбей калуучумун. Бука Кудай, арбак эле эмес, бүтүндөй элжурт күбө. Менин ошол эмгегимди баалаганыңа сага мен дагы ыраазымын. Сен Үсөнгө таарынба. Анткени өзүң күбө болгондой, ал сенин эне экениңди жакшы түшүнүп, билбей жатпайбы. «Адам болуу аста-аста» дегендей акыры баарын билип, ишене турган болбодубу. Ага чейин сен экөөбүз тең шашпайлы, Зыйнат. Эрден да ажыроо, баладан да ажыроо сен үчүн оор болоорун түшүнүп турам мен. Телефон аркылуу кабарлашып, сүйлөшүп туралы. Балдарды жиберип турам буюрса. Ал үчүн Толкунбекти жалдайбыз да.

Зыйнат кулагынан үрккөн адамга окшоп, Жайнагүлдү суроолуу карап минтти:

–Толкунбектиби?

–Ооба, Толкунбекти.

–Жок, Жайнагүл Казиевна, ал алып келбей эле койсунчу балдарды.

–Эмне үчүн антесиң? Толкунбектен башка бизде ишенимдүү киши жок да.

–Болбойт, болбойт. Сиз менен келсе жөнү бир башка. Ажырашкан адам менен келиш-кетиш кылгым келбейт. Балдар каникулга чыкканда мен өзүм барып эле алып келип турам.

Кына сөзгө аралашты.

–Э ботом, балдарды жеткирип койсо күнөө болмок беле.

–Күнөө болсо да, болбосо да, болбойт аяш эне. Толкунбекти Жайнагүл Казиевнасыз кабыл алалбаймын. Көргөн

киши эмне дейт, укkан киши эмне дейт? Баласын шылтоолоп, кайра имерип алыптыр дебейби. Ансыз да топурагым жеңил жаным бар.

– Айткан эл айта берсин, деген эл дей берсин. Биз дебесек болду да. Ортодо бала болгондон кийин, байланыш болбой коюучу беле. Антпе, балам.

Тумар башын ийкеди.

– Кудагый туура айтат. Үсөн турганда, Жакин баш болуп бириңден бириң баш булгай албай чырмалышып калдыңар го. Дегеле ынтымагыңар түбөлүктүү болсо экен.

Жайнагүл эрдин тиштеди, башын чайкап.

– «Бир бармагымды тиштесем бир бармагым ооруйт» дегендей эле кеп болуп турат азыр. Ойлоп олтурсам бир эсептен Зыйнаттыкы да туура. «Колдо бар алтындын баркы жок» дегендей, республика эмес, өз таланты менен аты ааламга, даңкы далайга кеткен кыргыздын сендей кызынын тагдыры менен башкалар ойносо да мен ойногум келбейт. Болуптур, Зыйнат. Үсөн жөнүндө, Толкунбек жөнүндө өзүң кандай ойлоп, кандай чечсең ошондой болсун анда.

– «Баланын бары да балээ, жогу да балээ» дегендей, азыр мен Үсөн үчүн сиздердин алдыңыздарда бир алсыз, бечара адаммын. Суранаарым менин ниетиме туура түшүнсөңүздөр болду.

– Түшүнөбүз, – деп жибериштн олтургандар сүйлөшүп алгансып бир ооздон.

Алар ушунтип келатышып чек арага кандай жеткендерин да билбей калышты. Постко жеткенде, Күндүн нуру төгүлгөн ачык асмандын алдында ширеңкенин кутусундай болгон Финский үйдөн анчалык алыс эмес жерде, жапан талдын көлөкөсүнө ыктай жайылып, керимсел желге делбирттеп турган ак чатырды көрүп, Зыйнат бирдеме дегенче болбой, Жайнагүл минтип сурады:

– Тетигил агарган эмне, үйбү же чатырбы? Биз келатканда мындай неме жок болучу.

– Күндун нурун калкалап, көлөкө кылган тура чатыр тартып. Бул Жакан Усаевичтин, кадимки кол чатырга окшогон, өзү жайылып, өзү жыйыла турган көчмө көлөкөлөгүчү.

– Тобо, ошондой да көлөкөлөгүч чатыр болот экен ээ. Адам баласынын ойлоп таппаганы жок, – деп ойлоду Тумар менен Кына.

Зыйнат түтүндү көрүп, анын айланасында жүргөн адамдардын кыймылынан улам, Жакан, Толкунбек досунун эң жакшы көргөн шишкебегин жасап жатканын дароо билди. Анан Жакандын уулдарын таанып, булардын келгенин айтышкан жок эле, Каркырадан качан келишти экен деп ойлоп койду. Алар экөө бирдей музыкага шыктуу балдар болучу. Бири домбурада ойноп, бири өлөң айтуу менен меймандарды шаңдуу тосуп алышты. Машиналар биринин артынан бири келип токтоду.

Зыйнат байбичелерди түшүрүп, Жайнагүл менен чогуу басып Абай менен Жабайдын беттеринен өөп, Галияга карап минтти:

– Балдардын келгенин айткан жок элеңер го. Качан келишти?

– Түндө келишиптир. Биз барсак үйдө экен. Эртең кайра кетишет.

– Аяш атамдар кандай турушуптур, дендери сак бекен?

– И, жакшы дейт. Бул жакка кетип жаткан коңшусунун машинасын көрүп, «Атты көрүп аягы талыган» сыяктуу, бекер бараткан машина менен барып келгиле деп бир багылаң козу салып жиберишиптир. Бир филяга кымызы да бар.

– Жакшы болгон тура.

– Сенин өзүңдүн пейилиңе жараша сонун болбодубу. Ырас, меймандардын Каркырадан келген насипке шыбагалаш болуп калгандарына Жакан экөөбүз тең аябай кубанып калдык.

– Бул менин пейилим эмес, сиздердин ниетиңиздердин түздүгүнөн го. Ракмат Галия. Жакан экөөңүздөргө эмне деп алкыш айтаарымды да билбей калдым, – деди Зыйнат. Анан Галия экөө ар жакта энелери менен ээрчише басып келаткан Жайнагүлдүн алдынан утурлай басышты.

– Куш келипсиздер! – деди Галия ийилип таазим этип. – Анда эмесе, биздин эшиги жок, төрү жок, айланасы ачык, уук-керегесиз, чамгарагы жабык үйүбүзгө өтүңүздөр.

Меймандар, үстү додо жер-жемиш, тамак-ашка толгон дасторконду көргөндө ооздору ачылып калды. Анткени талаа жеринде мынчалык шаан-шөкөт менен тосот экен деп эч ким ойлогон эмес болучу. Ушул маалда сырттан Жакандын үнү угулду.

– Ой-бай Галияжан, Зыйнат экөөң бизге деле көңүл буруп, киргиле деп койсоңуздар не болот. Толокем таарынып жатат.

Толкунбек Жайнагүл менен Гүлүштүн «түзгө» басып кеткенинен пайдаланып ошенттиби, же атайын эле Зыйнат менен бир ооз сүйлөшө албай кетип баратканынан улам чыдабай кеттиби, колун кыса кармап улутуна минтти:

– Зыйнат алтыным, Үсөндүн тирүү болуп, экөөңөрдүн табышканыңардан бери кубанычым койнума батпай жүрөм. Балабыздын бар экенин мурда билгенде эмне, өкүнүчсүз кубаныч болбойт деген ушундай болот турбайбы. Эсиңде болсун, мен ар дайым сендикмин.

Жүрөгү түрсүлдөй түшкөн Зыйнат Толкунбекти томсоро карады.

– Кубанычыма ортоктош болгонуңа ракмат. Бирок эскертип коёюн, «сендикмин» деп мага күйбөй эле кой. (Ушул маалда Жайнагүл менен Гүлүштүн кандай келип, кайсыл жагынан энелеринин үстүнө кирип кеткенин экөө тең байкабай калышты.) «Эки тоонун отун самаган кийик ачка өлүптүр» дегендей, билип турам сенин оюңду. Андай эч качан болбойт. Мени ойлобой, Жайнагүл Казиевнанын көңүлүн калтырбай күтүп алышың керек.

Экөөбүздүн тырапатабыз эчак бүткөн, Толкунбек. Болду коё бер колумду.

– Антип үзүл-кезил сүйлөп катуу кетпечи. Жакин түшүнөт да. Мен сени эч кимге бербейм. Ал эмес Мүсүреповдун үйүнө барып сүйлөшүп келдим.

Зыйнат чочуп кетти.

– Эмне? Мүсүреповдун үйүнө барып келдим дейсиңби? Кызыксың го, эмнеге бардың?

– Сен жөнүндө барбайымбы.

– Мен жөнүндө эмнеге барасың? Уят эмеспи?

– Чынымды айтсам сенин Мүсүреповго турмушка чыгышыңды каалабайм.

– Сенин каалаган, каалабаганыңдын мага кереги эмне. «Көп ичкендин көөнү, аз ичкендин пейили билет» дегендей Шерханга чыгамбы, башкага чыгамбы, ал өз ишим. Менин турмушума кийлигише турган сенин кенедей да акың жок. Сен экөөбүздүн соодабыз эчак бүткөн. Кой, Толкунбек, дайны жок жүрөгүмдү бузба. Мурдакы, бирге жашап тургандагы канымды сүлүктөй соргонуң да жетишет. Уктуңбу?

– Менин сөзүмдү өзүң да угуп кой, «Кулагыңа алтын сырга» Зыйнат. Эрге тийсең Үсөндү балам болот экен деп ойлобо. Мен өз баламды өзгөнүн өгөй баласы кылгым келбейт.

Толкунбектин ушул сөзүн укканда Зыйнаттын жүрөгү болк дей түштү. Анан минтти:

– Чын-чынына келгенде Үсөндө менин да, сенин да акың жок. Ал Жайнагүлдүн баласы. Үсөндүн тагдыры жалгыз ошол энесинин колунда.

– Эрге тийсем Үсөндү албайм дечи.

– Эрге тийбесем да албайм.

– Кап, – деди Толкунбек. – Ушунтип айтсам эле Толкунбек ишенип калат деп турасыңбы.

– Ишенсең, койсоң өзүң бил.

– Мен бат эле кайра келем. Калган сөздү ошондо сүйлөшөлү.

– Келбей эле кой.

– Эмне үчүн келбей эле коёт экенмин. Сагынган жоксуңбу мени?

– Жок, сагынган жокмун.

– Сен сагынбасаң, мен сагындым. Сени сүйөрүмдү мурда билбептирмин да.

– Күлкүнү келтирбечи.

Булардын сөзү ушул жерге келгенде Жакан Толкунбек менен Зыйнаттын жанына келип токтоду.

– Эмнегеле экөөңдүн сөзүң бүтпөй калган. Сиздерди дасторкон да, эл да күтүп калды. Шишкебекти калтырбай жеп коймок болдук.

– Шишкебек жегенден мүйүзү чыкса, Толкунбектики чыгат эле го эмдигиче. Бир жолу жебей калса эч нерсе болбойт, – деди Зыйнат.

Толкунбектин айткан сөздөрү көңүлүнөн кетпей, жүрөгүн таштай өйүп, өзүнөн өзү жазгактап, Жайнагүлдүн алдында Зыйнат өзүн күнөөлүү сезип турду.

– Жогору өтүңүз, эжеке, – деди Эмир.

– Жогору өтүңүз, Зыйнат Эсеновна, – деди Аманжол.

– Уулдарыңдын жанына кел, – Жайнагүл Жанатты тартып, – апаңа орун бер, кызым, – деди Зыйнаттын кабатыр кабагын көрүп, эч нерсе укпаган, эч нерсе билбеген адамдан бетер.

Зыйнат олтургандардын арты менен өтүп, Асан менен Үсөндүн жанына келип олтуруп калды. А Жайнагүл болсо Толкунбекти карап олтуруп минтип ойлоду. «Атаңдын көрү, «Эрге ишенгенче эки босогоңо ишен» – деп ушун үчүн айтышат турбайбы. Карасаң муну, «Бир жаңылдым, экинчи жаңылуу болбойт» – деп коюп, көз көрүнөө жасап олтурган жоругун. Зыйнат кокус ыбаа карап койсо, кайра кирип алгысы бар го. Мунун өзүнөн мурда, Үсөнгө карап, Зыйнат жөнүндө менин ойлогон оюмду билбейт ээ бул. Өлүп

бараткансып жанталашып кетпей, ага сыр билгизбей, мага да сыр билгизбей туруп турса болмок. Акылы жок акмак, Зыйнаттан мурда мага айтып, мени менен сүйлөшүп кеңешпейби. Андан дагы Шерханды коркутуп, тамга такап турганын эстеди.

Толкунбек менен Зыйнаттын кириши менен дароо шишкебек берилип, кайрадан кымыз куюлду. А Толкунбек болсо, Эмир менен Темирдин жездесин сыйлап, олтурган орундарынан тура калышып, тикесинен тик туруп калганына карабай шишкебекти кире бериште турган калыбында бурдуга сугунуп, булчуңдай чайнап жатты. Жайнагүл чыдабай кетти:

– Ыя, Толкунбек, сен жогору өтпөйсүңбү, балдар туруп калды, сени күтүп.

– Эчтеке болбойт туруп турушса, – деди камаарабаган жигит.

Баятадан бери өзүнөн өзү Толкунбек үчүн кыжаалат болуп олтурган Кына, кетүүнү шылтоолоп минтти:

– Э ботом балам, кетели эртерээк. «Жолоочунун жолдогусу жакшы, жолдо болбосо үйдөгүсү жакшы» дегендей, дасторконго олтурбай, балдарды тикесинен тургузуп коюп, сороюп туруп тамак жеген эмнең? Жанатан бери элди күттүргөнүң аз келгенсип, эми...

– Силер күткөндөй мен эч жакка кетпей эле ушул жерде турбадымбы, Зыйнат менен сүйлөшүп. Ай «мамушке», ашык сөздүн кереги эмне. Шашпаңыз, кетебиз азыр. «Мени сиз» – деп кайра сөз баштап келатканда Жайнагүл Толкунбекти киртийе карап алып, башын болоор-болбос чайкап, тамагын кырып койду. Бул анын «Болду, унчукпа. Көпчүлүктүн алдында энең менен эмнеге айтышып жатасың» деген сөзү жок белги болучу. Аялына түшүнгөн Толкунбек, дароо унчукпай калды...

...«Кел демек бар, кет демек жок» дегендей, ичип-жеп, ойлорунча ойноп-күлүп, ырдап жыргап шатыра-шатман болуп олтурушуп дасторконго бата кылуучу мезгил да ке-

лип жетти. Жакан менен Галияга Кына менен Тумар баш болуп, кайра-кайра баталарын беришип, кайра-кайра түгөнбөгөн ракматын айтышып, бардыгы машинага келишти. Зыйнат Жайнагүлгө карады.

– Мынча болду. Бишкекке чейин узатып койбойбузбу!

– Жок, ракмат Зыйнат, ушул жерден эле коштошолу. Эки- үч күндөн бери силер да чарчадыңар, эс алгыла, – деди Жайнагүл.

Зыйнат Асан менен Үсөндү, Жанатты алмай-термей өөп, алмай-термей жыттай берип, акырында ыйлап жиберди.

– Келип тургула, жарайбы? Телефон чалып тургула, макулбу? Мени унутпайсыңбы, ыя Үсөн?

– Унутпайм, апа дебейсиңби, – деди Жайнагүл.

– Унутпайм, апаке, – деп көздөрүн балбылдаткан Үсөн Зыйнатты кучактап, бетинен өпкүлөп жиберди. – Мен сизди жакшы көрүп калдым, апа. Ыйлабаңыз, мен келем.

– Мен дагы сизди жакшы көрүп калдым, апа! – деди Асан Үсөндүн айтканын айтып, талаша кучактап.

– Болуптур, Зыйнат, ыйлаба айланайын, жакшы тур. Эч нерсе ойлобо. Үсөнүңдөн кам санаба, балам. Жакин аман турганда балаң багылуу да. Жалгыз эле Үсөн эмес, Асан да сеники болуп жатпайбы. Тобо де кагылайын, – деди Кына Зыйнаттын бетинен өөп.

– Ооба, сен да Кудай жакшы көргөн бала экенсиң сөөлөттүү. Минтип башыңа баш кошулуп, балалуу болуп олтурасың. Кубанычың кут болсун, кызым. Азырынча Үсөн, убактылуу Жакиндин колунда болгону менен түбөлүгү сенин балаң. Кызымды мактагандык эмес, өзүң байкап түшүнүп жаткандырсың. Жайнагүл телегейди тең санаган теңиз, боорукер, калыс, кечиримдүү, өтө көтөрүмдүү кең пейил бала.

– Ооба, апа, туура айтасыз, жакшыны жакшы деш керек. Жайнагүл Казиевна, сиз койгон баадан да жогору адам экен. Ички дүйнөсү кенен, түшүнүгү күчтүү тура. Мен сиз-

ге ыраазымын, апа, акылдуу адам турбайсызбы. Ушундай жакшы кызды төрөп, өстүргөн бактылуу адам экенсиз.

– Рахмат, кызым. Өзүңө окшогон жакшы бир туугандарың бар экен. Баарынан да сени сыйлап, көзүңдүн агы менен тең айланып тургандары жакты мага. «Төркүнгө да төрөдөй болгон кыз батат» дегендей, бир туугандарыңа, эли-журтуңа кадырың чоң экен. Сен үчүн бул сыймык да, дөөлөт да. Аман бол кагылайын, башыңдан бак кетпесин. – Тумар Зыйнатты кучактап бетинен өптү.

Турат менен Гүлүш Зыйнаттын жанына басып келип, колун кармап минтти:

– Азамат экенсиң, Зыйнат, кол койдум сага. Кабарлашып турабыз. Жөнөйлү биз дагы.

– Таарынбай кеткиле. Кудагыйга салам айткыла.

– Эмнеге таарынабыз, андай сөздү айтпа. Конокко келбей эле, кудага келгендей болуп курсанттык менен кетип баратабыз. Мындан артык да сый, мындан артык да ракат болобу. Эмир менен Темирге да, өзүңө да рахмат. Жакшы калгыла.

Жайнагүл машинага олтуруп жатып, Толкунбекке минтти:

– Зыйнат менен коштошпойсуңбу?

– Силер коштоштуңар болду да.

– Ошондой дечи. Тобо, кызык эле адамсың да. Түшүнбөйм сага.

Кабинаны жаңы эле ачып олтурууга кам уруп баратканан Толкунбек токтой калды.

– Болуптур, коштош десең коштошуп коёюн. – Дароо Зыйнатты көздөй басты. –Биз кеттик Зыйнат, жакшы кал.

– Жакшы баргыла! Ак жолуңар ачылсын, – деди машинанын ичинде олтургандарга карап колун көтөрүп, кулүндөй караган Зыйнат. Жигит көңүлсүз, үнсүз кабинага кирип олтурар-олтурбастан эле мотор күрүлдөй баштады.

– Ой-бай, ушунтип бат эле кетип каласыңарбы? – деди Галия, Жайнагүлдөр олтурган машинаны көздөй ылдамдай басып: – Жакшы барыңыздар!

Машинанын эшиги тарс жабылды.

– Кеттик, жакшы калгыла, – Жайнагүл колун көтөрүп кайталап коштошту. Ал эми Асан менен Үсөн, Жанат үчөө машинанын айнегинен колдорун булгалап: «Апа-а-а, кош!» – дешип, жарыша сүйлөп, кыйкырып жатышты. Машина ордунан козголоору менен бат эле чек арадан алыстап барып, бир заматта көрүнбөй калды.

* * *

Кеткен машиналардын артынан карааны үзүлгөнчө карап турган узатуучулар Галия менен Жакандын өтүнүчү боюнча дасторконго кайра кирип олтурушту. Алар тээ бир оокумга чейин ичип-жеп, ырдап-чордоп олтурушуп тарашты.

Зыйнат үйүнө бирде толуп, бирде бөксөрүп, кубаныч менен өкүнүчтүн ортосунда толкундап келди. Үй ичин көрүп алаксый түштү. Анткени келиндери Зыйнаттар келгенче үй ичин иретке салып, бардыгын айдай кылып жуун-тазалап татынакай кылып жыйыштырып койгон болучу. Зыйнат Үсөндөн санаасы бир жаңсыл болуп тынып турду. Анын оюн онго бөлгөн бир санаа Толкунбек болду. – Кудая тобо, – деп ойлоду Зыйнат диванда эс алып жатып, – Мүсүреповдукуна чыны менен эле барды болду бекен, же балким, тим эле мени кантер экен деп чычалаттыбы? «Мен сенин эрге тийишиңди каалабайм. Үсөндү бөтөн кишинин өгөй баласы кылгым келбейт» деген Толкунбектин сөздөрү кайра-кайра эсине түшүп туруп алды. Бирок Зыйнат, Толкунбектин ич тарлыктан ичине ит өлүп жаткан мындай күнүчүлдүгүн көңүлүндө «өбөргө жок элем, тебээрге болдум» деген ушул экен го деп ойлоп, Толкунбекти али жаман көрбөсүн мойнуна алып турду. «Эр менен эттен көңүл калбайт» дегендей, мен анын сөзүн угуп жүрөгүм күйүп калды. Анын оюнда Жайнагүл менен да, мени менен да чогуу, улуу катын, кичүү катын кылып жашагысы бар экен.

Бирок андай күн бизде экинчи эч качан болбойт да. Деги ал менин, Жайнагүл менен анын балдары үчүн, Толкунбектин өзүнүн үй-бүлөсүнө болгон оту өчпөгөн сүйүүсү үчүн өз махабатымды курмандыкка чалгандыгымды түшүнөт болду бекен?! Ал кезде мен, бул Умай энедей болгон мээрман аялды түшүнбөй, жөнөкөй эле катардагы көп аялдын бири катары эсептеп, анын кандай адам экенин билбей жүргөн кезим эмес беле. Үсөн жөнүндөгү жашыруун сырды айтпаган бойдон айтпай коюшса, мен кайдан билет элем. Бейиши болгон аяш атам менен аяш энем, Жайнагүл баштап бардыгы Кудайдан корккон жакшы адамдар турбайбы. Ошондуктан жүрөктөгү али толук өчүп бүтөлек өрттү кайра тутантпай ошол бойдон калтырып, тынч жашашым керек, – деп ойлоп шыпты телмире тиктеп жатты.

– Эже, сизди сурап жатат, –деди аркы бөлмөдөн телефонду көтөрүп кирген Гүлбара, – жана да сураган.

– Ким экен?

– Мында келген бая күнкү жазуучу киши го.

– Мени жок деп койсоң го.

– Эми кантип жок деп айтам, бар деп койбодумбу.

Зыйнат ордунан туруп, трубканы алды.

– Алло! А, саламатсызбы, Шерхан Мүсүрепович. Дурус, жаман эмес. Ооба, кетишти. Азырыраак эле келдик. – Зыйнат билмексен болуп сурады. – Сиз неге барган жоксуз? Жакан сизге айттым деп жатпады беле. Эмне дейсиз, Толкунбек сиздин үйгө барыптырбы? Жок, жок, эч нерсе айткан жок мага ал. Кызык го. «Менин аялыма тийишпегин» дейби? Ооба, ошондой сөз болуп жатат (Зыйнат атайын эле калп айтты). Бала бар да. Ойлонуп көрөйүн дедим. Аялын айтып жатасызбы? Сизге жаккан экен да. Ооба, жакшыны жакшы деш керек, керемет аял сиз айткандай. Туура баа бериптирсиз. – Зыйнат Шерхан менен сүйлөшүп жатып каткырып жиберди. – Кызыксыз го, Шерхан Мүсүрепович. «Мен кантем?» дегениңиз кандай сөз болуп кетти? Аша чаап кеттиңиз. Мен өңдөнгөн аялдар казак менен кыр-

гызда толуп жатпайбы. Анын үстүнө сизге окшогон эр жигиттин сүйүүсү бир эле аял менен чектелбейт да. Менин өз башымдан өткөнүн сурап жатасызбы? Ооба, өткөн. Чын сырымды айтсам, Толкунбекти сүйүп, күйүп, өлүп-тирилип, аркасынан өзүм сая түшүп чуркап жүрүп тийгенмин. Бул менин өз керт башым үчүн сүйүү болгону менен башкалар үчүн трагедия болгон. Сиздин аркаңызданбы? Жок, андай болбойт. Сиздин аркаңыздан мен чуркабаганым менен башкалар чуркаарын билип турам. Менин түшүнүгүм боюнча сиз өзүңүз да чоң махабаттуу жигитсиз. Жок. Жок, андай болбойт. Менин махабат базарына түшүүчү курагым өтүп кетти да, Шерхан Мүсүрепович. Эмне жаңылыктарыңыз бар? Курортко? Кайсы курортко? Ысык-Көлгө барат турбайсызбы? Юбилейиңиз эмне болуп жатат? А сентябрдабы? Ага чейин эс алып келейин деп жаткан экенсиз да? Мен өзүмбү? Мени да инилерим биз менен барып эс алып келиңиз деп жатышат. Өзүңүз качан кетесиз көлгө? А анда узатат турбайбызбы? Сөзсүз...

Зыйнат Шерхандын 50 жылдык мааракеси сентябрдын орто ченинде боло тургандыгы жөнүндө Казакстан өкмөтү тарабынан атайын токтом кабыл алынгандыгын угуп эс ала түштү. Анткени юбилярдын бою менен бой кылып, бүтүндөй турпатын полотного май боёктор менен түшүрүп жаткан сүрөтү толук бүтөлек кези болучу. Зыйнат телефонду ордуна коюп эле өзүнүн жумушчу бөлмөсүнө кирип, Шерхандын толук бүтөлек сүрөтүн сын көз менен карап турду. Аласала көзүнө сүрөт эмес эле Шерхандын өзү, Зыйнатты жадырай карап: «Мен сени кандай сүйүп, кандай жакшы көрөрүмдү качан түшүнөсүң?» дегендей суроо салып турган сыяктуу, жапан куштун көзүндөй болгон өткүр көзү шилисине чыга түштү. Зыйнат Шерхандын сүрөтүн тиктей берип ичинен минтип ойлоду: «Мен бул чыгармамдын бүтөлек, дагы көп жумушу бар экен деп ойлоп жүрсөм, негизинен, даяр болуп калган турбайбы. Өзүм да, өзүм эле эмес оюм да Ал-

маты менен Чолпон-Атанын ортосунда Үсөн деп чапкылап жүрүп, бул чыгарманын тагдыры таптаза эсимен чыгып, ал эмес дагы канча жумушу бар экенин билбей калган турбайымбы деп ойлоду. Зыйнат бул сүрөттү өзү эмес, башка адамдын эмгеги катары бөтөн көз менен көрүп, бөтөн бирөөнүн жүрөгү менен сезип, сынай тиктеп туруп эмгегинин текке кетпей, ийгиликтүү аяктап калганына тан берип кубанычы койнуна батпай толкундап турду.

Казак элинин бул көрүнүктүү таланты ташкын жазуучусунун портретин полотного түшүрүү жөнүндөгү ой, Зыйнатка өзүнүн сатык көргөзмөсүнөн кийин пайда болгон болучу. Бирок ал ой иш жүзүнө келгенде эмне үчүндүр портрет эмес эле, башкача стилде чечилип калганын өзү да билбей калды. «Бирөөнүн тоогун жесең каз байла, казын жесең тай байла» дегендей, адабият майданында болобу, көркөм сүрөт искусствосунда болобу, турмуштук бир чындыгы түрткү болмоюн жакшы чыгарманын жаралбасы белгилүү эмеспи. Болбосо, буга чейин Мүсүреповду тартуу Зыйнаттын оюнда жок иш болучу. Буга жашоо турмуш, өзү алып барып такап койгондой эле иш болуп калды. Анткени баякы чыгармачыл таланттуу адамдарга ар тараптан жардам көрсөтүп, өөдө чыксаң өбөк, ылдый түшсөң жөлөк болуп туруучу союз таркап, өөдө тартсаң өгүз өлүп, ылдый тартсаң араба сынып, алаканы жукарып турган Зыйнат «Сатык көргөзмө» ачып, өз чыгармасынын барк-баасын көпчүлүк көөрмандардын таразасына койгон биринчи ачылышында топ жарган ушул эле Мүсүрепов болуп чыга келбеди беле. Ал ашкан сөз тапкыч чечендиги менен көркөм сүрөт искусствосуна жогору баа берип, көөрмандардын бүйүрүн кызытып, ички сезимин козгоп жандүйнөсүнө рахат тартуулаган жакшынакай жагымдуу сөздөрдү айтып келип, өзү биринчи болуп «Жарылган жүрөк» пейзажын марттык менен сатып алып, Зыйнатка ак жол каалаган эмес беле. Ошондон кийин Зыйнат чыны менен Мүсүреповдун адамкерчилигине адамкерчилик менен жооп берүүнү

алдына максат кылып, көңүлүнүн тереңине түйүп койгон болучу. Анан эле күндөрдүн биринде Кудай жалгап Шерхандын 50 жылдык мааракеси болоорун угуп, Зыйнаттын асмандан тилегени жерден табылган сыяктуу болду да калды. Бирок бир өкүнүчтүү жери ошол «Сатык көргөзмөдөн» көп өтпөй мурда, баякы Москвага барганда, биринчи таанышканда түшкөн махабаты курчуп, түн уйкудан, күн тынымдан кеткен Шерхан «Чыгашага ээси баш» дегендей, ойдон от чыгып, аңкөөдөк сезимге жетеленип, атайы эле өтүмдүү болуп баатыр бармакка өзүн курчутуп, эчак таштап койгон ичкилигин кайра ичип алып, Зыйнаттын көзүнө бир көрүндү да, эсине кайра тез келди. Чындыгында Шерхан аял чана турган жигитпи? – деп ойлоп, Зыйнат өз колунан жаралган, анча-мынча бүтөлек жумушу калган сүрөттү карап ойго батып, өз мүнөзүнө өзү таң калып, өз махабаты менен өзгө аялдардын махабатын салыштырып турду. Кээ бирөөлөр бүгүн бирөөнү сүйсө, эртеси башкасын сүйүп деле жүрбөйбү. Зыйнаттын эсине өзүнүн эң жакын көргөн бир курдашы түшүп кетти. Күйөөсү Шарше ченде жок акылдуу жигит эле. Анда өң десе өң, бой десе бой, акыл десе акыл, билим десе билими бар чоң кадырбарктуу адам болучу. Шайын болсо, «Кара кыздын агынан эмес багынан» деген аялдардын бири эле. Кыргыздын: «Атанын даңкы менен кыз өтөт» деген макалы булардын турмушун күбөлөндүрүп тургандай сезилчү. Шаршенин бир арманы аялынын төрөбөстүгү болучу. Анткени менен Шайындын түбөлүк эмне үчүн туубас болуп калган себебин күйөөсү билүүчү эмес. Кыз кезинде кырсыкка учураганын өзү да айтпады. Ошондой болсо да өтө ичи тар кызганчаак аял болучу. Ал өзүнүн мындай кемчилигин сүйүү деп билүүчү. Мен сенсиз бир күнү да жашай албайм. Кокустан сени менен ажырашуу тагдыры башыма келип калса, ошол эле күнү күйүткө чыдабай ажалдан мурда эле өлүп кетемин го дечү. Сөздөн сөз чыгып олтуруп, Шарше минтти, балким, менден башка эрге тийсең, мындан бактылуу жа-

шаарсың, ким билет дегенде Шайын чок басып алгандай секирген. Койчу: «адамдын оозунда болсо, Алланын кулагында болот» – дейт. Сенден өлүп ажырасам да, тирүү ажырасам да экинчи эрге тийүү деген менде болбойт. Сени сүйгөнчөлүк сүйүү, дүйнөгө экинчи жолу жаралып калып эле пайда болбосо, бул жаралышымда андай эч болбойт. Жүрөгүмдүн тилине түшүнүп, үнүн уккан адам болсо айтаар эле деген сыяктуу сөздөрдү ал көп айтуучу. А Шарше болсо аялынын айткандарын угуп олтуруп ишенимге көңүлү толуп туруучу.

Адам болгондон кийин, жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт да. Ушундай күндөрдүн биринде Шарше жаздым басып алды. Өзүнүн секретарынын боюна болуп калды. Аялы менен ажырашуу ниетине келбеди. Аны биринчиден: «Менсиз жашай албайт» – деп аяды. Анын үстүнө Шайындын: «Сенден боюна болуп калган келин-кесек болсо эч кимге билгизбей багып алаар элем» деген сөзү эсинен кетпей койду. Тигил келиндин ай-күнүнө жетип калган күндөрдүн биринде: «Өзү төрөбөгөндөн кийин, төрөтүп багып алар. Өзү деле айтып жүрбөдү беле. Макул болоор» деген ниетте, күйөөсү Шайынга чын сырын айтып койсо болобу.

Бирок окуя Шарше ойлогондой болбой калды. Макул болуп, сөзгө келет деп ишенген аялы дароо эле чалкасынан кетти. Жер- жеберине жетип, айылды асманга, көчөнү көккө сапырып, үйүн үстүнө көтөрдү. Ал муну менен эле тынчып калган жок. Шаршенин иштеген жерине чейин барып секретарынын айласын алты кетирип, арадай жерге чарадай жаңжал салып, келинди жулмалап жаткан жеринен Шарше араң ажыратты. Аларга Шайындын акыркы сөзү бул болду:

– Эгерде мени менен жашайм десең, секретаршаңды кызматтан бүгүндөн калбай бошотосуң. Бул бир де. Ал эми бул жүзү каранын ичиндеги арамдан бүткөн баласы, бала эмес Манас болуп кетсе да үйүм эмес, короомо жакын жо-

лотпойм, бул эки де. Болбосо, ушунчасында көзүмө көрүнтпөй, энеси экөөнү бул чөлкөмдөн жоготуп, кызматтан бошотосуң, бул үч де. Бул үч шартты толук аткарганда гана: мени менен жашаарыңды көңүлүңө түйүп, оң кулагың менен да, сол кулагың менен да угуп кой, – дейт.

Аялынын сөзүн укkан жигит минтиптир:

– Мен сенин мынчалык кечиримсиз керооздугуңду, кесип алар адал жериң жок, ичиң толгон заар экенин билген эмес экенмин. Кош, жакшы кал. Үй да, дүнүйө да, мал да баары сеники, – кийимин алып, машинасын минип чыгып кетет. Секретаршасына үйлөнүп, уулдуу болуп, бактылуу жашап калат Шарше.

Ал эми баякы сенден өлүп ажырасам да, тирүү ажырасам да экинчи эрге тийбейм деп, өзүнөн өзү эле жасакерленип туруучу Шайын, Шаршеден ажырашкандан кийин ай айланып, жыл тегеренбей бирөөгө тийип, аны менен алты ай жашап-жашабай ажырашып, үчүнчү күйөөгө тийген Шайын күндөрдүн биринде күйөөсү менен Зыйнаттыкына келип сүйлөшүп олтуруп, жолдошу минтип сураптыр:

– Зыйнат Эсеновна, сиз айтыңызчы чыныңызды, Шайын айтат, мурдакы күйөөлөрүмдүн бирин да сени сүйгөнчөлүк бир жолу да сүйгөн эмесмин. Махабат деген бак базары эмне экенин сени менен баш кошкондон кийин билдим дейт. Ал эми Шарше Бековичке сүйүү эле эмес, жүрөгү жылыбай он беш жылдык өмүрүн текке өткөрүп жибериптир. Сиз муну кандай дейсиз, чыныңызды айтыңызчы, Шайындын ушул сөзүнө ишенүүгө болобу?

Зыйнат укkан кулагына ишенер-ишенбесин билбей, өз ичинен кыжалат болуп минтип ойлонот:

– Тобо, биз аялдар ушундай өң көрдү, жүз тайды экенбиз да. Кечээ жакында эле: «Шаршени сүйгөнчөлүк, меникиндей сүйүү, меникиндей махабат башка аялдарда да өз күйөөлөрүнө болот болду бекен?» – деп, жасакерлүү, жароокер мүнөзү менен Шарше Бековичтин алдында мышык болуп мыёолоп, бөгүп туруучу бул аял жөнүндө эмне деп

жооп айтаарын билбей кыжалат болуп турган мезгилин эстеп турду. – Анан өзүнө өзү суроо берет. – А мен эмне үчүн Шайынга окшоп сүйүүмдү өзгөртө албай, бир эркекти бир кезде сүйгөн бойдон жалындап күйүп жүрүп чала тутанып өчкөн чычаладай болуп кала бердим. Азыр мага эркектердин жакшысы да, жаманы да бир баада болгонсуп, супсунум сууп, көңүлүм көктөбөй, көөдөнүм аңгырап бош калган челектей болду да калды. Болбосо Шерхан Мүсүрепов эмне, сүйбөй турган жигитпи? Ага жетпей ашыктыктын азабын тартып, тийсек деп тие албай, жүрсөк деп жүралбай, артынан жүгүрүп жүргөн кыз-келин канча? – Ушундай түркүн ойлордун түрмөгүн чубап түгөталбай жаткан Зыйнат Эмирдин дабышынан көзүн көңүлсүз ачты.

– Уктап жаттыңыз беле, эжеке? Мен байкабай эле, кечирип коюңуз.

– Жок, жок, киреғой, уктаган жокмун. – Башын көтөрдү.

Эмир эжесинин кабагын көрүп, Үсөн жөнүндө ойлоп, санааркап жаткан экен деген ойдо: «Ай, байкуш эжекем ай» – деп жиберди ичинен.

– Биз сиз менен сүйлөшөлүк дедик эле.

– Олтур! – Жанынан орун көрсөттү. – Эмне жөнүндө?

– Залга кирип чогуу сүйлөшпөйсүзбү. Тамак да даяр болуп калыптыр...

Дасторкон үстүндө инилери Зыйнатка минтти:

– Эжеке, сиз эмне кыласыз? Оюңузду угалык дедик эле? Алматыда эле кала бересизби, же өз эл, өз жерге конуш котороюн деген оюңуз барбы?

– Чыгармачыл адам үчүн Бишкек менен Алматынын айырмасы деле жок го дейм.

– Сизди жалгыз, эмне болуп жатат болду экен деп, санаабыз тынбайт экен, эжеке. Болбосо өзүңүз айткандай айырмасы деле жок деңизчи.

– Жалгыз деле эмесмин, алты-жети жылдан бери бул жакта эшек такалап жүрдү дейсиңерби мени. Жолдош-

жоро, тели-теңтуш, Жакан менен Галияга окшогон бир туугандай болгон адамдарды таптым. Салия окшогон апа, Тургун окшогон аталуу болдум. Ал эми Аханды болсо өзүңөр көрдүңөр го, бир туугандай болуп калды.

– Жок, эжеке, кеп анда эмес. «Атадан алтоо болсо, ар жалгыздык башта бар» дегендей, үйү башканын түйшүгү башка болот тура. Мурда жездем бар деп билүүчү эмес экенбиз. Азыр чынында санаабыз тынбай калды. Өзүңүз билиңиз. «Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт» дегендей, бизге акыл үйрөтпөсөңүз, бизден акыл үйрөнбөйсүз. Анда биз менен чогуу барып, саякаттап эс алып келиңиз. Азыр Өзбекстандын жемиши жерге төгүлүп, берекеси ашып-ташып гүлдөп турган кези.

Темир сөзгө аралашты.

– Ташкенден мурда, бизге барарсыз, балким?

– Жок, быйыл алыска баралбайм. Бардым го былтыр Германияга. Андан көрө өзүбүздүн Ошко мени менен чогуу барып таяке-тажеңе менен учурашып, байкуш карылардын абалын сурап, көңүлүн көтөрүп кеткиле. Менин Айдай болгон Айгеримимди көрбөйсүңөрбү? Мен оюмда Бишкектен үй алып, Оштогу үйдү сатып, таякем менен тажеңемди көчүрүп келсем деп ойлоп жүрөм. Ошто жашоо бизге эми ылайык болбой калды. Түбөлүк бизге мекен болуп агарып-көгөрүүчү чамгарагыбызды көтөрүшүбүз керек. Качанка чейин ар кай жакта сай-сайлап, таранчыдай тарап башка эл, башка жерде жүрмөк элек.

Зыйнаттын сөзүн инилери колдоп кетишти. Эмир менен Темир отпускалары бүтүп кеткенче, Токтогулду Бишкекке көчүрүп келмек болушту...

Эртеси эле бардыгы Ошко жөнөп кетишти. Эмир менен Темир айткандарын аткарышты. Анан Ошко барары менен оңдой берди болуп, Зыйнаттын үйүн алуучу кардар, ошол жердеги өз кошуналарынан табылып калса болобу. Андан кайра Бишкекке келишип, шаардын борборунан хан сарайындай болгон, бардык ыңгайлуулугу бар, бир чоң

коммерцанттын эки кабат үйүн сатып алышып, дароо эле Токтогул менен Ырысты, Айгеримди көчүрүп келип киргизишти.

Зыйнат Алматыга барып, бир-эки күнү туруп кайра келди. Ары-бери караганча август жаңырып жаңы окуу жылы башталуучу кутман күн да кирип келди. Көңүлүндө Үсөндү эстеп, 1-сентябрга карата барып келүүнү ойлоп, Айгеримди бешиктен чечип алып кийинтип жатып, аялдардын кобураган үндөрүн угуп, ордунан турганча Ырыс эшикти ачып минтти:

– Мейман келди.

Зыйнат Айгеримди көтөргөн бойдон ордунан туруп, ойдо жок жерден келген курдаштарын көрүп күлүп жиберди.

– Ой-и-й, алтындарым келгиле! Кандай сонун кубаныч!

Ырыс Айгеримге кол сундү:

– Келе кызыңды мага бер.

– Ой, бул кимдин кызы?

– Менин кызым болбойбу?

– Чын айтасыңбы? Бешик бооң бек болсун.

Айгеримди Ырыска жеткирбей эле, колдон колго өткөрүп кетишти. Сагынышкан курдаштар, Зыйнат менен кучакташып көрүшүп, кайра-кайра өбүшүп да, жытташып да жатышты.

Зыйнат меймандарын залга баштап кирди.

– Биздин үй алып, көчүп келгенибизди эч ким угалек эле. Кимден угуп, кантип таап келдиңер ыя, асылдарым?

– Ак калтар менен барчынды,

Аңдыган билээр баркынды, –

дегендей керектүү жакшы көргөн адамды табат экен да. Ушул үйдү саткан ээси айтыптыр балдарга, менин үйүмдү Алматыда турган Эсенова деген художник аял сатып алды деп. Сени угуп бардыгыбыз сүйүндүк. Эмир менен Темир да бул жерде турбайбы. Келген кардарлардын бардыгы, кымбат экен деп айнып жатат деген. Бул мурда

немистин үйү болучу. Алар үйдү жакшы салат да. Кут болсун, жакшы үй алыптырсыңар.

– Эмир менен Темир болбосо, мындай үйдү балээнин сатып алганыбы. Ошолор жардамдашпаса жүз миң доллар деген оңой акча эмес да. Алардын элге барсак үй алабыз деп запастап жүргөн акчаларын мен кактым.

– Бир туугандарың жакшы экен, уктук баарын. Биздин балдардын баары чогулуп келебиз деп жатышат үйүңдү куттуктап. Учурашканча ошону айталы деп эле келип калдык.

– Ракмат келгениңерге. Чыгармачылык иштериңер кандай?

– Сака-чүкө аралаш, художниктердин чыгармалары мурункудай бааланбай калбадыбы. Тарткан сүрөттөр өтпөйт. Айла жоктон кээ бирөөбүз коммерцияга ооп кетсек, кай бирибиз аэрография (тамдын боорун кооздоо), кээ бирөөбүз интерьер оборудованиеге (үй ичиндеги мебелдерди жасоо, кооздоо), дагы бирөөлөрүбүз ар кандай рекламаларга, заказ менен портрет тартууга өтүп кеттик. Азыр деги художникпи, жазуучубу, акынбы, артиспи, архитекторбу, врачпы, мугалимби бардыгынын ой-максаты баякыдай Мекен үчүн, эл үчүн иштөө деген максаттын ордуна керт башынын камы үчүн жан талашкан күн болду. Эмне дейбиз, ушундай турмуш. Баса, Зыйнат, уулуң бар турбайбы. Кут болсун, угуп аябай кубандык. Сенин төрөгөнүңдү да, Толкунбектин аялында баландын бар экенин да укпаптырбыз. Канчалык жакын курдаш болгонубуз менен бири-бирибизди толук билбейт турбайбызбы.

– Ооба, «Ачыла элек сандыкта, бычыла элек кундуз бар» деген ошол.

– Баланды Толкунбектин аялына, кандайча берип жүрөсүң?

Зыйнаттын кабагы чытыла түшүп минтти:

– Ой, анын баарын айтып олтурса көп сөз. Ачыгын айтсам, Толкунбек менен ууру жолдо жүрүп боюма болуп ка-

лып, ай-күнүмө жетип турганда башыма күн түшүп, барар жерим, басар тоом түгөнүп, «карайлаган там сүзөт» болуп Толкунбектин акылы боюнча болгон иш эле да бул. Ичтен түшөөрү менен чоң атасы Мансурдун эшигинин алдында калган ошол балам быйыл окууга барат. Эртең менен эрте Чолпон-Атага, ошол уулума барганы камынып жатам.

– Ооба, уктук аны. Сенин балаң экенин сага алар өздөрү айтып, өздөрү берген турбайбы. Анан берген баланы аларга кайра бергениңди угуп таң калып жатабыз.

– Таң кала турган эч нерсе жок. Бала бөлөк өсүп, Жайнагүлдөн башканы билбей калыптыр. Акырындык менен үйүр алдырып көндүрбөсө, дароо эле боор бере турган эмес. Убактылуу кайра бердим. Анын үстүнө Жайнагүлгө карадым. Ага да кыйын болучудай.

– Элдин баары Жайнагүл Казиевнаны акылдуу аял деп макташат экен. Сенин өзүңдү кандай кабыл алды?

– Эмнесин айтасың, алтын аял экен, аябай жакшы кабыл алды.

– Зыйнат Эсеновна, кызык экенсиз, – деди дагы бирөө, – көнөт эле да. Антпей эле өзүңүз алып, өзүңүз тарбиялаңыз болмок.

– Жок, жок, жолдоштор мен анте албайм. Адамдын эмгегин баалаш керек да.

Сөз ушул жерге келгенде тыштан Туратты ээрчиткен Эмир менен Темир кирип, салам айтып токтошту.

– Ой, эжекебайым ай, дагы эле Үсөн деген тентек жөнүндөгү сөзбү?

Зыйнат күлдү. Аялдардын бири сөзгө аралашты.

– Анан сөз Үсөн жөнүндө болбогондо, ким жөнүндө болмок эле, – деди, жигиттерди көрүп орундарынан тура калган келин. – Биз Үсөндү угуп, уулу бул жерде экен десек, алалек турбайбы, сөз ошол жөнүндө болуп жатат. Биз Зыйнат Эсеновнага нааразы болуп жатабыз.

– Неге? – деди Эмир. – Эжекеме нааразы болууга болбойт. Кана, олтургула.

– Неге дейсизби? – деди кайра олтуруп жаткан келин. – Алсын өз баласын өзү. Жайнагүлдү аяйм деген да сөз болмок беле.

Турат сөзгө аралаша кетти.

– Мен Зыйнатка кошулам. Менимче, бул жагынан Зыйнат туура кылат. Оо, Жайнагүл менен Үсөндү бири-биринен бөлүүгө кандай күч чак келерине көзүм жетпейт. Кечээ жакында эле ал жакта бир жагымсыз иш болду. Ошондон кийин Жайнагүлдү ооруп калаар бекен дедим эле оорубаптыр, бечара.

– Эмне болду? – деди элее түшкөн Зыйнат.

– Балээнин баары баладан, анан албуут катындардан башталат тура. Асан менен Үсөн көчөнүн чаңын ызгытып велосипед тээп ойноп жүрүшсө, бир топ балдар чогулуп, алар менен жөө жарышка чыгышат. Бир кезде Айтбүбү деген биздин классташыбыздын баласы Үсөнгө жармашам деп баратып жыгылып кетиптир. Бала жыгылган жерде кандайдыр бир нерсеге тийип, бутун тилип кетет. Чатактын башталышы ошондон чыгат. Ал бала бутун кызылала кылып: «Мени Үсөн велосипеди менен койдуруп, түртүп жиберди» – деп энесине ыйлап барат. А Айтбүбү болсо дароо эле, кызылала кылып баласын жетелеп балдар ойноп жаткан жерге келип, Үсөндү кармап алып уруп, анан кайра эки бетин эки колу менен чымчып минтет кыйкырып:

– Өлүгүңдү көрөйүн таштанды күчүк, кутурган. Эмнеге менин баламды түртүп жибердиң?

– Мен түрткөн жокмун, өзү жыгылды, – дейт Үсөн ыйлап.

– Балдардын бүйүрүн кызытып эмне үчүн велосипедиңерди көчөгө чыгып тебесиңер? Экинчи көчөгө чыгып тепкениңерди көрөйүн, өлтүрүп коём экөөңдү тең. Уктуңарбы? Кечээ эле айтпадым беле. Экинчи укпай дагы кайталасаңар, мына бул делдейген кулагыңарды жулуп салам моминтип. – Үсөндүн кулагын чоёт.

Бала ооруганына чыдабай чыңырып жиберет.

Асан бакырып-өкүрүп Жайнагүлдү чакырат.

– Мам-а-а! Ма-ма-а-а! Карачы Айтбүбү эжени, Үсөндү уруп жатат! – Аял Үсөндү коё берип, Асанды колдон алат.

– Эмне аңылдайсың? Мени Жайнагүлдөн коркот деп турасыңбы. Чакыр мамаңды? Өлбөгөн жерде калышам. Ата-энеңер бай да. Ошон үчүн кутуруп жатпайсыңарбы. Биз байкуш велосипед эмес, балдарыбыздын курсагын кантип тойгузабыз деп, нанга жетпей жүрсөк, силердин ата-энеңер байлыгын батыра албай, акча менен ит уруп шапар тээп жүрүшөт, – десе, ал жерде турган балдардын бири минтип айтыптыр.

– Бул велосипед эмес «Мопед», муну Үсөндүн Алматыдагы апасы сатып бериптир, Толкунбек байке алып берген велосипеди үйүндө.

Ушул жерден Айтбүбү «а» дейт Зыйнатты эстеп, Үсөнгө күчөнүп:

– Аа, сенин апаң сатып берди беле, бул машинаны. Ошондой. Анан эмне үчүн өзүңдүн тууган апаңда калбай, кайра келдиң?

– Ал менин апам эмес да! – дейт Үсөн.

– Эмне үчүн сенин апаң эмес экен? Саган айткан жок беле?

– Айткан.

– Айтса эмне үчүн өз апаңда калган жоксуң?

– Калгым келбейт.

– Эй макоо, билсең Жайнагүл сага эч ким эмес.

– Калп айтып жатасыз, ал мамам.

Көчөдө болуп жаткан ызы-чууну угуп, Кына Жайнагүлгө кирип минтет:

– Тетигил жерде балдардын арасында баятадан бери эле бир катындын чаңкылдаган үнү басылбай койду. Балдар менен балдар урушканбы, кандай? Сенин уулдарың ошол жерде окшойт. Ыйлаган баланын үнүн угуп, Үсөнбү деп калдым. Акырын басып барып билсеңчи?

Кайненесинин тили менен басып барса, Айтбүбү Жайнагүлдү көрүп баланы кармап турган колу шалдая түшөт.

Апасын көрүп эркеген Үсөн ыйлап жиберет.

– Мама, мен түрткөн эмесмин, мага жармашам деп өзү жыгылган болучу.

– Кимди? – дейт, эч нерсеге түшүнбөгөн Жайнагүл.

– Менин баламды, – дейт Айтбүбү уулунун бутун көрсөтүп. – Көрдүңбү эмне кылганын?

– Мен тийген жокмун, өзү жыгылды, – дейт Үсөн, дуулдап ысыган жаагын сыйпалап, коркок көздөрүн алаңдатып.

– Жаагың эмне болуп шишиген кызарып, аары чактыбы?

– Жок, аары чаккан жок, – көзүнүн төбөсү менен Айтбүбүнү карап, – бул апа урду, анан бетимди аябай катуу чымчыды, кулагымды да чойду. Анан дагы сени Зыйнат тууган, сен Жайнагүлдүн баласы эмессиң, – деди.

– Ай, ай, ушундай аял экенсиң ээ, Айтбүбү. Сен айтпасаң да кимди-ким тууп, ким кимдин баласы экенин билебиз. Бирок акыл-эстүү адамдын айтаар сөзү эмес да.

– Айтса эмне экен. «Ала кушту атынан чакырат да». Ошон үчүн мени менен урушканы келдиңби?

– Мен эч ким менен урушпайм, урушуп да көргөн эмесмин. Тескери карабай, бери кара. – Колунан тартат.

– Дагы эмне дейсиң? Укпайм сөзүңдү. Коркутпа мени. Билем сенин ким экениңди. Тим эле балдардын ортосуна түшүп. Акылдуу экенсиң.

Жайнагүлдүн ичин күйгүзгөн «Билем сенин ким экениңди» деген сөзү болгон го, сыягы. Жайнагүл бир демге буулуп туруп минтип сураптыр.

– Эмнемди билесиң?

– Билем, кечээ жакында эле салбар эмес белең. Толкунбектин ойношунан туулган таштанды күчүгүңдүн энесин айтсам айткандырмын. Анын эмнесине арданып, жаның кашайып кетти! Сенин амалыңды билбейт деп турасыңбы.

Билем баарын, Толкунбек мени кайрадан таштап, уулун алып Зыйнатка кетип калабы деп коркконунан, ошон үчүн баласын бербей кармап олтурасың. Ой амалдуу түлкү, – дептир. Жайнагүлдүн айтымында оозуна сөз кирбей эси ооп калган имиш. Өзү айткандай, өмүрүндө адам менен жаакташып, жаман-жакшы сөз оозунан чыкпагандыкы болсо керек, айтор, Айтбүбүгө айтаар сөзү жоктон бетер, тили күрмөөгө келбей олтуруп калыптыр. Жайнагүл үйгө капалуу келет. Анан аяш эне келинининин кебетесин көрүп:

– Э балакетиңди алайын, жанакы кан жолдо балдарды ийрип алып, аюудай айкырып жаткан кайсы аял экен? – деп сурайт.

– Айтбүбүнү билесиз да.

– Ооба, билем, – дейт эне, – Шагыл акенин келини эмеспи! Эмне болду, уруштуңарбы? (Бекташты келиндер Шагыл аке деп тергешчү).

– Шумдук, жамандыктын аты өчпөйт экен го.

– Эмне болду?

– Үсөн экөөбүздүн таржымалыбыз даңкыбызды чыгарат окшоп калды. Ой, шорум ай, ушундай күндү керүп, ушундай сөздү угам деп ойлогон жок элем. «Көчкөндө көрүшпөгөн, өрдө урушат» дегендей, Айтбүбүнү мен мындай эле сыртынан билгеним болбосо, жакшы деле тааныбайм да. Менде өткөн өчү бардан бетер канымды бузду бул канчык.

Асан сөзгө аралашып, улутуна күнк этти.

– Айтбүбү эже жаман экен. Үсөн сенин балаң эмес дейт кыйкырып.

– Мен чын эле Зыйнат апамдын баласы болчумунбу, ыя мама! – Үсөн жер карап көз жашын сүрттү.

Үсөндүн суроосуна жалгыз эле Жайнагүл эмес, чоң эне-си да жооп бералбай бирин бири тиктеп калышыптыр. Көрсө, буга чейин «Зыйнаттын баласысың» деген сөзгө толук ишенбей жүргөнүн экөө тең эми түшүндү. Жайнагүл уулунун бетинен өөп минтип айтыптыр:

– Ооба, айтып эле жүрбөйбүзбү, Зыйнаттын баласысың деп.

– Мм, – дейт бала.

А аяш энем, эбак унутулуп, эстен чыгып кеткен бир нерсени эстегендей, өз санын өзү чаап, өкүнгөндөй минткен имиш:

– А, эми билдим, бул шуркуянын башынан максаты башка болучу. Толкунбек мектеп-интернатка кеткенге чейин бул экөө бир класста, бир партада олтуруп, бир мектепте окучу. Ошондо эле жашабай туруп, биттин ичегисине кан куйган, тайгандай болгон шойкомдуу кыз болучу. Элдин айтымында башталгыч класста окуп жүргөндө эле Толкунбекти сүйүп-күйүп, артынан жүгүрүп жүргөн кыздардын бири ушул Айтбүбү экен. Толкунбекти издеп кээде Караколдогу мектеп-интернатка чейин баруучу дейт. Угушума караганда Толкунбек сага үйлөнгөндөн кийин гана түңүлгөн имиш, бул бейбак. Азыркы сага жасаган мамилесин угуп, ошону ойлоп олтурам. Ошондой ич күйдүсү бар үчүн, көзүнө көр топурак тыгылып жатпайбы. Болбосо жөндөн-жөн эле, сага тийишип балакетинди алабы. Анын үстүнө бул келинди ичет деп жүрүшөт. Катын стакан кармады дегенче, Кудайдын урганы. Айтбүбү ичкенде өзүн кармай албай, көрүнгөнгө тийишип, жеңилип кете турган адаты бар имиш. Андай киши адамдын ажарына карамак беле. Оозуна келгенди оттой бербейби, балам. Кеп билген, сөз билген эстүү-баштуу адамдардан кагуу жеп, жаман сөз уксаң ошондо ардансаң болмок. Айтбүбүнүн сөзүнө да киши капа болобу.

– Толкунбек үчүн мен күнөөлүү эмесмин да ыя, эне! Бул жерде Үсөндү кыпчый турган кандай жөнү бар? Мындай адамдын сөзү ачуу болот тура. Ал, Үсөндү арамдан туулган күчүк кылып, мени салбар кылып салды. Эмнеси болсо да мени күйгүздү.

Баятадан бери кызы менен кудагыйынын сөзүн угуп ойго батып олтурган Тумар күрсүнө дем алып минтип айтыптыр:

«Кудай кылса кубарыңдын акысы барбы» деген ушул. Бул да болсо бешенеңе жазылган жазуу. Үсөн ушул бойдон колуңда турса, али укканыңдан угалегиң, көргөнүңдөн көрөлегиң көп. Тилимди алсаң «Эәси келсе, бәәсин бер» дегендей, Үсөндү ээсине берип, элдин жанын да, өз жаныңды да биротоло тындырсаңчы, балам.

Жайнагүлдүн кабагы түйүлө түшүп минтиптир:

– Зыйнат экөөбүз сүйлөштүк да, Үсөндү албаймын дебедиби.

– Эстүү келин сенин кебетеңди көрүп аяп, айласыздан албайм деди да. Баштан тойгондой, батпай жаткан балдары бар беле, ыя катыгүн.

Жайнагүл энесин угуп:

– Үсөн Зыйнатка оңойлук менен баш ийип, бала болуп бербейт го, ыя апа. Балам байкуш экөөбүз эки жерде куурап калабыз го. Үсөндөн ажырап, кандай күн көрүп, кандай жашаарыма көзүм жетпей турат.

Тумар кызынын сөзүн угуп, кебетесин көрүп олтуруп, жүрөгүнөн кан чыгып, эмне деп сооротурун билбей акыры оозуна кирген сөз бул болуптур:

– Ой, кокуй күн ай, «Ойлобой сүйлөгөн онтобой ооруга жолугат» дегендей, байкап сүйлө, балам. Үсөн кетсе Асан бар, Жанатың бар. Менин көзүмө курсагыңда бирдеме бардай болгонсуп турат. Төлөп алаарсың ордун. Колуңдагы балдарыңдын амандыгын тилебейсиңби. Каны менен каны бир, жаны менен жаны бир эне-бала да тил табышпай коймок беле. Ал жагынан эч бир кам санаба, балам. Эне мээрими, эне жыты деген касиеттин күчүнөн күчтүү эч нерсе жок экенин билесиң да, каралдым. Жумшактыктын да, жашыктыктын да чеги бар. Дайыны жок күйүп-бышып, ыйлап-сыктап жаман жоро баштаганыңды токтот, – деди дейт Тумар.

– Энеси акылдуу аял экен деп келди, Гүлү. Ал эмес минтип айтыптыр: «Курдашың менен сүйлөшүп айтчы, Үсөндү берсин Зыйнатка. Эгерде бул бала ушул бойдон мында калса,

же бул жактын баласы эмес, же ал жактын баласы эмес болуп, «Эки жол айры болсо, ит башы каңгы болот» дегендей чайналыша берет. Анда Жайнагүлдүн өзүнө да, Үсөнгө да кыйын болот. Оозу ачылган жара ырбай берип, анын акыры жакшы болбой калат» – дептир. Энесинин сөзүнө Жайнагүл муюшкансып калыптыр. Эми минтип, өзүң да Чолпон-Атага барганы жаткан экенсиң. Темирди кызуусунда соккон жакшы, кандай дейсиңер деп Турат олтургандарды сыдыра тиктеди.

Бирок Зыйнаттын көңүлүндө баякы Апматыда, караңгыда качып, көкөйүнө көк талкандай тийип, таң атканча издеп, өзү эле эмес, Зыйнат менен кошо канча кишинин суй жыгылганын ойлоп жүрөгү дүпөйүл болуп турду. Анын Жайнагүлдү сагынып ыйлаган мезгилдерин эстеди. Андан дагы бирөө үйрөтүп койгонсуп «Сиз эмне үчүн өзүңүз бала тууп алган жок элеңиз. Мен сиздин балаңыз болбосом деле, элге менин балам, – деп айта берет экенсиз. Мен үйүмө барганда айтам мамама. Экинчи такыр келбейм сиздикине» деген сөздөрү кулагына угулуп турду. Ушундай жагымсыз ойго баткан Зыйнаттын эсине башка эч нерсе кирген жок. Анын ою боюнча Жайнагүл экөө сүйлөшкөн сөз боюнча, баланын ошол жакта тынч жашаганы ыңгайлуу болгонсуп турду. Өзүнүн өскөн үйүрүнөн башка эч кимге баш ийбеген, эч нерсеге түшүнүгү жетпеген наристенин бул жакка келгени менен, дагы эле баякыдай көйгөй башталып, азабын тарттырат деген ойдон башка эсине эч нерсе келбей жатты.

– Зыйнат Эсеновна, «кел демек бар, кет демек жок» дегендей, бизге уруксат болсо кайталы. Сиз Чолпон-Атага барсаңыз, качан келесиз?

– Келем бат эле. Кетебиз деген да сөз болобу. Эч жакка кетпейсиңер. Казан асып коюшуптур. Бышып жаткан тамакты таштап кетебиз десеңиздер өзүңөр билгиле.

Меймандар жүйөлүү сөзгө муюп олтуруп калышты.

– Буюрса, уулуңузду алып келесиз да.

– Билбейм, – деди Зыйнат маанайы пас.

– Билбейм деген сөз болобу, – деди Токтогул.

– Анан эмне дейин билбейм дебегенде. «Мойнунан байлаган ит ууга жарабайт» дегендей, менин эне экендигиме ал макоонун түшүнүгү жетпей жатпайбы.

– Аа, – деди олтурган аялдардын бирөө. – Эми түшүндүм, балага сиз жөнүндө эне экендигиңиз айтылалек турбайбы.

– Айтылган. Бир эмес бир нече жолу. Баары бир, билсе да билгиси келбейт. Жайнагүлдөн башканы ойлоп да койбойт. Көңүл да калып, тажап да кетет экен киши.

Эмир эжесинин далысына колун коюп, эркелете сүйлөп минтти:

– Таарынбаңыз, эжеке. Эртеби-кечпи акыры бала сиздики.

– Ай, билбейм.

– Жанакыдай сөз болуп жатса, балким, башкача болуп кетиши да мүмкүн.

– Бир туруп баргым келет, бир туруп баргым келбей кетет.

«Жебейм, жебейм деп жатып, жемекей катын түгөтөт» дегендей, кетебиз-кетебиз деп шашып жатышып, ырдап-жыргап олтуруп көптө кетишти. Аларды узата карап туруп, Ырыс минтти:

– Меймандардын келгенинен да, кетериндегиси кыйын экен го, ар бирин үй-үйүнө машина менен жеткирип. Жутуп алган балдар жолдо алда кандай болот деп коркот экен киши.

– Короодо бир эмес эки машина турса, кантип унчукпай коёсуң. Кудай сактасын тажеңе, коркпой эле коюңуз. Бул биринчи эмес да.

– Билбейм, мен коркуп эле турам. Деги Кудай силердин жамандыгыңарды көрсөтпөсө экен.

– Тажеңе, Айгеримди эмнеге көрсөтпөй койдуңуз келиндерге?

– Көрсөткүм келген жок. Бирөөнүн көзү, бирөөнүн сөзү балага өтүп кетеби деп корком. Айгеримди көчөгө да алып чыккым келбейт. Жаш бала менен жаш малга көз тийгени жаман да, балам.

– Менден коркпойсузбу?

– Сенден эмнеге коркмок элем.

– Билбейм, мага деле көп бербейсиз го.

– Койчу, кантип эле сенден кызганайын. Сен өзсүң да.

Ырыс балдар бөлмөсүнө кирип, Айгеримди көтөрүп чыкты.

Зыйнат баланы колуна алаар албастан эле, мостоё түштү.

– Э-э-й, тажеңе, көз тиет деген кызыңыз ушулбу? Чамбылала болуп бети-башы кантет мунун? – Олурайып бир демге тиктеп туруп, Зыйнат каткырып күлүп жиберди. – Бетине көө сыйпагансызбы дейм. Коюңузчу, ушул кантип болсун.

– Ооба, көө сыйпап койгом.

– Бул кызыңызга көз тие албай турса да эмне болуптур. Жуунтуп бериңизчи, кичине алып олтурайын.

Ырыс Айгеримдин бетин жууп, кайра алып келип Зыйнатка берди. Айгерим чыны менен эле Айдай болуп, талпынып калган кези болучу. Кыз кыялы чыгып, жароокер да, күлкүчү да болучу. Кирпиктери эмитеден эле чачырап, карагаттай жайнаган көздөрүнүн көркүн ачып бир башкача жайнап туруучу. Жылдызы ысык бул кызды карап олтуруп, Зыйнаттын жүрөгү толуп, ичи элжиреп кетти. Ал кызынын мыйтыйган кичинекей колдорун кармалап, алаканына жыйган «энчилерин» көрүп, манжаларын бирден ачып тазалап жатып, жүрөгү болк дей түштү. Айгеримдин оң колунун чыпалагынын бир мууну кем, бүкүр экенин көрүп, бир кызык болуп кетти. «Ой тобо, ушундай да окшоштук болобу?!» деген ой мээсине барып бир тийди. Анткени Толкунбектин оң жак колунун чыпалагынын да ушундай бир мууну кем болучу. Ал ушуну эстеди. Анан Асан

менен Үсөндү ойлоп кетти. Бирок алардын манжаларындагы Толкунбекке байланыштуу мындай окшоштуктардын бар-жогун байкаган эмес болучу. Айгеримдеги ушул кичинекей кемтиктен кийин гана анын өң-түсүн, кулак-мурдун, каш-кирпигин бирден көз алдынан өткөрүп, Асан менен Үсөнгө салыштырып, тукум куучулук касиеттин биринен бирине өткөн окшоштуктарды көрүп, ишенээр-ишенбесин билбей, көңүлү буй болуп, санаага батып олтурду. «Тобо, Толкунбек ушундай экен да, – деп ойлоду. Чын эле Айгерим ушул акмактын кызыбы?» Ошон үчүн менин эшигимдин алдына алып келип таштаган экен да. Эмне үчүн эки айга чейин бакты экен? Алам деп алдаган го. Же болбосо менин келишимди күттү бекен? Баланы тиктеп олтуруп ойго кетти. «Бул байкушта не жазык. Күнөө балада эмес, биздин өзүбүздө болуп жатпайбы. Оо, Жараткан Алла, абийири, акылы жок пенделериңдин күнөөсүн кечирер бекенсиң. Балага боору ооруп, жүрөгү оттой жанып, өз баласы Үсөндү Мансурдун эшигинин алдына таштагандагы анын кызыл эт, ымыркай мезгилин эстеп жүрөгүнөн кан чыгып турду. Анан аны Жайнагүл энелик мээримин төгүп, ак сүтүн берип чоңойтконун эстеди. Ушул кезде Зыйнаттын көз алдына баякы Кермекаштын үйүндө болгон мезгили көз алдынан тартылып өттү. Ошондо Жайнагүл Айдай кылып эки баласын эки ыптасына көтөрүп киргенин көрүп: «Ушул экөөнүн бири, балким, менин балам болуп жүрбөсүн» деген ойдон от болуп күйүп, көз жашы көл болуп, өзүн өзү кармай албай чыгып кеткенин эстеп кетти. Ырыс кирип, Зыйнаттын алдындагы бала менен иши жок эле өзүнчө ыйлап олтурганын көрүп чочуп кетип, жанына олтура калып минтип сурады:

– Зыйнат, алтын кызым, сага эмне болду катыгүн? Эмнеге ыйлап олтурасың?

Келин селт этти. Алагар көздөрүн балбылдатып Ырыска карап күлгөн болду жылмайып, кош алаканы менен көз жашын сүртүп.

– Эчтеке деле болгон жок, тажеңе. Баякы Үсөндү Мансур атанын эшигинин алдына таштаган мезгилимди эстеп кеттим. Карасам, Айгерим да ошол Үсөндүн кейпин кийген бир күнөөсүз мусапыр экен да. Ушул байкушту он ай көтөрүп, омурткасы сыздап тууган энеси да мага окшоп аргасыздан ажырап, арманы башынан ашып сыздап жүрсө керек. Ойлоп келсем Жайнагүл айкөл аял турбайбы. Мен ошол Жайнагүлгө окшоп, бул кызга мээримдүү эне болуп бералар бекенмин, билбейм.

– Эмне үчүн болалбайсың, болосуң.

– Мен чынымды айтсам, Айгеримди эне өндөнүп эңсеген да жокмун, эстеген да жокмун. Билбейм, балким, сизге ишенип ошенттимби, өзүмө өзүм түшүнбөйм. А Жайнагүл болсо, Үсөн дегенде жүрөгү жарылып турат тим эле. Мен бул кызга андай өтө күйүмдүү жакын эне болалбайм го, ыя тажеңе?

– Болосуң.

– Билесиңби, тажеңе, мен бул кыздан шектенип турам.

Ырыс чочуп кетти.

– Эмне дейт? Шектенгени эмнеси?

– Толкунбектен туулган кызбы дейм да.

– Ким айтты аны?

– Эч ким айтпай эле бир белгисин көрүп алып, өзүм ойлоп жатам.

– Эмне белги?

Айгеримдин манжаларын ачып, чыпалагын көрсөттү.

– Билесизби, Толкунбектин колунун чыпалагы так ушундай, бир мууну кем, бүкүр. Бирок Асан менен Үсөндө барбы, жокпу билбейм. Барганда көрөм го.

Ырыс жакасын кармады.

– Тобо, канча ай, канча күндөн бери өзүм багып, өзүм кириптип, жууп-тазалап жүрүп байкаган эмес экенмин. Мейли, башка бирөөнүкү болгончо, Толкунбектин канынан бүткөн бала болсо жаманбы. Анда уулуң менен каны бир, бир тууган болгону жакшы да.

– Жакшы болот деңизчи? Деги киши укпасын. Баякы Толкунбек дагы бирөөнү боозутуп, анысын Зыйнат багып жатыптыр деген сөз жаман да, тажеңе.

– Аны ким айтмак эле. Сен андай десең, менин Айгеримге эбедейим эзилип, эт жүрөгүм созулуп, ичим ысып эле турат. Көрөсүң го, чогуу жашап, кызыңдын кылык-жоругун көрүп эле, кандай берилип кеткениңди билбей каласың...

Зыйнат жатып алып ойго батты. Айгеримдин туулган күнүн эсептеп көрүп, кайсыл убакта боюна болгонун санап олтуруп, ошол мезгилде Толкунбектин бул эле өзүбүздүн Ысык-Көлдөгү Казакстандын «Ракат» пансионатында эс алганын эстеп: «И» – деди. Анда Зыйнат Москванын алдындагы көркөм сүрөт чыгармачылык үйүндө иштеп жаткан мезгили болучу. Болду-болбоду, Толкунбек ошол пансионатта жүргөн кезинде тапкан «табылгасы» болду деп ойлоп койду. Бирок бирге жашап турган кезинде, иштеп жүргөн эр адамдын эрте кетип, кеч келген ар кандай мезгили болорун түшүнгөн Зыйнат, Толкунбектин жүрүш-турушуна кийлигишип, эмне кылып, кайда жүргөнүн такмазалап, аңдуу дегенди билүүчү эмес. «Кайненеси жалап келинине ишенбейт» дегендей, өз күнөөсүн өзү билген эстүү неме ушуларды ойлоп, өзүн өзү тыйып, өз кеңешчиси да, өз акылдашы да өзү болуп туруучу. Бирок Айгеримдин чыпалагынын кемтиги, балким, Толкунбектен эмес эле, жөнөкөй эле Кудайдын жараткан окшоштугу болуп жүрбөсүн деген ойду бир ойлосо, Үсөндү эки ойлоп жатып кандай уктап кеткенин да билбей калды. «Зыйнат күүгүм талаш Бишкектен чыгып, Алматыга бурула берген жолдо кетип баратып, Аккызды колтугунан сүйөп, жетелешип келаткан ата-энесин көрүп, сүйүнүп кетти.

– Ой, апакебайым ай, сен дагы эле айыгалексиңби? Атамды убара кылбай эле, телефон чалып койсоңор, машина менен барып алып кетет элек да. Эмир менен Темир да бул жерде. Ырас болбодубу, силерге жолукканым. Мен үй ал-

гамын. Токтогул таякем менен Ырыс тажеңем экөөнү биротоло көчүрүп келгем. Үйгө барып, балдарыңар менен учурашып, ага-жеңеңерди көрө кеткиле.

– Ракмат, карыны сыйласаңар, силерди Кудай сыйласын. Үйүңөрдү көргөнбүз, балам, жакшы үй алыптырсыңар, кут болсун. Атаң экөөбүз Мансурду алып шашылыш жолуңду тосуп чыкканбыз. Тигине ал киши да келатат.

– Анчалык кандай шашылыш болуп кетти. Мен силерди аябай сагындым, апа. Жаш кезиндеги шашмалыгың дагы эле калалек экен. Үйгө бара кеткиле!

– Жок, балам, андай болбойт. Бизди коюп өзүң шаш. Асан менен Үсөндү сактап кал. Көлгө түшүрбөгүлө, балдар кырсыкка учураганы турат. Үсөндү колуңа ал.

Ушул маалда Зыйнат ар жакта келаткан машиналардын колоннасын көрүп, алаксый түшүп, кайра караса атасы Эсен, энеси Аккыз, Мансур үчөөнүн узап баратканын көрүп үнүнүн бардыгынча кыйкырып жиберди.

– Ап-а-а! Ата-а-а! – Кайра-кайра кыйкырып, артынан жүгүрүп баратты. – Ап-а-а! Ат-а-а!

Зыйнаттын үнүнөн аркы бөлмөдө жаткан Токтогул чочуп ойгонуп, аялын капталга түрттү.

– Ой, байбиче, Зыйнат кыйкырып жатат да, эмне болуп кетти!

Экөө төшөгүнөн томолонуп туруп, антаңдай басып, жээнинин үстүнө кирип барышты. Бул кезде өз үнүнөн өзү чочуп ойгонгон Зыйнат, жүрөгү оозуна тыгылып, көргөн түшүнөн үрөйү учуп кроватынын үстүндө эсине келалбай, дел болуп олтурган болучу.

– Ой, тынччылыкпы, кагылайын? Эмне болуп кетти. Бирде апалап, бирде аталап аябай кыйкырдың го, балам. Үнүңдү угуп жүрөгүм түшүп калды.

Зыйнаттын өңү өчүп турду.

– Жаман түш көрдүм, таяке, – деди эки көзү коркконунан канталап оттой күйгөн Зыйнат ээгин эмшеңдетип, ыйлап жиберчүдөй болуп.

Токтогул менен Ырыс экөө тең үрпөндөшүп, жарыша сурады:

– Эмне деген түш, катыгүн?

– Аккыз, атаң экөө тең кирдиби? Түшкө кире бербейби, ошого да коркобу?

– Корко турган түш болсо корком да.

– Түш көбүнчө санаа ээрчийт. Ата-энеңди ойлоп жатсаң керек. Түштүн башы казандай, мойну кылдай болоор имиш. Кандай түш болсо да, жакшылыкка жоруса жакшылыкка, жамандыкка жоруса жамандыкка ооп кетет деп жүрбөйбү. Мүңкүрөбөй, обол мурун көргөн түшүңдүн маани-жайын айтып көрчү, угалы. Колунан келсе ата-энең балдарына жамандыкты жолотпой калышсын.

– Аларды мен кадимки тирүү кезиндей даана көрдүм. Ал эмес алардын өлгөнүн да билген жокмун.

– «Душман не дебейт, түшкө не кирбейт» дегендей, түшкө кире бербейби. Коркпо секет кетейин. Ойлоп жатсаң керек.

– Ойлогон деле эмесмин. – Зыйнат түшүн айтып берди.

– Ата-энең сени арбагында колдоп жүрүшкөн турбайбы, кызым.

– Ой, билбейм, билбейм. Эмнеси болсо да санаам тынбай калды. Эмир менен Темирди ойготуп, азыр эле кете берсем бекен, ыя таяке? – Зыйнат дубалда илинип турган саатты карады. – Убакыт эрте экен. Саат араң бир болуптур. Азыр чыксам, Чолпон-Атага саат бешке жетпей кирип барат экенмин.

– Кой, балам, тилимди алсаң жети түндө жолго чыкпа. – Токтогул байбичесине карады. – Сен эрте туруп жыт чыгарып, майга бир аз нан жасай кой. Эсен менен Аккыз, Мансур үчөөнө куран окуюн. – Токтогул Зыйнатты жоотткоткону менен өзүнүн деле санаасы тынбай калды. Карыя ордунан туруп, өңү өчүп кроватынын үстүндө олтурган жээнинин чекесинен өөп, чачынан жыттап минтти. – Жытыңдан секет кетейин королум, эчтеке ойлобой тынч жатып эс ал.

Ал түнү жалгыз эле Зыйнат эмес, Токтогул менен байбичесинде да уйку болгон жок. Ошол замат эле, Ырыс эртең мененкиге даярдап камыр жууруп коюп, Айгеримди кургактап, сүт берип кайра жаткырды. А Зыйнат болсо өзүнөн өзү өпкөсү көөп, ыйлагысы келип, санаасы бузулуп, уйкусу качып, тынчы кеткенинен кайра туруп, уйкунун дарысын кабыл алып, ары-бери үй ичинде басып жүрүп бир оокумда жатты...

* * *

Жайнагүл, өткөндөгү Алматыдагы сүйлөшүү боюнча, Зыйнатты жаңы окуу жылына карата келип калар бекен деп тымызын көңүлүндө күтүп жаткан учуру болчу. Анын Бишкектен үй сатып алганын, Оштон таяке-тажеңесин көчүрүп келгенин да уккан эмес. Жайнагүл Казакстандын Ысык-Көлдөгү «Ракат» пансионатындагы жаңы курулуучу курулуштун өзү чийген чертежу менен конкурска катышууга Алматыга жөнөөгө даярданып жаткан күйөөсүнө минтти:

– Зыйнатка барасыңбы?

Толкунбектин Алматыга баруудагы биринчи максаты Зыйнат болучу, аялынын суроосуна буйдала түшүп жооп берди:

– Анда эмнеге бармак элем? Сынабачы.

– Кызык, ошол дагы сынаган болобу?– Жайнагүл күлдү. – Биле-ем, Зыйнат үчүн баякыда аз жерден Мүсүреповду эрөөлгө чакырууга ниеттенип барып токтодуң эле го.

– Аны сага ким айтты?

– Көргөндөр айткан.

– Чепуха. Кеткен катыны үчүн эрөөлгө чыгып жинди болгон киши барбы?!

Жайнагүл Толкунбекти кантээр экен деген ниетте калп эле дагы минтип кошумчалады:

– Тойдун үстүнөн чыгаар бекенсиң?

– Эмне той? – Аялын ормоё тиктеди.

– Зыйнат Мүсүреповго турмушка чыгууга макул болуп, үйлөнүү үлпөтүнө камынып жаткан имиш го. Мейли, бактылуу болушсун. Толкунбектен ажырадым деп жаш неме эрге тийбей коймок беле. Жакшы болуптур.

Толкунбектин кабагы, өзү билгизбейм деген менен дароо өзгөрө түштү. Оо, бир оокумда ачуулуу бурк этти:

– Сага эскертип коёюн, кокустан Үсөндү келип алам деп ойлобосун. Эми Зыйнатка бала жок.

– Эмне үчүн?

– Эрге тийсе тууп алсын.

– Ал эмне деген көтөн зордук ботом, күч эле сеники. Соттошсо да алат. Бала Зыйнаттыкыбы, Зыйнаттыкы. Эч кимдин талашууга акысы жок.

– Сенин да акың жокпу?

– Менин да акым жок.

– Жок, байбиче антпе. «Бала тапкандыкы эмес, баккандыкы» деген сөздү билесиң да. Үсөн сенин закондуу балаң. Талашууга анын акысы жок. Сен кандай эле өз укугуңду билбей, тескери сүйлөп калгансың. Үсөнгө Зыйнат жөнүндө чындыкты бекер айттыңар. Тим эле энем баш болуп, кайненем бир жактан, үчөөң үч жактан чыгып Зыйнатты кайра-кайра мактап, кайра-кайра эне экенин айтып жатып баланын башын биротоло айландырып салыптырсыңар. Жана эле кантээр экен деп сынамакка «Чыныңды айтчы Үсөн, сени ким тууду эле?» – десем, токтолбой туруп: «Зыйнат апам тууган!» – деп турса болобу. Калп айтпа, сени Жайнагүл эле тууган, десем: «Сен өзүң калп айтпа» – дейт. Зыйнат келип сени алып кетем десе, эмне кыласың десем, түз эле: «Кетем» – деп турса болобу. Эми ал баланы кетпе десең да кетет, көрөсүң го. Бирок айтып коёюн, жанакы Мүсүрепов деген неме жөнүндө айткан сөзүң чын болсо, мен канымдан чыккан баламды кайдагы бир Шерхан деген казактын баласы кылалбаймын.

– Оме-е-й де. Ошондойбу? Зыйнаттын күйөөлүү болушун каалабайм дечи.

– Балам үчүн каалабайм.

– Түшүнүктүү.

– Эмне түшүнүктүү? Эчтеке түшүнгөн жоксуң.

– Эгерде Зыйнатты, «башкага тийбе, табышалы, кайра алайын» десең, макул болоор беле? «Күнү күйүшкөн жоо» дегендей, анда экөөбүз бири-бирибизге күйүмдүү эже-сиңди болуп жашай алат элек.

Толкунбек көзүнүн кандай жумулуп кеткенин байкабай минтти:

– Сен аны Мүсүреповго турмушка чыкканы жатыптыр деп жатпайсыңбы. «Колго тийген коёнду, коё берген оңорбу» дегендей, эми Шерхан андан өлсө да ажырабай калсын. Анын үстүнө Зыйнат да айтканынан кайтпаган намыскөй неме. Аны бир токтотсо, Үсөн токтотот.

– Үсөн эмне кылып токтотмок эле?

– Эрге тийсең баланы бербейбиз деш керек.

– Айтканынан кайтпайт дейсиң, анчалык убадалашкан неме, балага деле карабайт го. (Калп эле кейигенсип шыпшынып койду.) Кап, болбойт экен анда. Тойго чакырса эмне кылабыз, барабызбы же барбайбызбы?

Толкунбек дагы бурк этти.

– Эмнеге бармак элем?! Бирок Жакин, сага дагы эскертип коёюн, Үсөндү сактап кал.

– Качан жолго чыгасың?

– Пансионаттын директору да бармак. Ошол киши звандаса эле жөнөйбүз. Өзүнүн машинасы ремонтто экен.

Толкунбек көңүлүндө Зыйнаттын Шерханга турмушка чыгаарын ойлоп ичи күйүп, көңүлү бөксөрүп турду. «Атаңдын көрү ит казак, акыры муратына жеткен экен. Карап туруп, алтындай болгон аялымдан ажыраган экенмин. Азыр казак менен кыргыздын кээ бири жапырт эки аял алганга өттү. Зыйнаттан бекер ажырап калдым. Ортодо бала болгондон кийин, кайра баш кошсок күнөө болбойт эле да.

Кап, кап, кап, байкуш Жакин деле көнмөк экен деген сыяктуу өкүнүчтөр кыялын кымкуут кылып турду.

Баарынан кызыгы, Айтбүбү менен Жайнагүлдүн ортосундагы балдар үчүн болгон чатагынан кийин, Үсөндүн Зыйнатка болгон мүнөзүнүн кескин өзгөрүшү, бүтүндөй үйбүлөнү ойго салды. Кечээ жакында эле: «Мен өзүмдүн мамамдын баласымын, мени мамам тууган. Зыйнат апа, Үсөн менин балам, – деп калп айтат экен. Аны мен жакшы көрбөйм. Алардыкына эми барбайм» – деп таңдайынан чаң чыгып турган Үсөндүн көңүлүнө башкалардын айткан сөздөрү жетпей, Айтбүбүнүн Жайнагүлгө атырактап: «Үсөн сенин балаң эмес, Зыйнаттын баласы» – деген сөзүнүн жеткени кызык болду. Бул балага ушундай бир катуу айтылган тажаалдын сөзү жетпей тургансып, ошондон баштап Зыйнат жөнүндө айтылган сөздөрдүн ар биринин Үсөн үчүн жылуулугу бар сыяктуу жагымдуу да, уккулуктуу болгонсуду да калды.

Жайнагүл эртең менен Үсөндүн: «Ыя мама, биз окууга барганда Зыйнат апам да келеби?» – деп сураганын эстеп, «Кызыл куйрук тобушкан кырылышып кетсе да, кыйышпайт экен туушкан» дегендей, баары бир каны биргелик кылат экен го, деп ойлоп тышка чыгайын деп баратып дарбаза алдына келип токтогон машинанын үнүн угуп селт этти. Ылдамдай басып коридордун тепкичинен түшүп келатып, тыштан жарылдашып жарыша сүйлөп: «Кудай, Зыйнат апа-а-а!» деген балдарынын үнү кулагына шак дей түштү. Зыйнат өзүн көздөй шадыраңдап «Зыйна апалап» жарыша чуркап келаткан балдарын көрүп сүйүнгөнүнөн: «Кудайым ай, балдар аман экен!» – деп жиберди, бүткөн бою ток тийгендей ысып.

– Түү-ү-ү, Зыйнат келип калган турбайбы! – деп жиберди шашкалактаган Жайнагүл. Анын көзүнө ачык турган дарбазадан Асан менен Үсөндүн Зыйнатты кучактап, өпкүлөп жатканы көзүнө чоктой кадалды.

Зыйнат Жайнагүлдү көрүп, кучагындагы балдарды коё берип, Жайнагүл жакындай бергенде, кучагын кандай жайып жибергенин өзү да билбей калды. Экөө бири-бири менен кучакташып өбүшүп учурашышты. Жайнагүл ал-жай сурап минтти:

– Кандай, дениң сак жакшы жүрөсүңбү?

– Ракмат, Жайнагүл Казиевна, жакшы элемин. Өзүңүз кандай турасыз? Кадыр-көңүл тынч, ден соолугуңуз жакшыбы?

– Алынча, мактана турган эч нерсе жок. Телефон чалсак албайсың, же өзүң телефон чалбайсың?

– Ооба, шартка жараша ошондой болуп калды. Силер кеткенден кийин, үйдө болгон жокмун. Бир туугандарым менен чогуу эс алып ар кай жакта жүрдүм. Ошко бардык. Мендеги жаңылык ал жактагы үйдү сатып, Бишкектен үй алдык. Ал эмес таяке-тажеңемди көчүрүп келдик.

– Оо, кут болсун, жакшы жаңылыгың бар турбайбы. Чоң иш жасаптырсыңар. Бишкектен үй алганың сонун болгон тура. Акжолтой, ак жүздүү үй болсун. Кызың чоңоюп жатыптырбы?

– Ооба, атайы эле адам болуп калыптыр торолуп. Апалар барбы?

– Апалар да бар, Толкунбек да бар. Ал экөөбүз азыр эле сен жөнүндө сөз кылып жатканбыз.

– Мен жөнүндөбү?

– Толкунбек бүгүн Алматыга жөнөгөнү камынып жатат. Сөздөн сөз чыгып олтуруп, кантээр экен деп, сынамакка: «Зыйнат Мүсүреповга турмушка чыкканы жатыптыр» – десем, делдее түштү. Ишенип калды. Анан эмне дейт дебейсиңби?

Зыйнат күлдү.

– Эмне дейт?

– Эгерде чындап эле Мүсүреповго чыга турган болсо, Үсөндү Зыйнатка бербегин дейт.

– Эмне үчүн?

– Баламды Шерханга берип, казактын баласы кылгым келбейт дейт. Ич тарлыктан ичине ит өлүп жатат аныңдын.

Экөө көңүлдүү сүйлөшүп, күлкүлөрү таш жарып короого кириштн. Бул убакта балдар эчак эле жер-сууну бузуп: «Зыйнат апам келди!» – дешип, үйдөкүлөрдүн баарына жарыялап жиберишкен болучу. Балдардан угуп галошторун оң-тетири кийген Кына менен Тумар Асан менен Үсөндүн коштоосунда тышка чыгышып, Зыйнаттын алдын тосо басышып, бетинен экөө бирдей өөп, минтишти:

– Алдыңа кетейин жанакы эки жаман: «Зыйнат апам келди, болгула батыраак» – деп таэнеси экөөбүздү тим эле тытып жибериштн. Кандай балам, сак-саламат жакшы жүрөсүңбү?

– Ракмат аяш эне, өзүңүздөр күүлү-демдүү турасыздарбы?

– Күүлү үчүн кудагый экөөбүз балдар менен тең жарыша чуркап чыкпадыкпы.

– Ырыстарым: – Зыйнат апам келди, – дешип, кудайлашып биринен бири өтүп айтаарга сөз табышбайт, – деди Тумар.– Алматыда өзүң менен бирге болгон күндөрүн күндө айтып, ооздорунан түшүрүшпөйт. Зыйнат апам биз барганда тигинткен, Зыйнат апам минткен, бизди тигил жакка алып барган, бул жакка алып барган дешип тим эле узун сабак сөз, баш-аягы жок жомок кылышат. Ал жактан кийип келген кийимдери, оюнчук-моюнчуктарынын өз аттары аталбай эле «Зыйнат апам» аталып калды. Кечээ кечте Үсөн чайына түшкөн чаманы көрсөтүп: «Зыйнат апам келет окшойт, таэне, чайыма конок түштү» – десе, аны карап Асан да чайынын чамасын көрсөтүп: «Менин чайыма да конок келди, Зыйнат апам го» – дейт.

Кына жакасын кармады.

– Кудая тобо, бул экөөнүн периштеси, Зыйнат келерин кабарлап, аян берип жаткан турбайбы көрсө, – дейт шыпшына сүйлөп.

Зыйнат келгенде эртең мененки чайга жайылган дасторкондун үстү жер-жемиш, таттуу-паттуу менен кайрадан калыңданып, биринин артынан бири коюлуп жатты. Зыйнаттын машинасынан түшүрүлгөн коон-дарбыз, жүзүм-пүзүм, анар менен башка жемиштерге ашкананын бир капшыты толуп кетти.

– Ой-ий, муну сатабызбы, ыя мама! – дейт балдар.

– Сатчу беле, жейсиңер, – деди Жайнагүл.

– Түү-ү-ү, ушунун баарын кантип жеп түгөтөбүз, ыя эне? – деп Үсөн сураса: – Мама, бизге дагы конок келеби? – дейт Асан...

Ушул кезде Зыйнаттын да, Жайнагүлдүн да, ал эмес Кына менен Тумардын оюнда Толкунбек турган болучу. «Кантип эле Зыйнат менен учурашпай койсун» деген ой ар кимисинин кыялында ойноп турду. Ал эми Толкунбек болсо, Зыйнаттын Шерханга турмушка чыгарына ишенип, ичи күйүп, күнүлөштүн күлү жоо болуп, аны менен кантип учурашаарын же учурашпай кетип калардын айласын таппай калды. Бул шайтан келелекте чыгып кетсем болмок экен деген өкүнүчтө, ошол каражолтой Мүсүрепов деген адам Толкунбектин алдыдагы ак тилек, аруу максаттарына жеткирбей атайын душмандык менен астым-үстүм түшүрүп жибергендей орду толгус жоготуу болуп турду. Дегинкисин айтканда Үсөндөн кийин акыры, эки аялынын экөө менен тең жашоого жетишээрине Толкунбектин ишеними күчтүү болучу. Жайнагүлдөн күтүүсүз жерден укkан сөз Толкунбек үчүн анын бул улуу максаттары бир заматта түп орду менен кыйрап жок болуп, ындыны өчтү да калды. Анын азыркы бирден бир максаты Үсөндү сактап калуу болду. Бирок кандай кылып Зыйнат менен ыгын таап өзүнчө сүйлөшөрдүн амалын таппай тегеренип турган Толкунбек, Туратты көрүп сүйүнүп кетти.

– Ырас келдиң, азыр эле сени ойлоп турдум эле. Билесиңби, баякы шуркуя келиптир.

– Кайсы шуркуя?

– Зыйнат деген шуркуя.

– Ооба, машинасын көрүп ойлодум эле, Зыйнат келген экен деп.

– Ал эрге тийген жаткан тура.

– Кайсы эрге?

– Баякы Мүсүрепов деген казакка.

– Ким айтып жүрөт аны?

– Уктум, ишенимдүү киши айтты. Учурашкан жокмун.

– Эмне үчүн?

– Жанакы сөздү укандан кийин жүрөгүм сууп калды. Бирок аны менен Үсөн жөнүндө ачык сүйлөшүшүм керек болуп турат.

– Эмне деп?

– Түшүнүп туруп сурайсың да. Эрге тийүүчү аялга да бала берүүчү беле?

– Койсоңчу жок сөздү. Жаш неме эртеби, кечпи, акыры чыгат дечи. Бирок азырынча турмушка чыгуу менимче Зыйнаттын оюнда жок. Дагы эмнени уктуң?

– Эчтеке укkан жокмун, и уккум да келбейт.

– Анда сен Зыйнаттын Бишкектен үй алганын, ага таяке-тажеңесин Оштон көчүрүп келгенин да угалек турбайсыңбы?

Толкунбек Туратты бир оокумга үнсүз тиктеп туруп минтти:

– Чын айтып жатасыңбы?

– Калп айтып башыма эмне күч келди.

– Жакында алган го.

– Ооба, аз эле болду. Билесиңби, үй алганда да кандай үй алды дейсиң. – Баш бармагын көрсөттү. – Момундай үй. Жанакыдай Мүсүреповго тиет деген сөздү кайсы досуң айтып жүрөт? Кокустан чындап эле Мүсүреповго чыга турган болсо, каймакка куймак куйгандай эле болмок. Шерхан деген таланты жагынан да, адамкерчилиги жагынан да мыкты жигит тура. Мага жакты. Эки талант баш кошсо, оо, сонун эле болмок.

– Сен ошондой ойлойсуңбу? – Толкунбектин көңүлү чөгө түштү. – Шерхандын талантында талашым жок. Бирок өпкөсүн колуна кармаган, көпкөн казак да. Зыйнаттын ага турмушка чыгышын мен чыны каалабайм.

– Зыйнаттын эрге тийишин каалабасаң, анда кайра алуга көңүлүң бар го, ыя?

– Сенден жашырмак белем: «Колдо бар алтындын баркы жок» дегендей, Жайнагүл деп, балдар деп жүрүп, Зыйнаттын кадырын билген эмес экенмин. «Көсөөнүн акылы түштөн кийин кирет» дегендей, эми ойлосом, мени сүйгөндүгү үчүн гана жасаган экен. Вообще, эркектер убалсооптон коркпогон эл экенбиз. Баласынан тирүүлөй ажыратып күйгүзгөн да менмин, ден соолугунан ажыраткан да менмин. Жаш төрөгөн немени кычыраган кышта, канын чубуртуп сүйрөп жүрдүм го тынчтык бербей. Ошон үчүн туубас болуп калды. Анан акыры, мени менен ажырашууга анын өзүн, өзүм аргасыз кылгандыгымды мен түшүндүм. Мындай заман, мындай күн келээрин ким билди. Азыр эки аял алуу күнөө болбой калбадыбы. Ошон үчүн Үсөндү бетиме кармап, башкага кыйбай айланып турам да.

– А Зыйнат макул болобу? Андай болгондо мурдатан «Төө кыядан өтүп кетелегинде» ойлонуш керек болучу.

– Аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы. Билбейм эмне кылышты. Мүсүрепов менен аралашып калдыбы деп шекшип турам. Болбосо өзүм чындап кийлигишсем жок дебейт эле.

– Качан болсо эле ал экөөбүз жаман-жакшы айтышып «кадыр-көңүл калышып ажырашкан жокпуз» деген сөздү бетиңе кармап тура каласың. Чындап келгенде Зыйнат ага карабайт. Бирок мен Зыйнатты Мүсүреповго турмушка чыгат экен дегениңе ишенбейм турам. Намыстуу аял Мүсүреповго чыкпаганда деле сага макул боло койбойт го. А Жайнагүлчү? – Сөз ушул жерге келгенде ар жактан Асан менен Үсөн үйдөн жарыша чыгып, машинанын жанында атасы менен сүйлөшүп турган Туратка салам айтышты.

– Саломалейкум!

– О, алекима салам. Кандай чоң жигит болуп жатасыңарбы?

– Ооба? Турат байке, сиз билесизби биздикине ким келгенин?

– Жок, билбейм. Ким келди? (Билип туруп сурады.)

– Зыйнат апам келди.

– Оо, жакшы болгон турбайбы. Зыйнат Эсеновна апаңар болобу?

– Ооба, Үсөндүн апасы!

– А сага апа болбойбу?

– Болот. Экөөбүздүн апабыз да.

Толкунбек корс этти.

– Тейт. Апаңар болот деп ким айтты силерге?

– Баары эле айтып жатпайбы. Баякыда өзүң деле айтпадың беле Үсөнгө, Зыйнат сенин апаң – деп.

Турат күлдү.

– Булар укканын унутпайт.

– Силерди чайга чакырып жатат.

Толкунбек менен Турат киргенде Зыйнат ордунан тура калды. Эмелеки: «Көргүм келбей калды» – деп жаткан Толкунбек, Зыйнатты көргөндө күлүп жиберди. Ал өз энесин да, кайненесин да, ал эмес Жайнагүлдү да каратып туруп эле Зыйнаттын колун кыса кармап туруп, өөп жиберди. Анан жүзү чоктой албырып минтти:

– Конуш кут болсун.

– Ракмат.

– Эмне конуш? – деди Кына Зыйнатты карап.

– Бишкектен үй алдым, аяш эне. Бул жерде Жайнагүлдөн башка эч ким угалек эле, Турат, сен айттыңбы Толкунбекке?

– Ооба, мен айттым.

– Жакшы болуптур, балам. Акжолтой үй болсун, – дешти Кына менен Тумар бир ооздон.

– Оштогу үйүңдү эмне кылдың? – Толкунбек кызыга сурады.

– Саттык.

Канчалык Шерхан жөнүндө ойлоп, тынчсызданып турганы менен оозу батып ал жөнүндө сурай да албай, айта да албай ичинен тынып олтурду. Бир кезде Зыйнаттын тышка чыгып кеткенинен пайдаланып Турат минтти:

– Зыйнат Үсөн жөнүндө эч нерсе айткан жокпу?

Жайнагүл элее түштү.

– Жок, эч нерсе айткан жок. Эмне айтмак эле?

– Үсөндү беришсе, өзүм алып окутсамбы деген ою бар го.

Олтургандар бирин бири карап дымый түшүштү. «Чыгалбай турган көз эле, чыгып кетти өзү эле» дегендей, ансыз да ич күптүүсүн сыртка чыгаралбай санаага батып олтурган Толкунбек минтти:

– Айтып коёюн, эрге тийип жаткан катынга бергендей талаада жаткан бала бар бекен?

Зыйнат кирип келатып, ачык турган эшиктен Толкунбектин сөзүн угуп токтой калды.

– Эмне, Зыйнат күйөөгө чыкканы жатыптырбы? – деди Тумар. – Сизге айткан жок беле, ыя кудагый?

Зыйнат Жайнагүлдүн айткан жанакы сөзүн эстеп ичинен күлдү.

– Сиз дагы кызык суроо саласыз да, кудагый. Уксам кулагым дүлөй болсун. Азыр угуп жатам.

Зыйнат үйгө кирер-кирбестен эле, дароо сөзгө аралаша кетти.

– Ыя, аяш эне, эмне болду? Зыйнат деп мен үчүн эмнеге карганып жатасыз, жарыктык.

– Ой, билбейм, ушул жерде Зыйнат күйөөгө чыкканы жатыптыр деген сөз чыгып кетти.

Зыйнат күлдү.

– Аны ким айтып жатат?

Толкунбек дароо жооп берди.

– Мен айтып жатам. Сөздүн ачыгы жакшы, Зыйнат, сен эрге тийгени жаткан турбайсыңбы. Бирок анүчүн сени эч күнөөлөбөйм. Тие бер, багың ачылсын. Айтайын дегеним, андай болгондо Үсөндү алат экенмин деп ойлобой эле кой.

– Эмне үчүн ойлобойт экенмин? Алигиче Үсөндү оозум толо өбөлекмин, көзүм тоё көрөлекмин. Эне болуп эмчек сүтүн эмизбедим, чыккан тилин, күлгөн күлкүсүн укпадым. Сагынычым тарап, санаам тынып, алигиче кумарым тарап кубанычка карк бололекмин. Мурунку өткөндөгү шорум аз келгенсип, дагы кансыктатайын деп турасыңбы. Ээ, эр эле дейсиң, деги кимге тиет экенмин, айтпайсыңбы?

– Жанталашып жашырбай эле кой, билем кимге тиериңди.

– Кимге тиет экенмин?

– Мүсүреповго тиесиң!

– Ким айтты?

– Шерхан өзү айткан.

– Калп айтпачы Толкунбек, Мүсүрепов эч качан антип айтпайт.

– Мүсүреповго ишенип, маган ишенбейсиңби?

– Койчу Толкунбек, көп сөздүн кереги эмне. Мен кимге ишенип, кимге ишенбесимди өзүм билем. Экөөбүздүн бири-бирибизге болгон ишенимибиз бүтпөдү беле. Мен бул жерге ким үчүн байланып, ким үчүн кайра-кайра айланып келип олтурганымды билесиң да. «Жаман катын чыккан жерин төркүнсүйт» дегендей ойлобо. Бардык аракетим Үсөн үчүн. Менин Шерхан жөнүндө билгеним бирөө гана. Ал болсо жакында бул таланттуу адамдын 50 жашка толгондугуна байланыштуу мааракеси болот. Балким, ошону жаңылыш угуп алгандырсың.

Олтургандар бирин бири карашты. Анан Турат таң кала сурады.

– Мүсүрепов элүүдө бекен ыя?

– Ооба, элүүдө.

– Жаш го?

– Кимди айтып жатасыңар? – деди Тумар. – Бая күнкү жазуучу жигитпи?

– Ооба, ошол апа!

– Мен оюмда отуз беш менен кырктын ортосунда болсо керек деп ойлодум эле.

– Мен дагы, – деди Кына, кудагыйынын сөзүн кубаттап. – Зыйнаттын атасындай болгон киши турбайбы. Бирок өтө жаш көрүнөт экен.

– Эркектер үчүн элүү эмне, жаш да. Дени сак болсо, кайгысы жок болсо, жаш болот да. Анын үстүнө сөөгү таза, чымыр киши турбайбы. Мындай кишилер кааласа келин эмес, кыз албайбы, – деди Тумар.

Толкунбек Зыйнатка карады:

– Сен катышасың да. Көргөмүн үйүңдөн Шерхандын сүрөтүн.

– Ооба, албетте, катышам.

– Катыша бер. Бирок айтып коёюн, ал абышкага турмушка чыгаарыңды жашырып, жалган айтып жаныңды жей турган болсоң, Үсөндү ал казакка сени менен кошуп берип, өгөй атанын баласы кылып коюп, Толкунбек унчукпай, тынч калат экен деп ойлобой эле кой.

Зыйнат олтургандарды караса, бардыгынын көзү бирде Толкунбекке, бирде өзүнө суроолуу кадалып, булардын кимисинин оозунан дагы кандай сөз чыгып кетээр экен деген жазууну көрүп, күлүмсүрөп баратып, дароо сустайды. Ушул саамда анын эсине эне-атасы менен Мансурдун, түндө эле түшүндө көргөн элестери тартыла түштү. Анан: «Эки бала экөө тең кырсыкка учураганы турат, эрте жетпесең кечигип каласың» деген ата-эненин сөзү кулагына угулганда, жүрөгү оозуна тыгыла түштү, Зыйнат элеңдеп, экижагын карап, Жайнагүлдөн минтип сурады:

– Асан менен Үсөн кайда кетишти, дабыштары чыкпай эле калды.

Жайнагүл камаарабаган токтоо мүнөзү менен жооп берди.

– Балдар менен көлгө кетишти го, азыр эле баллон көтөрүп жүрүшкөн.

Зыйнат селт этип, олтурган ордунан тура калды.

– Кап, жибербей эле койбойсуңар да. Мен эч жакка кетпейт экен деп ойлогон турбайымбы.

– Бул эле жерде жакын. – Жайнагүл оюнда Зыйнат Үсөндү азыр эле алып кеткиси келип жаткан экен деп гана ойлоду.

Ушул маалда ачык турган терезеден Жанаттын үнү угулду.

– Жең-е-е! Асан менен Үсөндү билесиңби, кайда кетишти? Барба десем болбой Кызыл-Ташка кетишти.

– Кызыл-Таш деген да пляж барбы?

– Жок, пляж эмес, ал жерге көлгө түшүүгө тыюу салынган. Бирок суусу таза. Кыпкызыл болгон таштары бар. Өзүнчө беш-алты метр бийиктиктеги секиченин үстүнө чыгышып, балдар көлгө секиришет. Ошонусуна карап, кубаласа болбой көп барышат. Биздин балдар ал жакты билүүчү эмес эле, балдар азгырган го, – деди Жайнагүл.

Бул сөздү угуп Зыйнаттын жүрөгү оозуна тыгылды. Ансыз деле ата-энесинин түшүндө айткан сөздөрүн эстеп, коркуп турган неме минтти:

– Анда ал коркунучтуу жер турбайбы. Машина барабы?

– Барат бери жагына, ары жагына өткөрбөйт. Коркпой эле кой, Кудай сактасын, келишет да.

– Балдарды угуп жүрөгүмө эч нерсе барбай калды. Артынан барып алып келели балдарды. Макул деп коюңузчу, Жайнагүл Казиевна!

– Зыйнат, сен бекер эле тынчсызданып жатасың.

– Суранам, жүрүңүзчү, балдардын шылтоосу менен көлгө чөмүнүп келели.

– Ооба, барып келели. Эт кургаткандай сүлгү, купальник алып чыгайын мен.

– Алыңыз. Меники бар. Не бар, не жок деп салып койгомун. Балдарды Кызыл-Таштан табабызбы деги?

– Ооба, табабыз. Жанат ошол жакка кетти деп жатпайбы.

– Зыйнат апа, мен дагы барайынчы силер менен, – деди Жанат.

– Ой, алтыным ай, сен барбаганда ким барат. Сурабай эле олтура бербейсиңби, – Зыйнат кыздын чачынан сылап төбөсүнөн жыттап койду. – Көңүлүндө: «Тобо, кенедей немелерди да көлгө ээн-эркин коё бергендери кызык экен. Кокустан балдар кырсыкка учурашса эмне болот деп ойлошпойт экен да» – деп ойлоп, Кызыл-Таштын кабарын угуп ого бетер санаасы тынбай калды.

Аялдар менен чогуу чыгып өз машинасынын жанына келип токтогон Толкунбек минтти:

– Калп болсо деле, көңүл үчүн Турат экөөбүздү деле: «Чогуу баралы, жүргүлө» – деп койсоңор эмне болот?

Жайнагүл күлдү.

– Биз эмне, тойго баратыптырбызбы. Баргыңар келип турса, бизге тийиштик кылбай эле бара бербейсиңерби.

– Болуптур, болуптур, жөн эле айта салдым. Кокустан силер келелекте кетип калсак, жакшы калгыла.

– Ооба, өзүң да жакшы бар. Жакан менен Галияга салам айт, – деди Жайнагүл.

Толкунбек Зыйнатка тийише сүйлөдү:

– Шерханды көрсөм эмне дейин?

Зыйнат күлдү.

– Эмне демек элең, Зыйнатың жакында келет деп салам айтып, санаасын тындырып кой.

Ансыз эле арманы артып, жүрөгүнө чок түшүп, көңүлү эңшерилип, ич тарлык ичин тырмап турган Толкунбек, Зыйнаттын артынан узата тиктеп туруп «жалап» деген сөз оозунан кандай чыгып кеткенин өзү да билбей калды. Курдашынан мындай жагымсыз сөздү күтпөгөн Турат селт дей түшүп минтти:

– Чи-и-и-ш, кантесиң, – деп жиберди.

Толкунбек тигилердин кеткен жагын умсуна карап туруп кыжына сүйлөдү:

– «Кара ит, сары ит, баары бир ит» дегендей, бул катын дегендерде ар-намыс, уят-сыйыт, бет да болбойт экен го. Кечээ эле кырчылдашып кыл чайнашып, биринин изин бири баспаган эки душман минтип тил табышып дос болуп кетиштиди. Тобо, көрүп олтуруп таң калам да, таң калам. Зыйнатка атам менен энемден мурда, Жайнагүлдүн кандайча эрип кеткенине акылым жетпей койду. Жети-сегиз жылдан бери шек-шыбаасы билинбеген Үсөн жөнүндөгү жашыруун сырдын ачылышы өзүнчө бир адамдын акылы жетпеген табышмак болду да калды мен үчүн.

– Ой, койчу, анын эмнеси табышмак болмок эле. Мансур абам Кудайдан корккон ыймандуу киши турбайбы. Кеменгер киши экен, жарыктык. Өмүрүнүн акыркы минутасында Алланын алдына, эне менен баланын убал-сообун аркалабай ак кетүүнү, тазарып кетүүнү көздөдү да кайран киши. Менимче, бул жерде мындан башка эч кандай себеп болууга мүмкүн эмес, Толкунбек. Мындай сөздү жалгыз мен эмес, жумурай журттун баары айтып жатат.

Толкунбек ийнин куушурду.

– Ай таң, билбейм. Балким, ошондойдур. «Жел болбой чөптүн башы кыймылдабайт» дегендей, деги бир себеби болуш керек. Жөндөн-жөн эле, мындай болбойт болучу. Мен бул үчөөнүн ортосундагы, менден жашырган жашыруун сырдын эмне экенин билбей эсим ооп жатпайымбы. Аялым айтпаса, энем айтабы десем энем да айтпады. Атам айтабы десем атам да айтпаган бойдон жөнөп кете берди...

Толкунбек менен Турат ушунтип баш-аягы жок узун сабак сөздүн учугун чубап табалбай жаткан кезде Жайнагүл менен Зыйнат түз эле Кызыл-Таштыкөздөй бет алышты. Машинаны көлгө жакын жерге токтотуп, эшиктерин жаап, ызы-чуу түшкөн балдарды көздөй басышты. Бул жердин Кызыл-Таш деп аталып калышынын себеби бар экен. Жээкте атайын таш кескичтер менен кесилген да, кесилбеген да койдой болгон кызыл таштар адамдын көз жоосун алат. Мындан тышкары бул жерде бир кездерде пароход токтоо-

чу пристан болгону дароо көзгө чалдыгат. Көлдүн шаар жак бетинде он беш, жыйырма метрче узундуктагы кыпкызыл таш дубал сакталып калган. Көлдө шамал болуп, жел жүрдү дегенче түрмөктөшкөн ак жал толкундар бирин бири кубалашып келип таш дубалга урунушуп, сынган айнектей бычырап, көбүгү көккө сермелип, анан кайра тартаарын ойлогон Зыйнат бир ажайып картинанын элесин көз алдынан өткөрүп койду. Жайнагүл айткандай суусунун тунуктугу бул жерде өзгөчө экен, деп көл түбүндө жаткан кум аралаш майда таштарды тиктей берип көөдөнүн кере дем тартат. Кыйкуулаган ак чардактардын үнүнө кошулуп, балдардын абазы айлананы шаңга бөлөйт. Зыйнат теребелди суктана карайт. «Бул жерде көлгө түшүүгө тыюу салынганы болбосо сонун жер экен», – деп ойлоп койду.

Күнгө күйгөн балдардын майдасынан чоңуна чейин кимиси кайсы бала экенин алыстан ажырата тааныу кыйын экен. Тетигил таш сепилдин кырындагы эмине кылып олтурган балдар? – деп сурады Зыйнат.

– Көлгө секирүүгө камданып олтурган балдар, апа, – деди Жанат.

– Ко-ку-у-й, эмне дейт катыгун. Көлгө бул жерде түшүүгө, секирүүгө тыюу салынса деле, көзөмөлдөө болбойт турбайбы ээ.

– Мотордуу кайык менен келип жакшы эле айдап турушат. Бирок алар кетери менен кайра эле түшө беришет.

– Анда коркунучтуу тура. Чөгүү болобу?

– Көп эле болот. Быйыл Бишкектен келген эки кыз чөгүп өлдү, – деди Жайнагүл.

– Ай, айланайындар, тетигил секирүүчү балдардын арасында биздин балдар жокпу?

– Мен барып келбедимби, апа. Баарын карадым, алар келбей калышкан окшойт. Башка жакка кетишкен го!

– Эмне кылалы, алар келбесе, көлгө түшпөй эле кетели. Мен Асан менен Үсөндөн санаам тынбай турат. Аларды кайдан табабыз, ыя?

– Кудай сактасын. Көлдүн жээгине келип, бутубузду суга салбай кантип кетебиз. Түшүп эле кетели.

Зыйнат менен Жайнагүл, кийимдерин жаңы эле чечип, бир кызыл таштын үстүнө коюп жатканда, Жанат кыйкырып жиберди.

– Апа, тигине, Асан менен Үсөн эми келишти. Карагылачы, деги канча бала? Апа, түз эле таш дубалды көздөй бет алышты. Ошол жерден башы менен көлгө секиришет.

Жайнагүл Жанатка буйра сүйлөдү.

– Бар, экөөнү бул жерге алып кел, апам менен мамам чакырып жатат де.

Зыйнат Жайнагүлгө карады.

– Чабак урганды билишеби деги?

Булардын жанында чечинип жаткан аял Жайнагүлдөн мурда сөзгө аралашты.

– Билгендер бар, билбегендер бар. Билсе дагы бала деген бала да. Бул жерге көбүнчө өспүрүмдөр келишет болуш керек. Алар үчүн көлгө секирүү сонун да. Кызыл-Ташка чыгып көлгө секирүү, чабак уруу эле эмес, көлгө түшүүгө тыюу салынса деле болбой көз жазгырып, келе беришет.

– Биздин балдар Кызыл-Таш деген балекетти билүүчү эмес эле. Кандайча бул жакка кеткенин билбей калбадыкпы, – деди Жайнагүл, Зыйнат экөө көлгө кирип баратып.

Көпөлөктөй учкан Жанат көздү ачып-жумганча балдардын жанына барып буйдалып калганын көрүп, Зыйнат минтти:

– Жайнагүл Казиевна, тигил эки тентекти карасаңыз, Жанатка моюн бербей жатышат. Ошондойлоп барсак эмне болот?

– Көрүп жатам, барсак баралы.

Асан менен Үсөндү Жанат ээрчитип келатканын көрүп, аялдар токтоп калышты. Балдар келгенде Жайнагүл сурады.

– Кызыл-Ташка келгенге ким уруксат берди силерге? Эмне үчүн суранбай, кайда барарыңарды айтпай кетесиңер?

– Балдар айтышты, ата-энеңерге айтпагыла, алар билсе жибербей коёт, кайра бат эле келебиз дешип.

– Кызыл-Ташка көлгө түшкөнү бардыңарбы?

– Алар секиргенди билишет экен. Үсөн экөөбүз алардын секиргенин көрүп, биз дагы үйрөнөлү дегенбиз.

– Ал жерден секиргенге болбойт, өлүп калууга мүмкүн.

– Ооба, өлбөй эле балдардын баары секирип жүрүшпөйбү. Биз чабак урганды да, чумкуганды да билебиз да.

– Болду, көп сүйлөп башыбызды оорутпагыла.

Жайнагүл менен Зыйнат көлгө бир сыйра чумуп алышып, балдарды алып үйгө келишсе, Толкунбек эбак кетип калыптыр. Зыйнат аны угуп ичинен кейип калды. Мени эрге тиет деп, ич тарлыктан ичине ит өлүп куурайт экен го. Бул экөөбүздүн бири-бирибизге болгон махабатыбыздын аягы ушундай аяктаарын ойлогон эмес элем. Мага болгон мунун сүйүүсү эми козголдубу, же жөнөкөй эле кыйбастыктын кыянатчылыгы болуп жатабы, ким билсин. А мен болсом, кечээ жакында эле Толкунбектен эч качан сонунум таркап, көңүлүм суубайт го деген жаным, кандайча минтип жүрөгү үшүккө чалдыккан адамдан бетер, бат эле кымбат адамым эсимден чыгып, уламдан-улам сууп, уламдан-улам алыстап баратам, –деп ойлоп, өз оюн өзү чечалбай ойго батып турду. Ал Толкунбекке болгон өз махабатын, Жайнагүлдүн аялзатында кемде-кем кездеше турган адамкерчилиги менен кечиримдүү айкөлдүгү, өгөйдү өгөй дебей, өзөктөн чыккан өз баласындай Үсөнгө болгон энелик мээриминин күчү басып баратканын Зыйнат түшүнүп турду.

Үсөндүн мурдакыга караганда өзүнө боор тартып, имерилип турганын байкап, кубанычтан төбөсүн токсон айтып, машинанын ичин тазалап, чехолдорун оңдоп жаткан Зыйнаттын жанына келген Асан менен Үсөндү карап күлүп койду.

– Апа, сиз кетесизби? – деди Асан.

– Ооба, кетем.

– Үсөн да сиз менен кетеби?

Зыйнат эмне деп айтаарын билбей мукактана түшүп, Үсөн кандай кабыл алаар экен деген ойдо сынамакка минтти:

– Ооба, алып кетем.

– Ыя апа, мен эми шаардан окуймунбу?

– Ооба, шаардан окуйсуң?

– Мен эми такыр качпаймын, сиз менин апамсыз да.

– Аны сага ким айтты?

– Мамам айтты. Таэнем да, энем да, анан Айтбүбү эже да ошенткен.

Зыйнат кубанганынан эмне кылаарын билбей эки баланы бириктире кучактап алып, кандай өпкүлөп жатканын өзү да билбей калды. Балдар менен эзилишип жаткан Зыйнат Жайнагүлдүн жанында турганын көрүп селт этти. Анан кубанычтан төгүлгөн көз жашын кош алаканы менен сүртүп, Жайнагүлдү кучактап өпкүлөп жиберди:

– Мен сизге ыраазымын, Жайнагүл Казиевна! Өмүрүм өткөнчө милдеттүүмүн.

– Мама, биз айтып койдук, – деди Асан, эки апасын жадырай карап.

– Эмнени? – деди Жайнагүл көз жашын сүртүп.

– Үсөндү! – деди Зыйнат менен Жайнагүлдүн эмнеге ыйлап жатканын түшүнбөгөн эки бала коркок көздөрүн аландатышып.

– Үсөндү? Үсөндүн эмнесин?

– Баякыда айтпадыңар беле, Үсөн Зыйнаттын баласы деп.

– Аа, ошону айттыңарбы? Туура, Үсөн Зыйнат апаңдын баласы. Жүргүлө эми, тамак ичели.

Тамак үстүндө Жайнагүл минтти, энелерине карап:

– Асандын Зыйнатка эмне деп айтканын билесиңерби?

– Эмне деп айтыптыр? – деди Кына.

– Үсөн сиздин балаңыз турбайбы. Мамам, энем, таэнем баары ошентип айтты дептир.

– Ооба, Асан туура айтат, айтканбыз ошентип. «Өлүмдөн башкасынын баарынын эрте болгону жакшы» дегендей, сөз көбөйүп кетти эл ичинде. Үсөндү мынча болду өзүң ала кет. Сенин да биротоло санааң тынсын, – деди Тумар.

Жайнагүл Кынага карады:

– Ыя эне, Зыйнат менен мен деле чогуу барып келбейминби.

– Өзүң бил, балам, барсаң барып кел. Үсөн экөөнү жалгыз жибербей, Асан экөөң узатып келгиле.

«Үсөндү алып кетейин берсеңер?» – деп кантип айтып, кантип сурарын билбей, кыжалат болуп турган Зыйнатка оңдой берди болуп, өзүнөн мурда эле маселенин чечилип калганына кубанып олтурган Зыйнат минтти:

– Мен Үсөн жөнүндө угуп, сүйүнгөнүмдөн эмне деп айтаарымды да билбей, толкундап турам. Өз оюмда да ушул болучу, Үсөндү беришсе ала кетейин дегенмин. Көрсө, иш менсиз эле чечилип калган турбайбы. Баш эмес, мал алган жерге да куру барбайт да. «Куру аякка бата жүрбөйт» аяш эне. Мен үйгө барып кайра келейин анда?

Кына келини менен кудагыйын карады.

– Жакин эмне дейт экен. Жайнагүл өзү чечсин, ыя кудагый. Сиз кандай дейсиз?

Тумар түйшөлө түштү. Бир демге ойлоно түшүп минтти:

– Зыйнатты ары-бери чапкылатып эмне кереги бар. Мынчалык болбосо болот эле, болгондон кийин баласын алып кете берсин. Балама бата алам десе Кудайдын күнү толуп жатпайбы. Кудагый экөөбүз балдарыбызга берүүчү батабызды сатуулашмак белек, беребиз. Балекетиңди алайын Үсөнүмдөн бата аябай калалы. Ушундай кылсак туура болобу, ыя Жакин?

– Туура энеке, туура. Ансыз деле Үсөн үчүн Зыйнат жакшы эле үртүлдү. Түшүнөм баарын. Мен Үсөнүм үчүн башым жерге жатканча баарына даярмын.

Тумар көздөрү жашылданып, ыйлайын деп ыйлай албай, каргылданып турган Жайнагүлдү тиктеп туруп минтти:

– Сен кызым, эрдиңди эмшеңдетип каканактаба. Кайраты жок куураган балам ай, эмнеге эле мынчалык жашык болуп калдың экенсиң?

Ушул маалда тыштан Айтбүбү менен дагы бир аял атып кириштн.

– Айланайын апакебайлар, Асан менен Үсөнүңөр, биздин балдарды азгырып Кызыл-Ташка алып кетишкен имиш. Эки-үч бала көлгө чөгүп өлдү деп жатышат.

Айтбүбүнүн суук сөзүн угуп олтургандар орундарынан тура калышты.

– Эмне дейт кокуй, биздин балдар үйдө.

– Жок, жок, чоң эне алар үйдө эмес, балдарыңардын көлгө кеткенин билбейт турбайсыңарбы. Келгендер Толкунбектин эки баласы экөө тең чөктү деп жатышпайбы.

– Оозуңа таш, кара оозуңа кан толгон канчык, – деди Кына.– Ай, Жанат угуп жатасыңбы сөздү? Бир заматта жанакы эки бала кайда чуркап кетишти. Чакырчы экөөнү.

Асан менен Үсөн киргенде, Айтбүбү алаканын шак койду.

– Кокуй, кокуй, булардын балдары үйдө турбайбы. Чөккөн биздин балдар болуп кара көзүбүз кашайып жүрбөсүн. – Бирин- бири түртүшкөн аялдар кайра чуркашты.

Муун-муунуна тийбей калтыраган Зыйнат, энеси менен атасынын түшүндө айткан сөздөрүн эстеп, жакасын кармап, оозунан сөзү түшүп, өңү өчүп тигил эки аялдын кеткен жагын аңкая тиктеп катып турду.

– Э кагылайын, эмнеге эле мынчалык ойго батып, эсиң ооп калдың? – деди Кына. – Жаман иш болгон тура, катыгүн. Кимдин балдары болду экен? Дегеле балдарды өз алдынча көлгө жиберүүгө болбойт. Мен Жайнагүлгө канча айтам жибербе деп.

– Угуп жатышабы жарыктык, жазгырып туруп эле, айтпай уурданып кетип калып жатышпайбы.

– Асан менен Үсөндүн башынан мына бул акчаларды тегеретип, жолго таштап койгулачы. – Зыйнат жанынан

он төрт сом алып, жети сомдон экиге бөлүп, Кынага сунду.
– Чынымды айтсам мен бүгүн атайы эле Асан менен Үсөн үчүн келгемин. Түндө түшүмдө атам менен энем, аяш атам үчөө кирип: «Сен көлгө тезирээк барбасаң, Асан менен Үсөн көлгө түшөбүз деп кырсыкка учураганы турушат» – дейт. Чочуп ойгонсом түшүм. Коркконумдан эмне уктай алайын. Ошон үчүн эрте чыгып, саат тогузга жетпей келбедимби. Балдарды сурап, тынчым кетип жатканы да ошол болучу.

Кына жакасын кармады.

– Оо, арбагыңардан айланайын Эсен менен Аккыз ай, силерди Мансур маркум да жанындай жакшы көрүүчү эмес беле. Кошулган турбайсыңарбы. Арбак билет. Көрсөң көз көрүнөө аян бергенин. Жайнагүл, каралдым, угуп жатасыңбы. Сен эми камыр жууруп, куймак куюп жибер. Балдарды көз көрүнөө арбактар сактап калган турбайбы.

– Жарайт эне, мен өзүм деле ойлоп жатамын.

Зыйнат айланайын, бүгүн кетпей эле конуп калгылачы. Жанга жан дейт, түлөө өткөрүп жиберели, – деди Тумар.

– Жок, жок аяш эне, ырахмат, Толкунбек келгенден кийин деле өткөрсөңөр болот. Нандан улуу эмне бар. Куран окулса болду да.

– Бирок айтып коёюн, түлөө дегенди дароо өткөрүш керек. Эртең, бүрсүгүнү деген болбойт. Толкунбекти күтпөй эле, Туратка айтып, Капар деген молдоңор бар экен го, ошол кишини алып келип, биротоло өткөрүүчү түлөөнү өткөрүп, окутуучу куранды окутуп жиберсеңер оң болгону турат. Күн узун, Зыйнаттын алдында аркыраган машинасы турат, кечке маал кетсе деле, бир заматта кирип барбайбы, – деди Тумар.

– Ооба, айланайын кудагый, ошону айтсаңыз.

– Эгерде Зыйнат келбегенде биздин да кара көзүбүз кашаймак турбайбы. Кайсы шордуунун шору катты экен?

Тыштан Жанат баштап Асан менен Үсөн үйгө жоо куун келаткансып топурап чуркап кириштн. Демиккен балдар жарыша сүйлөп минтишти:

– Билесиңерби, Касым абаныкынан өкүрүк чыгып жатат. Нурдин өлүптүр.

Кына алаканын шак койду.

– Эмне дейт кокуй, көрбөй жүрүп көргөн жалгыз баласынан ажыраган экен ээ шордуулар.

– Чоң бала беле? – деп сурады Зыйнат.

– Биздин Асан менен Үсөндөн аяк алып ичээр улуу болучу.

– Бекболот байкемдерди үйүндө жок экен деп таппай жатышат.

– Алардын кайсы баласы болуп кетти экен, ыя шорум.

– Билбейм кайсы баласы экенин, – деди Үсөн.

– Кайсы баласы экенин билбейм деп коёт. Бактыяр менен Эдил экөө барбады беле. Бизди Кызыл-Ташка баралы деп келген ошолор болучу, ээ Асан, – деди Үсөн.

– Ооба, ошолор болучу...

Жайнагүл тышка чыгып үрөйү учуп кайра кирди.

– Билбейм, туш-туштун баары эле чуу. Эки жерден өкүрүк чыгып жатат. Бири Эдил го. Айтбүбүнүн баласы догдурда экен. Турган эже көл жээкке барып баласын алып келатыптыр. Алар адегенде Асан менен Үсөн деп угушуптур.

– Угуп жатасыңарбы, экинчи өзүңөрчө барып көлгө түшпөйсүңөр, – деди Кына, Үсөндү карап, – Кызыл-Таш деген мындан ары түшүңөргө кирбесин. Уктуңбу, ыя Үсөн!?

Жанат күлдү.

– Энем кызык, Үсөн кеткен жатса деле, Үсөнгө айтып жатат.

– Энең кара жерге кирсин, энеңди Кудай албай койбодубу. Абышка да унутту мени. Ырас эле Үсөн кетсе, Асан жетим козудай болуп жалгыз кантээр экен? – Бышактап, көз жашын сүрттү.

Кудагыйын бир карап алып, Тумар минтти:

– Э кудагый, сиз ушунтип олтурсаңыз, балдарыңыз эмне болот. Үсөндүн аман-эсен минтип жакшылык менен кетиши дөөлөт болбодубу. Кудай жер казыгынан сактасын. Ыйлабаңыз жаман жоро баштап.

Тышта Жайнагүл менен сүйлөшүп жаткан Турат менен Гүлүштүн үнүн угуп сүйүнүп кетишти. Үйгө киргенде минтти Кына:

– Ырас келбединерби. Азыр эле Жакинге айтайын деп жаттым эле балдарды жибер деп.

– Жана эле кат жазып Жанатты жиберген болучумун, – деди Жайнагүл.

– Ракмат балам, ырас кылыптырсың, ажал менен азап каш-кабактын ортосунда деген ушул. Көлгө түшөбүз деп куураган балдар эмне болуп жатат. Мына бул экөөнүн аман калганына түлөө өткөрүп жиберелик дедик. Сен Капар молдону Зыйнаттын машинасына салып алып келегой. Ага чейин Жайна менен Гүлү чайын коюп, куймак куюп жибериишсин. Жетишпесеңер аркы чоң мурун акенин келини бош болсо чакырып койгула, жардам беришсин.

– Мен деле жардам берем, аяш эне, – деди Зыйнат. Машинанын ачкычын Туратка берип, тышка чыгып бараткан жигитке: – Үсөндү алып кетмек болдум. Менден мурда эле өздөрү берүүгө макулдашып коюшуптур. Үсөн экөөбүздү узатып Жайнагүл балдары менен чогуу баручудай болуп жатат. Сен почтого барып биздин үйгө звандап, таякемдерге айтып кой. Эмир менен Темир колуктулары менен үйдө болушсун. Таженем келиндерге айтып үй ичин иреттеп коюшсун.

– Жайнагүлдүн келээрин угушса, айтпаса деле камынышат алар.

– Ошентсе да...

...Түлөө дегени менен түлөөнүн аягы тим эле тойго айланып кетти. Зыйнаттын түшүн укандан кийин Жайнагүл мурдагыдан да башкача болуп такыр өзгөрдү. Зыйнатка

угузбай, өздөрүнчө сүйлөшүп, өткөндө Үсөн жөнүндө Аккыз менен Эсендин Кына менен Жайнагүлдүн түшүнө бир мезгилде киргенин айтышып жакаларын кармады. Кудагыйы менен кызынын сөзүн угуп олтуруп, Тумар минтти:

– Андан дагы бүгүнкү окуяны аятпайсыңарбы. Деги ич оорулуу болуп ыйлабай узата көргүлө, балам. Сен жаман экенсиң ыйлаак. Бирдеме болсо эле көз жашың жамгырдай төгүлүп турат экен.

– Макул апа, мен да ойлоп жатам. Зыйнат экөөбүздүн ортобузда эчтеке болбогондой эле бир тууган эже-сиңдидей болуп кеттик.

– Кут болсун, балам, өзүңө окшоп, ичинде кири жок, ак көңүл, жайыл дасторкон неме тура.

– Мунун ата-энеси ошондой кишилер болучу.

– Энчи бересиңерби? – деди Тумар кудагыйы менен кызына карап.

– Кандай энчи? – деди Жайнагүл.

– Балаңдын жатып жүргөн төшөнчү-орунчусун бер. «Атын атаса куту сүйүнөт» дегендей, албаса да малыңардан атап койгула. Толкунбек болсо жакшы болот эле. Ал бала болбосо энеси экөөң турбайсыңарбы. Бир куйруктуу кой салып бер. Куру кетпесин.

Үсөндү узатуу кыз берип, кыз узаткан бул жакта калсын. Турат менен Гүлүнүн көзүнчө Зыйнатты чакырып минтти Жайнагүл:

– «Той да болоор, тойдун эртеси да болоор» дегендей, минтип Үсөндү узатуу мезгили да келип жетти. – Жайнагүл кайненесине карады: – Кана эне, уулуңа эмне бересиң?

– И, энчи берем балама. Музоолуу уйдун бирин, өзүнүн чоң атасы Мансур энчилеген жорго тайын, үч меренос, куйруктуу эки кара кой алсын.

– Бишкекке алып кетебизби, ыя эне?! – деди Үсөн.

– Бишкекке алып барып кантип бакмак элеңер, бул жакта эле биз багып беребиз, балам. Керек болгондо апаң экөөң келип алып кетип турасыңар да.

– Тоок да бересиңерби?

– Беребиз.

– Индюкчу?

– «Индис» да беребиз. (Кына индюкду «индис» дечү).

Үсөндүн сөзүн угуп баары күлүштү. Анан Жайнагүл минтти:

– Сен чоңоюп колукту алганда калыңды да өзүбүз берип, тойду да өзүбүз өткөрөбүз. Өзүң келип турасың апаң менен, биз барып турабыз. Сага бир айтаарым баякы Алматыга баргандакыдай болуп качып, Зыйнатты кууратпа, каралдым. Тартиптүү бала бол. Жакшы оку. Апаңды ук. Мени кандай жакшы көрсөң, апаңды да ошондой жакшы көр.

– Мама, сиз да барып турасызбы мага?

– И, барып турам, каралдым.

– Энем менен таэнем да барып турабы?

– Ооба, барып турат.

– Жанат эжем менен Асанчы?

– Алар да барып турат.

– Мен машина айдаганды билгенде күндө келип, Асан экөөбүз сени, таэнем менен чоң энемди, Жанат эжемди алып кетип турам. Көрөсүз го, мама!

– Тилеген тилегиңден секет кетейин, жаштын тилегени ысык тийген күндөй болот дешет го. Аман жүрүп тилеген тилегиңе жетсең экен.

Бардыгы кайра үйгө кириштн. Жайнагүл кат-кат болуп жыйылган ала кийиз, шырдак, жууркан-төшөктөрдү карап туруп минтти:

– Үсөн менен Асандын, ал эмес биздин өзүбүздүн жууркан-төшөнчүбүздүн баары Оштон келелек. Билбейм, энем эмне берет уулуна, өзү билсин.

– Жок, жок, жууркан-төшөктүн кереги жок, Жайнагүл Казиевна.

– Кереги жок болучу беле, – деди Кына. – Мал деген, маркум абышка менен Жайнагүлдүн таман акы, маңдай теринен курулган. Ал эми менин ушул балдарга деп тыр-

магымды жыртып жасаган оокаттарым көз алдыңарда турат. Азырынча бир ала кийиз, бир шырдак берейин. Калганын шашпай кийин алаарсың.

– Ырахмат аяш эне, өзүңүз айткандай машинага деле батпайт. Экөөнүн бирин эле алып туралы. Ал деле батпайт го! Кийин деле келебиз, өзүңөр деле барасыңар да.

– Жок, балам, антпе, – деди Тумар, – жаңы үйгө кириптирсиң, ала кийизди азыр албасаң кийин алаарсың. Бирок эптеп батырып, берген шырдагын алып барып жаркыратып салып кой, үйүңө...

Канчалык өзүн кармап, кайраттанып сыр билдирмексен болгону менен, бирин эстесе, бирин унутуп жатып, кийим-кечесин, окуу куралдарын бүт салды.

Короодон байлап турган бир куйруктуу кара койду Тураттын жетелеп чыкканын көрүп, Зыйнаттын көзү бакырая түштү.

– Ой, айланайындар, кереги жок, тим эле койгулачы койду. Кайда салып, кайда батырабыз. Ансыз деле машинанын ичи-тышы толуп кетти.

– Анан куру кетмек белең, келим-кетимиң бар. Же таарынып жатасыңбы?

– Кызык сүйлөйсүз да аяш эне, эмнеге таарынмак элем. Кой керек болсо балдар келип алып кетээр. Азыр болбойт, батыра албайбыз.

– Атаңдын көрү айе, азыркысы эле оң эле, – Тумар кейиди.

– Кап, Толкунбек болсо, өзү жеткиришип келбейт беле, – деди Кына.

Аяш энесинин сөзүн угуп Зыйнат күлдү.

– Толкунбек болсо жеткирет эле деп турасызбы? Жок, ал эч качан жеткирбейт. Кеткен катынды кайсы эркек жакшы көрмөк эле.

Булардын сөзүн угуп турган Гүлү күйөөсүнө карады.

– Ай, Турат, буларды кыжаалат кылбай сен деле жеткиришип келбейсиңби? Варения жасайм деген жемиштери да батпай калды.

– Мен батат экен дебедимби. Анда Жакин силер кете бергиле, калган мөмө-чөмөсүн артыңардан мен жеткирип берейин.

– Анан бая эле ошентпейсиңби, – деди Жайнагүл күлгөн болуп. – Сүзмө менен каймакты унутпа.

Тумардын ичи уйгу-туйгу. Ого бетер кызынын дары ичип жатканын көргөндөн бери санаасы сан. Эне баарын көрүп да, билип да турду. Жайнагүл көзүнөн жаш чыгарбаганы менен ичи от болуп өрттөнүп, жүрөгүнөн кан чыгып сыздап турса, Асан машинага түшкөнүнө кубанып, тойго бараткансып чечекейи чеч болуп кудуңдап турганын көргөн Тумар менен Кына бирин бири карап мостоё түшүп: «Атаңдын көрү иттин баласы, «Эшик жабуу эсте жок, түндүк жабуу түштө жок» деген ушундай болот экен го деп ойлоп, экөө бирдей Жайнагүлгө жандары кейип, экөө бирдей Жайнагүлдү аяп, эмне болуп кетээр экен деп санаага батып турушту.

Тургандар бирин бири өөп, бирин бири кучактап, Зыйнатты Кудайга, Үсөндү Зыйнатка тапшырып, ак жол каалап, бири ыйлап, бири күлүп жатышты. Коштошуу аяктап, жүргүнчүлөр машинага кириштн.

– Биз эртең эле келебиз буюрса, – деди Жайнагүл машинанын эшигин жапмак болуп.

– Э ботом, сени барбай калган экен деп ойлосом, кетип жатасыңбы?

– Эмне үчүн антип ойлодуңар эле? Узатып келели деп сүйлөшпөдүк беле?

– Кийинбей жүргөнүңдөн ойлогонбуз, ушул бойдон барасыңбы?

Жайнагүл үстүн карап алып чочуп кетти.

– Түү, анан бая эле айтпайсыңарбы. Мен азыр. – Машинадан шашып түшкөнүн көрүп Зыйнат минтти:

– Жайнагүл Казиевна, шашпаңыз.

– Шашкан жокмун.

Жайнагүл кайра чыкканда келбетине келбет, чырайына чырай, боюна бой кошулгансып Зыйнаттын көзүнө бир түштү. «Түү, ушунчалык көрөшөм сулуу аял экен ээ, бечара» – деп шилекейин жутуп суктанып койду. Зыйнатка жакпаганы Жайнагүлдүн башындагы жоолугу болду. Айтсамбы, айтпасамбы, – деп арсарсып туруп, бир оокумда минтти:

– Жайнагүл Казиевна, жоолугуңузду алып салсаңыз болмок экен.

Келин ошол замат башындагы жоолугун колу менен сыйпап алып, машинанын күзгүсүнөн өзүн көрүп күлүп жиберди.

– Тобо, мен жакында жинди болом го дейм. Жоолукту унутуп салынган бойдон чыкканымды карабайсыңбы. Чачымды да тарабаптырмын. – Сумкасынан тарагын алып, чачын тарады.

– Сизге жоолук жарашпайт экен.

– Билем жарашпасын. Деги бети-башым тазабы?

– Таза. Жайнагүл Казиевна, эрикпей кайра кирип күзгүгө дагы бир сыйра каранып, оңдонуп чыкпайсызбы?

– Жок, ушул жерден эле оңдоном. – Жоолугун алып, чачын төбөсүн көздөй чогулта тарап, орой түйүп, ар кайсы жеринен шпилька менен бекитип койду. Жайнагүл да Зыйнатка окшоп каш-кирпигине бир аз сурма тартканы болбосо боёнчу эмес. Бар болгону эрдин ачык кызыл эмес, күрөңүрөөк келген помададан анча-мынча жалатып койчу.

– Чачыңыз жакшы экен. Мени ки сиздикиндей болсо, дайыма сеңселтип бош коймокмун.

– Көңүлүм келсе бош коё берем. Мага химия жакшы жарашат. Бирок түйүп алган чач тыкан болот. Сенин чачың ырас узун экен. Узун чачтын убарасы аз. Эмне кылып кандай түйөм десе адам өзү билет.

– Сиздики деле түйгөнгө жарайт турбайбы.

– Ооба, эң сонун жарайт. Түйүп албадымбы. Менин чачым сеникиндей болсо өрүп туруп бош коё бермекмин. Кайраттуу, калың чачың бар экен. Химия кармабаса керек.

– Туура айтасыз, бир кезде химиялатып көргөм, кармабайт экен. Чачым өсүмдүү. Эгерде тим коё берсем тез эле согончогума тие турган. Өтө узарып баратканда учунан кесип кыскартып коём. Москвада, жогорку класстагы парикмахершалар ушундай прическаны сунуш кылышкан.

– Ооба, эң жакшы. Жарашыктуу экен. – Жайнагүл энелерине карады. – Эми жакшы калгыла. Ыйманмазам жол берсе эртең кечке келип калабыз. «Жатаар курсак жармадан айлансын» кылбай жаныңарды баккыла.

– Бизден камсанабагыла. Азыркы ичкен тамак курсактан оңой менен түшпөйт го бүгүн. Ак жолуңар ачылсын, балдарым. Ким кимиңер болбосун ойлогон ой, тилеген тилегиңерге жеткиле. Аман бол каралдым. – Кына менен Тумар Үсөндү кайра-кайра өбүшүп, кайра-кайра жалынышып, акырында ыйлап жибериште. – Бизди унутпа балекетиңди алайын, уктуңбу?

– Уктум, унутпайм. Ыйлабагыла.

– Мени ыйлаба деп коюшуп өздөрүнүн ыйлаганы эмнеси. Болду эми, Үсөн илгерки Ата Мекендик согушка кетип жаткан жок да. Көз жашын сүртүп Жайнагүл Зыйнатка карады. – Болду айдай бер эми. – Машина ордунан козголду. Айнекке жабышып артын кылчаңдай караган балдар колдорун эбелектеткен бойдон бир заматта үйдөн узап, экинчи көчөдөн бурулуп, көздөн кайым болду...

Канчалык бирине бири түшүнүп, бирине биринин ишеними артып, тил табышып: «Менин балам сенин балаң, сенин балаң менин балам» – деп кеткенди кектебей, өткөндү өктөбөй кечиришип тургандары менен да, санаа деген санаа, ой деген ой да. Ошон үчүн адам турбайбызбы. Зыйнаттын кыялы кымкуут түшүп, өткөндөгү опасыз күндөргө урунат. Деги ошондо баламдын күйүтүнөн өлүп кетемин го дедим эле. Бирок өлалбадым. Ошондогу абалымды эми ойлосом, чарайнадагы бала эмес, чарк токтолуп, жигит болгон уулумдан ажырагандай болуп, күйүттөн боорумду көтөрө албай жатып калган күндөрүм көп болду. Эми ой-

лосом, ошондой башыма күн түшүп турган оор күндөн, өзүмдүн Толкунбекке болгон оту өчпөгөн махабатым сактап калган экен. Чынында мен анын башын, аялзатында болгон амалкөйлүк менен, жүрөгүмдүн буйругунан чыгалбай, колумдан келген бардык тасмиям менен айландырып алдым. «Мойнунан байлаган ит ууга жарабайт» дегендей, анын Жайнагүл деп соккон жүрөгүнүн отун өчүрүүгө эч бир кубатым жетпегенде гана, башына азаттык берүүгө аргасыз болдум. Азыр ойлосом, бул акылдуу, жакшы аялдын башынан аягына чейин шоруна калган мен болдум. Үсөндү, анын эмгегине да, убал-сообуна да карабай жулуп кетишим да бул күнөөсүз бечара үчүн тозок болбодубу... Деги ит экенмин.

Жайнагүл болсо өткөндөгү Зыйнат менен Толкунбектин «легендарлуу» окуяларын эстегиси да, ойлогусу да келбей, көңүлүндөгү көйгөй бирөө гана болуп келатты. Ал болсо, «Ийлеп-ийлеп итке салган немеден бетер, өгөй да эмес, таштанды да эмес эле, өз каны-жанынан жаралып, өзөктү жарып чыккан баласынан өлбөй-житпей, оозунан алдырган бөрүдөй болуп, тирүүлөй ажыраганына өкүнүп, ыйлагысы келип келатты.

Эмелеки машинанын арткы орундугунда өздөрүнчө жыргап, кужулдашып келаткан Асан менен Үсөндүн үндөрү чыкпай калганынан, Жайнагүл артына кылчайып караса, экөө бирине-бири сүйөнүп уктап калганын көрүп, Жанатка карады:

– Уйкуң келсе уктай бер сен дагы.

– Ыя, мама! Силер эмнеге сүйлөшпөй калдыңар?

– Сүйлөшкөндө, эмнени сүйлөшөт элек?

– Сөзүңөр жокпу?

Жанатты угуп Зыйнат да күлдү, Жайнагүл да күлдү.

– Зыйнат апаң машина айдап келатпайбы. Жол жүрүп келатканда рулда олтурган кишини сөз сүйлөп алаксыткан болбойт.

– Оо, калпычы десе, атам сүйлөй берет го.

– Атаң эркек да, – деди Жайнагүл.

Зыйнат күлдү.

– Ырдаганды билесиңби?

– Билем.

– Ырдап берчи.

– Канча ырдайын?

– Ырда көп эле.

– Силер санап турасыңарбы?

– Ооба, санап турабыз.

«Коломтодо от жайнап», «Кызыл жоолукчан», «Забойщиктен» баштап, азыркы ырдалып жүргөн «Энеме», «Кыргыз жери», «Ысык-Көл», «Элеман», «Ак кайың», «Балаты» сыяктуу ырларды ырдап, Жайнагүлгө карады:

– Ыя мама! Канча болду?

– Он болду.

– Ырың да, үнүң да сонун турбайбы, ыя Жанат. Сени бая эле ырдатпай. Карачы сенин ырларыңды угуп олтуруп Бишкекке кандай жеткенибизди да билбей калган турбайбызбы. Айтчы, сага мынчалык ырды ким үйрөттү?

– «Коломтодо от жайнапты», «Забойщик» менен «Кызыл жоолукчанды», анан дагы «Аяжан!», «Яряр» деген өзбекче ырларды энем үйрөткөн.

– Өзбекче ырларыңды ырдаган жоксуң го?

– Ооба, ырдаган жокмун, унутуп калган турбайымбы. Орусча ырларым да көп. Англисче да билем.

– Эченчи окуйсуң?

– Үчүнчү классты бүттүм.

– Жакшы окуйсуңбу?

– Ооба, отличникмин.

– Бул кыз кичинесинде атам менен энемдин эрмеги ушул кыз боло турган. Эрикпей ыр үйрөтүп, кошо ырдап, ою менен болушчу.

– Асан менен Үсөн да ырдашабы?

– Ооба, ырдашат. «Манас» айтканды жакшы көрүшөт. «Ку лунумдун кулагы», «Кыргызымдын жигиттери», «Кыз

жигит» деген ырларды билишет. Баарын чоң атам үйрөткөн.

Зыйнаттар эл орунга олтуруп калган кезде дарбаза алдына келип токтошту. Ошол замат дарбаза ачылып, машина короого кирери менен Токтогул ата баш болгон Зыйнаттын бир туугандары, келиндери тегеректеп калышты. Зыйнаттын таякеси байбичесине карады:

– Ырыс, балдардын башынан суу тегеретип чач! – Зыйнаттын көргөн түшүнөн коркуп турдум эле. Кудая шүгүр, аман-эсен экенсиңер. Арбак колдойт деген ушул.

Толкунбектин балдарынын башынан суу тегеретип чачылгандан кийин бардыгы өздөрүн Жайнагүлдү көздөй атышты. Биринин артынан бири балдарды өбүштү.

– Кандай Жайнагүл балам, жакшы турасыңарбы? – деди Токтогул. – Ден соолукта сак-саламат турсаңар болду. Кеч чыккансыңар го?

– Ооба, ошондой шарт болуп калды, ата.

– Жайнагүл баламды үйгө киргизбейсиңерби, ыя балдар. – Ар жакты карап минтти карыя, – а, тигил селкинчекти көрүп жатышкан турбайбы.

Ырыс Жайнагүлгө жалына сүйлөдү.

– Айланып кетейин, сен Үсөндүн мамасы турбайсыңбы. Жайнагүл деп уккамын, кулунум. Жакшы атанын, нарктуу эненин кызы экенсиң. Бар бол кагылайын. Жүрөгой үйгө кирели.

– Кирем апа, мен азыр эле оозума дары салып алдым. Абада туруп турайын. Зыйнат келсин, чогуу кирели. Кут болсун, жакшы үй алыптырсыңар. Эмне, бирдеме куруп жаттыңар беле?

– Э-э-й балам ой, Үсөндү алдап, алаксытуунун эле амалы да. Зыйнаттын баланы алып келээрин угуп, балекетиңди алайын Эмир менен Темир, «картел» дейби, тилим да келбейт, бизче селкинчек го, ошону салып жатышат эртеден бери. Ал экөө да кетет эки-үч күндө. Байкуш Зыйнат түшүнөн коркуп кетти эле. Адамзат уктаса ар бир түркүн

түш көрөт, балам. Коркпо эчтеке болбойт десем болбойт а, ыйлап.

Ар жактан келип токтогон Зыйнат минтти:

– Жайнагүл Казиевна, кечиресиз, сизди тышка тургузуп коюп, алаксып кеткен турбайымбы. – Анан Ырыска карады. – Тажеңе сиз деле киргизбейсизби?

– Кир десем Зыйнат келсин деп өзү болбой койду, оозума дары салып алдым эле, аба жутуп бир аз туруп турайын деп.

Зыйнат үрпөйө түштү.

– Кудай сактай көр, ал эмне дары, эмне, жүрөгүңүз ооруп турган жокпу?

– Бир аз кысылгансып турганынан «валидол» салдым оозума.

– Мен аны билбей эле, кечирип коюңуз, – Зыйнат Жайнагүлдү колтуктап, өзүнчө ээн бөлмөгө алып кирип дивангa олтургузду. – Санаа тартып ойлонуп кеттиңиз го?! Өзүңүз менден жакшы билесиз, санаадан саламаттык бузулаарын. Эч нерсе ойлобой, бир аз эс алыңызчы. Же догдур чакырайынбы?

– Кереги жок догдурдун, азыр өтүп кетет.

Балдарды дароо залга алып кириштн. Үсөн эки жагын айланта карап алып, дароо Зыйнатка карады:

– Апа, мамам кайда?

Ырыс билип туруп сурады:

– Кайсы мамаң?

– Өзүмдүн Жайнагүл мамам! Зыйнат апа, мамам кайда кетти? Ма-ма-а! – Кайра эшикти көздөй жүгүрдү. – Ма-ма-а!

– Ай Үсөн, мамаң эс алып жатат. Акырын, – деди Зыйнат. – Үсөн аны уккан да жок.

Үсөндүн артынан чыккан Жанат:

– Эмне эле аңылдап кыйкырып жатасың?

– Мамамды издеп жатам. Ма-ма-а-а!

Үсөндүн үнүн уккан Жайнагүл ордунан туруп тышка чыкты.

– Үсөн, мен мындамын, балам. Эмне болду?

– Эчтеке болгон жок, сизди издедим, мама!

– Мамаң секет кетсин. Бар Жанат менен Асандын жанына барып ойно.

– Сен кайсы үйдөсүң?

– Мына бул бөлмөдө. Кичине эс алайын, балам.

Үсөн Жайнагүл менен кайра кирип, диванга кыйшайып жата кеткен энесин көрүп минтти:

– Эмне, башың ооруп жатабы, ыя? Массаж жасап берейинби? – Дароо Жайнагүлдүн башын кармалады. Ал кармалаганды массаж деп билүүчү.

– Жок жасабай эле кой, жакшы болуп калдым.

Үсөн Жайнагүлдү кучактап өөп, эки жагын кымтылаган болуп:

– Тердесең айыгып каласың, кыймылдабай жат, суук тийген го. – Энелеринин өздөрүнө айткан сөздөрүн туурап жатты.

Жайнагүл жатып алып, Асан менен Жанатта Үсөнчөлүк энеге болгон балалык мээрим да, жакындыктын да сезими жогун ойлоп, «Болоор уул богунан» деген ушул экен да деп, күйүмдүү баласынан ажыраганына армандап, ичинен кан өтүп, санаага батып жатты. «Алдаса болот жаш башты, кантсе болот как башты» дегендей, алдап жатып акыры Зыйнаттын эне экенин ынандырып да, жакындатып да койдук. Канча кылса өз энеси да, көнүп кетет бат эле. Бирок мен өзүм кантээр экенмин. Чыдабайм го сагынып.

Ушул маалда Жайнагүлдүн үстүнө Зыйнат менен Турат кирди:

– Кандай, Жайнагүл Казиевна! Жакшы болуп калдыңызбы?

– И, жакшымын. Турат келдиңби?

– Келдим.

– Жайнагүл Казиевна, чыгаласызбы малга бата кылганга. Бата кылып коюп чай ичели.

– Тилимди алсаңар койду союп эмне кыласыңар. Бул качан союлуп, качан бышат. Эртең деле күн бар. Мага карабагыла. Мен бир тиштем эт жээримди Кудай билет. Азыр түндүн бир убагы болду. Андан көрө чай-пай ичип алып, жатып эс алалы.

– Мейли анда, эртең эрте соёлу. Жайнагүл Казиевна айткандай кеч болуп калды. Эт жечү деле киши жок. – Зыйнат ушул маалда ар жакта креслодо жаткан Үсөндү көрүп селт этти. – Э Кудай, Үсөн бул жерде беле, уктап калган го? – Жанына барды. – Ай Үсөнчик, уктасаң төшөгүңө барып эс ал. Креслодо бүрүшүп кантип жатасың, мойнуң ооруп калган жокпу, тур эми. – Колунан тартып, эңкейип бетинен өбөйүн деп оозун тийгизсе, жүзү суу. Ал эмес жаагын жөлөп жаткан креслонун чехолунун алакандын отундай жеринин суу болуп калганын көрүп жүрөгү шуу дей түштү. Зыйнат баласынын ыйлаганын Жайнагүлгө айтпай жашырып койду.

Жайнагүл уулун карап минтти:

– Э королум, сени чыгып кеткен экен десем, бул жерде белең?

– Сизди карап жаткамын.

– Мени эмнеге карайт элең?

– Оорубай калдыңызбы, ыя мама!

– Ооба, оорубай калдым.

Жайнагүл үй ээлерине канчалык сыр билгизбейин деп өзүн кармаганы менен оору деген оору экен да. Стол үстүндө алдыртан өз тамырын өзү кармап коёт. Жайнап турган тамактан да жарытып эчтеке ичпеди. Бар болгону жержемиш, мөмө-чөмөдөн анда-санда оозуна салып коюп олтурду.

– Жайнагүл Казиевна, эс аласызбы?

– Жок, олтуруп эле турайынчы.

– Ден соолукта болсоңуз экен?

– Аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы? Өлүп калбасам эле болду. Билбейм, Зыйнат, кийинки күндөрдө ден соолугум кескин өзгөрүп кетти. Кээде өзүмдөн коркуучу болдум.

– Коюңузчу, андай сөздү кулагыма угузбаңыз. Тигил жакта жакшы эле турдуңуз эле, Үсөндүн бул жакка келгенине капааттанып ооруп калган жоксузбу деги? Андай болсо, Үсөндүн мага кереги жок, кайра алып кетиңиз. Мен баласыз эле ушул жашка келдим.

– Жок, жок, Зыйнат антип айтпа, кайра Үсөндүн сага келгени жакшы болду. Ал балам, өзүнүн түбөлүк кор болбос жерин тапты. Акылы бар бала, көңүлүн оорутпай, жакшылап тарбиялап ал. Тил алсаң окууга алиги 1-класстан баштап англис, орус, кыргыз тилин окутуучу лицейге бер. Ал жерге конкурс менен тандап алат экен. Үсөн бакчадан сабакты жакшы өздөштүргөндүгү үчүн мактоо грамота алып чыкты. Окуй да, жаза да билет, англис тилинен да, орус тилинен да жакшы. Сени уятка калтырбайт. Ал жерде жакшы окутан балдарга ал эмес стипендия берет экен.

– Сүйлөшүп көрүш керек экен.

– Көрүш керек дебей эле, барып жакшылап сүйлөш, бала толуп, кеч болуп калбасын, убакыт аз калды. Шашылыш керек.

– Жарайт, Жайнагүл Казиевна, жакшы кеңешиңизге ырахмат сизге.

Ушул маалда Үсөн эшикти ачып сурады:

– Мама, жакшы болуп, оорубай калдыңызбы?

– Ооба, айыгып калдым, балам.

Үсөн жарк этип күлүп коюп, санаасы тынган адамдан бетер эшикти аяр жаап койду.

– Көрдүңбү, өтө сезимтал бала. Үсөнгө караганда берки экөө эчтеке билишпейт. Ооруп жатамбы, жөн жатамбы мени менен иштери жок.

– Дагы айтам, Жайнагүл Казиевна, Үсөнгө боор толгоп кыйбай турсаңыз, менин көңүлүмө карабай чыныңызды айтыңыз. Сизди бозала кылып, ооруңузга оору кошуп, экөөңөрдү эки жерде ыйлатып коюп бала албаймын.

– Жок, жок, Зыйнат алтыным, айттым го, ал жөнүндө кадырың жан болсун, сөз болууга да мүмкүн эмес.

– Деги ошондой эле болсун.

Жайнагүл ойго батат, «Бечара келин эстүү экен. «Бекер киши таз болбойт» дегендей, акылы жок адам ушунчалык даража-даңкка жетеби. Менин Үсөн үчүн күйүп тургандымды сезип турат. «Жакшы кызга жаман кыз, багы менен теңелет» дегендей, таланты менен төгөрөктүн төрт бурчун төрт айлана кыдырып, эмгеги менен элге таанылып, максатына жеткени менен үй-бүлө күтүү жагынан өксүп калган экен. Ошончодон Толкунбекти сүйүп калганын кара. Сүйүүгө даба жок неме тура. Бул да болсо тагдыр.

Үсөн жөнүндөгү жашыруун сыр жарыкка чыгып, Зыйнатты билгенден бери көңүлүндө толгонуп жүргөн оюн Жайнагүл дагы ойлоду. Баштан жаакты айыргандай болуп, балам бир жерде, өзүм бир жерде куураганча, Зыйнат макул болсо, Толкунбек экөөнү кайра жараштырып баш коштуруп койсо, жаман болбойт эле. А менин эрим Зыйнатты көрүнгөндөн кызганып, мындай сөздү угалбай эле араң турса керек. Зыйнат эмне дээр экен, токол болбойм дейт го. Эгерде өзүм кийлигишсемчи? Ата-бабаларыбыз: «Көсөө узун болсо кол күйбөйт» – деп айткандай, намыстанбай макул болсо жаман болбос эле. Жайнагүл оюнда ушундай жыйынтыкка келип токтоду. Таңдан аман чыкса, үйүнө эрте жетип, кайненеси менен өз энесине айтып кеңешмек болду. Антпесе, Үсөндү ойлоп, сарсана болуп жүрүп, ден соолугунун оңолбосун түшүнүп турду. Чындыгында эле санаанын тынчтыгы, көңүлдүн куунактыгы, адам баласына биринчи иретте керек экенин Жайнагүл жакшы билчү. Зыйнатка болгон ушул ой-тилеги орундалса эле, биротоло сакайып кетүүчүдөй болуп жатып көзү • илинип кетти.

Зыйнат альбом көрүп жаткан балдардын жанында Үсөндүн жоктугун көрүп сурады:

– Ай, Жанат, Үсөн кана?

Ийнин куушурду кыз.

– Билбейм, сийгени кетти го.

– Тобо, ал жакка кетсе көрөт элем го деп ойлоп, ажат-кананы көздөй баратса, Үсөн Жайнагүлдүн дем алганын тыңшагансып, кулагын эшиктин түбүнө такап турганын көрүп токтой калды.

– Ай, бала, ал жерде эмине кылып турасың? – Үндү укkан бала селт этти.

– Мамамды көрөйүн деген болучумун.

– Кирбе балам, мамаң уктап калды окшойт, эс алсын.

«Бул бала мамасы кетелекте минтип жатат. Жайнагүл кетсе, мени дагы кууратат го. Ал байкуш ушул Үсөн үчүн жүрөгү ооруп куурап жатса, мунусу минтип: «Өзүмдүн мамам» – деп, бир саамга көрбөй калса сагынып турса, мага кандай бала болуп берээр экен. А тигил Асан менен Жанат болсо Жайнагүлдү ойлогон да жери жок. Бул экөө эне-баладан башкача экен го, – деп ойлоп санаага батып турду.

Эртеси Жайнагүлдүн көңүлү ачылып, ооруган жери басылып жакшы болуп калыптыр. Тураттын машинасына Жайнагүлгө айтпай, Жанатка арнап бир чоң чет элдик килемди салдырды. Чоң-кичине дебей баарына бир сыйра кийит кийгизди. Үйдө калган байбичелерге белек берди. Анан Бишкектин чек арасына чейин узатып келишип, машинадан түшүштү.

– Жайнагүл Казиевна, таарынбай кетиңиз. Бизге бат-бат келип тургула. Мен үчүн болбосо да Үсөн үчүн.

– Уулуңду алып өзүң да барып тур бизге. Үсөн карал-дым, жакшы кал. Апаңдын тилин ал. Биз бат-бат келип турабыз.

Үсөн Жайнагүлдү кучактап ыйлап жиберди.

– Мама, мен кайра сени менен кетким келип жатат.

– Жок, болбойт, балам. Сен Зыйнат апаңдын баласы болгондон кийин, өз апаң менен калышың керек. Түшүнүп жатасыңбы?

– Зыйнат апамдын баласы болбой эле, сенин эле балаң болоюнчу, мама!

– Менин өзүмдүн балдарым бар да.

– Мен деле сенин балаң эмес белем, мама! – Өпкөлөп ыйлап жатты.

– Болду эми ыйлаба. Минтип ыйлай турган болсоң экинчи келбей коём. – Жайнагүлдүн өңү бузулуп калчылдап кетти. Үсөндүн Жайнагүлдү коё бербей карышкан манжаларын араң чыгарышты...

Жайнагүл үйүнө жеткенче жолдо катар Үсөндүн кыялжоругун, сүйлөгөн сөздөрүн эстеп ыйлап келсе, Бишкекке жеткенче: «Мен өзүмдүн мамам менен кайра кетет болчумун» – деп Үсөн боздоп келсе болобу.

Кына менен Тумар, машинадан эки көзү эки тоодой болуп түшкөн Жайнагүлдү көрүп коркуп кетишти.

– Эмне болду, тынччылыкпы деги?

– Тынччылык эле, – деди Турат, аяшын колтуктап, – аныcы да: «Өзүмдүн мамам менен кетем» – деп ыйлап калды.

– Үсөн го бала. А сен эмне болуп турасың. Акылың жок экен го, катыгун.

– Акылым жок экен чын эле. Кайрат кылалбайт окшойм, эне. Ичек боорум эзилип, ичим өрттөнүп жатса кантем.

Баары беседкага кириштн. Үрпөңдөгөн Кына менен Тумар Жайнагүлдү көрүп дел болуп турушту.

– Тирүү балага да ушунтип ыйлайбы, кокуй. Кокустан ажал жетип өлүп калса, кошо өлмөк экенсиң го.

– Мындан көрөкчө өлүп калганы жакшы болучу. Баладан тирүүлөй ажыраган өлгөндөн жаман болот турбайбы. «Мен сенин балаң эмес белем, мама!» деген сөзү сөөгүмдү сыздатты. Энекебайлар, экөөң тең угуп тургулачы, мен бир иш ойлоп турам. Толкунбек келсе айткыла, экөөбүздү эки жерде боздотпой, Зыйнатты алсын.

Кына селт этти.

– Ой, кокуй күн ай, айласы кеткен шордуу балам ай, акыры Үсөндүн айынан ойлоп тапкан акылың ушул болдубу?

– Ушул болбогондо, анан эмне кылам. Мен бул баласыз жашай албастыгымды, Үсөндү Зыйнаттыкына биротоло таштаганда анык билдим.

– Кагылайын Жакин, мен бул жөнүндө эч нерсе айталбайм. Зыйнаттан өлгөндө араң кутулдук эле, эми Толкунбекти анын колуна кайра өзүң салып бергени турасыңбы?

– Ооба, эне, өзүм салып бергени турам. Азыр Зыйнатты сен деле жаман көрбөйсүң, мен деле жаман көрбөйм.

– Толкунбек да жаман көрбөйбү?

– Ооба, Толкунбек да жаман көрбөйт. Баргандан келгенге чейин дары менен жашап, дарынын күчү менен тирүү келдим.

Турат көрдү го, Үсөнсүз мага жашоо кызыксыз экен, Үсөнгө да менсиз кыйын болоорун көрүп турам.

Кына Туратка карады.

– Э айланайын Тукен, бул аяшың эмне дейт ыя? Ушундай да иш болобу. Ойноп барып, ойноп келет экен десем, бул кандай жорук болуп кетти.

– Билбейм аяш эне, элден мурда Зыйнат макул болобу десеңиз.

– Койчу айланайын, макул болбогондо, кайда барар дейсиң. Кудай эле дээр.

– Балким Кудай дээр, балким, Кудай дебес, Толкунбек келгенде көрөсүңөр да сүйлөшүп. Ал дос өзү эмне дээр экен?

Жайнагүл күлдү.

– Аны бая күнү тамашалап калп эле кантээр экен деп: «Зыйнат Мүсүреповго турмушка чыкканы жатыптыр» – десем, өлүп кете жаздады эле. Бул сөздү укса, көктөн тилегени жерден табылбайбы...

Кына келини менен кудагыйынын көңүлү үчүн секиримиш болгону менен, оюнда башка ойду ойлоп, Жайнагүлдүн сөзүн эп көрүп турду. «Атаңдын көрү, айла жок, Зыйнатты колдон чыгаруучу бүлө эмес экен. «Билбеген адам уу ичет» дегендей, билбестик кылып, көп шуркуянын бири деп ойлоп жүрсөк, өзүнүн ким экендигин көрсөтүп койбо-

дубу. Эгерде үчөөнүн сөзү үзүрлүү болуп, тил табышып калса: «Кой да аман, койчусу да аман» дегендей, Үсөнгө да, Жайнагүлгө да, Зыйнатка да жакшы эле болоор эле», – деп акыл калчап олтурган Кына кудагыйына карап, эмне деп айтаар экен дегенсип, сынай сүйлөп минтти:

– Э кудагый, Жайнагүлдүн ою мага жакпагандай, сизге да жакпай калды го дейм ыя, унчукпай эле калдыңыз?

Кыраакы Тумар күлө сүйлөп, алаканын Кынанын тизесине аста коюп минтти:

– Ай, айланайын кудагый, мени эмне дээр экен деп сынабай эле кой. Сиз экөөбүздүн «богубуз ботко, сийдигибиз сирке болуп» аралашып бүткөнбүз. Мени түшүнүп туруп сурайсыз да. Сынашпайлы экөөбүз. Силерге жаккан мага да жагат. Азыр баякы, кара кылды как жарып калыстык менен катындардын таламын талашып, катындардын сөзүн сүйлөгөн партиянын заманы жок, ээнбаш дардаңкүүлөргө Кудай бербедиби. Асты-кийинин карабай, жараса да, жарабаса да: «Бирөөнүн катыны бирөөгө кыз көрүнөт» дегендей, балдарына карабай, ошол балдарды туун тукумун берген турнадай болгон аялдарын тирүүлөй тул кылып салып алып жатышат го катынды. Үсөн үчүн Жайнагүл өзү минтип макул болуп, эрлик кылып экөөнө ыраазычылык берип жатса, жаны болсо Толкунбек ойлоноор. Мен бул жөнүндө мурда эле ойлогон болучумун. Ойломок турсун акыр түбү ушундай болоорун билгемин.

– Бир сөз менен айтканда Жайнагүлдүн санаасын тындырып, ден соолугун кандай да болсо сактап калуу керек. Толкунбек качан келем деди эле, – деди Турат Кынага карап.

– Билбейм балам, маган эч нерсе айткан эмес, аялына эле айтпаса.

– Жок эне, мен да эч нерсе билбейм, мага айткан эмес.

– Мейли качан келсе ошондо келсин, акыры келет да. Өзүңдү кара. Ошондой эле Үсөнсүз жашай албайм десең, Зыйнат өзү деле Толкунбексиз эле айтты го, Үсөн сиздики деп. Ал деп жатат, алып ал.

– Ал келиндин да убал-сообу бар да.

Жигит тамаша-чыны аралаш минтти:

– Ал, ал, табыш-табыш деп жатып, табыштырып коюп, кийин ичтарлык кылып тырыңдап, «Күнүлөштүн күлү жоо» болуп күйүп жүрбө.

– Жок ай, күнүлөбөйм. Ал өзү күнүлөбөсө, менде андай күнүлөө деген болбойт.

– Көрөбүз!

– Көрөсүң. Деги мурда иш жүзүнө ашсынчы.

– Током келсе эле ашырабыз. Окуу жылынын башталаарына да саналуу эле күндөр калды. Бул маселени мурда ойлогондо, Зыйнаттын ушул келишинде эле апың-үпүң кылып бүтүрүп, баса калып башына жоолук салып, чапма нике кыйдыра коймок экенбиз.

– Чапма нике дегениң кандай? – деди Кына.

– Шашылыш дегеним да.

– Машинадагы жүктөрдү түшүрөбүзбү, же ошол бойдон алып кете берейинби?

– Түшүрүлө элекпи? – деди Жайнагүл кыйшайып жаткан калыбында.

– Билбейм, силер баарың эле эки жагыңарды карабай беседкага кирсеңер, мен да кошо кирип кеткен турбайымбы.

Турат баякы килемди баш кылып баштык-үштүктөрүн көтөрүп киргенде, Кына минтти:

– Килем алдыңарбы?

Жайнагүл ормоё тиктеди.

– Э Кудай, бул кайдагы килем?

Жанат күлдү.

– Менин килемим. Зыйнат апам мага берген.

– Маган айткан жок эле го. Билсем, салдырбайт элем.

– Сенин албасыңды билип, атайын ушунткен да.

– «Куу алган кушта эмне сын» дегендей, ал байкушту да билиш керек. Үсөн үчүн жакшы эле үртүлдү. Аябай чоң килем го. Болуптур эми, сага арнаса, сенин өзүңө буйруп, акжолтой килем болсун. Ракмат Зыйнатка.

– Жазып көрчү, Турат, – деди Кына.

Килемди жазды эле байчечекей гүл чечекейдей болгон кооз килем алайдын талаасындай болуп жайылып жатып калды.

– Аябай жакшы килем экен! Үсөнүм да жакшы болучу, баламды ушул килемге башма баш алмаштырып келбедикпи? – Жайнагүлдүн жашы төгүлүп кетти.

– Алда Кудай ай, анан калса жашың, ээ-жаа бербей эле төгүлүп турат экен. Килеми менен да куруп калсынчы. Ыйлабачы кагылайын жаман жоро баштап. Сенин ыйың жүрөккө тийип бүттү, балам.

Тумар кызына алая карады.

– Ушунтип олтурган адамда да ден соолук болобу, ыя катыгүн. Өзүңдү аябайсыңбы.

– Мен үчүн эмнеге мынчалык күйүп жатасыңар. Ден соолук болбосо өлөөрмүн көп болсо.

«Адамдын оозунда болсо, Алланын кулагында» – дейт. Сөз дегенди байкап сүйлөш керек. Болду, жетишет. Сени көрүп олтуруп ичкеним ирим, жегеним желим болду. Мен эртелеп бул үйдөн жоголбосом болбой калды. Мени кетирбей алып калгандагы сыйың ушулбу сенин. Эртең кетейин кудагый, бүгүн кеч болуп калды. «Көзүм көрбөсө, көчүгүмдү бөрү жесин» дегендей, көрүп күйгөнчө, көрбөй күйгөнүм жакшы.

– Коюңузчу кудагый, Жайнагүлдү ыйлайт деп да кетмек белеңиз. Кетээрсиз шашпай.

– Менин да үйүм, менин да балдарым бар күтүп жаткан.

Жайнагүл дүңк этти.

– Силер менин жүрөгүмө түшүнбөй жатасыңар.

– Сенин жүрөгүң адам баласыныкынан башкача жаралган жүрөк болсо, ким түшүнмөк эле.

– Кагылайын энекебайым, мен үчүн жаныңды кейитпей эле койчу, суранам сенден.

– Кантип жаным кейибейт. Мен сага мамындай айтайын. Эшигиңдин алдынан табылган бир таштанды күчүк

үчүн сен эмне болуп олтурасың? Ага караганда сен менин өз баламсың да өзөгүмдү жарып чыккан. Бала деген ошондой балекет. Ошон үчүн сени кыйып кеталбай айланчыктап, үй-жайымды, бала-бакырамды таштап ушул жерде жүрбөйүмбү. Кудай Таалам эне менен баланын жүрөгүн жаман жаратып койгон неме турбайбы. Сени көрүп олтуруп, арты кандай болот деп кан жутуп олтурганымды түшүнбөйт турбайсыңбы.

– Түшүнөм, эне, – деди жалтаңдап.

... Жайнагүл догдурга барбай, өзүн өзү дарылап эки-үч күн үйдө жатты. Эртең мененки чайда, Кына менен Тумар өздөрү мурда сүйлөшүп алган сөз боюнча минтишти:

– Жакин, – деди кайненеси, – сен минтип жата бербей, Бишкекке барып, өзүң айтып жүргөн чоң догдурларга көрүнүп, бир жакшы дарыланып келсең кандай болот? «Жатып өлгөнчө атып өл» дегендей, минтип өзүңдү өзүң дарыламыш болуп үйдө жатканың жакпай турат бизге. Эми ал жакта Үсөнүң бар, Сады бар.

– Мен өзүм деле ойлогонмун аны. Көбүнчө Асандын окуусуна карап жатам. Окуу башталарына бир жума калды. Мектепке өзүм алып барсам дегенмин. Мен кетип калсам жетимсиреп калат го. Ансыз деле Үсөн жок, түгөйүнөн ажыраган жетим өрдөктөй болуп эле оюн да жок, күлкү да жок, өзүнчө эле бир мусапыр кейпинде болуп калды. А тигил жакта Үсөн эмне болуп жатты экен, билген киши жок.

Тумар кызына жини келип капааттана минтти:

– Кагылайын Жакин, өңгөнү айтсаң да, Үсөндү айтпачы. «Бала менен ит тойгон жеринде» – дейт. Зыйнат анын акылын тапты да эмдигиче. Үсөн түшүнүгү күчтүү, акылдуу бала. Ал өз энеси ким экенин мурда эле билип, мурда эле түшүнбөдү беле. Ошон үчүн солк этпей Зыйнатты ээрчип баса берди. Бала да болсо сени көрүп, сени кыйбай ээрчип жатат да ыйлап. Сен куру бекер эле күйүп-бышып жатасың. Ал бала аман болсо сенин көңүлүңдү да табат.

Зыйнаттын көңүлүн да табат, Үсөн оозуң кайсы десе мурдун көрсөткөн макоо балдардан эмес.

– Болдучу эне, Үсөнсүз айта турган сөзүңөр жокпу? Энем экөөңдү уга берип тажап кеттим.

– Үсөндү айттырган өзүң.

– Болду айтпайм экинчи.

Тыштан Асандын үнү угулду.

– Кудай, Кудай папам келди. Папа-а-а!

Жайнагүл Толкунбекти көргөндө эле дароо эки ача ойго кетти. Ал көптөн бери күйөөсүнүн кабагы мынчалык ачылып, көңүлдүү болуп жайнап турган мезгилин көрөлек болучу. Оюнда «болду-болбоду Зыйнаттын Мүсүреповго тийүүсү жөнүндөгү сөздүн жалган экенин эшитип» дүнүйөсү түгөл болуп, санаасы тынып келди, же болбосо конкурстан жеңишке жетишип, зоболосу көтөрүлүп кубанычта болуу керек. Эмнеси болсо да, экөөнүн бирөө деп ойлоп койду.

Толкунбек тыштан салам айтып кирип, үйдөкүлөрдү бир сыйра сыдыра тиктеп келип, кареги Жайнагүлгө жеткенде, мостоё түштү.

– Эмне, ооруп жатасыңбы? – Жанына олтура кетти.

– Ооба, ооруп жатам.

– И, ооруйсуң да. Сен оорубаганда мен оорумак белем. Кийинки күндөрдө Үсөндү жоготкончо шаштың го.

Жайнагүл күйөөсүн алая тиктеди.

– Тобо, сен ошондой ойлойсуңбу? Мени «Өлгөндүн үстүнө көмгөн кылба, Толкунбек. Түз эле «Жоготкончо шаштың го» дейсиң да. Үсөндү Зыйнатка эмне үчүн бергендигибиздин чоо-жайын сурасаң боло мурда.

– Эмне чоо-жайы, маган айтпасаңар кайдан билем.

– Анда билип кой ушуну, мен Кудай, арбактан корккон кишимин.

– Эмне болгон арбакты айтып жатасың?

Кына уулуна карап минтти:

– Болуптур, шашпа, балам. Аны мен кийин айтып берем. Ал эмес Үсөн менен Асанды ушул сапар да өлүмдөн Аккыз менен Эсен, анан өзүңдүн атаң Мансурдун арбагы көз көрүнөө сактап калды. Алар Зыйнаттын түшүнө кирип: «Тез бар, Асан менен Үсөн кырсыкка учураганы турат» – дептир. Эгер Зыйнат келбесе, Асандан да, Үсөндөн да ажырап калмак экенбиз.

– Анан деги башка бала-чака аманбы?

– Кайдан аман болот. Зыйнат менен Жайнагүл барып эки баланы сууга түшкөнү жаткан жеринен алып кеткенден кийин, Кызыл-Таштан Касымдын уулу Нурдин, Бекболоттун Эдили көлгө чөгүп өлүштү. Айтбүбүнүн баласы догдурда деп жатышат. Кудая тобо, Нурдин менен Эдил көз көрүнөө эле Асан менен Үсөндүн ажалына кеткендей эле кеп болуп калды.

– Кап, жаман болгон тура. Койдубу балдарды.

– Ооба коюшту, ошонун эртеси эле. Жаман болбой анан жакшы болчу беле. Касымдын боздогонунан адам жанына туралбайт. Дагы Бактыярдын аман калганын айтпайсыңбы. Бекболоттун аялы Салыйман үйүндө жок экен, соода кылып Новосибирскиге кеткени эки айдан ашты дейт го. Кабары жок экен деп жатышат.

Толкунбек Жайнагүлдүн колун кармап, бетинен өптү.

– Ой, алтыным, мен сен үчүн, сага күйгөнүмдөн айттым жанакы сөздү. Көңүлүңө албай кечирип койчу.

– Сен Үсөндүн кеткенин кимден уктуң?

– Азыр эле тыштан Асан айтты. Биз Бишкекке, Зыйнат апамдыкына барып келдик. Үсөн: «Үйүмө кетем» – деп бизди ээрчип ыйлап калды деп.

– Ооба, ыйлап калды. Туягын шыпырып, тумшугун каткан балам, – Толкунбектин көөдөнүнө башын жөлөп ыйлап жиберди. – Бул жерден жакшы эле кеткен. «Мен Зыйнат апамдыкына калганда ыйлабайм. Машина айдаганды үйрөнүп чоңойгонумда сени барып өзүм алып кетип ту-

рам» – деп жакшы эле турган. Биз булардан бөлүнүп, Тураттын машинасына түшкөндө эле бузулбадыбы.

– Турат да барды беле?

– Ооба, Турат да барган. Үсөнүм куру кетпесин деп, энем баякы байлап жаткан куйруктуу кара койдун түгөйүн салып берген. Машинага батышпай, койду артыбыздан Турат алып барган. Өзүң кандай келдиң, конкурс кандай өттү?

– Өттү, менин вариантымды кабыл алышты.

– Жакшы болгон тура. Кут болсун, – Толкунбектин колун кармап, күлө сүйлөп сурады. – Мүсүреповго кезиктиңби? Ал жөнүндө эмне уктуң?

– Жакандан сурасам, Шерхандын Зыйнатка үйлөнүү жөнүндө ою бар болучу. Бирок Эсенова сунушун кабылдабай койгон деп койду. Элүү жылдык мааракеси октябрда өтөт экен.

– Мм, ошондой дечи.

– Сен, Мүсүреповдун Зыйнатка үйлөнөөрүн кимден уктуң эле?

Жайнагүл күлдү.

– Эч кимден укkан эмесмин.

– Анан укпай эле айта бересиңби?

– Сенин каныңдын басымы көтөрүлөөр бекен, көтөрүлбөс бекен, ошону байкайын деген болучумун. Демек, сен Зыйнатты башкага кыйбайт экенсиң. Эки байбиче жокто сага бир сөз айтайынбы?

– Айт.

– Макул болсоң айтам.

Толкунбек күлдү.

– Макул болбой турган сөз болсочу?

– Макул боло турган эле сөз.

Жигит ийнин куушурду.

– Мурда угайын айтып көрчү.

– Айттым го макул болсоң айтам деп.

Толкунбек дагы күлдү.

– Болуптур, макул.

– Сүйүнөсүң го.

– Сүйүнө турган иш болсо, сүйүнчүсүн сурап туруп эле айта бербейсиңби. – Толкунбек төш чөнтөгүнөн бир тутам доллар алып чыгып, Жайнагүлдүн алдына койду. – Миң доллар.

– Мынча акчаны кайдан алдың?

– Сыйлык.

– Ракмат.

– Айт эми. Эмне сөз?

– Айтсамбы, айтпасамбы?

– Кызыксың го өзүң, ал эмне болгон сөз, айтсамбы, айтпасамбы деген да кеп болобу.

– Балким, менин эмне айтаарымды өзүң деле билип тургандырсың.

– Жок жолдош, Жайнагүл Казиевна, менин андай олуячылыгым жок.

– Зыйнат кандай аял, ыя?

Толкунбек аялын алая тиктеди.

– Ушуну сурайын дедиң беле?

– Жок, бул эмес, башка.

– Зыйнаттын кандай аял экенин көрүп жатпайсыңбы. Жаман киши эмес. Анын шору мени сүйгөндүгүндө болгон.

– Сен сүйгөн жок белең?

– Эмне деген балекеттүү сөздүн башын чыгарып турасың? Мен Зыйнатты кымындай кезинен билем. Бир кезде ал өзүмдүн бир тууган карындашымдай болучу. Акылдуу, жакшы кыз катарында сыйлачумун да, жакшы да көрүүчүмүн. Ушулбу, менин макулдугумду сурап туруп айтчу сөзүң?

Ушул маалда тыштан Турат салам айтып кирди. Экөө саламдашкандан кийин, Жайнагүлдүн жанында жаткан акчаларды көрүп минтти:

– Доллар менен ит уруп келгенсиң го, ыя дос?

– Ооба, биздин колго да карга чычат экен.

– Ошол доллар чычкан каргалардан биз жакка деле учурсаң боло?

– Сүйлөшүп көрөйүн каргалар менен.

Турат Жайнагүлгө карады.

– Кандай, жакшы болуп калдыңбы?

– Ооба, Турат, жакшы болуп калдым.

Толкунбек эңкейип Жайнагүлдүн башынан жыттады.

– Өзүңө өзүң табып болуп, дарылана бербей ооруканага жатышың керек. Давай, эртең Бишкекке алып барайын. Барасыңбы?

– Билбейм.

– Мына ушунтесиң анан.

– Өзүмдүн дартымды өзүм билем. Врачтардын да эмне айтаарын билип турам.

Толкунбек Туратка карап минтти:

– Аяшың мага бир табышмак айтып, баятадан бери ошону табалбай эсим ооп олтурам. «Макул деп убада бересең, бир сөз айтам» – дейт же айтпайт. Кайра туруп, менин эмне айтаарымды өзүң деле билип турасың дейт. А мен болсом андай олуялыгым жок дейм. Бир туруп: «Зыйнат кандай аял?» – дейт. Ушундай табышмак болоорун уктуң беле?

Турат күлдү.

– Деги кызык табышмак экен.

Турат курдашынын сөзүн угуп, Жайнагүлдүн Зыйнат жөнүндө оозу батып айталбай жатканын дароо билди. Бирок Жайнагүлдөн атайын айткын деген сөз болбогондон кийин ачык ооздук кылгысы келген жок. Мейли, айтса өзү айтаар, өздөрү сүйлөшөөр деп ойлоп койду.

Ушул маалда дарбазадан кирип келаткан Жайнагүлдүн дарылоочу врачын көрүп, үчөө тең унчукпай калышты.

– Келиңиз Бурмакан Абдыкеримовна, – деди Жайнагүл жаздыктан башын көтөрө берип.

Толкунбек менен Турат орундарынан турган бойдон врачка жол беришип, алдына орундук коюшту.

– Өтүп баратып, үйдө болсо көрө кетейин деп буруль-дум. Эмне болду, ооруп калдыңызбы?

– Ооба, ооруп калдым. Келгениңизге ракмат.

Врач Жайнагүлдүн кан басымын өлчөп, жүрөгүн тыңшады.

– Каныңыздын басымы жогорулап калыптыр. Орун даярдайлы, жатпайсызбы?

– Жатканда эмне, баякы эле дары да.

– Анан эмне кыласыз?

– Эмне кылышты өзүм да билбей калдым. Ошто жакшы эле жүрчү элем. Климат алмашкандык кылып жатабы, билбейм.

– Төрт-беш күнү эртең менен эрте, Күн чыгалекте көлгө түшүп көрбөйсүзбү? Азыр көлдүн табына келип, кыргызча айтканда бышып турган кези. Кечээ «Көгүлтүр Ысык-Көлдө» эс алып жаткан бир аял менен аңгемелешип калдым. Ал ушул сапаркы келиши менен Ысык-Көлгө он экинчи жолу келиши экен. Айтымында давлениядан да, жүрөк оорудан да ушул санаториядан жакшы болуптур. Ал эмес, бул жакка адеп келээрден бир жыл мурда инфарк болгон экен. Азыр өзүмдү эң жакшы сезем дейт. Ар дайым август айынын башталышында келүүчү элем. Бул сапар путевкага байланыштуу бир аз кечигип келдим. Көл өзүнүн боюндагы ысык демин эртең менен эрте бөлүп чыгарат экен. Күн чыгалектеги таңкы көлдүн жылуулугу өзгөчө болоорун байкадым. Күн чыккандан кийин кадимкидей сууй баштайт экен. Мен Ысык-Көлдүн ушундай касиетин көрүп таң калдым. Адам баласына бардыгы табылуучудай. Бирок ден соолук табылчудай эмес. Ошон үчүн кандай гана шартта болбосун, бардыгын жыйыштырып коюп, Ысык-Көлдү көздөй кош канатымды сабап учуп жөнөйм. Бул жерге келген сайын ден соолугума ден соолук кошуп, өмүрүмө өмүр кошуп, оору-сыркоону унутуп жыргап кетем, – деп сүйлөп олтурду. Ал аял кумга да жатпайт экен, Күнгө да кактанбайт экен. Бирок кол чатыр менен кайыкта аба ваннасын

Ар күн сайын үзгүлтүксүз алып жүрдүм дейт. А кечкисин болсо Күн баткандан кийин барып, көлдүн ичинде отуз-кырк мүнөт олтурат имиш.

– Кайдан келген аял экен?

– Бурятиядан.

– Бурятка экен да.

– Жок, орус эле. Жайнагүл Казиевна, сизге атайы ушуну айтайын деп келдим. «Колдо бар алтындын баркы жок» дегендей, өз көлүбүздүн кадыр-баркын, өзүбүз билбейт турбайбызбы. Көрсө, жүрөк ооруну да, давленияны да көлдө дарыласа болот турбайбы. Бул жөнүндө кеңири эксперимент жүргүзүүбүз керек экен. Бирок айтып коёюн сизге, оорудан айыгам деген кишинин санаасы да тынч, көңүлү да куунак болуш керек. Ансыз дарылануунун баары текке кетээрин билесиз го. Канчасы калп, канчасы чын экенин билбейм, угушума караганда Үсөндү Зыйнат Эсеновага биротоло берди деген сөздү уктум. Билесизби, сиздин оорунун башталышы да, күчөшү да ошол баланын азабынан пайда болду го деп ойлоймун. Азыр сизге жүрөккө жакын кабыл алуучу оор сөздүн да, орой мамиленин да, катуу санаанын да кереги жок. Мүмкүн болсо, болбогон эле майда-чүйдө кайгы-кападан качыңыз. Ар дайым шаңдуу, шаттуу жүрүңүз. Санаанын кереги жок. «Күлкү – өмүрдүн мүлкү» деген сөз бекер жеринен чыкты дейсизби. Сиз врачсыз. Мен айтпасам да, менден кыйын түшүнөсүз өзүңүз. Уйкуңуз кандай?

– Ар кандай. Өзүңүзгө белгилүү болгондой, ал дагы санаага байланыштуу неме да.

– Көлдү кандай дейсиз?

– Байкап көрөйүн. Менимче, пайдалуу болуш керек.

– Ооба, байкап көрүңүз.

– Дарыңыз барбы?

– Бар.

– Көлгө түшкөндө дары кабыл албаңыз. Жаныңызда сөзсүз киши болсун. Менимче, дароо эле бир саат олтур-

бай, адегенде 10–15 мүнөттөн баштап, анан акырындык менен көбөйтсөңүз түзүк болот го дейм. Чабак урбаңыз. Кайыкка түшсөңүз өзүңүз айдабай, башка бирөөгө айдатыңыз. Көлдүн үстүндө түнкү сейилге чыксаңыз жакшы болоор эле.

Врачтын көл жөнүндө айткан кеңеши Жайнагүлгө жакканы менен анын «Үсөндү ойлобой, ден соолугуңузду ойлоңуз» деген сөзү кулагына жагымсыз угулду. «Тобо Кудай, энени да балаңды эстебе» – деп айтышат экен ээ, деп ойлоп көңүлү чөгүп турду. Анткени Жайнагүлдүн жүрөгүнүн тереңинде ийнедей сайылып турган «Үсөн» деген атты эч кандай күч алып салалбасын, врач эле эмес өз энеси Тумар да, кайненеси Кына да, күйөөсү Толкунбек да түшүнгөн жок...

* * *

Жайнагүлдөр кеткеннн эртеси Зыйнат Эмир менен Темирди, келиндерин узатты. Кетээр алдында Эмир минтти:

– Эжеке, кубанычтуу келип, кубанычтуу кетип баратабыз. Сизден санаабыз тынгансып калды. Аздыр-көптүр колубуздан келген кызматыбызды кылган болдук. Бирок бир жаман жери Алматыдагы үйүңүздү көчүрүп келалбай калдык. Балким, Темир экөөбүз сүйлөшүп туруп, бирибиз келип кетээрбиз. Калп айткан менен болобу, быйылкы жылкы отпускабыз байсалдуу болду.

– Эс алган жоксуңар да.

– Эң сонун эс алдык. Антип эс алган жоксуңар дебеңиз, эжеке. Биздин багыбызга таякем менен тажеңем аман турса экен. Эмдиги жылы өзүбүз келип баарыңарды алып кетебиз. Биз жашаган жерди, биздин турган турмушубузду, сыйыбызды көрүп келгиле.

– Ырахмат, – деди Токтогул, – силер бизди сыйласаңар, силерди Кудай сыйласын. Силер бар үчүн байпагыбыз макмал, ичкенибиз ак май, кызыл чай болуп жыргап

жүрбөйбүзбү. Аман болгула, жамандык көрбөгүлө, балдарым. Силердин ынтымагыңарга кубанып олтурам. «Ынтымак бар жерде ырыс бар» деген ошол. Бир гана Эмилге ичим сыйрылат. Ичет деп көп эле күнөөлөй бербегиле, четтетип. «Жылуу, жылуу сүйлөсө жылан ийинден чыгат» дегендей, жакшы сөз менен жайлагыла аны. Жаман сөз менен жакшы кылалбайсыңар. Менин айтаарым ушул. Бат, бат келип тургула. Кемпир экөөбүздүн өсөөрүбүз калган жок, өлөөрүбүз калды. Силерди берип кеткен Аккыз менен Эсенге ракмат. Өздөрү көрбөгөн балдарынын жакшылыгын биз көрүп олтурабыз. Силер болбосоңор бул экөөбүздүн күнүбүз эмне болот эле. Кудай бизди да жөн жараткан эмес экен. Күндө үч убак силерге батабызды берип, тилегиңерди тилеп олтурабыз.

– Биздин ракатыбызды көрүүгө да адам керек. Ошон үчүн жаныңарды бек кармагыла, таяке, – деди Темир.

Эки бир тууган Үсөндү биринин колунан бири алып көкөлө- төкөтөрүп, өөп-жыттап жатышты. Эмир минтти:

– Апаңдын тилин ал, капа кылба. Жакшы бала болсоң, мен сага кийин самолет сатып берем, уктуңбу. Апаң экөөң азырынча «Вольвону» минип тургула.

– Самолёт айдаганды апам билбейт да.

– Апаң билбесе, сен билесиң. Самолёт айдаганды мен сага өзүм үйрөтөм.

– Сиз билесизби?

– Билем. Менин өзүмдүн самолётум бар да.

– Анан эмне үчүн самолётуңузду минип келген жоксуз?

– Самолётко машина салынбайт да. Ошон үчүн силерге машина айдап келбедимби.

– А эми билдим.

– Жакшы оку, жакшы бала бол. – Бетинен өптү. –Апаңды сыйла.

– Макул, апамды угам, такыр кетем дебейм, ыйлабайм эми.

«Өзгөлөр кетип өз калды» дегендей, Эмир менен Темирлердин кетиши менен үйдүн ичи дароо сууй түшкөндөй болду.

«Баланын сынчысы ата менен эне» дегендей, Зыйнат Үсөндү алгач көргөндө эле баланын көркөм сүрөт өнөрүнө болгон талантын баамдап, тирикарактыгын көрүп: «Тирүү жүрсө, артымда өнөрүмдү өлтүрбөй уланта турган туягым бар турбайбы» – деп ичинен тымызын сыймыктанып, бир эли казы алгандай семире түшкөн. Азыр өздөрүнчө жалгыз олтурганда Зыйнат уулун алдына алып эркелетип, бетинен өөп тамагынан жыттап:

– Мындан ары экөөбүз ар дайым бирге болобуз. Кудай кааласа менин тапкан-ташынганымдын баары сеники болот, Үсөн.

– Тапкан-ташынган деген эмне ал?

– Мисалы, мына бул кирип турган үй да, ичиндеги оокат да, бардыгы сеники.

– Машина да меники болобу?

– Ооба, сеники болот.

– Эмир байке самолёт сатып берем дебедиби. Анан мен алардын баарын эмне кылам?

– Эмне кылмак элең, жакын жерге барсаң машинаңды айдайсың, алыска барсаң самолетту айдайсың.

– Мен чоңоюп сиздей чоң сүрөтчү болсом, менин да акчам көп болот. Ойи-и-й, апа, экөөбүз анда бай болобуз го.

– Бай болгонду жакшы көрөсүңбү?

– Бай болгон жакшы да. Мен анда самолётко өзүмдүн мамамды, чоң энемди, таэнемди, папамды, Асан менен Жанат эжемди салып алып күндө алып келип турам. Эгер мен азыр чоң болуп, самолётум болгондо, Чолпон-Атага учуп барып өзүмдүн мамамды көрүп келет болучумун.

– Сен антип кечке эле мамаңды ойлой бербегин да. Сагынганыңда самолёту жок эле, машина менен барып турабыз.

– Азыр деле сагынып жатпайымбы.

– Андай болбойт. Мамандын кеткени эки эле күн болбодубу. Окуу башталганда, дем алыш болгондо гана барып турабыз. Бүгүн түшкү тамактан кийин экөөбүз экскурсияга чыгабыз!

– Кайда, ыя апа?

– А дегенде сен окуй турган лицейге барабыз. Бул жерде класска баруучу балдар конкурс менен өтөт экен. Билбейм эмне болот, класстар толуп калды деп жатышат.

– Конкурс деген эмне болот, ыя апа?

– Англис тили, орус тили, кыргыз тили болуп үч-төрт сабактан экзамен бересиң. Кокустан ал сабактардан начар билип өтпөй калсаң лицейге кабыл албайт экен.

– Мен ал сабактарды билем да. Китеп да окуй алам, жаза да алам, эсеп да чыгарганды билем. Бакчадан мага мактоо кагаз берген.

– Көргөм.

– Сүрөт тарткан жерге алып барам дебедиңиз беле?

– А дегенде лицейге баралы. Кудай берип кабыл алынып калсаң ал жакка андан кийин деле барабыз.

– Ур-а-а! – Үсөн ордунан тура калып, алаканын чапкылап жиберди.

– Ии, – деди Зыйнат ичинен толкундап, Кудай буюрса зээндүү экен.

Зыйнат лицейдин шартын эртең менен барганда билген. Анда директор жок болучу. Окуу бөлүмүнүн башчысы: «Мен чечалбаймын. Ал киши министерствого кеткен, саат бирде өзүндө болуш керек. Уулуңузду ала келип, директордун өзү менен сүйлөшүп көрүңүз. Балким, жардам берип калаар. Бирок класстардын баары толуп калды» – деген болучу.

Зыйнат менен Үсөн келгенде, окуу бөлүмүнүн башчысы Зыйнатты көрүп минтти:

– Келдиңизби?

– Ооба, келдим. Директоруңар келдиби?

– Жакшы убакта келдиңиз. Ырас мугалимдер да бул жерде жүрүшөт. Директор жалгыз олтурат, кире бериңиз.

Зыйнат лицейде эч бир таанышы болбогонуна өкүнүп турду. Балким, «Тааныбасты сыйлабас» кылып коёр бекен деген ойдон тынчы кетет. Кабинетке киргенде орто жашап калган салабаттуу адамга аста басып келип салам айтып токтоду.

– Келиңиз, – деди директор Зыйнатка көңүл бура карап, – олтуруңуз, кулагым сизде.

– Мен мына бул уулумду алып келдим эле!

– Кечигип калбадыңызбы. Эртерээк алып келиш керек болучу. Бизде бардык класстар толду. Анын үстүнө сыноо менен тандалып кабыл алынат лицейге.

– Ооба, аны да билем, кечиккенибизди да билем. Алматыдан жаңы көчүп келип ушундай болуп калды.

– Казаксызбы?

Зыйнат күлдү.

– Жо, кыргыз элемин.

– Алматыда эмне болуп иштөөчү элеңиз?

– Художниктер союзунда.

– Художниксизби?

– Ооба, художникмин.

– Фамилияңыз ким?

– Эсенова.

– А союздун убагында «Бүткүлсоюздук Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты» болгон Зыйнат Эсенова деген таланттуу кыз сизсизби? – Директордун көздөрү жалт дей түштү. – Ооба, чыгармаларыңыз боюнча билем.

– Жардам бериңиз.

– Мугалимдер бул жерде болду бекен? – Директор секретарын чакырып минтти: – Биринчи класстын мугалимдеринен кимдер бар, чакырчы.

Арадан көп убакыт өтпөй ээрчише басып эки мугалим кирди. Директор аларга дароо минтти:

– Бул кишини тааныйсыздарбы?

Экөө тең башын чайкады.

– Жок, тааныбайт экенбиз.

– Зыйнат Эсенова деп уктуңуздар беле? Белгилүү художник, живописчи.

Аялдар түйшөлө түштү.

– Ооба, билебиз чыгармасы боюнча.

– Билсеңер эжеңерби, сиңдиңерби, бизге уулун алып келиптир. Алматыдан жаңы эле көчүп келишкен тура. – Директор Зыйнатты карады. – Уулуңуздун аты ким?

– Үсөн.

– Анда Үсөн менен беседа жүргүзүп көргүлөчү. Ар бир предмет боюнча мугалимдер өздөрү катышсын. Баланын жөндөмү лицейдин талабына туура келген болсо класстардын бирине кыпчыгыла. Кокустан өтпөй калса Зыйнат Эсеновна бизге таарынбас.

– Ооба, таарынбайм.

– Жүргүлө анда класска баралы, – деди мугалимдер.

Үсөн Зыйнат күткөндөн да артык болуп чыкты. Бардык сабактар боюнча беседада «5» деген баага татыктуу болду. Ошол эле замат 1- «А» класстын тизмесине илинди. Кубанычы койнуна батпаган Үсөн менен Зыйнат мугалимдердин коштоосунда класстан чыгып келатышса, алдыларынан директор кезигип токтой калды.

– И, эмне болду?

– Салават Саламатович, уулу үчүн Зыйнат Эсеновнаны куттуктап койсоңуз болот. Тирикарак, зээндүү экен баласы.

Директор күлдү.

– «Энесин көрүп кызын ал» дегендей, чыккан уясы жакшы да. Ырас болгон тура, куттуктайм. Кайсы класска бармак болду?

– Менин классыма.

– А, Гүлбара, сиз кечээ классым толук деп жатпадыңыз беле.

Мугалим жылмайды.

– Ошондой болсо да Үсөндү өзүмө алгым келди, Салават Саламатович!

– Болуптур, болуптур, ишиңиз ийгиликтүү болсун. – Директор Зыйнатка карады. – Бизде бардыгы тандалган, тажрыйбалуу мугалимдер. Жакшы окуган окуучуларга стипендия беребиз.

– Ооба, уктум, стипендия алса да, албаса да өткөнү жакшы болбодубу. Ырахмат...

– Окуунун шартын түшүндүргөндүр мугалимдер.

– Ооба, түшүндүрдү...

Лицейден Үсөн менен Зыйнат кубанычтуу чыгышты. Зыйнаттын Үсөнгө ыраазы болуп, дагы бир кубанганы, анын мугалимдердин берген суроолоруна кадыресе адамдан бетер токтоолук менен ойлонуп туруп, так жана чечкиндүү жооп бериши болду. Ушуларды ойлоп көз алдынан өткөргөн Зыйнат: «Оо Кудурет, баламды көзү жамандардын көзүнөн, ниети бузуктардын сөзүнөн сактай көр» – деп кайра-кайра жерге түкүрүнүп койду.

Лицейден чыгып эле түз эле Айтиевдин көргөзмө залына барып түшүштү. Эшиктен киргенде эле бала бир башкача дүйнөгө дуушар болгонсуп эки бети албырып, көздөрү оттой күйүп залдын ортосунда эки жагын суктана карап, оо бир оокумга тургандан кийин Зыйнатка минтти:

– Ыя апа, бул Капар Айтиев агайдын сүрөттөрү экен ээ!?

Зыйнат уулуна кимдин көргөзмөсүнө барышарын атайын эле айткан эмес болучу.

– Айтиевдики экенин кандай билип жатасың?

Үсөн сүрөттөргө жакындай басты.

– Мына бул, мына бул, анан тетиги сүрөттөрүнүн баары альбомдо бар эмеспи.

– Ооба, Айтиевдин көргөзмө залы.

– Ыя апа, ушунун баары Капар агайдыкыбы? – Үсөн аралай басып ар бир сүрөттүн алдына токтой калып, суктана карайт. Анан бир убакта минтти: – Башка кишилер-

дин сүрөттөрү да бар турбайбы. Мына бул Жумабаевдин сүрөтү экен. Сиз ал кишини тааныйсызбы?

– Тааныйм.

– Бул Мамбетаипова Шакен эженин эмгеги экен.

Зыйнат Үсөндүн сөзүн угуп мыйыгынан күлүп койду, «Олда ары жок айе, тим эле «Эмгеги» деп коёт.

– Бул эжени да тааныйсызбы? Ушул сүрөтчүлөрдүн бардыгы ушул шаарда турушабы?

– Тааныйм. Бирок булар жок азыр.

– Аа, өлдү беле баары? Капар агай дагыбы?

– Ооба, Капар агай дагы.

Үсөндүн кабагы чытыла түштү.

– Өлгөн жаман ээ, апа!

– Өлгөн жаман болбогондо жакшы болмок беле?

– Тирүү сүрөтчүлөр да барбы?

– Бар, толуп жатат.

– Алардын өзүн көрсө болобу?

– Болот көрсө. Сен эмне сүрөтчүлөрдү көргүң келеби?

– Ооба, көргүм келет. Алар да сизге окшоп үйүндө иштешеби?

– Ооба, көпчүлүгү үйүндө иштешет көпчүлүгүнүн чыгармачылык өнөрканасы бар да. Шашпа, көрөсүң аларды да. Шарт болгондо алып барам өзүм.

– Эртең окууга барамбы?

– Жок, эртең эмес, дагы үч күндөн кийин.

– Мени сиз алып барасызбы?

– Ооба, мен алып барбаганда, анан ким алып бармак эле. Өзүм алып барам.

– Асан да, Жанат эжем да үч күндөн кийин барышабы?

– Ооба, бардык мектептерде окуу бир күндө башталат да, балам.

– Асанды мамам алып барат ээ, апа? Мен ал жерде болсом мени да өзүмдүн мамам алып барат болучу. Мени сагынып жатат го, ыя апа? Мамамды көргүм келип, мен да сагынып кеттим.

– Сагынсаң окуу башталганча барып келебиз.

– Чын айтасызбы? – Зыйнатты кучактай калды.

– Садага кетейин каралдым, сага калп айтып жүрчү белем? – Бетинен өөп, бооруна кыса кучактап койду.

– Конуп келебизби?

– Жок балам, конбойбуз.

– Жайнагүл мамам жакшы ээ, апа?

– Ооба, жакшы алдыңа кетейин.

– Ал мени аябай, аябай жакшы көрөт.

– Мен деле жакшы көрөм го.

– Ооба, сиз да жакшы көрөсүз. Өзүмдүн мамама окшоп жалынасыз. Ал дагы мени, алдыңа кетейин, садага кетейин, мейнетиңди алайын, каралдым деп жалынат, – деп улутунуп койду.

Үсөн менен Асанды Жайнагүл мөндөлөйдөй кызыл эт кезинен күндүзү саат экиден төрткө чейин уктоого көндүргөн. Бул режим бакчада да бузулбай улантылып турган эмеспи. Бул убакта уктабагын десе да болбой, экөө бирдей уйкуга бой уруп турушчу. Үсөн азыр да апасы менен сүйлөшүп олтуруп эле, олтурган жеринде кыйшайып көшүп кеткенин көргөн Зыйнат Үсөндү оңдоп жаткырып, үстүн жаап койду. Анан тажеңеси менен таякеси олтурган катарлаш бөлмөгө кирип, Айгеримди алып минтти:

– Ыя, тажеңе, кызыңыз атайы эле адам болуп калды. Мен алайын десем мойнун толгоп, сизди көздөй качып туруучу эле. Азыр антпей, ырас үйүр болуп калды. Тим эле мени көргөндө эмгектеп жүгүрүүчү болду.

– И, балам, баланы да өз боюна тартып, мээримин төгүп, жүрөгү жарылып сүйүп бакса бала болот. «Бала сынчы келет» – деп калуучу менин атам. Көрсө, ушул кенедей макулуктар да жаман көргөндү да, жакшы көргөндү да дароо билет экен. Сенин Үсөнүң менен Жайнагүлдөн улам деле, байкабайсыңбы. Бири-бирине жыты сиңишип, жедеп жаны менен жаны бир, дили менен дили бир болгон үчүн бири-бирин издеп, бирин бири сагынышып, экөө эки жер-

де күкүк менен зейнеп болуп куурап олтурушат. – Ал эми Айгерим болсо эч нерсе менен иши жок, Зыйнаттын кулагындагы күмүш сыргага көзү түшүп, ошону алуунун аракетинде тырмалаңдап жатты.

– Ой, тобо, «Кыздын көзү кызылда» деген ушул экен да. Карасаңыз, бул кыздын эмне кылып жатканын?

Ушул маалда ачык турган эшиктен: «Мама! Ма-ма-а, кач!» деген Үсөндүн үнүн угуп, Айгеримди коё коюп ордунан учуп турду. Зыйнат аста басып бөлмөгө кирсе Үсөн чалкасынан жаткан калыбында уктап жатат. Эненин жүрөгүн дирт эттирген бир иш Үсөндүн эки көзүнөн булактай аккан жаш жаагын көздөй агып жатканы болду. «Үйлар аз жерден сүзбөй калды ээ, мама! Сизди сагынып жатам, ала кетиңизчи мени» деген сөзүн угуп, «Ой куураган балам ай, – деп Зыйнат тегеренип кетти. – Сенин кенедей болгон тынч жүрөгүңө дүрбөлөң салдым ээ, мен.

Кууратым го мамаң экөөңдү. Баламды таап, бактылуу болом десем, али көргөнүмдөн көрөлегим көп окшобойбу!» – деп ойлогон Зыйнат, уктап жаткан уулун телмире тиктеп ойго батып канча убакыт турганын өзү да билбей калды. Бир кезде уйкуда жатып ыйлап да, сүйлөп да жаткан Үсөн көздөрүн ачып, эки жагын карап алаңдай түштү. Анан маңдайында турган Зыйнатты көрүп, жаздыктан башын жулуп алды.

– Апа! Мамам кетип калдыбы?

– Мамаң келген жок, балам. Эмне болду, түш көрдүңбү?

– Мен келген экен десем, көзүнүн жашын сүрттү.

– Эмнеге ыйладың?

– Мамама. Аны уйлар сүзүп, аз жерден өлтүрүп коё жаздады. Уйларды араң кубалабадымбы.

Баланын сөзүн угуп жүрөгү болк дей түштү. Зыйнат башынан эле «Түштө уй оору болот» деген сөздү көп укан. Бирок ошентсе да «Уйларды араң кубалабадымбы» деген сөздү угуп: «Айдаганы жакшы болуптур, Жай-

нагүлдүн оору-сыркоосун айдап салган экен» – деп эс алып турду.

А Ырыс болсо баякы эле кара казан менен алышып, ашканада жүргөн болучу. Тажеңесинин, эшикти ачып «Чай ичкиле!» деген сөзүн угуп, Үсөндү: «Турагой балам!» – деп бетинен өөп коюп, залга кирип, стол үстүндө турган гүлдестени, майрам түрүндө жайылган дасторконду көрүп көздөрү жайнай түштү. Оюнда эч нерсе жок Зыйнат Ырыска карап сурады:

– Эмне, үйгө конок келеби, ыя тажеңе?

– Өзүбүздү өзүбүз коноктобойбузбу. Бүгүн кубанычтуу күн болуп турат. Тажеңеңдин колунан келгени ушул экен, балам. Үсөндүн окууга өткөнүн куттуктайын деп аш бастым.

Ойдо жок сөздү угуп, Зыйнат кубанганынан тажеңесин кучактап өпкүлөп жиберди.

– Кагылайын алтын апам, ырахмат сизге. Үсөнгө чоң иш жасаган турбайсызбы.

– Таякең экөөбүздүн колубуздан тамак жасап, бата бергенден башка эмне келмек эле, садага.

– Батадан чоң, батадан артык эмне бар, тажеңе.

Кубанычы койнуна батпаган Зыйнат, кайра Үсөндүн үстүнө кирди.

– Ой, балакетиңди алайын каралдым, туралексиңби эмгиче. – Колунан тартты. – Тур эми. Билесиңби Ырыс апаң сага эмне жасаганын?

– Эмне жасаптыр?

– Сен жакшы көргөн палоону?

– Палоону? – Үсөн ордунан секирип туруп Зыйнатты кучактап, башын көөдөнүнө жөлөп, тумшугун эки эмчегинин ортосуна катып, дым тартпаган калыбында, оң колун апасынын койнуна катып, эмчек тушун алаканы менен басып, мемиреп кетти. Анан ал оо бир оокумдан кийин эки бети нурданып башын акырын көтөрүп минтти:

– Апа, сиздин жытыңыз да, менин Жайнагүл мамамдыкындай жакшы экен, ээ?

Зыйнат ошондо гана, Үсөндүн эне жытын сагынып, эне мээримине канбай өксүп жүргөнүн билди. Көрсө, ал Жайнагүлдүн көөдөнүнөн кумарлана жыттап, эмчегин кармап жатып уктап, ракат алып жүргөн бала турбайбы деген ойдон көөдөнү ысый түштү. Андан дагы «Сенин жытың да, менин Жайнагүл мамамдыкындай жакшы экен ээ» деген сөзү эсинен кетпей калды.

– Ыя, Үсөн, Чолпон-Атага баралыбы?

– Биздин үйгөбү?

– Ооба, силердин үйгө. Же окуу башталгандан кийин баралыбы?

– Жок, жок, эртең эле баралычы, апаке! Мен мамады сагындым да.

– Оо, эртең болбойт.

– Анан качан барабыз?

– Эртең конокко барабыз. Чолпон-Атага бүрсүгүнү баралы, жарайбы. Чыныңды айтчы Үсөн, кокустан мен жок болсом, мени да сагынасыңбы, же сагынбайсыңбы?

– Сагынам да.

Бүрсүгүнү болуш Үсөн үчүн жылдай болуп, сааттын жебесин бир жерге байлап койгонсуп убакыт өтпөй жатты. Үсөн жумушчу кабинет деп бөлүнгөн бөлмөдө жүргөн Зыйнаттын үстүнө кирди.

– Апа, бул эмне деген бөлмө болот дединиз эле?

– Экөөбүздүн жумушчу кабинетибиз болот.

– Жумушчу кабинет деген эмне?

– Сен экөөбүз иштейбиз да.

– Эмнени иштейбиз?

– Сүрөт тартабыз. Бүгүн конокко барганы жатпайбызбы. Ошол Абакир байкеникине барганда жумушчу кабинет кандай болоорун көрсөтөм сага.

– Абакир байке сүрөттү кыйын тартабы?

– Ооба, кыйын тартат.

– Апа, азыр эле баралы да.

– Коё тур, азыр эрте.

Үсөндүн: «Абакир байкеникине эми качан барабыз» – деп кайра-кайра сурай бергенинен, Зыйнат уулуна, ал кишинин өнөрканасын эл келелекте, эртээрек барып көрсөтүүнү ойлоп, бир саатча эрте чыкты.

Эшиктин коңгуроосун басып, үй ээси аял чыкканда Зыйнат кечирим сурады:

– Алмаш эже, бизди кечирип коюңуз, мен атайы эле уулума Абакир байкемдин өнөрканасын көрсөтөйүн деп эрте келип калдым. Мен өзүм чакырылган меймандардын убагында келгенин жактырамын. Анткени дасторкон ошол меймандар келүүчү саатка карата даярдалат эмеспи.

– Ой, эчтеке эмес. Кайра жакшы да эрте келген, – Алмаш Үсөндү өптү. – Уулуң өзүңө окшош турбайбы. Аман бол айланайын. Киргиле, Абакир кабинетинде иштеп жатат.

Зыйнат Үсөндү ээрчитип, Абакирдин үстүнө киргенде эле сүйүнгөнүнөн маңдайынан тер чыга түштү. «Көктөн тилегени жерден табылгансып, Кудай жалгап, Абакир залкар комузчу Ыбырай Тумановдун портретинин үстүндө иштеп жаткан кези экен. А Үсөн болсо, жумушу аяктап калган портретти бир карап, Абакирди бир карап катты да калды. Анан Үсөн ок эле акыл-эси толгон чоң адамдан бетер бир оокумга чейин портретти кыл калем менен кандай тартып, кайсыл боёкту кандай пайдаланып жатканын дыкаттык менен тиктеп туруп сурады:

– Байке, бул биздин Ыбырай ата турбайбы, ээ?

– Ооба, Ыбырай ата! Тааныйсыңбы?

– Чолпон-Атадагы музейден көргөм.

– Оо, азаматсың го ыя! Апаңды тартып сүрөтчү болуп жүрбө? Сүрөтчү болгонду жактырасыңбы?

– Ооба, жактырамын.

Эки жагын карап:

– Биз дагы ушундай кабинет жасайбыз, ээ апа.

– Ооба, жасайбыз, балам.

– Мен сиздин сүрөттөрдү көргөм.

– Кайдан көрдүң эле?

– Музейден.

Үсөн эки жагына кыраакы көз чаптырып кабинеттин ичиндеги жаңы бүткөн, чала бүткөн сүрөттөрдүн ар бирининин алдына токтой калып тирмие тиктейт.

– Уулуң сүрөткө шыктуу бала го дейм, – деди Абакир, баланы сынаакы карап.

– Сүрөт тартууну жакшы көрөт деги.

– Өзүндү тартса бирдеме болоор.

– Мен кийинки күндөрдө иштебей калдым. Алматыдагы үйдү көчүрүп келсем, баш-аягымды жыйнап алып олтурам го. – Ары жакта жөлөп койгон портреттерди көрүп минтти Зыйнат: – Сиз кийинки учурда портрет жагына оой баштагансыз го дейм. Чындыгында сиз таланттуу живописчисиз да. Адамдын образын, ички дүйнөсүн, кебете-келбетин сезе билүү, аны полотного түшүрүү өтө татаал нерсе да. Кыргыздын «тышы жалтырак, ичи калтырак» деген сөзү бар го. Анын сыңарындай тышкы кебетеси келишип турганы менен, ичине кара таруу айланбаган арамза, кытмыр, эки жүздүү адамдардын ички дүйнөсүнүн тардыгы, чыгармадан көргөн адамдын көзүнө дароо урунуп туруш керек го дейм.

– Туура. Бирок андай адамдарды толук тааныш эле эмес, сырдана болуш керек.

– «Адам өз жамандыгын өлгөнчө билбейт, киши жамандыгын кирип чыкканча билет» дегендей, портретти көргөн адам, ал адамдын айкөлдүгүн же акмактыгын дароо ажырата билгендей болсо, автор ошондо гана өз максатына жеткен болоор эле.

Абакирдин жумушчу кабинети Үсөнгө аябай жакты. Коноктон чыгып кайра келаткан жолдо, Үсөндүн ой-санаасын бүтүндөй ээлеп алган Абакир Ырысбековдун жумушчу бөлмөсү болгонун түшүнгөн Зыйнат ичинен: «Кудай бир

жагынан бербесе, бир жагынан берет» деген ушул деп ойлоп кымылдап келатты.

– Апа, менин дагы Абакир байкемдикиндей, олтуруп сүрөт тартуучу доскам болобу?

– Албетте, болот?

– Апа дейм, кабинетти тез эле жасайлычы.

– Жасайбыз, шашпа балам...

Үсөн өзүнүн балалык кыялында, апасы экөөнүн жумушчу кабинети жөнүндө бир ойлосо, эртең өзүнүн сүйүктүү мамасына, чоң энесине, бир туугандары Асан менен Жанатка барарын бир ойлонуп жатып кандай уйкуга кеткенин өзү да билбей калды. Эртең мененки зарядкадан кийин, муздак душ алып чыккан Зыйнат Үсөндүн чекесине эрди тиер-тийбестен эле ойгонуп кетти.

– Турагой, күчүгүм. – Эңкейип кайрадан өптү.

Үсөн кош колун апасынын мойнун көздөй суна керилип кучактап калды.

– Апаке, мен сизди жакшы көрөм.

– Жакшы көрөм деген оозуңдан тегеренип кетейин! – деди укkан сөзүнө жүрөгү алоо болгон Зыйнат.

– Чолпон-Атага барабызбы?

– Ооба, барабыз. Барсаң туруп турникке чыгып бир сыйра ойноп, көңүлүңдү көтөрүп кел.

– Душка да жуунайынбы?

– Душка жуунбай эле кой, суу муздак экен, суук тийип калбасын.

– Кичине эле жуунам.

– Кичине жуунсаң жуунуп, этиңди жакшылап кургатып, дароо кийип ал анда.

Зыйнат ашканага кирип, дасторкон жайып, Айгеримди көтөрүп короого чыгып, уулунун турникке асылып жатканын көрүп минтти:

– Карачы, таякелериң сага турник да орнотуп, селкинчек да салып берип кетишти. Экөөбүз ырахмат да айткан жокпуз.

– Мен айткамын, апа!

– Азаматсың го айтсаң.

Зыйнат эртең мененки абадан көөдөнүн кере рахаттана дем алат. Теребел күз жыттанып таза аба бетти аймалап, айлана күлүп тургансыйт. Бүгүн деги демейдегиден Зыйнат көңүлдүү. Үсөн да көңүлдүү, Айгерим да көңүлдүү, бардыгы көңүлдүү.

Үйдөн Ырыс кызынын коляскасын алып чыгып, Зыйнатка карады:

– Айланайындар менин кызымды деле алдагы турнигиңер менен ойнотуп койсоңор боло. Мейли ойнотпосоңор ойнотпой эле койгула. – Ырыс күлдү, өзүн көздөй чарылдап талпынып жаткан кызын алып, коляскага олтургузду. – Сага азырынча ушул эле бешигиң болот.

Айгеримдин эки көзү Үсөндөн өтүп, коляскадан учуп кетүүчүдөй алы-жаны калбай талпынып жатты. Үсөн болсо карындашынын күлкүсү менен кебетесине ичи эзилип, эмне кылаарын билбей турниктен учуп түшүп, Айгеримди баса жыгылып өпкүлөп жиберди.

– Жакшы көрөсүңбү?

– Ооба, жакшы көрөм. Ыя апа, көлгө ала кетсек эмне болот?

– Жок болбойт, балам. Кийин буту басканда алып барабыз.

– Дагы бир өөп алайынчы, – Үсөн Айгеримдин болпойгон жумшак ууртунан кайра-кайра басып алып өпкүлөп жатты.

– Болду эми, ууртун жарасың, ошентип да өбөт бекен! – деди Зыйнат уулуна.

– Мен Айгеримди жакшы көрөм, апа!

– Карындашын жакшы көрбөгөндө жаман көрүүчү беле?

– Азыр кетебизби?

– Ооба, кетебиз. Жүрү, чай-пай ичип алып, эртерээк жолго чыгалы.

Зыйнат оюнда эч нерсе жок, машинасынын артына коондарбызды толтура салып, Үсөндү жанына олтургузуп алып жолго чыкты. Тынбай жүрүп олтурушуп Чолпон-Атага тез эле кирип да келишти. Машина токтоору менен Асан менен Жанатка алып келаткан альбом, түр карандаштарын, дептерлер менен журналдар салган сумкасын көтөргөн бойдон, Үсөн машинадан түшөөр-түшпөстөн эле кыйкырып кирди:

– Аса-а-а-н! Аса-а-а-н! – Өзүн дароо короону көздөй атты. Бирок Асандан да, башкадан да дабыш чыкпады. Дарбаза ачык болгону менен, баякы бака-шака түшүп астанасынан адам кетпей туруучу кутман короо ичи, баякы батырап батпай жаткан малынан, баккан адамдарынан ажырап, аңгырап ээн калган колхоздор менен совхоздордун короосарайларына окшоп дүлөй тынчтык басып турду. Ар жакта байланып турган кара дөбөт, а дегенде зоолусун үзүп адамды басып жечүдөй болуп ажылдап барып, Үсөндү көрүп жаагы жап болду. Анан куйругун булактата шыйпаңдап «Сени сагындым, бизди таштап кайда жүрөсүң?» дегенсип Үсөндү көздөй бой уруп кыңшылап жиберди.

Дарбазадан кирген Зыйнат, эшиктердин улам бирин тартып коюп, супсуну сууп, мостоюп турган Үсөнгө томсоро карап үн катты:

– Киши жок бекен, ыя балам?

– Ооба, баарында кулпу экен.

– Балким, кошуналар билээр, сурап көрчү.

– Айнектен сурайынбы?

– Ой айнектен сурабай эле, үйүнө кирип сура.

– Апа-а, ал Айнек деген кызынын аты.

– Аа кокуй де, сура анда Айнектен.

Үсөн огородго кирип, темир тор тосмодон кыйкырды:

– Айне-е-е-к! Бери чыкчы, мен Үсөнмүн.

Кыз Үсөндүн үнү чыгаар-чыкпастан эле үйүнөн атып чыкты.

– Качан келдиң, Үсөн?

– Азыр. Биздин үйдө эч ким жок экен, сен билбейсиңби, булар кайда кетишти?

Кыз Үсөнгө жооп бергенче, ар жактан энеси чыкты.

– Аа, балекетиңди алайын, Үсөнүм турбайбы, качан келдиң, балам?

– Азыр эле.

– Ким бар жанында?

– Апам бар.

– А, Зыйнат да келдиби? Кандай үйүндү сагынбай жакшы жүрөсүңбү?

– Ооба, сагынбай эле.

– Сагынба кагылайын. Зыйнат өз апаң да. Булар эртең менен эле үйдө болучу баары. Жайнагүлгө кетишсе керек.

Булардын сөзүн ар жакта угуп турган Зыйнаттын жүрөгү шуу дей түшүп, шашыла басып келип салам айтты.

– Саламатсызбы, эже!

– И, саламат алдыңа кетейин. Кандай, жакшы турасыңарбы?

– Жакшы элебиз. Эмне, Жайнагүл Казиевна бир жакка кетти беле?

– Төрт-беш күн болуп калды го, ал келин ооруканада.

– Эмне болуп?

– Уккан жок белеңер, жүрөгүнөн приступ болуп реанимацияда ал келин.

Зыйнат делдее түштү.

– Уккан эмесмин! – Көзүнө жаш айлана түштү. – Жаман болгон тура, жакшы болуп кетсе болду, – кайра бурула берип көз жашын сүрттү.

– Апа, эмнеге ыйлап жатасыз. Мамам эмне болуп ооруп калыптыр?

– Билбейм, балам, экөөбүз жаңы эле келбедикпи?

– Эми кайда барабыз?

– Ооруканага барбайбызбы?

Зыйнат машина менен ооруканандын алдына токтоору менен эле Үсөн чый-пыйы чыгып кыйкырып жиберди.

– Апа, тигине Асан, чоң энем, таэнем, Жанат эжем баары ушул жерде экен. – Үсөн машинадан түшүп эле, өз үйүрүн көздөй, кыйкырып учуп жөнөдү.

– Ас-а-а-а-н! Аса-а-ан!

Бардыгы үн чыккан жакка жалт карашты. Үсөндү көргөн Асан да чуркады. А Зыйнат болсо өз кулагынан өзү үркүп, эмне деген сөз угаар экенмин деген ойдо чалыштай басып келатты. Кына менен Тумар экөө тең Зыйнатты бурула карап, токтоп калышты.

– Кандай балам, жакшысыңарбы?

– Биз жакшы элебиз. Жайнагүл Казиевна ооруп калдыбы? Жакшыбы деги?

– Жакшы деп жатышат. Үстүнө киши киргизбей жаткан. Жанакы катуу оорулар жаткан жерде болучу. Бүгүн палатага алып чыгабыз дептир. Ошон үчүн үстүнө чыкса киргизеби деген үмүт менен келгенбиз. Эмнеси болсо да жүрөгүбүздү түшүрүп салды. Инфарк деген оору жаман болот турбайбы. Врачтардын кылдаттыгынан эле аман калды го жаны. Чуркашты го байкуштар. Бул ооруну жаман деп коркутуп да жатышат.

– Оорунун баары эле жаман, жакшы оору жок. Бирок инфаркты башынан бир эмес эки-үч жолу өткөрүп сексентоксонго чыккан көп эле адамдарды көрүп жүрөм. Кудай сактасын, коркпой эле койгула. Үйүңөргө келип эч ким жок, кошунаңардан угуп жүрөгүм түшүп калды.

– Жүрөк түшкөндү айтпа, балам. А деп жыгылганда: «Мал болбой калды го!» – деп коркконумдан ыштаныма сийип жибериптирмин. Эч нерсени билбей, тил-оозу жок сулк жатып калса болобу. Кокустан жанында киши болбой, балдары менен жалгыз болгондо анык өлмөк экен. Мындай ооруну көрбөгөн куураган жан, эс-алдырабыз деп ары-бери сүйрөп жүрүп, ажалдан мурда өзүбүз өлтүрмөк экенбиз. Дагы Кудай жалгап, ошол тушта өзүнүн врачы келип калганы абийир болбодубу.

– Азыр жанында ким бар?

– Эч ким жок эле догдурлар өздөрү карап жатышат. Башка палатага которобуз дегенинен Толкунбек кирип кеткен, – деп Кына оозун жыйгыча болбой, ар жактан чыгып келаткан ооруканандын бөлүм башчысы Нуржамал Исаевна менен дарылоочу врачы Бурмакан Абдыкеримовнанын жанында катар басып келаткан Толкунбекти көрүп, Кына Зыйнатка шыбырай сүйлөдү. – Тигил эки келин экөө тең Жайнагүлдүн догдуру.

Ушул саамда ар жактан Үсөн чуркап барып: «Па-па-а!» – деп Толкунбекти кучактап калды.

– Ой, күчүк, сен кайдан? Ким менен келдиң? – Жерден көтөрүп алып, бетинен өптү.

– Апам менен келдим.

Толкунбек эки уулу менен жетелеше басып келип, Зыйнат менен кол алышты.

– Качан келдиңер?

– Азырыраак эле келдик. Деги, Жайнагүл Казиевнанын ден соолугу жакшыбы?

– Жакшы, жакшы, Кудая шүгүр.

– Сиздер турбайсыздарбы, Жайнагүл Казиевнанын врачтары?

– Ооба, мен дарылоочу врачымын, Нуржамал Исаевна бөлүм башчыбыз. Коркунучтуу мезгил өтүп кетти, коркпоңуздар. Палатага азыр эле алып чыктык. Сиздерди көрүп бастык, айтып коёлу деп.

– Ырахмат, ырахмат! Жакшы сөзүңүздөр бар экен. Кирүүгө болобу? Биз бүгүн кайра кетебиз. Учурашып, санаам тынып кетсем жакшы болот эле.

– Сиз Зыйнат Эсенова эмессизби? Жайнагүл Казиевна, сизди реанимацияда эс-учун билбей араң жатканда да экиүч жолу сурады. Кечээ да сураган. Ырас келип калыптырсыз, сиз кирип чыгыңыз. Көп сүйлөшүүгө болбойт, ушуну эсиңизге алыңыз.

– Түшүнөм, – деди Зыйнат.

– Бизди киргизбейсиңерби, ыя кыздарым, – деди Тумар, кабагы бүркөө.

– Жок, апаке, сиздер бүгүн кирбей эле коюңуздар. Кызыңыз жакшы болуп калды. Эки энеси экөөңүздөр тең капа болбоңуздар. Эртең деле күн бар. Зыйнат Эсеновна кирбесе болбойт да, кетем деп жатпайбы.

– Ооба, кирсин Зыйнат.

Зыйнат менен Үсөн киргенде Жайнагүлдүн көздөрү ачыла түштү. Дароо эле Үсөн: «Ма-м-а-а!» – деп барып, кучактай жыгылганы баратканда врач кармай калды.

– Антип үстүнө жыгылууга болбойт, тынч туруп учураш.

Эне-бала өбүшүп учурашышты. Үсөн жашылданып минтти:

– Мама, эмнеңиз ооруп жатат?

– Жүрөгүм.

– Качан айыгат жүрөгүңүз?

– Айыгып калдым, балам.

– Мен сизди түшүмдө көргөмүн.

Зыйнат минтти:

– Болду эми, мен учурашайын.

Үсөн көз жашын колу менен жанып алып, кетенчиктей берди.

– Апа, мен Асанга барайынбы?

– Бар, бара бер.

Оорунун күчү оңойбу. Кечээ эле көргөн адамдын көз жоосун алып жаңы ачылган гүлдөй кулпунуп туруучу сулуу аялдын, өңү өчүп, алагар көздөрү алайып, арыктап калган алсыздыгын көрүп, боорукер Зыйнаттын көз жашы төгүлүп кетти. Күнүлөшүнүн бетинен өөп, жаздыкта уйпаланып жайылып жаткан узун чачын жыйып, саамайын кулагына кыстырып, маңдайынан сылады.

– Кандай, жакшы болуп калдыңызбы?

– Кечээтен бери жашоодон үмүт кылып калдым. Эгерде өлүмдүн баары ушул инфарктай болсо, кандай өлгөнүн адам

билбей калчудай экен. Мен ооруганымды эсиме толук келгенден кийин билдим. Кокустан кайталап кармаса, ай-буйга келбей эле жүрүп кетчүдөй болуп калдым. Эс алып, эсиме келгенден кийин биринчи эле балдарды, анан сени ойлодум.

– Мениби? – Зыйнат Жайнагүлдү таң калычтуу тиктеди.

– Ооба, сени. Инфарктын коркунучтуу оору экенин билем. Кокустан кайталап кармаса, оңбой калдым го. Ошондуктан сага айтайын дегеним, балдардын бирин эмес, баарын сага тапшырдым, сени Кудайга тапшырдым.

Зыйнат чочуп кетти.

– Ал эмне деген сөз, Жайнагүл Казиевна, өз балдарыңыз, өз турмушуңуз өзүңүзгө буюрсун. Сиз али жашсыз. Инфарк менен ооруган көп эле адамдарды көрүп жүрөм сексен-токсонго чыккан. Коюңуз андай сөздү экинчи кулагыма угузбаңыз.

– Секирбей угуп турсаң, – деди Жайнагүл тынымдан кийин, – экөөбүз бири-бирибизди карышкырча карашып жүрүп, акыры кимибиздин ким экендигибизди жакшы эле билишип калдык го дейм. Мен сени мурда күнөөлөсөм, кийин баякы сенин Москвадан жазган катыңды алгандан тартып күнөөлөгүм келбей калган. Эми ойлосом, ошол Толкунбекти сенин үйүңдөн кармаган кезде, мен деле жаш экенмин, курч да экенмин. Толкунбек экөөңдү ошондо эле кечирип койсом болмок. Бирок кечире алган жокмун. Менин кемчилигим ошол болду. Азыр мен да өзгөрдүм, сен да өзгөрдүң, заман да өзгөрдү. Бири-бирибизди сыйлап, бирибирибизди ойлоп иш кыла турган мезгил келип жетти. «Жети күндүн бири өлүм» дегендей, өлүм деле бат экен.

Жайнагүлдүн сөзү ушул жерге жеткенде тыштан дарылоочу врачы кирип тынчсыздана сүйлөдү.

– Көпкө олтуруп калдыңыз. Жайнагүл Казиевнаны көп сүйлөтүүгө болбойт.

– Кечиресиз, сүйлөткөн деле жокмун. Анда биз кетели. – Зыйнат ордунан турду.

Жайнагүл минтти:

– Зыйнат, сага оюмда ойлоп, дилимде тилеп жүргөн тилегимди дагы толук айталбай калдым. Акыры айтам. Ырахмат келгениңе. Үсөн жок экен, ээ!

– Ал бая эле чыгып кеткен. Мен сиздин ооруп жатканыңызды билбей эле, Үсөндү учураштырып келейин деп келгемин. Жакшы калыңыз. Эчтеке ойлобоңуз. – Эңкейип бетинен өптү.

Зыйнат Жайнагүлдүн үстүнөн ойлуу чыкты. «Кудая тобо, балдарын мага табыштап, мени Кудайга табыштоону ойлогонуна караганда бир кеп бар. «Мен өлсөм, баары бир Зыйнатты алат» дегени го. Анан дагы, мен да өзгөрдүм, сен да өзгөрдүң, заман да өзгөрдү. Бири-бирибизди ойлоп иш кыла турган мезгил жетти» – деген сөзүн кандай түшүнүүгө болот. Кызык.

– Биз сени күтүп калдык, балам. Кудагый экөөбүздү киргизбейбиз деп жатпайбы. Кийин кечке жуук догдуру кеткенден кийин келгиле, – деди түнкү дежур болуучу сестра кыз.

Бардыгы машинага олтурушту. Толкунбектин машинасы да, өзү да көрүнбөгөнүнөн сурап жибере жаздап барып, тилин тиштеп токтоду. Анткени Жайнагүлдүн жанакы табышмактуу сөзүнөн кийин сактанып калды. Бул эки кемпир оюнда: «Жайнагүл кокус ажал жетип бирдеме болсо, бул бейбактын көктөн тилегени жерден табылып, Толкунбекке тийип алат да» – деп жаткандай болуп, Зыйнат өзүнөн өзү шектүү шекинет болуп турду. Анан дагы бая күнкү келишинде: «Зыйнат Мүсүреповго турмушка чыкканы жатыптыр» – деп Жайнагүлдүн, Толкунбекти кантээр экен деп сынап айттым деген сөзүн эстеп келатты. Эмне үчүн сынады экен?! Мен балам үчүн, Жайнагүлдүн эмгеги деп, анын адамкерчилигин жогору баалап талпактап жүрсөм, буларда кандайдыр бир табышмактуу сыр бар сыяктанып калды, – деп ойлоп койду.

Зыйнат чайга да караган жок, тамакка да күткөн жок.

Кына жакшы эле чебеленди.

– Казан асалы, Зыйнаке, Үсөн экөөң талаага келип, талаадан кеткенсип тамак ичпей кеткениңер болбойт го, шашпа балам. «Шашкан шайтандын иши» – дейт. Алдыңда аркыраган аргымагың туруп эмнеге мынчалык шашып жатасың. Азыр эрте.

– Ичбей-жебей жүрдүк беле, жарыктык. Аманчылык болсо, Жайнагүл Казиевна, сакайып үйгө чыгып келгенде, тойго келели. Андан көрө баарыбыз чогулуп бир ооздо, бир тилекте болуп, ошол алтындай болгон келиниңиздин тилегин тилейли. Энеге күйүмдүү, эл-журтка алымдуу, мындай акылдуу, мындай адамкерчилиги күчтүү, сиздикиндей келин азыр кыргызда жок.

– Билем аны, алдыңа кетейин. Өзүң айткандай Жакинимдей келин кимде бар экен. Бактылуу байбиче болуп ошонумдун алдына кетсем болду го.

Кына калтаңдап нан-панын, каймак, майын жайнатып, айран-сүтүн кеселерге мелт-калт куюп, биринин артынан бирин алып келип коюп жатты.

– Ай, Үсөн, – деди эшикти ачып Кына, – кел балам айран ич. Үйүңө кетүү оюңда барбы? Апаң кеткени жатпайбы.

– Азыр, эне. Мен Асанга алып келгендеримди берип жатам.

– Таэнең кайда жүрөт, чакыргыла, – Кына Зыйнатка карап минтти: – Жайнагүл ооругандан бери кудагыйым куурап калды. Жакшы эле камчысынан кан тамган, кайраттуу кудагыйым бар эле, бул да болбоду.

Асан менен Үсөн үйгө ээрчише киришти.

– Таэнем намаз окуп жатыптыр.

– Апа, бүгүн конуп эле калалычы, – деди Үсөн.

– Жок, андай болбойт, балам, кетебиз.

Кына Үсөнгө карап минтти:

– Мамаң чыкканда, ошондо келип конгула. Бүрсүгүнү окуу башталган жатса конуучу беле. Сени акылдуу бала

болгон экен десе, дагы эле кыйшыңың бар го, катыгүн. Апаңдын тилин алсаң жаман болбойсуң, угуп жатасыңбы мени?

– Ооба.

– Бул жакты ойлобо көп. – Кына Зыйнатка шыбырай сүйлөдү. – Куруп калсын, Жайнагүл өтө санаачыл неме турбайбы. Үсөн деп ушул баланы ойлоп санааркап жүрүп жедеп жетишкенде жыгылды. Аман калды болду. Чыкканда түлөө өткөрөбүз кел, уулуңду алып.

– Келебиз, аяш эне. «Жаман катын чыккан жерин төркүнсүйт» дегендей, элге лакап болбосом эле болду.

– Койчу айланайын, ким менен кимдин жумушу бар. Ортодо бала турбайбы. Үсөн болбосо, баякы бирибизди бирибиз карышкырча карашкан бойдон кала бербейт белек. «Учу бирге жазылат, түбү бирге кошулат» деген ушул. Жайнагүлдүн көзү жок, теңири турат, ал сен дегенде, азыр ичкен ашын жерге коюп, өлүп-өчүп турат, байкуш. Үсөндү убактың болсо, Жайнагүлдүн жүрөгү сууп, көнгөнчө алып келип тур.

– Ал жагынан камсанабаңыз, аяш эне.

Зыйнат машинасына олтурганы жатса, Кына бөжөңдөп баштыкка салып бирдеме көтөрүп чыкты.

– Мына бул каймакты таякең менен тажеңең чайына салып ичсин, балам. Куру кетпей ала кет.

– Ырахмат, аяш эне.

Жолдо келатып өзү жөнүндө, Тумар жөнүндө ойлоду. Мени бул сапар анчалык сүйө берген жок бул байбиче. Балким, кайра Толкунбекке тийип алар бекен деп ойлойбу, ким билсин. «Жаман деген бир ат бар жууса кеткис, жакшы деген бир ат бар кууса кеткис» дегендей, балким, мени баякы бойдон эле Толкунбекти эңсеп жүргөн бузуку катары ойду ойлоп жүргөндүр. Өткөн иш өттү, кеткен иш кетти. Толкунбекке болгон махабатым жалындап күйгөн отту чала өчүргөн сыяктуу көөдөнүмдө түтөп кала берди. Эми Кудай андай күндүн бетин ары кылсын. Башка бирөөнүн

бактысына ортоктош болгондон оор эч нерсе жок турбайбы. Бир кезде Толкунбексиз жашай албоочудай болгон күндөр да баштан өттү. Адам баласында, өз жүрөгүнө өзү ээ болалбай калган руханий сүйүүдөн күчтүү эч нерсе болбосо керек. Көрсө, бул сүйүү дегениң да өзүнчө бир доор, өзүнчө бир жүрөктүн каалоосунан жаралган асылынан азабы көп трагедиялуу бакыт турбайбы. Менин сүйүүдөн тапкан кол жеткис чоң байлыгым Үсөн болду. Эми мага мындан артык эч нерсенин кереги жок. Ушунтип өзү менен өзү болуп келатып, арткы орундукта Үсөндүн уктап калганын да билген жок. Ал эмес үйүнө кандай жеткенин да сезбей калды.

Эртеси эртең менен Үсөн уктап жатканда туруп кеткен бойдон, Зыйнат саат бирге жакын келди. Машина короого кирип, жаңы эле түшүп жаткан Зыйнаттын жанына атып чыккан Үсөн энтиге сүйлөп минтти:.

– Апа, менин эмне кылганымды көрөсүзбү?

– Көрөйүн, балам. Эмне кылдың?

– Жүрүңүз!

Үсөн апасынын колунан кармаган бойдон, баякы жумушчу кабинет деп калтырган бөлмөгө баштап кирди. Зыйнат бөлмөнүн босогосун аттап киргенде эле, үйдүн ичи бүтүндөй сүрөткө толуп кеткенин көрүп токтоп калды. Ошончо сүрөттүн ичинен анын көзүнө чоктой урунганы, баякы ууру жолдо жүргөн кезинде Толкунбекти өзүнө ыктата албай аялдык амалкөйлүк менен тарткан Толкунбек менен Жайнагүлдүн Асан менен Үсөндү жетелешип каалгый басып келаткан бир учуру түшүрүлгөн эң сонун пейзаж болучу.

Папасы менен мамасынын сүрөтү эмес эле, алардын өзүн көрүп тургандай шаттанып, маңдайы жарыла сүйүнүп, толкундоодон эмне кылаарын билбей, Зыйнат менен сүрөткө алмай-термей жалтылдай карап, айтаарга сөз таппай күлүңдөгөн Үсөн минтти:

– Билесизби апа, папам менен мамамды мен ошондо эле тааныдым. Сулуу экен ээ? А тигил балдар ким?

– Бири Асан, бири сен.

Үсөн кыткылыктап күлдү.

– Мытыгый экенбиз ээ, апа! Ий байкуштар!

– Жаңыдан там-туң басып жүргөн чагыңар да.

– Ыя, апа, мен дагы Айгеримдей болдум беле?

– Ооба, Айгеримден да кичинекей болчусуң.

– Анан мени Жайнагүл мамама берип койдуңуз беле?

– Мен окууга кеткенде бергемин да багып бер деп.

– Окууга кайда бардыңыз эле?

– Москвага.

– Анан Москвада кечке эле окудуңузбу?

– Ооба, жети жылы окубадымбы.

– Мен дагы жети жыл окуймунбу?

– Жок, сен андан көп окуйсуң.

– Окуган жакшы, ээ апа?

– Албетте, жакшы...

Биринчи сентябрь, Үсөн үчүн эле эмес, Зыйнат үчүн да турмушундагы унутулгус эң бир жакшы күндөрдүн бири болуп калды. Баякы, «Атанын даңкы менен кыз өтөт» дегендей, Үсөндүн аркасы менен Зыйнат мектептеги ата-энелер комитетинин ардактуу мүчөсү болуп шайланды. «Уул жакшысы – урмат» дегендей, Үсөндүн аркасы менен атын угуп, бирок өзүн көрбөгөн мугалимдер жамааты менен бүтүндөй окуучуларга, Зыйнат Эсенованын баласы биздин мектепте окуйт экен деген сөз дүңк эле дей түштү. Ошонусуна жараша Үсөн лицейдин босогосун аттаган биринчи күндөн баштап өз классынын үлгүлүү окуучусу болуп чыга келди.

Кыргыздар айткандай «Болоор уул богунан, болбос уул жогунан» дегендей, адамдын жакшы болушу да, жаман болушу да ар кимдин өз дээринен болсо керек. Зыйнаттын көңүлүн көтөрүп, үмүт отун жандырып турган, ал Үсөндүн

сезимталдыгы, эмгекчил тырышчаактыгы, айтканды айткандай кабыл алып турган илбериңкилиги болуп турду.

Жайнагүлдүн ден соолугу жакшы болуп, ооруканадан чыкканына бир айга жакын убакыт болду. Үйүнө чыккандын экинчи күнү түлөөгө Үсөн экөө баякы Жайнагүл менен Толкунбектин балдары менен полотного түшүрүлгөн картинасына дагы бир костюм кошуп, Жайнагүлдүн башын куттуктап барып келген бойдон, Зыйнат колу бошоп, кайрылып каттай элек.

«Бирөөнүн жери жер болбойт, бирөөнүн эри эр болбойт» дегендей, Зыйнат акыры Алматыдан Бишкекке көчүп келди. Ал жөн эле көчүп келген жок. Жакан менен Галияны баш кылып, өзүнүн ысыгына күйүп, суугуна тоңгон кыл калемдеш кесиптештерин төш кылып, Шерхан Мүсүрепов окшогон жакшы санаалаштарын, кошуна-колоңдорун күр эле бир чакырып, бир кутулду. Ажыраш аяктан кийин бир топ казак достору Зыйнатты Бишкекке чейин узатып келишти.

Ушул узатуудагы Зыйнаттын эсинде түбөлүккө сакталып калган бир чоң белек Мүсүреповдуку болду. Ал, баякы «Сен жөнүндө поэма» деген Зыйнатка арналган ыр китеби болду. Аны тапшырып жатып минтти Мүсүрепов:

«Аша урматтуу Зыйнат Эсеновна! Мен сизди, адамкерчилиги күчтүү, моралдык жагынан туруктуу, жакшы аял катарында гана эмес, чыгаан таланттуу, кыл калемдин нукура устаты катарында жүрөгүмдүн тереңинде түбөлүк сактап калдым. Бул китепти казактын Шерхан деген бир талантынын мага махабаты түшкөн түйшүгүнөн жаралган чыгармасы эле деп эстей жүрүңүз. Туулган күнүмдүн 50 жылдык мааракесине алдын ала чакырган тилегимди кабыл алыңыз. Бактылуу болуңуз кыргыз менен казактын чыгаан кызы, – деп колун кыса кармап бетинен өпкөн.

«Жакшы сөз жан эритет, жаман сөз жан кейитет» дегендей, Шерхан Мүсүреповдун бул поэмасын, күндө көрсө күндө колуна алып, ичин баратап, улам бир жерин окуп,

өзүнчө кыңылдап обонго салып ырдай коюп жүрүп, Зыйнат баштан-аяк жаттап да алды. Кээде ойлоп олтуруп адам көңүлүнүн сүйүүгө болгон күчүнө тан берет. Анан адамдардын бири жактырса, бири жактырбай, бири сүйсө бири сүйбөй, түйшүктөн түйшүк уланган ушул бири кем дүнүйөнүн күчү да, кызыгы да ошонусу менен кызык болсо керек деген ойго келип такалат.

Үсөндү адеп мектепке барат-барат болуп, окуу жылы улам жакындаган сайын, өзүнчө эле бир тоодой болгон топ түйшүк башына түшчүдөй, аны аткаруу колунан келбөөчүдөй болуп жүрөксүп жүргөн Зыйнат үчүн, тескерисинче, эне болуу бактысына эми жеткендей болгон бир толкун, күчүнө күч кошкондой сыймыкка бөлөп салды. Ооба, бир кезде балалуу энелерди көрүп, мындай бакыт мага келбей калды го деп ойлоп, кемсинип жүрүүчү Зыйнаттын башына азыр башка энелердин башына конгон бакыт кушу ага да келип конуп, маңдайынан сылап турган кези.

Азыр Үсөн мурункудай өз үйүрүн эстеп, өз мамасын сагынып, күндө ыйлап күү чертпей, бала болсо да өз тагдырына өзү баш ийип калган кези. Анын үстүнө каны бирге неменин каны, жүрөгү бирге неменин жүрөгү тартты окшобойбу. Баса, кан демекчи, кандан канга өткөн талант деген улуу касиет, бешиктен бели чыгалек наристе Үсөндүн ой-максатынын баарын сүрөт тартууга кызыктырып нокто салып байлап алганын биринчи түшүнгөн Жайнагүл болучу. Эми минтип «Житкен окту аткан ок табат» болуп, эки талант биригип, эне-бала табышып, алтын менен күмүштөй ширелишип турган кездери.

Үсөн өзүн чыгармага дит коюу жагынан мен бала экенмин деген жок. Тескерисинче, анын ою асманга учуп, улуу адамдардын артына таштап кеткен чыгармаларына кызыгып, ошондой сүрөттөрдү жаратууга бой уруп турса, Зыйнат аны: «Сен али жашсың. Баралыңа келип, чоң казатка киргендей, балтыр этиң тололек» деген жок. Кайра бала-

сынын күчүн сынап, күчүнө күч, өнөрүнө өнөр, талантына талант кошуп, канатына канат байлоо болуп турду. Ушул кезде Зыйнаттын өзүнүн алдына койгон бир гана максаты бар болучу. Ал болсо өмүрүнүн акырына чейин Үсөн менен Айгеримдин келечеги үчүн жашап, ошол экөө үчүн кам көрүү. Зыйнатты чоң үмүткө коштоп турган кубаныч, Үсөндүн лицейдеги ээлеген орду болду. Ал болсо, бул кичинекей таланттын күн өткөн сайын англис тилинде болобу, француз тилинде болобу эркин сүйлөй башташы болучу. Ал эми орус тили менен кыргыз тили, анын өз эне тилиндей эсептелгени эненин жүрөгүн андан бетер кубанычка бөлөй баштады.

Баласынын дараметине толкундап, улуу ойлорду ойлоп олтурган Зыйнаттын оюн бузган тыштан кубанычтуу кирген Үсөндүн сөзү болду:

– Ап-а-а! Турат байкемдер келди.

– Ии, жакшы болуптур, келишсин, балам.

– Саламатсызбы, аяш! – Турат жарк этти.

– Оо, саламат, саламат, келиңиздер.

Үчөө залга кириштн.

– Баякы жумушчу кабинет дегениңерди бүттүңөр беле жасап?

– Жок, толук бүтөлекпиз.

Үсөн мактана сүйлөдү.

– Турат байке, ал апам экөөбүздүн кабинетибиз болот.

– Болсун, болсун. Апасы да сүрөтчү, уулу да сүрөтчү. Бул сонун да.

– Кечээ эле Бишкекке жакында келбейбиз го деп кеттиңиздер эле, деги тынччылыкпы?

– Тынччылык эле.

– Жайнагүл Казиевна кандай, ден соолугу жакшыбы?

– Жакшы. Отпускасы бүтүп безсодержанияда болучу да. Эми барып биротоло бошонуп, үй-жайын көчүрүп келели дешсе, врачдар азырынча жол жүрбөңүз деп уруксат бербей жатыптыр. Үсөндүн үйүн куттуктап келели деп ошон-

дой шарт менен токтоп калды көрүнөт. Сенден кечирим сурап, салам айтты.

– Саламат болсун, рахмат. Деги өзү ден соолукта болсунчу. Аманчылык болсо келишээр келген убакта. Ал жөнүндө эч кандай таарыныч болбойт.

Турат столдун үстүндө жаткан Зыйнаттын шадылуу аппак колдорун алаканы менен басып, күлө карады.

– Биз сага эмнеге келгенибизди билесиңби?

– Жок, билбейм, – деди Зыйнаттын жайнаган мөлтүр кара көздөрү жигитке жалт тигилип.

– Болгондо да аябаган маанилүү жумуш.

– Колумдан келе турган жумушпу деги?

– Колуңдан келе тургандыгы үчүн келдик да ишенип.

– Колумдан келсе аянмак белем. Айтып көргүлөчү угайын.

– Уксаң ток этээр жери сени күйөөгө берели деп жуучулукка келдик, аяш.

Зыйнат күлдү.

– Күйөөгө берели деп?! Ал эмне болгон, кайдан келген күйөө экен? Мен билемби?

– Билесиң?

– Ким?

– Толкунбек деген жигитти таануучу белең?

– Толкунбек?! Омей, кайсы Толкунбек?

– Эче Толкунбек бар эле? Өзүңдүн эле Толкунбегиң?

– Шылдың кылбачы, Турат.

– Ой, Кудай урсун шылдың кылсам.

– Жинди го, деги башы ордунда бекен? Эмне деген акылды ойлоп тааптыр?

– Бул анын жалгыз өзү ойлоп тапкан иши эмес. Башын баштаган Жайнагүл!

– Жайнагүл? Жайнагүл Казиевнабы? Ал эмне дейт? Максаттары эмне экен менден күткөн?

– Максаттары ушул, бир үй-бүлө болуп чогуу жашайлы дейт. Баякы «Манас» эпосунда, Айчүрөк Чачыкейге Семетейди сурап, «Алты күнү саа жатсын, арткан күнү маа

жатсын» деген өтүнүчүндөй эле маселени эжекең өзү кабыргасынан коюп жатат. Ортодо Үсөн бар. Үсөн үчүн өткөнкеткенди сууга салышып, ынтымакка келели дейт. «Жүзүм бар уялам, жүрөгүм бар корком» дегендей, өзүм эле айтып, өзүм эле далдалчы болоюн деп эчен-эчен сөз баштап келатып эле, түйүндүү жерине келгенде, кандайдыр оозум батып Зыйнатка айталбай койдум дейт.

– Мм, ошондой дегилечи.

– Ошондой Зыйнат. Бир эсептен, «Үйүр алышкан жоо атышаарга жакшы» дегендей, туура эле болоор эле. Азыр баякы партиянын убагы эмес, эки аял алууга тыюу салган. «Казанчынын өз эрки кайдан кулак чыгарса» дегендей, эки катын аласыңбы, беш катын аласыңбы, багалсаң ала бер. Азыр көп аял алуу Конституцияга жазылбаса деле, өз билгендерин жасап жатышпайбы.

Баятадан Тураттын сөзүн угуп, ойго батып тунуп олтурган Зыйнат башын көтөрүп, бүркөлө сүйлөп минтти:

– Жок, андай болбойт Турат. Силердин оюңарча, мен эми калган өмүрүмдү эки аялдын бири болуп, токол атка конуп өткөрүшүм керек экен да. Жайнагүл Казиевна Толкунбектин сөзүн сүйлөп, Үсөндү бетине кармабай эле койсун. Сен эгер калыс болсоң, менин сөзүмдүн бир жерин бузбай, кандай айтсам, ошондой айтып бар. Зыйнат эч убакта түкүргөн түкүрүгүмдү, кайра алып оозума салгым келбейт деп айтты дегин. Өткөндөгү Жайнагүлдүн бактылуу тынч турмушун бузуп, жүзүкаралык кылган күнөөм да жетишет. Эми экинчи андай карабеттикке баргым келбейт.

– Ой, кызык, бул ишти ошол Жайнагүл өзү баштап жатпайбы.

– Калп айтпачы, Турат, кантип эле өзү баштасын. Гүлгүндөй жапжаш аял кантип эле күйөөсүнүн токол алусун кааласын. Ал Толкунбектин дартын билген үчүн, жанын тындырайын деп жатса керек. Дегеле мен, Жайнагүл Казиевна экөөбүз жөнүндө, Үсөндүн энеси катары ушул аз өмүрдө кадыр-көңүл калышпай, бири-бирибиздин арзан-

кымбатыбызды билип, ачыбызга айланып, тогубузга толгонууга кубатыбыз жетчүдөй болгон ишенимди бир ойлосом, экинчи оюм, Толкунбекти бир убакта сүйүп, махабатым түшкөн адамым катарында эмес, баламдын атасы катарында көз салышып, кол үзүшпөй жүрөбүз го деп ойлодум эле. Бирок менин жакшы тилек, жарым ырыс менен ойлогон бул оюмдун ишке ашпай калышы менин ишенимимди сынган айнектей быркыратып салышты.

Баятадан бери экөөнүн сөзүн үндөбөй угуп олтурган Гүлүш Зыйнаттын акыркы сөзүн угуп, минтти:

– Мен Зыйнаттын макул болбосун, Тураттан укканда эле айткамын. Өздөрү айтып, өздөрү сүйлөшсүн, сен бул ишке кийлигишпе десем: «Мен кийлигишпесем, ким кийлигишет» – деп болбой койдуң беле. «Жайнагүл акылдуу аял экен. Эгерде бул иш ордунан чыкса, Зыйнат үчүн чоң утуш болот, – деп күжүлдөдүң беле! Тим эле Зыйнатты өзү менен кошо чогуу алып келүүчүдөн бетер: «Камына бергиле» – деп койгонун кантесиң. Чындыгында өтө акылдуу аял. Анын бир эле ойлогон оюн алтымышыңар биригип таппайсыңар. Эгерде Толкунбек Зыйнат менен кайра баш кошуп экинчи аялдыкка алса, бул аял анда бир ок менен эки коёнду атканы турат. Биринчиси, Үсөндү Жайнагүл кандай жакшы көрөрүн баарыбыз билебиз. «Ийлеп, ийлеп итке салдым» – деп баласы үчүн да, эмгеги үчүн да күйүп турат. Бул бир де. Экинчиси, кеткен катынын эрине кайра алып берди, эне-баланы табыштырып бактылуу кылды деп жакшы атакка конуп, башкалардын бүйүрүн кызытып: «Аял болсо Жайнагүлдөй болсун» – деп жакшы атакка конуу. Эки катын алгандарды укkан сайын, эки көзүң чычаладай кызарып сен деле жол табалбай араң турасың. Азыр жаш келин-кыздардын жүрөгү «дүнүйө» деген отко чалдыгып, абийири кетти. Алар эркектин өзүн сүйбөй эле мансап-байлыгын көздөп, улууну улуу дебей, карыны кары дебей, токолдукка тоңкочук атып тийип жатышат. Жайнагүлдүн Зыйнат үчүн ичмекейи ичинде. Адеп баякы Үсөн

жөнүндөгү сыр ачыкка чыгып, атам каза болуп Зыйнат келип кеткенден кийин Жайнагүлдүн «Жалап карыса сопу болот» дегендей, тим эле «святой» болгонсуп момун болуп калыптыр. Бул сойкунун таштанды баласына ак сүтүмдү, адал эмгегимди берип адам кылып чоңойтуп алып кармата беремби? Мындай болоорун билген жокмун да, – деп ботодой боздогону эмдигиче эсимден чыкпайт. Анын үстүнө, ушул кезде бул катын өз жанынан коркуп, алда кандай болом деп чочулап турат. Инфарктын кандай оору экенин өзү жакшы билет. Кокустан мен өлүп кетсем баары бир Зыйнатты алат. Ошон үчүн өлүү болсом да, тирүү болсом да, көзүмдүн тирүүсүндө өз колум менен ника кыйдырып коёюн деген гана ой аныкы.

Турат ордунан тура калды.

–Канчык, бас жаагыңды, – аялын стулдан жыга тартып, жаакка тартып жиберди. – Гүлүш көмөлөнүп кетти. – Ой, энеңди урайын бузуку. Кантээр экен деп унчукпай койсо, былжырайсың го оозуңа келгенди оттоп. Чолпон-Атага аман-эсен жетсем, бул сөздүн акырына жетпей койбойм. Жайнагүл менен беттештирип шерменденди чыгарбасам эле Турат атым өчсүн. Жайнагүл сен айткандай атак-даңк үчүн, же болбосо өзүнүн өлөөрүн билип Зыйнатка атака коюп жатат деген сөзүңдүн бирине да кошулбаймын. Ал эми Үсөн үчүн дегениңди баарыбыз билебиз. Инфарк болгон көп эле адам жүрбөйбү жашап. Ажал жетсе баарыбыз өлөбүз. Жайнагүлдүн тузу урат сени. Эгерде Толкунбек кылган иштин баарын эмес, мен бирин кылсам, сен акмак эчак аягымды асманга чыгарып, эчак апыңүпүң болот болучубуз. – Турат өңү өчүп, эриндери кубарып, ачуусунан жаак эттери түйүлүп, маңдайында турган Зыйнатка күнөөлүүдөй жалтана карап минтти: – Бул карооздун сөзүнө ишенбе, аяш. «Ит үрө берет, кербен жүрө берет» дегендей, оозуна келгенди сүйлөп сени капа кылып койду, кечирип кой. Жайнагүл тараптан андай эч бир сөз болгон эмес...

Турат канчалык аялынын сөзүн жокко чыгарайын деп Жайнагүлдүн таламын талашканы менен Зыйнаттын оюна баякы Жайнагүл ооруканада жаткандагы өзүнө айткан «Инфарктын өтө опурталдуу оору экенин билем. Кокустан кайталанып кармаса оңбой калдым го, Зыйнат. Ошондуктан сага айтайын дегеним, балдардын бирин эле эмес, баарын сага тапшырдым, сени Кудайга тапшырдым» деген сөзү эсине түшкөндө жүрөгү зырп дей түштү. Тобо, жакшы санаалаш, жакшы жолдошпуз дегендер да бирин бири көралбай, биринин артынан бири кылапат сүйлөйт экен го деген ойдо, Гүлүнү таңдана тиктеп туруп, бир оокумда минтти:

– Мен, Гүлүш, сени да, сен айткан сөз үчүн Жайнагүлдү да күнөөлөй албайм. Анткени мен анын эрин өз балдарына, өз аялына каратпай шуркуялык менен үйүмө киргизип алган болучумун. Анан мени кантип Жайнагүл мактап-жактап жакшы көрмөк эле. Эгерде, тескерисинче, Жайнагүл Казиевнанын ордунда мен болсом да, же Гүлүш сен болсоң да экөөбүз тең андан да күчтүү, андан да ачуу жаман сөздөрдү айтмакпыз, каргамакпыз. Ал тургай, андай бузулган аялдын өзүн эле эмес, баскан изин кетмендеп жатып эсибиз оомак. Ушул жерде сенин мага жакпаган бир кемчилигиң, «айткан ушакчы эмес, айтып келген ушакчы» дегендей, жанакыдай сөздү Жайнагүл айткан күндө да, айтпаган күндө да, ошондой эскирип, эбак унутулуп калган сөздү жаңыртып, мага жеткирбей эле коюшуң керек болучу. «Эр жигиттин ичине ээр токумдуу ат батат, катындын ичине карабашыл киши батат» турбайбы. Жүрөгүмдү оорутуп койдуң.

Үчөө тең унчукпай калышты. Жерден үн чыкса да, Гүлүштөн үн чыкпастан эки бети тултуюп, өңү өчүп турду. Оо бир оокумда, башын салмактуу көтөрүп, жалооруй сүйлөп минтти:

– Мени кечирип койчу, Зыйнат, куураган жаным байкабай эле, оюмда жаманчылык жок эле айта салбадымбы.

– Эмне келесоосуңбу, байкабай айта салгандай, – деди Турат, – байкап, ойлонуп туруп сүйлөш керек. Сен Зыйнат, капа болбой, кечирип кой бул келесоонун сөзүн.

– Кечирбегенде кайда бармак элем.

Турат ордунан туруп баратып минтти:

– Ыя, Зыйнат, сөз ушуну менен тамам болдубу же кабырган менен кеңешип, дагы бир кайталап ойлонуп, акыл калчап көрөсүңбү?

– Жок, Турат, ойлоно турган эч нерсе жок, капа болбо.

– Өзүң билесиң, мен ар дайым сендикмин да, Зыйнат. Эмнеге капа болмок элем. Бирок макул болсоң туура эле болмок. Кийин өкүнүп калбасаң болду. Жайнагүл өзү баш болуп, энелери, бала-чакасы менен Толкунбек баары сен деп тургандан кийин жеңиш сеники эле болмок. Түшүнсөң Жайнагүл, сага өтөгөнчөлүк бул сыяктуу үлкөн эмгекти эч ким, эч качан эч кимге жасаган эмес болуш керек. Азыр да сага, сенин балаң Үсөнгө каалаганы да, тилегени да жакшылык.

– Мен аны сен айтпасаң да билем, Турат. Түшүнөм баарын. Сен оюңда мен кайра Толкунбекке чыксам эле баары жайында болуп, акталып калат деп турасыңбы. Жок, аны менен эч качан акталбайт. Баарыдан мурда балдарыбыз менен өзүбүз аман бололучу. Тирүү болсок баары болот. Үсөнүм үчүн Жайнагүл Казиевнага өмүрүм өткөнчө ыраазымын да, карызмын да. Үсөндүн эти мени болгону менен, сөөгү ошол Жайнагүл менен эле Толкунбектики.

– Биз кетели эми.

– Эмнеге кетмек элеңер, тамак бышып жатат.

– Баса, Үсөн кайда, жана биз келгенде бир көрүндү эле, ошол бойдон эсимден да чыгып кетиптир.

Зыйнат эки жагын карады.

– Ай, Үсөн! Кайдасың?

– Ии, апа! – деди энеси экөөнүн жумушчу кабинетинен чуркап чыгып.

– Кайда жүрөсүң, байкең менен Гүлүш апаң кетебиз деп жатпайбы.

– Сүрөт тартып жатам.

Зыйнат күлдү.

– Аа, иштеп жаттың беле.

– Ооба.

– А сабакчы?

– Даярданганмын.

Зыйнат Турат менен Гүлүшкө карады.

– Биздин жумушчу кабинетти көрбөйсүңөрбү?

– Көрөлү. – Баары чыгышты. – Түү, укмуш го ыя кабинетиңер. Эмне тартып жатасың, ыя Үсөн, көрсөтчү?

Үсөн аркасы менен калкалап тура калды.

– Бүтөлекмин.

– Мейли бүтөлек болсоң? Окууң кандай?

– Жакшы.

– Көрсөтүп кой эми, Турат байкең менен Гүлүш апаң таарынып калбайбы, – деди Зыйнат.

Үсөн уялыңкы, тартып жаткан сүрөтүнөн оолактай берди. Ал эми Турат менен Гүлүш Үсөндүн тартып жаткан портретин кызыга карап турушуп минтти:

– Мунуң аял го ыя Үсөн, ким бул?

– Өзүмдүн мамамды тартайын деп, такыр окшото албай жатам, байке. Мамам сулуу да!

– Негизинен, анча-мынча окшоштугу бар экен. Азамат турбайсыңбы! – Далысынан таптады. – Апаңды тартып чоң сүрөтчү болосуң го ыя!? – Бетинен өптү. Анан намиянынан бүтүн бир жүз сомдук кагазды алып чыгып балага сунду. – Ме, мына бул тартып жаткан сүрөтүңдүн көрүндүгү. Аман болсоң адам болот экенсиң. Өмүрлүү бол.

– Жок, албайм байке, кереги жок.

Зыйнат уулуна карады.

– Ал, эмне үчүн албайт экенсиң, бул деген ырым болот, балам.

Үсөн акчаны кыйылып туруп акырын алды да, Туратка күлө карап жарк этти:

– Ырахмат, байке! – Анан дароо эле колундагы акчаны Зыйнатка берди.

– Өзүң албайсыңбы? – деди Зыйнат эмне дээр экен дегенсип.

– Мен акчаны эмне кылмак элем.

Турат Үсөндөн сурады.

– Үйүңдү сагынган жоксуңбу, ыя?

– Асанды сагындым.

Турат күлдү.

– Асандын эмнесин сагынасың, жүрөт ал Жайнагүлдөн таяк жеп коюп. Ал дагы мамасын коркута турган адат таап алыптыр. Бирдеме болсо эле, Зыйнат апам келсе, Үсөн менен кетип калам дейт экен. – Турат Зыйнатка көзүн кысып минтти. – Асандан башкасын сагынган жоксуңбу?

– Өзүмдүн мамамды, чоң энемди, Жанат эжемди, баарын эле сагынып турам.

– Анда жүрү, мен ала кетейин?

– Окуум бар да.

Зыйнат күлдү.

– Туура айтат, окуусу бар да. Анан дагы өзүнүн мамасынын портретинде олтуруп жакшылап иштеш керек. Үсөн экөөбүз сүйлөшкөнбүз кайсы убакта барарды. Буюрса Жайнагүл Казиевнанын туулган күнүндө барып калабыз.

Баятадан үндөбөй олтурган Гүлүш Үсөнгө карап минтти:

– Сен өзүңдүн туулган күнүңдү билесиңби?

– Билем. Асан экөөбүз бир күндө туулганбыз. Биздики декабрда, ээ апа?

– Ооба, декабрда.

Уулунун сөзүн угуп 21-декабрдагы аяздуу түн көз алдынан бир тартылып өттү. Баякы ара жолдо толготуп калып, өз колу менен төрөткөн мээрман байбиченин чебелектеп, тынчы кеткен үнү кулагына угулгансып кетти. «Кой, кой, балам, биринчи төрөтү экен колуктуңдун. Ушул ит өлгөн суукта канын чубуртуп алып кетем дегениң кандай

сөз, катыгүн. «Катын туутунан, ат суутунан бузулат». Сен төрөттү оңой ойлобо, балам. Кийин өкүнүп калып жүрбө катыгүн. Антпе». «Жок апа, машинанын ичи жылуу. Акырын жылдырып айдап, кете беребиз» – деди Толкунбек. Анан үпчүлөп орогон кол башындай болгон наристени боорунан сууруп алып эшиктин түбүнө коё коюп, элтеңдей басып, кайра машинага жүгүрүп кирип олтуруп жатып, Зыйнатка карап: «Болду ыйлаба, үйдөкүлөр ырас жаталек экен» – деп от алып турган машинанын кандай ылдамдык менен чоң кара жолго чыкканын билбей да калды. Ошондо Зыйнаттын жүрөгү баласы менен кошо аяздуу түндө талаада калгандай болуп кан жутуп, ботодой боздоп ыйлап келатканы азыр эле болуп өткөндөй көңүлү караңгылай түштү.

– Эмне эле сүрөт тарткан үйүңөргө кирип алып чыкпай калдыңар баарың, – Ырыс эшиктен кирип, – мына бул Айгерим деген Айдай кызды деле эстеп койсоңор боло!

Зыйнат тажеңесинин үнүн укканда гана ою чачылып, опкоолжуган жүрөгү ордуна келе түштү.

– Ой-и-й, Ырыс апамдын кызын эстебей биз күнөөлүү болгон турбайбызбы. Келчи Айдай кыз өөп коёюн. – Гүлүш колун сунса, ага карабай, ар жакта олтурган Зыйнатты көрүп, Ырыстын колунан учуп кетчүдөй талпынды.

– Жүргүлө, тамак ичкиле эми. Силерди кеткени жатат дегенинен эле бирдемени чый-пый чыгара койдум. Эмне эле келгениңерден кеткениңер бат болуп калды. Деги тынччылыкпы?

– Бир чоң жумуш менен келгенбиз. Бирок болбой калды, – деди Турат, – Зыйнатты күйөөгө берели десек, чыкпайм дейт.

– Ал эмне күйөө экен? Бизге деле айтпайсыңарбы.

– Иш жүзүнө ашпагандан кийин, анын эмнесин айтабыз.

– Ал кайдан чыккан күйөө экен?

– Кайдан чыкмак эле, баякы эле Толкунбек!

– Аялынын үстүнө алам дейби? А Жайнагүл макул болот бекен?

– Ооба, баары макул болуп, бизди жиберип жатышпайбы.

– Мм, – деди Ырыс. Артынан кирген Токтогулга карап, – Абышка сен угуп жатасыңбы?

– Угуп жатам.

– Уксаң сен кандай деп ойлойсуң, туура болоор беле же болбос беле?

– Болоор-болбосун Зыйнат өзү билет да. Акыл үйрөткөндөй кичине эмес. «Тон жылуусун ээси билет», байбиче. Өз тагдырын өзү чече турган кези. Ортодо бала бар деп, Үсөнгө эле карабаса.

– Мына, таякемдин ушунтип айтаарын билгем. Бул сөздү козгобой таштайлычы тажеңе.

– Таштабаганда кечке эле ырдай берет дейсиңби. «Кулак укса курсак кайнайт» дегендей, Толкунбекти угуп бүйрүм кызып кетпедиби. Чынында Толкунбек жаман балабы?! Аял үстүнө баргың келбейт да, болбосо «Адашкандын айыбы жок, кайрып үйрүн тапкан соң» дегендей, ортодо чолпондой болгон балаңар турат, жакшы эле болмок.

– Жок, тажеңе, болбойт. Мен «токол» деген сөздү бала кезимден жек көрчүмүн. Билип турам, Жайнагүл деле Үсөн үчүн айласыздан ушул ишке барып жатат. Болбосо, чолпондой болгон жаш аял, кантип эле үстүмө аял алдырайын десин. Бардыгы барып эле Үсөн үчүн болуп жаткан аргасыздын иши да. Турат менен Гүлүшкө айтып жатам, дегеле мендеги баласы үчүн Жайнагүл эч бир камтама болбосун. Мен Үсөндү алардан алыстатып эч жакка алып кетпейм. Үсөн алардын баласы, «Ат айланып мамысын табат» дегендей, учаар уясы, коноор тууру акыры ошолор...

... Көптөн бери Зыйнат жөнүндө Жайнагүл менен Толкунбектин жүрөгүндө ачыкка чыгалбай туюк жарадай болуп жүргөн сырдын алгач ачылыш себепчиси, республикалык газеталардын бирине чыккан бир статья болуп чыга келди. Диванда жаңы келген газеталарды карап

жаткан Толкунбек, бир маалда башын көтөрүп, Жайнагүлгө минтти:

– Билесиңби, Жакин, баякы догдур Сыдыгаалы токол алыптыр эй. Тобо, эки аял алуу мода болуп баратат.

– Сенин деле эки аялың бар да, – деди Жайнагүл.

– Ажырашкан аял эсепке кошулмак беле?

– Эсепке кошулбаса кошуп койбойсуңбу?

– Кантип?

– Зыйнатты кайра алсаң эле, эсепке кошулат деген ошол.

– Какшыктайсың ээ!

– Какшыгы жок эле чынымды айтып жатам. Ырас эле Зыйнатты ал, Толкунбек. Мен үчүн эмес, Үсөн үчүн! Түшүнүп жатасыңбы? «Бал кудукту тапкан да сен, таткан да сен» дегендей, бардык балекеттин башын баштаган сен өзүң болчусуң, эми аягына да өзүң чык.

Толкунбек Жайнагүлдүн сынап айтып жатканын, же болбосо чыны менен айтып жатканын билбей, аялын күлө карады. Ал көңүлүндө: «Эгерде, Зыйнат менен кайра баш кошуп калсам каймакка куймак куйгандай эле иш болот эле» деген ойдо, бирдеме айтайын дегенче болбой тыштан Кына кирди.

– Жакин, кудагый чалып жатат. Алчы, балам!

– И, жетиптирби. Ырас эрте жеткен экен.

Жайнагүл телефонго чыгып кеткенден кийин Толкунбек энесине минтти:

– Ыя, эне, бир кызык сөз болуп жатат.

– Кызык сөз?! Кандай кызык сөз?

– Зыйнатты кайра ал деп жатат да келиниң, мен үчүн эмес Үсөн үчүн деп. Бул жөнүндө сизге айткан жок беле?

– Ой, айласы кеткен байкуш келиним ай, айткан. Үсөндөн ажыраганына өлөөрүн санап жүрөт. Жүрөк ооруну да ушундан таптыбы дейм. Деги өзү аман болсо экен. Кокустан Зыйнатты алып кала турган болсоң экөөнү тең бирдей көрүп, бирдей кармай алаар белең?

– Элден мурда ошол келиниңиз макул болобу десең.

– Баласы турганда макул болбой кайда барар дейсиң. Кеп сенин өзүңдө, балам. «Эки катын алганга, эптеп айткан сөз керек, эки кабат бөз керек» деген сөз бар.

– Өзүмдө кеп болгондо, кандай деп ойлоп жатасың? Же болбосо Зыйнатты алсам эле, ошонун үйүнө биротоло кирип берет деп ойлоп жатасызбы? Жайнагүл менен эле чогуу болом дечи. Бирок өзүң айткан сөздөн да, бөздөн да мурда уят ко, кайнене, кайын журт эмне дейт. Баякы Толкунбекти дагы Кудай урган экен дешет го.

– Тумар макул болгон, кайындарыңда кеп жок. Түшүнүшөт да.

Жайнагүл үйгө кайра кирип келатып кайненеси менен күйөөсүнүн сүйлөшүп жаткан сөзүн угуп, сөзгө дароо аралашты.

– Зыйнат казакка кетип калабы деп, өңүң эмес, түшүңдөн да чочуп жүрдүң эле, өз бүлөңдү Кудай Таалам өзүңө буюрган экен акыры.

Ушундай сөздөн кийин Турат менен Гүлүштү чакырып кеңешип олтуруп, Зыйнат жөнүндөгү сөздү айтышты. «Үсөн тургандан кийин туура эле болот» деп бардыгы макул болушту. Ал эмес мурда эле ушундай кылыш керек болучу деген да сөздөр айтылды.

Тигилердин сөзүн угуп олтуруп, бир убакта Гүлүш минтти:

– Дегеле ылайым айтканыңар келип, ошондой эле болсо экен. Илгери бирөө кыз узатып, ыйлап жатышса, бир тиешеси жок эле айылдаш бөтөн адам ыйлап жатат дейт. Аны көрүп үй ээси: «Эй, адам, биз го кызыбыз кетет деп ыйлап жатабыз, а сен эмнеге ыйлап жатасың» – десе, тигил киши: «Силер кетет деп ыйлап жатсаңар, мен кызыңарды кайра келет деп ыйлап жатам» – деп жооп берген экен. Анын сыңарындай, Зыйнат Толкунбекти угалбай, күтүп тургансып эле макул болот деп ишенип жатасыңар. Деги өпкөңөрдү өрөпкүтпөй коё тургула. Биз барып айтканда эле Толкунбекти угуп сүйүнүп кетээрин бир Кудайдын өзү билсин. А дегенде байкап көрөлү айтып.

Турат аялын алая карады.

– Сен оозуңа келгенди оттобой жөн олтурчу. Кечээ эле Толкунбектин артынан томолонуп жүргөн ушул эле Зыйнат эмес беле, же ал башка Зыйнат беле? Макул болот. Макул болбосо Үсөндү алып кетебиз дейбиз.

– Жок, жок, андай болбойт, – деди Жайнагүл, – Үсөн жөнүндө дегеле сөз болбосун. Балким, Гүлүштүн айтканы бир эсептен туурадыр. «Аюу да болсо эрим бар, үңкүр да болсо үйүм бар» дегендей, эптеп эрге тийип күн көрүп жан багайын деген көп аялдын бир аялы эмес да Зыйнат. Буга туура түшүнүп, туура баа бериш керек. Эмнеси болсо да бара көрөсүңөр да, – деген болучу Жайнагүл.

Бирок баякы эртеки бирөө айткандай, «Өбөөргө жок элем тебээрге болдум» дегендей, бир кезде Толкунбектен ажыраса, өлөөрүн санап, көрбөй калса көксөп, сагынычтан сары оору болуп туруучу Зыйнаттын мынчалык өзгөрүп кетээрин Толкунбек да, Зыйнат өзү да ойлобосо керек. Толкунбек Зыйнат менен өткөргөн махабаттуу күндөрдү көз алдынан өткөрүп, анын: «Сенсиз мага өмүр да, жашоо да кызыксыз» деген сөздөрүн эстегенде, кантип эле мени кыйып, башымды аттап кетсин деген үзүлбөгөн үмүт жүрөгүндө ойноп турган болучу.

Турат келгенде эле Толкунбек иш ордунан чыкпай калганын дароо билди. Артынан Кына менен Жайнагүл кирди.

– Эмне болду, ыя Турат балам, Зыйнат бар бекен үйүндө?

– Ооба, үйүндө экен аяш эне. Бирок биз каалаган иш ордунан чыккан жок. Бир сөз менен жыйынтыктап айтканда, ал келиниңиз, «Жайнагүлдүн жүрөгүн мурда оорутуп иттик кылганым да жетишет. Эми экинчи жүзүкаралыкка баралбаймын», – деди. Үсөн жөнүндө эч кимиси эчтеке ойлобой эле коюшсун. Ал Жайнагүл менен Толкунбектин эле баласы. Мен Үсөндү убактылуу алып жүргөнүм эле болбосо – түбөлүк коноор тууру, учаар уясы ошол үй. Мен алардан эч качан кол үзбөймүн. Жайнагүл Казиевна-

нын туулган күнүндө Үсөндү алып өзүм барамын», – деди. Баса аяш, Үсөн сенин портретиңди тартып жатыптыр.

– Чын эле менин портретимди тартып жатыптырбы? – деди Жайнагүл.

– Ооба, өз көзүм менен көрдүм. Ишенбесеңер Гүлүштөн сурагыла.

– А баса Гүлүш кайда?

– Жолдон үйгө барам деп түшүп калды.

– Деги, окшойт бекен мага? – Жайнагүл күлдү. – Зыйнат жардам берип жатса керек.

– Жок, жок, Зыйнат жардамдашайын десе да болбой коюптур. «Өзүмдүн мамамды өзүм тартам» – дейт имиш. Тил албаганынан тим койдум окшосо да, окшобосо да тартып бүтсүн деп. Кайсы кыргыздын баласы жети жашында портрет тартты эле. Бул кийин өзү үчүн чоң документ болот, – дейт Зыйнат.

– Алдыңа кетейин, каралдым «Менин өзүмдүн мамам» дегени сонун да баарынан. Ошол Үсөнүм үчүн Зыйнатка жармашпадым беле. Намыстуу бейбактын сыртын салаарын билген жокмун да.

– Бир эсептен аныкы да туура. Сага деле, Толкунбекке деле түшүнүп жатат. Айттым го, Зыйнат өзгөчө, Жайнагүл сага ыраазы экен. Баламдын багы болсо, ошол «Өзүнүн мамасы» аман болуп, ак сүтүн актаар бекен деп тилеп олтурат...

Тураттан Зыйнаттын айткан сөзүн угуп «Чагым өлтүрөт, мактоо жеткирет» дегендей, Жайнагүлдүн көзүнөн жаш ыргып кетти.

– Деги окуусу кандай экен? Бакчада эле шар окуп, шар жазып калган. Программасы оор дейт. Башы жетип окуп кетсе эле болду.

– Беш менен окуп жатыптыр. Сүрөткө да аябай берилип алыптыр. «Өзүмдүн мамамды сагындым» – десе, Зыйнат, сагынсаң Турат байкең менен барып кел. Көп болсо бир-эки күнү окуудан калаарсың десе болгон жок.

«Мен сиз менен барам, апа» – десе, эс кирип калган экен деп ичимден ыраазы болуп калдым. – Окуудан калам да дейт.

– Акылыңдын балакетин алайын. Ал тирүү жүрсө адам болот.

– Ансыз деле айтат экен өзү, мен Ван Гокдой, Мотистей, Суриковдой, Леонардодой болом деп.

– Ван Гокдун богун жейт бекен. Андай атагы ааламга белгилүү болгон адамдарды коюп, өзүнүн апасы Зыйнатка окшоп кыргыз элинин төбөсү көрүнгөн сүрөтчүсү болуп эле аман жүрсүнчү тантыган акмак. Аны менен тең Асан мурдуң кайсы десе оозун көрсөтөт.

* * *

Турат менен Гүлүштүн жуучу болуп бөтөн эл, бөтөн жерден такыялуу кызга келгенсип өзүнүн ажырашкан күйөөсүнө токолдукка колун сурап келиши Зыйнаттын бир туруп күлкүсүн келтирсе, бир туруп турмушта болбогон, салтта жок жаңылыктай болуп туюлду. «Бирок кулак укса курсак кайнайт» дегендей, канчалык өткөндө башынан кечирген кемчиликтеринин баарын өз мойнуна алып, Жайнагүлдүн Үсөнгө болгон эмгегин жогору баалап турганы менен, бая күнкү Гүлүш айткан Жайнагүлдүн «Жалап карыса сопу болот» дегендей, тим эле «святой» болгонсуп момун болуп калыптыр. Бул сойкунун таштанды баласына ак сүтүмдү, адал эмгегимди берип чоңойтуп алып, эми ага аргасыздан кармата берип олтурам» деген сөзү жүрөгүнүн бир четинде сакталып кала берди. Ушундай уу сөздүн азабынан Чолпон-Атага да баргысы келбей калды. Тураттар келип кеткенден кийинки күндөрдүн биринде, ошолорду ойлоп: «Баары бир шуркуя атым өчпөйт экен го» – деп көңүлү чөгүп олтурган кезде, Үсөн Зыйнаттын жанына келип минтти:

– Апа, Чолпон-Атага качан барабыз?

– Эмне?! – деди Зыйнат Үсөндү алая карап, ачуулуу үн менен. – Барбайбыз. Эмне эле кечке Чолпон-Ата, Чолпон-Ата дейсиң. Чолпон-Атада суутуп коюптурбу?

Зыйнаттан мындай жагымсыз сөз угам деп ойлобогон Үсөндүн кулагына жаанын огундай тийди. Бала башка сөз айтпай, атып чыгып өзүнүн бөлмөсүнө кирип, кроватына үстөмөнүнөн жыгылды. Өкүрүп ыйлагысы келди. Өз жашына өзү ээ болбой солуктап ыйлап жатты. Санаага өзүн алдырып турган Зыйнат, жаңы эле өзүнө көнүп эне-бала болуп келаткан баласына катуу айтканын сезип, дагы баякыдай качып балекет кылбасын деген ойдо, артынан чыгып, баласынын үстүнө кирип, Үсөндү баса жыгылып жалынып жиберди.

– Карабашымды чабайын каралдым, кечир мени !?

– Эмне үчүн уруштуң, ыя апа? – Өксөп жиберди.

– Өзүм капа болуп туруп, сага эмне деп айтканымды да билбей калдым. Экинчи андай болбойт, – эзилип уулунун жашка жуулган беттерин аймалап өпкүлөп жатты...

Зыйнат ошол эле күнү өзүнүн чыгармачылык иштери менен жүрүп, үйгө келип таякеси менен тажеңесинин чай ичип олтургандарын көрүп сурады:

– Тажеңе, Үсөн жокпу?

– Ал бала уктап жатып азырыраак эле турду, сүрөт тарткан бөлмөңөргө кирди го дейм. – Бирок Ырыс Үсөндүн эмне үчүндүр ыйлап жүргөнүн, сураса жооп бербей кирип кеткенин айткан жок.

Зыйнат Айгеримди көрүп жүрөгү дүпүлдөп кетти. Ал полдо жая салынган төшөк үстүндө оюнчуктарын туш келди ыргытып өзүн көздөй бой уруп, энесин көргөн чабалекейдин балапанынан бетер алы-жаны калбай талпынып жаткан кызын жерден көтөрүп алып кайра-кайра өөп, кайра-кайра жыттап-жыттап алды.

– Ойбо-о-й, сенин таттуулугуң ай! Ушундай да жагымдуу жыт, ушундай да сулуулук, ушундай да жакындык болоорун сенден билдим, Айгерим. Мен Үсөн байкеңдин сен-

дей сүйкүмдүү кезин көрбөй калбадымбы. Вай, вай, вай, таттуу экенсиңер! Кайрадан өөп, кайрадан жыттап ордуна олтургузуп, Үсөндү издеп жумушчу кабинетине кирди. Ал ошол замат Үсөндүн тартып жаткан сүрөтүн дароо, энесинен жашырып далдалай койгонун көрүп минтти:

– Эмне Жайнагүлдү бүттүңбү?

– Бүткөн жокмун, апа, бул башка сүрөт. Көрбөй эле койчу. – Көрүүгө умтулуп бараткан Зыйнаттан жазгырып колу менен калкалай калды.

Үсөндүн сөзүн угуп Зыйнат түзөлүп тура калып, уулун жалт карады. Ал ошол замат баласынын Толкунбектин көзүнө окшогон алагар көзүнүн жанары мөлмүлдөп, жашка толуп турганын көрүп жүрөгү болк дей түштү.

– Сага эмне болду?

– Эч нерсе болгон жок, апа. – Мурдун шуу тартып, көзүн ала качты.

– Эч нерсе болбогонуң ушулбу? Көзүңдө жаш, маанайың пас. Ооруп калган жоксуңбу? – Алаканы менен маңдайын басты.

– Жок, жок, ооруган жокмун, апа!

– Мага башкасын коюп, эмнеге ыйлап жатасың, ошону айтчы? Же болбосо жанакы менин бир ооз катуу сүйлөп койгонума капасыңбы? Андай болсо мени тирүүлөй өлтүрүүчү баласың го?!

– Жо, апа, ошол кенедей сөзгө таарынып жинди белем ыйлап. Билесиңби жана уктап калсам өзүмдүн мамам түшүмө кирбедиби.

– Э кокуй, түшкө да киши ыйлайбы? Деги жакшы түшпү?

– Билбейм, жакшы эле го!

– Айтчы?

– Мамам экөөбүз кучакташып алып, аябай ыйлап жатыптырбыз. Мен анын көкүрөгүнөн жыттап, эмчегинен өбөйүн десем эле кош үрпүнөн сүт дирилдеп агып кетти. «Бол, бат эм, эмчегим ийип кетти» – дейт мамам. Мен

улам бир эмчегин оозума салып, экөөнү алмай-термей ээмп жатам, ээмп жатам. Мамамдын сүтү ушунчалык жагымдуу да, таттуу да экен. Мамам айтат, мен сени аябай сагындым балам, сени эстей берип, сагынычтан саргайып картайып баратам. Эмчи каралдым, эме түш дагы, – дейт мени бооруна кыса кучактап, мен да кучактадым. Сүттү ээмп жатып аябай тоюп кеттим. Карасам оозумдан аккан сүткө көкүрөгүмдүн баары чыланып кетиптир. Сенин сүтүң дагы эле көп турбайбы дейм. Аңгыча ар жактан Асан келип экөөбүз мамамдын эмчегин талашып жатып, ойгонуп кеттим.

– Ойлоп жатсаң керек мамаңды. Сүт түштө жакшы болот, балам. Мамаң да, өзүң да өмүрлүү болот экенсиңер. Ак жалгайт экен. Жакшы түш көрүптүрсүң.

– Мамам да мен көргөн түштү көрдү бекен?

– Билбейм. Эмне, мамаңды сагындыңбы?

Каргылдана үн катты:

– Сагынган жокмун. Бирок эмне үчүндүр көргүм келип эле, эстей берем.

– Сагынат деген ошол да.

Үсөндүн полго тып дей түшкөн көз жашын көрүп Зыйнаттын жүрөгү сызыла түштү. «Жакында эле барып келдик эле, сагынып кеткендей бололек эле го. Бул бала мени айлап эмес, жылдап көрбөй калса, Жайнагүлдү сагынганчалык сагынбайт го!» – деп ойлоп кетти. Бет аарчысын алып Үсөндүн жашын сүртүп: «Болду эми ыйлаба!» дейин десе, Үсөн:

– Апа, сиз ыйлап жатасызбы? – деп жалт этти.

Зыйнат өзүнүн ыйлап жатканын ошондо билип, көз жашын сүртүп:

– Билбейм, сен ыйласаң менин да ыйлагым келип кеткен го, балам. – Зыйнат ошол саамда эч нерсени ойлобой туруп эле, алиги Үсөндүн көрсөткүсү келбеген сүрөтүн колуна алып, бир демге дем тартпай карап туруп минтти:

– Алиги мага көрсөткүң келбей жаткан картинаң ушулбу?

Үсөн көзүнүн кыйыгы менен бир карап алып оозу бош:

– Ооба, – деди.

– Өзүң тарттыңбы?

– И өзүм тарттым.

– Ким бул?

Көзүн ушалай берип күңк этти.

– Бала. Мен муну жөн эле тарткан болчумун.

Үсөндү жадырай караган Зыйнат минтти:

– Бала экенин көрүп турам. Сен менден жашырып жаткан жоксуңбу, ыя? Чыныңды айтчы, бул сүрөттү баштоодо эмнени ойлоп, кимди эстеп, кандай максат менен кыл калемди колуңа алдың эле? Аты эмне бул сүрөттүн? Бала дейсиң, мындай бала толуп жатат. Бирок бул чыгармадагы каарманыңдын турпатын, кимдигин кандай түшүнүүгө болот? Карачы?! Бул жөндөн-жөн эле ыйлап турган бала эмес. Менин көз карашымда бул бечаранын жүрөгүнүн түпкүрүндө уюп жаткан кумарлуу кусалыгы, арылбас арманы күчтүү го? Таланты ташып, көптү көксөп турган кашкөйлүгү, күчтүү болгону менен жаштык кыялга, учкаяк ойго жеңдирип, ой чабытын токтото албай турган кези экен. «Ала кушту атынан чакыр» дегендей бул эмгегиңдин түбөлүктүү өз атын коё элек турбайсыңбы, ыя балам? Же «Бала» деген ат менен калтырасыңбы?

Баланын көздөрү ачыла түштү.

– Ыя апа, анда «Өзүнүн мамасын сагынып ыйлап жаткан бала» десе кандай болот? – деди Үсөн чыйрала түшкөн ички сезим менен демиге сүйлөп.

– Эмне, эмне!? «Өзүнүн мамасын сагынып ыйлап жаткан бала» дейсиңби? – Зыйнаттын жүрөгү түрсүл согуп, тула бою ысып кетти. – Э, каралдым, анда сен өзүңдү тарткан турбайсыңбы! Бул сүрөттүн атын, апа-сапа дебей эле: «Энесин сагынган бала!» – деп кой. Бул толук бүткөн сүрөтпү?

– Жок, дагы бир аз иштей турган иши бар. Апаке! Мени кечирип коюңузчу, мамамды кээде аябай сагынып кетем. Сиз жок болсоңуз сизди да сагынып турам. Эмне үчүн билбейм. – Зыйнатты таарынат деп коркконунан кечирим сурадыбы, же балким, чыны менен эле эне мээримин, эне жытын эңсеп кеттиби, бир кезде: «Апа-а-а!» – деп бир кусалуу үн менен серпиле түшүп, эки колу энесинин мойнуна ороло түштү. Зыйнат уулун бооруна кысты. Эне-бала бирин бири жыттап, бирин бири өөп, өздөрүнчө эчтекеден эчтеке жок эле ботодой боздоп ыйлап жатышты. Үсөндүн ыйы кусалыктын ыйы болсо, Зыйнаттын ыйы уулунун талантына тан берген кубаныч менен армандын ыйы болучу.

Зыйнат жумушчу кабинетине кирип кетээри менен, Ырыс өлө-мата түшкү тамакка дасторкон жайып, кайнап жаткан шорпосун көрүп, отун тартып, эмелеки чаптаган Үсөн менен Зыйнаттын жакшы көргөн жашылча самсысын үзүп, тамак куйчу кеселерин даярдап коюп күтө берип, жээнинин кечиккенинен артынан кирип, эне-баланын кучакташып алып ыйлап жатканын көрүп жүрөгү түшүп калды. Алаканын шак коюп кокуйлап жиберди:

– Кокуй, кокуй, эмне шумдук болуп кетти! Ой, айланайын каралдыларым, тынччылыкпы деги?

Тажеңесинин үнүн уккан Зыйнат селт этип, көз жашын сүртүп минтти:

– Коркпой эле коюңуз, бардыгы жайында, кубанычтан да адам ыйлайт турбайбы. Үсөндүн тарткан сүрөтүн көрүп толкундап кетиптирмин.

– Деги ошондой эле болсун. Эмнеси болсо да жүрөгүмдү бир түшүрүп алдыңар. – Аял өзүн кармай албай, муундары калтырап: –Деги абышка экөөбүз силердин көз жаш, көкүрөк дартыңарды көрбөй өлөөр бекенбиз! Кудай пендем десе, оору-сыркоо, өлүм-житим, кайгы-капа дегендин эч бирин силерге жеткирбей бизге, абышка экөөбүзгө берсе экен. Балдарыбызды отоо чөптөй терип, биринин арты-

нан бирин алган Кудай бизди албай койду го. Ак жолтой кары болуп силердин алдыңарга кетээр бекенбиз!

– Койчу тажеңе, зээнди кейитип антип айтпаңызчы. Адам баласы алдыда кимди эмне күтүп турганын билбейт турбайбызбы. Деги жакшылык эле болсунчу, тажеңе. Бардыгы таякем экөөңүздөр ойлогондой болоор. – Ырыстын артынан шыпырылып түшүп кеткен жоолугун оңдоп салып, бетинен өптү. Үсөн Ырыстын мойнунан кучактады. Анан ичинен букулдап ыйлап кирди.

– Сага эмне болду? – деди Зыйнат.

– Таэнемдин сөзүнө ыйлагым келип жатат.

– Аа, балекетинди алайын боорудан. Бала болсо да баарын билет. Бул ушундай түшүнүктүү күчүк. Кой, андай-андайды жүрөгүңө жакын кабыл албай жүр. Эр жигит кайраттуу, күчтүү болуш керек. Анан экөөңө карап көк самсы, шорпо кайнаттым, балам. – Кучактап бетинен өптү. – Бар эми жуун.

– Ойи-и-й, азыр биз самсы жейбиз! – Ырысты өөп-өөп алып, тышты көздөй учуп жөнөдү.

– Алтын эле кишисиз, ээ тажеңе. Кайсы убакта жетишип жасап жибердиңиз?

– Жасагысы келген киши жасайт да, балам. Үсөн экөөң кучакташып алып, бирдемеси өлгөн немедей ботодой боздоп ыйлап жатканыңарды көрүп коркуп кетпедимби! Аз жерден жүрөгүм кабынан чыгып кете жаздады.

– Үсөн өлтүрдү мени, тажеңе.

– Түшүнгөн жокмун.

– Көрдүңүзбү тарткан сүрөтүн?

– Көрдүм чала-була. Жанакы ботала болуп ыйлап турган баланы айтып жатасыңбы? Ага анчалык эмнеге күйүп кеттиң? Сенде деле акыл жок ко дейм. Ошого да киши ыйлайбы?

– Кубаныч менен өкүнүч тирешип жатса ыйлайм да.

– Бул ыйың мага жаккан жок, балам. Жүргүлө тамак ичели.

– Ыя, тажеңе, деги Кудай Таала менин күнөөмдү кечээр бекен? Ойлоп олтурсам, баарын башаламан кылып аябай бүлдүргөн экенмин. Башканы кой өзүм тууган мына бул Үсөндүн шоруна калган да өзүм болуп жатпайымбы.

Булар ушунтип бүкүндөшүп жатканда Үсөн келип чест берип тура калды.

– Мына мен жуундум. Самсы жейбизби?

– Жейбиз, жүргүлө, – деди Ырыс Зыйнатка карап, – болду эми, сен мындай эмес элең, жеңилип баратыптырсың. Өзүңдү токтотпосоң болбойт. Кенедей баланын тарткан сүрөтүнө да ошентеби. Кубанган киши ыйлап кубанабы. «Эри жок катындар албуут болот» деген чын окшойт. Али жашсың. Тилимди алсаң, Жайнагүл өзү макул болуп кенендик берип жаткандан кийин, намыстанымыш болбой эле кайра тийип ал. Толкунбекти азыр да жаман көрбөйсүң. – Эки аялдын сөзү Токтогулду көрүп дароо тып токтоду.

Токтогул колун жууп жатып минтти Үсөнгө:

– Бу таэнең бизге тамак бербейм дейби?

– Азыр бай, азыр, – деди Ырыс.

– Мына бул баланын өзөгүнө кан жүгүрдү го, эртең менен да эч нерсе ичкен жок эле.

– Эчтеке болбойт, таяке, эртең менен сүт ичип алып кайра жаткан бул.

– Аа, ошондой де. Мен дагы...

Жайылган куру дасторконду көрүп, Ырыс аңкая түштү.

– Э ботом, самсы кана?

– Эмне, самсы бар беле? – деди Токтогул.

– Тандырдан чыгаары менен табакка салып дасторконго ороп койбодум беле.

– Койсоң турат эле го. Башка жакка койгондурсуң кара.

Бардыгы томсоро түштү.

– Эч ким кирген жок беле, ыя таята? – деди Үсөн. – Үйлөрдү карап чыгайынчы. – Үсөн Айгерим жаткан бөлмөгө кирип, дасторконго кабат-кабат оролуп, үстүнө

Айгеримдин кичинекей курткасы жабылган табакты көтөрүп, күлүп чыкты.

– Быякта экен, таэне..

– Койгон жерин унутуп калып эле карайлап басып жүрөт, – деди карыя кабагы сустайып.

– Унутчаак болуп кеттим, жылуу турсун деп ороп койбодум беле, куураган жаным, – деди Ырыс.

Токтогул улутунуп алды.

– Бул энеңерди байкабасаңар, чындап эле акылынан айнып баратат. Аа кайгы баш байкушум! Жылуу турсун деп өзү койгон жерин өзү унутуп! Кана, алгыла, ыя Үсөн кандай самсы болуптур?

– Эң сонун, таята!

– Аш болсун, жегиле!

Үсөндүн алиги балекеттүү «Бала» жөнүндө тарткан сүрөтүн көргөн мүнөттөн баштап, Зыйнатты ойдун үстүнө ой, санаанын үстүнө санаа басты. Өз башынан өткөргөн өмүрүнүн урунттуу жерлерин буга чейин мынчалык эстеп, мынчалык өзүн өзү бушайманга салып көрөлек болучу. Бирде Үсөндү эстесе, бирде Жайнагүлдү эстеп кыялы кымкуут болуп жатты.

– Тобо, – дейт өзү менен өзү сүйлөшүп, – мен ошол кезде Жайнагүл жөнүндө эмне үчүн терең ойлогон жок болдум экенмин. Кандайча бирөөнүн үй-бүлөсүнө боорум ооруп, аларды аяган жокмун? Сүйүүнүн күчүнө жеңдирип, Толкунбектин махабатына мас болуп жүрүп көзүмдү ыл басып, жантык жолду жаздым басып алып, келечегим кесилип, шорум шорподой кайнаганын анда мен түшүнгөн эмес экенмин. Бирок кандай болгондо да менин кол жеткис бактым Толкунбек менен түбөлүк болбосо да алты-жети жылы чогуу эрди-катын болуп жашашым мен үчүн өзүнчө бир дөөлөт болду. Толкунбекке жетпеген бойдон калсам өмүр бою арманда жүрүп өтүп кетет элем. Бул менин жеңишим деп өзүм сыймыктанып кубанганым менен башкалардын бактысына түбөлүк балта болуп чабылган бойдон ара жол-

до жалгыз кала бердим. Мындай барк-баасы кымбат, касиети күчтүү сүйүүнүн арты мен үчүн баштан-аяк трагедия болду. Жанакы Үсөндүн «Бала» деген сүрөтү мага көптү ойлонтуп, көптү каңкуулай баштады. Эне үчүн мындан артык күнөө, мындан ашкан шуркуялык болду. Дагы бетим чымырабай кыйратып салгансып Үсөнгө ээ болуп, Жайнагүлдүн ашын ичип, тузун татып сыйын көрүп туу болуп берүүчү тун кызындай төрүндө олтурам. Ал ушуларды ойлобойт дейсиңби, түшүнбөйт дейсиңби. Түшүнөт, ойлойт. Ойлосо да, сыр билгизбей зымпыйып, ичинен тынып Үсөн үчүн кан жутуп олтурат. Ал эми Үсөнчү? Экөө эки жерде зарлап...

...Эртең мененки чайда Зыйнат Үсөндү карап минтти:

– «Өзүнүн мамасын сагынган» баланын сүрөтүн бүттүңбү?

– Бүттүм, апа!

Үсөндүн ушул сүрөтүнөн кийин, Зыйнаттын жүрөгүндөгү Гүлүштөн укkан, Жайнагүлдүн сөзүнөн улам кайт боло түшкөн ачуу сезими эсинен чыгып кетти. «Балам минтип турганда Жайнагүлдү колдон чыгарганым Үсөндөн ажыраганым да. Мейли, айтса айткандыр, десе дегендир. Жайнагүл үчүн өзүм ким элем баса! Карап туруп «Жакшылыкка жамандык» кылып албайын, – деп ойлоп уулуна минтти:

– Үсөн, кийин, Чолпон-Атага барып келели.

– Эмнеге, апа?

– Мамасын сагынган баланы алып барыш керек да.

Үсөн күлүп жиберди.

– Мамамдын портрети бүтөлек да. Туулган күнүндө барабыз дебединиз беле?

– Бүгүн мына бул «Мамасын сагынган баланы» алып барабыз.

Үсөн алаканын чапкылап кыйкырып жиберди.

– Кудай, Кудай, мен өзүмдүн мамама барам! Ураа! Ураа!

Сөзгө Токтогул аралашты.

– Бул Үсөн экөөңдүн бир сөзүңөр мама, бир сөзүңөр апа! Өзүбүздүн кыргызча эле, апа же эне дегенге болбойбу? Кыргыз менен кылым бою чогуу жашап келаткан бир дагы орус баласын көрө да, уга да элекмин, өз эне-атасын кыргызча ата-эне, же апа деп сүйлөгөндөрүн.

– Макул таята, эсте болсун мындан ары.

– Тур эми кийин. Сүрөтүңдүн боёгу кургай элек болсо керек, абайла.

Ырыс күлдү.

– Эми баякы ботала болгон сүрөттү алып барганы жатасыңарбы?

– Ооба, көрдүңүз эле го. Сизге жаккан жокпу?

– Ой, билбейм шүмүрөйүп, сексейип ыйлаган бала турат. Койчу кагылайын, ошол жакшы сүрөтпү?

– Сиз түшүнбей жатасыз, тажеңе, бул Үсөн үчүн чоң жетишкендик. Бул деген жээниңиздин тырмак асты. Мунун өзү төлгө. Мындай сүрөт тартуу Үсөн эмес, Үсөндү тууган энеси менин оюма келбес эле. Карасаңыз мына бул картинаны. Кемчилиги болсо да, кенедей баланын жүрөгүнөн жаралып, кагаз бетине түшкөн бул сүрөттүн түбөлүктүү, өлбөс өмүрү бар экенин билесизби?

Ырыс бир демге тиктеп туруп күлдү.

– Капырай, ушул жакшы сүрөтпү? – деди кайталап сүйлөп.

Көңүлүндө бул ботала болгон баланын эмнесин мактап жатат? Ыйлап жаткан неме го. Үсөндү калп эле жубантайын дегени болсо керек, – деп ойлоду.

– Сүрөттүн атын билесизби эмне экенин?

– Мен кайдан билейин.

– «Мамасын сагынган бала» экен.

– Аа, – деди аңкайган Ырыс. Бул анда Үсөндүн өзү турбайбы.

– Баякы «Күйүттүү катын кошокчу» дегендей өз көйгөйүнөн жаралган таза чыгарма. Ошон үчүн «Мамасын сагынган баланы» алып барып, сүрөтүн ата-энесине

көрсөтүп келейин. Балким, кыргызча ырым-жырым жасатыш керек болуп жүрбөсүн! Мен Үсөндү, үйүн эстебей, мамасын мурункудай ойлобой калды деп сүйүнүп жүрсөм, ичмекейи ичинде болуп кусадан куурап жүргөн бала турбайбы.

Үйүнө барарын укkан Үсөндүн кубанычтан көздөрүнөн от күйүп, айтаарга сөз таппай, жасаарга иш таппай аягынан чаң чыкты да калды.

Дасторкон үстүндө Үсөн, Айгеримди эркелетип манжаларын ачып, кармалап олтурган Зыйнаттын жанына келип, жата калып карындашын өпкүлөй берип минтти:

–Ыя апа, Айгерим экөөбүздүн чыпалагыбыз тең бүкүр, ээ?

–Ооба, бүкүр, бир туугансыңар да.

–Билесизби, папамдын чыпалагы да бүкүр, Асандыкы да бүкүр.

Зыйнат ичинен дем алып, оор улутунуп алды. Ай оңбогон гана Толкунбек э-э-й. Бирибиздин балабызды бирибизге бактырган сендей да адам болобу?! «Эрге ишенгенче, эки босогоңо ишен» – деп ошон үчүн айтышкан турбайбы. Кийин Жайнагүл кийген тонду өзүм кийип калбасам эле болду.

Үсөн жүгүрүп кирди:

–Апаке, машинага сал дегендериңиздин баарын салып койдук.

–И, жакшы болуптур, балам. Кийинип чыгып олтура бер. Сүрөтүңдү унутпа.

–Мен сиздин жаныңызга олтурайын да, апа?

–Жок, сенин машина жүргөндө эле уктамайың бар да. Артына олтур.

«Вольво» асфальт жолдо зымырап баратты. Бирок балкы машина жүрөөрү менен уйкуга кетүүчү Үсөндүн оюна ырдын үстүнө ыр келип, өзүнчө эле толкундайт.

–Апа, ырдап берейинби?

–Ооба, ырда, – дейт Зыйнат.

– Кайсы ырды ырдап берейин?

– Кайсы ырды ырдагың келсе, ошону ырда да.

Эне-бала бирде ырдап, бирде сүйлөшүп, токтобой жүрүп олтурушуп, Чолпон-Атага бат эле кирип келишти. Машинаны алыстан тааныган Асан үйүн көздөй чымын-куюн болуп кыйкырып жөнөдү.

– Сүйүнч-ү-ү! Сү-йүн-чү! Үсөн менен Зыйнат апам келатат! – деп дарбазадан атып кирип, атып чыкты.

Машина дарбаза алдына жетип токтоор-токтобостон эле ар жактан Кына менен Жайнагүл көрүндү. Асан менен Үсөн болсо эчак эле кучакташып чырмалышып калыптыр. Машинадан түшүп жаткан Зыйнатка Кына мурун жетти. Анан дароо бетинен өөп:

– Ой, балекетиңди алайындарым, кандай жакшысыңарбы?

Эки бети албырган Жайнагүл менен Зыйнат кучакташып көрүштү.

– Силерди келет деп ойлогон жок элек. Жакшы болбодубу.

– Ден соолугуңуз кандай Жайнагүл Казиевна!

– Жакшы элемин.

– Кудая шүгүр, жакшысыз го деги. Ойдо жок жерден эле бир кубаныч менен келип калдык.

– Кубаныч менен келсеңер эле болду. Үйгө киргиле.

– Киребиз, аяш эне! Үсөндү ырымдап коёсузбу. Же жакшылыкка ырым-жырымдын кереги жокпу? Бул жакка келишибизге Үсөндүн бир эмгеги түртку болду. – Зыйнат Үсөнгө карады. – Жанакы сүрөтүң кайда?

– Машинада.

– Аны эмнеге калтырдың, алып кел бери.

Үсөн чуркап барып сүрөтүн алып келди.

– Мына, апа!

– Бул Үсөндүн эң биринчи бет ачаар эмгеги. Мына, боёгу да кургай элек. Карап көргүлөчү, эмнеге окшойт бул сүрөт?

Бардыгы колдон колго өткөрүп карап калышты.

– Бала го ыйлап жаткан.

– Ооба, ыйлап жаткан бала. Мен Үсөндүн эмне кылып, кандай сүрөт тартып жатканын көргөн да эмесмин, кызыккан да эмесмнн. Үсөндү жумушчу кабинетте дегенинен кирсем, дароо сүрөттүн бетин ары каратып айландыра койду. Мен жанына барып көрөйүн десем көрсөткүсү жок.

– Бул жөн эле сүрөт, апа, тим эле ойноп тартып жатам, көрбөй эле кой дегенинен болбой, сурап туруп алдым.

– Көрсөт! Болбосо кетпейм! – дедим оюн-чындан таарынымыш болуп. Үсөн менин «таарынам» деген сөзүмдөн кийин гана сүрөттү кыйылып туруп мага сунду.

Сүрөттү колума алганда эле, көргөн көздөрүмө ишенбей, маңдайымдан тер чыга түштү.

– Бул кайсы бала? Кимди тарткансың? – десем кыңкмыңк этип жер тиктейт.

– Эч ким эмес эле бала?

Күлдүм.

– Эч ким эмес дегениң кызык экен. Бул баланын ыйлашына караганда кеп бар. Жөн эле ыйлаган баланы тарта бересиңби? – десем, Үсөнүм жашын сүртүп:

– «Өзүнүн мамасын сагынып ыйлап жатат» – деп турса болобу? Үсөндүн сөзүн угуп бул сүрөт, сүрөт эмес эле өмүр бою көз алдымдан кетпей турган курч окуялуу жандуу трагедия сыяктуу сезилди мага. Ушундан кийин Үсөндү мамасын көрсөтпөй, мындан көпкө кармоого болбосун билип, дароо жолго чыгууга туура келди. Билесизби, Жайнагүл Казиевна, эгерде кыл калемдин тилин билип түшүнгөн кишиге, Үсөн үчүн чоң ийгилик. Көрөсүздөр го, бул сүрөт, Үсөндүн чыгармачылык жолундагы алгачкы башаты катары түбөлүк сакталып калуучу эмгеги. Ошон үчүн өз ата-энесине алып барып өзүнчө бир белгилеп, ак жол каалап ырымдап коюуну туура таптым. Үсөн бул картинага өзүнүн энеге болгон балалык кусалыгын эң сонун берген.

– Ой, балекетиңди алайын кулунум, бирөөнүн көзү, бирөөнүн сөзү өтүп кетпей аман болсоң экен. Жүрөктөн

чыккан кусалык менен тартылган баланын энеге болгон сүйүүсүн башкалар мынчалык жеткире албас эле, – деди Жайнагүл айтаарга сөз таппай, Үсөндү өпкүлөп.

– Баланын башынан суу тегеретип чачып жиберели үйгө киргизбей туруп. Карачы Толкунбектин жогун. Дароо түлөө өткөрүш керек эле, – деди Кына. – Туратты чакыргыла.

Үсөнгө арналган ырым-жырымдар жасалып, эт желип бүткөнчө түн кирип кетти. Эл тараганда Зыйнат кетүүгө камынып минтти:

– Үсөн дем алышка чейин калсын. Эртең окубайт. Бүрсүгүнү келип өзүм алып кетем.

Жайнагүл чочуп кетти:

– Эмнеге бүгүн кетмек элең, кетээрсиң эртең.

– Жок, таякемдер күтүп жатышат. Аларга кайра эле келем деп койгом.

– Анда сени убара кылбай эле, Толкунбек келсе жеткирип берер.

Зыйнат башын чайкады:

– Жок, Жайнагүл Казиевна, өзүм эле келип алып кетем.

Ушул кезде эки аялдын экөөнүн тең көңүлүнүн тынчын алган бир иш баякы эле Зыйнат менен Толкунбек экөө жөнүндөгү сөздүн ачыкка чыгалбай турган көйгөйү болуп турду. Оо, бир оокумда Жайнагүл минтти:

«Ооруну жашырса өлүм ашкере кылат» дегендей, ушул жерде айтышчу сөздү өзүбүзчө сүйлөшүп алалы. «Ичте балаа болгончо, тышта талаа болсун» Зыйнатка, ичибизге кир сакташпагандай бололу. Мен жаман оюмдаТолкунбек экөөндү бир үй-бүлө болуп, мурдакыдай эле чогуу жашашса дегенмин. Тураттын айтымында ал болбой калыптыр. Чыныңды айтчы Зыйнат, сен али жашсың. Мындан аркы ой-максатың, пландарың кандай? Мен көбүнчө сенин келечегиңе, анан Үсөнгө карадым эле.

– Туура айтасыз, али жашмын. Бирок жашмын деп турмуш курууну эңсеп, эр издеп, ар кимге тузак жайып чабыттагым келбейт. Төрөбөй да калдым. Төрөттөн калган

аял үчүн эрге тийүү максат деле, келечек деле эмес го деп ойлоймун. Азыр менин алдымда бир гана максат бар. Ал болсо Үсөндү тарбиялап, күчүм канчага жетсе ошончолук окутуп, талантына талант кошуп адам кылуу. Азыр менин келечегим Үсөн болуп калды. Анан дагы сиз менен кептеш-кеңештеш болуу. Бирибизден бирибиз кол үзбөй ууладарыбызды урумга, кыздарыбызды кылымга жеткирүү. Сиз мени кечирип, тилегиме тилектеш болсоңуз болду. Бирок Үсөн жөнүндө дагы айтамын, ал түбөлүк сиздин бала. Мен мындан ары сиздин жүрөгүңүздү эч ооруткум келбейт. «Дос айрылат» экен, Жайнагүл Казиевна. Ошондуктан биз мындан ары дос эмес бир тууган болуп жүрөлү. Кандай дейсиз?

– Бир тууган болуу, албетте, жакшы дечи. Бирок сүйүү деген өлбөс-өчпөс ыйык дөөлөт бар да!

Зыйнат жылмая күлүп койду.

«Толкунбекке болгон сүйүүңдү кантесиң?» дегени турасыз го. Менин ошол оту өчпөгөн азарттуу махабатымды баалап, жүрөгүмө туура түшүнүп кечирим кылган айкөлдүгүңүз, анан дагы Үсөн үчүн өз бактыңызды курмандыкка чалууга даяр турган энелик мээриминиз менин бардык кудуретимди басып кетпедиби, Жайнагүл Казиевна!

– Ооба, акыры Үсөн үчүн бири-бирибизге туура түшүндүк окшобойбузбу. Болоор иш болду, өтөөр иш өттү. Баарын сууга салып, өзүң айткандай бир тууган болуп жүрөлү эми. Биздин бул ынтымагыбыз «Ак ниет дос-тамыр, ага-тууганга сүйүнүч, ичи тар көралбаган душманга күйүнүч болсун» дейбиз да.

Ошентип экөөнүн бири-бирине болгон ишенимдери артып, пейилдери агарып, маңдайлары жарыла кубанышып, орундарынан туруп, биринин колун бири кармап, мына, мына кучакташып жыгылышчудай болуп жадырай тиктешип турган кезде, Асан менен жетелешип кирип, энелерине бир маанилүү сөз айтчудан бетер Үсөн энтиге сүйлөп минтти:

– Апа, карасаңыз Асандын чыпалагы да бүкүр, менин чыпалагым да бүкүр, папамдын чыпалагы да бүкүр, Айгеримдин чыпалагы да бүкүр. Мамам менен апамдын чыпалагы эле бүкүр эмес.

Жайнагүл Зыйнатты карады:

– Омей кокуй, эмне дейт тигил бала, эмне кызыңдын чыпалагы да бүкүр бекен?

Зыйнат күлдү.

– Ооба, ошондой «жышаналуу» кыз болуп калды.

– Тобо-о, «Шумдуктуунун төөсү жорго» демекчи, бул укмуш табышмак го?! – деп оозуна башка сөз кирбей Зыйнатты суроолуу тиктеген Жайнагүлдүн чатышкан оюн, Жанат менен жетелешип кирген кайненеси бузду.

– И ботом, экөөң эмнеге эле кол кармашып мелтиреп калгансыңар тиктешип?

Жайнагүл күлө карап минтти Кынага:

– Биз Зыйнат экөөбүз, түбөлүк бир тууган болуп жүрөлү деп жатабыз.

– Ой, оозуңардан секет кетейин окшошкон Акылкарачачтарым, «Ынтымак бар жерде – ырыс бар». Ошентип карышкырча карашпай бир тууган болуп жүрөөр күнүңөр кайда. «Кол Кудайдын мөөрү» – дейт. Ошон үчүн кол кармашып жаткан турбайсыңарбы!

– Аяш эне, айтканыңыз чын болсо, биздин колубузду өзүңүз ажыратып коюңуз, – деди Зыйнат.

Кына келиндеринин кыса кармашкан колдорун ажыратып, экөөнү алмай-термей кучактап, беттеринен өөп, апкаара сүйлөп минтти:

– Бир тууганды гыңар кут болсун. Кудайым силерге узун өмүр берип, балдарыңар менен, балдардын атасы Толкунбек менен бактылуу өмүр сүргүлө, алтындарым.

Баятадан бери энелерин үнсүз тиктеп турган Үсөн Кынадан минтип сурады:

– Ыя, чоң эне, мамам менен апам бир тууганбы?

– Ооба, бир тууган.

– А папамчы? – деди Жанат.

– Ооба, бардыгы бир тууган.

Асан менен Үсөнүн алыша кыйкырып, секирип жатышты.

– Ур-а-а, мамам менен апам бир тууган турбайбы. Эми баарыбыз бир тууган болдук ээ, чоң эне?

– Ооба, бир тууган болдуңар балдарым! – деди Кына.

МАЗМУНУ

БИРИНЧИ БӨЛҮМ 5

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ 358

Адабий-көркөм басылма

Зуура Сооронбаева

Чыгармаларынын жети томдук жыйнагы

Алтынчы том

Чоочун киши

Экинчи китеп

Редактору ***Жумадин Кадыров***
Корректору ***Фатима Абдалова***
Компьютердик калыптоочу ***Табылды Жанызаков***

200 с.00т Форматы 60x84$^{1}/_{16}$. Көлөмү 42,25 б.т.
Заказ №03. Нускасы 1000 даана.

Бишкек шаары, «Улуу тоолор» басмасы,
Ю. Абдрахманов көчөсү 170 а. Тел.: 62-02-11

200 с 00т.



Зуура Сооронбаева